Аскарааалы Абдылдаев



Алтын өрөөн ангемелери

Бишкек 2013

А 13

Аскараалы Абдылдаев



АЛТЫН ӨРӨӨН АҢГЕМЕЛЕРИ

2 экз

БИШКЕК 2013

6396

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
А 13

Абдылдаев Аскараалы
А13 Алтын ороон аңгемелери. -Б.:2012. — 248 б.
ISB 978-9967-446-73-1

Аскараалы Абдылдаев бул автобиографиялык чыгармасында эс тарткандан баштап үккан, көргөн окуялары тууралуу, көпчүлүк учурда даректүү түрдө ырааттуулук менен баяндайт. Сүрөттөлгөн әрбир окуя, айтылган создор сергек көз-караш менен сындан өтүп, публистикалык маанеге ээ. Китеп, Кыргызстандын элдеги аймактарынын бири болгон Тогуз-Торо жергесинин тарыхый-социалдык онугуулу жөнүндө баалуу маалыматтарга бай.

Чыгарманын эң орунттуу өзгочолүктөрүнүн бири — элибизди, мамлекетибизди иритип-чиритип келаткан коррупция боюнча, аның тээ совет убагындан бери калыптанып келаткан өзөгү жөнүндө дайындуу учурда, дайындуу жерде, чарбада өзүнүн катышуусу менен өткөн окуяларды тээмай көрсөтүп баяндаганында, сындаганында, ошол кезден бери эле келе жаткан курош жана аның кырмандыктары жөнүндө жазганында.

А 4702300100 — 12
ISBN 978-9967-446-73-1

УДК 821.51
<<R ББК 84 Ки 7-4

© Абдылдаев А., 2012

Камбар-Атанын батасы

Менин баамымда, бул бири кем дүйнодо адам баласынын, жаныбарлардын баарысынын жашоосун жөндогон жазылбаган да татаал рухий мыйзамдар бар экен. Аны жашоо үчүн болгон күрөштө, Адам атанын урпактары кыйшаюсуз кабыл алышып, «Тагдыр»-дешип, макул болушат турбайбы. Ал эми тагдырды башкара билүү, менин ынанымым боюнча -бул улуу инсандарга кана таандык касиет. Менин чоң атам Камбараалы калпа ошондой инсандардан эле. Чоң атамдын, ос атамдын, тайата, тайакемдин, өзүмдүн апамдын, менин керт башымдын тагдыры кандай болгонун балдарыма, китеп окуучуларга, деги эле, жалпы жаш муундарга баяндап берүүнү чечтим.

Камбараалы калпанын атасы Жайыл эр ортонуна баргыча эркек бала көрбой, алты кыздуу болуптур. Ал заманда эл алдым-жуттум менен оокат өткөрүп, бир жактан, бирөөлөрдүн малын уурдап келгенди «баатыр»-деп даңктап турган мезгил экен. Ага-инилүү болгондуктан, «Омураалы, Темир, Шераалы, Ороз, Акылбек»-деген инилери менен биригип Ысык-Көлдөн, Алайдан жылкы уурдап, Анжанга сатып, Жайыл баатыр аталып турганында, үч иниси менен бир жактан бир үйүр жылкы уурдап келе жатканда таң атып кетип, бир капчыгайдын ичиндеги калың токойго бурулуп, экиден кезектешип жылкыны карап, эс алып жатып калышыптыр. Түнү менен уктабаган Жайыл жерге башы тийер замат уйкуга кетет. Уктап жатканда түшүнө ак кийим кийген, аппак сакал муруту бар, өзү да аппак болгон олбурлуу карыя келип, «Жайыл! -Мына бул жылкынын ичинде ак жал жээрде бээ бар. -Барганда, ошол бээни айылындагы үч жетим баласы менен жесир калган аялга бер. -Мындан кийин уурулук жасаба. -Уурдалып келген малдын этин жебе, аялына да жедирбе. -Ошондо сен эркек балалуу болосуң. -Аны сага Камбар-Ата берет.- Атын Камбараалы кой. -Төрөлгөндө баландын оң кулагы көзөлүү, сүннөтү бар төрөлөт. -Эгер сен кайрадан уурулук жасасаң, уурдалып келинген малдын этин өзүң да, аялың да жесе, балаңар каза болуп калат. -Тур эми, жоной бер үйүңө. -Күндүзү дэле кете бер, жылкынын куугунчусу жок. -Бул үйүрдү силердей эле уурулар казактардан уурдап келип, коё берген жерден силер жолугул уурдап келе жатасыңар»-деп, ак батасын берген экен. Чочуп ойгонуп тура калып шакирттерине, -кеттик-деп, жолго чыгышыптыр. Түшүндөгүдөй болуп, күндүзү эле айдап келе беришсе, жолдон эчким учурабайт. Айылга келип баягы ак жал жээрде бээни кармап алып, калганын инилерине берип, айылдагы үч балалуу жесир аялдын бар экенин иликтей баштайт.

Ошентип, өзүлөрүнүн айылында, уругунда үч балалуу жесир аял жок болуп чыгат. Кошуна айылда уругу Бугу, жалгыз үйлүү Баабек деген адам жашаптыр. Ошол киши бир ай мурда каза болуп, байбичеси үч баласы менен жесир калганын угуп, Жайыл баатыр батага барып өкүрүп түшүп, куран окуп, байбичесинен абалын сураса, бир дагы малдын түгү жок; кедей болуп чыгат. Жайыл, «Түшүмдөгү абышка ушуну айткан экен. Мен кантип бээ береримди айтам. Байбиче албайбыз десе кантем»-деп

ойлонуп олтуруп, «Байбиче, ыраматылык Баабек акемден бир жылкы алганыма көп жыл болуп кетти. -Колдо жок болуп, бере албай жүргөн элем,- Ал киши да колумда жогун билип доолабаган. -Баабек акемдин көзү өтүп кетиптир. -Ошол карызымды берейин, уулуңузду кошуп бериңиз»-дептир. Байбиче «Айланайын Жайыл, -Кудай сенин тилегиңди берсин. -Абышка өлгөндө Баракка, балдарым коюнду үч жыл багып беришет»-деп, келишим менен бир жылкы алып сойдук эле. -Ошого берип кутулуп, балдарымды барымтадан ажыратайын»-деп сүйүнүп, улуу баласын кошуп бериптир. Жайыл баланы учкаштырып келип, бээни берип кетириптир. Жыл айланып, байбичеси төрөп, оң кулагы көзөлүү, сүннөтү бар уул төрөлүп, атын Камбараалы коюптур. Ошондон кийин Жайыл мал уурдап-чапканын таштаган экен. Баласы беш жашка келгенде кыргыз молдого окутуп, он экиге чыкканда Кедик деген досунун карындашына куда болуп, жашы тогуздагы кызды келин кылып алып, өзү ошол жылы каза болуп калыптыр. Камбараалы мусулманча окуп, бозо, арак ичпей, уурулуктун этин жебей чоңоюптур. Ал кезде коргошунду соломтого куюп, муздаганда, малга окшосо, «Малымдын саны өсөт»-деп, кишиге окшошуп калган учурда «Башыбыз өсөт»-деп, майлап ак чүпүрөккө ороп, аялуу жерге катып, «Кутубуз бар, бул куттуу үй»-дешчү экен. Ошондой куту барлар куранда, «Кутка сыйынуучулар»-делет экен. Жайылдын үйүнөн ошондой кутту уурдап алышып, сакаларына кыт катары куюп алышканда, «Кутубузду жоготтуңар»-деп, чоң атамдын энеси көкүйлаптыр. Атасынын айтканын өзү да угуп, энеси да айтып, арак ичпей, арам тамак жебей, жалган айтпай, уурулук жасабай таза болуп өскөнүн, жогоруда айтып кетим эле. Атасы өлгөндөн кийин бар болгону бир эле кызыл токол уйу калган экен. Ошентип төрт эжеси, эки энеси, аялы, өзү болуп, сегиз баштан турган үй-бүлодө жалгыз эркек экен. Эжелери ар-кайсы жакка турмушка кетип, эки энеси, аялы төртөө өтө жакыр турмушта жашашыптыр.

Жайылдын экинчи аялы, Камбараалынын кичи энеси төробөгөн, бирок абдан акыл-эстүү, иштерман киши болуптур. Кайнилерине алып берели дешкенде, «Камбараалым бутуна тургуча эч жакка кетпейм»-деп, абышкасы өлгөн жылы беш калпак тааруу, он калпак арпа сеп (ал кезде калпакты чен кылып, бир калпак үч килограммга барабар экен), жайлата сепкен эгинди отоп, сугарып багышат. Өзүнүн энеси кол ишмердиги бар, жакшы бычмачы, тикмечи, бирок кара жумушка жок киши болгон экен. Каралуу болгондуктан талаага күндүзү чыга албай (ал кезде чалгы дагы тартыш болгон экен) түндөсү чоң атамды ээрчитип барып, ай жарыкта орок менен чөп оруп, күндүзү келинин кошуп берип, оргон чөптү боолатчу экен. Ошентип сегиз жүз боого жакын чөп орушуп, бешемек-четип коюшуптур. Арпасы да, тааруусуда жакшы болуптур.

Эгинди оруп, токмоктоп алышып беш кап арпа, алты кап тааруу алышып, экөөнү эки жерге, оздөрү жарма жасап ичкидейин алып калып, ырого салып көмүшүп, саманын боолап жыйып алышат. Күз болуп, талаадагы чөптү тартып алганга унаа улоолсру жок, энеси, «Чөп тартып алганга огузүнүн күчүн 5-6 күнго берип турсун»-деп сурап келгенге,

Өмүраалы деген оокаттуу кайнисине, баласын жибериптир. Өмүраалы жайлоодон түшүп, Тепшинин түзүндө турганда чоң атам барып салам айтып учурашып, «Ава, чоп ордук эле. -Тартып алганга оңуздун күчүн бир жумага сурап келүүгө мени апам жиберди эле. -Ошого келдим»-дептир. Кыргыздын, «Тууганың болсо душманым жок дебе. -Колуңда жок болсо басмырлайт, бар болсо коро албайт»-деген макалы бар. Өмүраалы баланы жактырбаган коз менен карап, айран ич дегенге да жарабай, «Жанагы кысыр калды энең, «Мага саанчы бол»-дегенимде келбей койгон. -Жоо эле тартып алсын. -Өгүз жок»-деп коюптур. Ошондон ызасына чыдабай он үч жаштагы Камбараалы ошол жерден «камчы менен башка чапкандай» болуп чыгып, он-он беш чакырым жерден Талды-Булакка чейин ыйлап келген экен. Келгенде апасы маңдайына сылап, «Кайгырба балам, мен антээрин билбей сени бекер убара кылыптырмын. -Эптеп тартып алаарбыз»-деп, токол кызыл уйдун мурдун көзөтүп, чийне жасап таңып, он боодон чийнеге салып ташып, коргонго жыйып алышыптыр.Ошол жылы кар оор түшүп, жазга маал чобу түгонгондор кардап түше баштаптыр. Ошондо Кудайлат уруусунан болгон Арзымат бийге бир төөнүн чобун музоолу уйга, он боо чолту бирден койго беришет. Орону ачып арпа менен тааруунун бирден кабын бирден тайга, уйга берип, үч уй, эки тайлуу болуп бир эле жылда малдуу болуп калышыптыр.

Камбараалы чоң атам мага бир жолку озунун башынан өткөндөрдү эскерүүсүндө мыдай деп айтып берген эле.

-Мен он тортко чыгып калгам. Шераалы авам да кедей эле. Байбичеси өлүп, Карыбек деген жетидеги уулун жетелеп жалгыз калганда, туугандар чогулуп, кичи апамды кыстап Шераалы авама никелеп, аны баласы менен биздин үстүбүзгө киргизип бериштн. Малыбызды Шераалы авам карап, үч уй саап, эки тайды үйрөтүп минип, улоолуу болуп, он кой туун, эл катары Көк-Артка чыгып, Беш-Беренди жайладык. Ошондон тартып, мен элге аралашып, арпаны, тааруунун арбын айдап, беш калпак буудай себип, күзүндө нан жеп, ошол эле күздө атамдын жылдыгын бердик. Өлгөнүнө эки жылга айланып кеткиче колубузда малыбыздын жогунан ашын бергенге алыбыз келген эмес. Алыс жактагы күйодогу эжелерим келип, кээбири аш өткөн соң 5-6 күндө эле, жезделер кошо келишип, кайра кетишти. Азыркы Базар-Коргондогу Акманга турмушка чыккан Даанагул деген эжемди эки баласы менен жиберип, жыйым-терим бүткончо жезде келе албай, «Өзүм барып алып кетем»-дептир. Жезде ноябрьдын ортосунда келип, эжемди алып кетте электе кар оор жаап коюп, көпкө күн ачылбай, Дабан бүтүп калды. Жездем эки баласы, эжем болушуп биз менен кыштап калышты. Кышта оокаттан кыйналган жокпуз. Даныбыз да, малыбыз да озубузге жетиштүү болуп калган. Жазга маал элди кара тумоо аралап, Шераалы авам каза болуп калды. Ага удаа жездемдин бир кызы өлүп, андан кийин жездем ооруп, ал да каза болуп калды. Жездем өлгөндөн коп өтпөй бир эркек баласы да өлүп, эжем үч баштан ажырап, биздин үй аңгырай түштү. Биздин ишенген бүлөбүз жалгыз кичи энем эле. Мен ал кишини апа дечү

элем. Кайраттуу киши эле. Белин бек бууп, эркектин ишин жасап, мага өбөк болуп турду. Жаз болуп, эгин-тегинди айдап, анан жайлоого Тепшиге, «Өмүрээлы авама каралап баралы»-десем, апам, «Ошол кара ниет, унаанын күчүнө жарабаган немеге жолобо балам»- деп, макул болбой койду. Атамдын агасынын баласы, Маке авамды кошуп Беш-Беренге чыктык. Берки Ороз, Акылбектер малдарын Маке авама берип. Акылбек бир энесин (анын үч энеси бар эле) кошуп берди. Июнь айы болсо керек эле, мен 15 ке чыгып, өз алдымча тиричилик кыла баштагам. Даанагүл эжемдин кайнагасы, эки иниси менен батага бир тай жетелеп келишип союп, жездеме, эжемдин эки баласына куран окутушуп, «Эжемди алып кетебиз»-дешти. Даанагүл эжем, «Күйомду, эки баламды, өлтүрүп алдым. -Акмандагы мундуздардын бетин кантип карап олтурам? -Бара албайм»-деп, макул болбой койду. Кудалар, айылдын аксакалдары Кармышбек, Кыдырбайларга барып, «Өлөр инибиз өлүптүр. -Ал тагдырдын жазуусу, -Аны келин өлтүргөн жок. -Өлүүдөн өлүү ажырадык, тирүүдөн тирүү ажырабайлы. -Колу куру эмес. -Маамет. Дыйкан деген эки баласы турат. -Барып балдарына баш-көз болсун»-деген соң, биз.«Алардыкы айтса-айтпаса төгүнбү, дагы эки балаң, карыган кайната-кайненең болсо, барганың оң»-деп, кайнагасы менен келген эки кайниси, эки жеңесине кошуп узаттык. Ошондо Даанагүл эжем үйдөн аттангандан баштап төмөндөгүдей кошуп ыйлаганы эсимде:

«Кашкардан алган кара киш,
Кара бир Макмал тердик тыш.
Кармышбек авам келиптир,
Каран күн, аттанбасам кыйын иш.

Кытайдан келген кызыл киш,
Кызыл бир Макмал тердик тыш.
Кыдырбай авам келген соң,
Катыгүн, аттанбай койсом кыйын иш.

Менин шумкарым учуп туурунан,
Минтип, чынарым сынып кыйраган.
Мен бейбак үчөөнөн бирдей ажырап,
Минтип, кан-какшап келем кыйладан.

Азапка салып балдарым,
Арманга салды алганым.
Айла жок экен чыдадым,
Алланын башка салганын.

Өзөктү өрттөп балдарым,
Өксүтүп кетип алганым.
Өлгөндүн тартып азабын,
Өтүшүп кетти арманым.»-деп, кошуп, ыйлап, Көк-Арт дабанын «төө тынышына» чыккыча үнү басылбай кетип баратканда, эки

энем үйдө чыркырап ыйлашып, мен энемди Кок-Арт дабанынын түбүнө чейин узатып, кошо ыйлап барганым эсимде. Даанагүл энем колунан көөрү төгүлгөн иштүү, жаактууга жаа бербеген кошокчу экен. Алыскы жердин иши ушул экен, ошол кеткени боюнча бизге кайра кайрылбады. Жайда күнүмдүк көр оокат менен алышып, катташпай, кышта Кок-Арттын белиндеги ашуу бекип калып жүрүп, үч жылдан кийин мен он сегизге чыкканда энемдин өлгөнүн угузушуп, апапарымды кошуп алып Маке авам, Калык акем, Абдырайым акем болуп, бир бээ жетелеп барып, аса бата кылып куран окутуп келдик. Маамети с ·го, Дыйканы жети жашка чыгып калыптыр. Ошол бойдон катташпай калдык. Көпчүлүк эл арасында, өтө бай болбой, өтө кедей болбой дыйканчылык кылып, эл арасында жашадым. Бир атадан тараган Жанбарактын балдарынын Өмүраалыдан башкасы бүт эле мен сыяктуу, Акылбектин балдары Нурманбет, Ташманбет, Базарбайдын баласы Мааткерим, Эсенбайдын балдары Момунаалы, Орозаалылардын ынтымагы мени менен чогуу болуп, мал кармап, дыйканчылык кылып жашап келдик.

Ошентип жашоо өтүп жатты. Эки энем тең дүйнөдөн өтүп, мен бала-чакалуу болуп калдым. **1896**- жылы «Чоң-Кол» деген орус төрө келип, Тогуз-Тородон жумушчу күч жыйнап, Кок-Арт дабанына жол салдыра баштады. Баардыгы болуп эки жүздөй киши жол чабабыз. Саке бийдин тапшыруусу менен мен өз туугандарым менен жол чабууга келип, он кишиден турган бир бригадага мен бригадир болчумун. Чоң-Кол төрө он аскерлери менен, ар күнү, ар бир кишиге туурасы үч метр, узуну бир метрден жер өлчөп берет. Боор жер болгондуктан кээ жери бир жарым, эки метр бийик болуп казылат. Нормасын аткарганга эртеси түшкү тамакта он тыйындык алтын акча берип, түшкү тамакка палоо бастырып, биринчи экинчиси менен тамак берет. Нормасын аткарбагандарга экинчи тамакты бербей, бригадирине жаза катары беш камчы чабат. Норма аткарса тамагы жакшы берилип, акчасы күнүнкүсүн күнүнө төлөнгөндүктөн, Кок-Арт дабанынын берки бетинин жолу жыйырма беш күндө эле бүттү. Белдин аркы бетин Анжиан жактагы эл чаап атышыптыр. Ошондой иштөөнүн натыйжасында жол бүтүп, жолдун беш оюрмасына бирден бригаданы тандап алып калып, жыйырма бригададан беш бригаданы калтырып, калганын таратып, жолдун кээ бир жерлерин оңдотуп турду. Жай толугунда июль айында, үч орус үй-бүлө ат чекken эки арабалар менен, жаңы жол менен Тогуз-Торого көчүп келди. Арабанын артына бир уйун байлап, жетелеп алган бир уул, бир кызы бар орус Чайыр-Талаанын астындагы Калдама суусуна эки жүз метрге жакын секичеси бир талаалуу башатка токтоп, чатыр тигип алып, эки болмолүү там, ат менен уйуна сарай салдыра баштады. Акы алып биздин элдин балдары иштешти. Бир үй-бүлө орус Атайга барып, чатыр тигип там сала баштады. Ага да жергиликтүү эл иштеди. Дагы бир үй-бүлө орус Аралга отүп, Колбор, Казык суусунун кошулушуна жакын талаачага үй кура баштады. Ал жылы үч эле үйлүү орус кочмондору келип кыштап калышты. **1897**-жылы жаз алды менен баягы беш бригада жолчулар ишке киришип, жолдун бузулган жерин оңдодук. Анан июнь-

июль айларында араба менен орустар ашып дагы келе башташты. Келгендери Атайга көчө түзүп, тамдарын сала башташты. Күзгө чейин Атайда отуздай тамдар салынып, үстүлөрүн камыш менен чатырлап алышты.

Ошентип, **1898**-жылы калган катканы келип, үй салышып, **50-60** үйлүү узун көчө пайда болду. Көк-Жардын талаасына, Чайыр-Талаага буудай, арпа айдашып, чөп чабык кылып коруп, Көк-Жарды баскан Татыбастын арыгын, Чайыр-Талааны баскан Доржунун арыгын ээлеп, түздөгү кыргыз айылын сүрүп чыгарып, тоо таянтып кетирип ийишти. Көк-Жардын, Чайыр-Талаанын түзүнө кыргыздарды жолотпой, малы түшсө атып, камап алып үстөмдүк кылып, жергиликтүү элди кул катары мал багууга, талаачылыкка иштөөгө пайдаланыша башташты. **1900**-жылы Атайга мектеп ачып, орустар өздөрүнүн балдарын окута башташты. **1905-1906**-жылдары жергиликтүү кыргыздардын окаттуу үй-бүлөлөрү орустун атаманы менен сүйлөшүшүп, балдарын окутууга макулдашыптыр. Алгач Бектен болуш, Мамбетаалы бий балдарын алып келип, окута башташты. Кийин Толубай, Миңбай баштаган манаптардын бир тобу дагы балдарын окууга беришти. Алар бир үйлүү кишини балдардын тамак ашын жасатып берүүгө жалдап Атайга көчүрүп барышты.

1908-жылы мен да сенин атаң Абдылданы ошол мектепке алып барып киргиздим. Анда атаң сегизден тогузга карап калган эле. «Окуган балдарга жатаканага»-деп, бир орустан ижарага там алдык. Бир жыл окуганына бир кой, бир серке төлөчүмүн. Алар алты ай окутуучу эле. Атаң **1915**-жылга чейин окуду. Орус тилин, эсеп чыгарганды билип, орусча китепти окуп калган. Анан бир күнү атаң, «Бизди таратып ийди, - Окуу жабылды, - Екатерина Ивановна Катнусова, атаңар келип акымды берсин деди»-деп келди. Мен барып, кой менен серкенин баасын төлөп бердим. Көрсө, орус-немис согушу чыгып, орустун жаштары бүт баары аскерге алынып, согушка кетишиптир.

Атайда он аскери менен Александр Иванович Катнусов деген начальник турчу эле. Ал, **1917**-жылы, «Николай тактан түштү, Керенский падыша болду»-деп айтты. Андан көп өтпөй алар көрүнбөй калышты. Атайдагы орус аскерлеринин, Катнусовдун кеткенинен пайдаланып, Нарын дарыясынын аркы өйүзүндөгү Чолук бийдин айылынан Солтобай баштаган, Керки-Тамга, Борү деген уруктардын он бештей чапкынчы кишилери келип, Атайдагы орустардын айылындагы үйларын уурдап, камыш жабылган он чакты үйлөрүнө орт коюп, ызычуу салып кетишти. Атай айылындагы орустун аялдары, карылары курал менен коргонушуп, аларга жамаат айылдагы кыргыздар да жардам беришип, баскынчы ууруларды куулп чыгышыптыр. Орустун айылынан да, чапкынчылар тараптан да адам өлгөн жок. Бирок он чакты орустун үйлөрү орттөнүп, отуздай үй, беш алты аттары уурдалып, жети-сегиз чочкону шуушаң найза менен сайып өлтүрүп кетишти. Ошол **1917**-жылдын июнь айынан баштап Атайдагы, Чайкадагы орустар көчүп, арабалары менен Көк-Арттын белин ашып, Анжиан тарапка өтүп кетишкен. Ошондо атаң

Абдыпда менен мектепте бирге окуган Иван деген орус бала апасы экөө биздин үйгө качып келишкен. Баланын атасы, качан экенин билбейм, орус-немис согушу башталганда аскерге чакырылып кетиптир. Биз аларды биздин үйдө бир аз күн жашырып жүрүп, кийин дабанды ашкан орустарга кошуп ашырып жибергенбиз. Ошентип, Атайда орус калбай калган. Сары-Булуңда бир үйлүү орусту Бөрү, Керки-Тамга, Тагайлар үй-бүлөсүн бүт өлтүрүп, сууга салып ийип, үйүн орттөп жиберишиптир. Бул кабар Жалал-Абадда турган бийликке жетип, ал жогору жагына жеткирип, «Тогуз-Тородо Чолук көтөрүлүш чыгарды. -Кыргыздар орустарга каршы көтөрүлүп жатат»-деп, кабарлашыптыр. Ошол мезгилде Чүй, Кочкордо орустарга каршы хан Канааттын жетекчилиги менен көтөрүлүш чыгып, кыргыздар Кытайга качып, 1917-жылдын февраль айында, «Жазалоочу отряд»-деп аталган беш жүз аттуу, мин жөө орус аскери Сары-Жон дабанын ашып,Тогуз-Торого келди».

Чоң-атамдын айтканы боюнча, ал аскерди Мынагелди болуштугунун башчысы Баатай уулу Касымбек тосуп, жергиликтүү бий Сакенин айылына аттарына чөп, жем, оздөрүнө тамак даярдаткан экен. Муну санжырачы Белек Солтоноев, «Тогуз-Торо эли көтөрүлүп, аны жазалоочу отряд барып замбирек менен атып, эли Кытайга качкан. Жазалоочу отрядды Келдибек уулу Калпа тоскон»-деп, туура эмес жазганэкен. Атай өрөөнүндө жашаган ар бир он түтүндөн бир кап арпа, он боо чөп алып, отрядды Касымбек болуш менен Саке бийдин дайындоосу менен менин чоң атам Камбараалы калпа тосуптур. Жазалоочу отряд Саке бийдин айылында аттарына чөп, жем берип, эки саатча эле дем алганы туруп, анан Коён-Токойду (азыркы Казарман айылы) бет алып жөнөп кетишиптир. Чоң атам баштаган топ, таңга маал Коён-Токойго келсе, орустун жөө аскерлери келээр замат айланага аттуу аскерлерди кароолго коюп, ал жакка киши откорбой, «Бул жер Казарма»-деп, тосуп турушкан экен.

Аскерлер аттарына чөп берип, айлананы чабыттагандар абал тынч экенин, көтөрүлгөн кыргыз жок экенин көргөн соң, орус аскерлеринин командири Касымбек болушка татар тилмеч аркылуу, «Сен Чолукка барып айт. -Ал бул жакка келсин, сүйлөшөлү, же мен барайын, кабыл алсын»-дептир. Касымбек болуш, «Мен барсам Чолук мени атып өлтүрүп коёт. -Ал мени менен каршылашып жүрөт. -Менин болуштугума карабайт. -Нарындын аркы ойүзү Келдибек болуштугуна карайт. -Камбараалы барсын»-деген экен. Ошол кезде Чолуктун айылынан отуз-кырк кишинин карааны көрүнгөндө, Касымбек болуш командирге карап камчысы менен айылдагы элди көргөзүп, «Ана Чолуктун аскери чогулуп жатат»-дептир. Татар тилмеч командирге которуп бергенде, ал Касымбекти жактырбагандай карап, «Бир айылда кантип отуз-кырк киши болбосун. -Алар айылдын эле тургундары го деди»-деп, тилмеч Касымбекке которуп берди. Ошондон кийин майор чининдеги бир офицерди, татар тилмечти, мени кошуп Чолуктун айылына жиберишти. Биз ак желек көтөрүп сууга жакындаганыбызда эле жардын башынан тарсылдатып бизди көздөй кара мылтык менен атып калышты. Алар

аркы ойүздөн аттуу аскерлерди эле көрүп, окопто жаткан миң аскерди, туш-тушка кеткен аттуу аскерди корушпесе керек, эл аскердин келгени менен кабарсыз жаткан экен. Майор, «Тиги жапайылар ак желекти деле андашпайт ко. -Атып салышкыдай»- дегенде, биз кайра артка тарттык-деп, айтып берген эле мага чоң атам. Бул окуяны мен төмөндө кеңири жаздым. Кийинки темалардан окуйсуздар.

Ал эми, эмне себептен Касымбек болуш, Чолукка Камбараалыны жибергени тууралу мен көп ойлонуп, анын себебин кийин түшүндүм. Чоң атамдын атасы Жайыл баатырдын иниси, Өмүраалы байдын байбичеси Чолуктун эң улуу эжеси болгон экен. Кыязы, Чолук бала кезинде Өмүраалыныкына келип калганда, Камбараалы, Тилеш экоо курбалдаш болгондуктан, Тилеш чоң тайакеси Чолук менен тең-туш болуп калышса керек. Өмүраалынын небереси Тилеш да туугандарынын балдарынын арасынан Камбараалы менен ымаласы жакын болуптур. Бала кездери өтүп, Чолук бир уруунун башчысы болуп, Чолук аты чыгып турганда Тилеш менен Камбараалы Чолуктун элине барып, Чолукка куда катары катташып турушкан окшойт. «Чолук бир кыйла сүрдүү, өкүм, мүнөзү катаал адам болгондуктан аны менен жөнөкөй адамдар ийменип баарлашууга даачы эмес»-деп, айтып калаар эле чоң атам. Бир жолку Чолуктун айылына барышканда, Чолук Камабараалыдан анын кашка башындагы бирин-серин калган чачын устара менен кырып беришин сураныпытр. Ошондо Камбараалы Чолуктун чачын алып жатканда, ошол жерде тургандардын бири, «Ээ, ээ-бул киши кантип корпой Чолук баатырдын чачын алып атат эй»-дегенин угуп, чоң атам, «А атасын урайын, -Мен мындан коркмок тургай минтип эле бул уурунун кекиртегинен мууздап салам»-деп, устараны тамаша ирээтинде Чолуктун кекиртегине такаганда, Чолук, «Ай, ай Камбараалы абайла»-деп тура калган экен. Бул тамаша окуя канчалык деңгээлде алардын бири-бирине теңтуштук жакшы мамледеги адамдар болгонун кабарлайт. «Камбараалы калпа менен Чолуктун ошондой мамилелерин билип, Тогуз-Торонун таасирлүү бийлеринин бири Саке бий, кайнатасы Касымбек болуш экөө, жогорудагыдай «кризистик» жагдайларда Камбараалы калпаны Чолукка ортомчу катары жиберип турган турбайбы»-деген түшүнүккө келдим.

Камбараалынын жетим калган бала кезинде, бир огузунун күчүн аяп, унаа бербей койгон Өмүраалы авасынын байбичеси, Чолуктун эжеси да окум адам болгон экен. Чоң атам, «Мен, атам өлүп калгандан кийин, бир жолу боз үйдүн жанында атамды эстеп ыйлап отурсам, Өмүраалы авамдын байбичеси жаныма басып келип, «Эй бала, акем сага аял алып берип өлдү. -Сен минтип мурдуңдун суусун тарта албай ыйлап отура берсең тиги эки апаңды, төрт эженди, аялың менен жетөөнү ким багат ыя?»-деп, таягы менен бир чаап, «Белиңди бек бууп иштебейсиңби»-деп, тилдеген эле. -Мен ошондон кийин ыйлаганымды токтотком»-деп айтып калаар эле.

Бул эскерүүмдө, Чоң атамдын «калпа»-деп аталышы боюнча да жаздым. Камбараалы калпа, **1916**-жылдан кийин дагы дыйканчылык

маектешип калган учурда, өткөн заманда болгон окуялар тууралуу сураганды жакшы көрчү элем. Ошондой күндөрдүн биринде чоң атам төмөндөгү окуяларды айтып берген эле. Аларды да жазбай кетпесем эскерүүм кем болуп калчуудай.

Бир күрдай, аны Касымбектин баласы Султангазы болуш чакырганынан барып, ал токтогон боз үйгө кирсе, үй ичи толо киши отуруптур. Төрдө Суултангазы болуш отуруп, үйдө отургандар бозо ичип атышыптыр. Камбараалы калпа салам айтып киргенде эле Султангазы болуш, «Кана, Камбараалыга бозодон куйгула»-деп, бир кесе бозо сундуруптур. Камбараалы, «Өмүрүмде ачкыл ичкен эмесмин, ичпейм»-деп, ичпей коёт. Султангазы аны укпай эле, «Ичесиң, ич»-деп кыйнайт. Камбараалы калпа ага көнбөгөн соң, Султангазы болуш тамаша-чынга салып, бийлигине таянып, жанында отурган жигиттерине, «Камбараалынын эки колун кармап оозуна бозону куйсаңар да ичиргиле»-деп буйрук бериптир. Ошол замандагы чоңдор дагы, байлыгына, бийлигине чиренип манчыркаган азыркы чоңдор сыяктуу, жөнөкөй элдин арасынан чыккан тыңдарды теңине албай, алардын карманган баалуулуктарын, руханий талаптарын эске алып, алардын да намысы бар экенин көбүн эсе ойлоп да койбосо керек. Камбараалы калпа жагдайды баалап, Султангазынын жигиттерине, «токтогула»- деп туруп, бир кесе бозону колуна алып ичип жиберип, анан сыртка чыгып, оң колунун сөөмөйү менен ортонун оозуна салып, бозону кайра кусуп салып кайра үйгө кириптир. Ошондо Султангазы, «Кана дагы куйгула Камбараалыга»- дегенде, Камбараалы калпа, «Эй, Султангазы, сенин энең олжого түшүп келген казак кызы эле. -Эгер күндөн туулган кул экениң чын болсо анда күй оозума. -Бирди ичтим. -Болбодубу»-дегенде, Султангазы болуш, «Болду, болду! -Созго жыгылдым. -Эми мындан нары Камбараалыга бозону шыкабыгыла»- деген экен.

Ошондой дагы бир күндөрү, ал мага Султангазы болуш менен Байымбет Абдрахман уулу (Тоголок Молдо) тууралуу кызык окуяларды да айтып берген эле. Тогуз-Торо өрөөнүнүн Нарын дарыясынын түштүк тарабындагы жашаган эл Мынаелди болушутугунун карамагында болуптур. Ошол замандагы кыргыздын чоң манаптары мыкты ырчыларды жанына алып ырдатып жүргөнү белгилүү. Ар бир чоң манаптын өзүнүн ырчысы болгон экен. Манаптар ошол убактагы бийликтерди да өз балдарына, жакындарына алып берип, же өздөрү бийликти колдорунда кармап турушкан. Салт боюнча аш-тойлордо ырчылар элди аралап ырдап ошондой аш-тойлордун көркүн чыгарып, акындардын айтышгарына катышып келишкен. Манаптар да аларга жакшы белектерди тартуулап, колдоп турушчу турбайбы. Менин баамымда, сыягы, ал кезде деле азыркы байлар, өткөн замандагы ата тегин эскерип аш берип, же азыркыдай «корпоратив»-деген майрамдык иш-чараларды өткөзгөндөй, же үй-бүлөлүк жакшылык той өткөзгөндө эстрада ырчыларын, төкмө акындарды чакырып ырдатып, акысын төлөп берип тургандай салт болсо керек. Байымбет Абдырахман уулу дагы азыркы Ак-Талаа районунунун аймагындагы жогоруда айтылган белгилүү манап. Жанболот

баатыр. Ырыскул бий, Тайлак баатырдын урпагы болгон Касымбек болуштун баласы Султангазы болуштун жеке катчысы болгон экен. Тоголок Молдо Султангазы болуштун Тогуз-Тородогу катчысы болуп, эки жыл «Колбор»-деген жерде Камбараалы калпа менен бир жайлоодо туруп калыптыр. Ага далил катары Байымбет Абдырахман уулунун Камбараалы калпа менен болгон бир баарлашуусун айта кетпесем да маалымат толук болбой калчуудай.

Камбараалы калпа ошол кездеги Мынакелди жана Келдибек болуштугунун манаптары менен тең ата болуп, көптү билген адам болгонун жогоруда айтып кеттим. 1928-32-жылдары Теңир-Тоого ыңкылаптын идеялары кеңири жайыла баштаганда, Байымбет Абдырахман уулу Тогуз-Торого Мусулманкул уулу Молдобасан, Калмурат, Муса Бает уулу менен чогу концерт коюп барып, Совет бийлигин даңазалап, манаптарды ашкерелеп ырдап, бир топ күн жүрүшүптүр. Ошондо Камбараалы калпа Байымбеттен, «Байымбет, сен ыңкылапка чейин Султангазы болушту, жана анын ата тегин мактап ырдап жүрчү элең, эми минтип аларды жамандап ырдап жүрөсүң. Мунун кандай?»-деп, сураса, ошондо Байымбет, «Ээ Каке, ошолордун арбагынан айланайын, -Алар барында аларды мактап оокатым отчу. -Эми алардын жогунда аларды жамандап оокатым өтүп атат»-деген экен.

Байымбет Абдырахман уулунун Тогуз-Тородо жашаган убагында жаралган ырларынын биринде,

«Карышма жаак Аалыке,
Камбараалы чоң Теке,
Кара сакал зор Теке»-деп ырдап коюп,
Балакетке калганмын.

Ой Тоголок Молдо- деп,
Сенин жетекте төөң жорго-деп,
Белен болуп туруппу,
Чачылып буудай жолдо -деп,
Төөмдү тартып алышып,
Камчы менен салышып.

Баргандагы себебим
Агабыз эле Бекитай,
Ар жылына эки кап
Буудай берип турчу эле,
Буудай алып келем- деп,
Ошентип азап коргом токмок жеп»- деп ырдаган жери бар.

Тоголок Молдо менен Молдобасан Мусулманкул уулунун чоң жардамы Камбараалы калпага кийин тийген экен. Өткөн кылымдын 1929-30 жылдары Кара-Кыргыз автономдук областы боюнча ГПУ нун башчыса Маргайтис менен ыктыярдуу кыргыз кошуунунун командири

Култай Тогуз-Торого келишип, кедей-кембагалдарды чогултуп, аларга кошуп бай-манаптарды да, «Дукаба таратып беребиз»-деп алдап чакыртып алып жыйынын откорул, анда катышкан кедей-кембагалдардан манаптарды атап, коргозуп беришин сураганда, карапайым эл манаптарга кошуп, Камбараалы калпаны дагы айтышыптыр. Камбараалыны билген Култай элге анын бай же манап эместиган айтканда, чыгып сүйлөгөн кишилер, «Камбараалы бай-манап болбосо да, ал ушулар менен бирге болчу»-деп айтышыптыр. Ошондон кийин Камбараалы биринчи жолу камалып, бирок Култай досу Маргайтиске айтып ишендирип, Камбараалыны бошотуп жиберген экен. Кийин 1930-жылдары, Тогуз-Торонун манаптары Саке бийдин иниси Карбоз уулу Талабай, Чолук уулу Алиакбар жана Тогуз-Торолуктардан биринчилерден болуп Верный шаарындагы (азыркы Алматы) түрмөдө большевиктер патриясына мүчө болуп өткөн. Тогуз-Торого келип партиянын ячейкасын ачкан Тилеш Кыдырбай уулу менен бирге камалып, Ош шаарындагы түрмөдө отурат. Оштун түрмөсүндө, өзүнөн бир аз убакыттан кийин «кулак»-деп жарыяланып камалган уулу Абдылда, Маке уулу Маадамбек менен жолугушуп калат. Ошол окуялар тууралуу, атам Абдылда, «Оштогу түрмөгө мени камаганда атама жолугуп калдым. -Ал мени көрүп эле көзүнө жаш алып, «Сени дагы камаштыбы? -Эми ушу менен уругубуз үзүлүп калабы»-деп жашып кетти. -Анткени, ал өзү да атасынан жалгыз, мен дагы атамдан жалгыз болчумун»-деп, айтып берген эле. Кийин, 1938-жылы Фрунзеге келип, ошол кезде белгилүү маданият ишмери катаары жалпы Кыргызстанга таанылып калышкан Мусулманкул уулу Молдобасан, Байет уулу Муса, жазма акын катары таанылып калган Абдырыхман уулу Байымбеттердин (Тоголок Молдонун) үйүндө жашап, алардын жардамы менен чоңдорго арызданып жүрүп, «Кулак»-деген жалган саясый жалаадан актоо кагазын алып, Тогуз-Торого кеткен экен.

Мен **1925**-жылы, жолборс жылында, январьда, түнкү саат 4 менен 5 тин ортосунда төрөлгөн экенмин. Ата-энем, чоң ата, тай аталарым малмүлкү ортого алынып, кулакка тартылгандыктан тагдырым татаал болду. Тайатам үй-бүлөсүн алып, качкан элдин шары менен жакшы турмуш издеп Кытайга качып барып кайра келиптир. Жогоруда айтылгандай, мен эс тартып калганымда атам, чоң атам да кулакка тартылышып, ошол кездеги Жалал-Абад кантонуна сүргүнгө айдалышып, үй баккан совхозко жумушчу болуп иштеп, ач-жылаңач оор турмушта, «Кулактын үй-бүлөсү»- деген жарлык менен куугунтукта жашадык. Мени, «Кулактын баласы»-деп мектепке албай, он бир жашка чыкканымча мектепке барганым жок. Атам сабаттуу болгондуктан карындашым экөөбүздү үйдө окутуп, алфавитти таанытып, окуп, жазганды, эсеп чыгарганды билип калгам. Ошол мезгилдеги эсимден кетпей калган бир окуя болду. **1935**-жылдын күзү болчу, атам ооруп эки айдан бери ишке барбай, бир ай оруканада жатып келген. Апам совхоздо ар кандай жумуш жасачу. Бир күнү атам 9 жаштагы карындашым экөөбүздү ээрчитип Көк-Кыя деген

жерде бир молдонун үйүнө барып, бир гектар жердеги буудайды оруп берип, эки центнер буудайды эмгек акыга алууга макулдашыптыр. Буудайды үчөөбүз орууга кириштик. Атам оорулуу болгондуктан эптеп эле огожо болот. Карындашым экөөбүз буудайды оруп, жети күн дегенде бүттүк. Молдо бир маал кыдырып аңызда калган машакты кармап, «Чала оруп атасыңар. -Акы төлөбөйм»-деп чырдады. Акыры атам, «Молдоке. -Оруп бүткөндө машагын терип берели. -Балдарымдын көзүнчө урушпа»-деп атып, оруп бүтүп, анан беш күн машагын терип бердик. Кийин молдо буудайын бастырып, кызылын алганда атам экөөбүз төрт кап алып, бир эшек, бир өгүз сурап алып буудайды алганга молдого барсак, «Бир жарым эле центнер берем. -Силер таза оргон эмессиңер»-деп бербей чырдады. Атам, «Анда албайм. Айылда «Айтбай-деген депутат бар эле. Мен ошого барып келейин»-деп, мени калтырып кетти. Кудай жалгап Айтпай үйүндө экен. Ал өзү келип, молдону ээрчитип аңызды кыдырып көрүп, анан биздин акыбызды толук алып берди. Ошол күздө ошол жерден, андан башка дагы эки жерден арпа ордук. Ошентип, **1935-1936**-жылдын кышы-жайында, атам ишке жарагыча тамактан кейибей жашаганыбыз эсимде.

Мен **1937**-жылы айылга мектепке келип экинчи класстан окуп, **1938**-жылы кыш жарымында төртүнчү классты артыкчылык менен ийгиликтүү бүтүрдүм. Андан кийинки тагдырым согуштун оор жылдарында колхозго иштеп, кош айдап, кырманда моло таш бастырып, орок оруп, чөп чаап, суу сугарып өткөнү жөнүндө жазгандарымды төмөндө окуйсуздар. Бир басылмадан, «Жолборс жылы туулган бала күндүзү чак түштө туулса сүйүүдөн бактысыз, өмүрү кыска, тагдыры татаал, өзү баатыр эр жүрөк болуп, өмүрү кармаш менен өтүп, киши колдуу болуп өлөт»-дегенин, ал эми, «Эгер түн ичинде төрөлсө бүт өмүрү түйшүк менен өтүп, душманы көп болуп, кагылыштарда, татаал тагдырда, узак жашайт»-дегенин окуган элем. Чын эле ошол басылмадагы Кытайдын бүбү аялы айткандай татаал тагдыр, күрөш менен бир кылымга жакын жашап келе жатам. Эми чоң атам Камбараалы калпа жөнүндө баяндайын.

Чоң атамдын кантип калпа болгону жөнүндөгү баян

Чоң атам Камбараалы сөзгө чебер, кайраттуу, эр жүрөк адам болчу. Ал мага өткөн-кеткен тууралуу көп нерселерди айтып берээр эле. Бир күрдай, Камбараалы калпа мага, «Эй уулум, Кудай сага өмүр берсе көптү көрүп көптү билээрсиң. -Сенин өмүрүң алдыда. -Менин сага айтаарым, байыртан кыргызда, «Өнөрлүү ачкадан өлбөйт, өнөр алды кызыл тил»-деген. -Өнөрдү сыйлап сөздү баалай бил уулум. Ата бабабыз, «Адамды сөз өстүрөт»-деген. -Ошондуктан сөздү байкап сүйлө, -Сөзүң элге жакса, «Баланча айткандай»-деп, «Узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына тарап»-дегендей, элге аралаштырат, зоболонду көтөрөт. -Бул сөздүн остүргөнү. -Элдин алдына чыгып сүйлөгөнүндө,

«Андай сөздүн бизге кереги жок»-деп, элге жакпаса, эп кагып турса, анда-бул сени сөздүн өлтүргөнү. -Ушундан элибизде, «Сөзүң өлгүчө өзүң өл»-деген макал айтылып келе жатат. -Менин мындан элүү жыл илгери сүйлөгөн сөзүм ушул убакка чейин менин атымды чыгарып, атыма «Калпа»-деген, сыймыктуу наамды кошуп берген. -Ал мындай болгон»-деп, ошол окуяны айтып берген эле.

Совет бийлиги жаңы келип жаткан мезгилде, биз жакта динге кысым жасалып, ал эми Кетмен-Тобо жакта дин күч алып, казы, болуштардын заманы жоюла элек кез экен. Кыргыз тарыхындагы белгилүү Кетмен-Тободон чыккан манап Рыскулбектин небереси Керимбай болуш, басмачылар менен болгон согушта каза болгон ининси Алынын жылдык ашына Тогуз-Тородон туугандарын жана катышы бар бир топ адамдарды чакырыптыр. Тогуз-Торонун аттуу-баштуу адамдары менен катар мен жана молдо Мажит атту улуту тажик молдо да бармак болду. Ошол молдо Мажит бозону адал даам катары санап, учуру келгенде бир кеседен бозо ичип койор эле. Бул кабар Кетмен-Төбөгө да жетиптир. «Бозонун адал же арамын ачып алалы. -Бозону, «Адал»-деп, ичип жүргөн тажик молдону ала келишсин»-деп, Кетмен-Тоболук казы айттырган имиш. Ошондон кийин Тогуз-Торонун билермандары молдо Мажитке да алдынала айтып, «Бозонун адалдыгын аныктай турган китебиңиз бар болсо ала барыңыз»-деп, ага эскертилиптир. Биз Кетмен-Төбөгө барып аш берген болуштун айылына түшкөндөн баштап эле, «Бозокор молдо келдиби? -Ал каапыр, арам даам ичет экен. -Аны ташбараңга алабыз»-деп, бир топ молдолор тегеректей башташты. Молдонун коопсуздугунан шектенип, биз молдо Мажиттин келгенин да келбегенин да аларга айтканыбыз жок. «Биз ашка келдик, конокбуз. -Бизге тынчтык бергиле»-деп, өтүндүк. Алар кеткенден кийин конок үйдө молдо Мажиттен мен, «Таксыр, сиз бозонун адалдыгын сурашса аны далилдеп бере аласызбы?»-деп, сурадым. Ошондо ал, «Камбараалы бай, эгер алар акыйкатка келип, китеп ачууга мүмкүндүк беришсе мен далилдейм»-деди.

Конгон күндүн эртеси Кетмен-Тоболук казы биздин Ысраил болушту. «Тажик молдосун алып келсин. -Бозонун адал же арамын ачышалы»-деп, озуно чакыртыптыр. Болуш өзү баргысы келбей мени молдо Мажит менен барышымды өтүндү. Молдо Мажит экөөбүздү үйдөн чыккандан баштап бир топ молдо ээрчип алышып, «Бозокор молдо ушул экен. -Муну ташбараңга алып өлтүрүш керек. -Бул каапыр»-дешип, казы турган үйгө чейин биздин артыбыздан ээрчип барышты. Биз үйгө киргенде он чакты молдо кошо ээрчип киришип, калгандары боз үйдү тегеректеп сыртта калышты. Кирген молдолор дагы, эшиктегилер дагы, «Бозокор, каапыр молдого өлүм»-деп кыжырланышып, кыйкырып жатышты. Молдо Мажиттин мурдунун эки таноосу кыпчылып, оңу кубарып, оозунан соз чыкпай, ал менин алдымда корголоп туруп калды. Бизге отурганга орун да беришкен жок. Биз тикебизден турабыз. Мен казыга карап, «Таксыр, сиз диндин казысысыз. -Шариаттан собол сурасам болобу?»-дедим. Казы, «А болот, соболуң болсо айта бер»-

деди. «Шариат боюнча мына бул чогулган мажилис арамбы же адалбы. -Негизи канча киши чогулса мажилис адал болот?»-деп, сурадым. Казы жанындагы молдосуна карап, «Жооп бериңиз»-деп, созду ага берди. Казынын молдосу, «Мажилис жети кишиден ашкандан кийин арам мажилис болот»-деди. Мен, «Таксыр, анда арам жерде китеп ачууга болобу?»-деп, казынын молдосунан дагы сурадым. Казынын молдосу, «Болбойт»-деди. «Таксыр, андай болсо, сиздер сурап жаткан бозонун адал арамдыгын китеп ачып далилдебесек аны башка жол менен далилдеш мүмкүн эмес. -Китеп ачпасак талаш-тартыш чечилбейт. -Мына бул үй толгон молдолордун турушу арам мажилис. -Бул арам жерде китеп ачууга да болбойт»-дедим. Казынын молдосу башын ийкеп, мен айткандарды кабыл алды. Анан казынын молдосуна мен мындай суроо бердим, «Таксыр, тали билим адамдын көңүлүн калтырса, шариат боюнча андай адамдар кандай болот?»-дедим. Казынын молдосу, «Оо! Тали билимдин дилин сындырса, дилин сындыргандар эки дүйнодо жүзү кара, жаннатын жайын көрбойт деген»-деди. Ошондо мен, «Таксыр, молдо Мажит тали билим адам. -Биз сиздердин алдыңыздарга келгиче, келгенден кийин да алдыңарда турган убактан бери бизди тегеректеген молдолордун айткан создорун угуп жатасыздар. -Алар, «Каапыр ташбараңга алабыз»-деп, молдо Мажитти таяк менен сайгылаганга чейин барышты. -Молдо Мажиттин дили сындыбы же сынган жокпу?»-дедим. Казы, «Кечиргиле, биздин молдолор билбестик кылыптыр»-деп, баардык молдолорду сыртка чыгарып, казынын молдосун, топураган молдолордон үчөөнү алып калып, бизди молдо Мажит экообүздү кошуп, жети кишинин катышуусу менен китеп ачып, бозонун арам адалын ачмак болдук. Мен казыдан, сылык сыпайы, «Таксыр, дагы бир суроо сурасам болобу?»-дедим. «Мархамат, сура»-деди, казы. «Таксыр, никесиз аял алганга шариатта кандай карайт?»-дедим, мен. Менин суроомо казынын молдосу жооп берип, «Никесиз аялды алмак түгүл, ага ойноштук кылса озү каапыр болуп, жети атасына чейин тозоку болот»-деди. Мен, «Таксыр, силерде шариаты күчтүү казы бар экен. -Тогуз-Тородон бир топ аял Кетмен-Төбого төркүлөп келсе, кайра жибербей алып калышыптыр. -Тогуз-Тородогу күйөлөрү талак берген эмес аларга. Демек, ошол аялдарды алып алган каапырларды ташбараңга албай туруп, бозону, «Адал»-дегени үчүн молдо Мажитти, «Ташбараңга алабыз»-деп, жулунганынар кандай болот?»-дедим. Ошондо казы кызаңдап, «Тогуз-Торолуктардан андай арыз бизге түшкөн эмес. Эгер күйөлөрү арыз-данышып келишсе, чечип берели. Азыр бозонун маселесин чечели»-деди. Анан, казынын молдосу китебин ачып, «Таксыр, жами маскүлөң, арам. -Маскүлөңгө бозо да кирет, мына бул китепте жазылган. -Окуңуз»-деп, молдо Мажитти көздөй китебин жылдырды. Молдо Мажит колтугунан озүнүн китебин алып чыгып, «Анжирдин, алманын, жүзүмдүн, жами мобунун сыгындысы ачыганда маскүлөң, арам. -Дандын сыгындысы (буудайдын, арпанын, таруунун, жүгөрүнүн, күрүчтүн, гүрмөктүн жана дагы башка) адал экени жазылган. -Бозо дандын сыгындысы, ошондуктан адал»-деп, китепти казынын

Ата-жолу архиви
Ф. 17 - Ата-жолу жамаатынын коллекциясы
Тизме № 6396
А-2 400

молдосуна жылдырды. Казынын молдосу, «Бул китепте маскүлөң экени жазылып жатпайбы, таксыр»-деди эле, ага молдо Мажит, «Таксыр, сиздин китебиңиз бул китептин баласы. -Бул китеп жазылганда, сиздин китебиңиз жазыла элек болчу»-деп, экөө бир аз талашып, китептин жазылган жылдарын карагандан кийин, казынын молдосу, «Таксыр, сиздики туура экен. -Бирок эл бозо ичип мас болуп динден чыгып кетпес үчүн бозону «Арам»-деп, чечпейлиби?»-деди. Ага молдо Мажит, «Адалды «Арам»-деген адам, озү каапыр»-деп бул китепте жазылган. -Бозо адал. -Аны мен, «Арам»-деп айта албайм»-деди. Казынын молдосу, «Таксыр, Пайгамбар кудаа, «Бир киши бир иштин туурасын айтса, ага көпчүлүк кишилер макул болбосо, анда көп кишинин чечимине макул болуш керек экени жазылган»-деди. Молдо Мажит, «Пайгамбар кудаа аны даамдардын, адамдын адамга болгон мамилесинин адал арамы туралуу эмес, согуш иштерине тийешелүү жагдайлар боюнча айткан. -Ал башка. -Ал эми бозо адал»-деп, китебин жаап, койнуна катты. Казынын молдосу, «Таксыр, бозону кескин «Адал»-деп чечим чыгарбай, «Макүрө»-десек кандай болот?»-деди эле, ага молдо Мажит, «Макүрө менен адалдын айырмасы асман менен жердей. -Бозо макүрө эмес, адал»-деди. Казынын молдосу, «Таксыр, эгер адам көп ичип алып мас болуп, кусуп, адамдарды тилдесечи?»-деди. Молдо Мажит ага, «Бозо эле эмес, нанды, этти, сүттү, жана башка адал даамдарды ашык жесе, ал кусуп, даам адамдын оозунан кайра чыкса ошондо макүрө болот. -Адамдарга болгон акаарат жаман сөз да макүрө»-деди.

Ошентип, бозону адалга чыгарып, биринчи келген күнү жайгашкан үйүбүздү көздөй кайтууга сыртка чыктык. Эшикте тургандар, «Бозонун адал же арам экени чечилдиби?»-деп сурашты эле, ага молдо Мажит жооп берип, «Бозо адал. -Бирок аны ашык ичпеш керек. -Эгер ашык ичип адамдарга акарат кылса анда макүрө»-деп, жооп берди. Ошону менен чогулган эл тарап кетти. Ошондон баштап молдо Мажит мени, «Камбараалы калпа»-деп, чакырчу болду. Мен андан, «Таксыр, калпа деген наамды мага эмне үчүн берип атасыз?»- десем, ал киши мага мындай түшүндүрдү. «Сиз калпа наамын алууга акыңыз бар. -Мен сизди бекеринен калпа атаганым жок. -Анын себебин сизге айтып берейин»-деп, Пайгамбар кудаанын убагындагы бир окуяны баяндап берди.

Пайгамбар кудаанын убагында, бир элдин падышысы үйүнүн астындагы бакта колуна ичке чыбык кармап алып аялы менен сейилдеп жүргөн экен. Аялы бир кадам алдыга өтө түшкондо падыша эркелеп, аялынын былкылдаган соорусуна ичке чыбык менен чаап коюптур. Аялы, «Иа капыр, аста чаппайсыңбы»-деп, чыңырып жиберет экен. Ошондо падыша кыжыры келип, «Мен каапыр болсом анда сен талаксың»-деп, ачуусу менен айтып жибериптир. Бир аздан кийин ойлонуп, «Аттиң, ушуну бекер айттым. -Эми кандай кылсам? -Аялга талак бергенден кийин кетиришим керек да»-деп, шариятты эстейт экен. Талак берген аял менен бирге жашоо шариатта арам экенин билип, бир жагынан ажырашууга аргасыз, экинчи жагынан аялын жакшы көрөн-

менен алек болуп, мал багып оокат өткөргөн. Ал намаз окуп, динди каттуу кармаганы үчүн омүр бою бозо-арак ичкен эмес. Жогоруда көрсөткөндөй, дыйканчылык менен, жол казып тапкан эмгек акысы менен малдуу, акчалуу болуп, эл катары жашаган. Эки жыл тууган-уругу менен Көк-Арт аркылуу жол салганга иштеп, тапкан акчасына он беш кой, бир ат сатып алыптыр.

Совет бийлиги орношуп, элди колхоздоштурганда, колдо бар малын ортолоштуруп, ал бала чакасы менен колхозго кирет. Бирок ТОЗ ду(товарищество по обработке земли) таратк ндан кийин кайра колхозго кирбей коюптур. Кийин, **1928**-жылы колхозго кирбей, жеке менчикти жактап өз алдынча жашаганы үчүн кулакка тартылып, **1930**-жылы Оштун түрмөсүнө камалып, үч жыл түрмөдө олтурган соң, **1933**-жылы алтымышка жакындап калганда элине келиптир. Анан омүрүнүн акырына чейин колхоздо иштеп, **90**-жашында, **1965**-жылы каза болду. Атам Абдылда Камбараалы уулу тогуз жашына чейин молдодон эски араб тилинде окуп, андан кийин орус-тузем мектебинен да окуп билим алгандыктан, **1921**-жылдан **1928**-жылга чейин айылдарга мугалим болуп, балдарды окутуп, кийин сабатсыздыкты жойдуруу боюнча кедей-кембагалдардын кышкы кыска мөөнөттөгү «Ликбез»-деген курстарында окутуучу болуп иштептир. **1928**-жылы мугалимдиктен бошоп, «ГИЗИ»-деген (жол тоскон инспекция сыяктуу) мекемеге иштептир. **1930**-жылы атам Абдылда да кулакка тартылып, биринчи Оштогу түрмөдө атасы менен чогуу отуруп, бир аз убакыттан кийин отурукташууга чыкканда, Жалал-Абад кантонунда жаңы уюшулган совхоздун аркыл ишинде жумушчу болуп иштептир. **1937**-жылы, «Кулак, тап катары жоюлду»-деген, жаңы саясат башталганда өз айылына барууга уруксат алып, айылга кайра барып, **1943**-жылга чейин колхоздо иштеди. Согушка, аскерге алынбай калганына атамдын колунун соомайы жана ортону түбүнөн жок болгону себеп болгон. Бала кезинде эжеси экөө кемик чаап атышып, колунун эки манжасын балта менен керте чаап алган экен. **1943**-жылдын күзүндө ачарчылыктан кыйналып, менин апам оорудан каза болуп, андан кийин атам эки жолу аял алып түрмуштан жолу болбой, Сузак районуна келип, «Таран дубитель»-деген мекемеде жумушчу болуп иштеп жүрүп, **1958**-жылы кайра айылга барып, жылкычы болуп иштеп, жашы келгенде пенсига чыгып, **90**-жашында дүйнө салды. Мен, карындаштарым жана иним менен **1938**-жылы апабыз каза болгондон тартып чоң ата, чоң энебиздин колунда чоңойдук. Анткени авам кийинки аялынан балалуу болуп, жаш аялмет болгондуктан, нары бизден бөлүнүп алыс жашагандыктан, атабызды ага катары эле таанып, ава дечүүбүз.

Жогоруда, Кара-Багыш уруусунун белгилүү манабы Чолук менен чоң атам Камбараалы калпа кандай мамиледе болгону тууралу жазып, ага мисал келтирип кеткен элем. Ал эми, Саяк уруусунун манабы Касымбек болуш Каба уругунан болгон Саке бийдин кайын атасы болгонун да жогоруда жаздым. Мен чоң атам Камбараалы менен

дүктөн, аялын кетиргиси да келбей шариаттын жолу менен алып калуунун амалын издей баштаптыр. Ошондо падышачылыгындагы мыкты молдолордун баарын жыйнап, жогорудагу окуяны айтып, чечип берүүлөрүн талап кылыптыр. Молдолор, «Таксыр, сиз талак бергенден кийин бул аял сиздики эмес. -Эгер аны сиз кетиргиңиз келбесе вазириңизге же башка бирөөгө нике кыйып алып берип, үч күндөн кийин ал киши дагы талак бериши зарыл. -Анан сиз алты ай күтүп, аялдын боюнда бары-жогун билингенден кийин, эгер аялдын боюнда жок болсо аны кайра нике кыйып алсаңыз болот. -Эгер боюнда болсо, бала төрөлүп, анын кыркын чыгаргандан кийин нике кыйып, кайра ала аласыз»-деп, жолун таап беришет. Бирок падыша бул жолду жактырбай. «Башка жолун тапкыла. -Ал үчүн силерге кырк күн мөөнөт берем. -Болгон китебиңерди окуп чыккыла. -Мага ылайык жол таппасанар баарыңардын башыңарды алам»-деген экен.

Ошондон кийин молдолор отуз жети күн китеп ооларып издеп, шариаттан башка жол таба алышпай, «Иа Алла, күнүбүз бүттүбү ушу менен?»-деп, сары санаага түшө башташат. Арасынан бир молдо, «Таксырлар, Алладан үмүт үзбөйлү. -Пайгамбар кудаа өзүнүн аятында, «Бир күндө миң бир балээ көрсөң, ошондо да күдөөр үзбө бир Алладан»-деген. -Бир арга болуп калаар. -Мен падышага барып айтып көрөйүн. -Балким ырайым кылып, макул болоор»-деп, падышага барыптыр. Падыша, «Таптыңарбы?»-деп сураганда, «Таксыр, шаардын сырт жагындагы кыштакта «Мазам»-деген жаш молдо бар экен. -Тали билим, шариаттагы баардык аяттарды жатка билээрин угуп атабыз. -Ошону алдырып келип сурап көрөсүзбү? -Эгер ал дагы чече албаса, анда биздин башыбызды алдырыңыз»-деп, тагдырына моюн сунуп, өтүнгөн экен. Падыша ошого макул болуп, желдеттерин жиберип, Мазамды алдырмак болот. Алар барып Мазамды таап, падышанын арабасына отургузуп алып жоноптур. Мазам желдеттер барган жолго салбай, шаардын чет жагындагы кочо менен алып барышын талап кылыптыр. Кочонун орто ченине келгенде араба батпай бир тамга такалып калат экен. Желдеттер, «Кайра, келген жолго салып кетели»-десе, Мазам болбой, «Ушул тамды бузуп, мени өткөрүп анан падышага барасыңар»-деп, талап коюптур. Алар тамдын ээсине барса, тамдын ээси бир жоо бай адам экен. Ал, «Мен тамымды бузбайм. -Башка жол менен кеткиле»-деп, болбойт. Мазам айтат, «Таксыр, сиз там салып жатканда, «Кочону тосуп салба, -Араба батпай калат. Кочодон араба өткүдөй жол калтырып салыңыз»-десем, сиз, «Ээ, сен падыша болуп, араба айдатып келгениңде бузуп откорүп ийем. -Ага чейин келген жолуң менен кете бер»-деген элеңиз. -Мына мен падышанын арабасы менен келдим, кайра кетпейм, бузуп өткөрөсүз»-деп, талап коюптур. Желдеттер жоотту кондуро албагандан кийин, Мазамды ошол жерге калтырып коюп, жоотту эзрчитип падышанын алдына алып барышыптыр. Падыша жоотко буйругун берип, ага кошуп бир топ кишилерди жиберип, жооттун тамын буздуруп Мазамды откорүп келет экен. Ошондо Мазам падышынын алдына келгенде он бир жашта болуптур. Падыша Мазамды карап

туруп, «Сенин Пайгамбардын аяттарын жатка билериңди угуп, менин бир суроомду чечип берүүгө чакырдым. -Ал суроо мындай»-деп баштаганда, Мазам, «Таксыр, суроонузду токтотуңуз. -Мен сизге сурак бергидей күнөөлүү адам катары келгеним жок. -Суроону сизге мен беришим керек. -Сиз мага жооп беришиңиз абзел. -Анткени сиз жоопкерсиз. -Окуяга мен калыс карап чечмелешим кажет. -Ошондуктан сиз тактан түшүп жооп берип, мен такка отуруп угушум зарыл. -Мындай мыйзамдуу жагдайды сиз падыша болгондон кийин жакшы билесиз»-дептир. Ошондо падыша сөзгө жыгылып, тактан түшүп, баланы такка отургузуптур. Ошондон кийин, Мазам падышадан, «Эми жоопкер болгондон кийин падышалык таажыңызды алып коюңуз да, айта баштаңыз»-дептир. Ошондон кийин Падыша жогорудагы окуяны айтып берген экен. Мазам, «Анда окуянын дагы бир күнөөкөрү бар экен. -Талак берген аялыңызды да сурakka алдырып келиңиз»-дептир. Падыша талак берген аялын алдырып келгенден кийин анын катарына отургузуп, суроо бере баштаган экен. Биринчи, падышаны, «Таксыр, сиз ойдо туруңуз. -Сиз аялыңызды соорусуна чыбык менен чапканыңызда чыбык колуңузда беле? -Аны эмне максатта кармап отурдуңуз эле? -Окуя кандай жагдайда болгон? -Аялыңызды чабуу үчүн чыбыкты атайын даярдап турган белеңиз»-деп, ушундай бир нече суроолорду бериптир. Падыша, «Жок таксыр. -Биз бакта сейилдеп жүргөнбүз. -Анан ошол бактан бир чыбыкты сындырып алып, колума кармап турган элем. -Аялым астымдан өтүп калды. -Мен анын сымбатына, татынакай соорусуна көзүм түшүп кызыгып, чыбык менен эркелетип чаап койсом, аялым, «Иа каапыр»-деп чыңырып ийди. -Ошондо мен, «Каапыр»-деген сөзгө теригип, «Мен каапыр болсом, анда сен талаксың»-деп, айтып ийиптирмин. -Аны атайын урганы үчүн чыбык камдаган эмесмин»-дептир, падыша. -Мазам, «Сиз талакты канча жолу айттыңыз?»-дегенде, падыша, «Бир эле жолу»-деп, жооп бериптир. Андан кийин Мазам падышаны олтургузуп, «Экинчи жоопкер сиз ойдо туруңуз»-деп, падышанын аялын тургузуп, «Сиз күйөңүздү «Каапыр»-деп, атайын айттыңыз беле? -Деги кандай жагдайда, кандай сезим менен айттыңыз эле?»-деп, суроо бериптир. Падышанын аялы, «Жок таксыр, мен күтүлбөгөн жерден чыбык тийгенде чочуп кетип, «Каапыр атап ийипмин»-дептир. Сурак бүтүп, чечими бышкан Мазам падышанын аялын отургузуп, «Өкүм мындай. -Падыша атайын аялын урбагандыктан, ал эми аялы капысынан чочуп кетип «Каапыр»-дегендиктен, падышага ошол сөз катуу тийип, ал ачуусуна алдырып, «Талаксың»-деп, бир эле жолу айтып ийгендиктен, падыша каапыр эмес, катыны талак эмес»-деп, өкүм чыгарыптыр. -Ошондуктан башка бирөөгө нике кыйдырып, кайра талак койдуруп, кайра нике кыйдырып алууга жатпайт. -Нике төмөндөгүдөй учурларда кана бузулат. -Биринчиден, аял башка эркек менен зына кылып жатканда күйөсү кармап алган мезгилде, күйөсү үч жолу талак айтып, аялын эти соруганча жазалаганда. -Экинчиден, күйөсү аялды багууга кудрети жетпей, «Талак койдум»-деп, үч жолу айтып, горкунуно жеткирген мезгилде. -Ошондо да аялдын боюнда болсо,

баласы төрөлгөндөн кийин үч жашка чыкканга чейинки каржы-каражатын төлөп берип, аялдын боюнда жок болсо алты айлык каржы-каражатын төлөп берүү менен талак коё алат. -Үчүнчүдөн, аял же эркек бирге турууга пейилдери келишпей калган кезде үч жолу талак койуу менен ажырашууга болот. -Ошондо да жогорудагыда айтылган каржы-каражат маселелердин эрежелерин толук аткаруу менен. -Булардан башка дагы, эгер, күйөсү кырсыкка кириптер болуп, коп жылга камалып кетсе аялдын күйөсү келгиче жашагыдай каражаты болбосо ныке бузулат. -Ошондо аял башка күйоого никелешип тийсе болот. -Андан башка мезгилде, күйөсү өлсө, жесир аял алты айдан кийин боюнда бары-жогу билингенден кийин, башка бироого никеге турса болот. -Сизде мындай жагдайлар жок. -Аялыңыз өзүңүздүкү. -Эми сиз кайра тагыңызга келип олтуруңуз»-деп, өзү тактан туруп, «Сиздин суроонузга жооп бере албагандыктары үчүн зынданда отурган 40 молдо күнөөлүү эмес. -Аларды азат кылуунузду сурайм. -Эми ал сиздин өкүмдарлыгыңызга жатат»-дептир.

Ошентип падыша молдолорго азаттык берип бошоткондон кийин алар Мазамга, «Сиз улуу имам экенсиз. -Бизди өлүмдөн алып калдыныз. -Сиз мындан нары имам Мазам болуңуз»-дешиптир. Ошентип молдолорду олумдон алып калганы үчүн Мазам, «Имам Мазам»-деп, аталган экен. Сиз да акылмандуулугуңуз менен мени Кетмен-Төбодогу чатактан китеп ачтырып, тийиштүү мыйзам, сөз таап, молдолордун ташбараңынан куткарып чыктыныз. -Сиз болбосоңуз алар мага китеп ачтырганга мүмкүндүк бербей, мени жазалашы толук ыктымал болчу. -Сиз мени куткаргандыгыныз үчүн эми сиз менин калпамсыз»-деген, молдо Мажит мага. -Ошондон бери мен Камбараалы калпа аталып келе жатам. -Сөз теркүнү ушудай, сөздү баалай билгиниң балам»-деп айткан эле.

Карыянын эккерүүсү
(Новелла)

Жаздын жан сергиткен абасынан дем алып, жаңы чыккан ууз кымызды чаначтан чайкап ичишип отурушкан карыялар, качанкы өткөндөрдү эстерине салышып, өткөндүн жыргалын да, куурагын да ортого коюп олтурушканда, Бакас абышка колун жаңсай каршысында жаткан өрөөндү коргозуп, «Бир кезде бул өрөөндө уруу-урууга бөлүнүп, беш ата «Чылпак уулу»-деген урук жашоочу эле. «Көп жашаган көптү билет»-дегендей, бул отургандарыбыздын алды эки кылымдын суусун ичип, күнүн көрүп, сексен жылдын жайы-кышын узатып, үч башка замандын мыйзамын көрүп, өзүбүз аралашып башыбыздан өткөрдүк. Дүйнө түшкүр, айдын он беши жарык, он беши караңгы болгондой, ошо-кыйыш болот турбайбы. Чылпак уулунун ар бир уругу өзүнчө айыл болушуп, кош-кош күлүк таптап чаап, байы кайсы, кедейи кайсы ажырабай, жайда жабыла иштешип, бирөө эгин багып чөп чапса, бирөө жайлоого чыгып малын багып турушчу эле. «Эркин жашап, эркин сүйлөшэрге келет бир дөөлөт. -Эгин өсүп жайкалып, жерге келет бир дөөлөт»-дегендей, ошол мезгилде бидин элге дөөлөт келип турган экен го чиркин»-деп сөзүн улантты.

Жайдын күнү жайлоодо кымыздан шерне ичишип, ысылыгына багалак козу союп жешип, аш-той берип, аттардын күлүгүн тандап чабышып, оюн зоок куруп эр эңиш, балбан күрөш, ит тартыш, көк бөрү тартышса, кыштын күнү улуулар өзүнчө, жаштар өзүнчө бөлүнүп, жоро бозо ичишип, ысылыгына кысыр эмди тай союп жешип, оюн-зоок куруп дуулдап, өзөндү көркүнө чыгарып, төрлөрүндө төрт түлүк малы батпай жатпады беле. Ал кезде мен курду алты-жети жаштагы балдар жоро бозого барган аталарыбыздын аттарына учкашып алып барып, жоро өткөргөн айылдын балдары менен чүкө ойноп, курсагыбыз ачканда чуркап келип аталарыбыздын алдынан боорсок жеп, бозодон жутуп алып, кайра барып көк муштум болуп суукту тоготпой, чүкө атып жүргөн балдар эмес бэлек.

Ошондой бир жаштардын жоросунда «эрке бала» болуп, оюн зоокту тейлеген, жаңыдан кара мурут болуп келе жаткан Салымбеттин ыр кесени өзү биринчи алып, ырды баштап минтип ырдап.

«Баштанды эми ыр кесе,
Бааланып турба ыр десе,
Аткарып ырдын кезегин,
Ашырып ташта жүз эсе»-деп. Эрмекбайга сунганы эсимде.

Жоро бозо ичүүнүн тартиби, жорокечтер оздөрүнүн ичинен бирөөнү тандап бий шайлап, ага. «Оң-сол аталык»-деп, орун басарларды дайындап, кирип-чыкканды тейлегенге эркн күчтүү бирөөнү, «Эшик ага»-деп шайлап алып, бозо ичишчү. Калган жорокечтер ошолор эмне буйрук кылса ошого баш ийүүгө милдетүү болчу. Бий эртең менен жорокечтер келгенде, дастаркондон чай ичип боорсоктон жегенден кийин чайды токтотуп, «Шыркыратма»-деп, бир кеседен сары каймак салган таарууу бозону жылыттырып бердирип, анын артынан, «Шыпкама»-деп, дагы бир

кеседен бердирип, эми, «Дем албасты алгыла»-деп, дагы бир кеседен бердирип, үч кесе бозодон кийин эми, «Эркиңерче ичкиле»-деп, эркиндик берип, оюн зоок откөрүп, укукту эрке балага берет эле. Эрке бала, «Кыз-жигит болуп сармерден ырдашсын»-деп, жарлык жасап, өзү ырдап Эрмекбайга сунганда, Эрмекбай,

«Көзүңдөн ээй күйүп от жанып,
Көргондо калам калтаарып,
Коңүлдү качан ачасың,
Коркомдуу жайга алпарып»-деп, катарындагы Бүбүгө бергендё, жорокечтер, «Бали таптың»-деп, сүрөөгө алышып, алакандарын чаап кубатташты. Бүбү ыр кесени эринине тийгизип татып, ага жооп кылып,

«Карашың ээй чырак жангандай,
Карасаң чарчайм ал калбай,
Каухарым болуп калсаңчы,
Кастарлап катып алгандай»-деп, ырдап, катарындагы Жээнаалыга узатканда, туш-туштан сүрөп, «Бали катып ал, эч кимге бербе»-деп, кыйкырып сурап кол чаап атышты. Жээнаалы ага жооп кылып,

«Тилиңден ээй турат бал тамып,
Тиктесем кетем жалтанып,
Тилегим качан орундайт,
Тийгизип колго сизди алып»-деп ырдап, кезек катарындагы Маалымбүгө тийгенде, жаштар кол чаап сүроонго алып, «Тийгиз колуңа»-деп, кыйкырып атышты. Бий обу жок кыйкырбоону талап кылып, эрке балага оюнду ызычууга айлантпоону тапшырды. Жээнаалынын ырына жооп кылып Маалымбү,

«Кыйалым ээй согуп шамалдай,
Кыйналам өзүм бара албай,
Ашыгым эске түшкондө,
Айламды калам табалбай»-деп, ырдап, катарындагы Борбуга бергенде, «Бали, бали»-деп, кубатташып, алакан чабышты. Борбу Маалымбүгө карай,

«Ар сөзүң ээй алтын тим эле,
Аңдабай койсун ким эле,
Абайлап тикте сен мени,
Алганың пейли тар эле»-деп, ырдап, кезек катарындагы Сайрага келгенде, жорокечтер каткыра күлүшүп, «Коркпо, Сапарбай урушпайт»-дешип, кол чаап калышты. Сайра Борбуга жооп кылып,

«Күндө бир ээй күндө кел байым,
Күчотолу ыр жайын,
Күнүгө минип келгенге,
Колунда жокпу бир тайың»-деп, ошондо Салымбетке кезек тийгенде жорокечтер кол чабышып, «Келет, Келбегенде кайда барат эле -деп, кыйкырып кубатташты. Салымбет Сайрага жооп кылып,

«Айлыңдын зээ чети артуу бел,
Аркырап согот шамал, жел.
Айлыңдын көркү турбайбы,
Атилес көйнөк бураң бел»-деп, ырдап, кесени Бубусайрага тапшырганда, ал ага жооп кылып,

«Айда бир зээ айда кел байым,
Арбысын ырлар ансайын.
Айда бир минип келүүгө,
Астында жокпу бир тайың»-деп, ырдап, кезек Карабайга ыйгарылып, бий эрке балага, «Сармерденди токтотуп секетпайды ырдаганга откүлө»-деди. Карабай бийдин окуму менен секетпайдан баштап минтип ырдады.

Тасыраган күлүкмүн,
Ташыркабай туягым.
Көк бөрүдө жүрүпмүн,
Кереги эмне дүйнөнүн.
Шонусун ойноп күлүпмүн,
Үй мүйүздүү келинге.
Баргым келбей эринем,
Эбин билген келинге.

Жан дилим менен берилем»-деп, үнүн созуп токтогондо, бий бир саат эшикке чыгып келүүгө уруксат берип, эшик агага, «Бир саттан кечиккенин тогуз сап ыр ырдатып айып тарттырасың»-деп, эскертип, эшикке чыгарды. Тыныгуудан кийин, элдин артында бир сааттан кечигип Токтоназар эшик аганын айыбына кабылып, Барпы акындын обонуна салып,

Капкара болуп чийилген,
Кашыңыздан Нускайым.
Каз элечек оронгон,
Башыңыздан Нускайым.
Мен Нускайым деп жүрүп,
Карып кетет шекилдим.
Алпак болуп чачтарым.

Арып кетет шекилдим»-деп ырдап, үйгө кирмек болгондо, эшик ага, «Бир сабы калып калды»-деп тосуп чырдай баштаганда бий, «Бироонү кечтим, киргизе бер»-деп, киргизди.

Ошентип, жашоонун ыракатын көрүп, жайды-кышты жакшы шөкөт менен откорген элге ошол дөөлөт «Опа» болбой ыңкылап чыгып, эл бай-жарды болуп экиге бөлүнүп өзгөрдү. Ошол Чылпак уулунун эң аксакалы Серкебайдын үч аялынан эле бир айып бала-чакасы бар эле. Алардын мал-мүлкүн күч салып тартып алып, оздөрүн Орусияга сүргүнгө айдап, тоо арасына ыңкылаптын мыйзамы кирип, ар бир айылга, «Мектеп»-деп, боз үй тигилип, жайында балдарды окутуп, кышында таратып атты. Бизден 3-4 жаш улуу балдар кыздар окушуп, шыгыр айтышып

Бай кайдасың малыңды ортого сал,
Ыңкылаптын сөзүнөн ыбаарат ал.

Кедей, кулдар баш көтөр, кайдасыңар?
Кезиң келди, байлардан өчүңдү ал»-деп,
ырдап чыгышып, кеңири кулач жайып, элдин арбын катмарын өзүнө тартып, орто дыйкан кедейлерди баш коштуруп "Колхоз"-деп, уюштуруп, башчылыгына, «Кедей уюмунан болсун»-деп, Лениндин «Бардык бийлик кеңештерге"-деген урааны менен, кеңеш башкарып калды. Кеңештин тарагасы мурда бийлик жүргүзүп корбогон кедейден болуп, колхоздун башкармасы кулдан шайланып, ортого жыйган мал- мүлктү ысырап кылып жеп-ичип, колхозду өнүктүрө албаган соң, өкмөт колхозду таратып, ортодогу жерди, мүлктү, малды колхозго мүчө болгондорго тең бөлүп берип «ТОЗ»-болуп эмгектенип жашагыла деди. Көрсө, «ТОЗ-жерди биргелешип иштеткиле»-деген, ыктыярдуу уюм экен. «ТОЗ го кирүүнү каалабагандар жеке менчик болуп жашай бер»-деп уруксат берди. Мурдагы байдын урук-тукуму ТОЗ го кирбей, жеке менчик болуп жашап калышты.

Беш алты жылга жетип-жетпей, жерди бирге иштетүү боюнча түзүлгөн ТОЗ-деген уюмга киргендер жерди иштете алышпай жардыланып, бөлүп алган мал-мүлкүн түгөтүп, бирок ошол эле убакта жеке менчиктер байып, ТОЗ догулар аларга жалданып иштеп калышты. Муну көрүп өкмөт кайра «Колхоз»-деп уюштуруп, колхоздун башкарма-сына ишти жөндөй алган орто дыйкандан башчы коюп иш жүргүзүп, колхозго кирбеген жеке чарбаны кулакка тартып, мал - мүлкүн, жерин ортого алып, өздөрүн сүргүнгө айдады. Өкмөт бийликти кеңештерге эмес партияга берип, ар бир айылга парторг шайлап партячейка түзүп, ага кедей-кулдарды партияга мүчөлүккө ала баштады. Партком орто дыйканды жактырбай калса, «Кулак»-деп жарыялап, жандыктарын тартып алып, өзүн сүргүнгө айдатып турду. Ошол мезгилде ушул айылга, «Кыйшык»-деген адам парткомго катчы болуп дайындалыптыр. Ошонун бир жасаган кылыгын айтып берейин»-деди, Садык абышка.

«Кулак»-деп, жарлык тагылып айдалып кетүүдөн коркуп, азык оолак малы бар Алаңбай, партячейка башчысы болгон Кыйшыкка кошомат жасап, коноккө чакырып, кысыр эмди тайын союп, тааруу бозосун кара куурдак жасап ысытып берип, тамагы бышканда, «Аксакал колуңузду жууп тамакка караңыз»-деп, бышкан этти чарасы менен көтөрүп келип алдына койюптур. Кыйшык колун жууп тамак жегенден эринип, «Колумду жуубай эле койоюн, -Сен эле казы-картадан кесип оозума салып турчу»-деп, Алаңбайга казы-картаны кестирип, оозуна салдырып жеген экен. Ошол кесири башына жетип, Кудай Таала ага бала да бербей, үй-бүлөсү жок, куу баш болуп жүрүп, кечээ эле Улуу Ата-Мекендик согуштун оор жылдарында олүп, туугандары кепиндик ак таба албай, кийген жаман кементайы менен мүрзөдөгү жайына коюлганын өз көзүм менен көрдүм»-деди.

Кептен-кеп, сөздөн-сөз чыгып олтуруп, Сансызбай абышка, «Ой Бакас, -Кече бизге келип, чогулуш өткөрүп, «Өзүбүзчө эркин мамлекет болдук, -Өз укугубуз өзүбүзгө тийди, -Жерди колхоз зөлеп турган малды, мүлктү бөлүп алдыңар, дыйкан чарбасына, -Бириккениң биригип,

бириккенеңиң жекече чарба жүргүзүп иштегиле»-деп, айткан, райондук акимдин орун басары болгон бала, жанагы сен айткан Чыллак уулунун сүргүнгө айдалып кеткен Серкебай байдын чебереси экен»-дейби? «Уккан кулакта жазык жок»-дейт эмеспи элибиз. -Эгер ошол чын болсо, бул кимдин уулу болду экен? -Биздин айылда акимге орун басар болгудай ал уруктун жетилген баласы жок эле»-деди. Садык сөзгө аралашып, «Бул, болсо Салымбеттин небереси болушу мүмкүн. -Салымбет айдалып кеткенде Жанымбү байбиче, «Балдарымды эл душманынын баласысың- дедиртип, балдарга шылдыңдатпайм»-деп, эки кызын эки акесине, Жапарбекти эң улуу акесине метрикадагы атасынын атын котортуп, багып алганга бергенин укканбыз. -Ошол Жапарбек окуп киши доктур болуп жүрөт. -Балдары чоң окууларда окуйт экен. -Жапарбек дүйнөдөн өтүп кетти»-деп уккам. -Ал айылга бир да жолу келген жок. -Элибиз, «Аккан арыктан суу агат»-дейт ко. -Бул бала ошол Жапарбектин баласы болушу ыктымал. -Совет өкмөтүнүн убагында партячейка башчысы болгон Кыйшыкка окшогондорго эл душманынын баласы дедиртпеш үчүн, ал озү айылга келбегениндей, балдарына деле атасы жөнүндө айтпаса керек»-деди.

Нандан чыккан чатак

Ошол кезде, биз Жапарбек экообуз молоташтын атын бастырып жүргөн жети-сегиз жаштагы бала эмес белек. «Салымбет болсо кырманчы болчу»-деп, баштады сөзүн Сейит абышка.

Чоң кырманды эки болуп, кырман кылып, эки кырманда 4 төн 8 абышка кырманчы болчу. Талаада отуздай аял, кыздар балдар болуп орок тартып эгин оруп, эки кырманга өгүз, атка чийме куруп бештен он абышка, аялдар боолай буудайды ташып келишчү. Эки кырманда төрттөн сегиз молоташ иштеп, биз ошол молоташтын атын минип эгин жанчтырчуубуз. Биздин чоң энелерибиз он чакты кемпир болушуп, майда алты-сегиз жаштардагы кыздар-балдарды ээрчитип, бошогон аңыздан машак терип, кырманга төгөөр элек. Эгин бастырылганына бир топ күн болуп, четинен сапырып мамлекеттин кампасына ташып төгө баштаган болчубуз. Ачарчылыкка учурап араң бышыкчылыкка жеткен эл, арпанын кодурасын оруп, алгач бастырып арпа жармага жетип тоюнгансып калган.

Бир күнү түшкү эс алууда кырманчы, чийнечи абышкалар кеңешип, «Башкармага буудай бер де, ун тартып келип нан жейли»-дешип, «Сен кырман башчысы эмессиңби. Абышкалар жалаң арпа жарма менен каржалып кетти. Биздин атыбыздан башкармадан нанга буудай берүүсүн сурап айт»-дешти Салымбетти. Кырманга боолай буудайды, боосун жарып төгиз чачып, молоташтын атын минген балдар чарк айлана чапкылып, кырманда жанчылган саманды кырманчы абышкалар астын-үстүн кылып тынбай оодарып, иш кызуу жүрүп жатканда, башкарма Адыш кырманга келди. Алдын ала тосо басып атын алган Молдаалы абышка менен саламдашып, учурашпай эле, камчысын сүйрөп

кырманды тегерете бастырып молоташты дүңкүлдөтүп келе жаткан Сабырга келип, атын тизгиндеп токтотуп, «Айтчы, бадырак жеп атасыңарбы?»-деп сурап калды. Сабыр үн катпай башын чайкап, ууртун «Шык»-дедирип койду. Анын тийиштүү алык албаганына жини келдиби, айтор, «Ой чычым сүйлөбөйсүнбү? -Оозуңан бадыректын жыты келип атпайбы. -Оозуңу ач»-деп, демитип атканда, Сабырдын колундагы тизгин бошоп, ат эңкейип кырмандан топондуу буудайды аймай баштаганда, атты башка чаап, «Тарт тизгинди»-деп, баланы кое берип, арт жагындагы саманды оодарып аткан абыканы беттеп, «Айтыңызчы, бадыраак жеп атасыңарбы?»-деп, дагы сурады. Абышка жактырбай «Кайсы тишим менен бадырак жемек элем»-деп, күнк этти. Алардын дал түшуна жакындап калган мен, «Оодарып таап алабы» - деп, коркуп, жегенден калган бадыракты чөнтөгүмдөн алып, кырманга чачып ийип, атты кичине ылдамдатып, анын жанынан кыйгай алыстап өтө бердим.

Ушул кыжы-кужуну уклай калышканбы, айтор наркы кырмандан алрысын ийнине салган боюнча Салымбет келип, башкармага сапам айтып учурашып, «Сиздин келүүңүздү күтүп жаттык эле. -Эгин бастырганыбызга он чакты күн болуп калды. -Четинен сапырып мамлекетке төгүп атабыз. -Нан жебей жалаң жарма менен шайыбыз оол баратат. Иш болсо оор, тыным жок. -Кырманчы абышкалар бизге буудай берип, ун тарттырып нан жедирүүнү сурануууда»-деди. Башкарманын кара сур оңу бузулуп, жекире тиктеп, «Кайсы абышканын шайы оол бутун шилтеп баспай калды?»-деди. Башкарма аны жекире тиктеп, какшыктай, «Кайсы абышканын»-дегенине териге түштүбү, айтор Салымбет кырмандын четинде турган Нурбай абышканы колу менен көрсөтүп, «Жазгы көтөрүм болгон аттай жотосу оркойуп арыктаганын көрбөй атасыңбы?»-деди. Башкарма камчысын бүктөй кармап, Салымбетке кезеп, «Мамлекетке эгин төгүү планы бүтмойүнчө нан жебейсиңер»-деди. Салымбет теригип, «Ой Адыш бул эмне дегениң? -Биз мамлекеттин кишиси эмеспизби? -Биз эгинди эксек, баксак, аны оруп жыйып мамлекетке берип атсак, озубуз нан жебей ачка өлөбүзбү? -Өзүбүз да жеп, мамлекетке да берели. -Кечээ кыштактан эптеп кырманга келе жатып, Гүлсана байбиче жолго ачкасынын өлүп калыптыр. -Ошентип ачка өлө берсек мамлекетке эгинди ким айдап, ким берет? -Бизге нан бер, бул менин жалгыз суроом эмес. —Бул жалпы иштеген элдин суроосу»-деди Салымбет. Башкарма согүнүп, «Сен бузуку, элди бузуп мамлекетке эгин бербөөгө үгүттөп атасың. -Сен эл душманысың»-деп ийди. Салымбет башкармага, «Согүнбө, көп болсо элге нан үчүн 5-6 центр эле буудай кетет. -Андан кырман эңшерилип капбайт. -Мамлекетке берген эгин андан кемибейт. «Бербейбиз»-деген эчким жок. -Күн-түн дебей жаныбызды уроп, мамлекетке эгин берүү үчүн иштеп атабыз. -Элге нан бербей, «Ачкадан өлгүлө»-деп жаткан эл душманы сенсиң»-деди. Башкарма Салымбетке ого бетер кыжыры келип, «Эл душманы менминби?»-деп согуп, камчысы менен Салымбетти тобө талаштыра чаап жиберди. Колун кайра көтөргүчө ийниндеги айрысы менен Салымбет башкарманы тартып ийгенде, ал камчысы колунан ыргып,

кырмандын четине тоголонуп бети менен түштү. Салымбет экинчи жолу айрысын которбоду. Айланада карап турган кырманчы абышкалар келип, экөөнү эки жакка жетелеп кетишти. Башкарма кырмандын баш жагындагы кызыл үйгө барып акты жазып, абышкаларга келип, «Мени урганын көрдүңөр, «Совет өкмөтүн немис жеңет. -Сталин экөөңөрдүн башыңарды көргө салат. -Мамлекетке эгин бербейбиз.- Өзүбүз бөлүп алабыз»-деп жазылган актысын окуганда, абышкалар, «Адыш балам кой. -Салымбеттин оозунан актыда жазылгандай сөз чыккан жок. -Сен оболу аны башка чаппаганда, ал дагы сени чаппайт болчу»-деп, кол колбой коюшту. Ошондо башкарма Адыш, «Силер баарыңар уюшкансыңар»-деп, атына минип кетип калды.

Ал кеткенден кийин, абышкалар кырмандын четине үй мүйүз тарта олтуруп алышып, өткөн жылкы ачарчылыкта элге колхоздун саан эчкисин бөлүп берип, «Эптеп ак таталап бышыкчылыкка жеткипе»-деп, эгин бышканда арпанын кодурасын ордуруп талкан берип, анан эгин орукта ун тарттырып элге нан берип атып эле мамлекетке эгин сатуу планын ашыгы менен аткарып, үрөөнүн камдап, андан ашыгын эмгекке элге бөлүп берген, олгон башкарманы айтышып, «Оо кайран Орунбай. -Сенин адамдык абийириңди, бийиктигиңди билген эмес экенбиз. «Жоголгон бычактын сабы алтын»-дегендей, сенин адамкерчилигиңди, кадырыңды эми сездик»-дешип, үңкүйүп олтурушуп, анан Салымбетке, «Башкарманын түрпөтү жаман. -Тиги райондогуларга актысын жазып алып барып сени чагымдаса, сени камап коюшу мүмкүн. Сен бүгүндөн баштап көздөн далдоо боло тур. Эртең милициядан келсе, сени, «Кайда кеткениңди билбейбиз»-дейли. «Кайда барсаң Мамайдын көрү»-дегендей, мээнет табылат. -Сен бул жерден жылып кет. -Эгер башкарма эсине келип, эртең бизге кайрылса, экөөңө аяк сундуруп, «Кечириш-киле»-деп, жараштырып коебуз. -Анан өз ишиңди келип иштей бересиң»-дешкенде, Салымбет, «Ооп аксакалдар. -Мен эч жакка качпайм. -Кайсы күнөөм үчүн качышым керек? -Мен өкметко каршы эчнерсе жасаганым жок. -Бар болгону силердин сурооңорду айттым. -Ал мени согуп, камчысы менен башка чапканда мен жооп кылдым. -Өзүңөр көрүп турдуңар. -Калыс өкмөт келип сурап калса силер да калыс сөзүңөрдү айтаарсыңар»-деп, кеңешти кабыл албай койду.

Кырманчы абышкалардын жашыраагы эле ушул Салымбет болчу. Алтымышка таяп калганы менен, алдуу-күчтүү, кайратуу адам эле. Калган абышкалар алтымышты эчак аттап жетимишти таяп калышкан, эки кырманды тең сапырып, күч берген да ушул Салымбет болчу. Абышкалар, айткан кеңештерине Салымбет конбогон соң, жабыла туруп иштерине киришишип, молоташ бастырган балдарга дем берип, «Ылдамдата бастыргыла -деп, саманды астын-үстүн кылып, тыпынсыз оодарышып, кызыл күүгүмгө чейин иштешти. Анан ишти токтотушуп, жармачылар турган үйгө барышып, эки үйгө бөлүнө киришип, май чырактагы биликке ширеңке чагып, анын бүлбүлдогон жарыгын тегерек-тей олтуруп, бир топтон кийин кырманга келишип, самандын түбүн оюп кирип жатып, уйкуга киришти.

Эртеси эртең менен эрте адаттагыдай эле ишке киришип, самандын түбүнөн балдарды ойготуп келишип, иштерин улантышты. Кырмандын бетине чачылган буудайды молоташ минген балдар чарк айланта тебелетип, кырманчылар самандын астын-үстүн жасап оодарып, топондой кызылды ортолукка үйүп, иш кызуу жүрүп жатканда, түшкө жакын милициянын өкүлүн ээрчитип башкарма Адыш келди. Кырмандын четинде турган Осумбай абышка барып, аттарын алып, мамыга байланган соң, башкарма абышкалар менен учурашпай эле Кызыл-Үй жакка басып кетип, милициянын өкүлү келип абышкаларга салам айтып учурашкан соң, катарында турган Сабырбек абышкадан, «Серкебаев Салымбет деген ким?»-деп сурады. Сабырбектен мурун озунуп анын катарында турган Салымбет, «Менмин»-деп, жооп берди.

«Сен болсоң анда камын. -Районго кеттик. «Сени алып кел»-деп, прокурор мени жиберди. -Мыйзамды бузган болсоң жоопко тартыласың. -Бузбасаң жооп берип, кайра келесиң. -Бол эрте, жолго чыгалы»-деп, чонток, коюн-колтугун текшерип аңтара баштады. Кырманчы абышкалар бирин-бир тиктеп үрпойүшүп турушуп, Кызыл-Үй жакка кеткен Адыштын артынан барышып, «Адыш балам, бир эл, бир журтпуз. -Агаңдан кетсе кечирип кой. -Салымбетти айдатпа. -Кыска карабай узун сана. -Анын болгон айыбы, биздин. «Нан жейли»-деген сурообузду сага айтканы. -Биздин ал сурообуз туура эмес болсо бизди айыпта. -Биз айыптуу бололу»-деди, абышкалардын улуусу Нурбай абышка. Адыш кечекисиндей эле аларды жекире карап, анан Нурбай абышканы беттей, «Сен дагы тиги эл бузардын үгүтүно кирип, мамлекетке эгин берүүгө каршысыңбы? -Аны менен сен да кошо кеткиң келип турабы?»-деп, кекээрлегенде, бирин-бири тиктеп селейип турушуп, анан кырманды карай ээрчишип үнсүз басып кетишти.

Кырмандан, «Бол эми, эрте кетели»-деп, милициянын өкүлү Салымбетти демитип атты. Салымбет үнсүз, ээрчишип келген абышкаларды бир сыйра карап туруп, биз менен катар молоташ бастырып аткан уулу Жапарбекти жетелеп жармачылар турган үйдү көздөй басканда, милициянын өкүлү артына түшүп ээрчий басты. Жарма жасап аткан аялы Жанымбү байбичеге барып, «Ишиңди токтото турчу. -Мени алып кеткенге милициядан келиптир. -Силер мени түрмого чейин узатып келгиле»-деп, Жанымбү апаны ээрчитип, Жапарбекти жетелеп, кырманда жардап турган кырманчы, чийнечилерге келип, «Кош болгула, калыс окмот болуп, келип сураса калыс сөзүңөрдү айтаарсыңар»-деп, милициянын астына түшүп, кырмандын этек жагындагы район тарапка кетчүү жолго түшүп, жоноп кетти. Кечки батып бараткан күндүн өрттөй кызарган нуруна чөгүп, улам алыстап, милициянын алдында эрбең-деген үч жөө адамдын карааны кечки закымга чөгүп, бара-бара таптакыр көрүнбөй калды.

Салымбетти айдап кеткенине үч күн болду. Райондон калыс улукту күткөн кырманчылардын үмүтүн таш каап, бир да жетекчи келип териштирбеди. Эл арасында ушакчылардын узун тили соймоңдоп, «Эл душманы экени чын»-дейт. Ал жанагы немистин шпиону имиш. «Совет

өкмөтүн немис жеңгени калды. Эгинди мамлекетке бербей болуп алалы»-деп, үгүт жүргүзүп атканын билип калып, жөн жүрүүнү эскерткен башкарма Адышты аябай сабаган имиш. Ошондон кийин аны милициядан кызматчылар келип айдап кетиптир»-деген имиштерди Адыштын айтуусу менен анын жакындары узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына таратып атышты. «Кулак укса курсак кайнайт»-дегендей, ушакты үгүп, кырманчы чийнечи абышкалардын кыжыры келип, ачууга муунушуп, кырмандын четине олтуруп алышып, башкарма Адыштын жалаакор чагымчылдыгына наалат айтышып, анын ата-бабасынан берки жасаган жаман жоруктарын айтып киришти. Нурбай абышка тамагын кыра жөтөлүп, «Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхи салам бир чагымчыл чалыярына нааразы болуп, «Насил иллаах жаржуун»-деген экен -Жаныңдагы чалыяр, «Мунун маниси кандай»-деп, сураганда, «Тегине тартат деген»-дептир. -Адыштын чоң атасы Кулубай, анын аялы бозосун балдарынан кызганып, «Мынча бозо калды»-деп бозо куйган челегин као менен чийип койчу экен. -Мунун чоң атасы Кулубай биз теңдүү эмес беле. -Биз аны атынан айтпай эле мазактап «Чиймечи»-дечүбүз»- дегенде. Солтобай абышка, «Ээ ботом жанагы ылакап болуп,

«Куур чокой Кулубай
Курушуп үйдө жатабы.
Челегин чийип кызганып,
Бозосун дале катабы»-деп, ырдалып жүргөн Кулубай ушунун чоң атасыбы?»-дедү. «Ооба, Адыш ошол Кулубайдын небереси»-деди. Нурбай абышка. «Ай-ай»-деп, башын чайкап, «Ошондой адамдын тукуму экен да. «Алма сабагынан алыс түшпөйт, бала атасынан артык туулбайт»-дегендей, муну өкмөт окутуп, ак үйгө иштетип тарбиялап, элге баш көз болуп, «Элинди бак» - десе да макалдагы, «Карганын жумурткасын шумкарга бастырсаң да шумкар чыкпайт, карга чыгат каркылдаган»-дегендей болуп, түпкү тегине тартып, элден нанды кызганып, нан үчүн чыр чыгарып Салымбетти каматты го ойрон»-деди, Байгара абышка. Эл ичинде экинчи бир имиш, «Салымбетти айдап барган түнү эле алып кетиптир. - Адыш аны, «Эл душманы»-деп, катуу чагымдаптыр. -Ошол үчүн, «Аскер соту соттойт экен»-деген, имиш тарап тим болуп калды. Абышкалар сакалдарын сыланып, «Кайран киши акжериңен жалаага жыгылып күйүп кетти. -Ага да Кудайдан баккан баласы бардыр. -Салымбеттен жетпесе Кудайдан жетээр»-деп, өздөрүнчө күңкүлдөп жүрүштү.

Жаныбек байбичеге Жапарбекти ошол боюнча кайра алып келген жок. Айыл ичинде күбүн-шыбын болушуп, түндөп келип кыштакта тамындагы эки кызын да алып кетиптир. Балдарымды, «Эл душманын баласы»-дедиртип, «Балдарга мазактатпайм»-деп, уулун бир агасына, эки кызын эки иниси не, «Багып алгыла»-деп, алардын атына каттатып бериптир имиш»-деп, айтып калышты. Бул окуянын күбөсү болуп өз көзү менен көрүп турган кырманчы чийнечилер, калыстыгы жок өкметке

чагымчыл, жалаакор башкармага нааразы болушуп иштегилери келбей, колхоздун иши баштагыдай жүрбөй калды.

Түштөн кийин аттарды молоташка чегип атып Нурбай абышкага, аркы атты молоташка чегип аткан Ашыр абышканын, «Сен калсаң кал, «Кайда барсаң Мамайдын көрү», мен кетем. -Ачкалыкка, жокчулукка чыдасам да, кордоп басынткан кара өзгөйлүккө, калыстыктын жоктугуна чыдай албайм»-дегенин үгүп, «Нурбай абышка, кайда кеткенди айтып атат»-деп, создун маанисине түшүнбөй, ал мингизген атты темине камчыланып, молоташты дүнкүлдөтүп, кырманды чарк айлантып чалкылап кеткен элем»-деди, Садык абышка.

Ошондон көп өтпөй эле Нурбай, Ашыр, Өмүр, Турганбай, Өсүмбай, Молдаалы абышкалар үй-бүлолору менен көрүнбөй калышты. Андан кийин чийнеден Тойту,Төлөнбай, Орозаалы абышка көрүнбөй калып, чийнелери кырмандын четине жыйылып калды. Алардын орок тарткан к пин-кыздары, балдары да кетип, талаада орок тарткандар азайып, кырманда үч эле моло таш калдырап, эгин да төгүлбөй иш үзгүлтүккө учурай баштады. Ошол жылы кыш дагы эрте келгенби, айтор эгин орулбай, орулганы ташылбай, ташылганы бастырылбай, бастырылганы -адам күчү жетпей, сапырылбай, саман жабылган бойдон үйүлүп кардын алдында калды. Мамлекетке эгин төгүү планы да аткарылбай калды. Анын кесепети кийинки жылга тийип, эл чоң ачарчылыкка учурап, кара тумоо каптап, бир топ абышка-кемпир, балдардын омүрүн алып кетти. Өлгөндөн калган эл тиричиликке умтулуп, жакшылыктан үмүттөрүн үзбөй, жеңиштин келишин зарыга күтүп, колдо болгонун, «Согушка жардам»-деп, берип, элдин ынтымак ырашкердиги бузулбай, бир кесе талканды, «Сеники-меники»-дебей, болүшө ичишип, үзүлбөгөн үмүт уланып, эртеңки келүүчү жакшылыкка сүйрөп турду.

Ошол жылдагы кардын астында калып калган эгиндин айынан, мамлекетке эгин төгүү планы аткарылбай, элдин басымдуу күчү, элинин оор кеткенин себеп кылып, Адышты кызматтан алып, райкомдун бюросу аны партиянын мүчөлүгүнөн чыгарып, жоопко тартты. Ал дагы камалып кетип, кабар жок болуп калды. Аны да, «Бироого чуңкур казсаң тайыз каз, озуң түшсоң чыкканга»-деген макалды айтышып, «Ошону көрмөк»-дешип, айрымдар табалап жүрүп жылдар өтүп, ал да унутулуп калды.

Жыл айланбай эл зарыгып күткөн жеңиш да келип, согуштан алсыраган эл эсин жыйып, турмуш көчү уланып, «Элүү жылда эл жаңы, жүз жылга барып жер жаңы»-дегендей, жаңы муундар өсүп жетилип, токол тамдар шифер, тыныке менен жабылган ак тамдарга айланып, чачылган үйлөр айылдашып, ошол мезгилде эл жашаган ороон зэн калып, токол тамдардын орду айдоо аянтка, мал жайытына айланып, кээ бир жердеги ордунда демпойгон добочолор, соройуп бузулган морунун калдыгы көрүнүп калды. Ал кездеги элдин камалып, сүргүнгө айдалып кеткенден калганы согушка, эмгек армиясына, айрымдары ачарчылыкка, айыл активинин акыйкатсыздыгына нааразы болуп, эл-жеринен кетип, келгени келип, келбегени барган жеринен келбей, ошол барган жерлик болуп, алардын элине сиңишип балдары ошол жактагы

элге эл болуп калды. Ачкалыкка, жокчулукка, чыдагандар эл жеринен кетпей, алардын уругу, небере-чөберелөрү ата-бабасы жердеген жерде коломтосунан түтүн булатып, алардын ордун жоктотпой, «Баланчанын небере-чобересү»-деп эл айтып, жашап келе жатышат.

«Мени өкүндүргөн нерсе, ак жеринен камалып, нандан чыккан чатактан дайынсыз болуп калган Салымбеттин, калыстыктын жоктугуна нааразы болуп, элин-жерин таштап кеткен Нурбайлардын уруктарынын элге келбей, бөтөн элге сиңишип, өз атасынын атын да өзгөртүп, башка бирөөнүн атына катталып, атасынын атын өчүрүп койгон»у-деди. Бакас абышка. Садык абышканы. «Эз курбум аттиң айтасың. -Келе чакчаңды»-деп, Бакас абышка бир топко ойлуу олтуруп, «Бул түбүн тушкөн дүйнодо мындай алаамат далай жолу болгон го. -Азыркы кор оокаттын айынан Орусияга. Казакстанга башка жактарга кетип аткандардын деле келгени келип, келбегени ошол барган жериндеги элге сиңишип, «Ошол элге, эл болуп кошулуп кетпейт»-деп, ким айта алат? -Менин кайгым ушунда. -Анысы аз келгенсип кыздары кытайга, оруска, немиске, түркко тийип, жээндер кыргыз болбой калганы чочутат. «Кыргызстан баарыбыздын үйүбүз»-деп, эшикти кең ачып атабыз. «Өзүбүздүн үйүбүз калып, кыргыз жок болуп кетеби деп, башымды оорутам»-деди. Садык абышка. «Аның да чын. -Тарыхта миңдеген жылдар бою канча аз эл, өзүнүн элдигин жоготуп, тилин, динин, салтын билбей калганы айтылып эле жүрбөйбү. -Ошондой болушу да ыктымал. -Азыр деле шаарда жашаган кыргыздардын балдары бир ооз кыргыз тилин билбей, кыргыз болбой эле калыптыр. -Балким дагы бир канча жылдан кийин ошондой болоор, заманыбыз ушинтип олтурса»-деди. Сөйит абышка каңырыгы түтөп.



Жайыл уулу Камбараалы калпа,
1964 жыл.



Мамыш кызы Калый.



Камбараалы уулу Абдылда, 1956
жыл.



Абдылдаев Аскараалы,
1954 ж. Жалал-Абад шаары.



Садыкбек кызы Сабыркан 1952 ж.
Жалал-Абад шаары.



Абдылдаев Аскараалы жубайы Садыкбек кызы Сабыркан менен 1972 жылы, Чалдывар айылы.



Аскараалы Абдылдаев уулдары менен, солдон оңго, Келдибек, Маратбек, Мейманбек, Мамытбек.



Абдылдаев Мейманбек үй-бүлөсү менен, жубайы Жамиля, уулдары Эркин, Кадыр, кызы Аида.



Абдылдаев М, Атантаев А, Жылдыз, Жамиля, Гульмира, Казыбек, Бакыт, Сыдыгалиев Өмүркулдун 70 жылдык тойунда.



Абдылдаев Аскараалы, байбичеси Садыкбек кызы Сабыркан менен. Ала-Арча эс алуу жайында.



Сыдыков Турдубек менен Атырбүбү, солдон оңго келиндери Айдай, Виктория, уулдары Азамат, Октябрь, кызы Надира жана Абдылдаев Тимур.



Абдылдаев Аскараалы, кызы Азимбүбү, небереси Асель жана байбичеси Сабыркан менен.
Атай айылы.



Солдон оңго, Кубатбеков Насырынбек, Абдылдаев Аскараалы, Молдоканов Токтораалы, Жалал-Абад шаары, 1952 жыл.



Солдон оңго, Маметов Тилекбай, Абдылдаев Аскараалы, Иманбердиев Иса, Салташов Бактияр, Токтожумаев Акматбек. 1963 жыл, Фрунзе шаары.



Абдылдаев Аскараалы үй-бүлөөсү менен 1972 жыл, Чалдывар айылы.



Абдылдаев Аскараалы үй-бүлөөсү жана балдызы Зайыркандын балдары менен, 1962 жыл.



Солдон оңго Мамытбек, Азинбүбү, Чолпон, Атырбүбү уулу Азамат менен, Турдубек Сыдыков, Кенжегуль, Уулкан, Акыл, Бакыт. 1986 жыл, Нарын шаары.



Садыкбек кызы Сабыркан уулу Абдылдаев Мейманбек менен. 1986 жыл, Фрунзе шаары.



Абдылдаев Аскараалы студентик кезинде, солдон оңго, Татыбеков А., Кожомкулов С., Ыдрысов Ж. Жалал-Абад шаары, 1951 жыл.

Апамдын эскерүүсү
(Документалдуу новелла)

Апамдын ооруканада жатканына көп күн болгон. Айылыбыздан он бештей километр алыстыгына карабай жумасына үч-төрт жолу апамды көрүш үчүн ооруканага барып турчумун. Бир жолку барганымда апам аркасына бийик жаздык коюп, керебетинин баш жагына сүйөнүп олтуруптур. Мени жанына жакын олтургузуп, «Ата балам ай. Ушунча алыс жерден жөө келип куруп кеттиң го. Мен сени, сен мени сагынып, көрүшкүбүз келип атканыбыз, эне-балалык мээримибиз. Мен силердин маңдайыңарга олтуруп, энелик мээримимди төгүп, тарбиялай албадым. Кантейин. Кудайым менин тагдырымды ушундай жазса» - деп, көзүнөн жаш кылгырып, жашын мага көрсөтпөскө аракет кылып, мойнун бурап ары карап кетти.

Башымдан сылап аткан колун кош-колдоп кармап, өзүмдү токтото албай «баа»-деп бакырып, ыйлагым келип баратып, апамдын оорусунун азабына кошулуп, биздин кыйналганыбызга зээни кейип атканын сезип туруп, ого бетер кейитпейин-деп, өзүмдү араң зорго кармап, ыйлабай, апамын билегин, алаканын жыттап, жылуу алаканын бетиме басып, олтура бердим. Бир топтон кийин апам өзүнө келип, мени аяп кеттиби, «Балам сен эми кичине эмессиң, он үчкө чыгып калдың. -Мен сага көптөн бери айтайын деген сөзүмдү айта албай жүрдүм эле. -Бүгүн Кудайга шүгүр, өзүмдү жакшы сезип турам. -Сенин тайатаң, тайакең, менин төркүндөрүм жөнүндө байяндап берейин. -Унутпай эсиңе түйүп жүр»-деди. Кыргызда, «Эрдин бир журту тайакеси»-десе, «Жээн эл болбойт»-деп да коюшат. Эл болбогону менен, башына иш түшсө, жээнге тайакелери, тайакеге жээндери бел болуп, караан болуп, каралашат эмеспи. Туугандыгы болгон соң, кудай өмүр берсе, жакшылык-жаман-дыкта, бир-бириңе керегиңер тийип калышы да мүмкүн. Сен бой тартып чоңоюп келе жатасың. "Куш канаты менен учуп куйругу менен конот"-дегендей, «Бири-бириңе канат куйрук болуп калаарсыңар»-деп, оңдонуп олтурууга аракеттенип, жаздыгын оң тарабына тартып жылдырып алып, «Мен сенин атаңа он жети жашымда баш коштум»-деди. Кудайдын буйругу экен, нике кайып айдап, атаң ушунчалык алыс жерден кандай барганын билбейм. Менин атам азыркы Ак-Талаа районунун Жерге-Тал деген жеринде жашачу. Атам ага-инилүү, мал-жандуу, «Душманыма намысымды бербейм»-деген, кайраттуу киши эле. Ошол намысын «Сактайм»-деп, күрөшүп жүрүп өзү да, баласы да орустун түрмөсүнө түшүп, атылып жок болушту. Ошолордон мен, анан жанагы Асылкан, тайэнең багып жүргөн Алтын менен Жанболот калды. Атамдын атасы үч ага-ини экен. Алардан тарагандар бар. Алар эл болуп, Кытайдан Жерге-Талга келип бир нече жыл турганда, сенин атаң мени алып, атам айылына чоң той берип, менин «себиме» алты канат боз үй жасатып, атан төөгө казан-аяк, жууркан-төшөгүң менен жүктөтүп, «саанына»-деп уй, «мингенине»-деп, ат берип, «жеткирип келгиле»-деп,

үч жөнөмди, төрт агамды кошуп узаткан. Элибиздин макалында. "Мээнет жалпак, деелет тоголок"-дейт.

Атамдын айтканы боюнча, «1905-1906 жылдары болсо керек»-деген, каргашалуу болуштук шайлоо болуп, Коңорчоктуктар менен Мынакелдиликтер болуштукту талашышат. Коңорчоктуктар, атамын үч ата өткен тууганы Муратаалынын талапкерлигин койсо, Мынакелдиликтер басыз уруусунан болгон Садырдын талапкерлигин которүшөт. Муратаалы атама киши жиберип, «Келип сүйлөшсүн, ага-иниси, айылы менен мага таш салсын»-дейт. Атам, «Мен Мынакелдилик Садырга сөз берип койдум».- «Сөзүң өлгүчө-өзүң өл"-деген элибиздин макалы бар.- «Тууганга тартып сөзүмдү өлтүрө албайм»-деп, жооп кылат. Ага нааразы болгон Муратаалы, биздин айылдан Коңорчок, Ак-Талаа жакка каттагандардын атын жыгып алып, уруп-согуп опузалап, «Ал кулду айылын чаап, өзүн байлап келип, таш салдырам»-деп, киши жиберет. Атам ага катуу намыстанып, келген кишисине кесе айтып, «Муратаалы ошого барса мен өлүшкөн жерге чейин барам, ошентип айт»-деп, келген кишисин кетирет.

Андан кийин, «Муратаалы Мамыштын айылын чаап, өзүн байлап кеткен атыптыр»-деген соз тарап, ага удаа эле, «Муратаалы кол курап келе жатат. -Жерге-Талга жакындап келип калды»-деген кабар келет. Атам Жерге-Талдын баш жагындагы айылды карай өтчү жалгыз аңдагы жолдун башын тосуп, Муратаалыларды күтүп турат. Аңгыча аңдын өйүзүнө келишип, Муратаалы атамды көрүп, «Ой кул, жакшылыкча сөзго көнбөдүң, эми айылыңды чаап сени байлап кеткени келдим»-дейт. Атам, «Токто ошол жерге, бери жакка жылсаң эле атам»-деп, мылтыгын сунганда, Муратаалы жаман сөз менен сөгүп, атын теминип, арткыларын «Артымдан»-деп кыйкырып аңга кире берет. Атам, өлтүрүү ойунда жок эле, «Коркутам»-деп ойлоп, болжол атып жиберет. Бирок, Муратаалыга ок тийип, ал аттан тоголонуп кетет. Муратаалыга ок жаңырганын көрүп, арткылары дүргүп тура калганда, дагы эки удаа асманга карай атканда, алар качкан бойдон кетишет. Ошол учурда, «Ай»-деп, атам тыйгыча болбой, атамдын жанында турган, мурда Муратаалыга жигит болуп жүрүп, качып келип атамдын айылына туруп калган бирөө, башын көтөрүп, жер тайанып аткан Муратаалыны, «Сенин кылбагың жок»-деп тилдеп, союл менен башка чаап жиберет. Атам келип караса мурдунан мээси чыга түшүп, Муратаалы өлүп калыптыр. Ок мүрүсүнө эле тийип, мүрүсүн талкалап кеткен экен. «Андан өлмөк эмес»-деп, атам кейип, союл менен чапканды тилдеп, анан «Эми болоор иш болду»-деп, өлүктү ага өңөртүп айылга алпарып, аруу жууп, ак кепинге салып, айылдын четинен мүрзо каздырып көмүп, үстүнөн арык менен суу жүргүзүп койот. Кийинчирээк, Муратаалынын атасы киши салып, «Өлүктү берсин»-дегенде, атам, «Муратаалыны өлтүргөн жокпуз, бизде өлүк жок, Муратаалы биз жакка келген да жок»-деп, өлүктү бербей коюптур.

Ошентип ызы-чуу, чатак болуп атып шайлоо өтүп, Мынакелдилик Садыр болуш болуп шайланып, элдин болуштук талашкан ызы-чуусу басылат. Кийин, калыс туугандардан кишилер келишип, Садыр болуш ортого түшүп, Сатыбалды аваң, «Өлгөн да өзүм, өлтүргөн да өзүм,

кайыр-доом жок, кун албайм, улукка да салбайм, өлүктү берсин»-деп келиптир. Атам, ага, «Туугандарыма кеңешеин»-деген жоопту берет. Анда чоң-атам Үсөнаалы тирүү эле. Кеңешкенден кийин, «Биз Сатыбалды экөөбүз бир эле Ырысмендеиин балдарыбыз. Ал улуу аялдан, мен кичи аялданмын. Аваң айткан сөң бергениң оң. Кара ашына тогуз бээ айдатып өлүгүн жүктөтүп жеткир»-деп, кеңеш бериптир. Атам атасы айткандай жасап, өлүктү ачтырып, ак кийизге оротуп, ак төөге жүктөтүп, атамын иниси Балкыбек авама, кудайлат Байсогурдун айыл аксакалдарынан он чактысын кошуп, «Айыбым болсун, кара ашына сойсун»-деп, атам айткан тогуз тубар бээни айдап алып, өлүктү алып барып, өкүрүп түшкөндө, Муратаалынын үч аялы жулунуп, «Канга кан, Балкыбекти өлтүрөбүз»-дегенде, доңдо олтурган Сатыбалды авам жигиттерине, балдарына, «Тыйгыла тиги канчыктарды. -Муратаалыны өлтүргөн да өзүм, өлгөн да өзүм. -Тиги үчөөнү ошол Балкыбекке алып берем»-деп, келиндерин тыйыптыр. Ошону угуп, «Авам кечириптир, эл тынчып, тууган бойдон калдык»-деп ишенген экен. Бирок, «Сатыбалды авам кечиргени менен ага-иниси, балдары кечирбептир»-деген эле атам.

Ал окуя өткөндөн эки жылга айланбай чоң-атам Үсөнаалы да, Сатыбалды авам да дүйнөдөн өтүп кетишип, кайра ыркыбыз кете баштады. «Орус каптап келе жатат, кырып жок кылат экен»-деп Кочкор, Нарын, Чүйдүн эли көтөрүлүп, оруска каршы урушуп, жеңилип калып, үркүн болгондо Кытайга качып, тынч калган биз дагы качтык. Атам, «Мынагелди болуштугундагы Кош-Дөбө, Тогуз-Торонун биртоп айылы качпай эле турат»-десе, ага туугандары, «Тиги Коңорчоктук тууган-дардын өткөн кеткендин атын жыгып алып, уруш-чатак салганы кайра уланды. -Бирдин ичинен чыгып, ортобуздан дагы кан төгүлгөнү турат. -Үркүндүн шылтоосу менен Алайкуу жакка барып туралы»-дешип, Алайкууга кеттик. Арпадан нары ашып, ал жерге тура албай, үркүндө коркуп качкан Нарын, Ат-Башылыктарга кошулуп Кашкарга өттүк.

Кашкарда деле каатчылык экен. Шаарга тура албай тоо таяныл, кеч күздө бир токойлу озонго кыштап калдык. Он үйлүү качкын, «жалаң отоо» жасап, токойдун арасына туруп калдык. Ачарчылык. Бирин-экин ела барган оокатыбызды жеп түгөттүк. Кашкарда отун кымбат экен. Атам, балдар менен кеңешип, токойдон чычырканак кесип, көмүр очүрүп, жумасына эки кап көмүрдү кара жоргого артып алып, Кашкардын базарынан бир кап күрүчкө алмашып келүүчү. Жаманчылыкта ууру, каракчы да көп болот тура. Бардеңке мылтыгын эки жагынан кестирип, ийининен чыгарбай асынып, төө бияз чепкенди үстүнө кийип алып барып келчү. Үч -торт жолу жолдон каракчылар тосуп, атамды өлтүрүп, атын, күрүчүн алаарда, ушул «бардеңке» сактап калды»-дечү атам. Кашкарда жашоо кыйын болуп, ошентип, атам көмүр сатып жүрүп, он үйлүү тууганын жазга жеткирип, кайра Алайкууга келет.

Алайкууга келген жылы апам Ажаркүл каза болуп, башыбызга оор күн түшүп, Ыдырыс акем экөөбүздү жетелеп, атам олтуруп калды. Бирөөнүн жеринде, бирөөнүн элине эл болуп, аралашуу жеңил эмес экен. Баабек авамын кызын ошол Алайкуулук, айылына кадыры бар

кишиге келин кылып берген. Атам өзү ошо айылдык оокаттуу кишинин кызына үйлөнүп, куда сөөк болуп, аларга аралашып, беш жылча туруп калдык. Ошол аралыкта совет бийлиги келип, колхоз уюшула баштаганда, «Жаныбек казы совет бийлигине каршы чыкты»-деп, чагым түшүп, «Жаныбек казы ага-тууганы менен Кытайга кеткени жатыптыр»-деп, Өзгөндөн он кызыл аскер келип, Жаныбек казыны кармап, айдап кетти. Анын инилери жолдон тосуп, атышып, казыны куткарып, он аскердин сегизи өлүп, экөө качып кутулуп кетиптир. Алар келип билгизгенден кийин, Өзгөндөн Оштогу гарнизонго билгизип, «Жаныбек басмачы болду»-деп, Оштон Өзгөнгө аскерлер келет. Бул кабар Жаныбекке жетип, Алайкуудагы эл көтөрүлүп, Алайкууга келүүчү жолду тосуп, келе жаткан жүздөй солдат менен атышып, беш-алты күн солдаттарды өткөрбөй, казынын үй-бүлө, бала-чакасын, мал мүлкүн Кытай жакка өткөрүшүп, акырында ок даарысы түгөнүп, орустун куралына туруштук бере албай, биртоп ага-иниси окко учканда, Жаныбек казы, калган ага иниси менен Кытайга качып кетиптир. Ошол мезгилде, он үйлүү тууганын көчүрүп, атам кайра Жерге-Талга кетет. Келгенден кийин эл жакшы кабыл алып, бир топ жылга тынч турдук. Ошол жылдар 1919-1920 жылдар болсо керек, атам мени сенин атаңа күйөгө узатты»-деп, баянын улантты апам.

Кийинки жылы жазында Нарындан алты кызыл аскер келип, тайатанды кармап кетти. Ал түрмодо алты ай жатты. Түрмөдө анда-санда суракка чакырып, «Жаныбек казыны тааныйсыңбы», «Анын басмачы-ларына кошулдуң беле», «Анын карындашын алып күйөбаласы болгонуң чынбы?», «Жаныбек Кашкардан кол курап оруска каршы согушканы келгени жатканын билдиң бэле?»-деп, суракка алыптыр. Тайатаң, «Алайкууда жашап келгем, бирок Жаныбек казынын атын укканым да, аны көргөнүм да жок, тааныбайм», «Алайкуудан аял алганым чын, бирок, Жаныбектин Кашкардан кол курап келип согушарын билбейм»-дептир. Бир тергөөчү, «Сен Кашкарга барган жолду билесиң. Кепилге чыгарып Кашкарга жиберели. Жаныбек казы эмне кылып жатканын, билип келесиң»-дегенинен, «Бары-бир мени куткарбай калды. Эптеп чыгарса эл журтка, силерге учурашып келейин»-деп, макул болуптур. Ошол убакта, учурашып тамак киргизем-деп, Ыдырыс барып калганда, аны кепилдикке карматып коюп келдим-деп, тайатаң биздикине келип, бир жума жүрдү. Анда сен бир жаш болуп, токтобой, там-туң жыгылып басып, сүйлөп да калгансың. Сени көтөрүп, эркелетип алып жүрүп, «Эми мен кетейин, бараарым менен атабы, же Сибирге айдатабы, ал белгисиз. Ыдырыс келгенде силерге кабарлайт»-деп, тайатаң жөнөп кетти. Мен ыйлап, колунан, сакалынан өпсөм, «Ыйлаба кызым. -Менин тагдырым ушундай болсо кандай кылмакпыз»-деген эле.

Ай өтпөй, Ыдырыс акем киши жиберип чакыртып, сени өнөрүп алып, атаң экөөбүз Жерге-Талга Ыдырыстыкына бардык. Ыдырыс акем үч үй тиктирип, бизди күтүп жатыптыр. Биз баргандан кийин эли-журтун чакырып, атам атылып кетти-деп угузуп, эки бээ союп ашын берди. Куран окутуп, атамдын кыркын бергиче ошол жерде болдук. Кыркын

өткөргөндөн кийин, барганыңарда куран окутканыңа-деп, бир бээ жетелетип, жээниме мингизгеним, чаар айгырдын кулуну, жакшы ат болот-деп атаңа бир «быштыы» жетелетип, бизди узатты.

Кийинки жылы, жайында Сары-Төрө аталган областык ГПУ нун башчысы Маргайтис менен ыктыярду кызыл аскердин командири Култай отуздай аскерлери менен Тогуз-Торого келишти. «Ак-Талаадан Ыдырыс басмачы болуп чыгыптыр»-деген уу-дуу ушак тарап, аны укканда эле жүрөгүм дүкүлдөп, «Менин Ыдырыс акем болбосо экен»-деп, эленделп, тынчым кете баштады. Эртең менен астыңкы айылга кеткен аваң түш оой кабагы салаңдап келип, «Култай, Маргайтистер келди. Атаңды ээрчитип кел, кайнагаң басмачыларга кошулуп кетиптир. Кармап келгенге жардам сурады-деп, шаша кийинип, атасын ээрчитип кетти. Ошондон бүктүшүп ыйлап, сени боорума басып жатып калдым. Таң аткыча кирпик какпай, «Оо тагдыр, бизге шорго чылап, жалаң азапты бергенби Кудайым»-деп, ыйлап, эшикке чыгып, эмне болду деп эчкимден сурай албай жатсам, күн чыга аваң келип калды. «Эмне болду?»-дегенимче, «Эми кармашыптыр. -Айдап кепе жатышат, сен эми кете бер»-дегенинен, «Ыдырыс аман-соо колго түшүптүр, бул жакка алып келе жатканын сага кабарлаганы баса бердим»-деди. Ошол күнү кечинде Култай менен Маргайтис отуз кызыл аскери менен астыңкы айылга тигилген боз үйлөрго келишип жайланышып, бир үйгө Ыдырыс акем, Зымы менен Арыкбайды эки баласы менен бешөөнү камап, уч күнчө туруп калышты. Атаң мени ээрчитип барып Култай менен Маргайтиске сүйлөшүп, Ыдырыс акем менен учураштырды. Мен, «Аке, басмачы болбой эле окат кылбайсыңбы»-деп ыйласам, «Каке, мен басмачы болуп элди талаганым жок, өкмөтко да зыян кылганым жок. Бар болгону жанымды куткарып, камалбай, Алайкууга, андан ары айла болсо Кытай жакка ооп кетсем»-деген элем. Айылдагы ага-туугандар, бул Арыкбай жезде баш болуп, «Искендер, акең Ыдырысты өкмөт камаганы жатат. -Из жашырып кетсин деп айттырды»-дегенинен, «Тууган эмеспи, бир нерсени билгенинен айтты го, кантип кара санасын»-деп, жалпы туугандар айтканынан, алардын кеңеши менен үй-бүлөнү деле калтырып, Зымыны, Мамыт жездемди кошуп алып кетмек болуп, мени Арыкбай жезде, эки баласы Жангазы болушуп, Кашка сууну ашыртып кетмек болуп, түндөп чыгып, белге жакындаганда, таң аппак атып калган. -Алдыбыздан бизге каршы ок атылып, мен минген Чаар-Айгырга ок тийип жыгылганда, мен түшө калып, ташка жашындым. -Аңгыча Мамыт жездеме ок тийип, аттан кулап кетти. -Арыкбай, Жангазыларды карасам, ак зоодогу үңкүргө кирип баратышыптыр. -Мен да ошол жакка кире качып, аларга кошулдум. -Ылдый жактан да ок атылып, былк эте албай калдык. -Менде эки жүз огу менен беш атар бар эле. -Үңкүргө келтирбей үч күн атып турдум. «Эптеп чолоо болсо чыгып, Алайкуу жакка жоо жалаңдап болсо да Зымыны ээрчитип, кетсем»-деп, Арыкбай жездеме кеңешип жаткам.

Төртүнчү күнү эртең менен бешатар мынтыгымдын «замогу» сынып кетип, атпай калдым. Замокту Зымыга көрсөтүп атсам, аркамдан

Арыкбай кучактап калып, эки баласы эки колумду кармап, бутумду, колумду байлашты. Анан Арыкбай үңкүрдөн чыгып, «Келгиле, кармап байладык»-деп кыйкырганда, Искендер баш болгон он чактыдай кызыл аскерлер, он чактай айылдык балдар түшүп келишип, мени Жерге-Талга алып келишти. Ошондо Маргайтис, Култайлар барып калып, бул жакка алып келишти. Көрсө бул иш Арыкбайлар менен сүйлөшүп, мени жок кылуу үчүн түзүлгөн Искендердин амалы экен. «Атасын олтургон, атамдын кегин менден алып, эми өчү кангандыр. -Мен Арыкбайды эки баласы менен ала жатам. -Жалгыз өлүп бербейм»-деди Ыдырыс акем.

Мен алып барган козунун этин жеп олтуруп, «Арыкбай жезде, менин силерге жамандыгым жок эле, тузумду татып жакшылыгымды көрдүңөр эле. -«Басмачы болуп чыкканы турат, чыкты»-деп чуу салып, аскер чакыртып, жол тостурбаганыңарда, тынч эле камалып, же качып кетет бэлем. -Кайыр Кудайдан жетсин. -Келгиле эми, -Какем алып келген тамакты жегиле. -Мен силерди аш менен жоолайт белем. -Акыретке чогуу барганы калбадыкбы»-деди. -Арыкбай ылдый карап, «Бир иш оттү. Мен Искендердин тилине кирип иттик кылдым. -Кечир»-дегенде, Ыдырыс акем, «Тагдырыбыз бир болмок болду, өкүнбөй тиги жанбашты ал»-деди. Мен ичимден, «Бул кара ниет, бузукуга бербей эле койбойбу»-деп, ойлонуп турдум. Маргайтис менен Култай аскерлерди туш-тушка жиберип, беш күнгө чейин Тогуз-Тородогу манап, байларды чогултуп, бешинчи күнү чогулуш жасап, аларды ордунан тургузуп элге салды. Эл, «Манап болчу, бай болчу»-деп көрсөткөндөрдү бирден алып барып камап, алтынчы күнү аларга кошуп Ыдырыс акемди да алар менен бирге айдап, Жалал-Абадка алып кетишти.

Ошол Ыдырыс акемди алып келгендин эртеси түн ичинде Жангазы акем келди. Ал башына ок тийип ак чүпүрөк менен таңып алыптыр. Жеңил жарат алган экен. «Нарын жакка түшпөй, Ыдырыс менен кошо жатайын»-деп келдим. "Оттогон жуушаганды ала кетет»-дегендей, сага залакам тийбесин. «Бул кайнагам өзү келди»-деп, «Мени алып барып Маргайтиске тапшыр»-деди. Тамак берип, ээрчитип барып өзү айткандай айтып, Маргайтиске көрсөткөндө, ал «Үйүңө алпарып коноктоп эртең алып кел өзү келсе»-деп, кайра кошуп бериптир. Жаңгазы акемди ал күнү кондуруп, коноктоп, эртеси ээрчитип барып тапшырды. Жалал-Абаттын түрмосүндө жатканда, Жангазы акемди, Ыдырыс акем, «Бул мага кошулган эмес»-деп, актаптыр. Жангазы акем эки ай жатып, кутулуп келди. Келгенде, үч-төрт күн биздикинде конок болду. Эртеси атаң бир ат мингизип узатып койгон. Ошол боюнча көргөнүм жок. Жангазы акем келгенден кийин, «Ыдырыс акеме тамак киргизели»-деп, атаң экообуз Жалал-Абадка келсек, аны Ошко этап менен кетирип жибериптир.

Биз Ошко барып, Оштун түрмочүсү менен сүйлөшүп атып, эки саатка уруксат алып, тамак берип келдик. Кыштын күнү эле, Көк-Арттын дабанын жөө ашып, талаага карда жатып жүрүп, үч күндө үйгө келгенбиз. Ошондо суук тийип калганбы, жүрөгүмдү дүмпүйтүп, ичимде чүкөдөй бер нерсе пайда болуп, бара-бара чоңойо берди. Кийинчирээк

эл колхоздошкондо мен чарбанын ишинде, «Суу сугарып, чоп чаап, эгин оруп» -дегендей, толгон токой түйшүгүндө иштеп жүргөндө, байкабай жүрө берип, ушул абалга жеткирди»-деди апам, ичин тиктеп. Анан бир аз энтиге дем алып, ордунан козголуп, ыңгайлана олтуруп, оор үшкүрүп, «Адам кайгыдан өлбөйт тура. -Ошол барып келгенибизден эки ай өткөндө, «Ыдырыс атылыптыр»-деп, угузуп, атаң бир кой союп куран окутту. -Ошол Ошто тамак берип сүйлөшкөнүмдө эле, өзү, «Каке, Ыдырыс атылыптыр деп угузганда ыйлап-сыктап мүңкүробо. -Менин тагдырыма жазылганы ушундай экен. -Эгер алың келип, мүмкүнчүлүгүң болсо, Жерге-Талдагы балдардан кабар ала жүр. -Жанболот жаш калды»-деген эле, акем.

Аваңа кеңешип, ошол акемди угузгандан ай өтпөй, Жерге-Талга келсем, аларды атамдын кийинки аялы Асылкан жеңем (кийинки апабызды «жеңе» дечүбүз) багып олтуруптур. Ыдырыс акемдин аялы Аймончок жеңем, ошол акем камалганда эле, торкүнүнө кетип, анан Сейдаалы деген кишиге турмушка чыгып кеткен экен. Акемдин өлгөнүн Асылкан жеңеме угузуп, айылдагы тууган-уруктарга куран окутуп, колдон келген чай-чамегин берип, Асылкан жеңем экөөбүз ыйлап-сыктап отурсак, Коңорчоктон Абдыбек акем баш болгон туугандардын он-чактысы бир кой ала келишип, союшуп, Ыдырыс, Зымы акемдерге атап куран окутуп кетишти. Ал убакытта Искендер Ак-Талаа районунда милициясынын башчысы болуп турганда, кандайдыр бир кырсык менен камалып, Нарындын түрмосүндө жатканын айтышты. Мен аны угуп туруп, Ыдырыс акемдин, баягы мен тамак берип жатканда Арыкбайга айтканын эстеп, кыргыздын «Кудайдан жетсин»-дегени, «Тууганга карасанаган, туура жүрүп жарыбайт»-дегени, туура чыкканын ичимден ойлодум. Мен балдарды Тогуз-Торого алып кеткени жатканымды, туугандарга кеңеш салгым келбеди. Бир аз журкан төшөгүн, мен минип барган атка артып, эки баланы (Алтын менен Жанболотту) мингизип алып, жарым түндө Жерге-Талдан чыгып кеттик.

Балдарды, Асылкан жеңемди алып үйгө келсем аваң, «Ал жерде буларга караар адамы болбогон соң туура кылыптырсың»-деп, кабылдады. Ошонун кийинки жылы, эмне болгонун билбейм, колхоздо иштеп эл ичинде жакшы эле турчубуз. Кийин бизге да тагдырдын татаал кырсыгы келди. Аваңды кулака тартып, бүт оокатыбызды опуздап алып кетишти. Ичээрге аш, жатарга төшөнчүбүз жок, кийген кийимибиз менен эле сени жетелеп олтуруп калдык. Анысы аз келгенсип, сүргүнгө, Жалал-Абаддын Октябрь районунун Кок-Кыя деген жерине айдап барып, «Ушул жердин кедей уюмунун башчысынын уруксатысыз эч жакка барбайсыңар»-деп, табыштап коюшту.

Биз сүргүнгө айдалып кеткенден кийин, Асылкан жеңемди, балдары менен Аймончок жеңем Чет-Булакка алып кетип, Асылкан жеңемди Акмат деген агасына алып бериптир. «Кок-Кыя, Кулдан-Бее»-деген жерде, жаңы уюшулуп жаткан совхозго иштеп, эки жылдан ашыгараак турганыбызда, кулак жоюлду. «Элиңерге кетсеңер болот»-дегенден кийин, кайра элге келип, колхоздо иштеп калдык. «Мен анда-санда келип

балдардан кабар алып турчумун»-деди, апам. Анан көп сүйлөп чарчадыбы, энтиге дем алып, керебетинен башын таянып, ойдо болуп, оңдонуп жатып, «Менин төркүндөрүмүн, атамын, акемдин, менин бул жарыкчылыктан көргөнүбүз ушул болду. Биздин тагдырыбыз ушундай»-деп көзүнөн жаш чубуруп, жаагынан ылдый куйулуп кетти. Медсестра түшкү тамагын көтөртө келип, «Балаң ырас келген тура, сени башкы доктур, «Операцияга даярда. -Күйөсүн чакыртсын»-деп жатат. Баланды жибер, атасын чакырып келсин»-деди. Апам мага, «Атаңа айт, эртең балдарды ала келсин»-деди, мен кетип жатканда.

Эртеси атам мага эшекти мингизип, Жалилди учкаштырып, өзү Расияны өңөрүп, Бийнаны учкаштырып алып, Чет-Булактагы ооруканага келдик. Биз апам жаткан палатага кирип, апама учурашып, анын алдындагы жерге тизилип, апамды тиктеп олтургандыбызда, жаздыгынын астынан төрт чагым кантты алып чыгып, бирден берип, Расияны керебетинин четине өзүнө кынай олтургузуп, башындагы топусун алып чачын ачып көрүп, башын карап, «Биттеген жокпу»-деп, Бийна экөөнү улам-улам алмак салмак опкүлөп атты. Биз ал күнү апабыздын колунан чогуубуз менен даам татып, кичинекей тар палатада бакытка балкып, апабыздын энелик мээримине канып олтурдук. Анда биз апабыз менен болгон бактылуу күнүбүздүн акыркы күнү экенин кайдан билелик (апам авамды атынан айтпай, балдардын атасы дечү). Апам атама карап, «Эртең операция жасайт, кудайга шүгүр балдарды алып келип учураштырдың, буларды кайра үйгө жеткир»-деди. Авам, «Сен эмне, операциядан коркуп атасыңбы? Көп эле киши операция болуп айыгып атпайбы?»-дегенде, апам, «Антсе да балдар бул жерде эмне кылат»-деп койду да, мага карап, «Сен чоңоюп калдың, Бийна менен Расияга көз салып, бөбектөрүнө баш-көз болуп ыйлатпай жүр»-деп, үнү каргылданып көзүнүн жашы жаагы ылдый куйулуп кеткенде, аны алаканы менен сүртүп, баарыбызды көкүрөгүнө кыса-кыса кучактап, опкүлөп жатып, палатасынан чыгарды.

Атам мага атты мингизип, кичи карындашым Расияны өңөртүп (анда ал үч жашта эле), улуу карындашым Бийнага эшекти мингизип, иним Жалилди ага учкаштырып, «Үйгө бара бергиле»-деп жөнөтүп, өзү калып калды. Мен апам менен корушкөн акыркы күнүбүздү сезгенсип, эс тарткан Бийнага көз жашымы көргөзбөгөнгө аракет кылып, жолду катар шолоктоп ыйлап келдим. Эртең менен турсам чоң атам, айылдагы туугандар чогулуп биздин тамдын жанына боз үй тигип жатышыптыр. Мен чоң атамдан, «Боз үйдү эмнеге тиктирип жатасыз»-деп сурасам, түндө Чет-Булактан киши келип, «Аваң апаңды алып барам, үй тигип турсун»-деп айтыптыр. «Чамасы оорулу кишини салкын жерге жатсын дегени го»-деп койду.

Түш оой биздин үйдүн маңдайындагы кашаттан биртоп атчан адамдар түшүп, түз эле биздин үй жакка келе жатышкан. Алар үйгө жакындаганда каргылданган үнү менен катуу үн салып, «Эскайран. Курбалымдан айрылдым»-деген авамдын өкүрүгүн угуп. «Апа»-деп, бир бакырып, чалкаман кетип, эсим ооп калыптыр. Бетиме муздак суу чачып

чоң атам астына алып олтуруптур эсиме келсем, эс тартып калган Бийна менен Жалилди, эки аял соротуп жүргөнүн көрүп, кайра ыйлап, эсим ооп кетти. Дагы муздак суу чачып, көзүмдү ачканымда, чоң атам бир чыны муздак суу ичирип, эс алганымча көпкө алып олтуруп, анан боз үйдүн жанында окурүп жаткан авамдын жанына колума таяк карматып, «Ушул жерде эл келгенде окурүп тур, кечке ыйлай бербей»-деп, коюп койду.

Ошентип, төртөөбүздүн башыбызга каран түн түшүп, апабыздан айрылып жетим калдык. Атам колунан келген ариетин жасап, апамды жашырып, үчүлүк, жетилигин өткөрүп жатканда, мен бобоктөрүмдү эзерчитип, апамын мүрзөсүнө эртең менен да, түштө да, кечинде да барып, үнүмдүн жетишинче «Апа, биз келдик»-деп, бакырып, өксүп ыйласам, эс тарткан экөө мага кошулуп чырылдап ыйлашат. Биздин минтип ыйлап, мүрзого барып жатканыбызды билсе да, чоң атам, авамдар, көрмөксөн болушуп, «Мейли ыйлап көкшүндөрү суусун»-дештиби, айтор эч кимиси «Койгула»-деп, жаныбызга басып келишпеген эле. Жетиликти өткөргөндөн кийин, кечинде биз апамдын мүрзөсүн тегеректеп ыйлап жатканда чоң атам келип, «Мындан кийин мүрзөгө келип ыйлабагыла. Апаңар эми тирилбейт. Өлгөн кишиге балдары ыйлай берсе, көз жашы көл болуп, тигил дүйнөдө ал көлдөн чыга албай кыйналат»-деген, ыйык куранда. Эмне, сен апаңдын тиги дүйнөдө да кыйналганын жакшы көрөсүңбү? Андан көрө, эгер апаң кыйналбай бейишке чыгышын кааласаң, куранды үйрөнүп, апаңын мүрзөсүнө жума күнү келип ыйлабай куран окуп турсаң, апаң бейишке чыгат»-деп, бизди алып кетти. Ошол күндөн баштап чоң атама курандын сүрөөсүн айттырып, жазып алып, жаттап, апамын мүрзөсүнө ыйлабай келип куран окуп жүрдүм. Апамдын кыркылыгын бергенден кийин авам, «Чоң энең төртоонду карай албайт»-деп, Расияны чоң атамдын кийинки байбичеси Төкө энеме бакканга берип койду. Мен, карындашымдын бизден алыстап, болок үйгө кеткенине кайгырып, комкөрөмдөн түшүп ыйлап, турбай жатсам, чоң атам келип, мени жаткан жеримден тургузуп, «Эмне ыйлайсың? Расияны Төкө энең. Нарбү чоң энеңден көм бакпайт. Ал үйдө мен турбаймынбы»-деп, мени сооротту. Азыр ойлосом ошол күнү менин балалык кезим отүп, катаал турмушту карай бет алыптырмын.

Мен чоң атамды жакшы корчү элем. Мен ага ишенип, карындашымдын эртеңкисине ишенгенсип калдым. Күндө болбосо да, күн алыс бир топ убакытка чейин аны барып корүп жүрдүм. Нарбү чоң энем менин авамдын (атабызды биз ава дечүү элек) өз энеси. Небереси катары бизди жакшы карап, тамак аштан кемитпегени менен, апабыздын мээриминдей сезилбей, бирдемебиз кемип, жоголуп жаткандай сезилип, апабыздын орду жок болгонуна жараша ушу чоң энебиздин болгону жакшы болбодубу. Бул да жок болсо кантет элек?»-деген элем, балалык оюмда. Чоң энемдин ошончолук энелик мээримине алымсынбай, Бийна менен Жалил куса болуп, «Апа»-деп, ыйлаганда, аларды алдап-соолап сооротуп, өзүм аларга көрүнбөй зээним кейип, апамдын бейитине барып куран окуп, булкулдап ичимден ыйлап бугумду чыгарам да, «Оо Кудай. Балдардын тагдырына энесинен айрылууну жазбасаң экен»-деп,

Кудайга муназат кылам. Кудайдан, «Биздин тагдырыбызга, апамдын атасына, агасына, апамдын өзүнө жазылган тагдырды бербесең экен»-деп, бассам-турсам тилей берем да, «Эч болбосо мен элге аралашып, авама тээк болуп, бобокторүм бой тарткыча чоң энеме тие корбосоң экен»-деп, тилейм.

«Жаштын тилегин берет»-деген чынбы, айтор мен үйлөнүп, карындашым Бийна турмушка чыккыча, чоң энем жашап, сексен сегиз жашында, баласынын, абышкасынын алдында жакшы мезгилде дүйнө салды. "Адам олбосо алтын аяктан суу ичет"-деп айтылган айкол сөз келип, олбой төрт жетим өсүп жетилип, ар кимибиз өзүбүзчө турмуш куруп, алардын улуусу мен болгондуктан, апам айткан, "Бобокторүнө көз сал"-деген суранычын эсимден чыгарбай, аларга апа да, ата да болуп, колумдан келген жакшылыгымды жасадым.

Мезгил учкан куштай сызып, арадан кылымга жакын жыл өтүп, алардын ар кимисинен жети-сегизден уул кыз калып, өзүнчө тирикчилип жасап, аларда пендечилигин кылып кетишип, кылымды таяп жашап мен туруп жатам. Мен жараткандын мага жазган тагдырына нааразы эмесмин. Акыркы өтүнүчүм, «Элге тынчтык берип, мен жашымда коргөндөрдү(аны кийин баяндайм) кийики муундарга көрсөтпөй, жалпы журтка, анын ичинде менин уул-кызымдын урпактарына, тынчтык, денсоолук, токчулук бакыбат жашоо берсең экен»-деп, жараткандан тилеймин. «Деги эле бул жарыкчылыкта жашагандардын баарынын тагдырына жамандык жазбаса экен жараткан кудайым»-дейм, оюмда.

Замандын өгөйлөгөнү

Апам, тайатам Мамыш, тайакем Ыдырыс жөнүндө, «Ыдырыс акем камалгандан кийин ага-тууган, жек-жаттар, «Басмачынын үй-бүлөсү»-деген жарлыктан коркушуп катташпай калганын көрүп, Алтын менен Бокенди атка мингизип, Асылкан жеңемди ээрчитип, түндөп чыгып Тогуз-Тороого алып келе бердим. Ал кезде балдардын энеси Аймончок жеңем Ыдырыс акем камалганда эле төркүнүнө качып келе берип, Сейдаалы деген кишиге күйөгө тийип кеткен экен. Балдар биз менен эки жылга жакын туруп калышкан. Тагдыр бир басмырласа, ойдо которулбойт, ныгыра басып ызалай берет эмеспи»-деп, төмөндөгүдөй айтып берген эле.

«1931-жылы чоң атаңды да кулакка тартып, үй-мүлкүн опуздап (опись жасап алып), беш жылга түрмөгө кесип, Оштун түрмосуно камап ал жерден Куршаптагы колонияга «поселениеге» чыгарды. Ошондо чоң атаңа азык жеткирип, аваң эки жолу барып келген болчу. «Кулактын баласы»-деп кыйкымдап, аваңды да мугалимдиктен бошотуп коюшкан. Колхоздо эл катары эле иштеп жатканбыз. Элден өзгөчолонгон малыбыз деле жок болчу. Талды-Булактагы чоң аталары жасаган ноотуну оңдоп жарым гектар жерге таароо, бир гектар жерге арпа, бир гектар жерге буудай айдаганбыз. Аларды ноотунун суусу менен сугарып бакканбыз.

дыктан ошол жылы эгин жакшы болуп, жакшы түшүм алганбыз»-деген эле апам.

Кийин апам каза болгондон кийин жетилик, кыркылыгын өткөрүп, куран окуткан соң Асылкан тайэнем Жанболот (Бокен) менен Алтынды кайра Чет-Булакка алып кетерде үчөөбүз кучакташып өксүп ыйлаганыбыз эсимде. Бирок, турмуштун кыйынчылыгына тумчугуп, согуштун алаамат күндөрүндөгү ачарчылыкка кабылып, жашоо үчүн жан талашып, колхоздун айдоосунда жүрүп учурашпай кеткенбиз. Мен, **1949**-жылы Жалал-Абаддагы зооветтехникумга кирип, ачын биринчи курсун **1950** - жылы бүтүргөн элем. Каникул мезгилинде, Бокен онунчу классты бүтүрүп, азыркы Өзгөн районунун Ийри-Суу совхозунда жумушчу болуп иштеп жүргөнүн угуп, издеп барып учураштым. Алтын да күйөөсү менен ошол совхозду жумушчу болуп иштейт экен. Бир эркек баласы бар экен.

Жанболотту, «Сен дагы окуп билим ал»-деп, техникумдун экинчи курсуна өзүм окуган ветеринардык бөлүмүнө окууга киргизип, өзүмө кс туп алдым. Студенттик турмуш. Ал он тогуз сом, мен отуз сегиз сом стипендия алам. Нан тартыш, карточка системасы жоюла элек болчу. Күнүнө **400** грамм нан алабыз. Экөөбүзгө алган **57** сом стипендия нан, чайыбызга жетишет. Ага кошумча колхоздорго пахта тергенге баргандагы тапкан ачкабызды да үнөмдөйбүз. Үчүнчү курсту бүткөндө Бокен каникулга чыгып, аял алып, ошол бойдон окуусун таштап, окууга келбей койду. Кийин колхоздо эсепчи болуп иштеп жүргөнүн угуп, бирок жолуктура албадым.

Кийин, ал **1963**- жылы күзүндө Тогуз-Тороого келип мага учурашып, үч-төрт күн конок болду. Кетээринде, «Колхоздун башкармасы Карасартов Эсенгул менен нааразылашып калдым. Эки бээ, бир тайымды жазга чейин бактырып бер. Жазында Анжан жактан келген-дерге сатып берерсиң»-дегенинен, «Макул, Ор-Казганда кароолчу Курманбекке дайындап коёюн. -Ошого жеткирип бер»-дедим. Бир күнү Курманбек телефон чалып, «Бягы тайакең эки бээ, бир тайын алып келди»-деди. Мен ага, «Жайытка коюп көз салып жүр, сүйлөшкөн боюнча акыңды төлөп берем»-дедим.

Ошол бойдон Бокен мени менен кабарлашпай, жазга маал Курманбек дагы, «Асаке баягы тайакеңдин тайы түндө короодогу тырмоого чалынып, ичи жарылып калды. Мал боло турган эмес. Ленин колхозуна чалып сүйлөшүп, этин сатып ий»-деп, телефон чалды. «Эттүү элеби»-десем, ал «Эти семиз эле»-деди. Эки күндөн кийин телефон чалып, «Төрт бөлүп, дөбөсүн жүз элүү сомдон тараттым. -Бардыгы алты жүз сом болду»-деди. Жаз болуп, «Бир бээси туун, бирөө кысыр экен, бышты бээ туубай эле жүрөт»-деп, Курманбек чалганынан, «Көз болуп тур. -Бокен кабарлашар. -Жээ сен Коңорчокко чалып көрбөйсүңбү?»-дедим. Бир жумадан кийин дагы чалып, «Асек тайакеңдин бээлери качып токтобой жатат. -Эки сапар Кош-Дөбөдөн кармап алып келдим. -Чоң бээсин түшап багып жатам»-деди. Июнь айы болуп калган. Бокенден болсо кабар жок. Мен Курманбекке, «Анжандыктар келип атабы? Келсе баасына чыгарып сатып ий»-деп сурандым.

Бир топ күндөн кийин, «Экөөнү **2700** сомго саттым» - деп акчасын алып келип берди (ошол кездеги жакшы эле баа болчу). Бокен кеч күздөө, ноябрь майрамынын алдында аялын, кайын энесин алып биздин үйгө келип калды. Коноктоп, **2700** сом акчаны берип, кайненесине, аялына койнок кече кийгизип, «Тайың тырмоого жарылып калганда **600** сомго баалап сатыптыр. -Анын эки жүз сомун Курманбекке эмгек акы катары толоп берип, **400** сомду жолдон ала кет»-деп узатып ийдим. Жолдон кайрылса Курманбек жок болуп калып, тайынын акчасын албай кетиптир. Кийинки жылы февраль айында үйгө келип калды. «Баягыда Курманбекке жолукпай, тайдын акчасын албай кеттим эле. -Ошону ала кетейин. -Бул жакка тайакем Акматка бата кылганы келдим эле. — Апсамат тайакемдикине»-деди. Ал бир топ кызуу экен. «Качан кетесиң»-десем, ал, «Бир-эки күндө»-деди. Мен, «Курманбекке чалып акчаны берип жибер дейин, кетээриңде кел»-дедим. Ошол кезде мен колхоздо башкы зоотехник кызматында иштеп аткам. Кийин мен аны колхоздун иши менен алек болуп жүрүп эсимден чыгарып ийиптирмин. Жанында бир жолдошу бар экен, кечке маал болуп калганынан конуп калышты. Эртең менен эртө зарыл иштер чыгып, алар уктап жатканда эле туруп жумушка кетип калдым. Курманбекке чалсам, «Күздө берем, азыр акча болбой атат»-дегенинен, анда «Озүм берип кетирейин»-деп калгам. Эки күн үйгө келбей, Атай, Аралда мал санакта жүрүп, үйгө кеч күүгүмдө келсем, Бокен үйдө олтуруптур. Кыйла кызуу болуп калыптыр. Кирип салам айтсам, алик албай эле сөгүнүп, «Сен менин тайымды союп жеп, бээлеримди сатып жеп, анан мени жолдоштурумдан калтырдың. -Кечээ эле кетмекмин, тайдын акчасын бер. -Келсем катының «Ит келдиңби, куш келдиңби»-дебейт. «Арак алып бер»-десем бербейт. «Сенин казан аягыңды чагып, башыңды кесип кетем»-деп мени жаман сөздөр менен тилдей баштады.

Мен келгенде эле мага аялым ыйлап, «Эки сааттан бери «Арак бербейсиң»-деп, жаман созду айтып тилдеп атат. -Үйдө арак да жок эле. -Баланы таштап дүкөнгө бара албадым»- деди. Ачуум менен телефонду алып милицияга чалып, «Бир милиция кызматчысы келсин. -Менин үйүмдө бир мас адам тынчтык бербей атат»-дедим. Он-он беш минутада милиция кызматкери жетип келип, аны алып кетти. Эртеси таң азандан милиция бөлүмүнө барсам, Жанболот дежуркада олтуруптур. Салам айтсам ал ылдый карап унчукпады. Башчысына телефон чалып, чыгарып алып үйгө ээрчитип келип, бир бөтөлкө аракты алдына коюп, бир стаканын куюп сундум. Ал ичип ийип, анан тамака эңкейди. Кечеки жоругун билбей калганбы, айтор, мен кайра дагы бир стакан куюп берип, чай ичип, тамакка тойгондон кийин, **600** сомду санап колуна карматып, «Акча менен арактан атаң өлгөн жок эле. -Акча, арак үчүн жээн келиниңди сөгүп, балдарды ызылдатпай чыдап тура турсаң болмок. -Бул атаңдын каны болсун. -Чөнтөгүңө салып ал»-деп, бир бөтөлкө аракты колуна карматып, «Экинчи менин үйүмө келбегениң оң, мен да сага барбайм. -Бет карашканбыз ушул болсун»-деп үйдөн чыгарып, узатып ийдим.

Ошондон бери жүз көрүшө элекпиз. Анын биринчи алган аялынан бир баласы Тогуз-Тородо, тай атасынын колунда калган экен. Ал баласынын тайатасы Киров колхозунда турчу. Мен ошол колхоздо башкармалыктын төрагасы болуп турганда, «Тайакенди багып жатабыз»-деп, тайэнеси жетелеп келгенде, таанышып, эгин тартыш кезинде буудай берип жүрдүм. Ишке жараган эркек балдары жок, кыздары бар кары кишилер эле.

Бокендин кийинки аялынан бир уулу 1988 -жылы, «Тогуз-Торо районунун аскер комиссариатында иштеп атам»-деп, мени издеп барып таанышты. Жакшы бала экен. «Аке, атама таарынбай катташып алгыла. Сизден бөлөк жакыны жок»-дегенинен, «Атаң аракты ашык ичпей калдыбы»-десем, ал, «Жок болбой эле ичип жүрот»-дегенинен, атаң менден төрт жаш кичүү. «Арак атаңдын каны. -Арагыңды иче бер Бетиңе карабайм деп койгом»-деп айткан элем. Жараткан биздин тагдырды карышкырдай кылып кабыштырып, «Кырт»-деген жерден кайра кайрылып баспай турган кылып жасаганбы, айтор, менин тайакемдин тагдыры мына ушундай болду. Ал эми Алтын тайэжемди, анын баласын такыр коргонум жок. Алар да мага каттабады.

Мен, «Бул жаман мүнөзүм менен сенин бир тууган акеңден калган жалгыз туякка туугандаша албаганымды арбагың сезип, кимибизден ката кеткенин билсең, менден кетсе кечирээрсиң, апа. -Сен тууганга күйүмдүү, боорукер айкөл элең. -Биз болсо андай боло албадык. -Жанболоттун да ондон ашык уул-кызы, менин да ондон ашык уул-кызым бар. -Менин инимдин, карындаштарымдын балдары, кыздары да бири-бири билбей, Бокен экөөбүздүн ит кыялыбыздан тууган болуп катташпай калышты.- Апамдын арбагы кечирсе болду»-дейм, көп ойлонуп. Ал дэле 84 ашты, мен дагы карып 89 чыктым. Эми тиги дүйнөдө кездешип калсак кечирешээрбиз.

Бабадыйкандын талаасында
(Новелла)

Балалык жылдарым согуштун жылдарына туш келип, жетинчи классты бүткондон кийин, өзүм курдуу балдар-кыздар болуп колхоздун өндүрүшүндө иштеп калдык. Март айынын аяк ченинде колхоздун башкармасы Орунбай ата баарыбызды чогултуп, «Силердин ата-агаларыңар Ата-Мекенди коргоо үчүн согушка кетишти. Айылда бирин-серин абышка, аялдар, анан аскерге барганга жашы жете элек силер калдыңар. -Согуштагы солдаттарга, чөп орукта калган өзүбүзгө да тамак аш керек. -Жаз келе жатат, нымды кетирбей жерди айдап, эгин себишибиз зарыл. -Эртеңден баштап Чайыр-Талаага кош чыгарабыз. - Бригадир сокого салчу аттарды алып келип сокочуларга таратып берди. -Эркек балдар бригадирдин бөлүштүргөнү боюнча сокочуларга жетекчи болуп иштегиле. -Аны бригадир өзү айтат. -Кыздар арык тазалоого чыгышат»-дегенден кийин, бригадир Зыйна тизмесин колуна алып, «Нуркасым-Зыйнаттын, Кадыр-Сурмагүлдүн, Абилмажин-Бегимбүнүн, Адыл-Шааргүлдүн, Асек-Расиянын сокосунун атын жетелейт. Сокочулар аттарын, соко шайманын алып устаканада силерди күтүп турушат азыр мени менен барып, алар менен таанышып, эртең ишке кеткидей болгула»-дегенде, башкарма Орунбай ата бизге карап, «Балдарым, элдин ишенгени силерсиңер. Элиңерди жер каратып, өзүңөр уятка калбай жакшылап иштегиле. Кудайым өмүрүңөргө береке берип, дениңерди соо кылсын»-деди, бата бергенсип.

Биз бригадирди ээрчип устаканага келгенде, сокочу аялдар соко шайманын аттарына чегип көрүп, ал эми Расия жеңе эки атты жетелеп, устаканын сыртында сокосун сүйрөтүп ары бери басып, соко-шайманды көрүп жатыптыр. Бизди аларга бригадир Зыйна бирден айтып тааныштырып чыккандан кийин, Расия жеңем экөөбүз сокону үйүнүн эшигине алып келип, аттардын каамытын чыгарып, бастырмага илип, эки атты байлагандан кийин, «Асек аттарды өзүм карайм, сен үйүңө барып, эртең кеткенге камын. Талаага жатып иштейбиз»-деди. Эртеси эртең менен эрте Расия жеңе өзү келип, мени ойготуп, төшөгүмдү колтуктатып, үйдөн ээрчитип кетти. Расия жеңе отуздарды таяп калган, орто бойлуу, чымыр денелүү, кара торусунан келген, сурмалуу көй көздүү, сулуу аял эле. Бир айылда, нары үйүбүз жакын болгондуктан, Калберди аке армияга кете электе эле жакшы билчүмүн. Калберди акем менен канча жыл өмүр сүргөнүн билбейм, колунда баласы жок эле. Калберди аке аскерге кеткенден бери бир үйдө жалгыз жашачу. Айылдын узун тилдүү аялдары, «Төрөгөн балдары токтобой, баласыз болуп калды»-десе, кээси, «Бир баласы бар имиш. Ырымдап тиги Кетмен-Тободогу төркүн-дөрүнө бактырган имиш»-десе, кээси, «Жок кокуй, ал бала мурдагы күйөөсүнөн имиш, Расияны Калберди мурдагы күйөөсүнөн бузуп ала качып алып келиптир»-дешип, көзү жокто ушакташса, Расия жеңе тилдүү, сөздү бетке айткан аял болгонунан, жазганышып көзүнчө эч сөз айта алышчу эмес. Калберди аке согушка кеткенине бир жылдан ашып калса да, үйдөгү аялдын, сырттагы эркектин ишин өзү жасап, элден кем калбай

оокат кылып келе жатат. Колхоздун ишенген белдүү бүлосүнүн бири ушу Расия жеңем эле.

Биринчи кош айдоо Чайыр-Талаанын Чоң-Дөбөсүнөн башталды. Түштө аттарга чөп салдырып, тамак ичип бир саатча эс алып, суусаган аттарды Кайдаманын суусуна алып барып, сугарып келгенден кийин, ишке киришип, Расия жеңем мени тындырбай, «Асек катураак айда аттарды»-деп, биртке да жай койбой, күүгүмгө чейин аттарды кубалатып жатып, бир гектар он сотык, кээде андан ашык айдап, нормасын эки эседен аткарат. Кечке ошентип аттарды кубалап айдап жүрүп, кечинде тырп этерге алым калбай сулк жыгылам. Расия жеңенин жакшы жагы: түнкүсүн, аттарды кара дебей, атчы Борбу атагада ишенбей, өзү чөп салып, өзү карайт. Бир күнү түшкү эс алууда, башкарма келип жыйналыш жасап, сокочулар менен сүйлөшүп, иштин абалын сураганда, «Бригадир Зыйна норманы эки эсе аткарып, күнүгө бир гектардан ашык жер айдап атат»-деп, Расия жеңемди мактаганда, башка сокочулар чычалап, «Расия аттарды катуу айдатып, «жапма сал» кылып, жерди ала айдап атат. Ошону көрбөй, бригадир, «Норманы ашыра айдады»-деп Расиянын «жапма салма» жасаганын жашырып мактап жатат»-деп, чыгышты. Расия жеңе өз кезегинде чыгып сүйлөп, жер ала эмесин айтып комиссия менен кароону сурады. Башкарма, аграном, бригадир, тиги чычалаган сокочулардан бүроону кошуп, «Чогулуштан кийин карагыла»-деп комиссия түзүп, тигилердин суроосун чечти. Биз аттарды сугарганга кеткенде, тиги түзүлгөн комиссиялар жерди өлчөп, тереңдигин, ала эмес экенин аныкташып, сокону терең чогөруп, атты катуу айдаганда, борозду алыс сөрпип, жерди арбытарын далилдешип, Расия жеңенин иши туура болуп чыкты. Ошондон кийин Расия «жапмасал» ыкмага салып айдап атат дешпей, жаактары жап болуп, өздөрү да, «Расиянын методуна салалы»-дешип, аттарды катуу айдатып, жетекчи балдарды шаштыр-ышып, ыкшоолонгон баланы соп камчы менен жазгагандай да болуп атты.

Ошентип атып жерди арбытып, Чайыр-Талаадагы жер айдону он бир күндө бүтүп, Кара-Талаага кеттик. Ал жерге баргандан кийин аттарга берген кургак чөп түгөнүп, аттар көк чөп оттоп, жем жебегендиктен, этинен түшүп арыктап, биртке айдаганда эле шалактап тердеп, сокону тартпай, улам эс алдырып жатып, 30-40 сотик жерди араң айдап калдык. Айрым сокочулар 20-25 сотик кана айдашат. Баспаган аттар менен алышып жүрүп, өтө чарчаганымдан, түнкүсүн башым тийер замат эле уйкуга кетем. Тигилген боз үйгө сокочу аялдар, жармачы, малачы аялдар жатып, биз жетекчи балдар тукумчу абышкалар менен боз үйдүн сыртына ачык асманда кыркаар тизилип жатабыз.

Эмнегедир бүгүн жарым түндө эле ойгонүп кетип, уйкум келбей асманды тиктеп ойлуу жатам. Түн капкара болуп, көзгө сайса көрүнгүстөй айлана түнөрөт. Асман ачык, көк асмандагы жайнаган шам чырактарды тиктеп, анын арасынан алтынказык жылдызын, үч аркар жылдызын издейм. Тиги узунунан созулуп, асманды тең жара болуп ак

шоола чачып, жыбырап жаткан калың жылдызды саманчынын жолу дейт.

«Илгери-илгери бир заманда ошол кең асмандагы мейкиндике, Баба дыйкан эгин айдап, аштыгы бышканда оруп-жыйып, бастырып, кызылын кыр кылып үйүп алып, саманын жыйыш үчүн, сайыл ташыганга бешилиги жок болгондуктан, бооруна кучактап алып, түше берип, жолдой болгон ушу ак шоолага айланып, саманчынын жолу аталыптыр»-деген, чоң атаман уккан жомокту ойлоп жатып уйкуга кеттим.

Түшүмдө саманчынын жолу, мелтирген кең мейкиндиктеги "Баба-Дыйкандын талаасы" жана андагы кере карыш баш алып турган буудай. Айдоонун баш жагында, «Эгин бышты, оруурга киришели» - деп, колуна орок кармап, оңчой орокчулардын алдында Расия жеңе баш болгон сокочу аялдар, алардын артында биз, жетекчи балдар турдук. Анан эгинди оруп, бастырып кызылын кыр кылып үйүп, саманын кучактап алып чайыр талаанын чоң добосуно жыйганы баратабыз. Биринчи болуп мен жетип, Чоң-Дободогу секиден артыбызды карайм. Саман Кара-Талаадан, Чайыр-Талаанын Чоң-Добосуно чейинки аралыка чачылып, ак шоола болуп агарып жатат. Мен кубанып, «Кадимки эле саманчынын жолундай болду»-деп кыйкырам. Ошол маалда менин төшөгүмдүн баш жагына келип, «Асек эмне кыйкырдың? -Түш көрүп жатасыңбы? -Тур, тура кой. -Аттарды алып келип ишке киришели. -Таңатканы качан?»-деп, Расия жеңе туруптур. Көзүмдү ушалап тура калып, аттарга кеттим.

Ал күнү аттарды сокого чегип айдап жатканда деле, түндөгү түшүмдө көргөнүм оюман кетпей. Расия жеңе баш болгон тиги сокочу аялдар Бабадыйкан болуп, мына бул айдап жаткан жер булардын талаасы, ага себилген эгин бышып, бастырып кызылын алышып, саманын боорлоруна кучактап бараткан болуп, көзүмө элестеп жатты. Оюмда, «Бардык жердеги мейкин талаа дыйкандыкы. Ага эгин эгип, элин багат. Бүткүл дүйнөдөгү элге нан жедирген-дыйкан. Мен чоңоюп элге тынчтык орноп, согуш бүтүп, андан кийин жер жүзүндө такыр согуш болбойт. Дүйнө эли ушул согуштан таалим алып калышат. Согушту болтурбай турган акылга жетишет. Ошондо мен дыйкан болуп ушу талаанын баарына аштык эгем»-дейм. Расия жеңе да менин таттуу оюму бузбайынчы дегенсип, мурдагысындай шаштырып, «Асек, айда ылдам»-дебей, соконун туткасын оң-сол колуна улам алмаштырып кармап, ничке уккулуктуу үнү менен кыңылдап ырдачу адат таап алды. Мен анын ырынын ыргагына кулак төшөп, аттарды жай илките жетелеп тыңшай берем. Анын ырын ырдаган сайын тыңшап жүрүп бир эле ырды кайра-кайра кайталап ырдаганын баамдап калдым. Бүгүн да ошол ырын мынтип ырдап кирди.

«Сагыныч каптап жүрөктү,
Сары оору кылып жүдөттү
Караймын тынбай кайталап
Качанкы түшкөн сүрөттү.

Сүрөтүң үнсүз сүйлөбөй,
Сүз карайт чоочун эмедей.
Жүрөгүм сыздап ачышып,
Жүрөмүн алсыз пендедей.

Күтүүдөн күйдүм ченебей,
Күттүрбөй келсең эмин эй.
Сага арнап кылган ишими,
Алгым жок тыным кенедей»-деп,
аяктаган ыры улам кайталанып ырдала бергендиктен, мага да жат болуп, биротола сиңип калгансыды. Ал күнү да баспаган аттарды кечке илеелетип айдап, кызыл күүгүмдө отоого кеттик.

Түндүн бир маалында күн бүркөлүп, жаан башталып, күн күркүрөп, жарк-журк этип, кайдадыр бизден алыс бир жерге чагылган түшүп жатып, таң менен күчөп, ак жаанга айланып ишке чыккан жоклуз. Сокочу, малачы, тукумчулардын кээси чапанын башына чүмкөнүп уктап, кээси жыртылган чокоюн, көйнөк кечесин жамап-жазган аркимиси өз түйшүгү менен алек болуп, боз үйдүн коломтосун тегеректеп олтурушат. Түш оой эртең мененки түнөргөн кара булут тарап, асман ала булуттанып, анда санда дыбыратып өткүн жааганы болбосо, айлана кутка даарып айдоодон чыккан буу тумандануп, асманга көтөрүлүп, жазгы жел менен аңкыган айдоо жыты айлананы каптап кеңилжерди кытыгылайт. Жаан басыла калганда ала булуттун арасынан жарк деп күн көрүнүп, күмүш нурун жерге чачыратат. Ошол бейкуттуктан пайдаланып, айдоодон курт-кумурска, себилген эгиндин, маладан көмүлбөй калган данын терип жеп, топ-топ болуп, карга, таан, көгүчкөндөр учуп конуп жүрүшөт. Ошо канаттуулардай болуп, жаан басылар замат жолго чыгып, биз соконун атын жетелеген балдар качма топ ойноп, жыңайлак таар, куур шымдарыбызды жоон санга чейин түрүп алып чуркап жүрдүк. Качмай топ ойноо, бизге өзүнчө бир ырахат берген кызык оюн эле. Жеңилген тарапты көпкө музоолотуп, топ тостуруп, өзүндү топ менен урдурбай качуу-өзүнчө спорттук оюн. Өткүн жаап ийгенде үйгө келсек тукум сепкен аталар баштарын чайкашып, «Ай балалык, эч болбосо жаанда эс алсаңар боло»-дешет. Чамасы өздөрүнүн качанкы калган балалыктарын элестеткендери го.

Жаан эки күн катары менен жаагандыктан иш болбой, үчүнчү күнү түш ой жер тоорсуп ишке чыктык. Чымырап жазгы күн катуу ысып, жерден буу көтөрүлүп, айдоо жыты абада аңкып, айланага укмуштуу жашоо ырахатын тартуулап жатты.

Ошентип жүрүп, Кара-Талаага келгенибизге он сегиз күн болгондо сокону жыгып, кыштакка келдик. Бригадир Зыйнанын айтуусундай кылып, аттарды атчыга, соко шайманды устаканага өткөрүп берип, ээрчишип үйгө кеттик. Биздин үй Расия жеңенин үйүнө жакын болгондуктан киришип чыгышып турабыз. Чоң энеме көп каралашкандыктанбы, айтор Расия жеңени эртели-кеч ысык-жылык чайына чакырып чоң энем жакшы көрөт. Кийинки күндөрү, өзгөчө кош айдоодон келгенден бери Расия жеңе мени баласындай көрүп, мен дагы аны көрүнбөй калса күзөп издечү болдум. Кээде аны күзөп, «Кош айдап жүргөндөгү ырдаган ырын өз обону менен ырдаса»-деп, эңсеп калчумун. Менин өмүрүмдөгү алгачкы жакшы көрүп эңсеген кишим ушу Расия жеңем болду.

Тагдыр адамдарды эбепке-себеп кылып, кошуп бирин-бирине жакындатып ыкташтырат тура. Биз Расия жеңе экөөбүз ошентип кош айдоодон кийин бири бирибизди эне-баладай болуп сүйүшүп издешип калдык. «Ылайым Кудайым элдин баарына ынтымак берип, бири-бирин издеттире берсе экен»-дейм, азыр да оюмда.

Эски жол менен жаңы турмушка

«Адамзат өзүнүн кемчиликтеринин негизинде
дүйнөнү жаңыртып жакшыртууга умтулат»
К.Маркс.

Бир канча серпантинге бөлүп, согуш убагындагы биз чапкан эски жолдун нугун кыскартып, Макмал алтын кени үчүн, эки эле серпантин менен бөлгө чыккан асфальт жолдо, каршы-терши, бири келип-бири кетип жаткан, руда тарткан зор самосвалдарга көзүм түшүп, замандын учкулдугуна ой жүгүртүп, «Эх тагдыр». Кандай татаал, табышмактуусуң? - Бир кезде ач-жылаңач, жөө келип чапкан жолдо, «Өлбөгөн жан алтын аяктан суу ичет»-деп, ата-бабаларыбыз айтып кеткендей, өлбөй ушу жашка келип, «Ауди» маркасындагы жеңил автомашинанын салонунда чайпалып, бактыга магдырап, борборго бара жатам. Жол дагы, өз мезгилинин талабына жараша өзгөргөн. «Ал кезде ким элек? -Азыр кимбиз?»-деген узун ойлор чубашып, ошол кез көз алдыман өтө баштады.

Жалаң мен курдуу, жетинчи классты бүтүп, колхоздун өндүрүшүнө иштеп жаткан балдар-кыздарды чогултуп, согуштагы абалды айтып келип, «Силердин аталарыңар, агаларыңар, согушка кетип, колхоздо аялдар, абышка, кемпирлер, армияга барганга жашыңар жете элек силер калдыңар. Азыркы күндө колхоздун ишенген бүлөөсү да силерсиңер»-деди да, башкарма, «Кечеги күнү райондук партия комитетинде бюро болуп, районубуз борбордон жети жүз километр алыста болуп, жол жоктугунан, замандын талабына жооп бергидей техника келбей, жерибиз трактор менен айдалбай, эгинибиз комбайн менен чабылбай, оор-тирилик жүгүбүз автомобиль менен тартылбай, экономикабыз өспөй, кол күчүнөн кутула албай, кыйналып жатканыбызды айтып, борбор менен байланыштыра турган жол салуубуз зарыл экенине токтолуп, райкомдун биринчи катчысы, район боюнча 250 киши жол чабууга барат»-деп, биздин колхозгз 15 киши баруусун тапшырды. «Жол, Ой-Кайың, Ак-Мойнок дабандары аркалуу Ак-Талаа районун басып өтүш керек. Биздин район Ой-Кайың, Ак-Мойнокко жол салып, ар жагын Ак-Талаа району улантат. Штабды райондук аткаруу комитетинин төрагасы жетектеп, ар бир айылдык кеңештин башчылары штабка мүчө болуп, өз айылдык кеңешинен, колхоздордон барган жолчуларга жетекчилик кылат. Атай айылдык кеңешинен барган жолчуга, айылдык кеңештин башчысы Макеев Мааданбек башчылык кылат. Биздин колхоздон төмөндөгүлөр барсын деп чечтик»-деди. Башкарма жалаң менин классташтарымдын атын атап тизмесин окуп, жармачы болуп Расия, Сурмакүл, Калыйман, ал эми отун ташып бергенге Мааткерим бараарын билдим.

Эртеси өгүз жана үч атка, азык-оокат төшөнчүлөрүбүздү жүктөп алып, жөө-жалаңдап Ой-Кайың дабанына келип, тал кесип, эки алачык жасап, жайланышып алып, жол казууга кириштик. Атай айылдык кеңешине эки ойурма жол чабуу тийди. Ага чөп чабуу башталганга

чейинки бир ай убакытта бүтүш керек. Чек таштап, үч колхоздон келген кишинин башына карай узуну бир, туурасын 10 метрден жер өлчөп бөлүнүп берилди. Кээбир бөлүктөрү боор жерден болуп бийиктиги бир метрден ашат. Иш шаймандарыбыз күрөк, кетмен, лом, чукулук.

Ошентип келгенибизге он күн болсо да; бизге тийген жерибиздин үчтон бири да бүтө элек. Бүгүн түштө штабдын райондук комиссиясынын мүчөсү Момушов чогулуш жасап, «Кызыл-Октябрь колхозунан келгендердин бирөө качып кетиптир. Кара-Булак колхозунан келгендердин экөө ооруп ишке чыккан жок. Мындай темп менен иштесеңер берилген жерди бир айда бүтпөйсүңөр»-деп, биздин штабка сын айтып, «Ишти ылдамдатуу керек»-деп, токтолгондо, тиги эки колхоздун кишилери, «Бизге айылдык кеңеш таштак жана катуу жер алыптыр. Иш ошол үчүн арбыбай жатат. Башка кеңештердин жерлери жакшы экен»-дегенде, Мааданбек аке, «Жерди мен бөлгөн жокмун. Райондук штабдын мүчөлөрү чек ташташып, анан, бөлүп берген чегиңе түшсө чекчей деген»-деди, элдик макалды айтып. Мен аны өзгөртүүгө акым жок. Андан көрө жакшылап иштегиле»-деди.

Эртеси түштө биздин отоого штабдын райондук мүчөсү Момушов келип чай ичип олтуруп, Мааданбек акемди тамашалап, минтип ырдап кирди.

«Селсоветтин мингени,
Сериси бийик сокур ат.
Эки оюрма жолу бар,
Бүтүрө албай олтурат.
Жаманыраак жол болсо,
Бастыргандан чочунат»-деп, ырдап, анан, «Кызыл-Октябрь колхозунан түндө дагы бир кишиси качып кетиптир. Аларга бөлүнгөн жол бүтө турган эместей. Барып башкармасы менен сүйлөшүп толуктоо алып келбейсиңби?»-деди.

Мааданбек акем, «Өмүко, тиги эки колхоздун авалын сен деле билесиң. Киши күчү жетпей, жазда эгини да толук айдалбай калды. Бул жерге келген кишилеринин ооруп, качып жатканы, жармадан башка тамагы жоктон. Тамактан кыйналгандан да болуп жатат. Мен барганда деле ал эки колхоз толуктоого киши бере алышпайт. Андан көрө сен райондук штабка маселе коюп, Атай айылдык кеңешине оор жер бөлүгү түшүп, иши арбыбай жатат»-деп, мекемелерден киши сурап беришин өтүндү. Ага Өмүрзак, «Маке, мен эки күн мурун, райондук штабка барып, адам күчү жетпей жатканын сенин атыңан айтсам, болгон мүмкүнчүлүктөрдү карап жатышып пожарныйдан сенин карамагыңа үч киши жибермек болушту. Келсе кайсы колхозуңа кошосуң өзүң кара»-деди. Мааданбек акем мага, «Асек атты алып келип токуп берчи. Мен тиги жер бөлүктөрдөгүлөрдү көрүп келейин»-дегенинен, алып келип токуп, Мааданбек акемди мингизип жатып тиктесем, Чоң-Чабдар аттын сол жак көзү оңурайып, соолуп калган сокур экен. Коп эле жолу отко коюп, токуп берип жүрүп, ошону байкабаптырмын. Мааданбек акемди атказып коюп, помду ийниме салып жолго чыгып кеттим.

Бир күндөн кийин, түштө биз чайга келгенде, Калыйман менин көзүмө күндөгү мен көргөндөй эмес, агы ак, кызылы кызыл болуп, нурлуу жүзү жайнап, бакырайган сурмалуу кой көзү карагаттай мелтүроп, жадырап жайнап, шыңга боюна эски болсо да таза жуулган кызыл гүлдүү сатин көйнөгү, кара сатин чыптамасы кыналып, эки эмчеги тирсейип, төшүн тиреп, өзгөчө бир сулуу болуп көрүнүп кетти. Калыйман өткөн күздө турмушка чыгып, күйөөсү армияга аны алгандан жума өтпөй эле кетип калып, кайненесинин колунда калып, кийин алар менен батыша албай, өзүнүн апасы, бул өгөй атасы Мааткерим атанын колуна келип алган болчу. Жашы бизден бир-эки эле жаш улуу болбосо, биз менен тең курбу болуп, мектепте чогуу окуп, бир айылда болгонубуздан, кечкисин «Кара коюм дүмпүлдөк», «Ак-Чолмок», «Топташ»-деген оюндарды чогуу ойноп чоңойгонбуз. Ой-Кайыңга келгенден бери бизге тамак ташып, тамак жасашып, атканынан тамашалап, апа-деп, барыбыз сыйлачубуз. Калыйман да күлүп, «Балдарым»-деп, чай, тамак даяр болгондо чакырып калчу. Жол чапканга келген балдар, бири-бирибизден бир эки жаш улуу-кичүү болгонубуз менен баарыбыз жетинчи классты чогуу бүтүп, колхоздун өндүрүшүнө иштөөгө чогуу кепгенбиз. Кыркаар олтуруп, Калыйман күйган чайды ичип жатканыбызда Нурказы Калыйманды карап, "Апа, бүгүн негедир укмуштуудай сулуу болуп калыптырсың"-деп минтип ырдап калды.

«Кызылың кызыл, агың ак,
Кызыгам сага ар убаак.
Жүзүңдөн алып кубатты,
Жүрөктү жүрөм дарылап.»-деп, кадимки мектепте ырдап жүргөн уккулуктуу обону менен созолонто ырдады. Биз жабыла күлүп, мен Нуркасымды, «Алаңа ашык болбой ич чайыңды, ишке барар убак болду»-дегенимде, Калыймандын эки бети албырып, көзү жайнап, ууртунан сулуу жылмайып турганы, мага жомоктогу перинин сулуу кызын элестетип, жүрөгүмдү кандайдыр бир учтуу шиш сайып, аткансып тызылдатып, Калыймандын ошол турушундагы портретин карегиме тартып жаттым.

Нуркасым мектепте жүргөндө эле, бешинчи класстан баштап ырдап, мектептин ыр кружогун жетектеп, мукамдуу кооз үнү менен укканды тамшантып, таң калтырчу. Анын атасы согушка кетип кайтпай калды. Биз чай ичип бүтүп ишке кеттик. Биз кетип баратканда штабдын башчысы Момушовду сурап, «Өрт өчүргөн мекемеден келдик»- деп, үч киши келип, биздин отоого түшүп, жармачылар турган үйгө кирип кетишти. Мен жолго барып, ломду отоого унутуп таштаганыбызды эстеп, кайра жонодум. Отоого келип, ломду издеп таап алып, кетип баратканымда жармачылар турган үйдөн мынтыктын атылган үнү чыгып ага удаа "Кокуй олтүрдү"-деген ачуу үндү угуп, чуркап келсем, ашкана жакта чалкасынан түшүп, башынан кан агып Калыйман жатыптыр. Аны туурасынан кучактап Расия жеңе, анын жанында Сурмагүл жеңе туруптур. Төрдө селейип нес болуп, кыймылдап да койбой, жанагы келген үч киши турушат. Аркы биз жаткан алачыктан Мааданбек акем

чуркап келип, тиги селейип, мынтыкчан турганды төшкө бир коюп, мынтыгын сууруп алып, улага жака ыргытып, сулк жаткан Калыймандын билегин кармап, «Кокуй доктурга чурка»-деди. мени көрүп. Мен жакын жерден медпунктка учуп жетип, медсестраны чакырып келгенимде Калыйман анда санда солк этип кыймылдап, дем алып жатыптыр. Медсестра Калыймандын жаратын жуун ак бинт менен ороп таңып, дарылаган болуп. «Райондук оруканага алып барбасак болбойт»-деди.

Ал кезде машина да, араба да жок. «Кантип алып барабыз оруканага» -деп сарсаң болуп жатканыбызда, күн бата Калыйман үзүлүп кете берди. Өгөй атасы Мааткерим ата. отундан келип, ботодой боздоп. Калыймандын соогун Мааданбек акем минген чоң чабдарга өнөрүп. Жоруп, мен, Расия жеңем болуп кыштака жөнөдүк. Биз бир топ узаганыбызда Момушовдун атын минип бизге жете келип Мааданбек акем, «Силер келе бергиле, мен барып үгузуп, үй тиктиртейин»-деп, жүрүп кетти. Биз олук өнөргөн атты жетелеп, үчөөбүз кыбырап олтуруп таң ата кыштака келсек, Мааткерим атамдын тамынын жанына боз үй тигип, айылдагы кемпир чалдар, Калыймандын апасы Айша энеге үгузуп күтүп турушуптур. Өлүктү түшүрүшүп үйгө киргизишип берип коюп, үйгө жөнөдүм. Чоң энем жалынып жалбарып, башыма суу тегеретип чачып, бир чыны суусун ичкенден кийин чарчаган жаным, чоң энем корсоткон төшөкө баш коюп уйкуга кеттим.

Чоң энем мени ойготуп жатып, «Ата окуй ай, түнү менен уктабай жоо келип, эми эле биртке уктады эле, чакырып алып, дагы эмине кылат экен»-деп наалып, мени тургузуп, «Эчкинин сүтүн кошкон ысык кымыранды ичип ал»-деп, ичирди. Анан, «Сени башкарма чакыртып атыптыр. -Бара кой эми»-деп, үйдөн узатты. Келсем күн түштөн ооп калыптыр. Салам айтып кирип учурашкандан кийин, башкарма, «Эртеден бери мүрзө казганга киши таба албадык. -Жоруп экөөң ырас келиптирсиңер. -Мааткерим атаңа кошулуп Уй-Булактын оозундагы мүрзөдөн Калыйманга жай казгыла. -Мен корсөтүп берем»-деп, бизди ээрчитип келип, өзү чечинип биртопко чейин казып, анан, «Эми каза бергиле»-деп, аттанып кетти. Кечке казып, күн бата үйгө келдик.

Эртеси эртең менен барып казып баштадык. Июнь айынын аптаптуу ысык күнү мүрзө казганыбызга экинчи күн болду. Ачкалыктан суусап, алыбыз кетип түш оогуча, башкарма «Берип ийем»-деген айран келбей, эки жолу Уй-Булактын суусунан суу алып келип ичип, шалдырап, жер казганга алыбыз келбей, казанактын көлөкөсүнө башыбызды катып жаттык.

Колхоз болгон эгининен ун, талкан тартып, «Жол казган оор иш»-деп, бизге берип, биз бир маал нан жеп, жолдо иштегенибиз менен ачкалыкты сезбептирбиз. Колхоздо эгин жок калып, үй фермасынан ташып келген суюк айранды элге болуп берип, иштебеген чал кемпир жаш балдарга колхоздогу тууган эчкини бөлүп берип, саап кымаран кылып ичирип, жансактатып жатыптыр. Эртең менен үчөөбүзгө бир нанды бөлүп берип, «Жеп, иштеп тургула, айран келсе жеткиртем»-деп жоноткон. Ошондон бери айран келбей кечигип, шалдырап олтурганбыз.

Сырттан дүпүлдөгөн аттын дүбүртү чыгып, ага удаа «Мааткерим!»-деп чакырган Орунбай атанын үнү угулганда, үчөөбүз жабыла туруп сыртка чыктык. Атынан түшүп алып, Орунбай ата туруптур. Эмнедегир кыжаалат болгондой кабагы салыңкы. Мааткерим атага карап, «Бүттүңөрбү?»-деп сурады. Мааткерим ата, «Жок»-деп, айта албай, «Казанагына эки киши тегеренгидей болуп калды. -Таш чыгып, балдардын карды ачып, шайы келбей»-деп, тим болду.

«Күн ысык. -Мүрт өлгөндөн болсо керек, маит жыттанып кетти.- Бүгүн жашырбасак болбойт. -Тигини чечип ичкиле»-деп, канжыгасындагы улактын чаначына куйулган айранды корсөтүп коюп, өзү тик жака, узун боз желеткисин чечип, мүрзөнүн кырына коюп, казанакка кирип, каза баштады. Канжыгадагы айранды чечип келип, кара кесеге куюп, Мааткерим атага сунганымда, «Ичкиле, силердин курсагыңар ач мага караганда»-деди. Мен, «Ичиңиз, биз сизден кийин ичели»-дедим. Биз бир кеседен ичкенден кийин төртүнчү кесеге айран толбой калды. Аны болө жутуп, чаначты канжыга байлап казанакка түшсөк, Орунбай ата казып бүттү кылып, топуракты казанактан сыртка чыгарып жатыптыр. Бизге күрөктү берип, «Мен маитти алдырып келейин. Силер чыгарып койгула»-деп, аттанып кетти. Калыймандын сөөгүн күн бата жайына талшырып, Орунбай ата узакка созуп куран окуп, анан үйгө карай кеттик. Биз үйгө жакындаганда Орунбай ата, Мааткерим ата баш болуп өкүрүп келип, аялдар ыйлап басылып, куранды дагы Орунбай ата өзүнчө окуп бата кылгандан кийин, эркектер өзүнчө, аялдар өзүнче үйгө бөлүнүп олтуруп, дасторкон жайылып, чай куйулуп, абышкалар сөзгө кирип баарлаша баштады.

Осмонкул ата, Мааданбек акеден, «Бул кызды кайдагы зөөкүр атты?»-деп, сурап калды. Мааданбек аке, «Силер деле жакшы билсеңер керек, ылдыйкы Кызыл-Октябрь колхозундагы чычкактардан болот. Райондогу өрт өчүрүүчү мекекемеде иштейт экен. Аты Карыбек»-дегенде, ары жактан Матыбырайым ата, «Ой кокуй аны билбей анан. -Колунан мынтык түшпөй, кышында Кабакка барып мергенчилик кылып жүргөнүн коргом»-деди эле, анын жанындагы Арзыкул ата, «Ошол Карыбек өткөн кышта өгүз минип алып кийикке барып, Каниеттикине конуп калыптыр»-дегенде, Осмонкул ата, «Кайсы Каниеттикине конуптур»-деп, сурап калды. Арзыкул ата, «Тиги Бирдик колхозунда койферма башчысы болуп жүргөн Чоңмурунов Каниетчи»-деди да, сөзүн уулап, «Конок болуп тим олтурбай Каниеттин чай куюп жаткан карындашын көрсөтүп, «Бул келиниңби»-деп сурайт экен. Каниет, «Жок, карындашым»-десе, «Күйөөсү барбы?»-дептир. Каниет ага, «Күйөө чыга элек»-десе, «Карындашың кара далы болуп карып баратыптыр. -Күйөгө бербейсиңби?»-деп, зөөкүрлөнүптүр. Каниеттин анын зөөкүрлөнгөнүнө ачуусу келсе да, «Үйгө келгенди ит кабат кылбайын»-деп, өзүн сабырдуу кармап, «Ит болсо да конок эмеспи»-деп, суроосуна жооп берип кондуруп, «Карыбек мырза, Кудайым нике кайыбын буйурган жер болсо беребиз»-дептир. Аны угуп олтурган кыз, эртеменен Карыбек кетээринде

минтип ыр жазып, кошо келгендерине, «Карыбекке берип койгула деп, бериптир»-деп, жобуратып айта баштады,

Менин атым база кыз.
Баарыдан сөөгүм таза кыз.
«Кары»-деп мага сын бердиң,
Карыбек кандай мазаңыз.

Элкелсе айтып өтөлүк,
Эзн ооз сүйлөп жөтөлүп.
Эби жок көйроң экенсиң,
Эки ийиниң өйдө көтөрүп.

Катуу айткан сөздүн заары бар,
Карап көр калкым баарыңар.
«Кары»- деп мени кемсинтет,
Кара өгүз минген чаарыңар»-деп, жазып бергенин жолдоштору кошо окуп, Кабакта кыштаган койчулардын баарына тарап кеткен. Ал ошол көйроң кара чаар Карыбек турбайбы»-деди, Арзыкул ата. Анан колго суу куюлуп маиттин арбагына аталып союлган эчкинин эти тартылып, ага арнап куран окулгандан кийин, «Өлүм, Алланын жараткандагы мыйзамы. Бирөө ооруп төшөктө, бирөө суудан агып, бирөө көчкүдөн, бирөө алаамат согуштан каза тапса, бирөө минтип Калыйманга окшоп, зөөкүрдүн колунан каза табат тура. Алланын буйругу. Эл тынч, боор бүтүн болсо, өлүгүбүздү каада салтыбыз менен жайына узатат элек. Соолуган согуш болуп, өлүктү да каадасы менен узата албай жатабыз. Ушу эчки сойгонубузга да каниет кылалы. Бул мезгил да өтөт, кетет. Жаман күн жакшы болуп, жок бар болуп, ач тоюнган күн да болот. Элибизге жеңиш күн келип, кеткендерибиз келип, бул күн да унутулат»-деди, Орунбай ата.

Сугатта

Жыйылган элге, «Эки жылдан бери Доржунун арыгынын башы казылбай, суу чыкпагандыктан Чайыр-Талаа, Кара-Талаадагы эгилген эгин кургакчылыктан күйүп кетип, талаптагыдай түшүм бербей, элибиз ачарчылыкка кабылып жатат»-деди башкарма Орунбай ата. Анан сөзүн улантып, «Быйыл түп көтөрө баарыбыз чыгып суу чыгарбасак болбойт. Бизди ушу ата-бабабыз чыгарган арыктын суусу багып келген. Эки жылдан бери арык чабылбай калгандан абалыбыз ушу болду»-деп, өзү элди баштап, Доржунун арыгынын башын көздөй басты. Жаздан бери, аялдар, абышкалар, он, онбирдеги өспүрүм кыздар, балдар болуп арыктын өстөнүн чаап, көчкү алып, мөңгү баскан жерге такап коюшуптур. Мөңгүнүн алдын жүз метрге оюп арыктын башындагы жыганга жетип, кырк метрче көчкү шыпырып кеткен жерге чым басып арыктын өстөнүн жасаш керек экен. Бул оор иш. Арык чапкандардын колунан келбеси

көрүнүп турат. Башкарма баш болгон, ферма башчы, эсепчи, бригадирлерге кошулуп, аялдардын, балдардын бир тобу мөңгүнү оюп, казууга киришти. Экинчи Расия жеңе баш болгон, жолдон келген биздин топко айылдык кеңештин төрагасы Мааданбек аке баш болуп, Чым-Чабуучудагы саздан чым чаап, көчкү шыпырган жерге жеткирүү милдети тийди. Үчүнчү, Мааразык, Матыбарайым аталар баш болгон абышкалардын тобу ташылып келинген чымды басып, асты алдына таш тизип, арыктын өстөнүн жасап жатышты. Жээктеп чым жүктөлгөн өгүз, эшек, аттарга майда он-он бирдеги балдар минип алып, абышкаларга жеткирип келип турушту. Ишти жакшы уюштургандыктан, Чым-Чабуучунун түзүнө үй ферманы кондуруп, айранды ташытып келбей ошол жерден ичип, иштеп, беш-алты күндө эле арыкты жасап, жыганга жетип суну байлап, баш жагындагы чайкаган кумду карап, арыкка көз болууга мураптыка Мааразык атаны калтырып, балдар кыздар эгин сугарууга чегилип кыштакка кеттик. Мен Нарбай атага кошулуп, Кара-Талаадагы жыйырма гектар күздүктү сугарышмай болдум.

Кыштакка келгендин эртеси, бригадир Зыйна дайындаган жерден шак салганга сокону алып, эки атка сүйрөтүп Кара-Талаага барып, Нарбай ата экөөбүз эки конуп шак салып, күздүктү сугарууга киришитик. Доржунун арыгынан келген суу Кара-Талаага жеткенче жерге сиңип, төмөнкү жаздык отуз гектар буудай, арпаны, үч бөлүп сугарганга жетпей, төмөнкү эки сугатчы менен кезектешип сугарып жаттык. Алар күндүзү эки бөлүп сугарышканда, биз түнкүсүн сугарабыз. Нарбай ата жетимиштерди таяп калганы менен сөөк-саактуу, узун бойлуу, карылыкка бели ийиле элек, суйдаң жээрде сакал-муруту бар, алакандары төөнүн таманындай далдайган, чийкил жүздүү, көк-көздүү, чап жаак киши болчу. Ал ушунча жашка келсе да бир дагы тиши түшпөй, алдуу күчтүү экен. Ошол мээнеткеч адам суунун кезеги келгиче шакаптарга кырк кулактап кулак байлап өзү тынбайт, мени да тындырбайт. Суунун кезеги келгенде таң аткыча улам кулак которуп, даярдап койгон кулактарга тынбай суу жыгып, таң атканда аласын терип сугарабыз. Сугаруунан ыкмасын айтып Нарбай ата кулагымдын кужурун алып тынбай үйрөтөт.

Эгин талаа сугарганыбызга он күн болгондо кара-сугатын бүтүп, кайра башынан экинчи ак сугатына кирдик. Нарбай ата, «Куда кааласа суунун эмки кезегинде ак сугатын беш-алты күндө эле бүтөбүз балам»-деп, суу жайып жатсак, башкарма Орунбай ата келип, биздин отоонун жанына түшүп, атын аңыздын четине байлап, кулактын жээгинде кесилген бутумду күнгө кактап олтурган мени көздөй басты. Тизеден өтүп, «Баш чыгарайын»-деп, өзөк тартып калган күздүктү аралап мага жакын келип токтоду. Анан мени тиктеп коюп, шакаптын аркы четинде кулак байлап жүргөн Нарбай атаны үн салып чакырды. Менин туруп барып салам айтып учурашпаганыма нааразы болдубу, же менин күнгө кактап олтурган, шүүшүндөп канны чыгып турган бутуму көрүп боору оорудубу, айтор, мага эч сөз айтпай, кайра кайрылып баратып, «Ата караан кал ай»-деп, күнк эткен үнүн кулагым чалып, «Атамдай болгон адамга туруп барып учурашпаганыма адепсиз-деп, нааразы болгонунан

айттыбы? -Эмнеси болсо да ал мага келип демейдегисиндей атымды эркелете айтып, «Асек, абал кандай?»-деп сураса эле, «Баа»-деп ыйламакмын. Анткени, ал тиги жактан келе жатканын көргөнүмдө эле, бутумун ачышып оруганына чыдабай, «Мени суу сугартып ушу абалга калтырды»-деп, жаман оюмда аны жек көрүп олтурган элем. «Адам жакшылыкка кубанганда же жамандыкка кабылганда, жакшы көргөн кишисине эркелеп, кубанычынан ыйлап, же жамандыкка кейип ыйлайт эмеспи. Менин ыйлагым келип жек көрүп кеткеним, Орунбай атаны, атамдай жакын көрүп, эркегенимден окшойт. Нарбай ата ага барып, саламдашкандан кийин, ал, «Менин атымды минип тиги белдеги койчу Биримбайга барып, мени, «Берсин деди»-деп, бир эркеч алып келип, сойо бер. Мен төмөнкү сугатчыларга барып келейин»-деп, жөө басып кетти.

Нарбай ата чоң кара эркечти алып келип, «Барып терисин чанач кылып сой деди эле Биримбай»-деп, өзүнчө сүйлөп, эркечтин терисин сыйрып жатканда, ылдыйкы сугатчыларды ээрчитип Орунбай ата да келди. Мен отоого жакын шакапта кулак которуп жургөн элем. Сугатчылар менен кошо келген менин классташтарым, түз эле мени көздөй келишип мени менен учурашышканда, көзүмдүн кыйыгы менен алардын бутун тиктесем, алардыкы деле меникиндей болуп шүүшүндөп кан чыгып туруптур. Ал кезде суу өтүк жок, таар, куур шымдарды жоон санга чейин туруп алып, жылаң аяк суу сугарчубуз. Эмнегедир абышкалардын буту кесилбегени, жедеп, жыл сайын сууга түшүп жүрүп көнүп калганы тура. Нарбай ата эркечти союп бүтүп, этин үчкө бөлүп, алар кетээрде, Орунбай ата, «Муса, Сыдыкбекти, эттин шорпосунун майын калпып, Абилмажан менен Нурказынын бутун майлап жаткыргыла. -Эртең кесиги жымылдап калат. -Анан сугатты эртелеткиле чөп чабуу кирип келе жатат. -Уй-Булакта кымыздык акбаш боло баштады»-деди.

Алар кетип, башкарма, «Кетейин, атты алып кел Нарбай»-дегенде, кечки күүгүм болуп калган. Нарбай ата эркечти алып келгенден кийин, ээрин алып тушап койгон атты таба албай калып, Орунбай ата биз менен түнөп калды. Нарбай ата асма челекке салган эркечтин чүйгүн эти быкылдап кайнап, үчөөбүз улам тезектен коломтого калап коюп, коломтону тегеректеп олтурабыз. Орунбай ата эскиче окуган билимдүү киши болгондуктан, эт бышкыча бизди эриктирбей апендинин жоруктарынан айта баштады.

«Илгери-илгери хандын заманында Апенди хан менен ынак болуп киришип-чыгышып турушчу экен. Бир күнү хан Апендиникине келсе ичи ооруп төшөктө жатканын көрүп аны тамаша кылгысы келип, «Апендим, ичиң ооруса менде жакшы даары бар. Алдырып келейин»-деп, баласын сийгизип шишеге куйдуруп келип, «Ысуулай ич»-деп кетет. Апенди аны билип, «Ханым ыракмат, коюп ачкарын ичейин»-деп, алып калат. Бир күнү Апенди хандыкына барса, ал тиши ооруп чыдабай жатканын көрүп, «Ханым, менде тиш оорунун жакшы даарысы бар эле»-деп баласынын заңын кургатып, кагазга салып тишинин төшигине салып, «Оозуңузду

бир аз ачпай жатыңыз, айыгып калат»-дейт. Хан бир топтон кийин, «Бул даарыны эмнеден жасадың эле Апендим»-деп сураганда, ал, «Таксыр, бул дары баягы менин ичим оруганда сиз алып барып берген даарынын чөбөгөсү болчу»-деп, ханды сөзгө жыгыптыр»-деп, бизди күлдүрүп, өзү да борсулдап күлүп, Апенди ханды ошентип осол кылган экен»-деди.

Эт бышып, Нарбай ата шорпо куйгандан кийин, шорпонун майын калпытып, «Ысуулай боюнча бутуңа сыйпа»-деп, кесени мага сунду. Мен бутума шыбап, май тоңуп калбасы үчүн таар шымдын багалегин ылдый түшүрүп бутумун башына чулгоону ороп, отко жакындап олтурдум. Эт жегенден кийин көрпөчөсүнүн бир учун төшөп, бир учун жамынып, менин жаныма жатып, мени, «Төшөгүңө оронуп жылуу жат, эчкинин майы тоңуп калат. -Бутуңду жылуула»-деди.

Күндө чабалактап уктай албай, көзүм илингенде Нарбай атанын коңуругунан чочуп ойгонуп жай таппай чыкчуу жаным, жаздыкка башым тиер замат уйкуга кетип, эч нерсени сезбей уктаптырмын. Ойгонсом эчак эле тан атып, Орунбай ата кечинде табылбай калган атын жетелеп келе жатыптыр. Шакапга кулак байлап жүргөн Нарбай ата да келип, үчөөбүз кечкиден калган этти ысытып жеп кол жууганыбыздан кийин, Орунбай ата, «Нарбай күздүктүн кара сугатын бүтүп, экинчи сугатын баштап калыптырсың. -Калганын өзүң эле сугар. -Мен Асекти алып кетейин. -Уйчу Таңырык ооруп калып, айран ташыганга киши жок болуп атат»-деп, мени алып кетмек болду. Кече майлап жылуу ороп жатканга бутумдун кесигинен шүйшүңдөп кан чыкпай жымылдап калыптыр. Кийбегениме көп болгон, катып калган чокойумду сууга салып жибитип кийип, Орунбай атага учкашып, кыштакка келдим.

«Башкарма Кара-Талаадан келсе баламды сурайын»-деп, чоң энем башкарманыкында отуруптур. Эшиктен баш-бакканда эле Орунбай ата чоң энемди көрүп, «Нарбу байбиче, балаңызды ала келдим. -Эртең тоого барып уйга эсепчи болуп, бизге айран ташып берет. -Бүгүн кир коогун жууп, төшөнчү-орончусун камдап коюңуз»-деди.

Айран ташып, чөптө иштегенде

Жырык кара уйга минип, уй фермага, Бүбү эжени ээрчип тоого бара жатканда, «Асек. Кимдин үйүндө жүрөсүң»-деди Бүбү эже. Мен, «Сейил энемдикине»-дедим. Анткеним, «Башкарма айран ташып учётчик болот»-дегенден бери эле чоң энем, «Сен келиндикинде тур. Ал сени мендей эле көрөт»-деп, кулагыма куйган. Жазында Сейил эне биздикине келип чоң энем экөө сүйлөшүп олтурганда, чоң энем аны «Келин»-дегенде, ичимден, «Чоң энем келинди тапкан экен. -Өзүндөй эле кемпирди келин дейт»-деп, күлгөнмүн. Көрсө, тергешип, атынан айтпагындыгы, сыйлашуу тура. Чоң атам мурун үйлөнүп, Каракучкач чоң ата кийин үйлөнүп, мурун келген чоң энемди, «Жеңе»-деп, кийин келген Сейил чоң энемди «Келин»-деп тергешип калышыптыр. Сейил чоң энемдин үйүндө небереси Барктабас, багып алган баласы, буту баспай бечел калган Султанбек, аларга кошулуп мен болуп-төртөөбүз турабыз.

Ферманын башчысы, Бүбү эженин айтуусу боюнча мен, эртең менен эрте туруп саалган сүттү өлчөп саанчыларга өткөрүп, андан кийин алардан майы алынган айранды өлчөп өткөрүп алып, жырык кара уйга жүктөп алып, колхоздун конторасына апып барып, бухгалтерге накладной менен өткөрүп берип келем. Же, мен уй кайтарып калып, Назармат ата өткөрүп келет. Бүгүн мен уй кайтармак болдум. Назармат ата токуп берген ала ноопасты минип, уйларды Калдаманын төө төшүнө чейин айдап барып, мага кошуп берген Назармат атанын баласына, «Качкан уйларды тосуп тур»-деп этекке калтырып коюп, кайра келгенде ала ноопасты суунун жээгиндеги талдын арасына аркандап коюп, «Уйларды тосуп тур»-деп, калтырган балага барып, «Ой бала атың ким»-дедим. Бала мени жалт карап, «Калый»-деп, жооп берди. Мен баланы ойлуу тиктеп, «Эркек баланын аты да Калый болот экен да. Менин апамын аты Калый эмес беле»-дедим, ичимден. Анан Калыйды колунан тартып, «Кел күрөшөлү Калый»-десем, ал менден колун тартпай туруп, «Күрөшө албайм. Мен кызмын»-деди. Таар кемсел, таар шым, бутунда чарык, башында төри малакай кийип, чачын тасырайта кырдырып жүргөнүнөн, «Эркек бала экен»-деп, колунан тартканыма уялып, бир чети, Калыйдын кыз башына ушундай оор күн түшкөнүнө боорум ачып, эмне дээримди билбей, «Олтур Калый, олтура кой сүйлөшөлү»-дедим.

Ошентип, суунун жегиндеги талдын колокосүндө Калый экөөбүз көпкө сүйлөштүк. Ал өзүнүн оор абалына өкүнгөндөй, ылдый тиктеп, көзүнө жаш алып, анысын мага көрсөтпөөгө аракет кылып, эки колу менен бетин басып, алаканы менен аккан жашты сүртүп жаткансыды. Калыйдын апасы төрөгөндө эле, төрөттөн каза болуп, сегиз жашына чейин атасынын караюсунда өгөй эненин колунда чоңоюптур.Кийин кандайдыр бир кырсык менен, «Соодагерсиң»-делип, күнөө коюлуп, атасы да камалып кетип, түрмөдө каза болуптур. Өгөй энеси Калыйга карабай эрге тийип кетип, бир үйдө жалгыз калганда, ушу атасына эки ата өткен тууганы Назармат ата багып алыптыр. Андан бери жети жыл өтүп Калый он беште экен. Назармат атанын, анын боорукер байбичеси Мактым эненин мээрими менен таар-куур болсо да, бүтүн кийим кийип, жаман соз укпай жүргөнүнө шүгүрлүк кылып, «Кудайым мени дайым эле мындай абалда калтырбас. Тагдырыма жакшылыкты да жазгандыр»-деп, келечегинен үмүт кылганын айтып муңайды. Калыйдын тагдырын угуп өзүмдүн апамдын өлгонүн, үч бөбөгүмдү жетелеп жетим калганым көз алдыма келип, көңүлүм чогуп, көзүм караңгылап кетти. Калыйга кантип көңүл айтарымды биле албай, ой басып, элдиреп олтура бердим.

Күн кечтеп, саан уйлар короого кача баштады. Калыйга алдын тоздуруп коюп, артын чогултуп келип, «Ала ноопасты минип ал»-деп. Калыйга туура тарттым. Калыйды, «Өзүң мин»-деп, минбегенине болбой мингизип, уйларды айдап короого келдик.Ошол күндөн баштап аты апамдын атындай болгонунанбы, же жогорку тагдыры катуу таасир эттиби, айтор Калыйды бир тууган карындашымдай көрүп аячу болдум.

Уй фермада саанчылардан бешөө экен. Эң улуусу Сейил чоң энем, жетимиштерди таяп калган байбиче. Калгандары деле жаш эмес.

Назармат атанын байбичеси Мактым эне, Таңырык атанын байбичеси Татыкыз эне, Күпүшө эже, Доолукан тааженелер деле алтымышты ашып калган байбичелер. Анткен менен чарчаганын билбеген мээнеткеч, чынчыл, нысаптуу таза адамдар. Он бир, он экиден үй саап, сүтүн бышырып, уютуп, күүгө бышып майын алып, айранын колхозго берип, майын мамлекетке өткөрүшөт. Үйлөрүндө колхоз нормалап берген айран, сүттөн башка эчнерсеси жок болсо да, бир литр сүттү же айранды кымтып калайын дешпейт. Сааган үйдүн он бир-он экидей музоолорун да өздөрү багат. Колхоздон эмгек акыга эч нерсе албаганына карабай, адал эмгектенишет. Кохоздун үйүн саап, айран, майын алып бергенден башка да үйдөгү түйшүктөрү канча? Сейил чоң энем үйдөгү түйшүктөн бөлөк, багып алган баласы, бечел калып баспаган үч жашар Султан-бектин ичи басылбай өтүп, анын жалайагын жууп кургатып, баккан түйшүгү бар. Долукан тааженемдин да түйшүгү жеңил эмес. Жазында каза болгон синдисинен калган торт жетимди багып, өзгөчө үнү басылбай ыйлап, үй саап жатканда да жанынан кетпеген эки жашар Жапардын түйүшүгү турчу. Кийин колхоздор ирилешип, мен колхозго башкы зоотехник болуп турганда, колхоздун миңдеген саан уйун, үч фермага бөлүп, ар бир фермада отуз-кырктай саанчы иштеди. Алар он экиден үй саап, сүтүн гана өткөрүп беришет. Алмашып турган саанчысы да бар. Жети күндө бир дем алышат. Атайын кийим, ай сайын айлык алышат. Үйлөрүндө үналгы, фермада болсо кызыл бурч бар. Ал жерге газета, журнал, аркыл адабий, билимий китептер коюлган. «Азыгына»-деп, колхоз кант, чай, ун, эт сыяктуу азык-түлүктөрдү жеткирип турат. Ошого карабай, айына бир эки жолу сүткө "Текшерүүчү саан" жүргүз-гөнүмдө, айрым саанчылар, сүттү кымтый коюп, же бир уйун атайын саабай, же чала саап, сүттү азайткандарын байкап, тээ илгери бала кезимде учётчик болгонумдагы саанчы байбичелерге салыштырып, ал кездеги байбичелердин чынчыл, нысаптуулугуна таң берип, «Алар анык кереметтүү адамдар болгон экен го»-деп, калчуу элем оюмда.

Менин негизги милдетим, Таңырык атанын милдетин кошо аткарып, Назармат ата менен кезектешип айран ташып, үй кайтаруу болчу. Мага кезек келип калганда жырык кара уйга **120** литр айранды жүктөп алып, колхоздун конторасына откорүп келип, кечкисин сүттүн эсебин алам. Кечээ айран алып барганда башкарма: «Эртеңден баштап Үй-Булака иштеген чопчулорго алып баргыла»-дегенинен, жырык карага айранды артып алып Үй-Булакка барып келдим. Бүгүн эртең менен Назармат ата ала ноопасты токуп жатып, «Асек, жырык каранын жону шишип калыптыр, баткак жаап койдум. Шишиги тарагыча ала ноопас менен ташы»-дегенде, ичимден сүйүнүп кеттим. Анткени аны үй кайтарганда минип, ылдамдыгын билчүмүн. Жырык кара аябай жай баскан кашаң болчу. Кыбыратып олтуруп кечки саанга жетчүмүн. Ала ноопас менен эрте барып чоптогу классташтарым менен түшкү эс алууда ойногум келет. Күн ала булуттанып салкын эле. Ала ноопасты шүдүндөтүп Үй-Булакка эрте эле келип, айранды түшүрүп бергенден

кийин, классташтарымын улам биринин чалгысын алып чаап, түшкү эс алууга чейин алар менен бирге болуп, түштө алар менен чогуу Уй-Булактын суусуна барып сууга түшүп ойноп жүрүп, алар ишке кеткенден кийин, ала ноопас менен уй фермага эрте эле келип, Калдамада уй кайтарып жүргөн Назармат атага барып, үйүн чогултушуп келдим.

Эртеси да ала ноопаска айранды артып алып бара жатсам, күн ачык эле. Улуу шашке болуп күн ысып калган. Ала ноопас бышкырынып кулагын кагып, куйругун көтөрүп, жолдун тигил-бул жагына чыгып тынчы кете баштады. Бир маалда жолдун жээгиндеги калың караганды көздөй баш бербей жөнөдү. Түшө калып, мурунтугунан кыса кармап араң токтоттум. Ошондо да кулагын кашылап, куйругун көтөрүп буттарын тыбыратып мөңкүп жатат. Мурунтукту кыса тартып туруп, айранды эстей калып тиктесем, өзүм турган жактагы чаначтын бучкагынан дирилдеп айран агып жатыптыр. Мурунтуктан бир колумду чыгарып бучкакты кармап, айрандын акканын токтоттум. Менин ойлогонум, эгер ноопас кичине тынчыса, «Мурунтукту бутум менен басып туруп, ноопастын куйругунан жулуп алып бучкакты байласам»-дейм. Ноопас тынчыбай атты. Ошентип бир кыйла убакыт өтүп кетиптир. Же жолдон эчким өтпөй, колум талып айлам кетти. Мурунтуктан колум чыкса эле ноопас сайгактап, токой аралап кетип чаначтар жарылып, айрандан айрылганы турам. «Анда ушу айранды күтүп ачка олтургандар кантет?»-деп, ойлонуп, тынчым кетип, зэйним кейип, эчкирип ыйлап ийгенимди да сезбей калыптырмын. «Дагы бирөө келип калабы?»-деп, үмүт кылып жол жакты карасам, менин ыйлаганымы табалагансып жылмая карап, бригадир Зыйна турат? Бир аздан кийин ал, жай атынан түшүп, атынын жалынан кыл жулуп алып, мен кармап турган чаначтын бурчун байлап, «Чоң эле жигит ыйлаганың уят эмеспи»-деп, мени шылдыңдай күлүп, ноопаска мингизип алып, «Кеттик»-деди. Жолдо келе жатып Зыйна, «Сен кечээки келген маалыңдан кечиккениңен утурла»-деп, абышкалар айтканынан, келгеним ырас болгон тура. «Сен ыйлап олтуруп, айрандан айрылып эл ачка калмак экен»-деп, мени шылдыңдагансып тиктеп, дагы күлүп койду. Мен, бул аял баргандан кийин, чөпчүлөр эмне кечигиптир десе, «Чаначтын бурчун жарып алып, байлай албай өңгүрөп ыйлап жатыптыр мунуңар»-деп, «Классташтарымдын көзүнчө айтабы»-деп, сары-санаа болуп бара жаттым.

Биз келээрибиз менен ачка адамдар айранды түшүрүп ичип киришти. Колуна тийген бир кесе айранды жутуп ийип, «Бүгүн кечигип бизди ачка кезерттиң го Асек»-деди, Нарбай ата. Мен, «Ала ноопас сайгактап, чаначтын бурчунан айран агып»-деп, тим болдум. Кудай жалгап Зыйна бригадир аларга үн катпады. Андан кийин айранды жырык карага жүктөп ташычу болдум. Эртеси Таңырык аке оорусунан жөнүгүп, үй кайтарып, айранды Назармат ата ташып, мени ал түйшүктөн бошотушту.

Ошол күнү башкарма келип саанчылар менен сүйлөшүп согуштагы абалды айтып, «Биздикилер эрдик менен салгылашып атышат, -Жеңиш биз жакта болот. -Силердин берген майыңар согуштагы балдарыңарга

берилет. -Колхозго чөп чабуу онөктүгү жүрүп силер берген айран менен эл жан сактап, силерге ыраазычылыгын айтышууда. -Ушундай кыйынчылыкта, «Карыдык»-деп кайышпай элди багып жатканыңарга мен да ыраазымын»-деп, байбичелердин көңүлүн көтөрүп, анан үй фермага карап, «Эртең тошончусу менен айран ташыган унаага Асекти кошуп жөнөтүп ий. Чопко иштеп бригадирге эсепчи болот»-деп, мени карап, «Макулсуңбу»-деп, далымдан таптап койду. Назармат ата экообуз жырык кара уйга айранды артып, менин тошончумду бекторүнүп, мени ээрчитип чопко келгенибизде, түшкү эс алууга жаңы чыгышып, алар менен маек-тешип башкарма Орунбай ата олтуруптур. Аларга мени көрсөтүп, «Асекти силерге эсепчи кылайын»-деп чакырып келдим. Бригадириңер арпанын кодурасы бышып, арпа орулууга чукулдап калды, кырман чаптырып, кодураны ордуруп ун-талканды даярдатсын. «Силер чалгычы, чөпчүлөр Асекти үгүп иштегиле»-деди.

Мен ошол күндөн баштап чөмөлө салган, чөп тарткан балдар менен иштей баштадым. Чөп жыйган, чалгы тарткандар өз иштери менен болуп, менин алектенгеним чөмөлө салган **11-12** жаштагы балдар, кыздар. Анан сойлотку, чийне менен чөп ташыган балдар. Чөмөлочүлөр майда-майда чөк кылып чоң чөмөлө салбай, чөп ташыгандар аларды чогултуп убара болгонунан, чоңурак чөмөлө салдыртууга киришти. Чөп ташыган балдар жакшы таңып ташыбай, чөбү ооп чачылып калып атканынан улам барып оңдоп таңып берем. Ошентип кечке жаным тынбай ошолор менен алекмин. Чөптө Нарбай, Осмонкул, Боку аталар чалгычылардын чалгысын чыңап берип турушса, Муса, Мааразык аталар чөп жыйып, Сыдыкбек, менин атам Абдылда жыймачыга чөп сайып беришет.

Чопко иштегениме беш күн болду. Бүгүн чопко үй тигип, эки аялды жармачы кылып, жаңы түшүмдөн ун, талкан тарттырып бригадирди эрчитип башкарма Орунбай ата келди. Адаттагыдай эле түшкү эс алуу убагында согуштагы абалды айтып, анан эгин быша баштап кырман чаптырып жатканын, арпанын кодурасын ордуруп ун талкан апкелгенин айтып, «Ач тоюнат-арык семирет"-дегендей, «Куда кааласа бышык-чылыка жетип тоюна баштадык. Буга да шүгүр»-деди, башкарма. «Эми эртелетип чөптү жыйынтыктап, эгин оргонго киришишибиз керек. Бул Асек силерге жакшы башчы боло алгыдайбы?»-деди, абышкаларга кайрылып. Нарбай ата сөзгө аралашып, «Чөмөлочү, чөп ташыган балдар майдалык кылып, Асекти кечке түйшүкө салып атат окшойт. Кечке ошолор менен алек»-деди. Мен Орунбай атадан, «Эсепчи болбой эле, класташтарым менен чөп чабайын»-деп сурандым. Орунбай ата борсулдап күлүп, далымдан таптап, «Элдин жүгүн көтөрүү жеңил эмес уулум, ошентип конөсүң»-деп койду.

Ошол күндөн баштап чөпчүлөр арпа нан жеп, арпа максым ичип, карт кекирип, «Кудайга шүгүр»-деп, карылар көк-ала сакалынан сыласа, көк айран ичип шилти болгон чалгычылардын өңүнө кызыл кирип, чалгыны кере шилтеп күчтөнүп калышты. Колхоз эмгек акы бербесе да нормалап иш берип, табель жазып, «Эмгек минимуму»-деп, чек койуу

бар эле. Эмгек минимумун толтурбагандарды чогулушка салып, ага сөгүш жарыялап, «Уяткаруу» сыяктуу жаза берип, ал түгүл башка районго көчүрүп жиберип да жазалоо кылчу. Эмгек тартиби боюнча, Аалы акени эмгек минимумун толтурбаганы үчүн соттоп, Орусияга эки жылга көчүрмө кылып, милиция менен айдап кетти.

Айдын аягы болуп калгандыктан, «Табель жазып бер»-деп, бригадир Зыйна кечинде мени учкаштырып кыштакка алып кетти. Иштен кеч чыгып кыштакка караңгы киргенде келгендиктен, Зыйна үйүнө кирип чырак коё баштаганда, мен атты бастырмага байлап келгенге чыгып кеттим. Мен кайра киргенде мешке от жагып, чай коюп чөптөн ала келген эки арпа нанын дасторконго жайып мени күтүп калыптыр. Чай ичкенден кийин, үстөмөлүбүздөн жатып алып, ал айтып берип, мен жазып жатып түн жарымында табельди бүтүп, «Мен үйгө кетейин»-десем, «Мында эле жатып ал. Карыган энеңди жарым түндө тынчын албай»-дегенинен, бастырмадагы аттын зэрин алып, «Короонун четине аркандайын»-деп, жетелеп кеттим. Келсем төргө төшөк салып коюптур. Аны мага көрсөтүп, «Жата кой»-деди да, өзү эшикке чыгып кетти. Мен чечинип жаткандан кийин келип, үллүлдөп араң күйүп жаткан май чыракты өчүрүп, чечинип менин сол жагыма келип жатты. Ал келип жатканда, төшөктүн чет жагына ыктап коошпой жаткан мени, белимден тартып кучактай өзүнө жакындатып, тамагыман жыттап, анан бетимди аймалап өпкүлөп, кучагына кыса тартып, оттой ысып жалындап турган жылаңач этине жабыштыра кысып, тирсейип төшүн тиреп турган эки эмчегинин үстүнө бир ыкшап чыгарып, белимден эки колу менен кыса кучактап, көпкө жатты. Анан бир маалда мени үстүнөн оодарып төшөктүн чет жагына түртүп ийип, өзү көмкөрүсүнөн түшүп, бүт денеси солкулдап үн чыгарбай, букулдап ыйлап жатканын сезип жатып, «Эмнеге минтет»-деп, түшүнбөй башымды катырып, ойлоп жатып уктап кетиптирмин.

Эртең менен мен ойгонсом ал төшөктө жок экен. Жаман шымымды шаша кийип, эшикке чыксам ал аркандалган атын жетелеп келе жатыптыр. Мен аны жалт карап алып, үйдү көздөй жөнөгөнүмдө, мени, «Кетпей тур, чай ичебиз»-деп, эрчитип кирип, түндөгүдөн калган нан менен чай ичтик. Ал мага жылмая тиктеп, «Мен табельди бухгалтерге өткөрүп коюп, тегирменге барып унду тартканын билип келем, анан чогуу чөпкө кетебиз. Ага чейин сен үйүңө барып чоң энеңин мамасын эмип, эс алып тур»-деп мени шылдыңдагансып күлүп койду. Мен уялып ылдый карап үн катканым жок. Түшкө жакын келип, «Унду жүктөтүп ийдим»- деп, мени учкаштырып чөптү көздөй жөнөдүк. Жолдо келе жатканда, «Асек баргандан кийин төңтуштарыңа «Түндө Зыйна менен жаттым»- деп айтасыңбы»-деди. Мен жок дегендин ордуна, тилими жутуп алгансып, башымды чайкап, Зыйна мени тиктеп тургансып, ууртумду "Шык"-дедирип койдум. Ууртумун "Шык"-дегенин укkан- укпаганын билбейм, ал дагы кайрып ал боюнча сурабады.

Андан бери жетимиш жыл өттү. Мен ошондогу Зыйнаны ызалантып, ыйлаткан балалык баёлугума, эркектик сезимимдин ойгоно элек эзнөөлүгүмө, эркектин жытын эңсеп, куса болгон аялдын сезимин

канааттандырууга эркимдин жетпегенине, эмгиче уялам. Бул сезим, адамдарга берилген, жаралганда кошо жаралган күчтүү, ыйык сезим экен. Ооба, адамдар ошол сезим менен жашап, ошол сезим менен тукум улайт тура. Аны ал кезде мен кайдан билейин. Кийин, Горбачевдун «кайра куруу» заманында жаралган көп сандаган телеберүүлөрдүн биринде мойунга алынгандай, Советтер Союзунда «секс»-деген неме жок эмес беле. Согуш убагында, мектепте балдарга секс тууралуу эмес, турмуштагы башка керектүү билимди берүүгө да убакыт жок эмес беле. Кыздарга карап кызыгуубуз, биринчи сүйүү сезимибиз болгону менен, секс оюбузга да келчүү эмес экен. «Мендеги болгон сезимим сендегидей эмес тура Зыйна. -Азыр сен бала-чакалуу, неберелүү болуп калсаң керек. -Кайда болсоң да аман бол»- демекчимин.

Эгин орукта

Кара-Талаанын астыңкы жабырына чоң кырман чабылып, батыш жагына эки боз үй тигилип, бирөө штабдын конторасы, бирөө «Кызыл-Үй»-делинип гезит, журнал, китеп коюлуп, капталдарына, "Бардык түшүм коромжусуз жыйылып алынсын, алгачкы түшүм мамлекетке"-деп жазылган кызыл материялдагы ураандар жамалып, кырчоосунда беш-алты метрлик шыргыйга кадалган кызыл байрак желбиреп турат. Алардан окчунураак тигилген үч боз үй жармачылардыкы. Ага улай катар турган чөп алачыктар, орокчу, кырманчы, чийнечилердики.

Эгин талаасында аялдар, балдар-кыздар болуп элүүдөй киши орок тартып, үчкө бөлүнүп бастырылган кырманда жыйырма кырманчы, он эки молоташ бастырган бала, он беш ат-өгүз менен эгин талаасынан буудайды чийне менен ташыган чийнечилер иштейт. Штабды райондук партия комитетинен айыл чарбасын тэйлеген катчысы Кожалиев Турганбай баш болгон райондук мекеменин кызматчылары, участкалык милиция кызматчысы, колхоздун башкармасы, партиялык уюмдун катчысы, Кызыл-Үйдүн башчысы болуп жети кишиден турган мүчөсү башкарат.

Бригадири кошулуп штабдын мүчөлөрү ар бир орокчуга нормалап 0,20 сотик жер ченеп берип, кечкисин кетээрде өлчөп, канча орулганын чыгарып турушат. Норманы аткарбагандарды, кийинки күнкү түшкү эс алууда талкуулап, эшекке, ташбакага мингизип «кереге газетага» чыгарат. Нормасын аткаргандарды, ашык аткаргандарды, машинага, учакка мингизип чыгарышып Кызыл-Үйдүн керегесине илип турушат.

Бүгүнкү түшкү чогулушта нормасын аткарбагандардын тизмесине мен да түшүп, эртеси эшек минип «кереге газетага» чыгып, чогулушта жер карап, «Аткарууга аракет кылам»-деп, убада берип олтурдум. Мен начар орокчу экенмин. Канчалык аракет кылсам деле нормага жеткире албайм. Эшекке минген карикатурам, "кереге газетага" чыкканына Марсия эжем менен карындаштарым Бүбүсара, Бийна намыстанышып калышканбы, айтор күндө эртең менен эрте келишип, үчөө он-он беш минута жеримди орушуп жатышып, мен нормамды аткара баштадым.

Алар үчөө тең эле жакшы орокчулар эле. Ошондон кийин нормасын аткарбагандардын тизмесине илинбей, эшек минип «кереге газетага» чыкпай калдым.

Экинчи күнү түшкү чогулушта, «Ай тийгенде чыгып, ай батканча нормалабай эзрчишип жалпы аянтты оролу»-деген идеяны коюшуп түнкүсүн орууга өтүштү. «Бул жалпы оруунун, нормага тиешеси жок» дешти. Бир күнкү түнкү орокто уктап кетип сол колумдун сөөмөйү менен ортонун ороко чалдырып алып, колум шишип эки күн орокко чыкпай калдым.

Үчүнчү күнү биргадир Зыйна келип колумду көрүп, «Колуң айыккыча үйдө жатпай токойдон байлык ташы. Байлык оргондор жүктөп берет. Таза колуң менен өгүздү жетелеп, байлыкты орокчуларга жеткирип турасың»-деп, токойго жөнөттү. Үч күн байлык ташыгандан кийин, колумун шишиги тарап, жарасын таңып алып кайра ороко келдим. Тамак тартыш. Иштегенибиз ысык тамак ичип, иштебегенибиз менен үйдө ишке жарабагандар майда балдарды багуу керек. Колхоз аларга бакча уюштурууну колго ала элек болчу. Бүлөлүү аялдар, «Балдарга» деп, чокоюна сүртүп, буудайды ушалап биркеден алып кетип, кууруп талкан кылып, түндөсү жаргылчака тартып жаткандары бар. Аларды тыйуу үчүн штабдын мүчолору, милиция бөлүмүнүн инспектору болушуп, түшкө, кечинде, чубатуудан өткөрүп бизди текшерип турушат, «Уурдасаңар соттолосуңар»-деген, тынбай эскертүүлөрго карабай, үйдөгү балдары үчүн аракет кылып, азыраактан ушалап кымтып кетишкендер колго түшө элек болчу. Бүгүнкү түшкү текшерүүдө кичинекей баштыкты аласына сала койгонун байкап калган милициянын инспектору, Бегимбү жеңенин жанына келип, аладан ылдый түшүп, чокойдун кончуна тирелип, балтырында томпоюп турган баштыкты көрсөтүп, «Алып чык тигини»-деп, көрсөтүп зекип кирди. Бегимбү жеңе, үн-сөзсүз ылдый карап тура бергенине жини келдиби, милиционер жаман сөздөрдү айтып, аласындагыны көрсөтүп, «Уруу. Сени соттогуш керек, алып чык тигини»-деп, сөгүндү. Бегимбү жеңе олтура калып чокоюн чечип, баштыкты милиционердин алдын көздөй ыргытып ийип ордунан жылбай олтуруп калды. Милициянын инспектору салмактап көрүп, «Үч жүз граммга чыгат»-деп, олтуруп акт жаза баштады. Бир жалпы ошончо көп орокчулар, жардап туруп, «Милициянын инспектору «Эскертип эле тим эле койбойсуңбу?»-деп, айта албай тура берди. Бегимбү жеңе бир маалда эсине келдиби, «Жазсаң жаза бер актыңды, Соттот[1] -Үйдө, эки кичине кызым ачкасынан өлгөнү жатат»-деп, эки колу менен бетин басып буркурап ыйлап калды. Орокко чыккандан бери түшкү, кечки тамакта нормага тийген нанынын жарымын жебей жеңине катып алып кетип жатканын байкап, «Өзү иштен кыйналып жатканын карабай, өзү ачка болсо да кыздарын ойлоп жатат го эне байкуш»-деп, ойлонуп калчу элем. Азыркы милициянын өкүлүнүн кайрымсыздыгын анын жанында туруп үн катпаган штабдын мүчөсү, чолок «уполномоченныйга» кыжырым келип, «Бул аялдын эки кичине кызынын ачкадан өлгөнү керекпи силерге»-деп, ызама чыдабай айтып ийе жаздап, өзүмдү

оран токтотуп, бетин баскан боюнча олтурган Бегимбү жеңени тиктегим келбей басып кеттим. Чолок «уполномоченный» менден өтүп, балдагын шыкылдата шилтеп кырман жакка отуп кетти. Жана мен анын катарында турганда, колу менен жүрөгүнүн түшүн басып, оңу бузулуп, ойлуу Бегимбү жеңени тиктеп турганын байкаган элем. Ал күнү штабдын башчысы, колхоздун башкармасы районго кетип, жок болгондуктан түшкү чогулуш болбой калды.

Кечинде ороктон келгенден кийин чолок уполномоченный, мени ээрчитип барып жарма жасаган аялдан, «Бир кесе талкан бер»-деп, сурап алып, «Жанагы аялга алып барып бер, кыздарына жарма жасап берсин»-деп, мага карматты. Мен талканды алып, Бегимбү жеңеге жеткиче баягы милициянын инспектору Бегимбү жеңени тилдеп, «Уруу, сени соттотом»-деп жатканда неге, «Кой»-деп болушуп койбогонун ойлонуп баратып, Бегимбү жеңенин алачыгына кандай жеткеними да сезбей калыптырмын. Алачыка кирип, бул талканды, «Кыздарга жарма жасап берсин»-деп, чолок «уполномоченный» сурап бергенин айтып талканды сунганымда, «Айланайын Кудай, ушул күндөр унутулаар бекен. Дүйнодо боорукер адамдар да бар тура»-деп, эчкирип ыйлап ийди.

Эртеси түштө штабдын башчысы, башкарма райондон келишип чогулуш жасап, милициянын актысын карап, алгач милициянын инспекторун сүйлотүп, анан, «Жолдош Тасымбеков Мүсүраалы сен айтчы»-деп, чолок «ополдомочуну» угуп, анан Бегимбү жеңени тургузганда, кечекидей ыйлабай, штабдын башчысына тике карап, «Үйдө эки кичине кызым ачка болгондуктан алгам. -Кандай кылсаңар өзүңөр билгиле»-деди. Штабдын башчысы, «Кыздарың канча жашта?» -деп сураганда, «Бирөө үчтө, экинчиси беште. -Атасы аскерге кеткен. -Кат, кабар жок»-деди. Башкарма ордунан туруп, «Жолдош катчы, бул ишке биз да күнөөлүүбүз. -Чолоо тийип, балдарга бала-бакча уюштуруп бере албай жатабыз. -Бүгүндөн баштап бала-бакча уюштуруп, балдарды багууну колго алабыз. -Бул аялга эскертүү берилсин. -Мындан кийин мындай ишке барбасын»-деди.

Чоң кырмандын үч жерине үйүлгөн топондуу буудайды башкарма өзү баш болуп айдын жарыгындагы түнкү айдарымга салып сапырып, «Эртеңден баштап мамлекеттин кампасына эгин төгөбүз»-деп жарыялады. Бригадир Зыйна жайлоого коё берген аттарды алдырып келип, түтүндү түрө кыдырып ээр-токум, кап, аркан чогултуп, эгин ташый турган кишилерди чийне-ороктон бошотуп, экиден атты колуна берип, мени да ороктон бошотуп, эки атты жетелетип берди. Кызыл күүгүмдө чоң атам, чоң энем болуп коломтону тегеректеп олтурсак, сырттан бригадир Зыйна келип, төр жакта олтурган чоң атама жүгүнүп саламдашып, чоң атам, «Кудай жалгасын»-деп, алкап кабыл алган соң, тезек калап олтурган менин жаныма, мени түртүп жылдырып жүйүртө басып олтура калып, чоң атамын астынан бери салынган таар шалчаны көрсотүп, «Чоң эне мына бу шалчаны бересизби? Бир унаага жапма салынгандай сумбал кап болгудай»-деди. Чоң энем чочуп, «Кой айланайын. Андан башка

алдыбызга төшөгон эштекебиз жок»-деп, безилдеп ийгенде, «Колхоздо кап болбосо, силер бербесеңер, мамлекетке төгө турган эгинди эмнеге салып жеткиребиз»-деп, ыйлактап, мени түртүп тургузуп, шалчанын бурчунан бургай кармады. Чоң атам тура калып, шалчаны бригадирди көздөй шилегенде, чоң энемден «Ал»-деген жоопту күтпөй эле, ороп алып жоногондо, чоң энем тура калып талашайын дегендей жүткүнгөндө, чоң атам, тосо калып, «Кой байбиче, -Талашпа, -Чын эле, биз бербесек, эгинди мамлекеттин кампасына эмнеге салып жеткирет»-деди. Зыйна шалчаны алып чыгып кеткенден кийин чоң атам, «Бар уулум, саман алып кел. Алдыбызга төшөп алалы»-деди.

Эртеси таң азандан сапырылган эгинди каптап, ат, өгүз, эшектерден турган отуздай унаага жүктөп, эки унаага бирден киши чегилип, астыга штабдын башчысы, башкарма, бригадир Зыйна, бухгалтер болуп, кызыл желекти желбирете көтөрүшүп, "Алгачкы түшүм мамлекетке"-деген ураан жазылып керилген кызыл материалды алдыга көтөрүп алып, мамлекеттин кампасына биринчилерден болуп барып эгинди өткөрдүк.

Ошол күндөн кийиники күндөрү райондун башка колхоздору да эгин алып келип, ким эрте келсе кезек ошого тийип, кезек күтүү башталды. Бир күнү көч келип, каптарды кампанын жанына түшүрүп коюп, кезек күтүп олтурганбыз. Ал кезде биздин райондо радио, телевизордун озу эмес аты да угула элек болуучу. Элдеги, айыл-айылдагы жаңылыктарды ушундай эл чогулган жерден «узун кулактардан» укчу элек. Кезектеги Арал айылынан келген бирөө, «Кече жакында эле Ысса тузга барып, шумдук кабар айтып ырдап келди»- деп,

«Кызыл-Жылдыз кохозунун
Челегинде ашы жок,
Алпамыш кесип кетиптир
Абышканын башы жок»-деп, зоңкулдап ырдаганда дагы бир, колхоздун кезек күткон киңиси, үн салып, «Мен Аралдагы Ысаларды таанычу элем. Ал жерде беш Ысса бар эле. Кайсынысы»-деп, Ысага коюлган кошумча аттарын айтып атай баштады. «Курку Ысса, куйбу Ысса, куу тырмак Ысса, дардак Ысса, арбак Ысса»-дегенде, тиги ырдап жаткан, «Ой сен аларды, жеңе, келиндери тергеген атынан бери билип, бирге чоңойгондой билет экенсиң. -Ошол сен билген Ысалардын, куйбу Ысасы»-деди. «Деги, айтам да. -Ошонун колунан келет. -Жамактап ырдай калчу эле»-деп, тим болду. Кезекте турган колхоздун кишилери тиги Ысанын ырын ырдаганга туш-туштан. «Алпамышы кайсы жерден экен? Башы жок абышка кайдан экен? Алпамыш аны эмне үчүн өлтүрүптүр? Алпамышты милиция кармап камадыбы?»-деген суроолорду жаадырышты. Тиги узун кулак тыңшап угуп олтуруп анан минтип жооп бере баштады. Мен көзүм менен көргөнүм жок. "Укканы кулакта жазык жок"-дептир, ата-бабабыз. Укканыма караганда Алпамыш ошол Кызыл-Жылдыздык «Атантай уулу» уругунан имиш. Башы жок абышка Ак-Талаа районунан Казармандагы кызына кепип, кайра кетип баратып Каргалык ашуусунан Алпамышка учурап калыптыр. Экөө Дабанды чогуу

ашып, Көң-Кырчындын башындагы үңкүргө түнөшүптүр. Абышканын кызынан алып бараткан бир чака актаган тарууcу бар экен. Андан жарма жасап ичишип жатканда, абышканы өлтүрүп башын алып кетиптир. Ошол жакта кой баккан бирөө билдирип, милиция барып, «Муну армиядан качып жүргөн Алпамыш өлтүрсө керек»-деп, «Алпамышты издеп жатышканын уктум»-деди.

Күн түш чамасы болуп, мамлекеттик кампанын башчысы, Атыкулов Самаган келбеди. Арким анын келбегенин аркыл айтып, бирөө, «Мас болуп жаткандыр»-десе, бирөө, «Конок күтүп жүргөндүр»-деп, айтып атышканда, ары жактан бирөө тыңсынып, «Билбегенден кийин олуялык кылып бирөөнүн күнөсүн көтөрбөй өз арбайыңарды согуп тим олтурбайсыңарбы? -Ал жакка мен барып келдим, -Самаган бул жакка келсе, бешимден кийин келет. -Андан эрте келгидей эмес. -Тиги ылдыйкы кампада Жалал-Абадка эгин ташыган кашкарлыктарга эгин берип жатат» -деди. Ал кампа биз эгин төгө турган кампадан эки-үч километрге алыста эле. Ал мезгилде Тогуз-Тородогу мамлекетке төгүлгөн эгинди Жалал-Абаддагы мамлекеттин кампасына кашкарлыктар дабан ачылган майдан баштап, дабанга кар жаап, жол бүтүп калгыча ноябрьга чейин эшектерге жүктөп ташышчу эле. «Кеңеш өкмөтү бийлике келгенде, ушу Чет-Булакка жылкы заводун уюштуруп, үч чоң кампа салдырган Клименко деген чоң орус директору бар эле. Кийин жылкы заводун жоюп, жылкысын Нарын, Ысык-Көл, Таластын жылкы заводдоруна таратып, кампа, контора, сарайлары райондун балансына калтырышыптыр»-деди, чекир көз сары сакал киши. «Аны сен кайдан билип жүрөсүң»-деп сурады, баягы, «Олуялык кылбагыла»-деп элди тыйган тың чыкма. Ар жакта кабын тикелеп, колоко кылып чапанын төшөнүп жаткан башын көтөрүп, тың чыкмага карап, «Акмат билет. Ал ошондо ушу үч кампанын биринде кароолчу болуп, аялы болсо тиги ооруканада кир жуугуч болуп азыр да иштеп жатпайбы»-деди. Тиги тың чыкма, «Айтам да, эмине эле Акмат конзавод жоюлса деле Чет-Булактан кетпейт»-деп, «Көрсө ошол бойдон эле чоң кампага кароолчу болуп калып, «Жем жеп конгонгон аттай» болуп айланчыктап жүргөн тура»-деди.

Кезек күткөндөрдүн сөзү эми эгин ташыган кашкарлыктар жөнүндө боло баштады. Бул кашкарлыктар оокат кылууну билген кыйын эл экен. Эки жылдан бери эгин ташып Чет-Булактагы Кудайлаттар менен алыш-бериш болуп ага инидей болуп кетишиптир. Кечээ бирөөнүн эшегинин чому жоголуп кетип издеп таппай жатса, экинчиси, «Эй Токтакун, чомду болду, болбоду Сабыр айды. -Кошуке акеге, же Ысмайылга барып эмки келгенде "Жарымта алып келип берем десең, таап берет»-дейт. «Бул ушу айылдын колу туткак балдарына чейин билип, жедеп сиңишип калгандык эмеспи»-деди. Кезек күткөндөр, Самаганды билип келүүгө жиберген киши келип, «Эми зорго үчөөнө бериптир. -Дагы төрт-бешөө кезекте турат, Аларга берсе кечинде зорго бошойт ко. Мен кызык бир окуяны көрдүм»-деди. Бекерден сөз таппай олтургандар, «Айтчы кандай окуя көрдүң»-дешип, күлөк түрө башташты.

Мен барганда деди ал, «Ашыракун дегени эгин алып, кабынын оозун тигип жатыптыр. Жакшы шаар бычагы бар экен. Улам кап тиккен жипти кесип жатканын көргөм. Аңгыча Чет-Булактык Жайлыбай аттуу киши келип аттан түшүп, атын жетелеген боюнча Ашыракунга салам айтып учурашып туруп, «Ашыракун аке, жаш кезиңизде балбан болсоңуз керек. Жаагыңыз карыш экен»-деп, бетин карыштамыш болуп, козун нары карата түртүп туруп, берки колу менен бычакты алып артына катуу ыргытып ийип, «Кетип атыпсыз, Жакшы ба, ыңыз, келээрде "бир-эки ботолко" ала келиңиз. -Акчасын келгенде берем»-деп, аттанып кетти.

Мурун дайындап койгонбу, айтор бычакты ыргытканда, ал түшөр замат бир бала аны илип алып кеткен. Бир маалда экинчи кабын тиккенге жип кескени жаткан Ашыракун бычагын издеп таба албай калды. Ары жактагы кашкарлыктар, «Жайлыбайдан башка киши келген жок, ошол эле алды го»-десе. Ашыракун, «Жайлыбай аке албады. -Ал эңкейген эмес. -Мени менен коштошуп эле аттанып кеткен»-десе болобу? Күлкүм келип Ашыракундун актаганына күлсөм. Жайлыбайдын амалдуу жасаган уурулугуна таң калдым»-деди. Берки топтогу көзөк күткөндөрдүн ичинен бирөө тиги. «Жалыбайдын жасаганына таңдандым»-дегенди карап, «Ээ балам бул айылда сен экөөбүз таң кала турган иштер көп. -Кече эле жакында ушул айылдык Жолдошбай деген бирөө. «Милиция Караны укуруктап алыптыр»-дейт, аны укпан жок белең»-деди. Берки топтогу бирөө, «Коюңузчу. Караны Жолдошбай укуруктап алгыдай, ал жылкыбы»-деди. «Ошо жылкыны эмес, колунда куралы бар милицияны укуруктап алганы жөнүндө болуп жатпайбы соз»-еди тиги. Жолдошбай быптыр аскерден качып жүргөнү үчүн үч ай Казармандын түрмөсүнө камалып, «Нарынга жеткиресиң»-деп Жапар деген милициячыга айдаткан экен. Каргалыктын белине чыкканда Жолдошбай, «Мен улуу заара жасайм. Колумду бошот»-деп, талап коюптур. Жапар, аны «Качып кетесин»-деп, бошотпой койгондо, «Анда атып сал»-деп, баспай жатып алыптыр. Жапар айласыз, бир колун Мундузаалыга кошуп кишендеп коюп, «Заара жасатайын»-дегенде, жерден таш ала коюп Жапарды башка мушпап эсин оодарып жыгып, колдорун бошотушуп, Жапардын куралын алып качып кетиптир. «Ошол Жолдошбай Кылдоодо жүрот имиш»-деп угуп, Кара аны аңдып Кылдоого барып аны ар кимден сураса, «Билбойбиз»-деп, эч ким айтпай коюптур. Кара кеткени жатканда тоо жактан эшекке айран артып алып келе жаткан бир аял учурап, «Жолдошбай кече эле биздикинен сүзмо алып кетти»-дептир. Анын кайсы жака кеткенин сураса, ал Ообек жакты көздөй кеткенин айтыптыр. Каранын Ообекке карай жоногонун дүрбү салып карап олтурган Жолдошбай көрүп, Ообектин токоюндагы жол өткөн жердеги чоң түп кайындын алдынан өткөн жолду карап, Караны күтөт. Кара түш оой, эчнерседен капарсыз келе жатып, кайындын астынан өтөөрдө башына укурукту салып илип алып Жолдошбай тартат Кара кайынга саландап, бир колу сыйыртмакка жармашып асылып калыптыр.

Ошондо аркы токойдо жашынып турган Мундузаапыны чакырып, асылып турган Каранын тапанчасын алдырып, колу-бутун байлатып, Жолдошбай кайыңдан түшүп, Каранын мойнунан сыйыртмакты бошотуп койгондо, Кара, «Жоке жанымды кой, -Бала чакалуу элем»-деп жалыныптыр. Ошондо Жолдошбай, «Мени мынча эмнеге артымдан түшүп куусуңар, -Мен силерге эмне жамандык кылдым, уурулук кылбасам, -Бар болгону, немистин огунан өлбөш үчүн жанымды ала качып жүргонүм үчүнбү? -Экинчи мени издеп Кылдоого келбе»-деп, тапанчасынын огун алып туруп, бошотуп жибериптир»-деди.

Күн кечтеп калганда кампачы келип, кезеги менен откорүп, кызыл күүгүмдө үйгө кайттык. Бир алачыкта алтообуз турабыз. Марсия эжем менен карындаштарым Бубусара, Бийна үчөө орок орушат. Чоң атам кырманга түнкү кароолчу, чоң энем майда балдар менен озү курдуу кемпирлерге кошулуп, эгини ташылып кеткен аңыздан машак теришип, кырманга откорүшөт. Мамлекетке эгин откорүү планы бүткөнү калгандан бери, эл кенен нан жеп, «Уурдады, алып кетти»-деген создон арылып, бейкуттук болуп калды. Башкарма, «Бүгүн акыркы жүктү жүктөп барып откорүп, мамлекетке эгин төгүү планын бүтүрүп келдик. Эми калган эгинди эмдиги жылга үрөөн үчүн тазалап кампага төгөбүз. Талаада орула турган эгин бар. Быйыл куда кааласа эмгекке да эгин беребиз»-деп элди сүйүнттү. Тазаланган эгинди кампага ташып, эгин оруу, эгин ташуу, бастыруу, мурдагысындай эле кызуу жүрүп, иштин темпи дагы эле басаңдай элек.

Октябрь айынын ортосу болгону калганда, орокчулар орукту жыйып, кырманда эгин бастырууну эртелетип, айдын жарыгына салып, таң аткыча эгин сапырышып, тазаланган эгинди тынбай кампага ташуудабыз. Мамлекетке эгин төгүү планын ашыгы менен аткарганыбыз үчүн райондун «Өтмө Кызыл-Туусу»-деген туу биздин колхозго ыйгарылыптыр. Башкарма, ошону тапшыруу аземине карата той откоробуз. Тезирээк бастырып тазалап, кампабызга төгүп алалы-деп, бизди шаштырууда. Күн бата эки жылкычыга экиден төрт чанач кымыз жүктөтүп, бир семиз бээни жетелетип, жылкы ферманын башчысы, партиялык уюмдун катчысы Масыракун аке да келди. Түнү менен бээ союп, кемеге казып эт бышырып, колхоздун «активдери» тополоңдоп чыгышты. Ороктон бошогон жаштар жуунуп, таранып тойдо концерт бергени даярданып жатышканда, түшкө жакын райондун биринчи катчысы баш болгон жетекчилер келишип, чогулушту колхоздун башкармасы ачып, райондун биринчи катчысына сөз берди. Ал мамлекетке эгин тапшырууну биринчилерден болуп ашыгы менен аткарганы үчүн, жана эгин оруу жыйууну үзгүлтүккө учуратпай өз убагында бүтүргөнү үчүн, Карл Маркс атындагы колхоз райондун ардак тактасына жазылып, «Райондун өтмө Кызыл-Туусу тапшырылсын»-деген, райондун партиялык комитети менен, аткаруу комитетинин кошмо отурумунун токтомун окуду. Тууну колхоздун башкармасы Орунбай атаны, партиялык уюмдун катчысы Масыракун акени, комсомол комитетинин катчысы Абилмажинди чыгарып тапшырды. Эл дүркүрөтө

көпкө чейин кол чаап куттукташты. Адаттагыдай эле биринчи катчы соғуштагы абалды айтып, ушундай күжүрмөн бирдиктүү эли бар өлкөнү эчким жеңе албайт. Жеңиш биз жакта. Силердин күжүрмөн эмгегиңер жеңишти тездетип алып келет жолдоштор. Райондук партия комитетинин бюросунун атынан, жеке өзүмдүн атымдан терең ыраазычылыгымды билдирем-деп, сөзүн жыйынтыктаганда, эл дагы дүркүрөп кол чабышты.

Колхоздун башкармасы Орунбай ата өз сөзүндө, «Карл Маркс атындагы колхоздун жалпы эли, коммунист, комсомол жаштары райончубуздун партиялык комитетинин аткаруу комитетинин ишенимин актап, уятка калбайт. Мен сиздерди ишендирем»-деп, сөзүн аяктап, туу тапшыруу аземине арналган чогулушту жапты. Анын артынан комсомол жаштар даярдаган чакан концерт берилди. Абилмажин комуз чертип, жеңиш, паравоз, Камбаркан, Токтогулдун көрбөзүн бөзелентсе, Нуркасым Муса, Атайдын, Боогачы, Калмураттын обонундагы ырларды уккулуктуу обону менен созолонтуп, элдин черин жазып, андан кийин спорттук тамашалар, күрөш, чакачапмай, оюндары болуп, эл эт жеп, кымыз ичип, кызыл күүгүмдө тарашты.

Октябрь айынын аягына жакын башкарма талааны кыдырып келип, дагы эле бирин серин буудайдын башы калыптыр. Күздүк айдоо чыккыча терип алпыла-деп, уруксат бергенден кийин, ачарчылыктан жалкып калган эл жабыла чыгып машак терип, ар бир үй-бүлө үч-төрт каптан буудай алышты. Машагы терилген талаага соко чыгып, күздүк эгин айдала баштады. Элдин багына кыш ошол жылы кечиреек келип, кышка карай отун-суу камдоо менен алек болууда. Эгин сугарылып, кургакчылыктан кутулганга түшүм жакшы болуп, колхоз соғуштан берки үч жылда биринчи жолу эмгекке эгин бөлүп берди. Эли эмгекке эгин алып, колхозу райондо макталып ардак тактага жазылып, өтмө Кызыл туу алганына кубангандай башкарма Орунбай атанын да кабагы ачык, маанайы көтөрүңкү эле.

Кечээ чоң атам баштаган аксакалдарды үйүнө чакырып чай берип олтуруп, «Быйылкы жылы соғушта курман болгондордун кара кагазын почтадан алып, аларды күзгү жыйынтык бүтүп, эл тоюнуп, отун-суусун камдап алгандан кийин угузалы»-деп жүргөнүн айтып, «Качан угузалы?»-деп, оюн ортого салды. Аксакалдар макул тапкандан кийин бир четинен угуза баштады. Кечээ Илебайды, Болотту, Эсенаалыны, Маматты, Мурзакеримди угузушса, бүгүн Кепгенбай, Бакир, Калберди, Толук, Кабылдарды угузушуп, Ташбу, Бурулча, Таажы, Сырга, Расия жеңелерди сыздатып, кошок коштуруп ыйлатып, айыл ичи ыйга толуп, асапуу.

Колдо бары коюн, эчкисин союп, колдо жогу нан- чайын коюп куран окутушту. Биздин үй Расия жеңеникине жакын болгондуктан Калберди акени угузуп, кой союп куран окуткандан бери үч маал кошок кошуп ыйлаган Расия жеңенин ыйы кулагыман кетпей кайгыртчу болду.

Бүгүн эртең менен төшөктөн турбай жатып тыңшап, томондогудой кошуп ыйлаганын угуп, эстеп калыптырмын. Ар бир сөзүнүн сабының башына, «Жаш мурзам»-деген сөздү кошуп, Аягын, «Оой»-деп,

Жаш мурзам, мекениң а турат өзүң жок, оой а
Жаш мурзам, мага айтчуу а аруу сөзүң жок, оой а
Жаш мурзам, медер тутаар а балам жок, оой а
Жаш мурзам, мен шордуу а болом күйүп чок, оой а
Жаш мурзам, айылың калды а өзүң жок, оой а
Жаш мурзам, айтылчуу а аруу сөзүң жок, оой а
Жаш мурзам, артында а балаң жогунан, оой а
Жаш мурзам, акылдан а айнып болом чок, оой а
Жаш мурзам, аз айтайын а кейишти, оой а
Жаш мурзам, аралап а жүрчү бейишти, оой а
Жаш мурзам, көп айтпайын а кейишти, оой а
Жаш мурзам, көрүп бир а жүрчү бейишти»-деп, ыйлап токтогонун уктум.

Ар күнү ошентип ыйлап кошогун токтоткон соң, келген колу-хоңшулары куран окуп, «Коп эле өзөлөнө бербе балам, өлгөндүн артынан өлгөндү көрбөдүк. Кайрат кылып оокат кыл»-дешип, Расия жеңеге кайрат айтып жатышты. Расия жеңе менен ынтымагыбыз жакын болгондуктан эртели-кеч такай отун-суусуна каралашып, бош убагымда ошолор менен мин. "Жамандыктын артында жакшылык да болот" - деп, карыларыбыз айткандай, айылыбызды жакшылык аралап, аскерден Бошоп, Сыргабай, Кайыпбек, Сулайман акелер келишип, алардын үй-бүлөсү кубанып, түлөө өткөрүп, айылдагы кемпир чалдар келишип учурашып көрүшкөндөрүнө жетине албай, айрымдары көз жаш кылышып, кээ бир кемпирлер, «Ээ айланайын сени менен кошо кетпеди бэле. -Көптөн бери кат жок. -Менин баламды көрдүңбү?»-дешип, кээ бир дялдар, «Менин күйөмө учурадыңбы?»-деп, сурап жатышты.

Ал күнү алардын үйүнөн келип кеткендердин аягы суюлбай, абышкалар, «Кудайдын мунусуна да шүгүрлүк»-деп, сакалдарын сылашып, алардын кобурун угуп тордө олтурушту. Мен Кайыпбек экемдикине келсем, жүздөрүнөн нур жайнап чоң атам, Мааткерим атам болуп тордө чай ичип олтурушуптур. Казанда боркулдап түлөөгө союлган койдун эти кайнап жатыптыр. Колхоздо жармачы болуп иштеп жүргөндө бырылдап ыйлап, Жумагүл жеңени бура бастырбай этектеп жүргөн Алымбек Жумагүл жеңеге жолобой Кайыпбек акенин алдынан түшпой калды. Аларды көрүп туруп өз ичимен, «Аттиң! Тиги курман болду»-деп угузгандар деле ушулардай жарадар, чолок, сокур болсо деле аман эсен болуп келишкенде сонун болбойт бэле»-дейм, оюмда. Биздин кичинекей айылдан согушка кеткен элүүдөн ашык адамдан үч жылдан бери эсен келгени он чакты эле болду. Кара кагаз келгени жыйырмалап кетсе, кээсинен үч бурч кат келет. Кээсинен кат кабар жок. Кат алгандары почточуну алкап сүйүнүп, кат келбегендердин үй-бүлөсү, Алда эми эмне болду экен»-деп, "чийки май"-жегенсип убай тартууда. Ден да алар жөнүндө ойлонуп, «Майып болушса да кара кагаз келбесе

экен»-деп тилейм. «Согуш басылып, элде тынчтык болуп, кеткенде келсе биз да окуп билим алат элек»-деп, самачу элем.

Ноябрь айы ортолоп калганына карабай кар жаай элек болчу. Башкарма Кабакка кыштатай турган койлорду көчүргөнгө беш коро койго бирден кишини жардамчы койчу, экиден кишини кыштоого жеткирип, «Короосун, кирген кепесин оңдоп берип келесиңер»-деп койчуга кошуп мени да Кабакка жөнөттү. Колхоздогу белдүү кишилер катары эсеп-телгендердин бардыгы менин классташтарым эле. Кээси менден 2-3 жаш улуу болгону менен, бир класста окуп, тең курбалар элек. Мени Адиңге кошуп Амалбек акенин короосуна чектеп, Чаар-Музоодогу Бел-Өтөкко жеткирип, «Короосун, кирчү кепесин оңдоп берип келесиңер. Жумаалы жардамчы болуп калат»-деди. Мен жолго беш күн жатып, Бел-өтөккө келип, короосуна кашаа кармап, өткөн жылкы, коңун чаап, короо кылып кашаанын ичине жыйып, кирчү кепесин оңдоп, он беш күндөн кийин үйгө келдим. Кабакта кар жок, жылуу эле. Кыштакка тизеге жакын кар жаап, суук болуп калыптыр. Көлгендин эртеси эле башкарма Орунбай ата чакырып, «Бригадир Зыйна түшүтүктөгү эжесиникине кетип ошол бойдон келбей атат. -Күздүк айдалгандан кийин ар ким отун- сууга минип жүрүп, талаага коё берген аттар короосуз калды. -Сен, Нургазы экөөң ошол аттарды чогултуп, Уй-Булактагы сарайга Нарбай атаңды көчүрүп бар. -Мен ал киши менен макулдашып койдум»-деди.

Ал күнү Нарбай атаны көчүрүп барып сарайга жайгаштырып, анан талаада жүргөн, ар ким минип жүргөн аттарды жыйнап, беш күндө отуз эки атты топтоп, Нарбай атага өткөрдүк. «Жалгыз бага албайм»-дегенинен, Өкөлөй акени кошуп бердик. Ноябрь айы аяктап, декабрь айы башталып, Тогуз-Тородо кара суук катуу болуп турган. Орунбай ата: «Сен Зыйна келгиче бригадирдин милдетин аткарып тур. -Жаз даярдык көрбөсөк болбойт, -Устаканада Боку менен Курманбай эски каамыттарды оңдоп, жыгачын, сынганын теректен чаап алмаштырып жатат. -Каамытка кийиз, чучугуна кайыш жок. -Элден эски чанач, кийиз жыйнаш керек. -Ошого кириш»-деди. Элге бир канча жолу айтканы: «Аскерге жылуу кол кап, байпак, опке тон даярдагыла»-деп, аны да сурап, кайрадан жаңы жылда кыстоо келет. «Заёмго акча камдагыла»-деп, эскерте жүр»-деди, башкарма Орунбай ата.

Ошо күнден баштап кичинекей айылдан түтүнүн түрө кыдырып: «Эски чанач, кийиз, согуштагы аскерлерге жылуу кол кап, байпак, опке тон бергиле»-деп сурап, «Согуш заёму чыгат, жаңы жылга акча камдагыла»-деп айтып, бергендерин устаканага, кампачыга алып келип тапшыра баштадым. Согуш чыккандан бери үч жыл бою колдо барын аябай берип каржалган эл, оздорүндө деле жарытылуу кийим кечеси болбогонуна карабай, эптеп-септеп тор байпак, колкап түйүшүп, «Согуштагы балама, жарыма»-деп, берип жатышты. Көчөнүн баш жагындагы Карачач эненикине жакындаганда, «Кирсемби-кирбесемби?»-деп, эки анжы болуп туруп анан аргасыздан кирмек болдум. Киргим келбегени, Карачач эне жолукканда эле, «Айланайын Асегим. Самаганым менен чогу жүрчү элең, эмне келбейсиң»-деп, ыйлай

бергендиктен, ал кишиге боорум ачып, «Ыйлатпайын»-деп, келгим келчү эмес. Кирип келгенимде эле, мен учурашкыча оозунуп, «Асексиңби? Айланайын эмнеге көптөн бери көрүнбөй, келбей калдың? Самаганыман кат алдыңбы? - Жанагы почточу Токтоболот да кат алып келбей калды»-деп ыйлап, колумду ооп коё бербей, тиши жок ээгин кемшиңдетип жатканда, «Карачач эне, ал согушта немис менен ок атышып окопто жатып, кат жаза албай жаткандыр. -Ал жерде кагаз, калем да оңой табыла койбойт да. Убактысы болгондо жазаар, кат келет. -Озу да келип калаар»-деп атып араң сооротуп, төрдөгү ордуна олтургуздум. Мага айттырбай эле озу, «Сени Самагандарга жылуу кийим чогултуп жүрөт»-деп үгүп. Самаганга өпкө тон, тигип, тиги кичине баланын келинине тор байпак, кол кап түйдүрүп койдум эле. -Ала кетип, жанагы армияга жылуу кийим жеткирип жаткандарга Матыбрайым уулу Самаганга берүүсүн дайындап берип ий садагам»-деп, каткан жеринен алып чыгып мага карматты.

Мен жол бою, «Оо тагдыр! Айрым кишилерди бир басмырласаң, өчүң бардай үстөмөндөтүп басмырлаганың кандай? Карачач эненин жалгыз баласы согушка кетип дайынсыз болуп жатса, абышкасын алып соксойтуп бир үйгө сыздатып жалгыз калтырганың кандай? -Эч болбосо эми ырайым кылып, чолок мунжу кылсаң да Самаганын кайтарып берсең экен»-деп, тилеп келе жатып, «Карачач эненин бул жасагандарын үшүгөн солдат алып кийсе сообу тийип, Самаганың аман-эсен келип калаар»-деп, ойлоп келе жаттым. Башкарма Орунбай ата, эки күндөн бери мени ээрчитип ички кыштоодогу малдарды кыдырып, алардын абалын көрүп, кээ бир малчыга кеңешин айтып, өзгөчө торпок баккан Алсейит, Буржу аталарга, «Торпок морт мал. -Астын кургактап кармап, чөптөн кемитпегиле»-деп кайрылды. Жолдо келе жатканда, «Жаңы жылдан кийин Кабактагы койду көрүп келели. -Сен мени менен барып келесиңби?»-деди. -Мен, «Ооба, сиз мени ээрчитсеңиз»-деп койдум.

Декабрьдын аягында районго барып келип, «Биздин колхоздон бухгалтерлик үч айлык курска окууга бир киши жибергиле»-деп жатат. Асек мен, «Сени жиберейин»-деп чечтим. -Окуп кел. -Окубасаң эртеңкиң кыйын болот. -Себеби эртеңки күн билимдүү көптү билгенди талап кылат, «Замандан артта калбаганга тырышуу керек»-деди. Мен, «Акчабыз жок, окуганда, үч ай жашаганга каражат керек го?»-дедим. «Нарында ундун кымбат экенин айтып атышат. -Үч пуд ун берем, жүктөп кетесиң. -Үч айга жетет. -Азыраак акча тыйын да берейин»-деди. Эртеси, «Эртеңден калбай райондогу окууга барчуларга кошулуп жоносуң»-деп чоң атама айтып, колума үч жүз сом, үч пуд ун берип, жөнөтүп жиберди. Андан мурунураак эле, ноябрьдын аягында чакыруу кагаз алып, военкоматта комиссиядан отүшүп, менин классташтарым Абилмажин, Нурказы баштап, он бир бала Советтик аскердин катарына жөнөп, мен алардан эки жаш кичүү болгондуктан жашым жетпей, аларды узатып калып калган элем.

Ошондо, **1943** жылдын акыркы айы болчу. Жаңы жыл жаңырууга үч күн калган. Нарындагы эсептчилик үч айлык курска баруучулар райондук

айыл чарба башкармасынан жолдомо алып кетишибиз керек экен. Мен келгенде анын конторасында үч аял, солдаттын эски шинелин кийип, колуна таяк алып аксап баскан козу чекир, сары жигит олтурушту. Чамасы аскерден жарадар болуп жаңы эле келсе керек. Жашы жыйырмадан ашпаган эле отуп, менден беш-алты жаш уулудай. Бизди башкарманын эсеп белумунун башчысы Шермамбетов Малик жолдомо берип, акыл насаатын айтып чыгарды. Сыртка чыккандан кийин өзүбүзчө сүйлөшүп тааныша баштадык. Аялдар Тоту, Бермет, Себер дешип аттарын айтып, кайсы колхоздон экендерин билгизгенде, тиги жигит «Үркүнбай»-деп мага колун сунганда, мен, «Асек»-деп анын колун кармадым. Үркүнбай армияга барып, «Элди, жерди көрүп»-дегендей, калышып калганбы, айтор, ал бизди ошол күндөн баштап жетекчилике ала баштады. Бүгүн Дөдөмөлдө, эртең Кок-Жар, Ак-Жарда, анын эртеси Учкун, Куланакта болуп, алтынчы күнү Нарын шаарында болушубуз керек. Биз минип барган унааны райкомдун атчысы Торогелди алып келмек болду. «Алтынчы күнү атыңарды тапшырбасаңар баса берем»-деп атат. «Ошол үчүн алтынчы күнү Нарынга жетүүгө үлгүрүшүбүз керек»-деп, аялдарды шаштырды.

Ошентсе да үч аял, үч жакка, камынып келгени кетип, бизди күттүрүп, эки саат жоголушуп, түш ооганда зорго жолго чыктык. Дөдөмөлгө кеч күүгүмдө келип, ар ким өз таанышын издеп кетип, мен көчөдө чоң атам айткан Турусбек аяш атамды издей баштадым. Көчөдө өтүп бараткан биреөдөн сурасам, «Мына бул үй»-деп, жанымдагы үйдү көрсөтүп берди. Үйгө жакындаганымда ит үрүп, атка асыла баштаганда, үйдөн орто бойлуу сары сакал, сары мурут чекир көз абышка итти, «Кет»-деп чыгып, терезенин жарыгы чагылышкан жарыкка алаканын серепчилеп, мага жакын келип, «Жолоочусуң го? -Үшүп кетиптирсиң. -Түш балам, үйгө кир»-деди, атымды кармап, үйүнө үн салып, «Ыйса»-деп чакырып, ал чыкканда аттагы куржунду экоолоп түшүрүп, оозгу далисине киргизишип, аттын белин бошотуп, бастырмага байла»-деп, Ыйсага тапшырып, мени ээрчитип үйгө кирди. Үйдө темир мешке каланган койдун коңу алоолоп күйүп, үй жып-жылуу экен.

Декабрь айынын ызгаардуу суугу, жука ороо менен ороп кийген жаман чокойдогу бутуму, чокой менен кошо тоңдуруп, буттарымдын манжаналары жаны жоктой эч нерсени сезбейт. Ошону билгендей аяш атам, «Чеч балам чокоюңду. Отко жакын бутуңду сунуп олтур»-деди. Жаман чокой аттын теринин буусу менен суу болуп тоңуп калыптыр. Отко кактап жатып чечип, улага жака таштадым. Отко жылыган сайын кичинеден чымырап, буттарыма жан кирип, денем тамылжып мештен бир аз алысыраака жылып олтурдум. Аяш эне дасторкон жайып, нан коюп, чай бере баштады. Бир эки чыны чай ичкенден кийин денем балкып, ичимин кылтыраганы басылып, чекемен муздак тер чыгып ысый баштаганымда, тонумун бүчүлүктөрүн чечип, бир аз жеңилдене түштүм. Ошол кезде аяш атам сөзго тартып, «Балам кайдан келе жатасың? Кимдин баласы болосуң? Кайда барасың?»-деген суроолорду узатты. Атайдан чыкканымы, чоң атамдын, атамдын аттарын айтып, Нарынга үч

айлык, окууга баратканымы айтканымдан кийин. «Аяш уулум турбайсыңбы. Чоң атаң, атаңдар аман эсен турабы? Замандын залакасы менен көптөн бери катташып кабарлашпай кетип, бала чакабыз да бирин-бири билбей калды. Эли журтуң жакшы жатабы? Согуштун кесепети тийип, атаңды эмгек согушуна айдабадыбы? Аскерге силерден кимдер кетти?»-деп, сурады. Атам колхоздо эле иштеп жатканын, аскерге аламдын балдарынан Дайыр аке менен Абилмажин акенин кеткендерин айттым. Эл эки-үч жылдан бери ачарчылыкка учурап кыйналып жатып, быйыл эгин жакшы болуп тоюнуп калышканын айтып, аяш атамын көп нерселерди билгиси келгенин, «Дагы эминени сурайт болду экен»-деп, ойлонуп олтурдум.

Аяш атам ошентип, «Окууга бараткан турбайсыңбы уулум? -Оку балам, окуган жакшы. -Нарын суунун жегиндеги шаар. -Кышкысын катуу суук болот»-деп, менин бутумду, анан жана улага жакка ыргыткан чокоюму тиктеп койду. Аркы берки создордү сүйлөшүп, аяш атам экеебүз бир топко баарлаштык. Ыйса улам жаңылап койдун көңүн калап, мештеги казанда кайнаган жылкынын этинин жыты буркурап, үй ысып кеткен-диктен тонумду чечип, желбегей жамынып дасторкондон дагы бир аз алысыраак жылып олтурдум. Аяш энем казандан шорпо куюп абышка-сына сунду. Чамасы, «Эттин бышканын билсин»-дегендей. Аяш атам ууртап корүп, бышыптыр дегенсип, башын ийкеп койгондо, карын, карта, чучук аралашкан жылкынын этин чыгарып келип, аяш апам абышка-сынын алдына койду. Тамак жеп бүткөндөн кийин, «Атыңдан бейкам бол уулум, таң ашырып, таңга маал отко коём» - деп, мага орун салдырып жаткызды.

Эртеңменен эрте туруп кийине баштаганымда, эчак эле менден мурун туруп, намазын окуп олтурган аяш атам, жайнамазын жыйып, «Уулум бутуңду Нарынга жетпей эле үшүтүп аласың. -Ороон жука, чокоюң начар экен. -Мына бул кийиз байпак менен, «Эски»-дебей, мына бул кийиз чокойду кийип ал»-дегенде, жап-жаңы жасалган кийиз байпакты сунуп турган аяш атамдын колун тиктеп, эмне дээримди биле албай, «Кийем же жок»-деп айта албай нес болуп турганымда, ал, «Балам, муну кийбесең бутуңдан ажырап каласың»-деди. Мен кийиз байпакты кийиз чокойго кептеп кийип, эшикке чыкканда Ыйса менин атымды токуп, жем берип атыптыр. Ат жем жегиче, аяш энем мешке от жагып, түндөгү тамактан ысытып, чайга тойгузду. «Жолдо жесин»-деп, чоң энем берген жапкан үч нанга эки көмөч казан нан, түндөгү эттен карын, карта, жарты чучук, арка, кабырга кошулган этти дасторконго ороп куржунума салып берип, үйүнөн батасын берип узатты. «Оо дүйно, -Сенде кобүнчө озумчүл, сараң, ачкоз, караниет адамдар бар го»-деп, жаңылыш ойлоп жүрүптүрмүн. -Турусбек аяш атам, анын берекелүү байбичесиндей боорукер, колу ачык адамдар да бар экен»-деп, жолдогу суукта жылуу жүн байпактан бутум үшүбөй, ысып, оюмадн кетпей келе жатты.

Үркүнбай айткандай, Ак-Кыя, Учкунга, «Кудайы конокпуз, оз азыгыбыз озубүздө, жылуу үйүнүн бир бурчунан түнөп чыккандай орун

бер»-деп, түтүндү түрө кылдырып суранып жатып, кыргыздын канына сингген меймандостук салты колдоп, жатып түнөп, төрт күндө, кеч күүгүмдө Нарындагы Кербен-Сарайга келдик. Согуштун оор жылдарында өзүнүн жанын эптеп бага албай жаткан элге конок күтүү оңой эмес эле. Нары, кээбиреөлөр, «Кудайы конокпуз»-деп, конуп алып, жарым түндө үй ээсинин козго чалдыккан отумдуу буюмун уурдан кетип жатып, элди жалкытып да койгон болчу.

Ошентип Нарынга келдик. Аяш атам айткандай шаарда «Түфү» деген түкүрүк жерге түшпой тоңуп, суук болуп атыптыр. Үч аял Нарындагы дос-тамыр, куда сооктору барын айтып, алар кетишип, кербен сарайда аттарды карап Үркүнбай экөөбүз калдык.

Эртеси, алтынчы күнү, аттарды Төрөгелди атчы алыш керек болчу. Ага чейин биздин каробузда. Эртең менен Үркүнбай да, «Нефтебаза»-деген жерде карындашым бар. Мен анын адресин келээрде ала келген элем. Согушка кеткенден бери көрө элекмин. Ушул жакка турмушка чыгыптыр. Мен издеп келейин, сен аттарды кара. Төрөгелди келсе өткөрүп бересиң»-деп, чыгып кетти. Төрөгелди келбеди. Саат он бирде Үркүнбай келип карындашын тапканын айтып, болгон жүгүбүздү эки атка артып алып кетти да, түшкү он экиге жетпей кайра келди. Саат үчтөн өткөндө Төрөгелди келип, ага беш атты өткөрүп берип, Үркүнбай экөөбүз ээрчишип анын карындашыныкына кеттик. Дем алыш күнү Нарындын базарына келдик. Нарында карточка системасы бар экен. Бир кило ун жүз жыйырма сом, бир бөлкө элүү сом, бир жапкан нан жыйырма сом экен. Түшкө чейин сандалып базар кыдырып жүрүп, кайра кудасыныкына келдик. Үркүнбайдын кудасы тың турат экен. Короосунда уйу, аты, он чакты койу бар. Бир баласы милицияда, бирөө дагы бир мекемеде иштейт экен. Биринчи күнү окуудан келип чай ичип олтурганыбызда, Үркүнбайдын кудасы, Үркүмбайга карап, «Куда өзүң көрүп турасың. - Келген кеткенибиз бар. -Капа болбосоң бул куданы, бир жерден үй таап жайгаштырыш керек»-деди. Үркүнбай, «Бул бала мага каралап келди эле. -Нарында таанышы жоктугунан, өз оокаты өзүндө, үч пуд уну бар»-деп, тим болду. -Ал түнү, «Үркүнбайдан ажырасам кандай болот»- деп, сары-санаа болуп чыктым.

Эртең менен окууга баратып экөөбүз кеңешип, «Түштөн кийин издейлик»-дедик. Окуудан келсек Үркүнбайдын карындашы, Саада, «Байке, үй таап койдум, мына бул кошунанын үйүнө бул байкени жайгаштыралы»-деп, бизди ээрчитип кирип, үй ээсине мени тааныштырып койгондон кийин, Үркүнбай экөөлоп менин куржундагы унумду көтөрүп келип, ошол үйгө жайгашып калдым. Мен Үркүнбайдан алыстабаганыма сүйүнүп, мектепке чогуу барып чогуу келебиз. Бул үй Мамбетакун деген милицияда иштеген кишинин үйү экен. Аялы Торгой жеңе отуздардан ашып калган, үч баласы бар. Асты алты, арты эки жашка чыга элек балапандар. Турмуштун оорчулугун тартып Мамбетакун акеге тийген карточкадагы үч кило нан менен жашашат экен. Бупар беш жан, алтынчы болуп мен кошулдум. Үйдүн ээси Мамбетакун аке кырктарды таяп калган, ичкенди жакшы көргон адам

экен. Үч баласы менен аялынын авалына анча назар салбагандай. Үйгө келген сайын мас болуп келип, түнөп, эртең менен эрте ишине кетет. Кээде келбей да калат. Мен келгенден бери Торгой жеңе мен алып келген ундан нан жасап балдарына берип, таң азандан карточкага тийчүү нандын кезегине чуркабай жай барып келди. Мен кечкисин эле келип түнөбөсом, эртең менен эрте кетип кечинде келем. Торгой жеңе балдарына күйүмдүү боорукер эне экен. Мага да өз баласындай карап киримди жууп, үтүктөп кийгизип, өз энемдей жакын болуп калды.

Бир күнү сабакта олтурсам, сабак берип жаткан агай сыртка башпагын келип, «Тогуз-Тороолуктар экөөң эшике чыгып учурап келгиле, бир аксакал киши Тогуз-Тороолуктар бар дегенинен келдим»-дейт. деп Үркүнбай экөөбүздү сыртка чыгарды. Чыксак алтымыштан ашып калган, чокчо сакалына эми кана ак аралай баштаган, орто бойлуу, эткелинен келген ак-сакал күтүп туруптур. Биз салам айтып, учурашкандан кийин, өзүн тааныштырып, «Менин атым Жусуп. -Ушул шаардыкмын. -Силерди издеп келгеним, менин кызым силердин Тогуз-Тороого мугалим болуп кетип, ошо жака турмушка чыгыптыр. -Бир жылдан ашты, кабарлаша албайбыз. -Кызымдын аты Букеш. -Угушумда күйөөсүнүн аты Абыш экен. Ошону билишээр бэкен деп келдим»-деди. Мен, «Ооба аларды билем. -Атай деген айылда турушат. -Мага туугандык жайы бар. -Бир урук Кабанын балдарыбыз. -Абыш аке айылдык кеңештин төрагасы. -Букеш жеңе мектепте мугалим»-дедим. Жусуп аксакал айланайын кудам, озуңа май. Аман-эсен барбы деги»-деди да, кучактап бетимден өөп, колумду коё бербей туруп, «Кудам экенсиң, жүр үйгө. -Үйүм мына бул шаркыратмадан алыс эмес бир километрче эле. -Жоо басабыз. -Аркыл имиш-имишти угуп, байбичемдин тынчы кетип, кызынан сарсаң. -Эсендигин сенден өз кулагы менен угуп эс алсын»-деп, шаштырып кирди. Кайра эстей калдыбы, «Мен тиги агайыңа айтып чыгайын»-деп, мектеп жака басканда, «Куда мен жалгыз бара албайм. -Бул жолдошумду таштап»-дедим. Жусуп куда, агайды ээрчитип чыгып, экөөбүзгө тең уруксат алып, үйүнө ээрчитип кетти.Үйүнө келгенде үй-бүлөсү менен таанышгырып, эки аялы бар экенин, улуу байбичесинен ошол Букеш жеңе экенин айтып, Жусуп куда байбичесине, «Кызыңдын айылынан келиптир. -Эсендигин куданын өз озуңан угушуң үчүн сага ээрчитип келдим»-деди, байбичесине. Байбиче кайра-кайра сурап угуп, «Кудайга шүгүр. -Эсен соо экен. -Жердин алыстыгы курусун. -Аркы-берки кеп угуп, кабар ала албай, заманыбыз куурулуп атты эле»-деп, улутунуп олтурду байбиче. Жусуп куданын кичи аялы кырктарга барып калган шыңга бойлуу кара торусунан келген аял экен. Ал киши дасторкон жайып, самоорун көтөрүп кирип чай бере баштады. Ал күнү жылкынын, койдун этин аралаш салып бизди коноктоду. Эртеси, «Бүгүн дем алыш, кайда бармаксыңар. -Кечээ кеч болуп кой союп коноктой албадым. -Бүгүн конок болуп эртең кеткиле»-деп, коюн союп кондуруп калды. Анан, «Бул кичине кудам, короосунда коюу туруп коноктогон жок» деп, «Атаң сараң экен»- деп, Букешке дагы айтып барбайбы»-деп, тамашага

аралаш, биз менен бакылдап отурду. Биз кечке ала кийизге чачып алып упай ойноп, куда менен баарлашып кэч киргизип, конуп калдык.

Март айы аяктап баратканда окуубуз бүтүп, бүтүрүү экзаменин берип жатканыбызда Жусуп куда келип, «Кудам кетеринде биздин үйгө бар. -Кызыма кат жазып берип ийели»-деп, кетти. Биз экзаменибизди берип бүтүп, күбөлүгүбүздү колубузга алып, кайра кетүүнү ойлоп жатканыбызда, бизге күбөлүктү тапшырып жаткан облустук айыл-чарба башкармасынын кишиси, «Тогуз-Тородон үч колхоздун башкармасы келип, бир айлык курстан окуйт, -Сиper ошолордун ат унаасынан кабар алгыла»-деди. Үркүнбай экөөбүз Кербен-Сарайга барсак, эки башкарма келиптир. Алар да бизден кабардар экен. Минип келишкен аттарын, «Бизден берип ийебиз» - деп, бизди издеп жатышыптыр. Кербен сарайга бешөөбүз чогулуп, «Эки атка кантип батып кетебиз»-деп олтурсак Жусуп куда мени издеп кербен сарайга келип калды. Жазга маал атка чөп табуу Нарында кыйын болуп атыптыр. Кербен-сарайда бир боо чөп элү сом экен. Биз, «Эмне кылсак дагы эки атка тамак ашыбызды, оор кийим-кечебизди артып алып, алмак-салмак минип, жоо кете берели»-деп чечип, аттарды, «Бир күнгө кайда багабыз»-деп турганыбызда, «Жүргүло кудалар. -Меникине барып конок болуп, анан кеткиле. -Жолго чыгуунун даярдыгын үйдө көрөшели»-деп, баарыбызды үйүнө алып кетти. Үйүнө келээр замат эшигиндеги карагайдан аралап, мага, «Мындай кыл, андай кыл»-деп көрсөтүп берип атып, бир аттык чана жасатты. Жусуп куда өзү Нарындын базарынан аркан алып келип, чанага жанжип тагып даярдап коюп, бизди ал күнү бир кой союп коноктоп, эртеси чанага төрт боо беде, жарты кап арпа салып, бир атка чананы чегип, атка мени мингизип, үч кызды олтургузуп, бир атка азык-түлүк салган куржунду артып, Үркүнбайга мингизип, өзү кошо Ак-Мойнокко чейин узатып келип коштошуп, кызына берчү аманат катын мага тапшырып, кайра кетти.

Биз Нарындан чыккандан баштап, кар жеңил болгондуктан шайтан көпүрөгө күүгүмдө кирип келдик. Күн суук. Түтүндү түрө кыдырып түнөккө суранабыз. Эчким кондурбайт. Түн кирип, айлана караңгылай баштады. Бир үйгө кыздар башбакса, үйдө жалгыз байбиче бар экен. Үйү кенен жылуу экен. Бирок байбиче, «Жатсаңар жаткыла, бирок силерге берэр тамак ашым жок. -Атыңарды ууру алып кетишинен корком»-деп, безилдеди. Кыздар, «Айланайын эне, -Улагандан эле орун берсең болду. -Тамак ашыбыз бар. -Атыбызды өзүбүз карайбыз»-деп жатып, байбиченикине жайланыштык. Таң аткыча үч аял кезектешип аттарды карашып Үркүнбай экөөбүздү, «Кечке кыйналдыңар»-деп, уктатышты.

Эртеси аттарга бир боо бедени, бир чака арпаны жедирип алып, байбичеге рахматыбызды айтып, жолго чыктык. Ал күнү ошентип, түтүндү түрө кыдырып суранып жатып, Актал-Чатка, эртеси Жеңишке жатып жүрүп, бешинчи күн дегенде, «Өз үй, олоң төшөгүбүз»-дегендей, Кош-Дөбөдөгү Тотунун үйүнө келдик. Чарчап чаалыгып келип, Тоту, «Эс алып кеткиле»-деп кетирбей, үч күн жатып, чананы Кош-Дөбөгө таштап, эки атка экиден учкашып алып чыгып кеттик. Жол бою, «Оо жараткан, Нарын, Ак-Талаадагы кычыраган суукта тыштa калса тоңуп өлүп калат» -

деп, боор оруп, үйүно баш бактырбаган таш боор, өзүмчүл, ач көз адамдарды жаратпай, Турусбек аяш атам, Жусуп кудадай ак пейил, колу ачык боорукер адамды көп жаратканында жер жүзүндө согуш да, ачарчылык да болбой, эл бейпил жашайт беле. Биздин балдарыбыз, деги эле жыйырманчы кылымдын экинчи жарымында жарыкчылыкка келгендер, боорукер, кайрымдуу, айкөл болуп төрөлсө экен» - деп, жол бою ойлоп келе жаттым.

Бухгалтерлик кесипте

«Жол азабы, кор азабы»-дегендей, Нарындан чыкканыбызга жети күн болгондо үйгө келдим. Эртемененки чайда олтурганда, чоң атам оор олутунуп, "Бүгүн көргөн эртең жок"-дегендей, «Айылда сен келгиче эмнеметтай иш болду уулум. -Орунбай атаңды, Уулча чоң энеңди тиги дүйнөго узаттык. -Аттиң дүйно. Турганбай байкушка жаман болду. -Эки баласынан. «Курман болду»-деп, кара кагаз келип угузгандан кийин балдарынын күйүтүно чыдай албадыбы окшойт, үч күндөн кийин байбичеси Уулча каза болуп калды. -Турганбай балдарынын күйүтүнөн, байбичесинин күйүтү ашып түшконун айтып, төшөктөн турбай бүктүшүп калды. -Көптөн бери төшөктө. -Бул күйүттү көтөрө алаар бэкен? -Ай ким билет. -Сени Нургазы менен барабар көрүп, «Нургазымдын эгизиндей көрөм»-дечү эле, байбичеси экөө тең. Ошолорго коз көрсөтүп кел»- -деп, чоң атам мени ээрчитип жөнөдү. Нурказы өткөн жылы күзүндө эле аскерге кетип, мен окууга кетерде, «Жапония жакка кеттим. -Азыр Новосибирскиде машыгып атабыз. -Абилмажин экообүз чогубуз»-деген кат албадым бэле. -Эмне болуп эле кара кагаз келип калды»-деп, кейип келе жаттым.

Мен, биринчи Орунбай атаныкына окүрүп барып, куран окутуп, андан ары Турганбай атаныкына окүрүп бардым. Менин эшиктен окүрүп киргенимди тиктеп туруп, анан ордунан туруп, мен окүрүп турган улагага басып келип, менин колумду кармап, өзү жакка ыктап тартып, кыса кучактап башымдан жыттап, «Асек сенсиңби? -Нурказы экөөң келдиңби?»-деп, эмшиндеп ыйлап, бетимден ооп, анан, «Уулча! Балдарың келди»-деп, чакырып, боюн токтото албай ошол эле жерге, эсинен танып, жыгылып кетти. Мен да аны менен кошо кучактаган боюнча токтотуп капа албай жыгылып, тура калып, чоң атам экөөлөп көтөрүп барып ордуна жаткызып, чоң атам бир чыны сууну озуна такап ичиргенде эсине келип, өпкө-өпкесүнө тийбей көпкө ыйлап, «Нургазыма мен керек эмес экенмин. -Мени алган жок, ал апасын алып кетти»-деди. Чоң атам, «Куран окуп, ага кайрат кылып, сабыр туткунуң. -Сабыр түтүп олун кармабагандар Кудайдын каарына калат»-деген, куранда, «Тобо кептирип, Кудайдан үмүтүңдү үзбө»-деди эле, Турганбай ата, «Ээ калпа, Кудай мени мындан артык дагы кандай каарына алмак эле. -Мени ыплыпы? -Анда мени каардабай эле алкайт эле. -Мен Нургазыма, Уулчама барат элем»--деди.

Ошол күндөн көп өтпөй эле чоң атам, эки кичинекей баласы менен, өткөн күздө кара кагаз келип жесир олтурган Сейдегүл жеңе менен сүйлөшүп, «Сейдегүл балам. -Турганбай силердин жат жалаанар эмес. -Ыраматылык Капардын эки ата өткөн тууганы болчу. -Эки баласынын байбичесинин күйүтүнөн тигинтип төшөктөн турбай калды.- Ансыз деле сен каралашып жатасың. -Баш байлады кылып коелу. -Эки бакыр, бир токур болуп оокат кылгыла. -Турганбай сакайып кетсе, отун-сууңдан кемитпей балдарыңа ата болуп, эрэсеге жеткиче өбөк-жолок болот» - деп, Сейдегүл жеңени макулдатып, Турганбай атага айтып, экоону никелештирип койду. Сейдегүл жеңенин жардамы менен Турганбай ата төшөктөн туруп, оңолуп, жыл айланбай Сейдегүл жеңе эркек уул төрөп атын Нургазы коюшту. Турганбай ата Нургазыны колунан түшүрбөй көтөрүп, «Кудайым берерин унутпаптыр, "Жамандыкты амандык жеңет"- деген ушу тура, калпама ыраазымын. -Сейдегүлдү мага кошуп, мени сактап калып, Сейдегүлүм Нургазыны берди»-деп, мен барган сайын, «Нуке, Асек байкеңе учураш»-деп, Нургазыны көтөрө чыгып менин алдымдан тосоор эле.

Чоң атам, «Кудайсыз кумурсканын буту сынбайт"-деген, ата-бабабыз. "Бей үмүт шайтан. -Кудайдан үмүт үзбой, бергенине да, алганына да тобо кылып, шүгүр»-деш керек. -Бул соолуган согуш Турганбайга окшогон далайдын үмүтүн соолутуп, мүңкүротподубу. Канчалардын үмүтү үзүлүп уланбай, зарлап өтүп кетишти»-деди, оор улутунуп. Менин чоң атам Камбараалы ушул кичинекей айылдын баарынын чоң атасы экенин көзү өткөндөн кийин түшүндүм. Турганбай ата менен Сейдегүл жеңедей оор абалда калгандарды эптештирип, кыйынчылыкта оор абалдан чыгарып сактап калганын Маатkерим атадан, «Оо арбагыңдан айланайын калпа. -Бизди эптештирип сактап калбаса, Айша экообуз деле Турганбай менен Сейдегүлдөй абалда болчубуз»-дегенин угуп, чоң атамдын адамкерчилик боорукерлигине таазим этип келем.

Ошентип, апрель айынын орто ченинде райондук айыл чарба башкармасы (анда Райзоо аталчу) чакыртып, райкомдун үчүнчү катчысы Деркембаевке мени, райзоонун эсеп бөлүмүнүн башчысы Шермамбетов Малик ээрчитип барды. Менин окуп келгенимди, менин атымды, атамдын атын айтып Шермамбетов баяндагандан кийин, Деркембаев мени айланта тиктеп, «Канчадасың?»-деди. Менин арык денемди, боюмдун кичинелигин көрүп, «Он эки, он үчтөгү бала»-деп ойлосо керек. Мен, «Он жетидемин»-дедим. Ал, «Кана күбөлүгүңдү бергин?»-деп, сурап алып, аны көрүп туруп, эсепчи болуп иштей алаарымды сурады. Мен иштей алаарымды айттым. Анан Шермамбетовго карап, «Эртең Кызыл-Октябрь колхозунда отчёттук чогулуш болот. -Сен өзүң алпарып бул баланы сунуш кыласың»-деди.

Эртеси колхоздун отчёттук чогулушу торт жылдык мектептин классында өттү. Эркек, аял болуп отузга жакын адам, мектептин бир буту жок чолок директору болуп, бир класска эл тыгыла олтурушуп, чогулушту колхоздун башкармасы Ырсаалиев Насирдин ачып

президиум шайлабай эле чогулушту башкарууну райкомдун катчысына тапшырышып, чогулушка кароого эки маселе коюшту. Биринчи, колхоздун башкармасынын бир жылдык отчёту. Экинчи маселе катары, колхозго жаңы башкармалыгынын мүчөлөрүн шайлоо коюлду. Биринчи маселе боюнча Ырсаалиев отчёттук докладын окуп бүткөн соң суроо беришпей эле, жарыш созго өтүштү. Катышкан эркектердин көбү жана үч аял сүйлөдү. Баарысы баталашып алгандай эле, «Жолдош катчы бизге белок башкарма шайлап бериңиз. -Бул адам колхозду жеп койду, башкармага жарабайт. -Кайрымы жок. -Уюштуруп иш жүргүзө албайт»-деп, толгон токой жалааны жаап, сүйлөп жатышты.

Башкарма Ырсаалиев отузга чыга элек жаш жигит экен. Акыркы сөзүндө, «Мен сегиз ай башкарма болуп иштедим. -Силер айткан жалаанын баары арызга жазылган. -Тийиштүү органдар текшерип атат. -Күнөөм болсо мыйзам алдында жооп берем»- деп, сөзүн жыйынтыктады. Чогулуш, жалпы кол көтөрүшүп, «Отчёт канаттандырарлык эмес»-деп, жыйынтыкташты. Экинчи маселе боюнча, райкомдун катчысы Деркембаев, «Жаңы шайланган башкармалыктын мүчөлөрү канча адамдан болсун»-дегенде, «Жети адамдан болсун»-деп, кол көтөрүп бекитишти. Ырсаалиев Насирди «Шайлансын»-деп үч киши, -каршы жыйырма киши, калыс болуп төрт киши кол көтөрүшүп, калган алтоону мүчө катары шайлашты. «Жолдоштор, анда жетинчи кишиге кимди көрсөтөсүңөр? Ошол киши башкарма болушу керек»-дегенде, кампачы Турду туруп, «Өзүбүздөн шайлап бериңиз. -Биз Жарбашов Калманбетти сунуштайбыз»-деди эле, катчы, «Ал киши мурда сот жообуна тартылган, ошондуктан жарабайт»-деп, жооп кайтарды. Дагы бирөө, «Кайназаров Айдаркулду сунуш кылабыз»-дегенде, Айдаркул өзү туруп, «Мен сабатсыз кишимин. -Колумдан келбейт»-деп, макул болбой койду. Ошондон кийин залдан эчким сунуш кылбай зал дымып калды эле, катчы туруп, «Жолдоштор! -Силерде башка кандидатура жок болсо, райкомдун бюросу жолдош Турсунов Борончуну сунуш кылат. -Силер жакшы тааныйсыңар аны. -Азыркы убакытта силердин Атай айылдык кеңешинин төрагасы болуп иштейт»-деди. Добушка койгондо, «Шайлансын»-деп 23 киши кол көтөрүп, каршы төрт киши кол көтөрүп, Турсунов Борончу башкармалыктын төрагасы болуп шайланды. Чогулуштун аягында Шермамбетов Малик чыгып сүйлөп, мени элге тааныштырып, «Колхоздун мүчөсү болбогондуктан келишим менен эсепчи болуп иштейт»-деп, «Айына жүз сомго келишим түзүлсүн»-деп, сунуш кылды эле, «Ал көп, элү сом менен иштесин»-деген сунуш кылышты. Шермамбетов, «Анда өзүңөрдөн эсепчи болчу кишиңерди көрсөткүлө»-дегенде, «ары кетип, бери келип» атып, башкарманын сунушу менен «Жетимиш сомдон толенсүн»-дешип, бекитишип эсепчилике шайлашты. Чогулуштан кийин башкарма мени Айдаркул акеге, «Сенин үйүңдө турсун»-деп, тапшырып, жайгаштырып койду.

Ошентип, мен квартирант болгон Айдаркул акенин үйүндө, кожоюндун аялы Масилет апа, эки кичине кызы жана колхоздо үй ферма башчысы болуп иштеген, күйөөсү аскерге кетип кара кагаз келип,

теркүнүнө келгенден кийин айылында иштеп калган Бүсайра деген кызы болуп бешөө турат экен. Мени менен алты жан болдук. Үй ферма башчы кызы үйүнө анда санда эле келбесе, фермасында болот экен. Алгач келгенде Айдаркул аке менен Масилет апамдын сүйлөшкөндөрүнө кээде күлсөм, кээде булар «Сахнасы жок эле, турмуштагы ойногон артист болуп жашагандар экен»-деп, таң калып жүрдүм. Айдаркул аке атынан түшкөндө эле үйдү карап, «Аа кайбар барсыңбы?»-деп, үн салса, Масилет апа үйдөн башпагын, «Жолбун келдиңби? Мен бармын. Эмине, сагынып кеттиңби?»-деп, жооп кылат. Экөө тең бири-биринен өткөн тамашакөй, жоокөй, ак көңүл, жакшы адамдар экен. Кайым айтышып кыйкырышканы менен өтө ынтымактуу, балдардын ата-апасы, ырыстуу үй-бүлө экен. Менин башкалардан багым бар окшойт. Турусбек аяш атам, Жусуп куда, Торгой жеңелер сыйлаган-дай эле. Айдаркул аке, Масилет апа да жакшы көрүп сыйлашып, мен алардын өз баласындай болуп кеттим. Колхоздун көп кырдуу иштери менен алектенип, башкарма керээли кечке конторада отурбайт. Мен керээли кечке жазып, көчүрүп, конторада телефонго жооп берип отурам.

Бир күнү түштө чай ичкени келсем, Айдаркул аке менен Масилет апа дасторкон үстүндө сүйлөшүп атышыптыр. Масилет апа, «Тиги картошка чапкан аялдардан укпум. -Эски башкарма көчүп кеткенин укпум. Сен барган жоксуңбу?»-деди. Айдаркул аке Масилет апага карап, «Ооба бардым. -Жүгүн жүктөшүп келдим. -Картошкадагы радиоңор дагы эмнени айтты»-деди. Масилет апа, «Калк айтса-калп айтпайт»-дегендей, биздин «элдик радио», «Жаңы башкарма көчүп келип, аялы мектепке маалим болот имиш»-деди. Он күнгө жетпей эле башкарма көчүп келип, Масилет апа айткандай, анын аялы мектепке мугалим болуп иштеп калды.

Колхоздун конторасы мектептин жанында болгондуктан, кирип чыкканда башкарманын аялы менен мектептин директорунун аялын көрүп калам. Бир күнү түштө, Айдаркул аке конторага келип, «Жүр уулум үйгө кеттик, түш болду»-деп, мени ээрчитип баратып, мени тамашалап, «Сен мектеп жакты көп тиктебе. Чолок директор менен башкарманын жаш аялынын көзүнө чалдыгып, башкарма менен, чолок директордон токмок жеп жүрбө»-деп койду. Мен ал кишинин тамашасына анча деле назар салбай күлүп койгом. Менин жасаган ишим, акы төлөнбөгөн эмгек акыга жазылган табельдерди көчүрүп жазып, дубалга илип, ай боюнча эмгек минимумун ким канча толтурганын чыгарып, жети күндө бир жасалган иштин эсебин айылдык кеңешке берип, айдын аягында сут, эт, боюнча, малдын башы боюнча районго отчёт берүү. Кээде сүттүн сапын текшерип, үй фермага, башкарманын айтуусу боюнча барганым болбосо, көп убактым конторада өтөт. Мамлекетке саткандан эт, май, жүндүн баасы арзан болгондуктан андан түшкөн киреше жер салыгына төгүүдөн артпай, эсебибизде акча жок. Кампада жазгы себүүдөн кийин бир тоголок да дан калбай, элди фермадан келген айран, кымыз менен жан сактатууда. Колхоздун конторасына ташып келген айран, кымызды иштегендерге Айдаркул аке өзү алып кетип, кээде бригадир Жээренди

жеңе алып кетет. Сугатчыларга, картошкада иштегендерге, алардын коёнго окшогон чекир коз, сары эки баласына тийчү бир литр кымыз, эки литр айранды конторага алып калып, түштө ээлери келгенде берем.

Мектеп колхоздун конторасына жакын болчу. Анда биринчиден төртүнчү класска чейинки отузга жакын бала окуйт эле. Чолок директор, башкарманын аялы, директордун аялы үчөө, эки сменада окутушчу. Булардын ишине кызыкпаганымдан, кимиси кайсы классты окутканын деле билчүү эмесмин. Бир күнү түштө, үйгө кеткени конторадан чыксам, директордун аялы мектептен келе жатыптыр. Мен, «Мектебиңерди ремонттоп жатасыздарбы? Сиздерге жардам керекпи?»-деп, жаман оюм жок эле колун кармап учурашып койдум. Аял, «Рахмат жардамыңызга»-деп, басып кеткен. Ошондо мектептин директору терезеден аялы менен менин учурашканымды көрүптүр. Түштөн кийин ишке келип конторада олтурсам, кабинетке келип, сөзгө келбей эле, «Жана сен менин аялыма эмне дедиң? -Мен кан төгүп келген кишимин. -Сени ит аткандай эле атып салам»-деп, таягын кезеп кирди. Мен ордумдан тура калып, балдагы менен чабаарында балдагын кармап калдым. Кудай жалгап, башкарманын аялы анын келе жатканын байкап калганбы, айтор ошол убакта кирип келип, «Кой, ай»-деп, аны ээрчитип кетти. Кечинде үйгө келе жатсам башкарманын аялы жолдон кезигип, «Балтакун кудай ургандай кызганчаак турбайбы. -Мектепке келип аялын уруп, «Эсепчи бала эмне деди, айт»-деп, чыр салыптыр»-деди. Айдаркул акенин тамашасын эстеп, «Мунун да балээсине калбайын»-деп, сөзүнө кулак салбай ылдамдай басып андан алыстоого шаштым.

Ошентип күз да кирип келди. Сары-Талаадагы күздүктү оруп бастырып, мамлекеттин кампасына төгүп, пландан ашканын кайра айдап күздүккө Сары-Талаага себилди. Качикедеки жыйырма гектар жаздыкты оруп, күндөп-түндөп бастырып, сапырып, кырманда адам күчү жетпегендиктен башкарма, Айдаркул аке болуп өздөрү кошо киришип атып тазалап, кампага төгүштү. «Быйыл үрөндөн мынча ашат, куда кааласа жарым килодон болсо да эмгекке берели»-деп, башкарма жанын үрөөдө.

Башкарма, «Кулат участогунда айдалган эки гектар арпа жакшы болуптур эле, ордуруп, бастырып кел»-деп, жети-сегиз кишини кошуп берип, Айдаркул акени жөнөттү. Өзү, «Быйыл кыш эрте түшчүдөй, мен Кабакка кыштоочу койлордун короосун көрүп, оңдотуп келейин»-деп, алты киши алып, октабрьдын аягы ченде Кабакка кетти. Айдаркул аке Кулаттагы арпаны ордуруп, бастырып, тазалатып, алты тонна арпаны орого көмдүрүп келди.

Ноябрьдын бешинде алгачкы кар жаап, ошол күнү башкарма да келип, койду Кабакка көчүрүүгө камынта баштады. Жетинчи ноябрь майрамына каралап жатып, койчулар онунчу ноябрьда Кабакка көчүштү. Башкарма алты короо койду жайгаштырып келмек болуп, Айдаркул акеге ички иштерин тапшырып жөнөп кетти. Эртең менен конторада олтурсам кампачы келип, «Жүргүнүң, тегирменге, барып тегирменден түшкөн кала менен эсептешип келели. Башкарма сени ээрчитип барып эсептешип

койуумду айтты эле»-деди. Мен, «Мага айткан жок эле»-десем, «Сага айтпаса, эгин тарткан киши коп экен. Тегирменде тартыла элек кап-кап эгин жыйылып турат. Сен эсепчи, тегирменчи менен жакшылап сүйлөш»-деп койду.

Биз тегирменге келсек тегирмен иштеп атыптыр. Тегирменчи алтымыштарга таяп калган байбиче экен. Чын эле тегирменде капта, куржунда, тартыла элек эгин жыйылып калыптыр. Тегирменчи байбиче, кампачы менен сүйлөшүп үйүнө кирип кеткенде, тегирмен тартып аткан аялдан, «Кайдан келдиңиз»-деп сурасам, коңшу колхоздон келгенин айтты. Андан, «Тегирменчи канча кило алат»-десем, ал, «Бир кабына ушу менен бир дан алат»-деп, үч кило эгин баткыдай жыгач табакты көрсөттү. Анан, «Тегирменчи байбиченин өз аты Айдай. Аны атынан айтпай эле, "Чөгүндөй"-дешет экен. Анткени бул киши белимчи. Чочуганда, «Чөгүндөй»-деп кыйкырып ийет экен. Ошондон улам ушул атка көчүп кеткен»-деди, тегирмен тарткан аял. Мен, «Элде эгин деле аз. -Дайым эле көп эгин тартылып турбайт. -Бул кала, байбиченин эмгек акысынан деле артпайт ко?»-дедим, ичимен. Айдай байбиче мени үйүнө чакырды. Дасторкондо нан бар экен. Кампачы, келгенде эле ичип алганбы, айтор колундагы чыныда арак, жанында жарымына жакын арагы бар шише туруптур. Айдай байбиче мага чай куюп, мен бир чыны чайды ичкенде эле, кампачы менин чынымды алып, жанындагы бөтөлкөдөн эки чыныга бөлө арак куюп, бирин мага сунуп, «Кана кеттик алып ий»-деди. Мен, «Ичпейм, озунуз эле алыңыз»-дедим. Ал кызып алыптыр, «Албайсыңбы? -Мен сени эркек экен десем?»-деп, колундагыны ичип ийип, «Сен эркек эмессиң. -Эркек ичиши керек, жеши керек, эркектей болуш керек»-деп, мен жерге коюп койгон чынындагы аракты алып ичип ийип, эшикке чыгып кетти.

Ал чыгып кеткенден кийин байбичеден, «Сиз арак тартасызбы?»-деп сурасам, ал, «Ооба, Турду менен Калманбет, башкарманын үйүнө чоңдор келет, арак тартып берип турушум үчүн үч кап арпа берген. -Анан тегирменден түшкөн каланы да алышпайт. -Мен арак тартып койом. -Керегинде келип алар алып кетип турушат»-деди.

Эшиктен кампачы кирип келип ордуна олтуруп жатып, «Алып кел дагы бирди»-деди. Байбиче бир бөтөлкөнү алып келип колуна карматып, менин жанымдан отүп баратып, мени баштан ары шалк эттире бир коюп, «О кокуй, Чөгүндөй»-деп, бакырып, эшикти көздөй чуркады. Мен ал кишинин артыма келгенин, кампачыны тиктеп жатып байкабай калыптырмын. Чуркап барып улагага туруп алып мени карап, «Балакетиңди алайын мени тиги чолок жаңдап ошол кылды»-деп, жалынып калды. Кампачы болсо, «Ичпейсиңби?»-деп, санын чаапкылап күлүп, мени карап табалагансып койду. Мен үн созсүз ордумдан туруп, келген жолум менен кыштакты көздөй жөнөдүм. Жолдо келе жатып, «Эл ачка, ашка жетпей жатканда башкарма кантип эле, «Арак тарттырып бер»-деп колхоздун арпасын берсин. -Жок, башкарма ушуларга ишенип ал барбаса керек. -Бул башкарманы жаманатты кылып, жалаа жабууну

амалы го, санын чапкылап күлүп, мени карап табалагансып»-деген ойдо калдым.

Кечинде бул окуяны Айдаркул акеге айтсам, «Ошол жүзү каранын ошондой кылып жүргонүнөн шектенгем. -Эки жылдан бери тиги Калманбет экөө эзрчишип, тегирмен жактан кызуу келип жаткандарын көрүп жүрөм. -Ал түгүл, арак тарттырып, Калманбет, райондо Райзоонун башчысы болгон кайнагасына алып барат экен. —«Арак тартканга, арпаны кайдан алышаарын да ойлодум эле. -Көрсө булар колхоздун арпасын уурдап жүрүшкон тура»-деди. Айдаркул аке бир топко ойлуу олтуруп, «Булардын колунан аркыл иш келет. -Сен булардан алыс болгун. -Бул куу түлкү эки жыл мурун, «Аскерден жарадар болуп келдим»-деп, эки балдак менен келген. -Ошол кезде тиги Калманбет башкарма эле, кийин колхозго кампачы болуп калды. -Анан колхозго текшерүү келип, санакта мал жетпей, Калманбет башкармадан түшүп, камалып, бизге Ырсаалиев Насирдин башкарма болду. -Калманбет үч ай түрмөдө олтуруп кутулуп кетти да, колхозго келип уста болуп жүрдү. - Бир күнү тиги Көк-Ирим айылынан бир киши менден, «Кампачы Турду барбы?»-деп сурады. Мен бар десем, ал, «Экөөбүз согушка биргe киргенбиз.- Ал мытаам Москванын астында окопто жатканда, кой десем болбой кийиз чокойго сийип, бир жак бутунун чулгоосун алып таштап, ошол суу болгон чокоюн кийип алып жатып, бутун үшүккө алдырып, эртеси госпиталга кеткен. -Кийин уксак, ошол бутунун беш манжысын кестирип, комиссиядан биротоло бошотулуп келиптир»-десе болобу? - Мен ага ишенбей бир күнү чечинип олтурганда байкасам, чын эле бутунун манжылары жок, жилиги мултуюп көрүнүп турат.- Бул бетпак ошого барыптыр»-деди. Айдаркул аке.

Көп өтпөй эле башкарма Кабактан келип, кимден укканын билбейм, тегирменчи байбичени конторага чакыртып, Калманбет, Турду менен беттештирип, «Мага канча арак бердиңер»-деп, сүрүштүрө баштады. Анан райондон текшерүүчү чакырып, кампаны текшертип, эки тонна арпа жетпей, кампачыны кызматтан алып, ишин тергоого берип каматты. Тергоо бүткөндөн кийин, сот болуп, кампачы үч жылга түрмөго кесилип кетти.

Күз өтүп, ноябрь айынын аягына жакындап калган. Эки күндөн бери ала булут болуп, күн ачылып бүркөлүп жатып, түндө таңга жуук майдалап жааган кар токтобой жаап аткан. Таң азандан Көк-Арттагы субай уй баккан уйчу Ормоке келип, Айдаркул, «Мени Кудай уруп, түнде бир уйумду уурдатып ийдим. Таңга маал ит үргөнүнөн эшикке чыксам, эки атчан киши ылдыйкы жол жакка кеткенин көрүп калып, шек санап, сарайды карасам, сарайдын оозунда из турат. Кайра үйгө кирип кемпирди тургузуп, таңдын ирең бараңында уйларды чыгарып санасам, бир уй жок. Кечинде эле санап киргизгем. Атты токуп минип изди куун карасам эки ат, бир уйдун изи Казарман жакка кетиптир. Кечинде Моңур менен Момункул мен уй киргизип жатканда келип карап турушуп, ушул жакка кетишкен. Ошолор эле алды. Кечиктирбей изине түшүш керек, башкармага айтып»-деди. Бул үндү угуп, үйдөн уй ферма башчысы

Бүбүсайра шаша кийинип чыгып, башкарманын үйүнө чуркады. Бир саатка жетпей, башкарма, Айдаркул аке, Бүбүсайра болушуп, Ормокени ээрчитип Көк-Арттын сарайына кетишти. Андан ары изди кууп Казарманга барышып, изди Казармандагы Моңурдун үйүнө киргизишип, анын бастырмасында кара терге түшүп байланып турган эки атты көрүшүп, анын үйүнө киришсе, аштымканасында үйду союп жаңы эле терисин сыйрып бүтүп жатышканын көрүшүптүр. Башкарма Борончу, «Эми баатырлар, иттик кылыптырсыңар. -Силерди каматпайын. -Үйдун ордун бергипе»-десе, тигилер жандимилик кылышып, «Үйду Ормокеден сатып алганбыз»-деп чырдашышат. Этти Айдаркул менен Бүбүсайрага кайтартып коюп, милициянын инспекторун алып келип, тиги экөөнү каматып, этти Айдаркул менен Бүбүсайранын атына жүктөтүп келип, колхозго тизме менен таратып берди.

Бир күнү Калманбет башкармага келип, «Момункул армиядан жаңы эле келди эле, -Келгенине бир ай боло элек. -Согуштан жарадар болуп келип, эми түрмөгө кетеби. -Колхоздун бир уйу кемисе эч нерсе болбос. -Этин деле алып келип жеп алдыңар. -Чыгарып бер түрмөдөн»-дегенде, башкарма, «Ууру жазасын тартыш керек»-деп, макул болбой коюптур. Башкармадан айла болбогон соң районго барып, милиция, прокурорлорго, кайнагасы Бобиев Сүйүнаалыны ортого салып, алар менен тил табышып, «Үйду, уй ферма башчысы менен уйчу союп сатып бер деген»-дедиртип, Ормокени, «Мага уй ферма башчысы сатып бер»-дегенинен, буларга өзүм бергем. -Акчасын уй ферма башчысы алган»-деп айттыртып. Момункулга, «Акчаны алып барып берсем, арзан болуп калыптыр деп, кууп келип, этти алып кетип, бизге жалаа жаап каматып жатат»-дедиртип, уй ферманын башчысынын үстүнөн прокурордун тергоочусу Орозов иш козгоп, эки ууруну түрмөдөн чыгартып жиберди. «Кызмат абалынан кыянаттык менен пайдаланып, колхоздун уюн саткан»-деп, күнөө коюп, ферма башчысын камап, «Акчаны башкарма алган»-деп айтуусун ферма башчыдан талап кылып кыстап, сурак жүргүзөт. Уй ферма башчысынын, «Сатып бер деп айткан эмесмин»-дегенине, Ормокенин, «Алган эмесмин»-дегенине карабай, уй ферманын башчысын камап, ал бир жылга сот тарабынан жазага тартылып, айдалып кетти.

Ошентип, Айдаркул акенин үйүнүн да тынчы кетти. Масилет апа, «О жолбун! Сен үйдун этин жүктоп келип, элге таратып ийбесең кызым камалбайт эле» -деп, канча түшүндүрсө да болбой ыйлап-сыктап жатты. Башкарма өзү «чапкылап жүрүп» райкомго айтып атып, эки ай откондө ишти жогорку соттон буздуруп, Бүбүсайраны түрмөдөн бошотуп чыгарып келди. Ишти эми башка тергоочу тергеп калды. Ошол кезде райондун прокурору Айдаркул акени чакырып, «Кызыңды болек жакка качырып тур, «Күнөөкөрдүн» качып кеткенине таяп ишти жабалы-дептир. Ал башкармага кенешсе, башкарма, «Прокурор менен чатакташкыча качырсаң качырып тур»-деп, кеңеш бериптир. Ошол менен Бүбүсайраны Сузак районуна качырышканын оз көзүм менен көрүп, кулагым менен угуп туруп, «Адам жашаган жерден да акыйкатка жетүү өтө татаал болот

тура. "Уурусу күчтүү болсо малдын ээси доого жыгылат деген чын экен го»-деп, бийликтин калыс эместигине алгачкы нааразычылыгым пайда болуп, бийликке ишенимим кете баштады. Тергөөчү мени да тынч койбой, «Сен ферма башчысы менен бир үйдө жашайт экенсиң. -Акча алганын көрдүң бэле? -Сага уй сатаарын айтты бэле»-деп, мени бир нече жолу суракка чакыртып жүрдү.

Мен тергөөчүгө, «Эч нерсени билбейм. -Ормоке уйчунун, «Уй уурдаттым»-деп келгенин укканымды айтсам, кулак да салбады. Менден, «Башкарманын уйдун этин эмне кылганын билесиңби? -Уй ферма экөө болуп алып жегени чынбы?»-деп сурап жүрдү. Мен, уйдун этин элге тизме менен болуп бергени боюнча ведомосту көрсөтсөм, «Ушулардан акча чогултуп алдыбы?»-деп, кайра сурай баштады. Мен, «Жок. -Жон эле ысык тамак катары начар үй-бүлөлөргө тараткан. -Алардын өздөрүнөн сурасаңар деле болот»-дедим.

Ошентип, мен декабрь айында башкармадан, «Келгенимден берки эмгек акымды бериңиз»-десем, үч центнер эгин, бир кой берди. Бир центнер буудайды Айдаркул акеникине алып келип, эки центнер буудай жана койду үйгө алып бардым. Чоң атам сүйүнүп, «Мына уулум, адам болот»-деген ушул. «Эми бизди бакканга жарап калдың. -Кудайга шүгүр»-деп, ошол эле күнү койду союп, «Уулумдун тырмак алды. -Чогуу соз тийгиле»-деп, айылдагы кошуналарын чакырып, тамак берип, мага бата беришти.

Жогорудагы айтылган окуядан кийин, колхоздон текшерүүчү кетпей, прокуродун тергөөчүсү Орозов Калманбеттикине жатып алып, ар кимди сурап, элдин тынчын алып жатты. Ушундан улам, башкарма Борончу райкомго барып, «Мен башкарма боло албайт экенмин»-деп, арыз бериптир. «Башкарма бошойт экен»-деген ушак тарай баштады. Март жаңырганда колхоздо жалпы чогулуш болуп, «Арызынын негизинде»-деп кызматынан бошоп, колхозго жаңы башкарма болуп, «Султанбаев Матыбарайым»-деген, райондо сактык кассасынын башчысы болуп жүргөн киши келди. Келгенден бери, тиги Калманбеттин үйүндө колго тарткан самагон аракты ичип, ишке кирди. Муну көрүп туруп, Айдаркул аке талаачылык боюнча бригадирлик кызматынан арызданып бошоп, жылкычы болуп, бригадир Жээренди жеңе бригадирликти таштап, төркүнүно кетип калды. Мен да Райзоонун эсеп болумүнүн башчысы Шермамбетовго арызданып жатып, Кара-Булак колхозуна эсепчи болуп которулуп кеттим.

Мен жаңы жерге келип иштегениме бир ай болбой, фашисттик Германия жеңилип, Берлинге Советтер Союзунун туусу орнотулуп, Улуу Жеңиш келип, эл 9-майда Жеңиш күнүн майрамдап, кубанычтары койнуна батпай, бирин-бири Жеңиш күнү менен куттуктап жатышты. «Райондо Жеңиш күнүнө арналган чоң майрам болот экен»-деп, аттуусу аттуу, жөөсү учкашып-чиркешип районго агылышты. Райондо болгон салтанатта биринчи катчы элди жеңиш күнү менен куттуктап, радиодон Советтер Союзунун гимни жаңырып, музыка тынбай угулуп, элдик

оюндар, күрош, эңиш, кылыч чабуу, чака чабуу, эң аягында ат чабуу менен аяктады.

Ошол ат чабышта Фрунзе колхозунун, «Ак-Шумкар»-деген, Турусбек аяш атам таптаган күлүк аты чыгып, колхоздун башкармысы Аяз баштаган активдери Турусбек аяш атамды колмо-кол көтөрүп куттуктап жатышты. Кезек күтүп жатып араң жетип, аяш атамды жеңиш күнү менен, атынын чыгышы менен куттуктап учураштым. Аяш атамды баягы Нарынга баратканда көргөн боюнча көрө элек болчумун. Аяш атам, «Уулум иштеп жатасыңбы? -Адам болуп калыптырсың. -Ошентип учурашып тур. -Атаңа, чоң атаңа менден салам айтып кой»-деди.

Согуштан кийин эл жеңишке шыктанып, чарчап чаалыгып, ач, жылаңач болгонун эстебей, бүлүнгөн чарбаны калыбына келтирүү үчүн беш жылдык пландарды кабыл алышып, чоң кайрат менен белсенип эмгектене башташты. Аскерден бошогон, эсен калгандар, госпиталдарда дарыланып, айыгып чыккандар айылга бир баштан келе башташты. Кичинекей Кара-Булак колхозунан кеткен отуздай кишиден алгачкылары бо ъуп Сейитакун, Орунбек, Сейитаалы, Калдарбек, Салыйлар келишти. Эсен калган балдарына, «Жээнтек»-деп, мал союп элге тамак берип, кайтпай калып кара кагаз келгендерине куран окутуп ашын берип жатышты.

Күпобай ата уулу Салыйдын келгенине кубанып бээ союп, элге тамак берип, согуштан кайтпай калган, Жоошбай, Жаркынбай деген инилерине куран окутуп, өзгөчө Жаркынбайынын адамкерчилигин, балбандыгын айтып, Жапар деген агасы, «Жакшынын омүрү кыска болот тура. -Жаркынбайым адамдан башкача эле»-деп, анын бир жолку төмөндөгүдөй жоруктарын айтып берди.

Колхоз жаңы уюшулуп жаткан **1932**-жылдын кышы эле. Биз, Карбоз уулу, Ажыбек уулу деген эки атанын балдары бир эле Маанаке атадан тарайбыз. Ошол кышта жоро бозо ичип олтуруп, «Биз Кара-Булак, Карбоз уулулар, Арал колхозу болуп, колхоздошобуз»-деп, сөз талашып, бозонун мастыгы менен Кыргый экообүз урушуп кеттик. Үйдөн мушташып, сүрүлүп, эшикке чыктык. Мастык тим коёбу? Эшике чыккан соң Кыргыйга Карбоздун балдары, мага Ажыбектин балдары болушуп, эки болүнүп чабышып мурундар канап, баштар айрылып, үйдөгү эки уруктун аксакалдары чыгып, бизди ажыратып, тилдеп, акыл айтып жатышат. Күрөндүгө жолөнүп эки болүнүп олтурабыз. Менин мурунумдан кан агып, муздак карды чекеме басып жатсам, колуна союл кармап, он бештердеги Жаркымбай алдыма келип туруптур. Көрө калып, «Ой ит кайда жүрдүң. Мени уруп жатканда эмне чаппайсың тигини»-деп, Кыргыйды көрсөттүм. Ал мени "Жапа"-дечү. «Койчу Жапа, мен чапсам өлүп калбайбы. Менин чаппаганым жакшы болду»-десе болобу? Эми ойлосом ал ошондо эле айкөл, деңиз, сырттан болуп жаралган жан тура. Ошондо анын бою 1 метр **80** сантиметр болчу. Кийин анын бою 2 метр 40 сантиметрге жетти. Салмагы **160** килограмм болду. Жыйырма жашында ат көтөрө албай, минген атынын бели сынган экен. Ал жыйырмага чыкканында, эл аны «Абдыманап»-деген балбан менен эңишке

салышыптыр. Мурунку жылы да эңишип, аны Абдыманап бутунан алып түртүп ийип, эңиштен жеңилип калган экен. Биздин башкарма ага, «Быптыркыдай бутундан алып түртүп ийет, сак бол»-деп үйротүп, кийинки беттешүүдө Абдыманап биринчи кармашканда эле ошол ыкмага салып, үзөнгүдөн алганда, Жаркынбай аны карысынан аткый кармап, экинчи колу менен жоон сандан аткып эрден өйдө көтөрүп туруп, кайра коё бериптир. Кайра беттешүүгө Абдыманап, «Жеңиш Жаркынбайдыкы, мен жеңилдим»-деп, беттешүгө чыкпай коюптур. Биздин башкарма барып, «Сага айтпадым бэле, сак болуп эңиш-деп, жана көтөргөн бойдон ыргытпайсыңбы»-деп, тилдесе, ал, «Коюңузчу, ыргытып йигенде оор бойлу кишинин бир жери сынып мерт болуп калбайбы»-дептир. Ушундай боорукер, айкел жан эле Жаркымбай. Кийин Кожомкул балбан ээрчитип жүрүп, Союзга чейин алып барып, ага эч бир балбан чыкпай койгон экен. Жыйырма үчүндө, аскерге чакырылып кетиптир. Аны менен согушта чогуу болгондор, «Станковый пулеметту жалгыз сүйрөп согушту»-деп айтышыптыр. «Бомбанын осколкасы тийип каза болуптур»-деп, ыйлап олтурду Жаркымбайдын агасы Жапар.

Кийинки **1946**-жылы, эл бир аз нанга жетип, жармага тоюнуп, «Трофей»-деп, окмөт эски кийимдерди элге таратып берип, бир аз болсо да жыртык-тешигибиз бүтөлө баштаган. **«1941–1945-жыл»**-деген, Сталиндин сүрөтү түшүрүлгөн медальды тагынып, кары-жаш дебей тылда эмгектенгендер сыйланышты. Колхоздун башкармасынан кийин экинчи кылып, согуш комиссары ал медальды мага да такты. Трофейден алган сары фуфайкага тагынып копкө жүргөнүм эми да эсимде. Ошондо мен, чоң орден алгансып улам тиктеп кубанганым канча.

Ошентип биздин колхоздо кадрдык өзгөрүүлөр боло баштады. Аскерден келген Сейтакунду жылкы фермасынын башчысы, Салыйды чабан, Сейтаалыны бригадирликке шайлашты. Калдарбек райондун спорт иштери боюнча бөлүмдүн башчысы болуп ишке орношту. Айылдын көзгө көрүнгөн жаштары да ушулар болчу. Бирин экин жаңыдан аскерге чакырылып жүргөндөрү эле аралашпаса, менден эки-үч жаш улуу болгондоруна карабай, аскерден келгенден баштап эле мени менен теңтуш болушуп, бозолору болуп калганда, тоок сойсо да мени чакырышып ынтымак болуп кеттик. Кобүнчө мурда бригадир, ферма башчысы боло коюп жүргөн Калдарбектин бир тууган акеси Жусупжан, бирин-экин кой эчкиси бар оокаттуу киши болгондуктан, жайкысын козу, улак, кышкысын согумга бодо мал союп, ошонун үйүнө көбүрөөк келип тамак ичишип, ошондо мени да чакырышат эле. Анда бозо ичип, ырдап, кыздар менен чогуу болушуп, жарым түнгө чейин ойногон күндөр да өттү.

Бир күнү мен, конторада олтурсам, башкарма Абдырахман мени копкө имере тиктеп туруп, «Сен чогуу басып, чогуу ичип ээрчишип жүрөсүң. -Тиги досторуң эмне деп атышат?»-деп калды. Мен суроосунун төркүнүнө түшүнбөй, «Эмне жөнүндө айтышканын сурап атасыз аксакал?»-десем, ал орсок тишин ырсайтып, сейрек чычайган мурутун былкылдатып, мени суроолу тиктеп туруп, «Жанагы менин үстүмдөн

жазылган арыз боюнча»-деди. Мен. «Алардан андай созду укканым жок. -Бозо ичип ырдашып, ойношуп олтуруп, кээде улактын, тоокту, кээде Жусупжандыкынан согумдун этин жеп, тарап кетишет»-десем, ал мени ишенбегендей тиктеп турганын сездим.

Кийинки 1947-жылдын февраль айында прокурордун тергөөчүсү келип, башкарманын үйүнө жатып алып, беш күн ар кимди конторага чакырып сурак жүргүздү. Анан районго Калдарбектин акеси Жусупжанды эзрчитип кетип, ошондон нары келтирбей камап коюптур. Аркимдердин айтуусу боюнча ат уурдап саткан имиш. Тергөөчү кайра келип. «Арыздагы башкарма сатып жок кылган жүз кой, жети уй, беш бээ жонүндо дагы башка эмне билесиң? -Декабрьдагы инвентардык санакты сен жыйынтыктаптырсың. -Санакка дагы катышыптырсың. -Ошончо мал жетпей калды беле?»-деди. Мен, «Санакка райондон келген, колхоздон түзүлгөн комиссия менен санаганбыз. -Жетпеген мал болгон эмес «Башкарма саткан»-дегенди укkан да эмесмин. -Ал боюнча эч нерсе билбейм»-дедим. Тергөөчү эки барак кагазга жазылган арызды пыпкасынан алып чыгып, менден «Бул арызды ким жазганын билесиңби?»-деп сурады. Мен, «Жок билбейм»-дедим. Мында. «Кабак кыштоосунан көчкү алды»-деп, жетимиш кой, беш жылкыны жалган акты жазып чыгарганы жазылыптыр. -Ал жонүндо эмне билесиң?»-деп сурады. «Ал акты өткөн кышта жазылыптыр. -Ал кезде мен бул колхоздо иштеген эмесмин. -Мен бул колхозго апрель айында келдим»-деп, жооп бердим.

Ошентип айылдан милиция, прокурор кетпей сурак жасап, бул айылдын да тынчы кетти. Айылдагылар буту менен баспай, оозу менен басып, айылды ушак аралап, адамдар бири-бирине ишенбей тиктешип, «Алда эмне дейт»-дешип, шектене башташты. Ошол кезде, он чактыдай күн ооруп эле Сейитакун олуп, кой ферма болуп жүргөн агасы Зекиракун түштүккө качып кетти. Ага удаа, уй ферма башчысы болгон аял да түштүккө кетип калыптыр. «Уй саткандары чын имиш»-дешип, узун тилдүүлөрдүн тилдери соймондой кыштакты кыдырып атты. Анысы аз келгенсип, Салый койчу таза, оорубай эле Кабактан келип, атасынын үйүнө жатып эле өлүп калат. Аны да тынч койбой, «Тиги башкарманыкына келип бозо ичкен экен. -Жанагы койду ошонун коросунан саткан имиш. «Айтып күбө болот»-деп, башкарманын аялы уу берип койгон имиш»-деп, ушак сөз чыгарышты. «Арызды жалган жерден жазган. башкармага жалаа жабууга аракет жасап, элди бузган»-деп, Сейтаалы. Калдарбек кызматтарынан алынып, камакка алынарында экөө тең түштүкө качып кетишти. Молдаалы калпа суранып жатып, баласы Сейтаалыны куткарып алып, айыпты Калдарбекке жүктөштү. Башкарма Абдыракман, анын аялы, баласы, өзгочо мен жакшы көргөн кызы, мени менен сүйлөшпөй, көз караштары өзгөргөнүн байкап, арыз жазып, «Шартыма байланыштуу жумуштан бошотууңузду сурайм»-деп, башкарманын өзүнө берип, келишимдеги акымды да албай, айылга кетип калдым.

Айылга барып, колхоздун өндүрүшүнө, комсомол комитетинин секретары, тоют бригадиринин бригадири болуп иштеп калдым. Колхозго жаңыдан башкарма болгон Орозов Масыракун, менден беш-алты жаш эле улуу, бир айылда чогуу өскөн, тең курбудай адам эле. Жакшы мамиледе болуп, иште көңүлдүү баштап, ишке жандуу кириштим. Комсомолдук жаштардан тоют даярдоочу бригада түздүм. Үй-Булак участогунда, «Жемге»-деп тоют бригадасынын карамагына отуз гектар арпа айдап, Үй-Булактын булагынын киргени тартылгыча биринчи сугатын чала-чарпыт бүтүрүп калдым. Үй-Булак, Байдамтал, Элчибектен чабылчу табигый чөп чабындыны жаштардын күчү менен толук чаап жыйып, Үй-Булактагы арпанын орогуна түштүк. Чала-чарпыт суу ичсе да, арпа жакшы болду. Ноябрь айындагы биринчи жааган карда эң акыркысын бастырып, кампага төктүк. Арпа гектарына он беш центнерден айланды. Бул ошол кездеги эң көп алынган түшүм эле. Ошондо кырманчы Амалбек акенин аялы, кар жаап, биз арпанын акыркысын ташып жатканда төрөп, баласынын атын мен "Арпачы"-деп койгон элем. Ошол Арпачы азыр Атай айылында жашайт. Колхоз тоют топтоо планын ашык аткарып, комсомолдук бригаданын зоболосу көтөрүлүп, райондук активде, комсомолдук чогулушта макталып, сөзгө алына баштадык.

Райондук комсомол комитетинин биринчи катчысы Сейдаалиев Эрмек катышып, комсомолдун айылдык комитетинин чогулушу болуп, комитеттин бир жылдык иштеген иши боюнча мен отчет бердим. Чогулушта, райондук комсомол комитетинин пленумуна мени баш кылып, комсомолдун беш мүчөсүн делегат катары шайлашты. Райондук комсомол комитетинин биринчи катчысы Сейдаалиевдин докладына пленумда катуу сындар айтылып, пленум курч өттү. Пленумда мени пленумга мүчө катары киргизишип, комсомолдун уюштуруу бөлүмүнүн башчысына сунушташып, жашыруун бюллетен салганга келгенде, андагы менин атым окулбай калыптыр. Пленум тарап, кетип атсам, Сейдаалиев чакырып, «Асек сен капа болбо. -Сени мен көрсөтсөм, айрым жетекчилер сени райкомдун биринчи катчысына жамандап, «Эл бузар, эки колхоздо эсепчи болуп иштеп, арыз уюштурган»-дешиптир. -Аппарат жетекчилигине көрсөткөнүмдө тизмеден сени ал алдырып койду. -Бирок пленумда сен мүчө катары калдың. -Мен биринчи катчы менен дагы сүйлөшүп көрөм. -Азырынча иштеп тур»-деп, көңүл жубатып айткандай болду. Бирок, ошондон кийин менин, райондун партиялык комитетине, укук коргоо уюмдарына болгон ишенбөөчүлүгүм дагы бекемдеди. Кызыл-Октябрь колхозундагы үй ферма башчысынын ак жерден камалып кесилгенин, башкарманын жалган жалаага калып бошоп кеткенин, Кара-Булак колхозунда күнөөкөрлөр ишин таштап, жазадан качып жатканына карабай, ошолорду далилдеп аткан Калдарбекти күнөөлөп, анын агасы Жусупжанды жалган жалаага жыгып, соттотуп ийгендери, мага жасашкан мына бул акыйкатсыздыктары эсимен кетпей койду. Келечек тууралуу көпкө ойлонуп, акырында, «Элиме, туулган жеримде иштеп, баба дыйкан болсом деген бала

кездеги оюмду ойрондоткон, мындай калыстыгы жок, чагымчыл чейреден кетип, мүмкүнчүлүк болсо, бир жерге барып окууга кирип окуп, заманбап билим алайын»- деген бүтүмгө токтодум.

Зооветтехникумга студент болушум

Ошентип, мен **1949**-жылы июльда Жалал-Абад шаарындагы зооветтехникумга келип документтеримди тапшырдым. Мектептө артыкчылык баа менен окуганымдан август айында экзаменден кыйналбай эле өтүп, студент болуп калдым. Согуштан кийинки каатчылыктын залалдары дагы эле кете элек болчу. Паёк менен беш жүз грамм нан берилчү. Жакшы жери, техникумдун жатакана менен камсыз кылганы болду. Сентябырдын аягына жетпей эле, бизди, студенттерди пахта тергенге Ленин районуна алып барышты. Биздин группа Рахманжан атындагы колхозго бөлүндү. Жата турган жерибиз колхоздун клубу болчу. Таң азандан пахта тергенге кетип, талаа станынан эртең мененки, түшкү тамакты ичип, кечке пахта теребиз. Беш күн пахта тергенде эле колумдун манжаларын козекке сайдырып, жара кылып алып, бинт менен таңып алдым. Күнүгө жанымы үрөсөм да элүү кило пахтаны зорго терем. Кээ бир балдар жүз, жүз элүүгө жеткире теришет. Бизди жетектеп барган окуу бөлүмүнүн башчысы Шаповалова түшкү тамакта мени чакырып, «Колхоздун пахта кабыл алган эсепчиси балдардын терген пахтасын туура тартпай, кемитип жатат. Балдар пахтага кошуп, таш сала келип, тарттырып жатышат»-деп, кине коюп жатат. Ошонун жанына бизден бир киши отурушу зарыл болууда. Мен дайым ал жерде отура албай жатам. Анан колхоз менен кечкисин эсептешип туруу да зарыл. Сен ошого иште»-деп, мага сунуштады. Анан мени алып калып, эсепчиликке дайындап, биринчи курска келген зоотехник, ветеринардык факультетин **150** студенттерин чогултуп, «Силер колхоздун эсепчиси менен чырдашпагыла. Мындан нары Абдылдаев аны менен кошо болуп, силердин пахтаны кабыл алат. Силер иш, эмгек акыңар боюнча Абдылдаевге кайрылып тургула. Ал силердин студенттик жетекчиңер болот»-деп, дайындады. Ошондон баштап эсепчинин жанында пахтаны таразага тартып кабыл алып калдым. Эсепчи жакшы киши экен, үч-торт күндон кийин эле мага ишенип, «Ука, студенттериңдикин өзүнчө, биздин пахтачылардыкын өзүнчө тартып, жазып туруң»-деп, эсебин жазган дептерин мага берчүү болду.

Биз бир жарым ай пахта тергенден кийин, талаада пахта калбай калганда, колхоз бизди бошотту. Шаповалова менин жаныма Горбунов деген орус студентти кошуп, «Колхоз менен эсептешип, акчаны алып келгиле»-деп, өзү студенттерди алып кетти. Колхоздун бухгалториясында, күнүгө терген он беш күнүбүзгө бир кило пахтага, он беш тыйындан, акыркы он беш күнгө элү тыйындан эсептеп, ичкен тамак ашыбызга кармап, калганын эсептеп, жыйырма миң сом акча берди. Андан сырткары **50** килограмм кант, он килограмм тоң май берди.

Колхоздун башкармасы, «План 110 % аткарылды. Жакшы жардам кылдыңар. Сен жаман иштегениң жок»-деп, мага беш жүз сом сыйлык берди.

Окууга келгенде, техникумдун директору Орунбай Калимбетович Калишев, окуу болумунун башчысы Шаповаловалар, «Кантты, майды ашканага откорүп бер. Акчаны ким канча тергенине жараша ведомость менен тарат»-деп, мага тапшырды. Эсепчи болгон бир жарым айга колхоз үч жүз сом тологон. Техникумдун деректири Орунбай Калимбетович, «Жыйырма миңдин он тогузун таратып, жети жүзүн сен, үч жүзүн Горбуновко бер. -Ал сени менен иштеди»-деди. Мен директордун айтканындай, студенттерге, терген пахтасына жараша эсептеп таратып бердим. Окугандан баштап, староста, техникумдун комсомол уюмунун экинчи катчылыгына шайлашты. Жарым жылдыкта бардык экзаменден беш алып, Сталиндик стипендияга жетиштим.

Ошентип, андан кийинки торт жыл бою Сталиндик стипендия алып, ар жылы пахтага Ленин, Базар-Коргон райондоруна барганда, техникум боюнча беш жүздөй баланын башчысы болуп, жетекчиси, бухгалтери болуп, колхоздор менен эсептешип, эмгек акыларын алып келип берип жүрүп, техникумду **1954**- жылы кызыл диплом менен аяктап, Москвадагы Тимирязев атындагы Академияга жолдомо алдым. Ошентип Москвага окуумду улантууга кетмек болдум. Техникумдун үчүнчү курсунда үйлөнгөн аялым Сабыркан төрөп, Бермет аттуу кыздуу болгонбуз. Кызым бир жаштан өтүп, «Ата»-деп, басып калган. Элдик макалдагы, "Ойлогон ойду турмуш жеңет"-дегендей болуп, менин Москвага барып окушума, биринчиден «Окууга кетсем жубайым Сабыркан менен кызым Берметтин тагдыры кандай болот»-деген, ой кыйнап, экинчиден ошол учурда каражатымдын жоктугунан бир айча эс алып, анан, «Акыркы курста практикагада торт ай иштеген Ноокен районунун Сакалды РТСына барып, иштеп каражат топтойун»-деп чечип, үгө эс алууга кетмек болдум. Мен практикага барып жүргондө РТС тын жетекчиси, «Окууңду бүткөндө бизге келип иште»-деп, чакырган болчу. Ошол мезгилде, Жалал-Абат шаарында окуган Тогуз-Торолук студенттердин бүтүрүүчүлөрүн өз районуна жиберүүнү сураныш, обкомго өтүнүч кат менен. Тогуз-Торо райкомунун үчүнчү катчысы Кожалиев Турганбай келиптир. Ал киши обкомдун макулдугун алып, Жалал-Абад зоо-ветеринардык техникумунда, педагогикалык эки жылдык институтта окуган мугалим болчу балдардын бардыгына, Тогуз-Торого жолдомо бердирип, аны менен кошо барган Абилмажин акемди жиберип мени да чакыртып алды. Чогулган бүтүрүүчүлөрдүн бардыгы, «Оз районубузга барып иштейбиз»-деп айтышканда, мен кана үн чыгарганым жок. Анткени мен бала кезимден, техникумга келгенге чейин өз районумда иштеп, андагы акыйкатсыздыкты көргөнүм үчүн, кайрып баргым келген эмес эле. Аздыр-көптүр, мен пахта терип жүргондө, практикада иштеген кезимде, Базар-Коргон районунда бизге караганда калыстыктын барын көрүп, ичимден ыраазы болчу элем. Райкомдун катчысы балдар менен сүйлөшүп, тараткандан кийин, мени алып калып

жекече сүйлоштү. Мен окууга чейин үч жыл айылымда иштеп, калыстыктын жоктугуна нааразы болгонумду, ошол себептерден баргым келбегенин айттым. Турганбай Кожалиев аксакал мени угуп олтуруп, «Айтканыңда чындык бар. -Айыл чарбасында да, укук коргоо органдарында да, ал түгүл советтик, партиялык органдарда кемчилдиктер бар. -Аны партия көрүп, билип турат. -Бирок кадрдын жетишсиздигинен жойо албай келе жатабыз. -Башкарма, ферма башчы, бригадирлерге чейин сабатсыз адамдар иштеп атышат. -Айыл чарба адистери жокко эсе. -Бир жылдык эле ар кандай курстардан окуп келгендер иштеп атышат. -Сен туура айтасың. -Биздин райондо иштоо кыйын. -Облустун борборунан 220 км., Республиканын борборунан 700 километр алыс. -Транспорт жүрбөйт. -Техникадан тартыш. -Керегиңди айлык маянага алган акчаңды кармап жүрүп да таап ала албайсың. -Базары жок, д,көндөргө да товардын ассортименти аз номенклатурада барат. -Ошол оор абалды, райондогу чагымчылдык сыяктуу терс көрүнүштөр орун алган чөйрөнү өзүнүн билимдүү балдары, мен, сен, бул, тигил барып өзгөртпөсө, оорчулугун жеңилдетпесек, сырттан бирөө келип элибизди көтөрүп, оорун жеңилдетип береби? -Антпей, сен өз районуңа барып иште. -Окууңду болсо сырттан окуп, улантсаң деле болот. -Сени мен өзүм ала кетейин. -Эмне болсо мага кайрылып тур. -Мен жардам көрсөтөм. -Үй-бүлөңдү болсо эки ай иштеп анан алып келсең болот. -Мен жумушуңдан уруксат алып берем»-деп, мага идеалогиялык «прививка» жасап «тарбиядан» өткөргөдөн кийин ынанып, менин патриоттук сезимим дагы кайрадан жанданып, Турганбай Кожалиев мени өзү менен кошо Тогуз-Торого алып кетмек болду. -Менин ынанышыма, бала кезибизден бир үйдө чоңойгон, Тилешов Абилмажин акемдин да, «Элибизге барып иште»-деп, суранганы да бир себеп болду.

Кайрадан кичи мекенимде

Ошентип, 1954-жылдын күзү өз районума иштөөгө келдим. Мен, Чет-Дөбө ветпунктунун башчылыгына дайындоо буйругун райондук мал дарылоо мекемесинин башкы доктурунан алып, ошо пункт тейлеген колхозго келдим. Колхоздун башкармасы алтымыштан ашып калган, чекир көз, чийкилинен келген, сакалын таза кырып, мурутун кыска серпип, үстүнкү ээрдинен ашырбай кармаган, жүзү нурлуу, улгайган жашта болсо да жаш жигиттердей какая эки ийнин кайкайтып, көтөрө басып, өз боюн таза кармаган, шыңга бойлуу кагелес адам экен. Конторасына кирип, саламдашкандан кийин, өзүмдү тааныштырып, окууну жаңы бүтүп келгеними, район ушу чарбаны тейлеген ветпунктка иштөөгө жибергенин айттым. Башкарма бир топко чейин ээрдин кымтып, башын ийкеп угуп олтуруп, «Келгениң жакшы. -Эки-үч айдан бери бизде иштеген мал доктур бала кетип калып, дайыны жок. -Кайда кеткенин деле билбейбиз. -Мал кароосуз калды. «Уйлар шарп болуп, аксак оору койлорго жугуп атат»-деп, районго маселе коюп атып, райондук мал дарылоо мекемесинен доктур чакырып келтирсек, беш-он күн кыдырып

коюп, «Тигил жакта да ишим бар»-деп, кетип калат. -Сен бул жерге туруктуу иштесең болду»-деди.

Күн түш ооп, кыштакка күзгү күндүн аптабы тийип, үп болуп турган. Башкарманын кабинети ысып кетиптир. Анын эки бети кан тамгандай кыпкызыл болуп, чекесинен чыбырчыктап майда тер чыгып, көйнөгүнүн галстугу жок жакасын жалжайта ачып, костюмунун бүчүлүктөрүн бүт бүчүлөбөй, ногой топучан, калпагы жок олтурган экен. Биз бир саатча олтуруп, мен да ысыкка чыдабай, чекемден чыпылдап тер чыгып кетти. Башкарма мага карап, «Кечинде башкармалыктын чогулушу болот. Келип катышып, колхоздун активдери менен таанышып анан, эртеңден баштап ишиңе кириш»-деп, мени кабинетинен узатты.

Колхоздун башкармалыгынын чогулушу башталаардын астында мени тургузуп иштөөгө, ушул ветпункттун башчысы болуп келгениими, окууну жаңы эле быйыл бүткөнүмү, атымы, атамын атын айтып тааныштырды. Анан адистерин бирден тургузуп, «Алсейит-кой фермanын башчысы, Тополоң-жылкы фермасынын башчысы. Алабарман-уй ферманын башчысы. Карбалас. Барктабас- бригадирлер. Алардын фамилияларын кийин билип аласың. Сенин ишиң ушул жолдоштор менен байланыштуу»-деди. Башкармалыктын отурумунда каралчу иштерин андан кийин улантып, чогулуш аяктаганда, «Тополоң, сен бул жигитке ат унаасын, санитарын тааныштырып, эртең тоогоээрчите кет. Алсейит, сен бардык короолорду көрсөтүп аксакты дарылатууну колуңа ал. Ой Алабарман, сен жанагы шарп менен ооруган уйларды толук дарылаткын»-деп, аларга озунчө тапшырма берди. Ферма башчы, бригадирлердин баары башкарма курдуу улгайган адамдар экен. Уй фермасыны башчысы Алабарман кана кыркка чыга элек, сакал-муруту жок көсөө, бою он беш-он алтыдагы балдардай кодо, туурасы чыгып, былтыйган семиз, кышылдап энтигип сүйлогон адам экен. «Чамасы ошол боюнун кодолугунан, семиздигинен энтигип сүйлөгөнүно караганда, жүрөк-өпкөсүндө оорусу барынан аскерге барбай калган го»-деп, ойлоп койдум ичимден. Сыртка чыкканда, Тополоң, «Ой бала. Эртең менен санитар Элебестикинде бол. Мен ошол жерге барам. Ошондогу атты сага алып берем. Анан чогуу кетебиз. Тоого барганда жолугасың. Ошол жерден башкарма сага берген атты берем» - деп, басып кетти.

Эртеңменен эрте, кыштактын чет жагындагы кочодө жашаган Элебес санитардын үйүн сурап, таап бардым. Элебес санитар жетимиштердеги абышка экен. Сурашып таанышкандан кийин, «Келгениң жакшы балам. -Колхоздо малдын абалы оор. -Эки-үч ай болду, мал доктур жок. -Айдын аягында тиги райондук мал доктурду чакырып олгон малды корсөтүп, акты жазыдырышканы менен, ал доктур малды карабайт. -Барганда коросүң го балам. -Короо сайын 30-40 тап, короодон чыкпаган аксак кой-козу жатат. -Ар бир короодо **10-15** тен өлгөн кой-козу бар.- «Сен санитарсың. Дарыла»-дешет. -Мен көк таш сээп, креалин сүйкогон болом. -Аным аларга таасир деле етпейт. -Кырылып олуп атат»-деди. Элебес аксакал экөөбүз ошентип сүйлөшүп, байбичеси кайнатып келген

чайга жаңы эле олтуруп чай ичe баштаганыбызда, бакылдап Тополоң менен Алабарман келди. Чогуу чайлашып олтуруп, «Тополоң сенин-атың бар. Бул доктурга баягы күнкү мен алып келип берген атты токуп бер»-дегенде, Элебес, «Аксакал ал атың өтө арык экен. Тоого жетпей калбас бэкен»-деди. Тополоң колун шилтеп, «Жетет, аны эптеп жеткирсең тоодон бул балага башкарма бер деген атты берип, аны тоого кое берсек оңолуп кетет»-деп койду.

Эртең менен эле мен келгенде, «Тоого барабыз»-деп, Элебес аксакал аттарды таап келгени жиберген баласы эки атты жетелеп келип калды. Төртообүз ээрчишип тоого жөнөдүк. Он чакты километр аны-муну айтышып,Тополоң, мен, Алабарман болуп чогуу келе жатканыбызда, мен минген ат баспай андан тер кетип, эки кулагы шалпайып туруп калды. Аргасыздан мен аттан түшүп, алар куржундарынан ала келген тамактарын алып чыгышып, Тополоң бакылдап, «Талаанын тамагы таттуу, талаа кең жер, улуу кичүүгө тең жер"-деп, кийген плашын жая салып, бир бөтөлкө арактy алып чыгып, биринчи стаканды озү көтөрүп, экинчисин мага сунду. Мен, «Рахмат. Мен ичпейм»-деп, плаштын үстүнө жайган кичине дасторкондогу «Закускага»-деген этинен кичине кесимин алып озума салдым. Аны сүрөп, Алабарман мага насаат окуй баштады. «Ой жигит алып кой. -Ушу жашыңда ичип жебесең, өмүрдүн рахатын качан көрөсүң? -Же сен кызсыңбы? -Жигитсиң го. -Азыр кыздар деле ичип атышат.- Бул тамак өмүрдүн азыгы. -Жашоонун рахаты эмеспи»-деп кирди. Элебес аксакал кийлигишип, «Ичпеген баланы кыстабай өзүң иче бербейсиңби»-деди. Экоо эртең менен да «баш жазышканбы», айтор бакылдашып кызуу. Экоо ошентип атып, бир күкөмдан ичишип, калганын шишеси менен чөнтөгүнө салып, аттанып кетишти. Кетээринде, «Силер атыңарды эс алдырып, жай эле келе бергиле»-деп, Тополоң алдыга бастырып Алабарман экоо кетип калышты.

Ошол күнү баспаган атты откоруп, эс алдырып минип, жетелеп жүрүп, эл жата озондогу субай уй баккан уйчу Жумаштыкына жетип түнөдүк. Эки күн озондогу уй баккан малчылар менен болуп, шарптан айыкпай жаткан уйларды колдо болгон дары менен дарылап, үчүнчү күнү санитар Элебес аксакалды, «Ушинтип дарылап туруңуз»-деп калтырып, Козу-жайыктагы чабандарды карай жонол кеттим. Ал жерден кой ферма Алсейит акеге жолугуп, аны менен дээрлик бардык жайлоодогу койлорду кыдырып чыктым. Кыштакта, санитар Элебес айткандай короо сайын **10-15** тен өлгон кой-козу, **20-30** дан аксак кой-козу короодон чыкпай жатат. Койлор үч бутунан, кээси эки бутунан аксап, кээсинин шийбелчеги чирип түшүп калган экен. Дарылаганга дары, таңганга таңуу жок. Ферма башчысына, «Дарылап аракет жасайм. Ал үчүн башкармага авалды айтып, ветаптекадан дары, бинт саттырып алып келиш керек. Эгер башкарма бир койчу берсе бүт аксакты бөлүп алып, жем-чоп берип, жайытка чыга албаганына жарма жасап берип, багууну колго алуу кажет. Сиз башкармага кеңешип келесизби?»-десем, ал, «Башкарма мени уктайт. Бул абалды ага мен бир канча жолу айткам. Ал, «Жайдын күнү жем-чоп берип колхозду чыгымга учураталыбы? Чабандыкка киши жок.

Аксак кой эмес, козу бакканга чабан таппай атабыз»-деп койгон. Барбайм. Өлсө колхоздун койу өлөт. Мен башкармадан бекер тил угайынбы, ушул үчүн дагы»-деп, макул болбой койду. Мен ар бир короодогу чабандар менен пикир алышсам, алар деле ошондой кайдигер мамиле жасап калышыптыр. Алар, «Кой кайтарабызбы же аксакты дарылайбызбы? -Өлсө өлө берсин»-дегендей. Кээси ачык эле, «Дарылап айыктырбайсыңарбы. -Бул жагынан өлүп жатса, тигил жагынан жаңысы аксап, короодон чыга албай атат»-деп мага чабуул коюп атышты. Кечз, «Турусбек»-деген чабан ичип алганбы, айтор ал абдан мас экен. Мен анын короосундагы аксакты дарылап атсам, аксак койду кармап берип, бутун жууганда суу куюп берип аткан байбичесин согуп, «Ал койду сен неге дарылашып атасың? -Ал үчүн мал доктур айлык алат. -Өзү кармап, өзү дарылап айыктырып, айлыкты актап алсын»-деди. Ферма башчысы, «Кой колхоздуку. -Ал мал доктурдуку эмес, сен экөөбүз ушунун эсебинен нан жеп атабыз. -Сен эмнеге дарылашпайсың?»-дегенине болбой согүнгөндө, мен, үн сөзсүз аттанып кеттим да, «Башкармага өзүм барып чечишейин»-деп, жылкы ферманын башчысын издеп, жылкычылар турган Ой-Талаа жайлоосуна бардым.

Жылкы ферма башчысы эки жылкычысы болуп, бир атка жылкынын этин, бир атка кымыз жүктөп кыштакка жөнөп атыптыр. Мен салам айтып түшкөндө эле, «Ой Беккелди. Мына бу өлгөн бээнин өпкөсүн бул доктурга көрсөтүп кой. Отчёттон чыккыдай болсун»-деп, аркы желе жактан бээ саадырып келе жаткан жылкычыга кыйкырып, өзү ары жакка басып кетти. Мен ээрчий басып, «Аксакал, башкарма айткан атты берсеңиз, минип алып мен да ойго түшүп башкарма менен сүйлөшүп, аксак койлорду бөлүп, дарылайын. Чабан дайындап дарыдармак алып беришин чечиш кере болуп атат»-дедим. Ал, «Ой балакай сен башкарманы билбейсиң. Ал мага, ат берип коюумду айтканы, сени жон эле "иттен" чыгарганы. Ат жок. Кечеги минип келген атыңы минип иштей бер, аксагыңды дарылап»-деди. Мен, ага өзү көргөндөй, мага берген аттын жолдо баспай калганын, ат өтө арыктап калганын, тоого коё берип эс алдырып, тыңытпаса болбоорун айтсам, ал, «Айттым го, ат жок»-деп койду.

Ошентип, колхоздун конторасы турган жерге жете албай, «Башкармага ал-акыбалды билдирип кат аркылуу жазып берип жиберейин»-десем, бул ферма башчысы катты башкармага бергидей эмес экенин түшүндүм. Башка бара турган кишиден берип жиберүү максатында издеп турсам, жылкычы Беккелди үйүнө чакырып, почточу Жээнкул келгенин, ал кете элегин, азыраак кымыз алып кете турганын айтты. Мен авалды толук жазып, башкармага берип койуусун өтүнүп, Жээнкул почточуга тапшырдым.

Биртоп күн аркайсы чабандын атын сурап минип, мал дарылап жүрүп, айдын аягында мен курлуу жаш чабандын атын сурап минип, кыштакка түшүп, түз эле колхоздун конторасына барып, башкарманын кабинетине кирдим. Башкарма жалгыз олтуруптур. Салам айтсам алик албай, «Ой жигит бул сенин эмине деп жазганың»-деп, баягы күнкү мен

жазган катты бүктой кармап көрсөтүп, «Мен сенин атаң курдуу адаммын. -Бир колхоз элдин башкармасымын. —«Улуу экен» деп, сыйлабасаң да, башкармалык ордумду сыйлабайсыңбы? -Мен сага ит эмесмин, тартип көрбөгөн. -Адам менен адамча иштешкенди билбеген анык ит сен окшойсуң. -Мен сени менен иштешпеймин. -Кайдан келсең ошол жагыңа кет. -Чык, чыгып кет конторадан»-десе болобу? Эмне дээримди билбей, бир азга озумду жогото түшүп, таң кала башкарманы тиктеп туруп калдым. Бир аздан кийин озумду колго кармап, акылымды жыйып, «Аксакал сизди ким ит дептир? -Мен сизге жазган катта андай жазган эмесмин»- дедим. Башкарманын чекир көзү тирмейип, мени теше тиктеп, кыска сары муруту биринден, колундагы баракты көрсөтүп, «Мына жазганың. -Муну, сени бизге жиберген чоңуна тийиштү жерде окутуп туруп, анан чечишем сени менен»-деди. Мен озумду токтоо кармоого аракеттенип, «Аксакал бироолор менин атымдан сизге ошондой катты жазып ийбесе, мен андай катты жазган эмесмин. -Бериңизчи, менин колумбу же меники эмеси көрөйүн»-десем, ал, «Бербейм, көрчү жерде көресүң»-деди. Мен, «Аксакал алдыгы катты бироо атайын ошентип жазып, же ошентип окуп берип жүрбөсүн? -Же өзүңүз ката окуп албаңыз? -Бухгалтериңизди чыкырып, мага угуза окутуп, менин колум экенин мага көрсөтүп тааныпайсызбы»-дедим. Ушул сөзүм жүйөлүү угулдубу, айтор бир аз ойлуу олтуруп башкы бухгалтерин, коңгуроосун шыңгыратып чыкырып, ал келгенде колундагы кагазды сунуп, «Ме муну тиги балага көрсөт. -Кол озүнүкүбү экенин көрсүн анан озүнө угуза окуп бер»-деди. Эсепчиси катты алып, бүктөөсүн жазып, мага көрсөтүп, «Сенин колуңбу?»-деп сурады. Мен, «Ооба менин колум»-деген соң, ал окуй баштады.

«Аксакал саламатсызбы? Бул жакта абал оор экен. Дээрлик отуз короодо аксак он-бештен кой-козу короодон чыкпай жатат. Өлгөндөрү да ошончодон. Дары-дармек, бинт жок. Короодон дарылоо кыйын. Ооруганларды озунче короого бөлүп, жем-чөп берип, жайытка чыгарбай дарылоо керек. Чабан дайындап, бир сарайга жыйнабасак болчудай эмес. Короодо оорулуусу тазасы менен чогуу болуп, улам тазасына жугуп атат. Ушул авалды айтып, «Башкарма менен кеңешип кел»-десем, кой ферманын башчысы, мени укпай, «Өзүң бар»-деп, болбой койду. «Озүм барып сизге түшүндүрөйүн»-деп, сиз бер деген атты берүүсүн сурап жылкы ферманын башчысына айтсам, ал, «Ой балакай. Башкарма сени мага, «Ат берет»- деп жибергени, жон эле "иттен" чыгарып жонөткөнү. Ат жок»- деп, сиз, берет деген атты бербей койду. Жоо жүрөм. Жардам кылыңыз»- деп окуп, эсепчи катты кайра башкармага сунду.

Башкарма эсепчи сунган катты алып столунун чет жагына таштап туруп, «Тиги Тополоңду таптырып келчи»-деди, эсепчисине. Мен үн сөзсүз, «Башкарма дагы эмне дээр экен»-деп, каршы маңдайындагы отургучка барып, күтүп отура бердим.

Эсепчи Тополоңду, жылкы ферма башчысын ал күнү таба албай, конторага келген жок. Башкарма мага карап, "Башы оорубагандын

Кудай мене иши жок"-деген макалды айтып, «Аксак койду чогултуп бакканга эмес, козуну бөлгөнгө чабан таппай атабыз. -Анан күн жылуу, жер карада жем-чөп берип кашарга кой кармап, колхозду чыгымдар кылабызбы? -Дары-дармекти мурдагы доктурлар, «Сатып бер»-дебей эле, өздөрү иштеген лечебницасынан эле алышчу. -Сен кап-кайдагы жокторду айтып, башты оорутпасаңчы»-деди. Анан эстей калдыбы, айтор, «Жигит сен атты да ошол иштеген жериңден мин. -Ат берүүгө колхоз милдеттүү эмес. -Иштесең жөн иште. -Эгер иштегиң келбесе кете берчи. -Сенден бөлөгү деле келип иштейт»-деди. Мен өзүмдү кармап, улуу киши менен кайым айтышкым келбей, «Аксакал, сиз айткандай мен кетсем, башка дагы бирөө келип иштей берет. -Ал деле, мен деле ветлечебницадан айлык алып, силерге өлгөн малыңарга акты жазып берип, жүрө берсек деле болот. -Сиз, «Колхоз жер карада жем-чөп берип зыян тартабы?»-дейсиз. -Айына 300-400 дөн кой-козу даарылабагандан, багуусуздан аксап өлүп атат. -Балансалык баасы менен эсептетип көрүңүзчү эсепчиңизге. -Бир жылда үч миң кой-козу олсо, колхозго канча чыгым келээрин»-дедим. Башкарма теригип, «Мени менен кайым айтышпай иштейсиңби же кетесиңби?»-деди. Мен, «Ат берип, айткан талаптарымды аткарсаңыз иштейм»-деп, жооп бердим. Ошондо башкарма телефонду алып райондун башкы ветврачына чалып, «Жанагы доктур балаң келди. -Мына өзүң сүйлөш»-деп, телефонду мага сунду. Мен, «Ало»-дегенде эле башкы врач, саламга келбей эле, сен эмнеге башкарманы итке теңеп тилдеп кат жазгансың»-десе болобу, ал дагы. Мен, «Биз ал катты чечиштик. -Бул киши жаңылып окуп алыптыр. -Ал жөнүндө барганда айтып берем. -Азыр аксак койлорго даары, бинт керек болуп атат. -Баардык короодо 20-30 дан болуп, 300 дөн ашык аксак кой-козулар бар экен. -Четинен өлүп атат.- Азыр өлүгү да 300 дөн ашык кой-козу болуп калыптыр. -Башкармадан, «Чабан дайындап берсеңиз, болуп алып тазасына кошпой дарылайлы. -Дары-дармек, бинт сатып бериңиз. -Мингенге ат бериңиз»- десем ал, киши «Лечебницадан ал. -Иштебесең кете бер деп атат»-десем, ал, «Телефонду башкармага берчи»-деди. Башкарма менен райондун башкы мал доктуру бир топ көпкө сүйлөшүп, «Сен-мен»-деп, айтышып атып, тил табыша албай койуштубу, айтор башкарма телефонду кайра мага сунду. Чамасы башкы врач трубканы мага берүүнү суранса керек? Ал мага телефондон, «Эгер башкарма айтканыңа макул болбосо тим эле кой. -Мал колхоздуку. -Башкарма, «Малы өлсө өлө берсин»-десе, сен ага эмнеге күйүп бышасың? -Мал меники да сеники да эмес. -Ветлечебницада колхоз үчүн каралган дары-дармек жок. -Ошол болумдо эки ат бар. -Мингенге жарабаса жөө иштемек белең? -Докладтык кат жазып, көчүрмөсүн колхоздун башкармасына берип коюп, өзүң келебер»-деп, телефонду коюп койду.

Ошентип, колхоздун башкармасы менен райондун башкы мал доктуру тил табыша албаганын билгеним соң, үн катпай кабинетинен жылып чыгып кеттим да, өзүмдү өзүм ичимден тилдеп, «Мына ушуну көрмөксүң. -Сага чала болот. —Патриот болуп оз районуңа кызмат кыл. -

Айылыңдын маданиятын, экономикасын көтөрүп жат. -Москвага окууга кете албаган соң, аз болсо да акыйкат бар эле «Келип иште»- деп чакырган, төрт ай практика өткөргөн Базар-Коргон районуна эле барып иштесең бул кордукту көрбөйт элең. -Эми кимге барасың? -Сени ким угат? -Сени алып келген үчүнчү катчыбы?-Ага айтсаң, иштешей албай арызданып келдиңби?- деп, сураса, сен эмне дейсиң?» -деп ойлонуп, маанайым пас, конторанын жанындагы жети жылдык мектепке бардым. Мектептин директору Жумагазы мени менен коңүлү жакын, жашы тең күрбүм эле. Ага абалымды айтып, ой бөлүшкүм келди. Бирок ага барган соң, ал оюмдан айнып, ага, «Иштей албай башкармадан тил угуп, арыздан-гандай болбойун»-деп, намызданып, сыр билгизбей, мектептин спорт аянтчасында мугалимдер менен волейбол ойноп кеч киргиздим. Анан ичимдеги добушум, «Эгер башкарма көз карашын өзгөртсө, сенин талап кылганыңдын баары колхоздун кызыкчылыгы үчүн экенин ойлоп түшүнүп, шарт түзсө иштей бербейсиңби? -Кимге таарынасың? -Билими жок, сабатсыз, жада калса жазылган катты жакшы окуй албай чуулдатып, чуу салып аткан чалгабы?»-деп, мага суроолорду берип атты.

Эртеси да мектепке келип волейбол ойноп атсам, кой ферманын башчысы келип, «Тоого барып, өлгөн малды көрүп келели. -Эсеп бергенге жакын калды. -Башкарма сага жиберди. -Барса-барсын, барбаса райондон башка мал доктур чакыртып көрсөтөөрүн айтты»-деди. Мен ага, «Барбайм. -Башкармага айтып барыңыз. -Жөө бармак бэлэм. -Мен сурап минип келген атты чабан кайра алып кеткен. «Сен менен иштешпейм, кете бер»-деп айткан башкарма. «Эми эмнеге мени кайра чакырып атат? -Өлгөн малын райондон мал доктур чакырып көрсөтө берсин»-дедим. Ошол убакта мектептин директору Жумагазы, «Түш болду, жүр үйгө»-деп, мени үйүнө чакырып калды. Ошол күн дем алыш күн болгондуктан мектепке барбай, экообуз шахмат ойноп баштадык. Шахмат ойногонум менен оюм баары бир иш менен алек болду. Ошол убакта мен, «Жашоо бул карама-каршылыктуу күрөш экен. -Бул күрөштө күчтүүлөр гана жеңишке жетет. -Дагы чакыртса барып, берген атын минип алып ишиңди улантып, ишти жакшыртып, аксакты айыктырып, өлүмдү кыскартып, керек болсо кой-козуну такыр олтурбөөгө аракет жаса. -Ал сенин адистик милдетиң. -Өз милдетин абийирдүү аткарып, алдына койгон максатын аткарган адам гана ийгиликтүү иштеп, бактылуу дагы боло алат»-деп, ойлонуп атканымда, досум шахматтын доскасын тарс эттирип, «Мат»- деп, менин көңүлүмдү шахмат доскасына кайрыды. Мен ойлорум менен алышып атып жүрүштү да эсептебей, ой келди жүрө берип матты да байкабай калыптырмын.

Бир убакта эшик тыкылдап чакырыкчы кирип, «Сени телефонго райкомдун катчысы чакырып атат»-деди. Конторага келип, кабинетинде олтурган башкармага салам айтсам, алик да албай, телефонду көтөрүп, «Алс жолдош катчы. -Доктур бала келди. -Мына, ал бир топ күндөн бери иштебей эле мектепте топ ойноп жүрөт. -Мени укпайт. -Мал кароосуз

калып өлүүдө. «Сизди чакырып атат»-деп атып, «Араң конторага келтирдим. -Өзү менен сүйлөшөсүзбү?»-деп, телефонду мага сунду. Мен салам айткандан кийин, райкомдун катчысы, «Асек сага эмине болду?»-деди. Мен, башкармага койгон талабымды айтып, аты жок жөө жүргонүмдү, башкарма, «Иштеше албайм кет дегенинен»-деп баштаганымда эле, ал, «Мен эртең барам. -Телефонду башкармага бер»-деди. Телефонду алып, аны көпкө чейин сүйлөбөй эле угуп олтуруп, анан телефонду ордуна коюп, мени жактырбаган көзү менен караганынан, «Катчыдан катуу сөз укkан го»-деп ойлоп турганымда, ал, «Эртең келмек болду. -Бар, барып тобуңу ойной бер»-деди, мени кекеерлеп.

Эртеси мектептин аянтчасында волейбол ойноп атканымда, башкарма айткандай эле чакырыкчы абышка келип, «Сени конторага чакырып атат, райкомдун катчысы келип»-деди. Келсем катчы башкарма экөө сүйлөшүп отурушуптур. Салам айтып экөөнүн каршысына тике туруп калдым. Катчы алик алып, колун суна учурашып, каршысынадагы олтургучту жаңсап көрсөтүп, «Олтур»-деди. Мен келгиче эле менин маселемди талкуулап атышканбы, айтор катчы мени беттеп, «Башкарма менен сүйлөштүм. -Сага ат берет. -Эртеңден баштап ветаптекадан сага керек дары-дармектердин бардыгын алдырып келип бермек болду»-дегенде, анын сөзүн бөлүп, «Жолдош катчы кеп ат, анан дары-дармекте эле эмес. -Аксак кой-козуларды тазасынан өзүнчө короого бөлүп, чабан, короо-сарай бөлүп берип, аларды жем-чөп берип багууда. -Кеп, аларга керектүү шарттардын баардыгын камсыз кылышта турат. -Аксак кой-козулар короодон чыгып оттой албай арыктап, кыйрап өлүп атат»-дедим. Райкомдун катчысы, «Аны да сүйлөштүк. -Башкарма сенин талабыңды толук аткармак болду. -Колхоздо зоотехник да жок экен. -Аны карашгырабыз»-дегенде, мен, «Жолдош катчы, ушул айылдык мени менен окуусун бирге бүткөн Насир деген жигит бар. -Ал райондо айыл чарба башкармасында иштеп атат. -Ошону жибертсеңиз жакшы болот эле»-дедим. «Аны да көрөбүз»-деди катчы. Анан башкарманы карап, «Бул жигиттин талабын толук аткарасыз да»-деп коюп, мага, «Ушул жерден жакшылап иштеп аксак кой-козуну айыктырып, өлүм чыгашасын кескин кыскартып, өзүңдү көрсөт. -Иштегениң элиң үчүн болсо үйронгөнүң өзүң үчүн»-деп, менин колумду кысып коштошуп, конторадан чыгарды. Мен райкомдун катчысына, мага жаш адис катары өзүнүн колдоосун керек маалда көрсөткөнүнө ыраазы болуп, ишке киришүүнү чечтим. Кийин мен дагы колхозго башкарма болгондо ал киши экообүз бирге иштеп, анын кеңештери да жаңы колхоздун ишин көтөрүүдө бир топ жардам берди.

Ошентип, октябрь айынын башынан баштап бардык короодогу аксак кой-козуну өзүнчө бөлүп алып, Кайың-Суудан бир сарайды даярдап, жем, чөп, ноо, туз менен толук камсыздап туруп, Сейит дегенди чабандыкка дайындап көчүрүп бардык. Катчы мени менен сүйлөшкөндөн он күнгө жетпей Насирди зоотехникке дайындатып, «Чарбанын башкармасынын орун басары»-деп, мага кошуп берди. Экөөлөп киришип, бир фельдшер-санитарды аксак койдун короосуна

бекитип, өзүм баш болуп, бөлүп алган 400 дой кой-козуну дарылай баштадык. Зоотехник Насир Мусаев таза койдон бирин экин чыга-калган аксактарын бизге тез арада жеткирип, козу бөлүү, куутка даярдоо, короону толуктоо иштерин жүргүзүп, мал-чарбасын маданияттуу иштиктүүлүктө тейлоону колго ала алдык. Дарыланып, сарайдан чыкпай 300-500 грамм жем, каалашынча чөп жеген аксак кой-козулар, тез эле оңолуп, оорудан айыга баштады. Соолук койлордон бөлүнгөн козуларды 1% көкташтын эритмесин берип маназиозко каршы гелминтизациядан өткөрүп, гүп, сибирь жарасына, шарп, карасанга каршы эмдөө жүргүздүк. Сентябрь айында 350 кой-козу өлсө, октябрьда 58 кой- козу өлүп, ноябрь, декабрьда кескин кыскарып 11-15 тен ашпай, 1955-жылдын январь, февраль, март айларында дээрлик өлүм чыгышасы болгон жок. Ошол 1955-жылы февральда жайыттагы жылкыдан «плевро пневмония» оорусу чыгып, үч бээ, эки-үч күн ооруп туруп эле өлүп калды. Райондун башкы врачы келип көрүп, менин диагнозумдун туура экенин тастыктап, республикага ветлабаторияга материалын жөнөтүп, Наварсанол алдырып, баардык жылкыны наварсанол менен дарылап, өлүмдү токтотуп, оорусун айыктырдык. Менин оюмдан Нобель сыйлыгынын лауреаты, орустун улуу окмуштуусу Иван Павловдун, «Киши доктур адамдарды, ал эми мал доктур бүткүл адамзатты даарылайт»-деген лакап сөзү, ал эми окуп жүргөндө хирургиядан сабак берген окутуучум Андрей Яковлевичтин, «Ооруну айыктырыш үчүн скальпельди колуңдан түшүрбөшүң керек»-дегени, терапиядан сабак берген Александра Ивановнанын, «Ооруну дарылагандан, ооруну алдын ала чара көрүп болтурбай багууну, тоюттандырууну колго алган пайдалуу»-дегени, паразитология, эпизотологиядан сабак берген Шапавалованын, «Малды ылыңдатпоо үчүн алдын алып эмдөө чоң эффект берет»-дегендери эсимден кетпей, ошол эрежелерди бузбай кармоого болгон билимимди жумшоого аракеттендим.

Марттын аягында колхоздун жылдык эсеп берүү чогулушу болду. Анда колхоздун башкармасы докладында бага көрсөтүп, өткөн жылдын көрсөткүчүнө салыштырып, өлүм чыгашасы кескин кыскарганына токтолуп, менин атымды атап, «Чоң салым киргизип чарбаны некробациллоз оорусунан тазалап, миңдеген кой-козуну өлүмдөн сактап калды»-деп мактады. Ага жооп кылып, өзүм чыгып сүйлөгөндө, «Мага көңүл бөлгөнүңүзгө рахмат. -Бул ийгилик чарбанын башчысы, сиздин туура жетекчилик кылып, Чет-Добо колхозунун малчы колхозчуларынын жакшы иштеген эмгегинен жаралды. Мал жем, чөп менен толук камсыз болуп, чарбанын күжүрмөн малчы, колхозчулары ушу темпинен жазбай эмгектенсе бул чарбада мындай ийгиликтер боло берет»- деп, трибунадан түшүм. Өткөн жылы күздө, райкомдун катчысы келип сүйлөшүп кеткенден кийин башкарманын көз карашы мага оңолуп, талабыма жок дебей, мал чарбасына айрыкча көңүл бөлгөнүнөн иш оңуна кетти.

Жазында, Жеңиш күнүнө карата чоң майрам болуп, райондо ат чабуу, жорго салдыруу оюндары болду. Майрамга беш-алты күн

калганда башкарма менчик жоргосун алдырып келип мага берди. «Бул жоргону өзүң суутуп, жорго салдыруура мин»- деп, иштөөгө мага колхоздун атын бербей жүргөн адам, мени ушунчалык сыйлап, өзүнүн менчик аялуу атын, мага бергенин, «Бул киши менин эмгегиме ыраазы болгону жана менин ниетим ал кишиге, ал иштеген чарбанын экономикасынын өсүшүнө оң экенин түшүнгөн экен»-деп бааладым. Райондогу жорго салыштырууда биринчи байгени жеңип алдык. Ошондон баштап башкарма мал чарбасындагы бардык ишти менин оюм менен эсептешип чечип, мен анын ишенимине татыктуу болуп калдым.

Айдын аяк ченинде райондун башкы мал доктуру чакырып, район боюнча «африкалык сап» менен ооруган 56 жылкы бар. Бир жерге чогултуп дарылоо керек болуп атат. Райондун жетекчилери сенин участогуңа чогултуп Чет-Дөбө колхозуна өткөрүүнү чечишти. Сен кандай дейсиң?»-деп сурап калды. Мен, аны колхоздун башкармасы менен макулдашып чечсеңер каршы эмесмин-дедим. Колхоздун башкармасы менин оюмду угуп, айыктырууга болсо, балансалык баасын төлөп сатып алууга макул болуп акчасын бермек болуп, "африкалык сап" менен ооруган жылкыны өткорүп алып, Жамгырчы деген колхоздун мүчөсүн жылкычы дайындады. Мен дарылай баштадым. Эки жолу 3% кок-таштын эритмесин венадан сайып, күн алыс бицилинди сайып, он беш күн сарайда кармап дарылаганда, лимфоузелдердеги шишиктер жоголуп, айыга баштады. Толук айыктырып, сентябрьдын ортосунда баарын эт комбинатына төгүп, колхоз жылкыларга төлөгөн наркынан үч эсе ашык пайда алды. Райондун активинин чогулушунда бул жасаган ишибиз да докладка кирип, макталып, «Мыкты ветеринардык бөлүм»-деген наам алып, райондун көрсөткүч доскасына жазылып, ардак тактасына сүрөтүм илине баштады.

Ошентип, «Эр эмгегин эл жебейт»-дегендей, элге эмгегим менен көрүнө баштадым. «Мактоо жеткирет-чагым өлтүрөт»-деген эл макалындай, мактоо жеткирип, ошол жылы Москвадагы айылчарба көргөзмөсүнө жолдомо беришип, экскурсияга жиберишти. Менин, «Москвага барып окусам, шаарды, анын тарыхый жерлерин көрсөм»-деген эңсеген оюм ишке ашып, эйыл чарбанын жетишкендиктеринин көргөзмосүнө барып, Москваны көрдүм. Лениндин мавзолейине кирип, Ленин менен Сталиндин табыттагы сөлөкөттөрүн көрдүм. «Эмгек эрезеге жеткиргени ушул турбайбы»-деп, эмгегимдин үзүрүнөн ал кездеги бирдиктүү өлкобүз, СССРдин борбору болгон Москваны көргөнүмө канааттанып, эмгекке болгон кызыгуум дагы арта баштады.

Бир күнү, Чет-Дөбө айылынын кадырлуу кишиси үйүмө келип, «Балам сени мыкты доктур экен, колхоздун аксак коюн айыктырып, аксактан тазалады. -Бакастын өгүзүн айыктырып, Артыкбайдын учунган атын айыктырганыңды макташып, даңкың таш жарып эле атат. -Менин бир жоргом бар. -Үч жылдан бери омуроосунан ириң агып, жайында сасып, кышында шагалак муз болуп айыкпайт. -Ошону көрүп айыктырып бере аласыңбы?»-деди. Мен, «Алып келиңиз көрөйүн»-дедим. Алып келди, жорго семиз экен. Омуроосуна үч жыл илгери казык кирип, терең

жарат алып, ал жарат ичинен тери байлап түбү бириклей, ириндеп атыптыр. Мен ал кишиге тамаша-чынга салып, «Эгер айыктырсам эмне бересиз»-деп койсом, ал аксакал, «Ой айланайын, -Бир ирик коюм бар. -Азыр эле алып союп ал»-деди. Мен күлүп, «Коюңузду албайм. Ичиңиз ооруп калат»-деп, тамашаласам, ал, «Кудай урсун, ичимди орутпай эле ак дилим менен берем»-деди. Мен жон туруп калбай, «Жок аксакал, мен эки айдан кийин оруго чыгам. -Ошондо бир ай мингенге жоргонун күчүн берсеңиз эле болот"-десем, ал, «Оо кокуй, айыктырсаң эки ай мин балам»-деди. Мен, жоргону жардамчыларга жерге жыктырып, омуроосундагы ириң агып аткан жаранын эки жагындагы терисин эти менен кесип, түбүндөгү чиригин кошо алып таштап, марганцовканын 1% эритмеси менен жууп, 10 сантиметр терең жарага пенициллиндин майын толтуруп беттештирип тигип койдум. Анан, күнүгө ордунан кыймыптатпай пенициллин сайып, он күн дарыласам, жарасы бүтүп айыгып калды.

Ошол жылы алган өргүүмдө, аксакал берген атты бир ай минип, түз-түктөгү кайындарыма барып эс алып келдим. Өргүүдөн келгенден кийин, 1956-жылдын июль айында, райондук партия комитетинин айыл чарбасын тейлеген катчысы Турганбай Кожалиев чакырып, абалымды сурап, «Эс алууң жакшы оттубу?»-деп сурап келип, «Сени чоң чарбага ветеринардык бөлүмдүн башчылыгына которууну чечтик. -Ал чарбанын 30 миң коюбар. -Райондун өлүм чыгашасын ушу чарба көп берип атат. -Ушул чарбага иштеп, өзүңдү дагы бир жолу көрсөт. -Тиги чарбада жаман иштегениң жок, озүңдү көрсөтө алдың. -Эгер ушул чарбанын өлүмүн кыскартып берсең орденге көрсөтөбүз сени»-деди, мени күлө-тамашалап. Мен да тамашага салып, «Жолдош катчы. -Мен ушул чарбада эле иштейинчи, себеби, эми зорго элдин, башкарманын ишенчилигине кирип, ишим илгерилей баштагансыды эле»-дедим. Ал, «Сен партиянын резервиндеги «аскерисиң», партия сени кайсыл жакка жиберсе ошол жакка иштешиң керек. -Сага партия адис катары ишенгени үчүн сени ошол чарбага жөнөтүп атат. -Барып ветлечебницадан буйрук алып, "Кызыл-Жылдыз" колхозун тейлеп, ошол ветеринардык бөлүмдүн башчысы болуп иште. -Айлык акың мурдагыңдан жогору болот»-деп, маселе чечилип калганын билгизип, мени кабинетинен чыгарды.

Ротация толкуну менен

Ошол жыл 1956-жылдын август айы болчу. Менин окууну аяктап келип чарбада иштегениме эки жылга айланып бара жаткан. Мен райкомдун конторасынан чыгып, мал дарылоо мекемесине келип, башкы мал доктурга жолуксам, ал буйругун жазып алып, мени күтүп туруптур. Чамасы катчы, мени чакырганга чейин эле райондун башкы мал доктуру менен макулдашып койгон сыяктуу. Башкы мал доктур буйрукту колума берип жатып, "Бул бөлүм районубуздагы эң чоң ветеринардык бөлүм. -Бул бөлүмдө сага чейин жогорку билимдүү мал доктурлар иштеп келген.

-Райондук партия комитетинин талшыруусу менен сени ушул бөлүмгө которуп жатабыз. -Бул бөлүмдө абал абдан оор. -Райондун малынын өлүм чыгашасын эң көп берген бөлүм ушул. -Некробациллоз, котур оорулары ушул бөлүмдөн арылбай келе жатат"-деп, бир аз токтоп ойлонуп калды.

Анан, "Райондук комитет сени мурдагы иштеген бөлүмдөгү жугуштуу ооруну тазалап, өлүм чыгашасын азайтты, эми бул бөлүмдү да, ошол абалга келтирээриңе ишеним көргөзүп жатат"-деп, кепип, баягы адатыңды карматып, башкарманы "Ит"-деп, кат жазып чуу сала көрбе-деп, чымчып тамашалап, күлүп койду. Мен да күлө, "Сиз баягыдай жардамга келесиз да"-дедим, тамашага жооп кылып.

Анан ал, толук эле олуттуу түр менен, "Аскараалы Абдылдаевич, тарс эткендин баары тамаша. -Бирок, тамаша-тамаша менен. -Барган жериң баарлу болуп, ишиң ийгиликтүү болсун. -Мен дайым сага жардам берүүгө даярмын"-деди, башкы мал доктур. Мен өз ичимден, "Бул бөлүм борбордогу башкы мал даарылоо пунктунун көз алдында туруп, жалаң жогорку билимдүү мал доктурлар иштесе, анда эмнеге некробациллоз, котур бул бөлүмдөн арылбай, өлүм чыгашасы азайбай эле өсүп атат?"-деп, айтууну ойлонуп, анан, "Башкы ветврачты капа кылып, аны дагы өзүмө душман кылып албайын"-деп, ал ойумдан кайтып, буйругун алып, коштошуп чыгып кеттим.

Мен иштей турган ветеринардык бөлүм "Кызыл-Жылдыз" колхозун тейлейт экен. Колхоз райондун борборунда жайланышып, конторасы да ушул жерде болуп чыкты. Башкы ветврачтан чыккандан кийин түз эле колхоздун конторасына барып, башкармасы менен таанышууну ойлоп, колхозго келдим. Башкарма өзүнүн кабинетинде отуруптур. Кирип салам айтып өзүмдү тааныштырып, ушул ветеринардык бөлүмгө башкы дарыгер болуп иштөөгө келгенимди, атымды, атамдын атын айтып таанышстырдым. Башкарма өз кезегинде, "Мен сени сыртыңдан билем. Сен жөнүндө райондун активинин чогулушунда да, эл оозунан да жакшы пикир айтылганын угуп жүрөм. "Жакшыны көп ээрчийт"-дегендей, жакшы жагыңды да, жаман жагыңды да эл айтат эмеспи. Ошол үчүн элибиздин макалында, "Эл сынчы-эл билет"-деп, анан бир аз унчуклай туруп, "Айыл чарбасында иштөө оор. -Кайсы тармакта иштебесин, адамды эмгек сынайт. -Айрым адистер ишти алып кете албай озүн да, башкаларды да кыйнаган учурлар көп кезигет. -Бул чарбада **30** миңдин ашык кой, **1000** дей бодо мал, **100** дөн ашык чочко, канаттулурдун да фермасы бар"-деди. Колхоздун башкармасы, дагы бир аз тыныгып алып, "Азыркы сен иштей турган ветеринардык бөлүмдө сага чейин үч жогорку билимдүү малдоктурлар иштеп кетишти. -Негедир алар жугуштуу оорулардан, котур менен некробациллозду, маназиозду чарбадан тазалап, өлүм чыгашасын азайтууга өз салымдарын кошо алышкан жок. -Менин ойумча ветеринарлык дарыгер сылай камчыланып, аттын жакшысын тандап минип, галстугун оңдоп жакшы костюм кийип, өлгөн малга акты жазып, диагноз койгонду эле билбей, халатты үстүнөн чечпей, колун йодтоп, скальпельди колунан түшүрбөй иштесе кана иштеген ишинен майнап

чыгат эмеспи. -Мен сага чейин иштеп кеткендерден андай сапатты көрө албадым. -Команда берип, анын жыйынтыгын чыгарбагандыктан өлүм чыгашасын азайтып, жугуштуу ооруну жоё албай жаткандайбыз. - Аскерлерди башкарган командир буйрук берип эле өзү четте калбай, душман менен кандай урушуунун ыгын көрсөтүп, озү алдыда жүрүп үлгү көрсөткөндөй эле, ар бир айыл чарба адиси да команда берүү менен катар өзү дагы иштеп, ишинен жыйынтык чыгарып, үлгү көрсөтсө кана ишинен майнап чыгат эмеспи"-деди. Мен дагы өз кезегимде, "Айтканыңызда калет жок, бирок сиз айткандар ошондой эле баардык айыл-чарба адистерине тийиштүү. -Алар иштин көзүн билип, өз ишин алып кетиши үчүн жетекчинин да ошол адистерге болгон мамилеси, иштөөгө шарт түзүп беришине да көз каранды"-деп, кыйытып айттым.

Ошентип ал киши экөөбүз узак маектештик. Ал өзү жөнүндө, оспүрүм курагында Ташкенттен ветеринардык техникумда окуп, окуусун бүтпөй аскерге алынып, үч жыл басмачылар менен согушуп, аскерден бошонгондон кийин советтик, партиялык кызматтарда иштеп жүрүп, эки жыл мурун ушул чарбага, партиянын чакыруусу менен 50 миңчилердин катарында келип башкарма болуп иштеп атканын баяндап өттү. Бул маектешүүдө башкарманы жакындан билип, ал чарбалык иш менен катар, ветеринардык иш менен да тааныш, көп кырдуу, сабаттуу жетекчи экенин да сездим. "Айдын аягы болгондуктан бүгүн башкармалыктын чогулушу болот. -Кечки алтыда келип катышып, башкармалыктын мүчөлөрү, ферма башчылары, зоотехник, ветеринардык кызматчылар менен тааныштып ишке киришээрсиң"-деп, коштошуп өзүнөн чыгарды.

Башкармалыктын чогулушу негедир колхоздордо кечинде болоорун байкап, белгилүү себептерден, мыйзам ченемдүү го деген тыянакка келдим. Чогулушта кышка карай талаачылык иштеринин жыйынтыгы боюнча башкы агроном бригадирлерди угуп, тоют даярдоо талаптагыдай жүрбөй жатканын белгиледи. Колхоздун №1 бригадасынын бригадирине, "Силос ачытуу ишин кечеңдетип, силостук жүгөрүнүн талаасындагы арыктар жабылып, чуңкурлар тазаланбай жатканы үчүн катуу эскертилсин"-деп маселе койду. Экинчи маселе боюнча малдын өлүм чыгашасы азайбай жатканынын себептери, малды жайытта семиртип этке өткөрүү боюнча башкы зоотехникти угуп, эки ферма башчылары ишти талаптагыдай алып бара албай жатканы эскертилди. Анан, август айында өлүм чыгашасына учураган **350** кой, козу, **5** торпок, бир чочко, **30** тоок өлүм чыгашасына чыгарылсын-деп, токтом кабыл алышып, чогулушту жабуунун алдында, мени тургузуп башкармалыктын мүчөлөрүнө, ферма башчыларына, атымды, атамдын атын айтып тааныштырып, биргелешип иштеп колхоздун экономикасын көтөрүүгө салым кошуп, жугуштуу оорулардан жоюп, өлүм чыгашасын азайтууга чакырды.

Ошентип, мен чогулуштун эртеси эле башкы зоотехник менен бирге, жайлоодогу малчыларды **10** күн кыдырып, малдын жалпы абалын, этке төгүлүүчү семиртүүгө коюлган кой, өгүздөрдүн багылышын байкоого алуудан ишимди баштадым. Этке тогулүүчү кой, өгүздөрдүн багылуусу талаптагыдай, түзү көнөн, улам жаңы жайыттарга которулуп туруптур.

Эң жаман абал, **некробациллоз** менен ооруган койлор-деп, өзүнчө эки ферма эки жерге короолоштуруп белүп койгон короолордо экен. Ай башталганына он күн болбой атып 100 дөй кой, козу өлүп, 20-30 дай кой-козу короодон чыкпай эки, үч бутунан аксап, жатып калгандары бар экен.

Жалпы фермаларда бирин-экин өлгөн козуларды союп көрүп, маназиоз менен оорутандары бар экенин далилдеп, эки ферма башчысы, эки санитарды тез аранын ичинде маназиозго каршы кокташтын 1% эритмеси менен гелминтациялоого олтургузуп, өзүм да катышып 15 күндө дарылап чыктык. Айдын жарымында башкы зоотехникке, "Сиз башкармага барып маселе коюп, жайлоого жакын бир сарайды даярдатып эки фермадагы аксак кой-козуну чогуу эле ошого ташып барып, жем-чөп берип, керек болсо жарма жасап берип багалы. Аксак кой-козулардын эки-үч бутунан аксаганы короодон чыга албай арыктап, ачкасынан өлүп жатканын айткының"-дедим. Ал көңүлдөнбөй. "Аксак кой-козунун өлүмү табыгый көнүмүштой көрүнүп, "Ферма башчыларга кеңешсем, "Күн жылуу, жер кара, жайлоонун оту буралып жатса сарайга камап чөп, жем ташып берип колхозду чыгым кылабызбы?"-деп койушту. "Бул сунушка башкарма да макул болбойт ко"-деп, көңүлдөнбөй койгонунан, мен өз оюмда, "Аксак-котурду жойуу сенин милдетиң. -Ага сен башыңды оорутушуң керек, бизди түйшүккө салбай"-деген ойдосуң го сен дагы? -Жугуштуу ооруну жойуу баарыбыздын милдетибиз. Айына **300** дөн өлүп жаткан кой-козу колхозго бир топ чыгым жасап жатканын сезбей атасың го? -Сен дагы күнүмдүк тирикчилигиң менен алышып, эптеп күн өтсө болду. -Өлсө колхоздуку өлөт. -Ферма башчысы, башкарма күйбөсө мен эмнеге күйөм дегендерден экенсиңго?"-деп, мен ага, анда, "Мен барып башкарма менен кеңешейин. -Сиз ферма башчылары менен бирдикте маназиозго карата дары бергендерге ишти уюштуруп бериңиз"-деп, колхоздун конторасына карай жөнөп кеттим.

Ат менен жүргөн адамга жайлоо менен колхоздун борбору бир күндүк жол. Мен кечке жол жүрүп, эртеси кенторага келсем, башкарма жаңы эле келе жатыптыр. Алдынан тосо басып учурашып, кабинетине ээрчий кирдим. Орустар айткан, "Буканы дароо мүйүздөн алып"-деген лакабындай, мен жайлоодогу жалпы оор абалды айтып келип, "Айдын он күндөгүндө эле **100** дөн ашык кой-козу өлгөнүн айтып, "Эки жердеги аксак короону жайлоодогу жакын сарайлардын бирине көчүрүп келип, жайытка чыгарбай жем чөп берип, атайын багып дарылабасак өлүм токтобогудай. Анан ушу баштан кышка карай койлорду котурга каршы креалинге "Купкага" салбасак болбойт. -Кээбир короодон котурдун изи көрүнө баштаптыр. -Жазда креалинден жакшы өтпөй калган окшойт?"-дедим. Башкарма биртопко ойлуу олтуруп, "Купканы кайсыл жерге салсак дейсиң?"-деди. Мен, "-Эки ферманын күздөөсүнүн ортосу эмеспи. Шардын оозуна салалы"-дедим. "Канча тонна цемент кетет?"-деп сурады башкарма. Мен баардык эсептерди алдын ала даярдап келгендиктен, "Эгер узуну **13** метр, туурасы **80** см, дубалынын калыңдыгы **15-20** см., купканын терендиги **150** см., бардыгы **13-14** квадрат метр болсо, ар бир

квадрат метрге **150-200** кг. цемент кетсе, анда **3-3,5** тонна цемент кетет ко"-дедим. Башкарма да ошо мезгилде жайлоодогу сарайларды даярдоонун долбоорун ойлоп олтурганбы, айтор ал мени карап, "Эгер сарайды даярдасак эки фермадан канча аксак кой келет?"-деп сурады. Мен, баардыгы **400** дөн ашык болорун айттым. "Сүткө оозун күйгүзүп алган, айранды үйлоп ичет"-дегендей, аларга кете турган жемдин, чоптун, жана башка материалдардын чыгымын, башкарманы кошумча түйшүккө салып тил угуп албастын амалында, Убагы келгенде чечилет ко"-деген үмүт менен, ал жонүндө ооз ачпадым. Кудай жалгап, башкарма озу, "Курулуш бригадасын чакыртып келип, сен жолдош Абдылдаев менен бирдикте тиги Ак-Булактагы сарайды **500** аксак кой-козу тургудай даярдагыла. Жем жей турган ноосун жыгачтан жасай албайбыз, цементтен куйуп даярда. Эсептеп клеткаларга мал келгенде, көк чоптү оруп келип ташып бергенге бир ат араба даярда. Анан Шардын оозуна купка куруу керек болуп жатат. Анын чиймесин Аскараалы Абдылдаев берет. Бардык иштерди 1-октябрьга, койлор тоодон келгиче даярдап бүтүр"-деп, курулуш бригадирине тапшырма берип чыгарды. Мен башкармадан талабым койгойсүз эле толук аткарылганына кубанып, ишке болгон кызыгуум артып чыктым. Курулуш бригадирине купканын чиймесин берип, ал экөөбүз ээрчишип барып Шардын оозундагы купка курулчу жерди, ага келчү сууну, анын арыгын кайсыл жерден чыгарууну көрүп чыктык да, анан Ак-Булактагы сарайга барып аны көрүп, алгач цементтен акыр-ноо куюудан баштап сарайды 6 клеткага бөлүүнү пландаштырып чыктык.

Ошентип иш кызуу башталды. Беш күндө акыры клеткасы бүттү. Чабан кирген үй акталып, кампаларын даярдап, чабандыкка Арыкмолдоев Мустапаны дайындап, көчүрүп барып киргиздик. Кампага эки тонна комбикормду киргизип берип, бир адамды, "Бир аттык араба менен күнүгө бир араба көк чоп оруп келип берип турасың"-деп дайындап, башкарма берген автомашинага олтуруп Орказганга барып козулардан **50** нү салып келип Мустапага өткөрүп, бир вет-фельдшерди, "Кечке ушул жерде иштейсиң"-деп бекитип, өзүм аларды контролдоп дарылай баштадым. Ошентип **5-6** күндө **480** аксак кой- козуну Ак-Булакка ташып келип топтоштурдук.

Сентябрь ичи баардык короолорду карап, аксак койду толук жыйнап алдырууга жетиштик. Мен, Ак-Булакта 2 фельдшер, 2 санитар менен бир ай бою жылбай даарылап, шийбилчеги түшүп калган койлорго жыгачтан шак-шак тагып даарылап, чириген жеринен кесип таштадым. Мустапанын, жана анын аялы Кыйбаттын мээнеткечтиги, алардын жемди, сууну, өтө жаманына жарма берип бакканы эффектин берип, өлүм азайып, жылбай жаткан козулар туруп чоп, жем жеп, жарма, суу ичип ирдене баштады. Мустапанын атасы Арыкмолдо карыя мени карап, "-Оо балам баракелде. -Бул аксактардын сообуна калып олумдөн арачылап калдык. -Тиги шак-шак кийгендерин балдак менен баскан кишидей болуп туруп калды"-деп күлдү. -Жем жеп шак-шактагы койлор

семиро баштаганда башкарма. "Ысык тамакка"-деп механизаторлорго, бала бакчага атайын буйрук менен берип атты.

Октябрь айында өлүм 50% азайып, куутка чейин Шардагы купкадагы койлорду эки сыйра креалинден купкадан откөрүп, кой-козуларды котур оорусунан арылтык. Башкармага кенешип, айрым эттенген аксак койлорду союп, семиздигине жараша комиссия баа коюп, колхоздун дүкөнүнөн этти саттыра баштадык. Короодон жугушсуз оорудан өлгөн койлорду ветеринардык справка менен дүкөнгө откөрүүгө оттук. Өлүм кескин азайды. Өлгөн мал мурдагыдай ыргытылбай, киреше берип калды. Айрым кана жугуштуу оруу менен оорып өлүмгө учураган кой-козунун эти комүлбосо, өлүмгө чыгуу жокко эсе болуп калды.

Райондун биринчи катчысы Кененбай Турсунов районду тартипке келтирип, суук колун салып колхозду жеп ичкендердин көбүн чарбадан четтетип, "Эт жебес Турсунов"-деп, аталып калган. Эки жыл иштеген мезгилинде ал көп жаңылыктарды киргизип, малдын башын өстүрүп, асылдандыруусун жакшыртууга, талаачылыктын маданиятын көтөрүүгө көп аракет жасагандыктан, эскичил жетекчилер жаңы жаш адистер менен акырындап алмаша баштады.

Биринчи катчы Турсунов 1958-жылы башка жумушка которулуп кетип, жаңы катчы болуп Абдиев Рахатбек келди. Жаңы катчы келгенден кийин райондук партия комитетинин аппаратында да өзгөрүү болуп, мурдагы айылчарбасын тейлеген катчы "Май" колхозуна башкарма болуп которулуп, айрым колхоздун башкармалары алмашты. Жаңы катчы иштегенден берки 5-6 айда биртоп кадрлар алмашып, райондо биртоп өзгөрүүлөр болду. Ошол жаңы толкун менен, жаш адис катары менин ишиме баа беришип, мени партиянын катарына кандидаттыка кабыл алышты. Ага чейин тийешелүү органдар менин өмүр баянымды изилдетип менин атамдын 1930 жылдардагы репрессияга кабылып, ак жерден кулакка айдалып кеткени тууралуу документтерди топтоп коюшуптур. Ошентип райкомдун айыл чарбасы боюнча катчысы мага аванс катары, партиянын резервиндеги аскери экенимди айтып, иши начар ветеринардык болүмдөрго которуп жүргөндөй, чын менен эле партиянын аракеттеги "аскери" болгону калдым.

Башкарма май айында болгон колхоздун башкармалыгынын отурумунда, "Мамлекетке эт сатуунун планы бир жарым эсеге көбөйдү. Аны аткаруу үчүн алдыңкы чарбалардан методун жайылтып, козуларды "байбурцон" методу менен бычып, салмагын 28-30 килограммга жеткирип, 6-7 айлыгында эт комбинатына тогуу керек. Козуларды быйыл ушул метод менен бычуу кажет. Райкомдун бюросу, ушул методду биздин чарбадан баштоону сунуш кылды. Ушул боюнча пикириңер кандай"-дегенде, башкы зоотехник пикирин айтпагандыктан, мен соз алып, "Бул метод азырынча биздин шартка туура келбейт. -Бул метод, тоют баазасы чечилген, эт комбинатына жакын райондун чарбаларында койлорду кышкы туутка откөзүп, февраль-март айыларында төлдөтүп, август айында болуп бордогонго коюп, 300-500 граммдан жем берип, салмагын 28-30 килограммга жеткирген чарбаларга ылайык. -Бизде

азырынча мындай шарт жок. -Байбурцон методу козулардын эркектик безин алып салбай, аны эзип, жоюп кана коёт. -Ал 4-5 айда кайра жетилип, козу кочкор боло баштайт да, осүүсү эртелейт. -Ошонун эсебинен бордогонго койгондо тээирээк салмак кошот. -Бизде апрель-майда төлдогон козу сентябрьда бөлүнгөнгө чейин 4-5 айлыгында эле кочкор болуп жетилип, койлорду кууп, плансыз төлдөөгө алып келип, козуларды чыгымга учуратат"-дедим. Башкарма менин сөзүмдү уккусу келбей, "Жолдош Абдылдаев, сен райкомдун бюросунун чечимине каршысыңбы? -Бул партиянын саясаты. -Эт өндүрүүнү көбөйтүүгө карата алдыңкы чарбалардын методун колдошуң керек"-деди. Менден кийин башкы зоотехник чыгып, менин айтканымды колдоду. Эки күндон кийин райкомго мени, башкы зоотехникти, башкарманы чакырып, биринчи катчы кабыл алып, жаңы методду жайылтууга каршы болуп жаткандар кандай?-деди, алгач мени тургузуп. Мен жогоруда айтылган пикиримди кайталадым. Чамасы көңүлүнө уюдубу, айтор, башкы зоотехникке, "Андай болсо, бир-эки короого киргизип көргүлө. -Жаңы методдун жарчысы, анын жайылтуучусу да адистер болуш кажет. -Андан корклош керек. -Бул сенин өзгөчө милдетиң"-деди, мени жактырбаган көз караштa тиктеп.

Май айынын аягына жакын төл алуу жыйынтыкталып, козу бычуу башталды. Башкарма Жыл-Өтөктө, Кара-Букада кыштаган эки короонун чабандары Жээнбаев Байтерек менен, Арыков Турдукулдун короосун жаңы метод менен бычууну тапшырганда мен, "Аны жогорку билими бар ветврач биттесин. Мен биттебейм"-деп, баш тарттым. Башкарма райондун башкы ветврачын чакырып, эки короону "Байбурцон методу" менен биттетти. Август айында чабандар козуну бөлүп ала албай, " Чоң козулар кочкор болуп атышат"-деп арыздана баштады.

Сентябрьды ортололоп бөлүп алып, эркек козуларды таразага тартсак **18-20** килограмм, эң чоңу зорго **23** килограммдан болду. Алар, "Эки ай багып Нарынга, же Жалал-Абадка эт комбинатына өткөрүш керек. Ашса, орточо 50% салмак кошуп, баасын **100%** көтөрүп кабыл алат"-дешкен. Ошондо **500** козуну бордоп багып октябрьдын аягында Жалал-Абаддагы эт комбинатына алып барып өткөро албай, ошол эт комбинаттын алдындагы откорм сельхозуна 23 килограммдан эч кандай процентсиз, "Обкомго чейин арызданып жатып орточо семиздикте зорго откоздук" -деп келди башкы зоотехник.

Кийинки **1959**-жылдын январь айында башкарма мени, башкы зоотехник Жумаевди эзрчитип, түш оой Жыл-Өтөктөгү малдын кыштоосун көрмөк болуп кыштоого барып, Арыков Турдукулдун короосуна келдик. Ал жерде башкарманы тосуп ферма башчысы Байзаков Кочкор оптуруптур. Жаңы тууган 50 дөй койду болуп кардан калаба жасап тосуп, чоп чачып берип атышыптыр. Турдукул башкарма менен учурашканда эле, сөзгө келбей, "Кайдагы балээни чыгаргансыңар, "Жаңы метод"-деп. Койлор туул, козулар өлүп жатат. Бакканга сакманчы жок. Кемпирим да ооруп, бир айдан бери ооруканада жатат. Мен өлө турган болдум. Кой багууга алым келе турган эмес. Коюңду откорүп ал, ушундайында"-деп,

наалыды. Башкарма, Турдукулдун саламга келбей эле кейип, "Коюңду откорүп ал"-деген созүно териге түштүбү, айтор ал, "Ой сен эмине деп жатасың? -Кой меникиби? -Кой колхоздуку, кой сеники. -Сен колхоздун мүчөсүсүң. Койду сен багасың"-деди. Турдукул да тилин тартпай, жаны кейип турганын көрсөтүп, "Кой сеники эмес үчүн мага өлүп кетсең да багасың"-деп, догуруп жатасыңбы- Менден болок колхоздун мүчөсү жокпу? "Өлсө өлө берсин"-деп жатасыңбы? -Тигине, өлген козу, койду жыйып койдум. Мени соттотсоң да мен мындан ары кой бакпайм"-деди, ого бетер күчөп. Мен да, башкы зоотехник да бир ооз сөз сүйлөй албай, башкарманын жанында шылкыйып ылдый карап туруп бериптирбиз. Башкарма камчысын бүктөй кармап, өңү бузулуп, өзүн араң кармап турганда, Турдукул күчтоно, "Эмне ызырынасың? Чап, ур, өлтүр мени"-деп, төшүндөгү бүчүлүктөрүн чечип, чөгөлөй түшүп тизелеп, эки колун желкесине коюп буркурап ыйлап, эки көзүнөн аккан көз жашы сүйдөй сары сакалы ылдый жылт-жылт этип таамын кетти. Башкарма ошондо эсине келдиба, айтор артына кайрылып чөптүн түбүндө турган атын көздөй басканда, Жумаев экөөбүз жарыша басып атын туура тартык. Бизге бир ооз сөз айтпай атын минип, Кара-Бука кыштоосун карай бет алып бастырды. "Кулда кулак жок"-дегендей, үн сөзсүз биз үчөөбүз дагы башкарманын артынан ээрчип, күн бата Кара-Бука кыштоосундагы Жээнбаев Байтеректин короосунун жанына келдик. Ал койлорун короого киргизип жатыптыр. Башкарманы көрүп басып келип, саламдашып, атын алып короонун четинде экөө кобурашып жатканда, мен шашып аттан түшүп, "Эс алууга орун салыңыз"-деп, аялына айтканы үйгө кирип келсем, эшикти жаба элегимде эле оозумду ачырбай, чабандын аялы, "Кайдагы балээни чыгарып козуну жөн биттебей, бүт кочкор кылып кууратпаңар. -Ушуну чыгарган жанагы башкармаңар жакшылык көрбөсүн"-десе болобу? Кобуру бүтүп жаңы эле үйгө киргени келе жаткан башкарма босогону аттабай туруп, -"Ой катын. -Оозуңа карап сүйлө. -Койду мен туудурдумбу? -Койду багып жүрүп туудурган мына бул эриң экөөң жакшылык көрбөгүлө"-деп, каргап, үйгө кирбей кайра тартып, атын көздөй басканда, Жумаев атты чечип, башкарманын алдына туура тартты.

Ошентип, биз кеч күүгүмдө, ээрчишип баткак суудагы Кечөрдүн үйүн көздөй жөнөдүк. Эл жата Баткак-Сууга келип, үн-сөзсүз олтуруп, бир чыныдан чай ичип жатып калдык. Эртеси эртеңмененки чайда башкарма, "Жайлы-жайпата кой менен жүрүп, ушундай болорун билген жок белеңер"-деди, ферма менен башкы зоотехникти жекире карап. Башкы зоотехник , "Билмек турсун ушундай болоорун алдын ала эле айтпадык бэле. Анан өз убагында бөлгонго чабан чыкпай жатып ушуга келбедиби"-деди.

"Туура сөз тууганга жакпайт"-дегендей, ушундай болоорун, "Жаңы Байбурцон методу"-деп, "Бардык короону ошол метод менен биттегиле"-дегенинде, биз, "Туура эмес, биздин шартка ал метод ылайыксыз"-деп, айтып райкомго чейин барганымды унутуп калдыңбы?"-деп айтып жибере жаздап, "Ансыз да Турдукулдан капа болуп келип, Байтеректин

аялынан каргыш угуп капа болуп турган башкарманын кыжырын ого бетер кайнатпайын"-деп ойлоп, ооз ачпадым. Ал күнү кечке №1 кой фермасынын короолорун кыдырып, кеч кире №2 кой фермасынын кыштоолоруна өтүп, кеч күүгүмдө Чоң-Таштагы Уркүнбайдын үйүнө келип түнөдүк. Сырткы кыштоодо кар жеңил болуп, кой жайыттан кемибей от алып жеп жаткандыктан, койлор этин таштабай күзгү эле калыбында болуп, өлүм-житим жок жакшы кыштап жатканын көрүп, үчүнчү күнү башкарманын кабагы ачылып, Жумаев экөөбүз менен жалпы кыштоодогу малдын абалы боюнча пикир алыша баштады.

Биз, №2 ферманын башчысы Уркүнбайды ээрчитип, эки күн анын короолорун толук көрүп чыгып, келгенибизге алтынчы күн болот дегенде башкы зоотехникти, "Сен №1 кой фермага барып ферма башчысы экөөңөр, бириң Турдукулга, бириң Байтереке жардам берип тургула - Мен барып эки короого экиден сакманчы, жем жүктотүп жөнөтөм. -Алар келгенде аларга ишти бөлүштүрүп берип анан келгиле"-деп, жиберди. "Тууган койду жем берип багып, козуну сактап калышыбыз керек" - деп Жумаевди №1 фермага жөнөтүп, "Ички кыштоодогу малды көробүз"-деп, мени ээрчитип Каргалык дабанын ашып, кеч күүгүмдө Шардын башындагы Кыдыргычтын сарайына келдик.

Эртеси эки короого төрт сакманчыны азык-оокат, төшөнчүсү менен төрт тонна жем жүктөп, эки машинага козулуу кой турганга решетка салып, курулуш бригадирин жумушчулары менен олтургузуп, тоодогу кою тууп жаткан Арыков Турдукул менен Жээнбаев Байтеректин короосуна жөнөттү. Ошо жылы колхоз **100** тубардан **85** тен төл алып, башкарма, "Эгер тиги эки короо чыгымга учурабаганда **90** дон төл алмак экенбиз"-деп, кейип калды. Колхоз ардак тактага жазылып, биздин ветболүмдүн иши жакшы болуп, ардак тактага илинди.

Ошол жылдын май айынын башында райондук партия комитети мени партиянын катарына кабыл алып, жетишилген ийгиликке карабай, "Тогуз-Торо"-деп аталган, райондун борборунан бир топ алыскы Додомол кыштагында жайгашкан дагы бир артта калган ветеринардык бөлүмгө башчылык кызматына которушту. "Кимдин иши жүрсө жүктү ошого жүктөшөт"-дегендей эле болду. Бирок райондун башкы мал доктуру, "Сен жаман иштеген жоксуң Аскааралы Абдылдаевич. -Эң оор бөлүмдү кыйын абалдан алып чыга алдың. -Жугуштуу оорудан тазалап, өлүмдү кескин азайтканга жетиштиң. -Эми ушул бөлүмдү да котөрүп чык. -**Некробациллоз** ушул бөлүмдө тазаланбай, өлүмү кыскарбай жатат"-деп, көңүлүмдү жубаткансып, буйрукту колума берди. Мен башкы мал доктурга, "Мени аппаратыңызга эле фельдшерлик штат берип калтырасызбы? -Мен беш жылдан бери ар кимдин тамында батирде жүрүп, анын үстүндө үй-бүлөм, балдарым менен да бир айда беш эле күн үйдө болуп атып тажадым. -Үй-бүлөм, балдарым менен эми Додомолго барып кимдин үйүнө корголойм. -Үй салыш үчүн жер, жыгач-ташын алып койдум эле. -Мен иштеген орун башка бирөөгө керек болуп атса бере бериңиз"-десем. Ал, "Аскааралы Абдылдаевич сизди мен которуп аткан жокмун. -Жаңы келген катчыга, Ленин колхозунун

башкармасы сиз жөнүндө айтып,"Колхоздо некробациллоз оорусу эрылбай, өлүм чыгышасы азайбай жатат, -Ушул боюнча Абдыпдаев жакшы билген адис экен. -Бизге котортуп бериңиз"-деп, сураныптыр. Ошонун суроосу боюнча жаңы катчы сизди которууну мага тапшырып жатат"-деди. Мен, "Андай болсо, бул бөлүмдө менин аялым штатта ат багуучу болуп, минген атымды багып айлык алчуу эле. -Тиги бөлүмгө кочүп бара албасам, аялыма ошол штатты берсеңиз дурус болот эле?"-дедим. Ал, "Макул, ал орунга деле кызматка минген атыңызды баккан штатты аялыңызга которуп жазып берели"-деп, аялыма ат багуучулук кызматка буйрук чыгарып берди. "Кура турган үйүңө менин жардамым ушул болсун"-деп, мурдагы иштеген ветеринардык бөлүмдөн аялыма өргүүгө берилүүчү айлык акыны, "Минген аттын жем-чөбүнө"-деген акчаны жаздырып берип, анан өзүнөн чыгарды. Мен, мындай болуп "Которулуп" кетүүмдүн себеби ал эле эмес, ага андан башка да себептер бар экенин, "Байбурсөн методу менен болгон менин талашымдан чыккан кышкы плансыз туут жана козунун, мен күнөөлүү эмес чыгашасы үчүн башкармага "жакпай" калган жагымдан болду го"-деген, шектүү ойдо калдым. Эсиме дагы баягы, "Эшектин күчү адал, сүтү арам"-деген макал келди.

Ошентип, райондун башкы мал доктурунун буйругун алып, маанайым пас үйгө келип, "Мени Тогуз-Торо ветеринардык бөлүмүнө которуп жатат"-десем, аялым капа болуп, "Которсо эми барып иштей бер. -Бирок, балдар менен дагы кимдин үйүнө барып тыгылабыз? -Быйыл там салам дебедиң бэлэ"-деп, мага капа болду. Мен үн чыгарбай койгон соң кыжыры келдиби, "Райкомдун катчысына кирип, бала-чакалуу экениңди айтып, ушул айланадан эле иш беришин сураган жоксуңбу?"-деди. Мен аны жайкап, ачуусун таратуунун айласын жасап, "Биз ал жерге кочпойбүз"-дедим. -Анан, райондун башкы мал доктуру, там салып алганга жардам катары аялыма жазып берген өргүүнүн, минген атымдын жеми, чөбү үчүн айлык маянама кошуп берген акчаларды колуна карматып, "Сен капа болбо, -Бул иште дэлэ мен бир айда 5-6 эле күн үйдө болуп, мал менен ар кайсы жайлоо, кыштоолордо жүром го"-деп, сооротуу аракетин жасаган болдум.

Тогуз-Торо ветеринардык бөлүмү эки колхозду, Ленин атындагы жана Фрунзе атындагы колхоздорду тейлөөчү. "Райондун өлүм чыгашасын көп берген ушул болүм"-деп, активдин чогулушунда дайым сындалчу эле. Фрунзе атындагы колхоздун башкармасы Ыса Иманберидев жогорку билимдүү тилчи мугалим, иштин көзүн билген уюштургуч, эл менен иштеше билген адам эле. Ленин атындагы колхоздун башкармасы Шералиев Сулайман орто билими да жок, жети жылдык мектепти бүткөн, орто жаштагы кыркты таяп калган, адамдык сапаты жакшы, адамдар менен тил табыша билген адам экен. Экономикалык билими жок, зоо-ветеринардык илими менен тааныш эмес, эки чарбада тең адам күчү жетпей козу бөлүүгө чабан чыкпай кыйналышып жатышыптыр. Башкы ветеринардык доктур менен макулдашып, болүмдүн алдында ветпункт ачып, алыскы бөлүм болгонуна

байланыштуу Төлөмүшов Абдилди пункттун башчылыгын дайындап, ага бир санитар берип, Тогуз-Торо ветеринардык бөлүмүндө бир санитар, уборщицанын штатын бир атбагардын штаты менен өзүм калдым. Биздин ветбөлүмдө алты штат бар эле, аны экиге бөлүп алдык.

Фрунзе атындагы колхоздун башкармасы Иса Иманбердиевич Иманбердиев менен тил табышып иштөө мага жеңил болду. Дөдөмөлдөн бир сарайды клеткага бөлүп 200 аксак койду чогултуп, Назараалы аксакалды чабан дайындап, өзүнүн аскердеги баласынын аялы Айтбүбүнү өз суроосу боюнча жардамчы чабандыкка алып, жем- чөп берип, жайытка чыгарбай багып дарылай баштадык. Эки айга жетпей эле аксакты айыктырып, семиргенин коомдук ашканага тамакка берип, олүмдү кескин кыскарттык. Жаңы туулган козулардын өзүн 1% марганцовканын эритмеси менен жуу турганыбыз үчүн некробациллез менен алар оорубай калды.

Ошол, **1959-1960**-жылдын кышы жеңил болуп, кыштан койлор эттүү, семиз чыгып, өлүм кескин азайды. **1960**-жылы жазында Рахатбек Абдиев башка ишке которулганына байланыш ракомдун жаңы биринчи катчысы болуп Шаманалиев келди. Февраль айында Шаманалиев мени райкомго чакырып, "Колхозго ферма башчысы болуп иштеңиз. -Бул партиянын чакырыгы. -Айыл-чарбасын көтөрүү үчүн адистерди чарбага ферма башчы, бригадир, башкармалыкка жиберүүнү партия көтөрүп атат. Сиз партиянын солдатысыз"-деп, мени партиянын мүчөсү экениме таяп, иштөөгө аргасыз кылып, кабинетинен чыгарды. Ошондон көп өтпөй эле, Ленин, Фрунзе атындагы колхоздорду кошуп, мени №1 кой фермасына башчылыкка дайындап, ирилешкен колхозго Иса Иманбердиевди башкармалыкка шайлашты.

Ошентип, апрель айы жаңырып туут башталды. Алдын ала жакшы даярдык көрүп сакманчыларды даярдап, жакшы камылга көрүлгөндүктөн туут жакшы өтүп, **100** тубарынан **87** ден төл алып, июнда кыркымга киришип, кыркылган койду купкадан өткөзүп жайлоого көчүрүп турдук. Июндун ортосунда кыркымды аяктап, ар бир койдон **2900** грамм жүн кыркып алууга жетиштик. Короолорду ирилештирип, соолук койду **500** дөн, ирик, борукту **700** дөн короолоштуруп, эт багытына бөлүнгөнүн эң алыскы салкын жакшы жайлоого жайлаттык. Алардын **3000** ирик, борук, **1000** соолук койлору, "Эт багытына"-деп бөлүнүп, өзүнчө жайлоого чыгарылды. Июльдун аягында эт багытына бөлүнгөн карган койдун козусун бөлүп, койлорду байытып, семиртүүгө койдук дагы, октябрда Дөдөмөлгө алып келип **500** грамм жем берип сентябрда этке тогүүгө даярдамак болдук.

Августтун башында жыйырма чабанды алып, ферманын зоотехниги Жумабаев Богой экообүз Жумгал Кабагындагы кыштоодогу короолорду, чабандын үйлөрүн ремонттотуп, кыштоодогу чөптү оруп-жайып келүүнү фермадагы чабандар менен кеңешип, койду аялдарына, аталарына калтырып, айрым жаш балалуу чабандарга колхоздогу кары абышкалар менен сүйлөшүп, эмгек ақы төлөп берүүнү чечип, Кабакка кеттик. Жумабаев экообүз эки топко бөлүнүп, он сегиз күндө короолорду

чабандардын үйлорун ремонттоп айланасындагы чөптү чаап-жыйып бүтүп келип, августтун аягында козуну бөлүп, бир короонукун экинчи короого кошуп, койлорду байытып, куутка даярдоого киришпик.

Сентябрь ичи карыган койлорду бордоп, октябрь айында Жалал-Абат эт комбинатына алып барып, соолук койду -52 килограммдан, ирикти - 67, борукту - 56 килограммдан, орточо ферма боюнча 4000 койду 58 килограммдан жогорку семиздикте этке откордук. Чабандар келгенден кийин 20-октябрьда козуну толук бөлүп бердик. Жыйынтыгында 100 тубардан 85 тен козу болдук. Бул көрсөткүчтөр райондун фермаларында эң жогорку көрсөткүч болуп, райкомдун бюросунун чечими менен социалисттик мелдештин жеңүүчүсү болуп, ферма райондук ардак тактасына жазылып, менин сүрөтүм ардак тактага илинди.

Райондун биринчи катчысы Шаманалиев 1960-жылы ноябрь айындагы конференциядан кийин башка районго кетип, биринчи катчылык кызматка Токтокан Эдилбаева шайланды. Койдун куутун колхоздор 10 ноябрьдан баштап, ички кыштоодо сарай, тоют жок болгондуктан, бардык чарбалар алыскы кыштоолордо откөзүштү. Кызыл-Жылдыз колхозу Кең-Кырчын, Ор-Казганда, Бирдик колхозу Кетме-Тобе Кабагында Жоон-Терек, Чаар-Музоодо, ал эми Киров атындагы колхоз Карман-Түздо, Ленин атындагы колхоз Кара-Чийлүү, Табылгыты, Дүңгүреме, Кызыл-Сөөктө откөрмөк болушту. Биздин фермадагы 12 короо койду эки куут пунктуна алтыдан бөлүп Кара-Чийлүүдөгү куут пунктуна өзүм осеминатор болдум. Табылгытыдагы куут пунктуна зоотехник Жумабаев Богой осеминатор болуп, 10-ноябрьда куутту баштадык.

Жаңы катчы куут пунктгарын кылдырып кууттун жүрүшүн өз көзүм менен көрөм деп Каргалык, Ор-Казган, Кетмен-Тобонун Кабагындагы куутту көрүп чыгып, талаптагыдай куут жүрбөй, кочкорлорду кошуп ийгендерин көрүп, "Силерде да ушундай абалда"- деп, 20 ноябрьда Иса Иманбердиевичти ээрчитип алып, Чат-Карагайды ашып, саат 12 лерде Кара-Чийлүүгө келди. Мен күүлөгөн койлорду бөлүп алып куудуруп, өзүнчө кайтарткан элем. Урукту жумуртканын сарысына кошуп, даярдаганымды көрүп, ыраазы болгондой абалда чабандар менен пикирлешип, ал күнү, Кара-Чийлүүнүн айланасындагы короолорду, чабандардын үйлөрүн көрүп чыгып, эртеси, "Табылгыты, Дүңгүреме, Кызыл-Сөөктөгү, куут пункттарды көрөбүз"- деп, жонол кетишти. Декабрь айында кууттун жүрүшү боюнча райкомдун бюросунда маселе карап, Бирдик колхозунун башкармасын, эки койфермасын кызматтан алып, Кызыл-Жылдыз колхозунун башкармасына катуу сөгүш берип, "Куутту жакшы жүргүзүп жатышат"-деп биздин колхозду баса көрсөтүп мактап мисал кылып, менин атымды атап айтты.

1960-1961-жылдын кышын жакшы откөрүп, апрельде койдун туюту баштапды. Майдын аягында тууттун жыйынтыгын чыгарып биздин ферма 100 тубардан 102 ден төл алып, райондун колхоздорунан 10 козуну ашык алып туутту жыйынтыктады. Район боюнча болсо 80 ден

козу алынды. Ошол жыйынтык менен мени райондо жаңы ачылган племстанциясына директорлукка дайындап которду.

Биринчи катчы мени чакырып, "Областык госплемстанциясы менен, мен, төрт бука, элүү кочкор алуу боюнча макулдаштым. -Эки зоотехник, бир осеминаторго, бука, кочкор баккан чабан болуп иштөөгө кишилерди таап даярда. -Азырынча бироонун үйүн, сарайын арендага алып тур. -Келишим менен, финансы жагын азырынча госплемстанция өзүнө алды, кийин бул мекеме чарбалык эсепке өтөт. -Областык мамлекеттик асыл тукум станциясынын директоруна барып, бука, кочкорлорун алып, айлык акы боюнча сүйлөшүп кел. Берген акчасын кийин киреше түшкөндө которуп берсең болот. Барып банктан эсеп ач. Колхоздор, бир уйга 30 сомдон, бир койго 10 сомдон акча которооруулары боюнча макулдаштык. Ал сен жумушту баштаганда ишке ашат"-деди.

Казармандын С.М.Киров атындагы четки кочосүндө жашаган Абдес деген адамдын эки бөлмөлүү үйүн, анан жанындагы кошунасынын сарайын да ижарага алдым. Абдести кароолчу, анан байбичесин бөлмөлөрдү тазалап жыйноочулукка дайындап, сарайдын ээси менен, бука багаарын макулдашып, Нарынга мамлекеттик асыл тукум станциясына жөнөп кеттим. Мамлекеттик асыл тукум станциясынын директору төрт бука, элүү кочкорду үч автоунаага жүктөтүп, бир ат, үч автоунаа чөп, жем жүктөп, эки зоотехнигин кошуп, "Азырынча эки айлык акчаңарды алып тургула. Кийин банктагы эсебиңерге акча түшкөндө кайрып бересиңер"-деп жөнөттү. 1960-жылы июнь айынын жарымынан иш баштап, Казармандагы элдин менчик уйларын 30 сомго куудуруп кассага акча түшүрө баштадык. Урук алып Кызыл-Жылдыз, Бирдик колхоздоруна берип алар менен келишим түзүп, арбир уйга 30 сомдон акча котортуп алдык. Ошентип иш кызуу жүрө баштады.

Август айында Фрунзе шаарына келип, жогорку билим алуу үчүн Айыл чарба институтунун сырттан окуу бөлүмүнө документимди тапшырып экзаменден өтүп, андан кийин республикалык "Малды асылдандыруу Академиясынын" алдында ачылган бир айлык курсту окуп барып, ноябрь айында бардык колхоздордун койлорун ички кыштоодо кол менен жасалма уруктандыруу менен куудурдук. Ноябрьдын 25 деринде куутту жыйынтыктап, сырткы кыштоого көчүрүштү. Букаларды калтырып, кочкорлорду койдун кууту бүткөн соң, областык мамлекеттик асыл тукум станциясына кайра алып кетишти. Бир зоотехник, мен калып, төрт букадан урук алып, колхоздордун уйларын куудура баштадык.

Ошол, 1962-жылдын январь айында райкомдун биринчи катчысы Токтокан Эдилбаева мени өзүнө чакырып, "Республикада колхоз, совхоздордун кадрларын даярдоо боюнча бир жылдык курс ачылып жатат. -Райкомдун бюросу сени жиберүүнү чечишти. -Окуу 15-январьдан башталат экен. -Курс Скрябин атындагы айылчарба институтунун алдында экен. -Бүгүн айдын ону. -Беш күндө барып калышың керек"-деп, жолдомо берип, "Командировкага, оргүүгө берилүүчү акчаны өз мекемеңден алып жөнөп кет"-деди. Мен, Токтокан

Эдилбаеванын мага көңүл буруп жасаган камкордугуна ыраазычылыгымды айтып, райкомдун канцеляриясынан чыгып кеттим.

Ошентип, мен 13-январьда Фрунзеге келип, айылчарба институтуна барып, кабыл алуу болүмүнө жолдомону тапшырдым. Кабыл алуучу кызматчы,"Окуу 20- январьда башталат, бирок чакырылгандар толук келбей жатат"-деген соң, өткөн жылы институтка өтүп, кышкы сессиядагы экзамендерди бере элек элем, аны тапшырып, экинчи курстун студенти болдум. Курсанттарга Айыл чарба көргөзмөсүнүн мейманканасынан орун берип, эки орундук бөлмөсүнө Кочкор районунун "Чолпон" совхозунан келген Байдөөлөтөв Туткабай экөөбүз жайгаштык. Ал дагы Айыл чарба инсти-тутун сырттан окуп, экинчи курста экен. Бирге сабак даярдап жакшы болду. Жазында июнь айында экзамен берип, экинчи курсту бүтүрүп, үчүнчү курстун студенттери болуп калдык. Институтта окуу мен үчүн жеңил эле болду. Анткени мен техникумду артыкчылык диплом менен бүткөндүктөн ошол эле сабактар кеңейтилип окулуп жатты. Биздин окуубуз Кыргызстан компартиясынын БК сынын көзөмөлүндө экен. Бир жылдык курста да алдыңкы үгүучу болуп окуп, жакшы жактан көрүнө баштадым. Бухгалтерлик маалыматым, тажрыйбам болгондуктан, экономика боюнча сабактар мага жеңил болду. Стипендиясы айына жүз сом, жатакана бекер, ал эми тамак- аш өзүбүздүкү болгондуктан арзан болду. Айына алтымыш-жетимиш сомго эле тамактанып, ашып кетсе он сом. Айына **40-30** сомду экономдоп, үй-бүлөгө, балдарга кийим-кече, оюнчук жана башка керек нерселерди алып берип турууга мүмкүнчүлүк болду.

Тынымсыз өзгөрүүлөрдүн башаталышы

"Өзгөрүүдөн башка түбөлүк
туруктуу эч нерсе жок"
Байыркы кытай лакабы.

Ноябрь айында мени Борбордук Комитетке чакыртып, "Бүгүндөн калбай районуңа жөнө, -Сага түштөн кийинки рейске билет брондоп койдук"-деп, киши кошуп берди. -Ал мени аэропортко алып келип, мен билет алып, күндүн экинчи жарымында болчу рейске отургузуп, жөнөтүп жиберди. Китеп, кийим кечем жатаканада кала берди. Ал түгүл кошо жаткан Байдөөлөтөв Туткабайга да кабарлаша албай калдым. Казармандын аэропортунда райкомдун жалпы бөлүмүнүн башчысы күтүп туруптур. Машинага олтургузуп райкомдун биринчи катчысы болуп жаңы иштей баштаган Жумадил Жакыповичке жолуктурду. Токтокан Эдилбаева Тянь-Шань районуна биринчи катчы болуп которулуп, ордунда Жумадил Жакыпов келиптир. Мен саламдашкандан кийин каршысынан орун көрсөтүп олтурганым соң, "Сени чакырткан себебибиз, колхоздорду ирилеш-тирдик, -Бирдик, Калинин, Киров колхоздору биригип бир колхоз болгону турат. -Эртең саат ондо партиялык чогулуш коммунисттер менен болуп, андан кийин 3 колхоздун өкүлдөрүнүн

катышуусу менен жалпы чогулуш болот. -Колхоздун жаңы башкармалыгын, партиялык уюмун шайлоо болот. Сени ошого катышууга чакырдык. -Үйүңө барып үй-бүлөң менен учурашып, эртең саат тогузда райкомго кел"-деп, өзүнөн чыгарды.

Эртеси саат ондо үч колхоздун коммунисттери менен жалпы чогулуш болуп, Ыңкыбай Кайыпбердиевди партиялык комитетин биринчи катчылыгына, мени экинчи катчылыгына шайлашты. Кайыпбердиев менен ал райкомдо жалпы бөлүмдүн башчысы болуп иштеп жүргөндөн тааныш элем. Саат экиде жалпы чогулуш болуп, "Үч колхоз биригип, Киров атындагы колхоз"-деп аталсын, колхоздун башкармалыгына он бир кишиден турган мүчөлөрүн шайлашып, башкармалыкка Абил Абиловичти, башкарманын орун басары жана башкы зоотехник кызматына мени, башкы агрономго Чолоков Авалканды, башкы бухгалтерге Алыбаев Кадырбайды, башкы экономистке Кемелканов Бегатты шайлашты. Башкы инженер Салташев Бактияр болду. Андан кийин башкармалыктын чогулушун откөзүп, Абил Абилович мурдагы колхоздордон малды, материалды откөрүп алуу боюнча комиссия түзүп, "Малчарбасын откөрүп алуу комиссиясы беш кишиден туруп,башчысы башкы зоотехник болсун. -Техниканы башкы инженер, башкы агроном, ал эми конторалык мүлктү, акча документтерин башкы бухгалтер, башкы экономисттер кабыл алсын"-деп үч топко бештен, он беш кишини башкармалыктын токтому менен бекитип, ишти баштадык. Мен койду откөрүп алуудан баштадым. Бирдик колхозунун ферма башчылары Арзыкулов Абит, Токтосунов Кайыпбектердин жоопкерчилигинен 310 кой жетпей калды. Калинин колхозунун ферма башчысы Керкечтиев Жаныкеден **80** кой, Киров колхозунун №1 фермасынын башчысы Молдобаев Бешкемпирден **650** кой, №2 кой ферма башчысы Казыбаев Сапараалыдан **430** кой жетпей, ал эми колхоз боюнча **1080** кой жотпей калды. Уй, жылкыдан да Бирдиктен **11** уй, **3** жылкы, Киров атындагы колхозунан **18** уй, **9** жылкы жетпей калды.

Айдын аягында жыйынгыктаганда, башкарма Абил Абилович мени чакырып, "Бирдик, Калинин колхозунан жетпегендерин растратага чыгарып, Киров колхозунан жетпей калган **1080** койду, он сегиз уй, тогуз жылкыны, "Нак санап алдым"-деп, кабыл ал. -Ферма башчылардан убакыт мөөнөт коюп "тил кат" алып тур. -Анткени Киров атындагы колхозду башкармасы бириккен райкомго ишке орношкону турат. -Тогуз-Торо району жоюлуп, **1963**-жылдан баштап Ак-Талаа районуна кошулат. -Эгер жогорудагы жетпей калган мал көрсөтүлсө ал кызматка алынбай калат. -Сен деле билесиң, бул адам мага куда, мунун иниси менин кызымды алганын"-деди. Мен, "Жок, кечириңиз, нак алынганы тууралуу актыга мен кол коё албайм. -Растратага чыгарып ондуролу"-десем, ал мага капа болуп, "Мен колхоздун башкармасымын. -Кабыл алууга мен жооп берем"-деди. Мен, "Андай болсо өзүңүз чечиңиз"-дедим да, башка эч сөз айтпай чыгып кеттим. Кийин билсем, ал эки ферма башчыларынан тилкат алып, "Бир айлык мөөнөттө ондуробуз"-деп, актыны жазышып, кабыл алууга зоотехник Кулубаев Кеңешке кол койдуруп,

накка киргизиптир. Мен ноябрь, декабрьдын отчётун берип, өткөрүп алууну жыйынтыктап, 1963-жылдын башында Фрунзеге барып, кышкы сессияны тапшырып, "Бир жылдык окуумду жыйынтыктап келейин"-деп башкармадан уруксат алып, бир айлык өргүүнүн эсебинен отпуск алып, Фрунзеге кеттим.

Тогуз-Торо районун Ак-Талаа районуна кошулганы боюнча конференция 1963-жылы январьда Ак-Талаа районунда өтүптүр. Мен ошол убакта институттагы кышкы сессиямда болуп, ага катышканым жок. Февраль айында экзамендеримди тапшырып, төртүнчү курстун студенти болуп барсам, райондо, милициянын, почтанын, райсоветтин болумчөлөрү эле калып башка мекемелер Ак-Талаа районуна көчүрүлүптүр. Калган мекемелер деле Ак-Талаа районунун бөлүмчөлөрү экен. 1963-жылдын кышы оор болуп, Ак-Талаадан Тогуз-Торого автоунаа каттаган жол жабылып калды. Окмот танктарды жиберип жол салып, февральда Ак-Талаа районунун борборунан биринчи катчы Борчубек Назаров баштаган активдер аттар менен бел ашып келишти.

Тогуз-Торо районунун эки колхозунун койлору Кетмен-Төбө, Жумгалдын Кабактарында кыштап, ал жакта кар жеңил болуп, кой жутаган жок. Уй, жылкыга силос, саман тоют жетиштүү болуп, жемди кана март айында Ак-Талаа аркылуу алып, көп чыгашага учурабады. Ал жылы Ак-Талаа районунун колхоздору катуу жутка учурашып, койлорунун 30% тин кырып алышты. Жогорку жактан түшүрүлгөн, "Райондун экономикасын айыл-чарба башкармалыгы тейлейт"- деген жаңы сасатка карабай эле партиялык комитет, анын бюросу үстөмдүк жасап атты. Мен, колхоздун толгон иши менен алек болуп жүрүп, жетпеген 1080 кой, тогуз жылкы, он сегиз уйду өндүрүүнү талап кылбай калыптырмын. Ал убакытта, Киров атындагы колхозунун мурдагы башкармасы Абил Абиловичтин кудасы Дадахан Чоңчеңгелов райкомдо пропаганда бөлүмүнүн башчысы болуп туруп, Ташкентке жогорку партиялык мектепке окууга кетиптир.

Башкармага маселе коюп, "Бул койлор жүн кыркуунун, эткетогүүнүн, төл алуунун эсебинде болуп, корсоткүчтөргө терс таасир берип атат. -Аларды нактан чыгарып өндүрөлү"-десем, Абил Абилович, "Коё тур, кийинчирээк өзүм айтам эмне кылууну"-деп, макул болбой койду. Чамасы, "Өлүмгө чыгарып салам"-деген ойу бар болгон окшойт. Райондун өндүрүштүк айыл-чарба башкармалыгы, Ак-Талаа райкомунун бюросу, ар-бир ай сайын олгон малды комиссия менен, бюронун мүчөлөрүнүн катышуусу менен көрүп, "Мынчасы өлүмгө, тигинчеси төлөөгө чыгарылсын"-деп, акты жазып, өлүм чыгашасынын азайуусуна жан үрөп жатканда, тиги санакта жетпей калган койлорду, калган бодо малды да олум чыгашасына чыгаруу кыйын болду.

Ошентип, 1964-жыл да кирип келди. Февральда башкарма Крымга курортко эсалууга кеткенде, мен өндүрүштүк айыл чарба башкармалыгынын башкы зоотехниги Эсен Токтоналиевке болгонун болгондой айтып, эки ферма менен эсептешүү актысын түзүп, бардыгын растратага чыгарып жибердим. Уй, жылкыны, торпок, кулун кылып өндүрүп

толуктадык. 1965-жылы Чоңчеңгелов Дадахан жогорку партиялык мектепти бүтүп келип, райкомго бир аз иштеп, анан Тоголок Молдо колхозунун башкармалыгынын торагасы-башкармасы болуп дайындалып кетти. Ошол аралыкта райкомго экинчи катчы болуп мурдагы Карл Маркс атындагы колхозунун башкармасы Азимжан Асаналиев иштеп калган эле. Ыңкыбай Кайыпбердиев да көтөрүлүп, Токтогул районуна кетип, Малабек Малабеков колхозго парторг болуп келген.

Мен, 1965-жылдын февраль айында, "Фрунзеге, институттка барып, кышкы сессиядагы экзамендеримди берип келейин"-деп, уруса сурасам, башкарма, "Райком менен кеңешсем, азырынча барбай турсун деди. -Себеби, эртең бизге экинчи катчы келет экен. -Сенин үстүңдөн арыз түшүптүр. -Ошону текшерет экен, өзүң катыш"-деп, мага маалымат берди. Айтканындай эртеси экинчи катчы келип, парторгдун кабинетине мени чакырып, "Сенин үстүңдөн Борбордук Комитетке арыз түшүптүр. -Бизди текшерүүгө жиберди. -Өткөн эки жылда 5000 кой-козуну растратага, 3500 койду, ички чыгымга-деп, отчёттон чыгарыптырсың. -Ми'ң кой, он жылкыны Жалал-Абадка сатып, жеп койгонуң арызда көрсөтүлөт. -Бул боюнча эмне дейсиң?"-деди. Асаналиев экөөбүздүн ортобузда мурдатан бир аз келишпестик бар эле. Ал экөөбүз тең айылчарба институтунда сырттан бирге окуп, бир жолу чырдаша кеткен жайыбыз бар эле. Мен анын райкомго экинчи катчы болуп шайланышына сын пикир айтып, райкомго ачык кат менен да кайрылып, каршы болгон элем. Мен партиялык жолдош катары, ал катта анын партиялык жетекчилик кызматка иштеши үчүн деңгээлинин жетишсиздигин ачык белгилеген болчумун. Асаналиев менин ошол сыным үчүн өчүн алайын экен го-дегендей түшүнүп, "Мага койгон күнөөлөр боюнча арыз жазган адамдардан түшүнүк алып, тергөө органдарына берсеңер болот. -Ошондо жооп берем"-десем, ал кекенип, "Ушул айда райкомдун бюросуна барасың. -Ошондо жооп бербегениңди көром"-деди. Ошентип, экөөбүз дагы тартыша кеттик. Ал эки күн жүрүп, арыз жазгандардан түшүнүк жыйнап алып кетти.

Айдын айягында бюрого чакырган кагазды мен башкармага кирип көрсөтсөм, ал, "Учурда Назаров эсалууда. -Биринчи катчы эсалуудан келип ишине киришкенде барабыз. Мен обкомго макулдаштым. Обкомдон Азим Азимовичке айтышат"-деди. Мен, "Назаров деле акыйкат менен карабайт ко"- деп ойлоп койдум ичимден. Себеби, жакында эле Бирдик колхозунан Киров атындагы колхозду кайра бөлүп, Абдылдаев Карыбекти башкармалыктын торагалыгына шайлаганы келгенде учурашкандагы көз карашынан эле, анын мага жакшы пикирде эместигин түшүнгөн элем. Мен ал кишинин кызыкчылыгынын "күйругун" качан басып алганымды билбейм, айтор ал саламдашканда эле, "Сен Абил Абиловичтин буйругун ыргытып, отчёттон жок малды чыгарбайт экенсиң"-деп наалыганы эсиме түштү. Ошондо ал мени кага сүйлөп, менин үстүмдөн арыз жазгандарды жанына алып жүрүп, жакындан сүйлошконүнөн эле түшүнгөм. Мен ошондо өз кезегимде, "Борчубек Назарович, башкармага баш ийбей, анын буйругун ыргыткыдай мен

киммин? -Отчётту башкарма бекитип, мөөрүн дагы өзү басат эмеспи. -Менин мөөрдү өзүмдө кармаганга, башкармасыз жеке чечим кабыл алганга укугум бар беле?"-деп, жооп айткан элем. Ичимден, "Ал азыр дагы ушул экинчи катчысын колдойт ко? -Ал экөөнүн өз-ара мамилеси да жакшы экен. -Мейли, бара көрөрбүз"-деп, ойлонуп, тим болгом.

Марттын аягында Абил Абилович, "Назаров эс алуудан келип, бюрого чакырды. -Биз беш күндөн кийин бюрого барабыз"-деп, мага эскертти. Ошол мезгилде бир маалымдуу досум, болуп аткан интриганы билип алып, мага, "Булар сени бюрого чакырып барып, эптеп кызматтан алуу максатта. -Сенден кутулуу буларга керек болуп турат. -Сен бупардын "Планды ашыгы менен аткардык"-деп, көрсөткүчтөрдү кошуп кажууларына макул болбой, бут тосуп жаткандайсың. -Сенин, "Таза иштеп колхоздун экономикасын көтөрүүгө салым кошом, малчылар эмгек акыларын алып, турмуштарын оңдоп алсын"-деген аракетиң, булар үчүн эч нерсеге турбайт окшойт. -Сен алардын, авторитет алып, орден менен сыйланып, Назаровдун социалисттик эмгектин баатыры наамын алуу пландарына бут тосуп жаткандайсың. -Сенин үстүңдөн арызды Абил Абилович баш болуп, өздөрү жаздырып атышат. -Болбосо тиги арыз ээси болгону чабан эле. -Ал ошондой арыз жаза алабы?"-деди. Анан созун улантып,"Өткөндө Назаров Абил Абиловичти зэрчитип алып, эт комбинатына барып, **200** ирикти түштүктөгү Кара-Суунун мал базарына саттырганын мен да билем, сен да билесиң. -Бирок далилдей албайбыз. -Күболорубуз алардан коркушуп, айта алышпайт. -Ошол **200** ирикти саткан неме, баягы сен чабандан бошотуп койгондо, башкарма ага тубар бээге жылкычылыкты алып берген киши. -Ал, "Короодогу койлорумдун кочкү алып кеткендерин дагы Абдылдаев чыгашага чыгарбай койгон. -Ал эми **1000** койду Абдылдаев сатып ийген таризде, сени күнөөлөп жазып жатпайбы?"-деп, "Тиги кудасы, Конушбай эмне үчүн, "**100** койду карышкыр кырып кетти"-деп, "Баласын түштүккө качырып дайынсызга чыгарып атат? -Аны да кийин сага догурат"-деди да, "Эми сенде бир кана мүмкүнчүлүк бар. -Бюродо партиядан чыгып калбай, сот жообуна тартылбай, таза кутулушуң керек. -Кызматын болсо бересиң. -Эрте барып айыл чарба башкармалыгынын башчысы Жумадил Жакыповичке толук түшүндүр. -Ал дагы бюронун мүчөсү эмеспи. -Анын орунбасары, райондун башкы зоотехниги Эсен Токтоналиев да бюронун мүчөсү"-деди. Райондор биригээрдин алдында Жумадил Жакыпов Тогуз-Торо районунда биринчи катчы болуп кыска мөөнөт иштеп калган. Бири-бирибизге болгон мамилебиз түз жана жакшы болчу. Мен, Эсен Токтоналиевке мурунтан эле толук айтып жүргонүмдү эстеп, "Бул досумдун айткандарында чындык бардай"-деп ойлоп, бюро болоор күндөн бир күн мурда барып, Жумадил Жакыповичке, Эсен Токтоналиевке кирип түшүндүрүп, анан ракомдун биринчи катчысы Борчубек Назаровко да кирип толук айттым.

Эртеси бюронун отуруму болду. Биринчи маселе катары бизди карап, экинчи катчы арызды окуп, бюрого айтып берди. Назаров бюрону башкарып, мени трибунага чыгарды. Элдин деми менен бюро отуп

жаткан зал ысып кетип, бюронун отурумунда мен кителимди желбегей жамынып отуруган элем. Бюро стресс жараткан, нервдер чыңалган жагдайда болуп аткандыбы, айтор ага көңүл бурбай калсам керек, мен ошо желбегей жамынган боюнча трибунага чыгыптырмын. Мен, "Арыздагы фактылар туура эмес. -Растратага чыккан **5000** койдун **1080** башы өткөрүп алууда Дадахан Чоңчеңгеловдон жетпей калган. -Аларды башкарма Абил Абилович жетпей калганына карабай, накка кабыл алган. -Алып атканда Дадахан Чоңчеңгелов, "Аларды бир айдын ичинде өндүрүп, орduна коюп берет"-деп, айткан. -Бирок ал өндүрүп бербей, эки жыл сүйрөдү. -Ошондон бери алар накта жүргөндүктөн, аларды биз растратага чыгардык. -Калганы өзүңүздөрго белгилүү. -Эки жылдан бери, өлгөн кой-коюу толоого чыксын-деп, бюро мүчөлөрү катышкан комиссиянын актысы менен растратага чыгарып жатасыздар. -Ал эми 3500 ички чыгым деле ошондой"-дедим.

Ошондо Назаров, "Бул айтканыңды башкарма билеби?"-деп мага суроо берди. Мен,"Албетте билет. -Себеби отчётту башкарма бекитет эмеспи. -Аны башкы зоотехник бекитпейт"-дедим. Назаров бюрого каирылып, "Жолдош бюро мүчөлөрү. -Бул, "Абдылдаев"-деген желмогуз, жерди да, көктү да билет экен. -Бир аз ортолуктагы илинчегин билбей атат. -Билсе жер менен көктү аралаштырып жибере турган. -Карагылачы трибунада желбегейленип тургынын"-деп, мени көрсөтүп, анан демейдеги кыраакылыгына салып, "Сен жанагы айткандарыңды кантип далилдей аласың?"-деди. Мен, "Ошол өткөрүп алууда жетпей калган бардык мал тууралуу жазылган актылардын күбөлөндүргөн нускалары, ферма башчыларынын жазып берген тилкаттары менде бар. -Калгандары боюнча дагы текшерүү сайын бюронун мүчөлөрүнүн жазган актылары бар"-дедим. Ал мени карап, "Кана көрсөтчү мага!"-деди эле, мен, "Азыр жанымда жок, керек кезде, керек жерде көрсөтөм"-дедим.

Ошондо мен, желбегей жамынып турганым эсиме келип, эки жеңимди кийиптирмин. Назаров башкарманы трибунага чыгарып, "Сиз тиги башкы зоотехникти уктуңуз. -Айтыңызчы, ал чынын айтып жатабы?"-деп сурады. "Жолдош бюронун мүчөлөрү"-деди, Абил Абилович, "Абдылдаев болгон чындыкты айтты. -Биз, өз кадрыбызды сактайлы, өстүрөлү-деп, чоң ката кетирдик. -Өз убагында эсептешип өндүрө албаганыбыз чын. -Учурда растратага чыгарылган, акчалай өндүрүп атабыз"-деди. Андан кийин башкы бухгалтер Алыбаев Кадырбайды чыгарып, -Сен бул боюнча билесиңби?-деп сурады. Ал дагы, -Ооба билем. -Растратага чыгарып өндүрүп атабыз-деп, башкарманын айткандарын тастыктады. Жыйынтыктоо сөзү менен Назаров чыгып сүйлөп, "Растратага жол берип, өз убагында чара көрбөгөнү үчүн, Абил Абиловичке, Алыбаевке, учёттук карточкаларына жазуу менен катуу сөгүш берилсин. -Кандай дейсиңер жолдош бюронун мүчөлөрү"-дегенде, Асаналиенев Азим, "Абдылдаевкечи?"-деди эле, Назаров, "Жолдош бюро мүчөлөрү. -Прокурор жетектеген комиссия түзүлсүн. -Комиссия ишин бизге айтып берсин. -Абдылдаевдин ишин ошол

комиссиянын ишинин жыйынтыгы менен кайра карайлы"-деди. Бюронун мүчөлөрү, сшол сунушту кабыл алышты.

Мал санакка мен катышканым жок. Прокурор баштап, мекемелерден отуз киши келишип, өздөрү эле ар-бир короого барып санап атышты. Башкарма мени катыш деп да айтпады, мен да өзүм барып катышпадым. Жыйынтыгын партиялык уюм менен башкармалыктын кошмо отурумунда карап, "Арыздагы жазылган материалдар аныкталбады"-деп таап, жыйынтыкташты.

Ошентип мага коюлган күнөөлөр жалган жалаа болуп чыкты. Бирок негедир, андан кеп күн өтпөй эле, башкарма мени өзүнө чакырып жекече сүйлөшүп, "Ракомдун биринчи катчысы Борчубек Назаров сени оз арызын менен иштен бошонуп кетишинди, ыңгайы келгенде сага башка иш берээрин айтты. -Эгер арыздын негизинде бошобосоң кийин иштоең кыйын болуп калат. -Сенин башкармалыктын токтому менен, "Ишти алып кете албаганы үчүн бошотулду"-деп иштен кеткениңдин ордуна, арыз жазып берип бошогонуң оң го. -Эгер, "Ден-соолугума байланыштуу иштөөгө мүмкүнчүлүгүм жок. -Иштен оз арызым боюнча бошотууңузду сурайм"-деп, арыз жазсаң, биз сага эки айлык оргүү акынды төлөп беребиз"-деди. Бул эми айтпаса да түшүнүктүү го. Менин каршылаштарым, партиялык бийликтин эң жогорку баскычында колдоогондору бар, уюшулган күчтүү топ экен. Аны мен ага чейин эле түшүнүп калган элем. Мен бир аз ойлонуп туруп, макул болдум. Буга менин "өзүмдү озум сактоо инстинктим" түртку берди окшойт. Себеби, биздин үй-бүлөнүн өткөн кылымдын 20-30-чу, жылдарындагы таптык куугунтукту башыбыздан откоргонубуз али менин эсимден кете элек эле.

Мен, ошол окуялардан бир топ жыл откондон кийин ал кишинин 2003 жылы чыккан эскерүү китебин окуп чыгып, Кыргызстан коммунисттик партиясынын ичиндеги жеке кызыкчылыктардын негизиндеги уюшкан топтор, ага жетүүдө, алардын байланыштарынын таасири канчалык жогорку дэңгээлде күчтүү болгонун түшүнүп, менин ошондогу чечимимдин туура болгонуна ынандым. Болбосо, мен майнапсыз эле, Дон Кихоттой болуп, жел тегирмедер менен күрөшө бермек экенмин. Буга далил, кийинки жылдары бул адамдын, аны менен түштүктө бирге иштеген жакшы санаалаш жолдоштору Талабай Жнушкулов, Катен Кыдыковдор Нарын областына обкомго биринчи катчы болуп келишип, Борчубек Назаров колдонгондой волюнтаристтик ыкмалар менен иштешип, жалган көрсөткүчтөрдү кошуп жазууну оркөндотүшүп, областын экономикасына бир кыйла зыян келтирип кетишти. Ошонун кесепетинен бир нече чынчыл таза иштеген жетекчи инсандар түрмө жазасына кесилишип, кээбирлери ооруларга чалдыгышып, жаш эле каза болуп калышты.

Мен үч ай жумушсуз үйдө жүрүп, "Кесибим боюнча ветеринардык фельдшер болуп иштейин"-деп, Казармандагы ветстанциянын башчысы Мокеевке барсам, ал, "Азыр бош орун бар, сиз ал туурулуу райондун башкы мал доктуру Исманов менен сүйлөшүп корбойсузбу"-деди. Мен ошол жерден эле Исмановко телефон чалып, "Ветстанцияда бош орун

бар экен, мени ишке алласызбы?"-деп сурадым. Мен Исманов менен жакшы тааныш элем. Кезинде чай ичишкен жакшы жолдоштордон болчубуз. Исманов мени менен жакшы маанайда сүйлөшүп, бирок, "Аске, сенден болок киши болсо ал орунга кабыл алат элем. -Сени ала албайм"-деп түз эле айтты. Мен таң калып, "Мен сага кандай жамандык жасадым эле"-десем, ал, "Жок Аске, кеп анда эмес. -Сени кызматка алганга жогоркулардан уруксат болсо кана алг алам. -Сен мени туура түшүн. -Сага коңүлүм түз. -Сенин ишти алып кетээриңди деле билем. -Сен биринчи катчыга кайрылып көрбөйсүңбү?"-деди. Мен, "Кайрылса кайрылайын.- Эгер ал, райондон иш бербей турган болсо, анда мен башка районго деле кетип иш издейм"-дедим. Анан Ак-Талаага чейин жолдун алыстыгын эсепке алып, Исмановко кайрылып, "Кандай дейсиң? -Мен телефон менен эле кайрылсам болобу?"-деп, анын пикирин сурасам ал, "Болот, телефон менен эле чалып сурай бер"-деди. Мен түз эле ошол телефондон Ак-Талаа райкомунун биринчи катчысы Борчубек Назаровдун жумуштук түз номерине телефон чалсам, ал өзү алды. Мен салам айтып, "Мен Тогуз-Тородон чалып атам. -Атым Аскаралы, фамилям Абдылдаев. -Сиздин тынчыңызды алып телефон менен чалып жатканымды кечирип коюңуз"-дедим. Анан, "Борчубек Назарович, мен үч айдан бери иштеген ишим жок, бошмун. -Райондук ветлечебницадан телефон чалып атам. -Бул мекемеде бош орун бар экен"-дедим. Ал, Абил Абиловичке айтканындай эле, эсинде бардай, "Мен Исмановко дайындайм. -Ошол жумушка иштей бер"-деп, телефондун трубкасын коюп койду. Мен бир нече убакыттан кийин кайра Исмановко чыксам, ал, "Сага буйрук чыгарып койдум. -Мокеевке арыз берип коюп иштей бер"-деди.

Баары кайра башынан

Ошентип, 1965-жылдын октябрь айынан, карьерамды кайра башынан баштап, ветлечебницага фельдшер болуп иштеп калдым. Ишим малды даарылоочу жайда эле болуп, райондо жашаган элдин менчик малдарын дарылап, кан алып лабораторияга жөнөтүп, прививка жүргүзүү. Менин кайрадан өзүмдүн кесибиме байланыштуу ишим болуп, алган айлыгым да үй-бүлөмдү бакканга жеткидей болду. Аялым дагы керек-жарак коомунун дүкөнүндө сатуучу болуп ишке орношкондон кийин, экообүздүн тапканыбыз беш балабыздын кийим кече, тамак ашына кенен жете турган болду. Колхоздун иши менен күнү-түнү жүрүп, үйдө айына беш эле күн болуп, балдарым менен болууга, алардын сабактарын текшерип, оз убагында китеп окуп берип, муктаж болгондоруна жардам берип турууга да убакыт болгон эмес эле. Эми бардыгына убакыт жетиштүү болуп калды. Карьерамдын башында эле мен өзүмдү кесибим боюнча мыкты адис болууга багыттаган элем. Бала кезимде, андан кийин өспүрүм кезимдеги түзүлгөн дүйнөгө, адамдарга, руханий, ыйман маселелерине болгон көз карашымды мен ушул күнгө чейин карманып келем. Бул менин үй-бүлөдө көргөн тарбиямдан болуш

керек. Ушул жерден менин ата-тегим, үй-бүлөм тууралуу кыстарып дагы бир аз маалымат айта кеткеним орундуу болгудай.

Менин чоң атам Камбарааалы калпа, жогоруда айтып кеткендей, кандайдыр бир ички интуициясы менен туйгандай, билимдүүлүктү, эмгекчилдикти сыйлаган, арабча китеп окуган инсан эле. Ошондуктанбы, айтор менин атам Абдылданы да, биринчи арабча окутуп, андан кийин орустар орус-тузем мектебин ачып, кыргыздын манаптарынын балдарын дагы алып окута баштаганда, менин атамды да жылына бир нече мал берип алты-жети жыл окуткан экен. Атам Абдылда арабча, орусча эркин окуган сабатту адам эле. Өткөн кылымдын жыйырманчы жылдарынын башында совет бийлиги "Кызыл-Үй"-деп боз үйлөрдү тигип мектеп ачканда, окутуучу болуп балдарды окуткан экен. Кийинчирээк Нарын шаарынын билим берүү боюнча жоопту кызматчысы, "Сени Ташкенттеги Орто Азия университетине (САКУ га) жолдомо берип жиберейин"-дегенде, "Үй-бүлөлүк шартым боюнча мүмкүнчүлүгүм жок"-деп, барбай койгон экен. Ошондон бир аз жыл өтпөй колхоздоштуруу башталып, таптык күрөш күч алып, ар кандай жарлыктар тагылып, бир аз тыңырак турган үй-бүлөлөрдү кулакка тартуу башталыптыр. Ошол компанияга биздин үй-бүлө дагы ак жерден кабылып, мал-мүлкүбүз ортого тартылып алынып, түштүккө эки жарым жылга айдалыптырбыз. Ошол жылдары мен төрт-беш жаштагы бала экенмин. Кийин атамдан, "Сиз ошондо неге САКУ га барбай койдуңуз эле. -Аны бүтүрүп келгендер кийин академик болушуп, Кыргызстандын биринчи жетекчилери болушту"-десем, атам, "Аа балам, ошондо барбай койгонум эле туура болуптур. -Ал кез абдан кооптуу заман эле. -Кийин ошол инсандардын дээрлик көпчүлүгү ак жерден репрессияга туш келишип, дайындары чыкпай жок болуп кетишпедиби"-деген эле. Атам Абдылда өмүр бою колхоздо иштеп, он балалуу болуп, пенсияга чыгып, **90** жашында, **1989** жылы дүйнө салды.

Ойго келбеген окуялар

1966-жылдын январь айында, Тогуз-Торо району Ак-Талаа районунан кайра бөлүнүп, өзүнчө район болуп уюшулду. Жаңы болүнгөн районго, мурда Ак-Талаа районунда экинчи катчы болуп иштеп жүрүп, Кыргызстан компартиясынын Борбордук комитетине кызматка которулуп кеткен Мелис Турдалиевич Турдалиев биринчи катчы болуп дайындалды. Мелис Турдалиевди ошол экинчи катчы болуп иштеп турган кезинде, мен колхоздо башкы зоотехник болуп иштеп, малчарбасына тийиштүү көп ишти аны менен макулдашып чечип, эки жылдан ашык бирге иштешкем. Жашыбыз да бир курдуу болгондуктанбы, айтор, ал мага жолдоштук жылуу мамиле жасачу эле. Мен өз оюмда, "Мелис Турдалиевичке, Тогуз-Торо району жөнөлүп, Ак-Талаа районуна кошулган үч жылдын ичинде эл дээрлик менчик малдан ажырып жардыланып, жерине буудай айдалбай нанга жетпей, потребсоюздун дүкөнүн сагалап, акча тапканы ун сатып алып, акчасы жогу огородуна айдаган жүгөрүнүн талканына таянып жан багып жатканын колхоздор көп жылдык чөп

айдабай мал кесек тоют менен камсыз болбой, кыш оор болуп, кар көп жааган жылдары малын кырып алып жүрүшкөнүн айтсамбы?"-деп жүргөнүмдө, ветлечебницанын башкы даарыгери чакырып, "Сизди биринчи катчы чакырып атат.Түшкү эс алуудан кийин ошол жакка бара бериңиз"-деди.

Жолдо да, анан үйгө келип чай ичип олтурганымда да, жогорку ойлорум эсиме түшүп, "Сен оюмду айтсамбы-дейсиң. -Биринчи катчы сенин оюңду кандай кабыл алат? -Мурдагы иштешкен устаты Борчубек Назаровдун таалимин алып ишин улап, өз карьерасынын камын көрүп, кичинекей районду өз билгениндей калчап, "Орден алып, баатырлыка жетем"-деп, жогорку кызматка көтөрүлүү максаты менен келсе, сени андай түшүнөр болду экен? -Сен, "Элимдин жакшы жашоосун, малдуу болуп, нанга тоюнуп, көп жылдык тоют айдап мал чарбасын тоют менен камсыз кылып, колхоздордун экономикасын көтөрсөм"- дейсиң. -Сен өзүң деги кимсиң? -Эл сага эле керекпи? -Элди башкарып элдин эсебинен жашап жаткан чоңдор башын оорутпаса сен эмне кыла аласың?- Сокур киши шоолада, бакыр киши паанада-дегендей, өз арбайыңды согуп, малды даарылап, өкмөт берген айлыкты алып, бала-чакаңды багып, жетекчиң айтса, "Макул аке, лапбай"- деп эле оокат кылсаңчы"- деп атты, менин ички "кежир" добушум.

Мелис Турдалиевич жаш жетекчи эле. Борборго иштеп, чоң жердин тарбиясын көрүп, республикадагы элдердин жашоо тирикчилиги менен таанышып келди. Мурдагы устатынын жаман жагын да, жакшы жагын да салыштырып карап, ишти жаңыча, элдин талабына, кызыкчылыгына жараша иштейт ко-деген үмүт менен келдим. Түшкү танапистен кийин келсем, кабыл алуу бөлүмүндөгү кыз, "Кире бериңиз. -Сизди келсе кире берүүңүздү эскерткен"-деди. Мен кабинетине кирип саламдашып, өзү жаңсап көрсөткөн орундукка отурдум. Мелис Турдалиевич жакшы маанайда кабыл алып, үй-бүлөмдү, ден соолугумду сурап келип, "Убакыт учкан куштай отүп, кезиктегенибизге үч жыл болуптур.- Келгенден бери, сага жолугууну ойлосом да, ар кыл иштен чолоом тийбей, жолуга алабай жатып, бүгүн убакыт таптым. -Мен билгенден, сенин ветеринар, зоотехниктен сырткары дагы бухгалтерлик билимиң бопмок эле. -Райондор кошулаардын алдында республикалык колхоз совхоздордун жетекчилерин даярдоо боюнча бир жылдык курсун дагы окуп келгенсиң. -Сени айыл чарба башкармасынын эмгек акы төлөө боюнча экономисттик кызматына которууну чечтик. -Ал жерде айлык акыңыз да дурусураак болот"-деди. Анан бир аз пауза кармап, "Мамлекет малчарбасынан алынуучу эт, жүн, сүттүн сатып алуу баасын эки-үч эсе көтөрдү. -Колхоздордун экономикасы өстү. -Бирок ошол азык-түлүктү өндүргөндөрдүн эмгек акысы өспөй атат. -Республикадагы алдыңкы чарбалар эмгекке акы төлөөнү өстүрүп, натуралай жана акчалай акы төлөп, аларды эмгекке кызыктырып, айыл-чарба продукциясын көп өндүрүүгө жетишип атышканын телевизордон, гезит, журналдан көрүп аткандырсың. -Бизге дагы ошол методду пайдалануура

мөзгил жетти. -Районубузда толгон токой чечиле элек маселелер бар. Акырындап бир башынан чечишибиз керек"-деди.

Мен өз кезегимде, "Мелис Турдалиевич, мени эсиңизге алып, кам көрүп кабыл алганыңызга рахмат. -Сиз сунуштаган иш колумдан келбей сизге уят болом го"-дедим. Ал, "Аскараалы Абдылдаевич, бул иш сиздин колуңуздан келет. -Айылчарбасынын азыр иштеп аткан башкы экономисти окууну жаңы бүтүп келген жаш бала. -Ага баш көз болуп, биргелешип иштеп, колхоздордун отчёттук чогулушуна чейин бүтүргүло"-деп жатканда, сырттан айылчарба башкармасынын башчысы кирип саламдашып, менин катарымдан орун алганда, биринчи катчы мен тарапка эзгин шилтей көргөзүп, "Саламат Салиевич, баягы мен сага айткан киши ушул"-деди. Мага башка соз сүйлөөгө мүмкүндүк бербей, "Аскараалы Абдылдаевич, эми ишиңиз ийгиликтүү болсун. -Бул киши менен барып, буйругуңузду алып, ишке киришиниз"-деп, өзүнөн чыгарды.

Айылчарба башкармалыгынын башчысы аппаратын чогултуп мени тааныштырып, буйругун берип, башкы экономистке биринчи катчы айткан тапшырманы түшүндүрүп, нормативдик тариф отчёттук чогулушка чейин бүтүп, биринчи катчынын таанышуусунан өтүшү керегин айтты. Башкы экономист экөөбүз кеңешип үч колхоздун башкы экономисттерин чакырып, нормативдик тарифтерин алып келүүсүн сурандык. Эртеси үч колхоздун экономисттери нормативдик тарифтерин алып келишип, Кызыл-Жылдыз колхозунун экономисти Кемелканов Бегат, башкы экономистке сунуп жатып, "Бул нормативди колхоздун жалпы чогулушу бекиткен. -Сипердин өзгөртүүгө акыңар жок"-деди. Башкы экономист, "Өзгөртөлү деген ойчким жок. -Бул киши салыштырып таанышкысы келип атат" деп, мени көрсөттү. Ленин атындагы колхоздун экономисти Исмаилов Касым мага тийишип, "Аске сен айылчарба башкармалыкка келип калыптырсың. -Булардын балдарынын "котурун" даарылаганы келдиңби?"-деди. Тиги тарапта олтурган бухгалтер Тамашаев Токтомуш, "Аскең биздин эмес сенин котурунду даарылаганы келди. -Колундагы тарифти бекер сурап жаткан жок"-деди. Мен күлүп, "Эмгек акы төлөө боюнча экономист болуп силерден экономиканы үйрөнүү үчүн келдим, жардам кылгыла"-дедим. Башкы экономист, "Нормативдик тарифиңерди эки күндон кийин алып кеткиле"-деп, аларды кабинетинен чыгарды.

Алар кеткенден кийин мен алардын нормативдик тарифтерин салыштырып карап чыгып, үч колхоз мамлекетке бирдей баада азык-түлүк сатып, бирдей шартта иштеп жатып, бири аз, бири көп, аркыл ишке аркыл акы төлөнүп жатканын көрүп, райондун колхоздорунда бирдей тарифте акы төлөө керегин башкы экономистке айттым. Ал экөөбүз бирге олтуруп эмгек акыны өндүргөн азык-түлүккө (козуга, жүнгө, сүткө, этке) карай анын бирдигине төлөөнү, пландагы фондунун 70 пайызын, жыл ичинде ай сайын айлык катары төлөп, 30 пайызын жыл аягында эсептешип төлөөнү, алардан ашык өндүргөн төлдүн 50 пайызын, жүн, сүт, эттин баасынын 50 пайызын кошумча акы катары төлөөп берүү

боюнча эсебин түздүк. Талаачылыкта да механизатор, сугатчыларга ушул тарифти киргизүүнү сунуштадык.

Мисалы, **500** кой баккан чабан тубар кой бакса, пландагы эмгек акы фонду **10 000** сом болсо, жыл ичинде **70%** же **7000** сомун алып жыл аягында 30 пайызын эсептешип алат. Ал фонддун **60** пайызы же **6000** сому козуга төлөнүп **40%** же **4000** сому жүнгө төлөнөт. Козуну **500** койдон план боюнча **80** ден **400** козуну энесинен бөлүп берсе, төрт ай багып ар бир козуга он беш сомдон акча төлөнөт (**6000/400** = 15). Жыл ичинде ар бир койдон 2.8 килограмм жүн кыркып **1400** килограмм жүн берсе **4000** сом же ар бир килограмм жүнгө 2.85 сом төлөнөт (4000/1400 = 2,85 сом). Андан ашык, эгер 430 козу бөлүп берсе, пландан ашык 30 козунун 15 ин натуралай алат. Эгер **1500** килограмм жүн кыркып берсе **1000** килограмм жүндүн мамлекетке сатылган баасынын 50% тин акчалай алат. Эгер жүн 10 сомдон сатылса(**50%**) **5000** сомду акчалай алат. Жыл ичинде авансалап 1 койго **1.20** сомдон, анын **60% 500x1.20** = **600** сом өзү, **60%** тин, же **360** сомду жардамчысы, аялы 240 сом айлык алат. Чабан малчылардын эмгек акылары ушундай тартипте тарифтелет-деп түзүп ал эми жетекчилерге болсо, союздук тарифте айлык төлөнүп, ашык аткарган кирешеден 5 айлык акыга чейин кошумча айлык төлөнсүн-деп түздүк. Жылкычы, уйчу, саанчыларга, механизатор, сугатчы дыйкандарга да ушундай тартипте өндүргөн азык-түлүгүнө, анын бирдигине карай түзүлдү. Биз тарифти айткан убакытында бүтүрүп тааныштыруу биринчи катчыга бердик. Биринчи катчы жактырып бюрого коюп, талкуулашып, колхоздордун отчёттук чогулушунун талкуусуна коюп, бекиттирип чыкты. Бул тариф өзүнүн туура түзүлгөнүн тастыктап, **1966**-жылдын жыйынтыгында айрым чабан, малчы саанчылар кошумча акысына **10-15** тен козу, 1-2 ден кулун, музоо, **500** дөн **5000** ге чейин акчалай кошумча акы алышып, эмгекке болгон элдин кызыгуусун арттырды.

1966-жылдын июль айынын орто ченинде райкомдун биринчи катчысы мага үйдөгү телефонго чалып өзүнө чакырды. Келсем контора-нын жанында машинасын токтотуп, мени күтүп туруптур. Саламдашкандан кийин, эч соз айтпай эле мени машинасына отургузуп, Кызыл-Жылдыз колхозунун талаачылыгын кыдырып, чөп жыйгандарды, силостук жүгөрүнү сугарып жаткан сугатчыларды, эгин айдаган талааларды кыдырып, ал жердеги колхозчулар менен сүйлөшүп жүрүп, алардын арыз талабын угуп, кечинде конторанын жанына түшүп калып, шоферуна, «Аскараалы Абдылдаевичти үйүнө жеткизип кой"-дегенде мен, "Мелис Турдалиевич, рахмат. -Мен жоо эле басып кетем"-деп, машинадан түшүп, үйгө басып кеттим.

Эртеси эртең менен дагы үйдөгү телефонго чалып өзүнө чакырды. Келсем өзү жалгыз олтуруптур. Саламдашып, учурашып каршысындагы орунтукка отурдум. Мелис Турдалиевич мени карап жылмая тиктеп туруп, "Аскараалы Абдылдаевич, кечээ күнү кечке эч соз айтпай колхоздун талаачылыгын кыдыртканыма капа болгон жоксуңбу?"-деп, сурады. Мен таң калганымды жашырбай, "Жок"-дедим. Мелис Турдали-

ович, "Анда мындай. -Борбордук партия комитети Кызыл-Жылдыз колхозунан мурдагы Киров атындагы колхозду бөлүү жөнүндө чечим кабыл алды. -Эртең жалпы колхозчулардын чогулушун өткөзүп колхозду бөлүп, ошол колхоздун башкармалыгынын төр агалыгына сенин кандидатураңды коюуну жогорку жетекчилер менен макулдаштык. -Бөлүнгөн колхозго тийчү жерди, элди өз көзү менен көрсүшүң үчүн сени кеча кечке кыдырткан себебим ушул"-деди. Анан, менин жообумду күткөндөй маанеде мени карап койду. Мен өз кезегимде, "Мелис Турдалиевич мага комкордук кылганыңыз үчүн рахмат. -Мен сизге ыраазымын. -Мен ал колхозго башкарма болуп иштей албайм"-дедим. Мелис Турдалиевич мага таңдана тиктеп, "Эмнеге иштей албайсың? -Элди, жерди деги билесиң. -Мурда 2-3 жыл башкы зоотехник болуп иштегенсиң"-деп, анан сүйлөө мага карап калды. Чамасы, ал, "Бирөөлөр ферма башчы, жана башка кызматтарга дайындалуу үчүн ортомчу коюп, акча сунуштап жүркөп жүрүшсө, мунун башкарма болуп иштебейм дегени кызык го?"-деп, мен жөнүндө ойлоп жаткандай сезилди. Бир аздан кийин мен, Мелис Турдалиевич, кеп менин жерди, элди билгенимде эмес. -Кеп менин ошол 2-3 жыл башкарманын орун басары, башкы зоотехник болуп турганда ошол элге менин жаман көрүнүп калганымда болуп атат. -Элдин колдоосу жок болсо иштөө өтө татаал болот эмеспи. -Киров колхозун Кызыл-Жылдыз колхозуна бириктиргенден бир жылдан кийин төлдү аз берип, өлүм чыгашасын көп бергени үчүн, колхоздун башкармалыгы бардык тубар малды бул ойүзгө өткөзүп, көптөгөн кишилерди нааразы кылып, айрым чабан, малчылардын иштен бошотулганын алар менден көрүшүүдө. Алар, "Аскараалы Абдылдаев, башкарманын орун басары болгондо бүт тубар малды бизден алып, тиги ойүзгө өткөзүп, бизди "козунун этин жегенден" ажыраткан"-дешип, эмдигиче айтып жүрүшөт. -Менин пикирим боюнча колхоздун эли мени жаман көрүп калгандай. -Жалпы чогулушка алып барып менин кандидатурамды койсоңуз, эл шайлабай койсо, сиз да уят болосузбу-деп ойлоп атам. -Мени ушул эле кызматка тим койсоңуз ыраазымын. -Эгер бул кызмат бирөөлөргө керек болсо мурдагы ветфельдшерлик ордумду берсеңиз деле ыраазы болом"-дедим.

Мелис Турдалиевич мага жылмая карап, "Мен сени жакшы түшүнөм. -Сүткө оозун күйгүзгөн, айранды үйлөп ичет-болбо. —Ырас, сени бир ишке дайындап, кайра башка кызматка которушуп, кээде бошотуп салып, кайра коюп атып сынактан өткөрүштү. -Сен биротоло катардан чыгып калган жоксуң да. -Кайра чыңалып озуңду көрсөтүп, бардык ишти алып кете алдың. -Кээбир партиялык жетекчилерге жакпаганың менен партиянын ак ниет жетекчилери сени жактырып, сага туура баа беришерин билем"-деди.

Ошол учурда мен ойго чөмүлүп кетип, өз ичимден, өзүм катарында турган партияга нааразы болуп, "Силер партияга таянып, "Эшектин күчү адал, сүтү арам"-дегендей кылып, эшектей иштетип туруп, анан жакпай калган бир күнү, мага каршы арыздарды уюштуруп, иштен алып, сандалтасыңар. -Пара берген кошоматчы шылуундарды, өз

жакыныңарды ишти алып кете албаса да мактап, жаман жагын жаап-жашырасыңар. -Менде бирөөдөн алып, бирөөлөрго берип кошомат кылуу жөндөм жок. -Мен андай тарбия алган эмесмин. -Адис катары өз пикиримди айтып, көз карашымды коргосом эле силерге эртең эле жакпай калам го"-деген ойдо турдум. Анан "Мелис Турдалиевич, мен башкармалыкка макул болгондо деле ал жакта бир да короо, сарай жок. -Сугат жери жокко эсе. -Табигый чөп чабындысы да жок. -Жери таштак, эгин айдоо аянты жок. -Кыш жакындап келе жатат. -Тоют даярдалган жок. -Малын кышта кырып алып, сот жообуна тартылып кетем го. -Ошондо мага сиз да жардам бере албай каласыз го"-деп, кошумча каршы аргументтеримди айттым.

Биринчи катчы, мен айткандарга, "Биз ал жагын да карап көрдүк. Кара-Талаада 700 гектар кайрак жер, Дүпкүрдөн 50 гектар сугат жер жаңы болүнгөн колхозго берилет. -Табигый чөп чабандысы да болот. -Төпши, Элчибек ошо колхозго берилет. -Эл жаман корот-дейсиң. -Сенин кандидатураңды тандоого ошол айылдын пенсиядагы кадырлуу карыялары, коммунисттери менен пикирлештим. -Алар сенин кандидатураңды жактап, -Калыс, ишти билген, туура сүйлөгөн жогорку билимдүү, кадр. -Ошону башкарма дайындап бергиле-деп жатышат. Анан, кышка дагы 4-5 ай убакыт бар. Район 2-3-4 кварталдын курулуш материалын сага берет. -Балыкчыдан тартып келип жатат. -Саан уйга сарай, контора куруп аласың быйылча"-деди. Мен, "Мелис Турдалиевич, ал жактын шартын жакшы билесиз. -Нарын дарыясында көпүрөө жок. -Эли болсо, илгерки жылдардан бери 3-4 урук-уруудан куралган эл. -Келише алышпай арызданышып, 6-7 айда эле башкармасы алмашып турчу. -Бир жылдары бир башкармасын өлтүрүп да салышканын билем. -Жыл айланбай жоопко тартылып кетем го"-десем, -Аскараалы Абдылдаевич-деди ал. -Мен өзүм Ак-Талаа районунанмын. -Башынан бери жанагы сен айткан шарттарды көрүп-билип туруп, партия жибергендиктен бардык жоопкерчиликти мойнума алып, Тогуз-Торого келип иштеп атам. -Сени ушул райондун баласы болуп туруп, соттолуп кетем-деп жоопкерчиликтен качып, башкармалык кызматтан баш тартып атасың. -Сени да, мени да партия окутуп, стипендия берип, жогорку билим алуубузга шарт түзүп, эл үчүн иштегенге даярдаган. -Барып иштешиң керек. -Сен эртең менен мага кел. -Саат 10 до колхоздо жалпы чогулуш болот-деп буйрук бергендей айтып, -Партиялык уюмдун катчысына Молдобаев Бекташты корсотүп жатабыз. Кандай дейсиң?"-деди. Менин каршы аргументтерим түгөнүп, маанайым пас, "Эми аны өзүңүздөр чечиңиздер"- деп, биринчи катчынын кабылдамасынан чыгып үйүмө кеттим.

Түшкү тамакка үйгө келсем, чай коюп жаткан аялым Сабыркан мени тиктеп алып, "Эмне сабырың суз? -Райкомго чакырып, дагы иштен бошоттубу?"-деди, чочулай. Мен, "Бошоткон жок. -Биринчи катчы жаңы болүнгөн колхозго башкарма болуп барышымды сурап атат"-дедим. Сабыркан, "Сен эмне деп жооп бердиң?"-деп кызыгып сурап калды. Мен аны тамашалай, "Аялыма кеңешип жооп кылайын дедим"-десем, ал

Ооба, качан эле мени менен кеңеше койчу элең. -Бала-чакалуумун. -Бирөөнүн үйүнө кочүл барып жашай албасыбызды неге айтпадың? -Дагы имдин тамына барып киребиз. -Он жыл бою ар-кимдин үйлорүнө иринди болуп, тазалап, оңдоп жүрүп тажаган жоксуңбу?"-деди. Мен, Айттым. -Бирок ага боло турган эмес. -Сен өзүң барып айтпасаң"-деп, үлө тамашалап, тим болдум.

Кийинки күнү райондук комитетке келсем райондун мекемелеринин башчылары жыйналып турушуптур. Мелис Турдалиевич, мени, райкомдун эки кызматчысы менен бирге озүнүн машинасына олтургузуп. Мекеме башчылары автобазанын жүргүнчүлөрдү ташыган автобусуна тык толо олтуруп, Нарын дарысынынан ошол бөлүнүүп аткан колхозго отүүчү паромго келип, андан өтүп Кара-Суу айылынын четиндеги орто мектептин алдындагы аянтка келсек, эл чогулуп атыптыр. Мектептин бир классына партиянын мүчөлөрүн киргизип, коммунисттердин чогулушун биринчи катчы өзү ачып, "Үч маселе каралсын. -Биринчи маселе катары, Кызыл-Жылдыз колхоздук партиялык уюмунан жаңы партиялык уюм бөлүнүп, Киров атындагы партиялык уюм түзүү болду.Экинчи маселе, партиялык уюмдун катчысын дайындоо болду. Анан партиялык уюмду бөлүү жөнүндө өзү кеңири түшүнүк бергенден кийин, коммунисттер бир добуштан, "Бөлүнсүн"-деген, токтом кабыл алышты. Экинчи маселе боюнча, райкомдун бюросу, партиялык уюмдун катчылыгына Молдобаев Бекташтын кандидатурасын сунуш кылды. Коммунисттер бир добуштан, Молдобаев Бекташты бир добуштан шайлашты. Үчүнчү маселе катары коюлган, Кызыл-Жылдыз колхозунан Киров атындагы колхозду бөлүп уюштуруу боюнча чечим чыгарышты. Андан кийин биринчи катчы чогулушка катышкан коммунисттерге, -Колхоздун башкармалыгына силер кимдин кандидатурасын сунуш кыласыңар?-деп суроо койду. Коммунисттер мекемеден келген, мекеме башчыларын кыдыра тиктеп турушканда биринчи катчы, -Райкомдун бюросу, жолдош Абдылдаевди сунуш кылат. -Кимде кандай пикир бар?-деди. Карыя коммунист Кыдыршаев Абдыманап чыгып сүйлөп, -Биз райкомдун бюросунун сунушун колдойбуз. -Жалпы чогулушка сунуш кылынсын-деди. Каралуучу маселелер бүтүп, биринчи катчы партиялык чогулушту жаап, мектептин артындагы тоонун бооруна таяна, ачык асманда олтурган элге барып, жалпы чогулушту ачууну Молдобаевге тапшырды. Ал чогулушту ачып, Мелис Турдалиевичке сөз берди. Биринчи катчы колхозду ыксыз ирилештирүүдөн чарбаны башкаруу начарлап кетип, маданий курулуштар курулбай олкөнүн экономикасынын онүгүшүнө терс таасирин тийгизип жатканын эске алып, борбордук комитет ирилешкен област, район, колхоздорду кайра бөлүүгө токтом чыгарганын айтып келип, -Кызыл-Жылдыз колхозунан мурдагы Киров атындагы колхоз бөлүнүп, Киров атындагы колхоз- деп аталсын дегениңер кол көтөргүлө- деди. Эл ураалап кыйкырышып, бир добуштан кол көтөрүштү.

Райкомдун биринчи катчысы созүн улап, -Жолдоштор! Жаңы бөлүнгөн Киров атындагы колхоздун жетекчилерин шайлашыбыз керек. -

Башкармалыктын мүчөлөрү канча кишиден болсун-деди. Эдилов Бешкемпир сөз алып, -Башкармалык тогуз кишиден болсун. -Молдобаев Бекташ, Эсенбаев Осмон, Чабан Барыктабасов-деп сунуштады. Анан Солтоев чыгып, -Болотбеков, Барчакеев, саанчы Садыралиева Күлсүн, сугатчы Карыбеков, Кыдыршаев Абдыманап болсун-дегенде Кыдыршаев сөз алып, -Кичинекей чарбага жети эле кишиден турган башкармалыктын мүчөсү шайлансын. -Менин сунушум Аскараалы Абдылдаевди кошуп, силер атагандардан мени, бригадир Барчакеевди алып салууңарды сурайм-деди.

Молдобаев, -Анда мен жеке кол көтөрүүгө салайын. -Абдылдаев Аскараалы шайлансынбы?-дегенде, каршы үч адам, калганы шайлансын деп добуш беришти. Эсенбаевке, Молдобаевке, Карыбековго-каршы жок болуп, жалпысы жети киши шайланды. Андан кийин, колхоздун башкармасын шайлашыбыз керек-деп, биринчи катчы, -Кимде кандай пикир бар?-дегенде, эл туш-туштан, сиздин пикириңизди уксак дейбиз-деген үндөр чыкты. Аларга биринчи катчы, "Райондук комитеттин бюросу Киров атындагы колхозго Аскараалы Абдылдаевтин кандидатурасын башкармалыкка сунуш кылат. Силер Аскараалы Абдылдаевди жакшы тааныйсыңар. -Силер менен колхоздо башкарманын орун басары, башкы зоотехник болуп бирге иштешкен. -Өмүр баянын айтуунун кажети жок ко дейм"-деди. Анан Кыдыршаев, Коюлчуев, Барыктабасов, Турдуманбетов Олоңбаштар сөз алышып сүйлөшүп, "Райкомдун бюросунун сунушун колдойбуз, шайлансын"-дешти. Биринчи катчы, менин кандидатурамды колго салып, шайлансын дегендерди кол көтөрүүнү сурады. Ошондо элдин дээрлик көпчүлүгү кол көтөрүшүп, шайланды-дешип, шатырата кол чабышты.

Биринчи катчы, каршы болгон Солтоев Аалыны ортого чыгарып, пикирин айтышын сурады эле, ал ордунан туруп, " -Жолдош катчы. Элге башкарма болгон адам, элге кайрымдуу болуш керек. -Абдылдаев башкы зоотехник болуп турганда тубар малды бүт тиги ойүзго көчүрүп, көбүбүздү иштен бошоткон. -Бул кишинин биздин элге карамы жок. Менден үч жылкы жетпей калса төлөтүп, эмгегимен кармап, эң акырында минип барган кунанымды да жыгып алып, зэр токумумду көтөртүп, жок көтирген. -Мен атасындай кишимин. -Ошого карабай ошондой эле Касымов Калдыбайга да эки бээ төлөтүп бошотуп койгон. -Биздей беш алты киши бар"-деди. Биринчи катчы жалпы элге кайрылып, жолдоштор! Буп аксакал колхоздун малын багып, үч жылкысын өз керегине жумшап төлоп бербесе, ошого башкарма боорукерлик кылып тим койгону туура болот беле?-деди. Кыдыршаев туруп, -Аалынын талабы туура эмес дегенде, биринчи катчы, -Касымов Калдыбай өйдө туруңузчу-деп тургузуп, -Сиз кандай дейсиз?-деди. Ал, -Мен Абдылдаевке нааразы эмесмин, мен эки бээни жоготуп ийип төлоп бердим-деди.

Анан, Мелис Турдалиевич, -Аалы аксакал, кеч болсо да силер жанакы өзүңүз айткан беш-алты киши колхоздун, элдин малын кызыкчылыгыңар үчүн жок кылганыңар үчүн акты түзүп ишиңерди прокурорго берип жоопко тарттырбаганы үчүн нааразы болбой ыраазы

болуп, кечирим сурагыла. -Эгер Абдылдаев силерге боорукерлик кылбаса силер соттолуп түрмөдө олтурат элеңер. -Барып ордуңузга олтуруңуз-деп, андан кийин мага, -Шайланышың менен-деп, менин колумду кысып, элиңе эмне айтасың?-деп, трибунага чыгарды. Мен элге беттеп, -Жолдоштор мага ишеним көрсөтүп, ары түйшүктүү, ары жоопкерчиликтүү башкармалык оор жүктү тагып жатканыңарга ыраазычылыгымды билдирүү менен, бул жүктү силер менен биргелешип көтөрүп, партиябыздын, мамлекетибиздин алдында уятка калбоого болгон билимимди, күч аракетими жасайм-дедим.

Кийинки чыгып сүйлөгөндөр маданий агартуу иштери, элге буудай айдап, нандын кенен болушу, короо-сарай куруп, көп жылдык чөп айдап, тоют базасын түзүү, элдин үйлөрүн жакын арада электирлештирүү, дагы толгон башка иштерди аткаруууну суранышып мага кайрылышканы менин эсимде калды. Ал менин аткаруучу ишимдин келечектеги планы эле.

Түгөнбөгөн түйшүктөр

Ошентип, колхоздун башкармалыгынын төрагалыгына шайланганымдан бери биринин артынан бири чыккан түгөнбөгөн түйшүк башталды. "Бул оор жүктү көтөрө алам бы?"-деген суроо көкүрөгүмдү өйүй баштады. "Макул болгонуң соң, сен көтөрө алышың керек. -Ага, ушуга чейинки өндүрүштүк тажрыйбаң, сенин принцип карманганың жана окуп жүргөндө көнгөн жеке тартибиң, жаман иштерге катышпаганың, чыдамдуулугуң, нысаптуулугуң жардам берет. -Ал жүктү көтөрүш үчүн иштин, элин тартибинен башта. -Ата-Бабабыз тартип ийгиликтин башаты-деп, бекеринен айтпагандыр. -Ал эми тартип үй-бүлөдөн башталат. Үй-бүлөнүн атасы тартиптүү болсо, калган мүчөлөрү да тартиптүү болушуп, жаман иштерден алыс болушат. -Негизи колхоз бир чоң үй-бүлө. -Анын атасы башкарма. -Колхоздун чарбасынын өнүгүшү да, чачылышы да ошол башкарманын тартибине байланыштуу. Сенин мезгилге жарашпаган, жогору жагыңа жагынып, ооба лаббай-дебеген "жаман" адатың бар. -Принцип карманганың, тазалыгың алардын бардыгына эле жага бербейт. -Бул кызмат ушундай эки жактуу. -Эми кантээр экенсиң"-деп, менин ички добушум суроо коюп атты.

Жалпы чогулуш болгон күндүн эртеси, шайланган башкармалыктын мүчөлөрү менен, жаңы бөлүнгөн айылдык кеңештин төрагасы, айылдын аттуу баштуу аксакалдарын кошуп башкармалыктын чогулушун өткөрүп, колхоздун жетекчи кызматчыларын шайладык. Кой фермасынын башчысына Болотбековду, үй, жылкы фермасынын башчылыгына-Барчакеев Кыйбатбекти, бригадирликке-Солтоев, Эдиловдорду, гараж башчыга- Жапаркуловду, башкы инженерликке- Өмүракуновду, складбашчылыкка-Эсенбаев Осмонду шайлашып, башкы бухгалтерликке айылчарба башкармасы жиберген Кыдыршаев Мааденди бекитишпей, "Убактылуу иштеп турсун"-деп чечишип, малчарба бухгалтерликке

Эргешовду, эмгек акы боюнча бухгалтерликке- Масылкановду, мехпарк боюнча бухгалтерликке- Меймановду дайындоону чечишти.

Башкы зоотехник, башкы агроном, башкы экономистке ылайык кыдрлар жок болгондуктан ал орундар бош турду. Башкармалыктын отурумунда коюлган экинчи маселеси катары, болүнгөн колхоздон тийиштүү мал-мүлктү бөлүп алууга комиссия түзүүнү карап, 15 кишиден турган комиссиянын түзүмү шайланып, анын жетекчилигине партиялык уюмдун катчысы Бекташ Молдобаев бекитилди.

Болүнгөн чарбадан **6500** койдун **40%** тубар, **180** үйдүн **35%** тубар, **150** жылкынын **30%** тубар мал, Техникадан 3-кастаман, 5-"Белорус" маркасындагы трактор, 3-комбайн, 1-ГАЗ-66, 3-ГАЗ-52 маркасындагы автомашина, ошондой эле 2 кой сарай, **700** га кайрак, **82** га суулу жер, **30** миң га. жайыт жер үлүшүбүзгө тийди. Эсебибизге **250** миң сом акча түштү. Ал малчылардын айлыгы эле. Үлүшүбүзгө тийген 50 баш саан уйга жайлоодон келгиче сарай куруу зарылдыгы турду.

Болүнгөн чарбадан алган курулуш материалынан сырткары, Балыкчыдан 2-3-4-кварталдардын фондунан болүнгөн курулуш материалдарын биринчи катчы берген убадасына туруп, толук бизге алып берип, сарай, бала-бакчанын курулушун баштадык. Үч бригада жалданып иштеген жумушчуларды таап, келишим түзүп, ишке кириштирдик. Каражат жетпей банкадан **200** миң сом кыска убакытка кредит алдык.

Сентябрьдын ортосунда Жалал-Абад эт комбинатына **1500** ирикти жогорку семиздикте, ар бирин **65** килограммдан, 50 ноопасты 300 килограммдан откорүп эсепке **500** миң сом акча түшүрүп, банктын карызынан кутулуп, эсебибизде эркин акчабыз болуп калды. Элчибектен, Тепшиден, кол чалгы менен чабылган чөптү пресстеп, Дүпкүрдөгү, Кара-Талаадагы сарайга тартып жыйдык. Баардыгы 150 тонна чөп болду. Тепшидеги чөп чабындыдагы ташты өзүм башында туруп, үч күн чогултуп, чөп чабындыны тазаладык. Бул жер жайкы жайыт болуп чөп чабылчуу эмес. Бизде чөп чабууга чабынды жок болгондуктан аргасыз ошого барып жүз тонна чөп жыйып алдык. Семеев Сейтаалынын бригадирликке дайындап, Карман-Түздөгү кыштоодон чөп чабууга, коро куурга, малчынын үйүн оңдоого он кишиден турган бригада түзүп, өзүң ошол жакта турасың-деп, үйү-бүлөсү менен көчүрүп жөнөттүм.

Кара-Талаадагы арпа бышты. Үч комбайн чыгарып, чабууну баштамак болдук. Бирок кампабыз жок. Бир бригада "шабашкада" жүргөн татар улутундагы жумушчуларды таап, кампа салууга келишим түзүп, ишке кириштирип, ошо бөлүмгө кампачы болуп туруңуз-деп, Дондошко Касымды көчүрүп барып, иштин башына койдум.

Кырманда, эгин чабуу, ташууда иштегендерге беш палатка, эки боз үй тигип берип жайгаштырдык. Ошол бөлүмдө иштегендер үчүн үй куруу зарылдыгы чыга баштады. Ошентип бир бригаданы "Шабашка" жасап жүргөн чечен улутундагы жумушчуларды таап, беш бөлмөлүү жатакана курууга, анын чиймесин чийип берип, ишке кириштирдим. Биздин бактыбызга жыл кургакчыл болуп, күз узак болуп, ноябрь айына чейин

үй сарай, кампа, балабакча, жатаканалар толук бүтүп, жаңы паром-кайык жасап сууга салдык. Бала-бакчаны убактылуу контора кылып, бир бөлмөсүнө бухгалтерияны, бир бөлмөсүнө айылдык кеңешти киргизип, бир бөлмөсүн башкарманын, бир бөлмөсүн партиялык уюмунун кабинети кылып, батышып жайланышып калдык.

Райкомдун биринчи катчысы жардамдашып, Ленин атындагы колхоздо үйлар боюнча зоотехник Арзыкулов Каниметти башкы зотехникке, ошо чарбада бригадалык агроном болуп жүрген Баатаев Жумабекти башкы агрономго, айылчарба башкармасында экономист болуп иштеп жүргөн Насиров Абдыкадырды башкы экономистке жиберди. Абдыкадыр Жумгалдан экен. Жаңы **1967**-жылдын алдында колхоз жетпей келген кадрлар менен толукталып калды.

Жаңы үй сарайдын жанына **500** тонна жүгөрү силосун ачытып, жалпы үйду ошол жерге кыштатып, сарайдын жанына беш үй-бүлөлүк жатакана салып, музоо сарай, кампалары менен бүтүрүп, саанчы, малчыларды киргиздик. Эгинди жаңы кампага төгүп алдык. Декабрь айында койлор Карман-Түз кыштоосуна барып жайлангандан кийин, Молдобаев экөөбүз, малдын кышкы кыштоосун көрүү үчүн Карман- Түзгө барып, бардык кой кыштаган короолорду кыдырдык.

Сары-Таштагы кой кыштаган короого келип анын айланасында айдап, сеп койгондой жыш чыгып, кандайдыр бир себеп менен куурап калган карагайды көрүп, -Ушул карагайдан **500-600** даанасын кой сарай куруш үчүн, кантип кыштоого алып кетебиз -деген ойго келдим. Өткөндө биринчи катчынын, "Вертолёт менен Кабактагы кыштоолорго жем тартабыз" - дегенин эстеп, -"Даярдап койсок жем алып келген вертолётко кайра жүктөп кеткенге эмнеге болбосун"-деген ой келди. -Вертолётчулар деле адам экенин ойлоп, тил табышаарма ишенип, өзүм бир күнү кечке кошо болуп, 50-түп карагайды аралатып, узунун 4 метрлик, жоондугу 30-35 см, кестирип, уч жагы 20-25 см кылып, вертолёт коно турган жерге тарттырып келип, жыйдырдым.

Тартып келген жемди сактаганга кампаны ошол эле карагайдын жоон жактарынан кынатып салдырып баштап, Молдобаев Бекташка кампаны бүтүрүп, жанына 600 даана мен көрсөткөндөй карагайды жыйдырып бүтүп келүүсүн тапшырып, Семеев Сейтаалыны бригадасына жетекчиликке дайындап келдим. Бул абалды биринчи катчыга айтып, **1967**-жылга алты кой сарай салып, тубар койду ички кыштоого кыштатууну айтсам, ал абдан ыраазы болду. "Вертолётчулар менен созсүз тил табышып тартып алабыз"-деди. Биз арпа саманды аңыздан пресстеп, кампанын жанына он миң прессталган саман жыйдык.

Бошогон аңызды коңтормо кылып 50% айдап койдук. Сары-Булуңдагы 50 га сугат жерге күздүктү беденин үрөөнүнө аралаштырып септик. Дүпкүрдөгү 50 гектар сугат жерди коңтормо кылып айдап, жазда жарымын арпага аралаштырып эспарцет сээп, жарымына силос үчүн жүгөрү айдамак болдук. Вертолёт келгиче Кара-Талаадагы кампага движок коюп, 30 тонна арпадан адыра тартып 15 тоннасын үй сарайга

тартып алып, 15 тоннасын Кабака вертолёт менен тартканга даярдадык. Кар жаап күн ачылгандан кийин декабрьдын аягында вертолет келди.

Макулдашкан боюнча биринчи кезекти бизге берип учкучтардын шартын, ошо Кара-Талаага эле түзүп берип, өзүм башында болуп, күнүгө бештен рейс жасап бир тоннадай алып кетип,13 күндө 15 тонна жемди жеткирип берип, 650 даана карагайды тартып келип бериштн. Мен ыраазычылыгымды билдирип, акчасын которуп бердим. Агроном Баатаев эки учкучка бортко жүк жүктөп берип, башкы зоотехник Арзыкулов Кабактан түшүрүп алып, кайра карагай жүктөп жөнөтүп, ишке болгон жондомдуулуктөрүн көрсөтүштү. 1967-жылдын февраль айында колхоздун жалпы чогулушу болуп, башкармалыктын сегиз айлык иштеген иши боюнча мен жалпы чогулушка отчёт берип, доклад жасадым. Докладымда жетишкендиктерди айтуу менен кемчилдиктерди дагы баса көрсөтүп, толгон-токой чечиле элек маселелер бар экенин белгилеп, ишти чечүүдө кадрлар негизги оорунду ээлерин айтып келип, колхоздун өткөндө шайланган башкармалыгы малчы, саанчы, ферма, склад башчысы, шофёрлордон шайланып, башкармалыкка эсеп берүүчү кишилер экенин айтып, ушул чогулушта жаңы башкармалыктын мүчөлөрүн шайлоону сунуш кылдым. Чогулушка райондук партия комитетинин биринчи катчысы, аткаруу комитетинин төрагасы жана бир топ мекеме жетекчилери катышышты.

Райондун жетекчилери менин сунушумду колдошуп, башкармалыктын жаңы мүчөлөрүнө кимдерди сунуш кылаарымды сурашты. Мен башкы адистерди ага кошуп, малчы, сугатчылардан болуусун айттым. Жалпы чогулушка катышкан колхозчулар ар кимиси ар кимди айтып жатып, акыры төмөндөгү түзүмгө токтоду. "Абдылдаев Аскараалы-колдхоздун башкармалыгынын төрагасы, Арзыкулов Канимет-башкы зоотехник, Молдобаев Бекташ-партиялык уюмдун катчысы, Барктабасов Баратаалы-чабан, Баатаев Жумабек-башкы агроном, Омуракунов Карыпбек-башкы инженер, Садыралиева Гүлсүн-саанчы, башкармалыктын мүчөлүгүнө киришсин"-деп чечилди.

Ошентип, колхоздун жаңы башкармалыгы өз ишин 1967-жылга чарба эмине иш аткарары жөнүндөгү планды карап чыгып, Чат-Карагайга жол салуу, жогорку чыңалуудагы электр чубалгысы келгиче айылга электир жарыгын Табылгытыдагы кичи ГЭС тен чубалгы тартып жарык бердирүүнү, колхозго контора, механизаторлорго эки үй, бир төрөт үйүн куруп, беш кой сарай курууну сунушташты. Айрымдары биринчи катчыга кадр маселеси боюнча айтып, "-Башкы бухгалтерлик кызматка банкта башкы бухгалтер болуп иштеп жаткан өзүбүздүн балабыз Жаналиев Абдырахманды дайындап бериңиз" -деген сураныч-тарын айтышты. Биринчи катчы өз сөзүндө чарбанын жетишкен жактарына көбүрөк токтолуп, "Эгер ушул темптен жазбай иштесеңер ийгилик болуп, райондун алдыңкы чарбасына жетише аласыңар. -Ал эми башкы бухгалтер боюнча мен дагы сураштырып көрөйүн. -Ал киши мурда соттолгон экен. -Органдар уруксат бербей жаткан эле. -Өткөн чогулушта айтканыңардан кийин иликтеп чыккам"-деди. Туш-туштан,

"Жолдош катчы, ал кезде ал жаш бала эле. -Жалган доо менен жалаага калып, кесилип кеткен. -Биз өзүбүз көзөмөлдөйбүз"-дешкен соң, биринчи катчы башкы бухгалтерге макулдугун берип, колхоздун башкы бухгалтерлигине которуп бермек болду. Ошентип чогулуш жыйынтыкталды.

Жаңы **1967**-жылдын башталышы, жаңы болүнгөн "Сергей Миронович Киров" атындагы колхоздо жаңы башкармалыктын мүчөлөрү, жаңы күч менен, "Он экинин бири жок, үй байлаарга жиби жок"-деп айтылган макалдагыдай, сарайы, конторасы, клубу, бала бакчасы, төрөт үйү жок болүнүп, аз да болсо алардын айрымын куруп, баш баанек кылып алышып ишке кирешелүү жакшы жыл болуп, мал кыштатуу ийгиликтүү өттү. Кара-Талаадагы кайрак жерге жети жүз гектардын 400 гасына арпа себип, Дүпкүргө 50 га сугат жердин отуз гектарына силостукка жүгөрү себилди. Кара-Сууга 15 га, Сары-Булуңга 20 га силостук жүгөрү себилип, ошого таянып Сары-Булуңга -2, Дүпкүргө- 2, Дөң, Кара-Талаага бир кой сарай, кыркуу пункт, эки жерге кыштакка жана паромдун жанына кампа салууну, контора, клуб, төрөт үйүн, мончо курууну пландаштырып, башкармалыктын отурумунда карап, токтом кабыл алдык.

Жаздын башталышы менен пландагы иштерди аткарууга киришип, белсинип иштей баштадык. Пландагы курулуштун бардыгына жалданып иштей турган жумушчуларды таап, алар менен келишимдин негизинде иш баштадык. Иш бардык обьектилерде талаптагыдай жүрүп жатты.

Колхоздун жалпы чогулушунун талабын эске алып электирлештирүү, Чат-Карагайга машина баргыдай жол салуу боюнча мен ойлонуп, жаз болгуча райондук электирлештирүү мекемесинин башкармасына бардым. Ал киши, "Бизде столбалардын чуңкурун казганга техника жок, бирок башка материалдары бар. —Мамылыкка жарай турган шыңга карагайды борбордон тартып келүү кыйын. Жолдун шарты татаал. -Нарындан бери жогорку чыңалуудагы чубалгыны тартуу башталды. -Бизге ал **1968**-жылдын ичинде келип калыш керек"-деди. "Эгер өзүнөр мамыларын таап, чуңкурун казып берсеңер, биз куруп берет элек"-деп, анан "Тигил Табылгытыдагы кичи ГЭСтин күбаттуулугу жетпей калат ко"-дегенде, мен, "Дизельдик кыймылдаткыч коюп болсо да эч болбосо контора, клубка жарык алсак"-деп кеңеш сурадым эле, ал, "Анда сиз мамыларына аракет кылыңыз"- деп кеңешин берди.

Ал кишиден чыгып, "Мамылык карагайды токой чарбасынан алса болоор бэкен"-деген ойдо, райондук токой чарба мекемесинин башчысы Аалыбаев Мырзага келип кеңештим. Ал киши "Теке-Уюктан ал, мен көрсөтүп берем, бирок алышың кандай болоор экен? Нарын дарыясынын эки жердеги паром-кайгынан түшүрүп, кайра жүктоп?"-деп күмөн санап айтты. Мен жалпы чогулуштагы абышкалардын сөзүн эстеп, "Чат-Карагайда бар экенин уктум эле. Эгер жол салып ошол жерден алсак болобу"-дедим. Мырза экөөбүз бир айыпдык, туугандыгыбыздан жакшы пикирдеги кишилер элек. Ал, "Токой чарба министри Чат-Карагайдан 50 жылга чейин карагай албоого токтом чыгарган. Мен ал жерден карагай

кыркып алууга уруксат бере албайм. Эгер жол салып өзүнчө алсаң, өзүң жоопкер болооруңду ойло"- деп койду.

Бул маселелер боюнча райондун биринчи катчысына кеңеш салсам, "Бул маселе өтө оор. Бизге жогорку чыңалуудагы чубалгыны тартып келүү жаңы башталды. Ал качан келери али белгисиз. Эл талап кылып жатканы мыйзам ченемдүү көрүнүш. Элдин талабы өсүп жатат. Эч болбосо 2-3 саат дизелдик кыймылдаткыч менен жарык берсек элге кандай жакшы болот эле. Кара-Коо- Казарман-Нарын жолу быйыл бүтөт. Нарын дарыясына Дүйшөнүн паром-кайыгынын жанына көпүрө салууну баштадык. Келишим түзүлүп иш башталды. Эгер аны күтсөк силерге эки жылсыз жарык келбейт. Элге кеңешип жол сала алсаң, Чат-Карагайда мамылык карагай бар болсо тобокелге салып киришсең кириш"-деди. Анан, "Токой чарба министри 50 жылга алууга тыйуу салса, Жумгал токой чарбасына караган карагай болсо, биз кийлигишкенибиз менен Жумгал токой чарбасы бербейт ко"-деди. Мен, "Эмне болсо да Чат-Карагайга барып көрөйүн. -Жол салууга болоор бекен? -Карагайы мамыга жарайбы, алгыдай жердеби?"-деп, Табылгытыга келип, Касым аксакалды эзрчитип, Чат-Карагайга жөнөдүм. Ат жол менен Ча-Карагай суусун бойлоп үч саат жол жүрүп, жолду байкадым. Кээбир жеринде тал, долоно жана башка жыгачтар жыш чыгып, жолду чоң таштар тосуп калыптыр. Аларга күчтүү жардыргыч керектей. "Тал, терек жыгачтарды кыйып тазаласак, алар керегибизге жарагыдай"-деп ойлоп койдум.

Төрдөгү жайыкка келип, чоң түп кайыңдын түбүнөн маңдайкы чокудагы калың карагайды көрсөтүп, Касым аксакал, "Ат бара албайт, көрүнү кааласаң жөө чыгып баралы"-деди. Мен, "Атайы көргөнү келип, көрбөй кетмек бэлем", деп, бир-эки километр жерди жөө баскандан качпай, аттарды кайыңга байлап коюп, жөө чыгып бардык. Жыш, ышкындай түз мамылык карагайлар бар экен. Көрүп көңүлүмө жакты. "Кыйып, бутап, кулатып, 200 метр жерден атка сүйрөтүп, биз ат байлаган жерге алып келип, машинага жүктөсө болгудай"-деп, ойлонуп кайра тарттым.

"Кантип жол салуу керек. Жазгы туут башталып, сакманчыга адам күчү жетпей, райондон жардам сурап жаткан убакта"-деп, жол бою ойлонуп келдим. Табылгыты кыштагынын баш жагындагы Жүрсүн аксакалдын эшигинин алдында турган төрт-беш абышкага салам айтып кайрылсам, абышкалар, "Башкарма Чат-Карагай жакка оттү"-деген-деринен, "Биздин суроону чечкени келген го. -Тосуп туруп бир жообун угалы"-деп турган элек. "Түшүп чай ичиңиз"-деп, Жүрсүн аксакал атымды алды. Үйгө кирип Жүрсүн аксакалдын байбичеси жайган дасторконго олтуруп, самоварга кайнаган буусу бүркураган, сүт кошкон кызыл чайды ичип олтуруп, айылдан чогулган он-чакты абышкалар менен баарлаша баштадым. "Жол салууга кыйыныраактай көрүндү мага. -Кээ жерде жыш токой, чоң таштар бар экен. Жардыргыч болбосо тазалай албайбыз го. -Карагайды көрдүм. -Электр чубалгысынын мамысына жарагыдай карагайлар бар экен.-Жол салганда дале аны алсак чыр болгудай "- деп аксалдарга айтып бердим.

Мен, "Райондун токой чарба болумунун башчысы менен сүйлөшсөм, токой министри Чат-Карагайдан карагай алууга 50 жылга тыйуу салып койгон. -Штраф тартып жоп берип каласың дейт. -Райкомдун биринчи катчысына кенешсем, "Элиң сурап жатат, Элиң чечсин дейт"- дедим. Кулак төшөп үчүп олтурушуп, Бүйлаш, Самсаалы, Коюлчу, Конурбай, Оңолбек абышкалар кезек менен сүйлөшүп, "Жол салуу боюнча биз сага барып сүйлөшөлү деп жаттык эле. -Кудай айдап өзүң келип калдың. -Бизге мына бул Касымды бригадир дайындап, тамак-ашыбызга шарт түзүп бер. -Он беш күндө машина жүргүдөй жол салып беребиз. -Кандай акы төлөйсүң, аны өзүң бил. -Ал түгүл ошол Чат-Карагайдан он беш тонна аки таш бышырып берүүнү ойлоп атабыз. -Мамылык карагайды штраф тарткандан коркпой эле алдыр. "Которсо байманкенин тоосу кетерет" -деген экен иштери бирөө. "Штраф сапса колхоз кетерет. Сен өзүңө алып жатасыңбы?"-дешти.

Ошентип абышкалар менен макулдашып жолду салууну баштадык. Ошондон 5 күндөн кийин келсем, жолдогу жыгачтарды кыйып, чоң таштарды айланта от жагып ысытып, анан чакалап суу төгүп, ташты майдалап жатышыптыр. Ысыган таш муздак суу чачканда, күкүмдөлүп майдаланып жатканын көрүп, абышкалардын акылына ыраазы болуп, суучу челек менен ташуу оор болгонун көрүп, атайын суу ташыган машинаны аларга бекитип, артынан оңдочитип койдум. Жолдун салынаарына көзүм жеткен соң башкармалыктын мүчөлөрүн, айылдын аттуу-баштуу аксакалдарын чогултуп, "Чат-Карагайда электр чубалгысына мамыга жарактуу карагай бар экенин көрүп келдим. -Жолду Табылгылык аксакалдар куруп атышат. -Алар он-он беш күндө бүткүдөй. -Мен райондун токой чарбасынын башчысына кенешсем, ал, -Чат-Карагайдан карагай кесүүгө 50 жылга тыюу салып койгон. -Ага токой чарба министринин токтому бар. -Алууга болбойт. -Бирок өзүңөрчө алсаңар өзүңөр жоопбересиңер. -Чоң штраф төлөп каласыңар дейт"-дөп, кеңеш салдым. Башкармалыктын мүчөлөрү, айыл активдери, аксакалдар тиги Табылгылыктык аксакалдардын айтканын айтышып, Которсо байманкенин тоосу кетерет,-Сен өзүңө алып жатасыңбы? -Колхоздун, элдин көрөөнүнө алган соң эл өзү кетерет. - Колхоз төлөйт штрафын"-дешти.

Жыйынтыгында, карагайды алуу боюнча чечим кабыл алышты. Башкы экономисттин орун басары Турдаалиев Тагайбектин жетекчилиги менен аппараттан, механизаторлордон бригада түзүп, карагайды кыйууга он кишинин тизмесин ошол чогулуштун токтому менен бекитип, ишке жөнөттүк. Жол бүтүп, абышкалар убадалары боюнча Чат-Карагайдан 20 тонна аки таш бышырып, кампага тартып алдык. Ошол жылы Жел-Аргыдан аки тартпай, жаңы курулушубузду, колхоздогу элдердин үйлөрүнүн керектөөлөрүн аки менен толук камсыз кылдык.

Мамыга жараганк карагайларды даярдап тартып келип, райондун электр тармактар башкармасы менен макулдашып, чуңкурун кол менен өзүбүз казып, мамыларды орнотуп, убада боюнча **1967**-жылдын 7-ноябрь күнү өтүүчү Улуу Октябрь майрамына карата конторага, бала бакчага, төрөт үйгө, Чалдыбарда жашаган колхозчуларга, орто мектепке, дизель-

дик кыймылдаткыч менен электр жарыгын берүүгө жетиштик. Долбоорлонгон курулуштарды толук бүтүрүп, андан сырткары айылдык кеңешке контора, айылдагы адистер үчүн үч үй куруп, бирине өзүм, бирине бухгалтер Кыдыршаев, бирине экономист Турдалиев кирип, үйлүү болдук. Ошол кезде Жумгалдык Абдыкадыр арыз жазып бошоп кетип, Турдалиев башкы экономист болуп калды.

Сары-Булуңдагы отуз гектар күздүк жакшы болуп, гектарынан 35 центнерден түшүм берди. Мындай түшүм тоолу райондун шартында мурун болуп көрбөгөн түшүм эле. Жыл жакшы болуп, кайрактан да жакшы түшүм алып, толук жыйып-терип алдык. Мал чарбасы да жакшы болду. Тубар **4000** койдун **160** тубарына **95** тен тол алып, **92** ден аман-эсен бе..дук. Райондун шартында биринчи жолу 5 короо койду ички кыштоого сарайга кыштатып, ошого жеткидей тоют камдап сарайга жыйып бердик. Койдун башын **9000** ге жеткирип, тубарын 50 % ке жеткирдик. Эт комбинатына **2000** койду жогорку семиздикте өткөрүп **700** миң сомго киреше алып финансылык абалыбыз жакшырды.

Асыл тукумдуулугун артырууну көздөп гос.плем.станциядан **50** асыл тукум кунаажын, Тянь-Шань пародасындагы **500** токту, **50** кочкор сатып алууга жетиштик. Биздин колхоз **1969**-жылдын кышына даярдык менен кирип, малды кыштоолорго жайгаштырууга жетишти. Элибизге мамлекеттин дүкөнүн сагалатпай, арзан баада буудай берип нан менен камсыз кылдык. Колунда жоктор, дүкөндөн ун албай кампадан буудай алып нанга тоюнуп калышты. Элдин менден эңсеп сураган чоң талабы ушул эле.

Жыл жакшы болуп, малды кыштан жакшы кыштатып чыктык. Март айында башкармалыктын, андан кийин жалпы колхозчулардын отчёттук чогулушу болуп, мен бир жылдык отчёт берип, жаңы пландардын долбоорун карап, жалпы чогулушта бекитип, **1969**-жылга үч кой сарай, беш механизатор, беш чабан- малчыга үй куруп, Табылгыты болүмүнө жети жылдык мектеп, Кара-Суудагы орто мектепке мугалимдер үчүн 2 квартира курууну кабыл алып, токтомго киргиздик.

Жаз келгенде айдоо, себүү, мал төлдотүү, иштери кызуу башталып, курулушка келишим менен жалданып иштеген бригадаларды таап, келишим менен ишти баштатып жаттым. Башкарманын түгөнбөгөн түйшүктүү иштери менен алек болуп жүргөн күндөрүмдүн биринде телефонго райондун прокурору чакырып, келип кетүүмдү сурады. Прокурор аял киши эле, келип салам айтып, анын нускоосу боюнча каршысындагы олтургучка кочүк бастым. Прокурор тор сызык дептердин эки барагына жазылган катты суурмасынан алып чыгып, "Жолдош Абдылдаев, сиздин үстүңүздөн арыз түшүп атат. -Сиз кимдин уруксаты менен 50 жылга тыю салынган Чат-Карагайдан электр линиясы үчүн столбалык карагайды кыйдырдыңыз. -Ал боюнча жооп бериңизди билбейсизби?"-дегенде, мен "Жолдош прокурор, ал боюнча билбейт экенмин. -Эл озу, аксакалдардын чечими менен, "Чат-Карагайда мамылык карагай бар. -Бизге электр жарыгы керек. -Ошондон кыйып келип жол салып, электр жарыгын койдуруп бер"-дешип, өздөрү кыйып

келишти. -Ошол мамыга жараган карагайларды орнотуп электр жарыгын колхоздун мүчолүрүнүн үйлөрүнө киргиздик"-деп, жооп бердим.

Ал, "Сиз башкармасыз. -Ошондуктан сиз жооп беришиңиз керек. -Жумгал токой чарбасынан комиссия кепет. -Ал ишти ошондо сүйлөшолу. -Эми экинчи маселе. **1930-1931**-жылдары сиз кайда элеңиз? -Ошол жылдары басмачынын бандасына кошулуп. Жалал-Абад канткомунун жоопту кызматчысы Габибулинди атып өлтүрүп, аны менен бирге келген канткомдун жооптуу катчысы Кармышбеков Ырыскулду да атып өлтүрүп, анан ушул арызды жазган кишини атаарыңызда Найманов Раманкул деген кедей уюмунун төрагасы сизди колго чаап ийип, тапанчаңыз колуңуздан түшүп кетип, бул киши качып кутулуптур. Буга эмне дейсиз?"-деди.

Мен ал кишинин жашы улуу экенин сыйлап, жолдош деп кайрылбай эле. "Эже, бул арызды ким жазыптыр? -Бериңизчи көрөйүн-десем ал,- Сиз суроого жооп бериңиз. -Мен сизге бул арызды берип окутууга милдеттүү эмесмин" -деп кесе айтты. -Мен да намыстана түшүп, "Андай десеңиз мен да сизге жоопкер эмесмин. -Алгач материалды партиялык уюмга берип, партияга мүчолүгүмдү каратып, күнөөкөр болсом кызматтан алып, анан тергөө жүргүзүңүз. -Колхоздун башкармасы Кыргызстан КП БК нын номенклатурасында турат. —Мени кылмыш жообуна тартууга Борбортук Комитеттин бюросунун чечими кажет. -Андан кийин прокурор санкция берип, тергоо жүргүзүлүшү керек" -деп, мен да тиешелүү деңгээлде кесе айттым. Анан, "Сиз мени **1930-1931**-жылдары кайда жүргонүмдү сурап атасыз. -Аны менин атамдан сурашыңыз керек. -Мен ал кезде беш-алты жаштагы бала элем. -Деги жоопкерчилиги жок арызчыңызга айтыңыз. -Тапанчаны 6 жаштагы бала колуна алып, ошол ишти жасаганга жарайбы? -Оюнчук тапанча менен ойногонго эле жарабаса" -дедим да, "Бул олуттуу иш эмес экен. -Башка суроонуз жок болсо мен кете берейин"-деп, ордумдан туруп чыгып кеттим. Ошондон кийин эки-үч жолу телефонго чакырып, чакыруу барак берип да чакырганында. "Колум бошобой атат" -деп, барбай койдум.

Ушул жерден айта кетишим керек, коммунистик партиянын жеке керт башка сыйынуучулукту жойгонго чейин, андан кийин деле "Бала атасы үчүн жооп бербейт" -деген саясый чечимине карабай, партиянын кээбир интригандарынын чагымчылыгы менен мени пенсияга чыкканыма чейин, "Атасы кулак болгон"-деп, дагы ар кандай ушул сыяктуу жарлыктарды тагып, чагымчыларга арыз жаздырып, куугунтукка алып келишти. Мындай терс көрүнүштөр жана кубулуштар партиянын ички моралдык-нравалык абалы ошондо эле анча таза эмес экени туурапу кабар берип турган эле. Болбосо, "Мен сыяктуу, өз ишин мыкты билген жана милдеттерин так аткарган, совет бийлигин кабыл алып, партиянын катарына чын дили менен откон жарандарга откон замандагы туугандарынын иштеринин кандай тиешеси бар эле"-деп, дагы эле ойлоп калам. Большевиктер партиясынын катарына, кийин анын жетекчилик курамына таптык жана идеялогиялык себептер менен, негизинен жумушчу-дыйкан катмарынан чыккан, терең билимдери жок, кругозор-

лору тар, ички дүйнөлөру жарды, карьерист инсандардардын тартылышы, өлкөнүн экономикалык орчундуу маселелерин чечүүдө партиянын программалары катары волюнтаристик чечимдердин кабыл алынышына алып келип, акыр аягы СССРдин кыйрашына да алып келди. СССРдин акыркы жылдарында, партияда кадр маселелерин чечүүдө коррупция күчөп кеткен эле. Бул азыр купуя сыр болбой деле калды. Ал кубулуштун кесепеттерине мен өзүмдүн 60 жылдык карьерамда бир канча жолу кабылып, куугунтукка да алынып келдим. Бул тууралуу эскерүүмдүн баракчаларында да жазып кеттим.

Күндөрдүн биринде биринчи катчы мага телефон чалып өзүнө чакырганынан кепсем, "Сага райондун прокурору нааразы болуп, "Мени тоготпой, кемсинтип атат" -деп, арыз менен бюрого кайрылды. -Азыр ал кечки келет, сен ал кишиден кечирим сурап кой" -деди. Мен, "Ал кишиден кечирим сурагыдай эч кандай жеке аны кемсинткендей соз айткан эмесмин"-деп, биринчи катчыга прокурор менен болгон созду толук айтып бердим. Биринчи катчы столунун суурумасынан, мага ошол прокурор мени суракка чакырганда айткан катты алып чыгып, "Бул арыз Борбордук Комитеттен келди. -Мындай арыздын көчүрмөсү прокурорго да берилиптир. -Арызчынын аты жазылбагандыктан биз бюродо карабоо тууралуу чечимге келип, тим койгонбуз. -Айрым кишилерден түшүнүк алып, сенин маанайыңды бузбаш үчүн, сага айткан эмеспиз"-деди. биринчи катчы.

Аңгыча прокурор да келди. Бир топко чейин сүйлөшүп олтуруп, -Аскараалы Абдылдаевич. "Кыздын кырк чачы улуу"-дейт ко элибизде. "Эженден кечирим сурап кой"-деди, биринчи катчы. Мен, "Эжемден кечирим сурагыдай иш жасаган эмесмин жолдош катчы. -Эгер эже ошондой түшүнүп калса кечирип коюусун сурайм"-дедим. Мени буга катчынын жеке сурануусу аргасыз кылды. Мен ал инсанды сыйлаганым үчүн, баштаган иштин жылышы үчүн ушундай компромиске барууга туура келди. Бирок, ошондон кийин прокурор өзүнө чакырып тергебей калды, Ошол жылы район 100 тубар койдон **100** дөн төл алып, малчынын күнүн өткөрүп, арбир колхоз бир-экиден боз үй тигип, Алакан жайлосунда той берип, Кыргыз ССР инин айыл чарба министри Мукаш Өмүралиев катышып куттуктады. Биздин чарба **100** тубар койдон **96**- дан козу алып төрт чарбанын арты болуп катыштык. Козу бөлүүдө биз 93 төн болуп, жүзүнөн бизден ашык алгандар козуну бөлгөнгө келгенде токсонго жетпей бөлүштү. Бул көрүнүш ошол жылдагы припискаңы ачык көрсөтүп койду.

Сары-Булундагы **30** гектар беде. Дүпкүрдөгү 20 гектар эспарцет алгачкы түшүмүн берип, кесек тоют маселеси чечилип, Тепши, Эпчибекти кол менен чөп чаппай, саан уйга жайкы-күзгү жайыт кылып калдык. Бул жылы да иш ийгиликтүү болуп, пландашкан иштерди толук бүтүрүп, Табылгытыга жети жылдык мектепти кышкы спортзалы менен курып, биринчи сентябрьга жаңы окуу жылына бүтүрүп берип, Табылгытыдан 3-4 километр жоо басып Кара-Сууга келип окуй турган 5-6-7- класстын балдары Табылгыты айылында эле окуп калышты.

1968-жылдын кышына карай дагы үч кой сарай салып, тубар койдун 80% тин ички кыштоого кыштатмак болдук. Июль айында паром аркылуу прессте лген жүндү өткөзүп Токмок шаарындагы ПОШ фабрикасына жөнөтүп жатсам, ошол кезде Кыргызстан КП БК нын катчысы кызматында иштеп аткан Султан Ибраимов келип, паром-кайыктын жанында бизди күтүп туруп калышты. Султан Ибраимовичти Кыргыз ССР нин транспорт министри Кусейин Көлбаев жана дагы мен тааныбаган эки адам, анан биздин райондун партилык комитетинин биринчи катчысы аларды коштоп келишиптир. Мурда мага биринчи катчы, "Сен 5-6 унаалык жакшы аттарды даярдап тур. -Чат-Карагай аркылуу Жумгалга жол салууга болоор-болбосун көрүүгө Султан Ибраимович баш болгон комиссия келди" -дегенинен, аттарды даярдатып тургам. Кайыктагы жүндү түшүрүп бүтөөр замат, Нарын дарыясынан өтүп, аттанып жатып, биринчи катчы мага, "Сен жол көрсөтүп барып кел"-деди.

Жолдо келе жатканыбызда Султан Ибраимович, Нарын дарыясы аркылуу биздин колхозго өтүүгө көпүрөө керек экенин, ал Фрунзеге баргандан кийин көпүрөнүн долбоорун жасоого атайын долбоорлоо институтунан адис жиберип анын долбоорун түздүрүп жардам кыларын айтты. Сүйлөшүүнүн ыгын таба албай келе жатканымда, оң берди боло калып, сүйлөгөнгө ык келип, "Султан Ибраимович, өзүңүз көрүп турасыз, жерибиз таштуу, сугат жерибиз жокко эсе. -Тиги өйүздө 700 га кайрак жерибиз бар -Кара-Талаа-деген. —Ошол жерге Көк-Арт суусунан канал чыгарууга, бул иштер боюнча долбоор институтуна айтып, жардам кылсаңыз жакшы болот эле. -Канал 7-8 километр жерге салынса эле кайрак жерге суу чыгат. -Баш жагы сууга жакын" -дедим. Биринчи катчы мени сүрөп, "Султан Ибраимович, эртең менен мен сизге айткан канал ошол канал болчу"-деди. Султан Ибраимович, "Алгач долбоорлоо институтуна анын долбоорун түзгөнүнө акча төлөй аласыңбы? - Долбоордун баасы кымбат. -Ошону өзүңөр каржылай алсаңар калганын мамлекет өзүнө алат эле"-деди. Менден мурун эле биринчи катчы, "Султан Ибраимович, төлөй алышат. -Колхоздун эсебинде акчалары бар, миллионер колхоз болуп келе жатат"-деди.

Күн түшкө жакындап, Чат-Карагайдын жайыгына жетип, баягы мен электр чубалгысы үчүн мамыга жараган карагай алдырганы барганда түшүп ат байлаган чоң түп кайыңга жетип, жуунуп сергип алуу максатында аттан түшүшүп, сууга баштарын жуун, кайындын түбүнө төшөлгөн корпочолорго оптура башташты. Озунуп түшүп жуунган Кусейин Көлбаевич дүрбүсүн алып тоонун башын тиктеп жатып, баягы биз карагай алган жерди көрсөтүп, "Оо бечара эл, тээ чокудан да карагай алган экен"-дегенде, - Султан Ибраимович, "Кана мага берчи"-деп, ал кишиден дүрбүнү алып, тиктей баштады.

Ошол кезде ыңгайы келе калганбы, айтор биринчи катчы, "Султан Ибраимович, кечеки мен сизге айткан электр чубалгысы үчүн мамылык карагайды бул башкарма ошол жерден кыйдырып түшүрүп, элдин үйлөрүн электирлештирген. -Жумгал токой чарбасы муну сотко берип, миллион сом айып салып, прокурорго суратып атат. -Прокурор иш

козгоп, суракта жүрот. Мен, "Колхоз акчасын төлөп берсин, чырдашпай эле бүтүргүлө десем, Жумгал токой чарбасынын башчысы мени уккусу келбей койду"-деди. Султан Ибраимович, "Аны мен министрине айтам. -Мындан 3 жыл мурун "балка уруп бербей" кайда жүрүптүр. -Бир сом да төлөбө"-деди мага карап. Анан биринчи катчыны тамашага салып, "Силер бул бечараны, прокурор, Жумгал токойчарбасы болуп биригип алып, Нарын дарыясында көпүрөсү жок болгондуктан, кайык менен прессталган жүндү да өзүнө кетөртүп ташытып, арыктатып бүтүрүп-сүңөр. -Өргүү берип бир аз эс алдырып албайсыңарбы?"-деди, мени карай эзгин шилтей көрсөтүп. Анан,"Борбордук курорттордун бирине жолдомо бердирсем барасыңбы?"-деди, мени карап. —Мен, "Барам"-дегендей болдум. Анан аттанып Чат-Карагайдын белине жетип, Жумгал жактан түшүп келген, ошол райондун биринчи катчысына аларды кошуп берип, биз кайра артка тарттык. Ошол жылдын кеч күзүндө долборлоо институтунан беш инженер адистер келип, көпүрөө салына турган жердин, каналдын баш аягын өлчөп, он күнгө жакын жүрүп долбоорун түзүп, акчасын биздин эсебибизден котортуп алып кетишти.

Кийин биринчи катчы башка районго которулуп кетип, мен да ал чарбадан кетип, Султан Ибраимович Ош обкомуна биринчи катчылыкка дайындалып кетти. Ошентип бул долбоор бир топ кечигип аткарылды. Андан он жылдан кийин Султан Ибраимович Кыргыз ССР Министрлер кеңешинин төр агасы болуп эки жыл иштегенден кийин Чолпон-Атадан белгисиз жагдайда киши өлтүргүч атып кетти. Ал адамдын өз убагындагы колдоосу менен башталган канал да курулуп, 500 га жерге суу чыгып, Нарын дарыясына көпүрөө да салынып, эл өйүз-бүйүз каттап калган. Иш ошентип, Султан Ибраимович менен Мелис Турдалиевичтин шарапаты менен башталып "Жакшынын шарапаты"-деген, эл макалындагыдай болуп, ошол инсандардын эмгектери менен бүткон эле. -Оо бейиши болгурлар! -Экөөң тең бул дүйнодөн өтүп кеттиңер. -Элдин сообу тийип жаныңар жаннатта болсун. -Элдин багына жаралган жакшы адамдар ар дайым эсиме түшүп, каналды, көпүрөөнү көргөнүмдө, "Аттиң! -Ар бир эле элдин үстүнөн бийлик жүгүзгөндөр элине ушул адамдардай эмгек калтырса кана"-дейм, оюмда.

Ошол, **1969**-жылы, жай жакшы болуп, колхоздун уюшулганына төртүнчү жыл болуп, өзүбүз жерин айдап сепкен көп жылдык чөптү ойдогудай сугарып, бедени үч жолу, эспарцетти эки жолу чаап-жыйып, Сары-Булуңга **500** тонна беде, Дүпкүргө **300** тонна эспарцет жыйып, **400** тонна саманды престеп, Кара-Талаанын кампасынын жанына жыйып, **1000** тонна силос комуп, **700** тонна арпаны кампага төгүп, колхоз кышка мыкты камылга менен кирген. Оруу-жыйуу эрте бүтүп, болгон айдоо аянтын коңтормо кылып айдап, Кабактагы кой кыштатчу короолорду, чабандар кирчүү үйлөрүн ремонттоого беш-алты адамдан турган бригада түзүп, үч бригада менен ремонт ишин жүргүзүп, ойдогудай бүтүрүп келишти.

Ички кыштоодогу сарайлар, малчылардын үйлөрү да ремонттолуп, акталып кышка толук даярдалды. Жайлоого багылып семиртилген **2000**

кой, 70 уй Жалал-Абад эт комбинатына 90% жогорку семиздикте (койлор 53 кг, уй 310 кг) тирүүлөй салмакта этке өткөрүлүп, алынган төлдүн 93% тин аман сакталып, болүнүп, ар бир койдон 3300 грамм жүн, бир уйдан 3300 литр сүт саап алынып, бир гектар жерден 1,2 тонна түшүм алынып колхоз бардык план милдеттенмесин ашыгы менен аткарды. Ал иштер менен катар 3 гектар жерге картошка, 1 гектар жерге пияз айдалган эле, арзан баада картошка, пиязды ар бир колхозчунун үйүнө чейин түшүрүп бедик. Дагы бир гектар жерге коон, арбуз, помидор, бадыраң айдалган болуучу. Колхозчуларга жашылчаны маянасынын эсебинен таратып берип, ашыгын райондун элине базарда саттырдык.

Ошол 1969-1970-жылдын кышы оор болду. Ноябрьдын бешинен баштап бир ай күн ачылбай, эки метрге жеткен кар түшүп, район, област, борборго эмес, бир айылдагы эки үй бири бирине каттай албай калды. Шифер менен жабылган төмдардын үстүнөн түшүрүлгөн кар кайра аны менен тең болуп, көрсөтпөй, мурдагы жайнаган үйлөр турган айыл жок эле, аппак кар каптаган талаадай көрүнүп калды. Айылдагы 80-90 жашка барып калган карыялар, "Мындай түшкөн карды, эс тарткандан коро элек болчубуз"-дешип, тобо келтиришип, жакаларын карманышып, жаратканга жалынып жатышты. Жылдын жеңилинде жарым метрге чейинки карды тээп оттоп, жанын баккан жылкылар да ошол ноябрьдан баштап талаадан от алып жей албай, кол карап калды. Азын солак тоют камдап, бирин экин бодо мал, жандыгын баккан элдин тоюту январьдан баштап эле түгонүп, "Малыбызды багып бергиле"-деп, малын жетелеп, колхоздун конторасына эл агылып келе баштады.

Колхоздун башкармалыгы бул маселени чечип, уйун уй фермага, жылкыларын, майда жандыктарын да Сары-Булундагы кой сарайдагы малчыларга берип бактыра баштадык. Эки тараптуу келишим түзүп, тоютту рацион менен эсептеп, балансалык баасы менен баккан кишинин эмгегин кошо эсепке алып, январь, февраль, мартка чейин дээрлик 100% элдин жеке менчик малын колхозго бактырдык. Ал боюнча башкы экономист Турдалиев Тагайбек, зоотехник Арзыкулов Канимет, мал чарба бухгалтер Эргешовдордон турган комиссия иш алып барды. Алыскы Кабакка кыштаган койго жем, прессталган чөптү жеткирүүгө келген вертолёттор да эки айлап уча албай жардам көрсөтө албай калышты. Эртең менен эрте аттанып, "Сары-Булундагы кыштаган малды коройун"- деп бара жатсам, ал жактан келе жаткан айылдын молдосу карп-курп алдыман учурап калды. Мен салам айтып колумду сунуп учурашканда, менин колумду дароо кое бербей, бир нерсе айтчуудай болуп туруп, айта албай ылдай карап калды. Бул авал, салам айтып учурашканда эле, анын боктөрүнчөгүндөгү капты мен тикирейе-тиктеп калганымдан болгонун байкап, колумду тартып алып, жолдон чыга берип, "Жакшы барыңыз молдо аке"-деп бастырып кеттим. Сары-Булундагы малчыларга жеткиче, жол ката оюма аркыл ойлор келип, "Оо ит оокат. -Адамдарды эмнеге алып баратасың? -Айылдын "абиирдүү" молдосу менден жон уялып, жер тиктеген жок. -Канжыгасындагы жемди мен көрүп, -"Кайдан алдыңыз? -Сакалдуу башыңыз менен, ушундай

абалда, колхоздун жемин уурдаганыңыз кандай"-деген менин суроомду күткөн го. Айтор, мен анын жер карап уялганын көрүп, атайын көрмөксөн болуп, сурабадым.

Сары-Булуңда бағылып жаткан колхоздун койлорун, менчиктерден чогулган малдарды көрүп, ошол молдонун жылкысы менен жандыгын баккан адамдан, "Молдо келди бэле"-деп, атайын сураганым жок. Себеби, ал да менин көзүмдү карай албай уялат ко"-дедим. Өз ичимде, "Оо пенде, -Ушундай абалда, жеке менчик малын өлтүрбөй кыштан чыгарып берип, каралашып аткан колхозго ыраазы болбой, ортолук жемди уурдап жаткандарын. Жараткан кандай кабыл алар экен? Пейилдеринен табып, жакшылыкка жамандык жасагандарга жараткан өзү калыс болсун"-деп, ойлоп калдым.

Ошол жут жылы колхозчулардын менчигиндеги малды колхоздун эсебинен толук багып берип, Кызыл-Жылдыз колхозунун миң иригин жүз тонна бедеге, Ленин атындагы колхоздун отуз жылкысын отуз тонна бедеге алмашып алып, өзүбүздүн колхоздогу ички кыштоодогу 13 коroo койду, баардык уйду, жылкыны чыгаша бербей сактап калдык. Бирок Кабакка кыштаган үч короо койдон 20% же 300 го жакын чыгаша болду. Колдо болгон жем, чөптү жеткире албай калдык. Ал эми Бирдик, Кызыл-Жылдыз, Ленин колхоздору бодо малдарынын 30% тин, койлордун 40% тин өлүмгө учуратты, элдери менчик малдарынын 60-70% тин өлтүрүп алышты.

Ошол жылы биздин колхоз кана жүз тубар уйдан 70 тен, жүз тубар бээден 68 ден, 100 тубар койдон 79 дан төл алды. Ал эми жалпы район боюнча бодо малдан 25 тен, койдон 19 дан зорго төл алышты. Ошол жылы үч миң ирикти жайлоого жакшылап багып, этке өткөрүп "миллион сом" киреше алып, жылкы заводдон отуз асыл тукум бээ, беш айгыр сатып алып, жылкынын асыл тукумдуулугун көтөрүүгө аракет жасадык. Мурунку жылы сатып алган кунаажындар уй болуп, 10-15 литрден сүт бере баштады. Койлордун асылдуулугу артып, 3,2 кг жүн берүүгө жетип, саны он беш миңге жетип калды.

Жакшылыктын артында жамандык да, ийликтин артында кырсык да болот турбайбы. Бирөө дөөлөтүн көтөрө албай манчыркаса, бирөө барлыкка тойбой, напсисин агытып турмайы бар экен да. Ошол жылдын жазы, ошончолук оор кар түшсө дагы кар эрте кетип, айдоо, себүү эрте башталды. Айдоо, себүү аяктагандан кийин мен ден соолугум начарлап, ооруканада бир айча даарыланып чыккандан кийин отпуск алып курортко кеттим. Курорттон келгенден кийин чарбанын иштери менен алышып жүрүп кассага көңүл болбой калыптырмын. Бир күнү, кассир болуп иштеген Турсуниязов Күчүк, "Эмгекке акча берели"-деп жазып келген чекти карай баштадым. Кассир кассалык китепти алып келди. Банктан алынып, бирок кассага киришителбеген акча бар экенин көкүсунан көрүп калдым. Мен, "Бул акча кайда"-деп кассирден сурасам, ал көпкө жер карап туруп, "Аксакал аны Абдыракман аке билет"-деди. Мен кассирди, "Анда Абдыракман акеңи чакырып кел"-деп чыгарып, кабинетте күтүп отурдум. Ал үйүнө кетип калып, көптө экөө ээрчишип

келди. Мен чекти көрсөтүп, менин колум жок бул акчаны кантип алганын сурасам ал, "Аксакал кечириңиз. Акча керек болуп, сиздин колду сыртыңыздан коюп алып, жок кылып койдум. Ордуна койгондон кийин кириштейин дедим эле"-деди. Мен ага, ачууланбай эле, "Алыш, ушута барганың уят эмеспи? -Сени прокурор да, милиция да, "Бул адам бир жолу кылмыш жазасына тартылып соттолгон. Башкы бухгалтерлик кызматка алууга болбойт"-дегенине карабай, колхоздогу элдин суроосуна макул болуп, райкомдун биринчи катчысына да чыгып жатып ушу кызматка койдум эле. -Ушуга кантип бардың?"-деп нааразылыгымды айттым. Анан айылдык кеңештин төрагасы Турганбай Кожалиевди, партиялык уюмдун катчысы Бекташ Молдобаевди чакыртып, аларга болгон ишти баяндап бердим.

Алар да тийиштүү сөздөрүн айтып, "Бул адам мурда сот тарабынан жоопко тартылгандыктан, азыр прокуратурага билинсе эле ал камалып, катуу жоопко тартылат. Ошондуктан акчаны тез арада төлөп берсин үчүн, убакыт берели" -деп чечишти. Кассаны мөөрлөп, Турсунниязовду кассирлик ишинен алып, Мурзакматова Лораны декреттик өргүүсү бүтө электе ишке чакыртып алып, кассирликке дайындап, ага кассаны өткөрүп бердик. Көрсөтүлгөн убакытта акчанын тогуз миңи өнүп, бирок он бир миңи өнбогондон, мен Жаналиев Абдырахманды башкармалыктын чогулушуна коюп, ишинен алып, башкы бухгалтерлик кызматка Кыдыршаев Мааданды дайындадым.

Акчаны ордуна коюуга Абдрахман Жаналиевке дагы бир ай убакыт бердик. Акча өнбоду. Абдыракмандын аялы, "Жаш бала-чакалуубуз. Абдыракман үч айдан бери иштебей үйдө. Жардам бериңиз аксакал"-деп, күндө кечинде, эртең менен үйгө келип ыйлап, "Бул мурда кесилгенде он жыл күттүм эле. -Эми дагы кесилсе келбейт. -Жаш балдар менен кандай кылам, бул камалып кетсе балдарды кантип багам"-деп, менин айламды кетирди. Абдыракмандын аялы Канымбү өзү айткандай, бала-чакалуу эле. Улам ыйлап-сыктаганына ырайымым келип, "Абдыракман келсин. -Сүйлөшүп көрөйүн"-дедим.

Конторага айылдык кеңештин төрагасы Кожалиев Турганбай аксакалды чакырып, ал келгиче кеңешип олтуруп, келгенде Абдырахмандын пикирин уктук. Ал, "Аксакал иттик жасап койдум. -Кечиргиле. -Туугандарыма сүйлөшсөм, башкарма макул болсо ведомостько кол коюп берели-дешти. -Ошого жардам берсеңиз"-деди.-Мен, "Ведомостько кол коюп, алардын аласаларын жыйнап калган ыкма болбойт. -Себеби айрым аласасы жоктор да кол коё берип, кийин,-Алган эмесмин дешип чырдашкандарын көп эле көрүп жүрөм. -Башкы бухгалтер менен сүйлөшүп, аласасы бар туугандарыңды ээрчитип кел. -Расходный ордер менен жазып берип туралы"-дедим. Ошентип, чабан Барктабасов Баратаалы, Буйлашов, Коюлчиев, Оркошев сыяктуу аласасы бар чабандарга расходный ордер менен акча берип, жетпей жаткан сумманы жыйнап атып, араң жаптык. Адырахманды туугандарынын кайра-кайра райкомдун биринчи катчысынан сурангандарынан ишке алганбыз. Эми аны менен алар да жоопкерчиликти бирге тарткандары да туура

болгондой көрүндү. Анан, Абдырахманга справка берип, "Кайдан иш тапсаң, ошол жерде иште"-деп, аны менен коштоштук.

Ошол оор кыш болгон жылы, кар жаап, күн ачылбай жатканда, Барчакеев парткомдун катчысы Бекташ Молдобаевдин үйүнө алып келишип бир уйду союп алышканын, мага, уйду союшуп, коп кесер алган адам айтып, "Алар арак ичип олтуруп сизди, "Тиги тырышкан башкарма эт жебесе таш жесин. -Биз жей беребиз, малдын эсебин тапсак болду да дешти" -деп, мага айтып келди. Мен унчукпай уктум да, "Сага рахмат ушуларды айтканыңа. -Эми алар эсебин таба алыпса мейли"-деп койдум. Ошол күндүн кечинде уй сарайга барып, сарайды кыдырып, жем, силос, чөп берилишин көрүп жүрүп, уйчу Талипти созго тартып, "Сойгон уй семиз экен. Ордуна эмне коюшту"-деп сурап койдум. Уйчу чочуп кетип, "Сиз да билесизби?"-деп ийди. Мен билмексен болуп жылмайып, "Ооба"-дедим. Мени менен кошо учётчик Акматбек жүргөн эле. Ал, уйдун этин алар менен мени да бөлүшүп алышкандай түшүнгонбу, айтор ал, "Тиги торпокчу Токтобекте ашык торпок бар. — Ошол торпок менен жабышат ко"-деди.

Мен ага да жылмайып, "Силер да сойдуңарбы?"-деп сурасам ал, бир аз мукактанып туруп, "Алты уйчу, саанчылар болуп, эки уй союп бөлүп алдык эле. -Мынча болду ырас келипсиз. -Конок болуп кетиңиз"-деди. Мен оюмда, "Буларды биротоло тангыс кылайын"-деп, ичимден ойлоп, "Макул, шашылыш ишим деле жок"-десем, экөө тең казан асып киришти. Эт жеп жатып, устуканга алган жарты кабырганы газетага ороп, дасторкондун четине койдум. Акматбек, "Ой аксакал, устуканды баштыка эле салып канжыгаңа байлап берем"-деп, мен аттанганда эки үйдөн алган устуканды канжыгама байлап атказды.

Түнкү саат ондордо конторага келип, сейфке устукандарды коюп, үйгө кеттим. Эртеси саат ондордо айылдык кеңештин төрагасы Турганбай Кожалиев аксакалды чакырып болгон ишти болгондой айтып, устукандарды көрсөтүп, кеңеш салдым. Ал киши, "Үч-төрт уй үчүн кеминде 5-6 киши жоопко тартылып, айылдан тергеочу кетпей, ондогон адам күбө болуп сурак берип, элдин тынчы кетет. -Андан көрө жанагы Барчакеевди, анын торпокторду жашырганы үчүн карматып, жумуштан бошотуп койгон эле оң го"-деди.

Кожалиев Турганбай аксакалдын кеңеши боюнча башкы зоотехник Арзыкулов Каниметти комиссиянын башына бекитип, мал чарба бухгалтерди, экономисти кошуп, уй, жылкыны санатып, жети торпок, беш кулун кириштелбей, төрт чоң уй жетпей калганы далилденип, Барчакеевди башкармалыктын чогулушунда угуп, аны ишинен бошотуп салдык. Ошол эле чогулуштан Барчакеев чыгып, Коңурбаев Акматбекти бухгалтериянын конторасында, -Сен айтып айгак болдуң -деп, арачага бербей сабап, аларды бухгалтерлер араң ажыратышыптыр. Эртеси жабыр тарткан Акматбек оруканага жатып справка алып, прокурорго арыз берип, Барчакеев жоопко тартылып, үч жылга соттолуп кетти.

Кийин ушул эки иш да кандайдыр бир деңгээлде себеп болуп, жумушу жок жүргон эски, "чолок актив" сөөйлөр менин үстүмдөн, мага

жалган жалаа жаап, тынбай арыз жазышып, Борбордук Комитеттен, облустан текшерүүчүлөр келип, ревизия түшүп, колхоздун ишин текшерүү тынбай болуп атты. Райкомдун экинчи катчысы аял киши эле. Бир күнү ал киши мага телефон чалып келип кетүүмдү өтүндү. Келсем анын кабинетинде жашы мен курлуу орус киши менен олтуруптур. Мен саламдашкандан кийин, ал, "Аскараалы Абдылдаевич, бул киши борбордон келиптир"-деп, ал кишиге мени тааныштырды. Кезегинде борбордон келген киши озүн "Исаенко"-деп, фамилиясын, атын да атап учурашты. Анан, "Бул киши Атай, Арал, Бирдик айылдарына барып, айрым кишилерге жолугат. -Сиз ал кишилерди тааныйсыз, алар менен жолуктуруп келиңиз"-деди. Биз түз эле Атайга келдик. Ал киши орусча, "Атаңыз ушул айылдабы?"-деп сурады. Мен түз эле аны атамын үйүнө алып бардым. Атам үйдө экен. Биз саламдашып, үйгө киргенде, ал эки комната чакан үйдү имере тиктеп, атамдын, "Чай ичиңиз"-дегенине ыраазычылыгын айтып, "Молотов кыштагына баралы"-деди. Ал жерден Кетиркеев Станбай, Молтоев Абыш, Кожояров Жакиштер менен жолукту. Алар менен болгон сүйлөшүүсүн мени катыштырбай жүргүздү. Анан Арал айылына келип, Олжобаев Эпей, Турсунов Борончу менен жолугуп, Бирдик айылына барып Найманов Раманкулга жолугуп анан райондун борборуна кайттык. Эртеден бери бир ооз кыргызча сүйлөбөгөн киши, мейманкананын жанына түшүп жатып, -Аскараалы Абдылдаев, эртең саат онго райкомго келиңиз -деп, кыргызча таптак сүйлөгөнүнөн, кечке мен жолуктурган кишилер менен кыргызча сүйлөшүп, менин үстүмөн жазылган арызды текшерип жүргөнүнө ынандым. Анан, -Үйгө баратып үйдөн чай ичип кетүүсүн сунуштасамбы?-деп ойлоп, -Мени текшерип жүрүп менин үйүмөн чай ичмек беле -деп , ал оюман кайтып, үйгө кете бердим.

Эртеси эртеңменен саат ондо келсем, ал өзүнчө кабинетте олтуруптур. Астында баягы прокурор мага көрсөтпөй койгон арыз, дагы 4-5 барак кагаз жатат. Бүгүн кыргызча эле сүйлөшүп борбордук комитетте иштерин, менин үстүмдөн жазылган арызды текшерүүгө келгенин айтып келип, "Атаңыздын тамын сиз салып бердиңизби?"-деп сурады. Мен, "Ооба, мен салдырып бердим, атам да акча кошту"-дедим. Ал,"Курулуш материалын кайдан алдыңар? Алардын документи барбы?" -деп сурады. Мен, "Бардык жагыч материалдарды, эшик,терезесин райпотребсоюздан, ал эми темирин быткомбинаттан сатып алдык"-десем, документерин көрсөтүүнү талап кылды. Мен, "Алардын баары үйдө, барып алып келейин"-десем, ал, "Саат экиге алып келиңиз, мен ушул жерде болом"-деди. Туура саат экиде бардык сатып алган курулуш материалдарынын счёт фактураларын, там салган кишилер менен түзгөн келишимдерди алып келип көрсөттүм. —Ал бактап, эсептеп чотко салып көрүп, "Мынча акча кетиптир, канчасын сен бергенсиң?"-деди. Мен, "Атам үйүн, бээсин, он чакты коюн сатып, басымдуусун өзү толоду. -Мен да жардамдаштым"-десем, ал,"Сенин айлыгың канча? -Канча балаң бар? -Аялың иштейби?"-деп сурады. Мен, "Беш балам бар, 300 сом айлык алам, аялым мен башкармалыкка дайындала электе,

керек-жарак комунда сатуучу, колхоздо саанчы болуп иштеген. -Азыр колхоздун талаачылыгында иштейт"-дедим. Ал, "Алган айлыгың үй-бүлөңүздү багууга жетеби?"-деп сурады. Мен, "Дүкөндө ундун килосу 18 тыйын, 100 кило 18 сом. -Биз айына андан ашпаган унду колдонобуз. -Андан башка чыгымга 100 сомдун тегерегинде акча кетет. -Айына кээде 200 сомдой үнөмдөп калабыз. -Бир уюбузду, 5-6 коюбузду , бир атымды атам багат. -Эт, майды да аз эле сатып алабыз" дедим. Анан,"Атаңдын канча баласы бар? -Атаңа акчалай жардам берип турасыңбы?"-деп сурады. Мен, "Атамдын беш баласы бар. -Кемпири экоо тең пенсия алышат. -Огороду, малы бар. -Менден акча албайт"-дедим. Анан колундагы тамдын материалын сатып алган счёт-фактураларды, келишимдерди мага сунуп, "Буларды жоготпо, сизге кийин керети тиет"-деп койду. Бир аз ооз эки эле аңгемелешкенден кийин менден жазуу жүзүндө түшүнүк катты талап кылбады. Анан мечи менен коштошуп, "Бүгүнкү самолетко билетим бар, борборго кайтам"-деди. Мен аны аэропортко жеткирейин десем, ал, "Рахмат, рэйкомдун катчысы кызматтык машинасы менен жеткирет"-деп, мени менен коштошуп чыгарды.

Кинки 1971-жылдын март айы келип, райондук партия комитетинин пленуму болуп, Мелис Турдалиев кызматынан бошоп, ордуна Карабай Жыргалбеков биринчи катчы болуп шайланды. Карабай Жыргалбекович айыл чарба институттагы окуусун жаңы бүткөн жылы биздин районго келип, Кызыл-Жылдыз колхозуна башкы зоотехник, кийин Тогуз-Торо райондук комсомол комитетине биринчи катчы болуп райондор кошулганга чейин иштеп, биз бири-бирибизди жакшы таанып, чай ичишкен жолдоштор элек.

Биринчи катчы болуп шайланган пленумда, андан кийин биринчи өткөргөн бюросунда жолугуп, учурашканым менен, атайын жолугуп ордун куттуктоого чолоом келбей жүрүп, мейманканада жашап атканын угуп, атайын куттуктап кою максатында мейманканага бардым. Ал менен, эки район кошулуп турганда, райкомго бөлүм башчы болуп, кийин Кыргызстан КП БК нын аппаратына кызматка кеткенден бери жолукпаган эмесмин. Салам айтып, учурашып, "Орун кут болсун"-деп, каршысындагы столго отурдум. Чарбалык иштн сурап, бир аз кобурашканда эле анын көз карашынан мени тээ мурдагы зоотехник, райком комсомолдо иштеп жүргондогу кезиндегидей көз караш менен карабаганын сездим. Күн кечтеп калган убак эле, "Үйдөн чай ичиңиз"-деп, айтканы барган оюм оңунан чыкпады. Ал бираз сүйлөшүп туруп, мени салкын тиктеп, "Сенин үстүңдөн борборго түшбай эле арыз түшүп жатат. -Бул кандай?" -деди. - Мен, "Эл оозунда эшек жок экен"-дегендей, "Кимдин оозун ким тыймак эле, иште бардык кишиге жагуу кыйын тура. - Жазып атышат. -Жазгандарын облустан, борбордон келишип ревизия келип текшерип да атышат"-дедим. Анан жылмайып, "Арыктап кетиптирсиң, эс албайсыңбы?"-деди. Мен да жылмайып, "Сизден келбеди беле. - Жыл сайын өргүү берип, курорттогго жолдомо берип турсаң, эс алып семирем го"-дедим, тамашага салып. Ал, "Белоплтур аны коро

жатаарбыз"-деп, саатын тиктеп, "Мени бирөө күтүп атты эле"-деп, чыгууга камынды. Мен ээрчий чыгып, ал машинасына олтургандан кийин, үйдү коздой кеттим.

Айдоо, себүү бүтүп, жазгы туут аяктаганы калган. Анда-санда райкомдун бюросунда, активдин чогулушунда кезиксем, Карабай Жыргалбекович менен баарлашууга убакытым болбоду. Ал дагы озүнө атайын чакырып сүйлөшкөн жок. Бир жолку активдин чогулушуна катышып кетип жатсак, бир мекеменин башчысы болуп иштеген досум үйүнө чакырып чай берип олтуруп, "Жаңы катчы менен кандайсың? - Илгери комсомолдо иштеп жүргөндө эрчишип теңтуш болуп жүргөнүңөрдү байкачу элем. Чамасы азыр сени түз тиктебей жаткандай. Мен муну коздой кишиден уктум. Сенин ордуңа башкарма болчу кишини, обкомго, борбордук комитетке да жибериптир. -Жакында сени бошотот экен. "Уккан кулакта жазык жок"-дегендей, "Аяк башыңды жыйнап, байка"-деди. Мен, "Эмнесин байкайын. -Мен иштен бошобой жүрдүм беле. -Бошотсо иши турат. -Башкармалык менин менчик ишим беле. - Аман болсок иш табылаар"-дедим. Ал сөзүн кайра улап, "Баягыда колхоздун башкы зоотехнигинен бошоруңда айтсам, "Абил Абилович атамдай көргөн адам. Мени баласындай көрөт"-деп, мени укпай койгонсун. Азыркы сенин үстүңдөн жазылган арызды уюштуруп жаткан ушу Абил акең, прокурор эжең жана алардын айдактаганына көнгөндөр. Сенин ак-ниет иштеп чарбаны алга тартып, колхоздун экономикасын көтөргөнүң алар үчүн бир тыйынга турбайт. Өткөн жылдагы жутта, Абил Абиловичке чөп сатып, миң иригин алганыңда, ал ого бетер сени жек көрүп калды. Обкомго биринчи катчы болуп Абил акеңдин жакын киши келиптир. Сен тууралуу ал обкомдо, "Өзгөчө пикир түзүүгө жетишиптир"-деп уктум. Ал бул жаңы катчыга сени бошотууну дайындаптыр. -Баягыда башкы зоотехник болуп турганында, "Сени, ошондогу биринчи катчынын Социалисттик эмгектин баатыры болушуна бут тосуп жатат"-деп жамандаганын бир нече жолу айтсам, ошондо да ишенген эмессиң. -Бул көркөө обкомдун биринчи катчысы менен үйүмө-үй катташат экен"-деди. Досумдун үйүнөн ойлуу чыктым. Мен, "Райкомдун биринчи катчысы эмнеге эле апрель айынан бери, "Отчёттук чогулушту коё тур"-деп атканы ушу турбайбы. Мейли бошотсо бошотсун"-деп ойлоп калдым.

Май айынын орто ченинде биринчи катчы телефон чалып мени озүнө чакырды. Келсем жалгыз олтуруптур. Чарбалык ишти сурап бир аз сүйлөшкөн соң, "Сенин үстүңдөн тынбай арыз түшүп, эл нааразы болуп жатканын эске алып, сени башкармадан бошотуп, башка иш берели"-деп чечтик. -Сени жөн бошотсок кийинки иштөөңө зыяны тиет. -Сен, "Саламаттыгыма байланыштуу бошотууңарды сурайм"-деп, бюрого арыз жазып берүүм кажет экенин айтты. Ичимден ,"Кайран досум каңырыш укkан эмес экен"-деп, биринчи катчынын суроосун канаттандырып, арызымды жазып берип чыгып кеттим. Конторага олтуруп, беш жылда жасаган иштеримди чагылдырып, жаңы уюшулганда, "Он экинин бири жок, үй байларга жиби жок"-дегендей, сарай, контора, клуб, балабакча, төрөт үйү, мончо, гараж, пилорама, мектеп, элдердин үйлөрүн

электирлештирип, малчы, механи-затор жана башка адистер үчүн 20 дан ашык үй салдырып, үч жерге кампа куруп, 80 гектар көп жылдык чөп айдап тоют маселесин чечип, коомдук малдын асылдуулугун көтөрүп, колхоздун мал-мүлкүн жаңы бөлүп алгандан үч эсеге көбөйтүп, колхозду миллион киреше алган чарбага жеткирген көрсөткүчтөрдү чагылдырып, он бир баракта турган доклад жазып, чогулушка даярдандым.

Райкомдун биринчи катчысы Карабай Жыргалбеков өзү райондун мекеме башчыларын колхоздун клубуна толукээрчитип келип, жалпы чогулуш өткөрдү. Мен докладымды окуп бүттүп, акырында суроо-жооп жана жарыш сөздөр бүткөн соң, мен райкомдун бюросуна, "Ден. соолугума байланыштуу арыз жазып башкармадан бошотууну сураганымды айтып, сиздерден да сурайм, ден соолугума байланыштуу бошотууңуздарды"-деп, чогулушка катышкан элге да кайрылдым. Туштуштан, "Бошобой эле отпуска алып эс алып келиңиз. Иш жаман болгон жок. Сиз иштегенден бери нанга жетип, айлык алып, көп маданий чарбалык курулуштар курулуп, жарык алып жашообуз оңоло баштады"-деп, орундарынан туруп айткандар болду. Мен сөзүмдү жыйынтыктап, "Мен силерге ыраазымын. Беш жыл бою жогорку докладда айтылган ийгиликтерди чарбанын ысык-суугуна чыдап, мени менен бирдикте иштеп силер жараттыңар. - Ийгилик менен катар кемчилдиктер да болду. -Аларды мен айтпай эле койоюн өзүңөр жакшы билесиңер. -Менин иштөө мезгилимде кеткен каталар боюнча мени көчирип койууңарды сурайм. -Мен силердин жерде иштеп чоң байлык таптым. -Келгенде жети жан көпдик эле, эми тогуз болуп башым өсүп кетип жатам. -Бирок силердин байлыгыңарды кымтып кетипатканым жок. -Ага силер да, толгон-токой ревизор текшерүүчүлөр да күбө"-дедим. Биринчи катчы чыгып сүйлөп, "Арызын канаттандыруунарды сурайм"-деди. Чогулуш, "Башкарманын бир жылдык эмес, беш жылдык иши "Канаттанаарлык"-деп эсептелсин. Өзүнүн арызы боюнча башкармалыктын төрагалыгынан бошотулсун"-деп токтом кабыл алып, оздөрүнө жаңы төраганы шайлоого өтүштү.

Андан кийин мен беш күн жүрүп, жаңы башкармага малды санап берип, өткөрүү актысынын көчүрмосүн, башка справкаларды алып, райондун борбору Казарман айылындагы үйүмө көчүп кеттим.

Өксүгөн өмүр баяны
(Документалдуу аңгеме)

Түштө кошуналар чогулуп, Баатырбек аке, анын кемпири- Таштан апа, кошуна Сейитаалы, анын аялы- Жолдош болуп, бала-чакаларыбыз менен чоң дасторконду тегеректеп чай ичип атсак, салам айтып эки коон, уч дарбыз, помидор, бадыраң, көтөрүшүп Өмор жезде менен Сабира эже кириштн. Алар дагы бизге кошуна жашоочу. Алып келгендерин дасторкон четине коюп атып, Өмор жезде барпаңдап, "Мал ээси маанеке"-дегендей, түшүмдүн алдынын ээси башкарма эмеспи, биринчи сага ооз тийгизели деп, коончу абышкалар сага берип ийишти"-деди. Менин аялым Сабыркан, помидор, бадыраңды жуун, Сейитаалы аларды туурап, тарелкаларге салып берген соң, Сабыркан каймакка аралаштырып, тарелкаларге болуп ар кимдин алдына койду. Өмөр жездө коонду союп, Сейитаалы дарбызды тилип, колхоз эккен жашылчанын алгачкы түшүмүн айпанадагы коңшулар менен чогуу ооз тийдик. Өмор жезде мага карап, "Бакча баккан абышкалар мага башкарманы конокко чакыра кел, убактысы болсо эртең келип кетсин"-дешти эле. Сага айтаар арыз-муңу, кеңешеер кептери бар. Барып келе аласызбы?-деди. Мен жездемди тамашалап, "Чакырган жерден калба өзуң басып барба"-деген эмеспи ата-бабаларыбыз, "Чакырсаңар барайын"-дедим да, өз ичимден, "Ай аттиң, жаздан бери чолоом тийип, бир жолу да барып, ал-абалдарын сурабаптырмын да"-деп, өкүнүп калдым.

Өмөр жезденин байбичеси Сабира эже, мага эки ата өткен ага болгон Абдырайымдын кызы эле. Жездеге карап, "Конокко чакырып колколюбой эле, жашылчаңарды күндө болбосо да, күн алыс бала чакасына берип турбайсыңарбы?" -деди эле, мен, "Жок эже, андай кылганга болбойт, жашылча элдики. Биз эл катары эле керек болсо сатып алып турабыз. Өзүбүздүн бакчабыздагы помидор, бадыраң дале бышканы калды"-дедим.

Мен башкарма болуп келгенден бери торт абышка эки гектар жерге жашылча айдап, элге жашылча жедирип, колхозго **50-60** миң сом киреше беришет. Колхоз жерин айдап, үрөнүн сатып келип берип, түшүмдү саткан кезинде, транспорт менен камсыз кылат. Калган түйшүк бүт ошол "Коончулар"-деп аталган торт абышканын мойнунда. Анда-санда оздорү келип, "Чай-чамекке"-деп, азыраактан тыйын-тыпыр алышчуу. Алар колхоздун конторасына дале көп келишпейт эле.

Эртеси эртеменен колхоздун конторасындагы кагаз иштеримди жайгаштырып, тийиштүү кишилерге талшырма берип коюп, "коончу абышкаларга" бардым. Торт абышка менен саламдашып, талабы боюнча аларды ээрчип, бакчасын корүп жүрүп, алардын чоп алачык отоосуна келип, Турдаалы акенин байбичеси Бурулкан апанын буусу буркураган самоварга кайнаткан "памил чайын" сүттоп ичип, коондон, дарбыздан жеп олтурганыбызда, козу кок, чүңүройгон 3-4 жаштагы кара

бала чуркап келатып, чоп алачыкка жетпей жерге жыгылып, мурду канап ыйлап калды. Бурулкан апа ага жетип, көтөрүп алгыча, артынан Турдаалы аке да жетип, балага жармашты. Экөө тең баланы сооротуп, алачыктан он метр алыстыктагы арыкта агып аткан сууга барып, баланын мурдунун канын жууп атканда, Олоңбаш аке Бурулкан апанын балага жалынып-жалбарып атканын жактырбай , "Ики-ики, өгөй эне орсок, көрдө жатып кол булгайт"-деген макалды айтып, "Тим эле жатынын жарып чыккансыганын карачы тигинин"-деп, жанындагы Борубай абышкага эгин шилтеп, Бурулкан апаны көрсөтүп койду. Алар орундарына келип, баланы Турдаалы аке астына алып олтурганда, Олоңбаш акенин сөзүнө карай, "Турдаалы аке, небереңиз Кемелбектикиби?"-дедим. "Жок өзүмүн балам. Бул баланын тарыхында, менин өксүгөн өмүрүмдүн тарыхы жатат"-деп, оор улутунуп койду Турдаалы аке.

Ошол мезгилде бакча жакта жүргөн Өмөр жезде бир коон, бир дарбыз көтөрүп келип, коонун союп дасторконго койду.Турдаалы аке мага карап, "шашылыш ишиң болбосо жай эле кетесиңби?"-деп коюп, баласын көрсөтүп, "Мунун апасы мени өлүмдөн арачалап калган. Бул иш мындан көп жыл мурун өтүп кетти эле, сен баянын сурап ошону айттырмак болдуң"-деди.

"Мындан 30-жыл мурда мен сендей болуп, жаштыкка, жумушка да тойбой, толуп турган мезгилим эле,"-деп баштады, Турдаалы аке. Тиги апаңы алганыма 2-жылча болуп, Кемелбек бирден өтүп, экиге карап калган. Район жаңы уюшулуп, мени айылдык кеңештин төрагалыгына көрсөтүп, шайланып, жаңы иштеп аткам. Мына ушу сен башкарма болгон айыл өз-өзүнчө төрт колхоз болуп уюшулган. Мурда ТОЗ убагында өз-өзүнчө айылдар эле. Ошо төртөөнүн бирине менин досум Самидин башкарма болуп калды. Ошондо **1938**-жылдын жай айы болчу. Ал экөөбүз жылуу чайыбызды бөлүшүп ичкен, ынак достор элек. Бирге окуп, бирге ойноп, бир айылда чоңойгонбуз.

Бир күнү биздикине келип, "Түштүктөн Алиакбар акем келиптир, эрмектешип чайлашып кел"-деп, мени үйүнө чакырганын баргам. Карабагыштын аттуу-баштуу аксакалдары чогулуп, Алиакбар менен олтурушуптур. Учурашып олтуруп, Самидиндин суроосу боюнча кечке конок болуп кеткем. Алиакбар кетээринде мен да чакырып коноктогом. Чолук бийдин баласы, баары бир урук, карабагыш болушат.

Ошондон эки ай өтүп, аны менен конок болгонум дале, коноктогонум дале унутулуп калган. Бир түнү, түнкү саат үчтөр чен болсо керек, эки милиционер келип, колумду аркама байлап, көзүмү таңып алып кетти. Байкоомдо, Казарманга эле алып барып, мени жалгыз бир камерага камады. Эмне үчүн, кайсы күнөөмө камалганымды да билбеим. Сурак деле кылган жок. Бир күнү, таң эрте, кайрадан көзүмү таңып, атка мингишизип, алып кетишти. Бир канча күн жол жүргөнүбүздөн кийин, түндөсү бир маалда көзүмү чечип, өздөрү тамактанып, кайра көзүмү байлап коюшту. Бир убакта, көзүмү чечип, колумду бошотуп, түрмөгө киргизип, жалгыз камашты. Эртең менен бир кесим болко, бир стакан суу

бергени келген милициянын инспекторунан, "Бул кайсы жер?"-десем, "Нарынга келдиң"- деди. Эки күндөн кийин, машинага олтургузуп, башка дагы бир жерге алып келип камашты. Канча убакыт Фрунзедеги түрмөдө жатканым даана эсте жок, чамасы бир жылга жакын жатсам керек. Мени ошол түрмөдө сурakка алышты. Түндөсү, кайсы маал экенин билбейм, бир кабинетке алып барып, улуту татарбы, уйгурбу, иши кылып кыргыз эмес тилмечти жанына алып, орус тергоочу сурак жүргүздү. "Алиакпарды тааныйсынбы?"-деди. Мен, "Ооба тааныйм"-дедим. "Самидин менен ал кандай тууган?»-деди. "Алар бир урук, карабагыш болушат. Менин билишимче эки-үч ата өткөн тууган болсо керек"-дедим. "Сенин Самидин менен кандай жакындыгың бар?"-деп, сурады. Мен, "Доспуз, бирге окуп, бирге чоңойгонбуз"-дедим. "Алиакпар Самидиндикине барганда, кошо болдуң беле?"-деди. Мен, "Ооба, мени Самидин конокко чакырып барган. Кошо тамак ичкенбиз?"-дедим. "Ошондо Алиакпар, Самидин экөөңдү элди үгүттөгүлө, туран партиясын түзүп, совет өкмөтүнө каршы көтөрүлөбүз деди беле? -деп, дагы суроо берди. Мен, "Жок, андай сөз болгон эмес. Биз бозо ичип, карта ойноп отуруп, кечке маал эт жеп эле тарап кеткенбиз"-дедим. Анан, конвой сырттан Самидинди айдап келип, мени алып кетти. Самидин экөөбүз баш ийкешип учурашып калдык.

Андан эки ай өткөндөн кийин, "Он жыл катаал режимге кесилдиң"-деп, угузуп, **1940**-жылы кышында, этап менен Сибирдин бир шаарына алып келип камашты. Бизди иштетпей эле, бир маал 1-2 саат зонанын ичинен сыртка чыгарып кайра камайт. Сырттан тамак киргиздирбейт, кат чыгарып, кат алдырбайт. Тамак тартыш. Мурда жаткандар өтө арыктап, шайы кеткендери өлө баштаптыр. Мен Фрунзеден тың эле бардым. Ал жерде деле өзүмү кармап, ченеп ичип, бир топко тың эле турдум. Бирок күндөн күнгө начарлай баштадым. Эки жүз грамм кара нан, кээде анда санда гречка же капуста шорпо, эки маал тамак берет. Аңгыча, **1941**-жылдын жайы келип, түрмөдөгүлөр, "СССР ге немистер кол салып, бир топ шаар, кыштактарды басып алышыптыр"-деп, сөз кылып калышты. Түрмөдө бир аз жылыш болуп, үч маал тамак, 300 граммдан нан берип калган. Ага деле болбой, кыштан араң чыккан көп кишилер баса албай калышты. Четинен өлүп да атат.

1942-жылы жүздөй "Камалган кишилерди" Казакстандын бир ээн талаасындагы жаңы колонияга этап менен алып келип камады. Ал жерде бир ай карантин болуп, эч жакка чыгарган жок. Бир айдан кийин ошол зонанын айланасында жаңы уюшулган эт, сүт өндүрүүчү төрт совхоз бар экен, бизди ошолорго болуп, уйдун сарайын тазалатып, тоют даярдатып бизди иштете баштады. Мен бир немис саанчы аялдын уюнун сарайын тазалап, тоютун даярдайм. Мен өтө арык элем. Бир- эки күрөк күроп, тынып атып, он беш уйдун алдын 2-3 саатта араң зорго тазалайм. Конвой кеткенде мага боору ооруп, тиги саанчы аял менден күроктү алып, өзү күроп, конвой көрүнсө, кайра мага бере салат. Ал уйду үч маал саайт. Конвой жокто мени жаңдап чакырып, жарым литр сүттү ичирип коет. Мен орус тилин билбегенимден, экөөбүз бири -

бирибизди жаңдашып түшүнөбүз. Ошентип, сүт ичирип жүрүп ал мени тыңытып, мен үйлардын алдын озум эле тазалап, озум тоют даярдап калдым. Конвойлор бизди кечке иштетип, кечинде зонага айдап барып камап, кайра эртең менен алып келишчү.

Ошентип жүрүп моөнөтүм бүттү. Мен, **1946**-жылы жай айында түрмодөн чыктым. Бошонуп чыкканым менен ал жерден башка жакка кетүүгө уруксат берген жок. Ошол совхозго жумушчу болуп иштеп калдым. Жумушчу болуп иштегенден кийин, дале баягы аялдын уюн багып, ошо менен иштедим. Ошентип жүрүп ымалабыз келишип, **1947**-жылы ошо аялга никелешип, ал жашаган үйгө барып аны менен чогуу туруп калдым. Ал аялдын, энеси жана мурдагы орус күйөөсүнөн бир уул, бир кызы бар экен. Ал аскерге кетип, кийин согушта курман болуп кылыптыр. Ал эми аялдын улуту немис экен. Согуш чыкканда Волга боюндагы немистерди көчүрүп келип, туш-тушка таратканда, буларды ушул жерге алып келип, ошол жактан алып келген үйларды чогултуп, совхоз уюштуруп түзгөндө, саанчы болуп иштеп калыптыр. Мен ал жерде жумушчу болуп иштеп жүрүп, ал аялдан эки уулду болдум. **1960**-жылы, «Элиңе кетсең болот»-деп, комендант уруксат берди. "Элин сагынбас эр, үйүн сагынбас ат болбойт"-деген эл макалы бар эмеспи. Ошончо жыл эрксиз жүрүп эркиндикке чыкканда, элди жерди эңсеп, «Элге кетели»-деп, Катяга кеңеш салдым. Анын энеси, чоңоюп калган уулу, кызы, Катяга мени менен кетүүгө уруксат беришпеген соң, ал мага отпуск алдырып, паспорт алууга жардамдашып, жол кире камдап берип, **1961**-жылы, «Элиңе бар, балким кайра келээрсиң»-деп, бир жашка толо элек уулуму кошуп бер десем, берип, улуусун озү алып калып, мени узатты. Келген соң, элден кетким келбей туруп калдым. «Өткөн күздө апасы келип, баласын корүп, бир ай жүрүп кетти. Дагы келем деди эле, келе элек"-деди.

Мен Олоңбаш акенин, "Өгөй эне орсок, көрдө жатып кол булгайт" -деген сөзүнөн, "Өгөй эне, өгөй баланы көрө албайт. Өлүп жатып да, өгөй баланын өлүшүн тилеп корго чакырат"-деген лакап сөз эсиме келип, озумдун да апам жашымда өлүп, төрт жетим, апасыз калып, өгөй энебиздин запкысынан, үч кичине бобокторум кагуу жеп, чоң энебиздин колуна коргологонубуз эсиме түшүп, зээним кейип кетти. Асанбайдын тагдыры андай эмес экенин, Бурулкан апанын жалынып жалбарып атканын билип, бул кишинин пейили, "Ак көрпө жайыл"-деп айткан элдик макалдай, мээримдүү, көң пейил экенине көзүм жетип олтурдум.

Сөз арасында, Өмөр жезде Турдаалыны тамашалап, "Сен камалып кеткенде тал чыбыктай бураган татына сулуу келин эле. -Тигини сагынган жоксузбу?"-деди, ээги менен жаңсай, чай куюп олтурган Бурулкан байбичени көрсөтүп.

Турдаалы аке тамашага жылмая, Бурулкан байбичени карап, "Ооба. -Муну да, тамтуң басып калган Кемелбегимди да сагындым. -Жыйырма беш жыл өлүү же тирүүмү билбей, кызыл эт баласын бооруна басып чоңойтуп, мени күтсө сагынбай коёмбу? -Сагынган үчүн Асанбайды бир жашка толо элегинде койнума катып алып келип, кетким

келбей туруп калдым. -Сени менен кайым айтышып, коончу абышка аталып"-деди. Анан Өмөр жездеге тийишип, "Сен тордомо коонунду башкармага көрсөткүң келбей атабы. -Баятан бери көкчо коонду башкармага союп берип атасың. -Ошонунан алып келбейсиңби"-деп, анан байбичесине карап, "Самоварыңа чок салып, чайды жаңырт. -Помидордон шакарап жасап каймак кошуп кел. -Бүгүн башкармадан коон сатканга унаа сурап алалы"-деп койду. мага карап тамашасын узатып. Бурулкан байбиче шакарабын жасап келип коюп, чайын жаңылап, Өмөр жезде тордомосун алып келип союп, коончу абышкалардын бирин-бири чымчылап тамашалашканын угуп олтуруп, "Жакшы адамдар менен баарлашсаң, суусаганда мууздак суу ичип суусунуңду кандыргандай болосуң"-деген, ата бабабыздын макалы оюма келип, бир аз болсо да башкарманын чарбадагы тумондогон түйшүгү оюман чыгып, алар менен тамашалашып күунак олтурдум.

Турдаалы аке улутунуп ойлуу олтуруп, "Ээ башкармам, бул адам дегениң, бирин-бири көро албаган пейли тар, ачкөз, бир макулук экен. -Адам болгон жерде акыйкат болбойт окшойт. -Өзгөчө, адам бийликте турганда, өткөнүн ойлобой, "Мени эл бийликке алып келди, элдин талабы менен эсептешейин, байлыкты эл жыйнап атат"-деп чандасы эле ойлобосо, көбү ойлобойт экен. -Айрыкча, бийликке акылы, ариет-намысы пас адамдар келсе, бийликти пайдаланып өзүнө байлык жыйнап, элди эсинен чыгарып коет турбайбы. -Анын кесепети бей-бечарага тийип, эл жардыланып, ыркы кетип, тентип тербигенге чейин барганын көрдүк ко. -Андай адамдар бийликке көп эле келгенин көрүп жүрөбүз. -Алыстан мисал издебей эле ушул өзүбүздүн элден башкарма болуп 15 киши иштептир. -Сарай, бала-бакча, төрөт үйү, клубду айтпай эле коёюн, өздерү олтуруп иштегенге кантор салдыра алышпай кетишкенине таң калам. -Ошолорду эл үчүн иштеди десек болобу? -Согуш мезгилин улуу муундардын баардыгы эле көрдү. -Согуштан кийин Кыргызстандын көп эле колхоз совхоздору оңолуп, бакубат жашоого жетишип, кенен нан жеп калышты. -Элдин негизги талабы эле кенен кесир нан жегенинде. -Биздин эл нанга жетпей, үйлөрүнүн жанындагы тосуп алган тилке жериндеги жүгөрү менен жан багып, тиги өйүздогу элден, карындаш уруктардан буудай алып келип жашап келдик, сен келип буудай айдатып, эмгекке буудай бергенге чейин. -Бул сенин козуңду көрүп кошамат кылганым эмес. -Бул, өзгөчө, мурдагы он-онбеш жылдан бери колхоз эми буудай айдап, кудайга шүгүр, нанга жетип тоюнуп калдык. -Буудай нан-элдин эң негизги байлыгы экен"-деди.

Жакшы адам бийликке сейрек келет экен. Анткени ал, чындыкты туу тутуп, таза жашап, элди да ак эмгек менен жашоого тартат. Байлык таза жашагандарга топтоло койбойт. Байлыкты сүйгондор тазалыкты жактырбаганы ошондон. Ошондуктан чынчыл адамды көп адамдар жактырбай, бийликти ага бергиси келишпейт. Таза адамдын жетекчи болгону көбүн эсе жалкоо, ак эмгек менен иштегиси келбеген жарандарга жакпаганы ошондон.

Бул түбүң түшкон дүйно адамды ар кандай кылып жараткан экен да. Бироонү ач көз, жалганчы, ууру, ташбоор, бирөөлөрү боорукер, кайрымдуу, нысаптуу кылып. "Чамасы боорукер, ыймандуусун азыраак жасаса керек"-деп, койду да, "Бул бечара адам аз жашап өткон өмүрүндө итче кабышып, аңдышып, бирин-бири жок кылууга аракет жасабай, жакшылыкка жамандык кылып, адамдык абиирин жоготпой сактап өтсө кана. Бейиши болгур Самидин досум не деген адам эле. "Кумурсканын буту сынбасын"-деп аяган, колунан келишинче кимге болсо да жакшылык кылууга аракет кылган адам, жон эле ак жеринен кармалып түрмөдөн келбей калды. Артында эркек туяк калбай эки кыз калды эле, ушул озубүздүн Бөрү. Тагайларга түрмушка чыгып бала чакалуу болуп калышыптыр. Келип учурашып турушат. Аялы байкуш Самидиндин a_i багын сыйлап, саамайы агаргыча күтүп, карып баратат. Мага жолуккан сайын көз жашын көлдөтүп зээними кейитет. Тагдыр дегениң ушундай экен. Алиакпар менен Кашкарбектерге Самидин экөөбүздү кошуп жалган жалаа жаап, арыз бергендер дүйнөгө түркүк боло алышпай, арам ойлору менен алышып жүрүп өтүп кетишиптир. Кудайга шүгүр, аман келип. "Момундун ишин теңирим актайт"-дегендей, силер менен аралашып даамдашып олтурам. Ошол Самидин экөөбүздүн камалганыбызга себепчи болгон Алиакпар, анын атасы Чолук жөнүндө билген, укканларыман кеп салып берейин. Шашылыш ишиң жокпу башкармам? Бүгүнкү убактыңы коончу абышкаларга коротконуңа капа эмессиңби"-деп койду, мага кайрылып. Мен Турдаалы акеге жылмая карап, силер менен баарлашып, силер өстүргөн жашылчадан, Бурулкан байбиче жасап берген шакарабын татып, каймак кошкон "Памир чайын" ичип, силердин сөзүңөргө кулактын кумарын кандырып олтурам. Шашылыш иштин баарын жыйнап көюп келгем. Сөзүңүздү уланта бериңиз, кулак сизде"-дедим.

Чолуктун атасы Курман. Кокон хандыгынын убагында Карабагыш уруусунан чыккан Алымбек датканын тууганы болуп, Куртка чебинде кызмат өтөп турган экен. Куртка чебин Тайлак талкалап, кокондуктарды кууганда, Курман Тогуз-Торого ооп келип, Көңдүкко кыштап калыптыр. Ошол жылы Көңдүктө Чолук төрөлүптүр. Кокон хандыгы Тогуз-Торого чеп куруп, Тогуз-Тородогу элден алым жыйып, Бек башчылык кылып турганда, Курман Бектин жардамчысы болуп, ушул Кара-Мурзага көчүп келиптир. Ушул биз турган жер мурда "Кара-Мурза"-деп аталчу экен. Кийин бийликти орус алып, Кокон хандыгы жоюлган соң, Курман пендечилик кылып, бой тартып калган Чолук калыс, мээнеткеч адам болуп, ушул элге кайрымдуу башчы болгон экен. Жазында элди кыдырып, "Жер айдадыңбы, үрөнүң барбы?"-деп сурап, үрөнү жокко "Күздө кайтарып бересиң"-деп, үрөн берип, жайында, "Чоп ордуңбу? Кышта малыңа жеткидей чөп ор"-деп, күзүндө, "Канча оро эгин алдың, балачакаңа жетеби?"-деп сурап турчу экен. Малы жокко, "Саап ичип, күзүндө бересиң"-деп, уй берип, унаасы жокко, " Күчүн пайдаланып тур"-деп, мингич берүүчү экен. Кийин совет мамлекети чыгаардын алдында, орус-немис согушу чыкканда, Тогуз-Тородогу орустун жаштары согушка

кетип, Додомөл, Сары-Булуң, Атайдагы орустар турган кыштакта аялдар, карыган абышка, жаш балдар калгандан пайдаланып, жергиликтүү эл алардын үйлөрүн өрттөп, малын уурдап тынчын ала баштаптыр. Додомөлдөгү сары Иван деген орустун кызын Камчыбек деген зордуктап аялдыкка алып, малын тартып кетиптир. Атайдагы орус кыштагына Чолукту жаманатты кылып, отуздай жигиттерди жиберип, он чакты үйдү өрттөтүп, уй, жылкыларын уурдашып, ушул айылдын уурулары чочколорун шуушаң найза менен сайып өлтүрүшүптүр. Жаш балдар, аялдар, абышкалар каршылык көрсөтүп атышып, коргонушуп аман калышат. Жергиликтүүлөрдүн бул кылыгынан Тогуз-Тородогу орустар Жалал-Абад жакка ооп кетишет. Бул **1914** жана 1915-жылдары болгон окуя.

Бул окуялар ак падышанын Орто Азиядагы бийлик өкүлдөрүнө жетип, ошол кездеги Чүй, Ысык-Көлдөгү көтөрүлүш да себеп болуп, **1917**-жылы жазалоочу отряд кыштын күнү Даванды ашып, Тогуз-Торо ороонүнө түшөт. Тогуз-Торонун бийлери Чолукка кабарлап, аны, "Камданып тур, суудан өткөрбөйлү"-дешет да, бирок орус аскерлеринин командири болгон генералга, "Атайдагы орус кыштагын Чолук бий чаптырып өрттөткөн"-деп, чагымдашыптыр. Жазалоочу отряд Чолуктун ордосун басып, бир топ кишини атып, Камчыбектерди баш кылып бир тобун кармап, айдап Жумгалга ашып кетиптир. Ошондо Чолук ага-тууганы менен Кытайга качып, Кашкарга барып туруп калыптыр. Кийин "Ленин качкындарга азаттык бериптир"-деп угуп, **1923**- жылы кайра келген экен. Келип, өз кыштоосунда кыштап, Чаткарагайды жайлап тиричилигин улап атканда, 1926-жылы "Оруска каршы ок аткан"-дешип арыз жазышып каматып, **1927**-жылы Нарындын бир топ бий, болуштары менен кошо атылып кетиптир. Анын уулу Сапарбек ошол жакта каза болуп, **1933**-жылы Алиакбары акталып түрмөдөн келип, түштүктөгү бир совхоздо уй багып жумушчу болуп иштеп жүрүп, **1938**-жылы өргүү алып, элди жерди сагынып Тогуз-Торого келген экен. Ошол келгендеги кесепети бизге тийип, мен он жыл түрмөдө 15- жыл сүргүндө жүрбөдүмбү.

Чолук бий элге карамдуу, кайрымдуу киши экен дедим го. Ошол кайрымдуулугун көрө албай, Бөрү, Керки тамга, Тезектер кеңешип, "Чолуктун айылын чаап, малын талап алабыз"-дешип, Сары-Булуңга чогулушуп, Чолукту чапмак болушат. Бул ишти бөрү уругунан болгон чолок Эсенбай деген киши түндөп келип Чолукка кабарлап коет. Чолук Көтөрмөлүк Тагайлардан, өзүнүн ага туугандарынан 30 дай жигиттерди курап алардын алдын тосо Сары-Булуңдун этегине барат. Бөрү, Керки тамга, Тезек, Сары-Булуңга келип эки тарап жардын булуңунун этегинен бет келишет. Кара кашка айгырды минип, башын кызыл жоолук менен буун, шушаң найза кармап, Сапарбек ортого чыгып, " Жекече чыккыла"-деп кыйкырат. Тиги тарап Карынбай балбаңды камынтып, мингенге ат тандай башташат. Бирөө Касымаалынын карагери жарайт десе, Касымаалы, "Ата-бабанын арбагы колдоп, Кара-Талааны ордоп качып калсак, карылуу ат керек"-деп, бербей койгон экен.



Абдылдаев А,
Байдоолотов Т. 1965 жыл,
Фрунзе шаары.



Абдылдаев Аскараалы, Матиев
Чообаскан, эс алуучу жаран.



Солдон оңго, Нарын
обкомунун биринчи
катчысы Матен Сыдыков,
Кочкор ракомунун
биринчи катчысы
КорчубекАкназаров.



Солдон оңго, Абдылдаев Аскараалы, Акимбаев Жылтыр, Субаналиев Исак, Каниметов Ж., Токтогулов А., Жыргалбеков К., Арзыкулов К., Турдубаева Б., 1973 жыл, Фрунзе шаары

ДВУХ МЕСЯЧНЫЕ КУРСЫ ПОВЫШЕНИЯ КВАЛИФИКАЦИИ ДИРЕКТОРОВ СОВХОЗОВ И ПРЕДСЕДАТЕЛЕЙ КОЛХОЗОВ КИРГ. ССР.

Декабрь

1969.




КИРГИЗСКИЙ СЕЛЬСКОХОЗЯЙСТВЕННЫЙ ИНСТИТУТ
УЧЕНЫХ
1961 - 1967
28
ВЫПУСК



Солдон оңго, Малабай Жунушалиев, А.Пугачев, Корчубек Акназаров.



Солдон оңго, Мукаш Базаркулов, Азимжан Асаналиев, Корчубек Акназаров, Жумадил Жакыпов, Карабай Жыргалбеков.


IV выпуск
ДЖАЛАЛ-АБАДСКОГО ЗООВЕТЕРИНАРНОГО
ТЕХНИКУМА
1950 – 1954 г.
ЗООТЕХНИЧЕСКОЕ ОТДЕЛЕНИЕ
ВЕТЕРИНАРНОЕ ОТДЕЛЕНИЕ

ДИПЛОМ

С ОТЛИЧИЕМ

А № 319178

Настоящий диплом выдан гр. Абдыраеву Исхаракы

в том, что он в 19 50 году поступил в Джалал-Абадский зооветеринарный техникум Киргизской сельскохозяйственной академии

и в 19 54 году окончил полный курс названного техникума

по специальности зоотехния

Решением Государственной квалификационной комиссии от 21 июня 1954 года

гр. Абдыраеву Исхаракы

присвоена квалификация зоотехника-селекционера

Председатель Государственной квалификационной комиссии

Директор

Секретарь

М. П.

Город Джалал-Абад 21 июня 1954 года

Регистрационный № 229

Типография им. Н. М. Чалатова. Фрунзе. 1952.

ВЫПИСКА

из сессионных и экзаменационных ведомостей

№ п/п	Наименование	Оценка
1	История СССР	5 (пять)
2	Русский язык и литература	5 (пять)
3	Иностранный яз. (язык)	5 (пять)
4	Киргизский яз.	5 (пять)
5	Математика	5 (пять)
6	Физика	5 (пять)
7	Химия	5 (пять)
8	Ботаника с/х	5 (пять)
9	Зоология с основами зоотехнии	5 (пять)
10	Почвоведение	5 (пять)
11	Анатомия домашних с/х ж-ных	5 (пять)
12	Физиология с/х животных	5 (пять)
13	Микробиология	5 (пять)
14	Политэкономия (основы с/х экономики)	5 (пять)
15	Агрохимия с почвоведением	5 (пять)
16	Луговодство и кормопроизводство	5 (пять)
17	Животноводство	5 (пять)
18	Хирургия с ветеринарией	5 (пять)
19	Акушерство	5 (пять)
20	Паразитология	5 (пять)
21	Зоогигиена	5 (пять)
22	Организация ветеринарной службы в СССР	5 (пять)
23	Организация пред. сел. хозяйства	5 (пять)
24	Рабочая подготовка	5 (пять)
25	Производственная практика	5 (пять)
26	Основы [illegible]	5 (пять)
27	Основы [illegible]	5 (пять)

Сдал государственные экзамены по предметам:

№ п/п	Наименование	Оценка
1	Производство и переработка продуктов животноводства	5 (пять)
2	Животноводство	5 (пять)
3	Хирургия с ветеринарией	5 (пять)
4	Акушерство	5 (пять)

Зак. 1487—1958

ДИПЛОМ

Ц № 055775

Настоящий диплом выдан Абдылдаеву Аскаралы

в том, что он в 1960 году поступил

в Киргизский сельскохозяйственный институт им. К. И. Скрябина

и в 1967 году окончил полный курс названного института

по специальности зоотехния.

Решением Государственной экзаменационной комиссии от „23" июня 1967 г.

присвоена Абдылдаеву А.

квалификация ученого зоотехника.

Председатель Государственной экзаменационной комиссии

Ректор

Секретарь

М. П. Город Фрунзе „24" июня 1967 г.

Регистрационный № 35300.

Московская типография Гознака. 1966.

Ал, бул дешип атып, бир тобу Алыкенин торкашкасын мингизип, Карынбайды жекеге чыгарышат. Карынбай жетип беттешкенде эле Сапарбек анын найзасын кагып ийип, шуушаң найза менен Карынбайды курсакка сайып кетет. Карынбайдын курсагынан кан атып, Сапарбек кайра тартканда, Тезектер качып, Бөрү, Керки-Тамгалар Карынбайды аттан түшүрүп тегеректешип окуруп ийишет. "Окурук чыгуу, жеңилгендин белгиси"-деп качкандарды куудурбай, Чолук кайра тартат. Карабагыш, Көтөрмөлүк тагайлардын балдарына, качкандарды куудурса, бир топ киши жарадар болуп, өлүп да калмак. Чолук ошону ойлоп куудурбай коёт. Бөрү, Керки-Тамгалар Карынбайды жерге жашырып, үчүлүк жетилигин бергенден кийин, кеңешишип, "Чолуктун астына түшөлү, иттик кылдык"-дешип, чолок Эсенбай, Боронбайды баш кылып Керки-Тамгадан Аталык кошулуп, тон бөктөрүп, ат жетелеп алып Чолуктун алдына барышат. Чолук аларды кой союп коноктоп, үчөөнө үч чапан жаап, "Кечирдим»-деп, апкелген атын кайра берип, "Муну Карынбайга кошконум болсун, балдарына алпарып бергиле"- деген экен. Тиги сен жүгөрү айдаткан Кара-Ойдон чөп чаптырып, коргонуна жыйдырып, кышында чөбү жок жутагандар барса, 30-40 боо чөп берген жайын да айтпадым беле, "Малыңа жеткидей чөп камдап ал" - деп, эмдиги жылы кайталаба дечүү экен. Бир жолу ашар кылып, Бөрү, Керки-Тамганын 10 чакты балдарына озүнүн балдарын, туугандарын кошуп ордуруп атса, Көтөрмого жайлаган, керки тамга, бөрүлөрдүн он бештей субай ую түшүп келип, элдин жүгөрүсүн каптаганда, айдатып коргонуна каматып коет. Түштө ашарчылар, алардын чалгысын чыңап берип аткан Аталыкка, "Баатырга айтып ушу уйлардын бирин сойдуруп бербейсизби? Шорпо ичели"-дешет. Аталык Чолукка барып, ашарчылар тиги уйлардын бирин союп жейли, шорпо ууртайлы дешет"-десе, " Мейли, тандап бирин союп жешсин, ээсине күзүндө музоолу уй берейин"-дейт. Ашарчылар бир кунан кунажынды тандап союп жешет. Эртеси камалган уйдун ээлери келип уйларды чыгарып кетишиптир. Кечинде, Аталыктын үйүнө Мамыт келип, «Менин кунаажынымды уурдап союп алыпсыңар. Ким сойсо да анын башын жулуп алам. Мобу билегим турганда мага тең келчүү ким экен?! Чолук чолок этегиң азыр берсин»-дептир. -Аталык, «Сеники экенин Чолук билген жок. Ашарчылар шорпо ичели дегенинен күзүндө ээсине музоолу уй берейин»-деп сойдурду дейт. Күзүндө ал десе болбой, Мамыт, «Бүгүн берсин»-деп, сөгүнөт экен. Ошондо Аталык, «Анда жүр Чолукка баралы»-десе, Ал «Чолук чолок этегиң, өзү келсин. Менин уюму уурдап сойгон»-деп сөгүнүп барбай койптур.

Аталык Чолукка барып болгон окуяны айткан соң, Чолук келип, «Мамытбай-сеники экенин билбедик. Күзүндө музоолу уй берейин»-десе, ал кайрадан, «Күзүндөгүнүн кереги жок азыр бер»-деп кежирлениптир. «Мал тоодо болуп атат. Күзүндө бербейт деп ишенбесең Аталык кепил болсун. Алып келип берет»-десе да болбой согуно берет экен. Ошондо Чолук кыжыры келип, чөп чаап аткан Сапарбек, Алиакбар, Ысакты чакырып, Мамыттын эки колун толгоп артына байлатып барып, шалбаанын четиндеги тереке таңып коюп, «Тоого кишими жиберем.

алып келгенде үйүңдү жетелеп кет»-дейт. Эртеси түштө Аталык өтүп баратса, Мамыт кыйкырып, «Аталык аке мен ит болдум, өлүп баратам, бир кесе суу ичирип кой»-дептир. Аталык келип, «Кечээки толгогон билегиң кана? Сенден да күчтүү күч бар экенго»-десе. «Аталык аке кечир. Баатырга айтып мени бошот. Музоолу уюн деле албайм»-деп ыйлаптыр. Аталык Чолука айтып бошотуп, күзүндө музоолу уюн алып барып бериптир. «Бул керки тамгалар ушундай эл»-деп, Борубай Омор менен Олоңбаш аксакалдарды чымчый тамашалап койду. Өмөр жезде тентушунун тамашасына кубана жылмайып, атасынын туугандарына болгон боорукер калыстыгына, жатка жакшы мамилеси менен алымдуу болгонуна сыймактангансыса, Олоңбаш аке «Керки-Тамгалар ушундай эл»-дегенге териккенсип, «Аюуларчы?»-деди. Турдаалы аке Олоңбаш акенин, кичине териге түшкөнүн сезип, «Аюлар Жумгалдан ооп келген аз сандагы Саяк уругунан болгондуктан, колдорунун келишинче, жергиликтүү болуп калган Борү, Керки-Тамга, Кара-Балыш, Тагайларга калыс. Өздөрү аз урук болгон соң, бирин-бирин укпаса, силерге кантип батып жашай алмак. Улуусун угуп, кичүүсүн сыйлап, силер менен аралашып эл болуп келе жатпайбы»-деп койду.

Ошентип күн түшкө тайып калгыча олтуруп, Турдаалы акенин тамашалуу сөзү менен, өмүрүнүн тарыхын угуп, абышкалардын суроо талабын мүмкүн болушунча аткарып, үйгө кайттым. Жол бою ойлонуп, бул абышкалар кандай жакшы адамдар. Бирок, Турдаалы аке айткандай, кандай жакшы адам болсо да элдин баарына жагышы кыйын. Элдин учтон экиси жакшылыгыңды сезсе, бул да чоң утуш. «Жакшыга көп, жаманга чөп илешет»-дейт, элибиз. Жакшы адам чындыкты туу тутат, чындык баардык адамга эле жакпайт. Анын артынан көп сөз айтылат. Кудуретиң жеткиче жакшылык кылууга аракет кыла бер. «Эл билбесе кудай билет»-дейм, оюмда.

Күтүлбөгөн кайрылуу

Оо бири кем дүйнө! -Ар бир адамдын тагдырына жазылган жашоосу, өзүнчө эпе жазылып бүтпөй турган роман турбайбы. Ошол романдын жараткандан кандайча жазылып, кандайча бүтөөрүнө акыл-оюң жетпегенден кийин, "Тагдырыма жазылганын көрөм"- деп, келечегинен үмүт үзбөй жашаганга аргасыз экен да, бул бечара адам.

Башкармалык кызматтан арыз жазып берип бошогондон кийин кызмат сурап биринчи катчыга баргым келбеди. Атай айылында, Фрунзе шаарынан келип, атамдын огородуна аары уюгун коюп жүргөн Анатолий Иванович деген абышкадан он аары уюгун сатып алып, аны менен биргелешип иштей баштадым. Анатолий Иванович 71 жашка келип калган абышка, өмүр бою мугалим, мектептин директору, РайОНО башчысы болуп иштеп жүрүп, эс алууга чыгыптыр.

Өтө мээнеткеч, эмгекти сүйгөн, өтө маданияттуу, өз ишин сүйө билген адам эле. "Аары чарбасы иши майда, түйшүктүү болгону менен кирешелүү чарба. -Жайында беш-алты ай иштеп, кышта эмгегинин үзүрүн көрүп, алты-жети ай эс алып жатасың"- дейт. Мен аары чарбасы боюнча институтта окусам да, практикада иштебегендиктен иштөө ыкмасын Анатолий Иванович менен бирдикте иштегенден бери өздөштүрө баштадым.

Жыл жакшы болуп, 10 аары уюгуна бешти кошуп, беш фляга бал алып, 15 аары уюгун кыштоого киргизип, ноябрь айында үйгө келгем. Баягы мага жакшылык, жамандык боюнча уккан билгенин айтып, мага көңеш берген узун кулак досум абалымды сурап келип, бал менен чай ичип бакылдап олтуруп, менин аары чарбасына иштегениме таң калып, бир чети иштен бошоор замат, кара жумуштан баш тартпай ишке киргениме ыраазы болуп олтуруп, "Уккан кулакта жазык жок"-дейт эмеспи элибиз. «Менин угушумда, жаңы келген катчы сени башкармадан бошотконуна окүнүп калгандай. -Сенин үстүңдөн жазылган арызды өзү иликтеп, райондогу аттуу башту адамдар, карыялар менен сүйлөшүп, ушул арыздын чындыгы барбы? -Мен Атай айылындагы атасынын салган тамын өзүм барып көрдүм. -Чоң автобустай болгон эле эки болмолүү там экен. Мен, "Бышык кыш менен, эки кабат, он чакты болмолүү там салдыргандай түшүнүптүрмүн. -Колхозду жеп атат-деп жазган арызды, ревизорго пара берип жаап койду дегем. -Башкармадан бошогуча да ревизия болгон экен. Мен, "Пара берип жапса башкармадан бошогон соң бере албайт, жаба да албайт" -деп ойлоп, бошогондон кийин ревизия чакырып текшерттим. -Жашырып ичип-жеген эч нерсесин таппадык. -Акты каралап, жалаа жабуудан качан кутулабыз. -Мындай арызды токтотууларын айтыптыр"-деди. Мен узун кулак досумдун ушунчалык баамчылдыгына, мага болгон достук пейилинин тазалыгына ичимден ыраазы болуп, "Ээ досум. -Кайда барсаң да "Мамайдын көрү"- дегендей, баш аман болсо мээнет табылат. -Аарычылык да жакшы иш экен" -дедим.

Ошондон көп өтпөй Карабай Жыргалбекович озуно чакырып, "Бир нече айдан бери бекер болуп калганыңа капа болгон жоксуңбу? -Сага ылайык ишти ыкташтыра албай жаттык. -Районубузда азык-түлүктөрдүн сапатын текшерүү боюнча жаңы штат ачылууда. -Областка да ошондой штат ачылып, ага Мелис Турдалиевич жетекчи болуп иштей баштады. -Сени ошол жумушка сунуш кылсам Мелис Турдалиевич макул болуп, мага жиберүүмдү суранды. -Айлыкты облустук азык-түлүктүн сапатын текшерүү боюнча комитети төлөйт. -Облустук масштабтагы кызмат"-деди. Мен, "Атайда аарычы болуп иштеп атам. -Ишсиз жүргөн жокмун. -Анатолий Иванович аттуу менчик аарысын баккан пенсионер адам мага жумуш таап берди. -Эстегениңизге рахмат"-деп, ыраазычылыгымды билдирдим. Карабай Жыргалбекович мага жылмая карап "Аскараалы Абдылдаевич, таарынып жүросуңбу? -Биз партиянын аскери эмеспизби? -Сени да, мени да партия тарбиялаган. -Партия жиберген жакка барып иштөөгө милдеттүүбүз. -Бирок мага таарынууга акың бар. -Мен сени туура эмес түшүнүп, жогорку жетекчилердин тапшырмасын аткарып, иштен алып койгонума, кийин ишти текшерип билген соң өкүнүп калдым. -Ушул ишке иштеп тур. -Эсенчилик болсо дагы кийинкисин көрө жатаарбыз"-дегенден кийин, берген жолдомосун алып, эртемененки самолёт менен Нарынга учуп, Мелис Турдалиевичтин конторасына бардым. Барсам, Мелис Турдалиевич кабинетинде жалгыз олтуруптур. Саламдашып райкомдун жолдомосун сундум. Жолдомону алып, кадрлар бөлүмүнүн башчысын чакырып, мага буйрук жазууну тапшырып коюп, бирок райондун абалын, менин жеке абалымды, үй-бүлөмдү да сурабай эле, кадр бөлүмүнүн башчысы буйрукту алып келгенде кол коюп, мөөрүн бастырып мага берди. Баягы мени менен чечилип үй-бүлөгө чейин сурап учурашчуу Мелис Турдалиевти эмес, турмушка, өзүн тарбиялап өстүргөн партиясына, жашоого нааразы болгон көз карашта олтурган Мелис Турдалиевичти көрүп таңданып, мен дагы эч соз айтпай, буйрукту алып, коштошуп чыгып кеттим. Түштөн кийинки учкан самолёттун рейси менен үйгө учуп келдим да, жаңы кызматты инструкциясында көрсөткөндой аткарууга кириштим.

Ошондон көп өтпөй эле, "Мелис Турдалиев каза болду"-деп кабар келип, акыркы узатуусуна барып, топурак салып, дүйнөдөн дагы бир акыйет, акактай таза жашап, элин, жерин сүйгөн, элдин ишине берилген, адилет, мыкты адамдын жаш эле курагында дүйнөдөн кеткенине кайгырып кайттым. Иштеген ишимде ишке минген унаам, конторам жок эле. Анда-санда биринчи катчы чакырса барып, тапшырган ишин аткарып, заготконторага өткөн тери, жүндү, текшерген болом. Кожоюн жок, өзүмө өзүм бек, өзүм ханмын.

Бир күнү биринчи катчы озуно чакырып, "Даярдоо кочторасынын чогултуучулары, "Өзүн өзү билип, өтүгүн төрго илип"-дегендей, элден жүн, терини арзан алып жатканы жөнүндө нааразылыктарын мага ооз эки айтып атышат. -Чыны менен эле алар элди алдап, күйгүзүп жаткандай. -Сен ошону карап көрчү"-деди. Мен эртеси эле заготконтора-нын башчысы Чодиев Бектурганга барып көбөлүгүмдү көрсөтүп,

инструкцияны алдына коюп окутуп тааныштырып, даярдоо конторага тапшырылган колхоздордун, элдердин менчигинен алынган терилерди, жүндү текшерип чыгууга келгенимди айттым. Чодиев бухгалтерин чакырып, "Жолдош Абдылдаевдин талап кылган документтерин таап берип тур"-деп тапшырган соң, бухгалтериясына олтуруп накладнойлорду карап, ай боюнча жазып чыгып, анан заготконтора союздук складка откоргон накладнойлорду ай боюнча карап жазып чыгып, экөнү салыштырсам чоң айырма чыкты. Заготконтора колхоздордон биринчи, экинчи, үчүнчү сортко бир да тери албай, союзга өткөн теринин 70% - биринчи, 50% -экинчи, 30%-үчүнчү сортко өткөнүн таап акчасын эсептесем, бир эле жылга заготконтора териден эле **180** миң сомду колхоздорго төлөбөй, өз пайдасына алып калганы аныкталды. Андан кийин бир топко отуруп, беш жылдыгын карап чыктым. Беш жылда бир миллион сомго жакын тери, жүндүн акчасын, түз айтканда, "Мампекет-тен жашырып жеп" коюшканын тактадым. Андан кийин жеке менчиктен алган тери, жүндү карап чыксам, аларды жыйгандар терини элден 3-4 сомдон, жүндүн килосун 3-6,5 сомдон алып өткорушконун накладнойдон алардын отчётунан таап, союзга биринчи сорт кой тери 40 сомдон, уй тери **80-90** сомго чейин өткөнүн көрүп, айырмасы 80 миң сом экенин таап, "Элден мындан да арзан алгандыр"-деп, колхоздорго барып элдеги накладнойду издедим. Кээбиринде накладнойлор жок экен. Жен эле бир териге бир же эки сом берген, жүнгө, кара жүндүн килосуна бир сом, ак жүнгө **1,5-2** сомдон алган, аны жыйнап келип, заготконторадагы накладнойлорго салыш-тырсам, өтө чоң айырма берди. Аны өзүнчө актыжазып, загот-конторанын торагасын, бухгал-терин, складдын башчысын, катыш-тырып, актыны түзүп, "Таанышгырып, кол койдурайын"-деп, Чодиевке бир көчүрмосүн калтырып, үйгө кеттим.

Эртеси, "Актыларымды алайын"-деп, заготконторага келип, Чодиевке кирип саламдашып каршысынан орун алдым. Чодиев аксакал столунун тартмасынан кечээки мен берген актыны, накладнойлорду алып чыгып, "Аскараалы Абдылдаевич актыңды окуп таанышып кол коюп койдум. -Туурасын айтканда актыдагы көрсөтүлгөн сумма потреб-союз менен заготконторанын пайдасына, кетип колхоздорду алдаган болуп жатат. -Ал эми мына бул, -Сборшиктер жеке менчиктен алган тери, жүнгө төлөнгөн акчанын айырмасын завсклад менен бирдикте жеп койгон -деген пикириң туура. -Бул үчүн элди, мамлекетти алдаган катары баарысы жооп бериш керек. -Анын ичинде бир сом албасам да, мен дагы жооп беришим керек. -Сенин ушундай чындыкка күйгөнүң, принцип-түүлүгүң, "Туура сөз тууганга жакпайт"-дегендей, көп адамдарга жакпай, душманың көбөйүп, артыңдан арыз кетпей жатканынан, улам-улам иштен которулуп, иштен бошоп калып жатканыңды сезесиңби? -Менин да тагдырым сеникиндей. -Райкомдун катчысы, исполкомдун торагасы, колхоздун башкармасы болуп иштеп, которулуп жүрүп, заготконторанын башчысына иштегениме бир жылдай болуп калды. -Бул мекеменин мындай акы-чүкүсү менен ишим болбоптур. -Сенин актыңдан таанышып таң калып олтурам. -Пенсияга чыгышыма эки жыл калды. -Ошончо жыл

мамлекетке кызмат кылып, өзүмө там да салып албаптырмын. -Фундаментин куюп койдум эле. -Быйыл бир-эки бөлмөлүү там салып алсамбы -деген ойдомун. -Эртең потребсоюздун башкармасын катыштырып, заготконторанын кызматчы-лары менен жалпы чогулуш өткөрүп, актыны талкуулайлы. -Андан кийин, "Актыны тергөө органдарына берип, жыйырмага жакын сборшиктерди жоопко тарттырам"- десең, аны өзүң чеч. -Актыдагы фактылар далил. -Булар жоопко тартылууга тийиш. -Бирок, эртең булар сот жазасына тартылышкан күндө деле, өкмөт, эл, "Абдылдаев азамат экен. Загот-конторадагы элди алдап жеп ичкен сборшиктерди таап жоопко тарт-тырды"-деп, барктабай турганын өзүң билесиң. -Булардын аркимисинин артында 4-5 үй-бүлө, ата-эне, ага тууганы бар. -Чынын айтсам, жүздөгөн ал адамдардын жакындары сени каргап шилеп, "Эл бузар, бузуку"-деп, артыңдан ушак арылбай кала бересиң. -Тиги жоопко тартылгандар деле, ашып кетсе 1-2 жыл олтуруп жазасын өтөп келип, "Өзүбүздөн кетти, жазабызды туура алдык"-дешпей, "Сени жектеп, сага жамандык издеп, сага жок жалааны жаап артыңдан арыз жазышат. -Бул көр пенделик ушундай эмеспи"-деди. Бул сөздөр менин мээме жетип, жүрөгүмдү эзип, актынын копиясынын бирин ага берип, конторадан чыгып, "Чын эле 20 дан ашык киши жоопко тартылса, алардын артында уурдап болсо да багып жаткан жаш балдары, карыган ата-энеси сыздап каалат"-деп, үйгө келдим. Ошол түнү бою бул ой көкүрөгүмдү ойүп, жаман уктап чыктым.

Эртең менен телефон чырылдаганын алсам, Чодиев -аксакал, "Аскараалы келип кетчи"-дегенинен барсам, потребсоюздун башчысы экөө олтурушуптур. Мен салам айтып учурашып, алардын каршысынан орун алдым. Ошол мезгилде заготконтора потребсоюзга карап калган кез эле. "Аскараалы Абдылдаевич, сен актыдагы 5 жылдыкты козгобой эле кой. -Ал өзүнчө акт экен.- Ал эми үстүбүздөгү жылдагы, колхоздорго төлөнбөй калган **500** миң сомду керек-жарак коому которуп берсин. -Ал эми менчик тери, жүн боюнча түштөн кийин чогулуш өткөрүп, айрымдарын кызматтан алып, айрымдарды жазалайлы. -Элге төлөп берүү кыйын. -Ошо менен жыйынтыктасак кандай карайсың?"-деди. Мен, "Каршы эмесмин. -Мындан наркы иштери мыйзамдуу болуп, калыс нугуна түшсө эле болду"-дедим.

Түштөн кийин башкармалыктын отурумун өткөрүшүп актыны карап, он бир сырьёвшикти, кампачыны кызматтарынан бошотушуп, жетөөнө катуу согуш жарыялап жыйынтыкташты. Бул жыйынтыкты мен биринчи катчыга айтып, "Тери боюнча колхоздор өздөрүндөгү терини, өздөрүнүн сырьёвшиги туздап, керип чойуп, сортко өткүдөй кылып живсырьёго өткөрсө, териден пайда тапкыдай. -Биринчи сортко өткөн уй тери **60-80** сомго чейин, койтери **30-40** сомго чейин өтөт экен"-дедим. Карабай Жыргалбекович, "Туура, ошону эсепке албаптырбыз. -Териге көңүл бурбаганы үчүн колхоз жетекчилери да күнөөлүү"- деп, колхоздорго тери кабыл ала турган сырьёвшиктин пунктун ачтырып, атайын склад берип, колхоз терини өзүндө даярдап анан, айдын аягында живсырьёго өткөрүп калды. Мен ай сайын ага катышып турдум. Терини сорттоп өткөрүп,

чарбалардын дагы бир киреше алуу иши жолго коюлду. Мен көп жыл ветврач, башкы зоотехник, колхоздун башкармасы болуп иштеп жүрүп, теринин баасына, сапатына көңүл бөлбөй, заготконторадагы шылуундарга алдатып жүргөнүмө өзүмдүн аңкоо, баамсыз жагыма өкүнүп калдым.

1972-жылдын январь айында Карабай Жыргалбекович өзүнө чакырып, райондун жалпы ишинин абалына серепсалып айтып, Мелис Турдалиевичтин аракети менен Нарын дарыясына салына турган көпүрөнүн бир жак башына цемент куюлган бойдон иш жылбай турат. Тогуз-Торого тартылып келе жаткан жогорку чыңалуудагы чубалгы эки жылдан бери Кара-Көө ашуусунан өтө элек. Бул боюнча көп иш жасоо керек болуп жатат. Сени райондук айыл-чарба башкармасына башчылык кызматына которуп, райондук аткаруу комитетинин төрагасы экөөңө чарбалык ишти тапшырып, мен ошол көпүрөнү бүтүрүп, жогорку чыңалуудагы чубалгынын ишин эртелетүүгө киришпесем болгудай эмес. Көпүрө бүтүп, жогорку чыңалуудагы электр чубалгысы келсе элибиз туташ электирлешип, короо сарай курулуп, аны да туташ электирлештирип, койду кышкы туутка өткөрсөк, көп тол алып, малдын башын өстүрүп райондун экономикасын көтөрүп, элибизди оокаттуу жашоого жеткиребиз. Ушул жылдын жаз алды менен Кара-Талаа каналын чыгаруу аракети башталат. Көпүрөнү эле күтүп жатышат. Ага керек цементти, каналды көпүрөсүз келтирүү кыйын болуп атат. Эгер ал канал 1-2 жылда бүтсө 700-гектар кайрак жерге суу чыгып, көп жылдык чөп айдалып, тоют маселесинин бир тобу чечилет. Андан кийин Ак-Талаа каналына киришсек Бирдик колхозунун 300 гектар жери сугатка айланат. Бизге МЖС мекемесин ачуу боюнча Борбордук комитет чечим кабыл алды. Буюрса көпүрө бүтөөр менен МЖС мекемеси ачылып, бардык жайлоолорубузга жол салып, көп жылдык чөп айдап, кесек тоюттун проблемасы чечилет"-деди.

Январь айынын орто ченинде пленум болуп, мени айылчарба башкармасынын башчысына, пленумдун мүчөлүгүнө, аткаруу комитетинин мүчөлүгүнө, бюронун мүчөлүгүнө шайлашты. Ошо жылы жыл жакшы болуп, райондун колхоздору кыштан жакшы чыгып 100 тубар койдон 90 дон тол алышып, 3,1 килограмдан жүн кыркып алып, алынган төлдүн 82,5 % энесинен бөлүштү. Ар бир уйдан 2600 литрден сүт саап алышты. Бул таза көрсөткүч эле. Мындай таза көрсөткүч болгон эмес эле райондун тарыхында. Иш өз нугунда жүрүп жатты.

Июль айында мени Карабай Жыргалбекович өзүнө чакырып: "Аскараалы Абдылдаевич куда кааласа иш оңунда. Министрликке чыксам, областык айыл чарбасын электрлештирүү мекемесинин башчысы, "Токтоналиевти алып барам"- деди. Кам санаба. Суук түшкүчө октябр майрамына чейин районго чубалгыны жеткиребиз. -Чубалгы тартып иштеген жумушчулардын тамак ашына көз салып турсаң эле болду"-дегенинен, Ленин колхозунун башкармасы Иса Иманбердиевичти эзрчитип, Кара-Көө ашуусуна барсам алар дабанга жакындап калышыптыр. Анын прорабын, инженерин Иса Иманбердиевичке

таанышгырып, "Эмне керек болсо ушу башкармага айтып тургула. Эт, сүт, кымыз менен камсыз кылып турат"-деп, бир койдун этин алып барып, бир фляга кымыз менен баарын коноктоп, "Ишти ылдамдаткыла достор"- деп келдим эле. Көпүрө курула турган жерге келсем анын инженери Владимир Тапильников учурап, "Көпүрө куруунун абалы кыйын болуп жатат, пантондук көпүрө болбосо"-деди. "Мен аны кайдан алсам болот?"-десем, "Орто Азия аскерий округунун карамагында Курдайда пантондор жөн эле жатат. Аны Орто Азия аскерий округунун командири Ляшенко чечет экен"-деди. "Владимир аны менен кантип сүйлөшсө болот? Ал киши мени укпайт ко"-десем, ал, "Сиз Акматбек Сүйүнбаевичке чыгып көрбойсузбу? — Ал киши менен Сүйүнбаев жакшы мамиледе"-деди. Ошо мезгилде Турду акем Сүйүнбаевке жардамчы болуп иштечү эле. Ага телефон менен чыгып кеңешсем, "Айтып көрөйүн"-деди. Эртеси мага чалып, "Карабай өзү чалсын, пантондук көпүрө эмне үчүн керек экендептир" -деди.

Мен Сүйүнбаевке чалып, "Нарын суусуна көпүрө салууга понтондор менен салынчу көпүрө керек болуп жатат. Ал Орто Азия аскерий округунда Курдайда бар экен. Аны Ляшенко деген командующий чечет экен"-деп түшүндүрүп, "Көпүрө салынып бүткүчө понтондордон сурап бере аласызбы?"-деп өтүндүм. Акматбек Сүйүнбаевич түшүнүп, "Сүйлөшүп көрөйүн. Бир эки күндө жооп кылам"-деген экен. Эки күндөн кийин Сүйүнбаев чалып, Ляшенко "Берем. Бир рота солдат барып куруп берет. Аларды бага аласызбы? Эгер бага алсаңар көпүрөнү өздөрү жүктөп барып куруп беришет"-дептир.

Мен Акматбек Сүйүнбаевичке, "Сизге чоң рахмат. Эгер ошол көпүрө курулса, Тогуз-Торо элине чоң жардам кылган болосуз. Албетте бага алабыз. Эмне керек десе таап берип турабыз дедим"- деген эле мага.

Ошондон 10 күнгө жетпей понтондорду жүктөп, көпүрө курула турган жерге бир рота солдат келип, көпүрөнү кура баштады.

Биринчи катчы Ахонин менен сүйлөшүп, жогорку чыңалуудагы чубалгынын тартылышынын ылдамдашына аракет кылып жатты. Чубалгы Дөдөмөлгө жеткен кезде Ахонин "Нарын Айыл чарбасын электирлештирүү мекемесинин" башчысы Токтоналиевди эрчитип келип, ишти ылдамдатты. Октябрь айына жетпей көпүрө бүтүп, жогорку чыңалуудагы чубалгы Казарманга келип, Казармандын ичине да чубалгыларды тартып, Дөдөмөлдөгү телевышкага да жол салып, чубалгы жеткирип беришти.

Көпүрөнүн ачылышы, жогорку чыңалуудагы чубалгынын келишине карай лента кесүү аземине Кыргызстан КП Борбордук комитетин биринчи катчысы Турдакун Усубалиевич Усубалиев катышып сөз сүйлөп, Тогуз-Тороолуктарга ийгилик каалап, бул жогорку чыңалуудагы чубалгы, көпүрө Тогуз-Торо элинин экономикасына, элинин бакыбат жашашына көп салым кошоорун айтып, көпүрөнүн лентасын өзү кести.

Октябрь майрамынын алдында бир жолку баарлашууда, көпүрө жогорку чыңалуудагы чубалгы жеңип эле бүтө койбогонун айтып келип

Карабай Жыргалбекович Айылды электирлештирүү Министри Ахонин менен "Нарын айыл электр" мекемесинин башчысы Токтоналиев менен болгон сүйлөшүүлөрүн мындай айтып берди эле.

"Адамга кылган адамкерчилик, жакшы мамиле жерде калбаганына дагы бир жолу ынандым. Август айында Кыргызстан Компартиясынын борбордук комитетинин биринчи катчысы Турдакун Усубалиевич Усубалиевди, жана аны менен кошо келген Ахонинди тосуп, Иса Иманбердиев экөбүз Кара-Көө дабанынын белинен жолуктурдук. Анохин Токтоналиев менен дагы бир инженерин апа келиптир. Додомолдогу чубалгы курган жумушчулары менен сүйлөшүп атып, ал, "Балдар бул катчы силерге жардам берип жатабы?" - дегенде, алар баарына ыраазы экендерин айтып, Иса Иманбердиевичти, мени мактап киришкенде, Ахонин ыраазы болуп, эки күн жүрүп, "Чубалгыны Казарманга жеткирип анан келесиң"-деп, Токтоналиевди калтырып кетти. Жапарбек Токтоналиев жакшы жигит экен, "Жакшылыгына жакшылык"-деп, телевышкага, Казармандын ичиндеги 6 километр чубалгыны пландан тышкары бекер куруп берди. Биз да жон калбадык. БК нын катчысы Ве..унин менен сүйлөшүп, кыргыз потребсоюздан 3 мотоцикл, эки машина, дефицит товарлардан сурап алып, чубалгы кургандарды, көпүрө кургандарды, лента кескенге чейин эле сыйлап узаттык"-дегени эсимде.

Жогорку чыңалуудагы электр чубалгысы келген соң бардык колхоздорго сарайына чейин чубалгы тартылып, эл туташ электирлешип, койлорду кышкы тууттан өткөрө баштадык. Койлор кышкы тууттан өткөн соң, козуну 4-5 айлыгында бөлүп алып, алдыңкы чарбалардын методун колдонуп, "Өлкөгө козунун этин беребиз, откорм кылып"-деп, пландап, "Тоют маселесин чечип алсак" - деп колхоздорго көп жылдык чөп айдатып жатканда, районго "Макмал алтын кен комбинаты" ачылып, кабат үйлөр курулуп, райондун борборуна 96 точкалуу суу түтүгү курулуп, эл таза суу ичип, "Мындай суу түтүктөр колхоздорго да курулуш керек"-деп, турганда Карабай Жыргалбековду Жумгал районуна которуп, Тогуз-Торого мурдагы райондук аткаруу комитетинин төрагасы Казы Куваналиевич биринчи катчы болуп шайланды.

"Элди эмгекке кызыктырып, эмгекчилдиги, калыстыгы менен элдин ишенимине жетип, райондун экономикасын көтөрө баштаган катчысы дагы 4-5 жыл иштесе жакшы болот эле"-деп кейип, Тогуз-Торолуктардын кабыргасы кайышып кала беришти.

Каргашалуу тирешүүнүн кесепеттери

1972-жылдын октябрь айында, мурда райондук аткаруу комитетинин төрагасы болуп иштеп жүргөн Казы Куваналиевич Куваналиев райондук партия комитетинин биринчи катчысы болуп шайланып, алгач бардык иштер оз нугу менен жакшы жүрүп жаткан. Райондук аткаруу комитетинин төрагасы болуп, Какиматов келди. Ал чарбаны билген, биртоп такшалган жетик кадр экен. **1973**-жылдын марты башталып, кышкы туут кызуу жүрүп аткан. Биз бардык мүмкүнчүлүгүбүздү жумшап, туутту жакшы откөрүп, төлдү аман сактоо үчүн аракеттенип жатып, апрелдин аягында төлдү жыйынтыктадык. Район 100 тубардан **93** төн тол алды. Биринчи катчы Казы Куваналиевич бюро мүчөлөрүн чогултуп, «Биз бюро болгонго чейин кеңешип алалы. -Облус боюнча 100 тубардан 105-тен жыйынтыктоочудай. -Айрым райондор **110** -**120** га чейин жете турган. -Алдыңкы чабандар **100** тубардан **130**-**190**-дон жыйынтыктаптыр. -Алар, "Чолпон" совхозунун чабаны Жунусов. Фрунзе колхозунун чабаны Карагулов, Ысык-Көл областынан Таштанбек Акматов, Жалал-Абад областынын Сузак районунан Барпиевке окшогон чабандар»-деди. -Биздин Ленин атындагы колхоздун чабаны жолдош Атыканов Жолдошбек «150 дөн жыйынтыктайм»-деп турат. Мен кечээ барып корүп келдим. -Анын аялы озүнчо эле малдоктур экен. Ооруган кой-козуну өзү эле дарылап жатат»-деди да, «Мындай чабандар бизде да бар экен. Бирдик колхозунун чабаны Турдубаева-150 дөн, анын атандашы Жапаңова -**130** дан жыйынтыктай турган. Кызыл-Жылдыз колхозунун чабаны Арыкмолдоева Кыйбат-150 дөн жыйынтаганын башкармасы мага телефондон айтты. Област бизди эч болбосо, облустун деңгээлине жеткирип 105тен жыйынтыктагыла деп жатат»-деди. Мен, «Республика боюнча планды ашыгы менен аткаруу боюнча кезектеги компания башталган өндүү»-деп, ичимден ойлоп койдум. Бюронун мүчөлөрү бирин-бири тиктеп үн катышпады. Райондук аткаруу комитеттин төрагасы, ордунан копшолуп коюп, «Казы Куваналиевич, чарбанын жетекчилери кандай ойдо»-деди. Казы Куваналиевич бири кыска, бири узунураак сол колунун ортон, аты жогун, адатынча оң колу жакка жазгап алаар менен, «Бюронун жүрүшүндө сүйлөшөлү. Райондун алга жылып, аброюнун котөрүлүшүн туура түшүнүшсө, каршы болушпайт ко»-деди. Мен ошол биринчи катчы айткан Атыканов, Турдубаева, Арыкмолдоевалар менен күндө болбосо да күн алыс барып иштери менен таанып болгонумдан ичимден анын ушунчалык апыртып, айтканына нааразы болуп, "Укмуштуунун төөсү жорго"-деген, эл макалы эсиме түшүп, ойлуу олтурып, эртең бул "Каргашалуу иш"-башкармаларга тийбесе да, биртоп ферма башчы, чабандарды жоопко тарттырып, далай эне-баланын коз жашын агызарын ойлоп, тынч олтура албай, «Казы Куваналиевич! -Азыр район, накта жүз тубар койдон **93**-төн тол алды. -Планды **105** ке жеткириш үчүн, он эки козу кошуш керек. -Ал райондогу 60 миң койго эсептегенде **7200** козу болот экен. -Эртең санак болуп, текшерүү жүрсө, ферма башчы, чабандарыбызды жоопко тарттырып, өзүбүзгө соз

тийгизип албайбызбы?»-дедим. Ал киши мени жактырбай, «Сен чабандарды билбейсиң. -Алар сага сырын айткан эмес. -Сен райондун жакшы аттуу болуп, алга жылышына каршысыңбы?»-дегенде, намызым көкүрөгүмө тийип, «Казы Куваналиевич! Райондун алга жылышына эмес, 7200 козуну кошуп элди, мамлекетти алдаганга каршымын»-дедим. Ошондо Кубаналиевдин жаалы келип, «Сен каршы болсоң, арызыңды жазып чыгып кет. -Каршы болбогон киши иштейт сен иштеген кызматта»-деди. Менден бөлөк бюронун мүчөлөрү тымпыйып сөз катышпады. Мен, «Кетсе кетем. Бирок бюронун жүрүшүндө, чарбанын жетекчилеринин пикирин угуп, анан жазып берем»-дедим. Бюронун отуруму ушундай башталды. Казы Куваналиевич бюронун жүрүшүндө жогорудагы айткан сөзүн айтып, колхоздун башкармаларын бирден тургузуп, сүйлөтө баштады. Биринчи болуп Абил Абилович сүйлөп, «Арыкмолдоева 150-дөн төл алды. -Биздин колхоз 107 ден жыйынтыктайт»-деди. Экинчи болуп, Бирдик колхозунун башкармасы Дадахан Чоңчеңгелов чыгып, «Биздин колхоздун алдыңкы чабандары Турдубаева, Жапаңова, Манапбаевдер болуп көрбөгөндөй ийгилик-терди жаратып, 120-дан 150-гө чейин төл алышты. -Биз 109 дан жыйынтыктайбыз»-деди. Ленин колхозунун башкармасы Иса Иманбердиев, «Казы Куваналиевич биз жүзүнө жүздөн жыйынтыктайбыз. -Жер шартыбыз начар болуп, тоютубуз жетпей, кыштан кыйналып чыктык»-деди. Киров атындагы колхоздун башкармасы Тыйтаев Кутулдубек, «Казы Куваналиевич, мен жаңы эле барып иштеп атам. -Төлдү толук эсептеп чыга элекбиз»-деди да, тим болду. Мен эч сөз айтпай, арыз жазып берип, ордумдан туруп, бюродон чыгып кеттим. Азыркы тил менен айтканда, биринчи катчы менен пикир келишпей калгандан кийин өз ыктыярым менен «отставкага» кеттим. Ошол "Каргашалуу иштин башталышы" ушул болду.

Менин бюродон чыгып кеткениме байланыштуу ал бюродо мени бошотуу боюнча маселе каралбаптыр. Аны биринчи катчы, «Жогорку жагына, айыл чарба министрлигине айтып, макулдашайын»-десе керек. Мен ошол бойдон ишке барганым жок. Ошентип кошуп жазуулары ишке ашып, «Район 105-тен төл алды»-деп, газетага жазышып, Атыканов, Турдубаева, Жапаңова, Жунушалиев, Манапбаевдерди чуулдата макташып, жогорку сыйлыктарга сунушташты. Турдубаева Бурулга «Социалисттик эмгектин баатыры»-деген наам ыйгарылып, калгандары Ленин ордени, Ардак белгиси ордени, ардак грамоталар менен сыйланып атышты.

Ошол каргашалуу бюродон бир ай өткөндөн кийин менин ишимди карап, Казы Куваналиевич мени кызматтан бошотуп, «Өз ишине салкын караганы үчүн партиянын катарынан чыгарылсын»-деп, бюрого сунуш кылды. Бюронун мүчөлөрүнөн аткаруу комитетинин төрагасы Какиматов, элдик контролдоо комитетинин төрагасы Түменбаев экөө чыгып сүйлөшүп, «Кызматынан өз арызы менен кеткени эле жетиштүү го. Партияга мүчөлүгү каралбасын»-дешти. Башкармалардан Абил Абилович чыгып сүйлөп, «Мындай эл бузар, элдин ишинин алга жылышына каршы болгон адамдын партияга мүчөлүгүн эмнеге

карабайсыңар? -Жилигин чагып, партиядан чыгарыш керек. -Мындай адам партияның катарына турууга ылайыксыз»-деди. Райкомдун биринчи катчысы Казы Куваналиевич Иса Иманбердиевди ордунан тургузуп пикирин сурады эле, ал, «Мен бюро мүчосү эмесмин. -Менин оюмча бюронун мүчосү жолдош Какиматовдун сунушу туура го»-деп, тим болду. Ошондон кийин Казы Куваналиевич мени тургузуп, соз берди. Мен баятан бери укkан Абил Абиловичтин созүнон кийин, тээ илгери эле иштешип жүргондо Борчубек Назаровко, кийин мен «Киров» атындагы колхоздо башкармалыктын терагасы болуп жүргөндө, обкомдун биринчи катчысы болгон тууганы Талабай Жнушкуловко мени жамандап жүргонү чын экенине эми көзүм жетип, «Менин айтар созүм алдыда. -Эгер партияда, өкмөттө калыстык болсо, Абил Абилович, тиги кудаң экөөңөрдүн жилигиңерди чагыш керек. -Аны көрө жатабыз. -Казы Куваналиевич, партбилетти болсо берчү жерде берем. - Мен партиядан чыга тургандай кылмыш иш жасаган жокмун. Силердей болуп, мал чарбасындагы экономикалык көрсөткөчтөрдү кошуп жазганым жок»-деп, бюродон чыгып кеттим.

Ошол күндөн баштап, мага келип акыл, кеңеш айтчулар кобойо баштады. Адам болгондон кийин досу да, касы да болот тура. Абил Абиловичке каршы толгон токой материалды жыйгандар, Дадахан Чоңчеңгеловко каршы пикири барлар айланама топтоло баштады. Андай адамдардын арасында областтык масштабдагы чоң кызматта тургандар да бар экен. "Жатып өлгүчө атып өл"-деген, эл макалындай, буларга күлдүк кылып туруп бербей, кармашып, акыйкат жок болсо, биротоло партбилетин да берейин»-деп, арыз жазууга кириштим. «Обкомго, областтык аткаруу комитетине, борбордук партия комитетине, Советер Союзунун Коммунисттик Партиясынын Борбордук Комитетине»-деп, үстү-үстүнө арыз жөнөтө баштадым.

1974-жылдын июль айына чейин арыздан жооп болбой жатып, анан Нарын областык аткаруу комитетинен, областык элдик контролдоо комитетинен, «Сиздин арызыңызды текшерүүгө алабыз»-деген, жооп келип, көп узабай эле, октябрь айында Кызыл-Жылдыз, Бирдик колхоздоруна ревизия келип, документалдуу текшерүү, мал санак жүрдү. Ага удаа, ал бүтө электе Кыргызстан КП борбордук комитетинен текшерүүчү келип, мени зэрчитип жүрүп, айрым чабандар менен, бюро мүчөлөрү менен сүйлөшүү жүргүздү. Анан мага, «Ревизиянын жыйынтыгын күтүү керек»- деп, жөнөп кетти. Кызыл-Жылдыз колхозунан **3000** кой жетпей **150** миң сом кассалык жетишпегендик болгонун, Бирдик колхозунда **2700** кой, **180** миң сом кассада жетишпегенин далилдеп, **1975**-жылы Абил Абилович, үч ферма башчысы, малчарба бухгалтери менен, Дадахан Чоңчеңгелов бир ферма башчысы, эки бухгалтери менен партиядан чыгарылышып, сот жообуна тартылышып, эркинен ажыратылып, камакка алынышты. Абил Абиловичти, «Депутат болгон, көп ордендүү»-деп, мурдагы салымдары эске алынып, сот кыргызчылык аке-үкого конуп, «Үй түрмө»-деген шарттуу жазага кесилип, ал эми ферма башчылары менен бухгалтерлери сот жазасына тартылышты.

Дадахан Чоңчеңгелов 3 жылга, анын бир ферма башчысы, бухгалтерлери менен бирге сот жазасына тартылышып, жаза өтөө жайына айдалып кетишти. Бул каргашалуу иш башталганда эле мен ошондо ойлогондой болуп, Тогуз-Торонун бир топ кишилери жоопко тартылды. Ленин колхозунда дагы бухгалтерлер, ферма башчылары жоопко тартылып кетишти. Алардан башка 40 тан ашык чабандары кошуп жазгандары үчүн төломөр болушуп, зыян тартышты.

Бир күнү, райкомдун уюштуруу бөлүмүнүн башчысы Ысаков Макен мага келип, «Обкомдун биринчи катчысы Талабай Жнускулов районго келип, райкомго сизди чакыртып атат»-деп, мени үйдөн алып кетип, анын кабыл алуусуна киргизди. Барсам, Нарын областык комитетинин биринчи катчысы Талабай Жунушкулов райондук комитеттин биринчи катчысынын кабинетинде отуруптур. Менин ал кишини биринчи көрүшүм ле. Анын Л.И.Брежневге абдан окшош киши экенине бир аз таң-калып, салам айтып каршысына туруп калдым. Алик апып, каршысынан орун көрсөтүп, анан мени менен жай эле, үй-бүлөм, өзүм жөнүндө сурады. Мен, «Арызчы сенсиңби»-деп, кандайдыр бир түрдө нааразылыгын айтаарын күткөн элем. Бирок ойлогонумдай болгон жок. Мен, «Сегиз балам бар, -Бир жыл болуп калды, эч бир жерге ишке алынбай, жумушсузмун»-дедим. Ал биринчи катчыга карап, «Коммунист жолдошко иш бериш керек ко?»-деп туруп, анан мага карап, «Кайда иштегиң келет, эгер иш берсек»-деди эле, ага менден мурун биринчи катчы озунуп, «Мекеме, чарбаларда бош орун болбой атат»-деди. Менин оюма ошол кириптир, «Орто мектепте биология мугалими жетишпейт экен, -Эгер ошого уруксат берсеңер деле иштей берейин»-дедим. Талабай Жунушкулов, «Азырынча ошого иштеп тур, -Анан коробүз»-деди. Арыз жазганым боюнча бир ооз да сөз болгон жок. Мен, Советтер Союзунун КП БК га менин атымдан орус тилинде жазылган башка дагы бир арызды Кыргызстан КП борбордук комитетинен келген инспектордон коруп окуган элем. Менин атымды пайдалануучулар да бар экен. Анда «Талабай Жнушкулов Абил Абиловичтин тууганы, Чоңчеңгеловдун кудасы, -Аларды колдоп, кылмыштан коргоп жатат»-деген таризде жазылыптыр. Бирок мен алардын туугандык жагын жазган эмесмин. Мен, «Ошол арызды Талабай Жнушкулов окуп, анан мени чакырган го»-деп ойлоптурмун. Эки күндөн кийин мени Рай ОНО го чакыртып, буйрук чыгарып беришип, орто мектепке биология боюнча сабак берип, мугалим болуп иштеп калдым. Мени, ушул каргашалуу ишке кабылып, биртоп жакын досторумдун, Чообаскан, Акматжан, Касым, Сулайман, озгоче бир тууган бажам Сатардын жазага тартылып кеткени аябай окундурду. Бирок, айла канча, "Коёнду камыш, эрди намыс олтурот"-деген эл макалындагыдай болуп, райондун биринчи катчылары менен, Абил Абиловичтин уюшулган түрдогу мени кордошкондору намысыма тийип, ушундай болуп калды.

Ошентип, алар сот процессинде жүргөн убагында, түрмө жазасына тартылган досторум менен бажама этап менен жаза аткаруу жайына кете элек убатарында чай берип коюу максатында райондун ички

иштер бөлүмүнүн башчысы Итигулов Кожошко, кыргызынча, «Аке-үкө»-деп атып, түнкү ондон бирге чейин уруксат алдым. Анан бир козумду союп, бышырып алып, шорпо-шилеңи менен көтөрүп, арак, коньяк алып, түнкү он бирде жазага тартылгандардын бардыгына эле Итигуловдун кабинетине алып келдирип, тамакты дасторконго жайып койдум. Начальниктин тапшыруусу менен, анын орун басары, эки милиционер менен аларды чыгарып келип, алар тамак иче баштады. Алды менен бир куюмдан арак сунуп, ал ичилгенден кийин, «Дадахан Чоңчеңгелов башкарма болуп турганда, «Мага арак жакпайт, коньяк куй»-дегенин эстей калып, «Даке кечирип кой. -Сизге арак жакпайт, ичпейт дешкенинен коньяк ала келдим эле»-деп, кийинки кезекте коньяк куюп сунсам, ал өңү кыпкызыл болуп, ыза болуп кетти. Анан мага эмне дээрин билбей мукактанып, коньякты ичип ийип, стаканды дасторкондун четине койду. Мен,«Ушундай абалда, касым болсо да таба кылгансып бекер айттым»-деп, оюма келгенди түз айтып ийчү өзүмдүн жаман адатыма өкүнүп калдым. Убакыт бүткөнүн эскертип, тамактын калганын дасторконго ороп, ички иштер бөлүмүнүн башчысынын орун басары шаштырганда алар бата тартышып түрмөгө кирип кетишти. Мен аялым экообүз бошогон ийдиш-аякты көтөрүп алып, "Ак ийилет бирок сынбайт", "Бирөөгө чуңкур казсаң тайыз каз-өзүң түшсөң чыкканга"-деген, элдин макалдарын эстеп, үйдү көздөй жөнөдүк.

Мурда мугалим болуп иштебегендиктен, башында сабак берүүнүн методикасынан биртоп кыйынчылык болду. Бирок, мектептин тарбия боюмүнүн башчысы Исамамбетова Бурганбу да биолог экен, анын методикалык жардамы менен, үйдөн да даярданып конспекти түзүп келип жүрүп, 5-6 класстарга сабак берип, балдар менен үйүр алышып конуп кеттим. Бир айдан кийин жогорку класстарга, 9-10 класстарга жалпы биологиядан сабак бере баштадым. Менин чарбада мал доктур, зоотехник, башкарма, мекеме башчысы, райондун айыл чарба башкармалыгынын башчысы болуп жүргөнүмдү билген жогорку кластарда окуган балдар мени сыйлап, сабак берип, лекция окуганымда чымын учканы угулгандай тынчтыкта олтуруп угуп атышты. Улам дискретке чыккан аял мугалимдердин ордуна тарыхтан да сабак берип саатым көбөйүп, жакшы маяна ала баштадым. Ошентип мугалимдин түйшүгүнө да көнүгүп кеттим. Кээбир мугалимдердин сабагына кирип, алардын сабак берүүсүнө таң калган күндөрүм да болду. Мен, «Мугалимдердин баардыгы ушундай болсо булар кызык адамдар экен го»-деп, капа болуп, ойлонгон күндөрүм да болду. Сабакка даярданбай келип, ар кайсынын башын бир айтып, анан «Китептен өзүңөр окуп алгыла»-деп, сааты бүткөндө чыгып кетишкендери да бар экен. Алардын сабагына киргениме өкүнүп, «Ушулардан билим алган балдар, кантип бирдеме бипсин»-деп, бушайман болуп жүрдүм. Менин, баягы кемчилдикке принциптүү түрдө келишпес кежир адатым кармай баштады. Педагогикалык кеңеште кемчилдиктерден кыя өтпөй айткым келип, кайра өзүмдү өзүм токтотуп, баягы Чодиев аксакал айткан, "Сенин ак жүрөк, чынчылдыгың душманынды көбөйтүп, улам иштен куулуп жүрбойсуңбу?"»-дегени эсиме түшүп, «Бул жерден да душман даярдап алгың келип, куулган атасыңбы?»-деген ой башымдан кетпей, көрсөм да көрмөксөн, билсем да билмексен болууга аракет жасай баштадым.

Бир күнү, окуу бөлүмүнүн башчысынын кабинетине журнал алганы кирсем биологиядан сабак берген менин бир коллегам менен кыргыз тилинен сабак берген, «Жыйырма жылдык тажрыйбам бар»-деп, көкүрөгүн көтөрген мугалим экөө кызаңдашып, сөз талашып атышыптыр. Биолог мугалим менден көп жаш кичүү эле, мени көрө калып, "Агай бул тилчи агай, "Шпион менен чемпиондун мааниси бир эле. -Экөө тең мамлекеттик сырды башка өлкөгө ташыган адам»-дейт. Мен, «Шпион ошол сен айткандай, ал эми чемпион болсо мелдештин жеңүүчүсү»-десем, болбой атат. -Сиз калыс болуп айтып коюңузчу"-деди. «Мына кызык»-дедим, ичимден. Жыйырма жылдык тажрыйбасы бар, жогорку билимдүү тилчинин билиминин, кругозорунун жеткен жери ушул экен да. «Бул бечара ушул билими менен кимге тил боюнча билим бере алат? Ушундан окуган окуучунун шору»-деген ой келип, «Коллегамдыкы туура го»-деп коюп, кайра, «Муну да душман жасап албайын»-деп, мен. «Негизинен айтканда, бир аз андай эмес. Бирок, «Кимиңер кандай

түшүнсөңөр ошондой го»-деп, класстык журналды алып чыгып кеттим. Сабакта олтурганда бул окуя окумдан кетпей, "Сүтко оозун күйгүзүп алган, айранды үйлөп ичет"-деген, макал эсиме түшүп, «Бетине кемчилик жагын көрсөтө айтып душманыңды кобойтүп алганыңа окунүп, жалтактай бергенин туура эмес, -Тиги типчинин, «Көөнү калат»-десем, бейтарап мааниде, «Экөө-эки бөлөк мааниде таризинде айтсам болмок экен»- деп, окунүп калдым.

Февраль айында окуу болумдун башчысы өзүнө чакырып, «Агай, 5 "В" классынын класс жетекчиси декреттик оргүүгө чыгып, класс жетекчиге мугалим жок болуп атат. -Ошол класска жетекчиси болуп иштеп бериңиз»-дегенинен, класс жетекчинин милдетин мурда аткарып көрбөгөндүктөн, билбей эле макулдугумду бериптирмин. Ошол 5-"В" классына декретке кеткен эжейинин ордуна тарыхтан да сабак бермек болдум. Декретке кетип аткан мугалим мага, «Агай ушу класска класс жетекчи болуп иштебей эле койсоңуз болмок. Бул класс мектеп боюнча тажаткан класс экен. Мен да байкабай келип алып азабымы жеп атып декретке чыгып кутулдум. -Бул класска жетекчи болгондон мугалимдер жаа бою качат. -Башкаруудан чыгып калган балдарды бүт ушул класска чогултуп коюшкан экен» - деди. Мен, бул сөздү угуп таң калып, «Бул мугалимдин минткенинде эмне сыр бар болду экен. -Мага боору ооруганыбы? -Кантип эле бир класста жалаң бейбаш балдар болсун. Бала деген, бала эмеспи? -Тентеги да, жентөгү да болот да. -Бул бечара эжейдин эрки, тажырыйбасы балдарды өзүнө тартып, өзүнө ишендирип иштөөгө жетпей калса керек»-деп, ойлонуп койдум.

Мен сааты келген убакта 5-"В" классынын журналын көтөрүп, биринчи жолу сабак берүүгө келдим. Класстын ичинде балдар чаң тополоң түшүрүп, партадан партага секирип ойноп, олтургучтар ар кайсы жерде тоголонуп жатыптыр. Чаң асманга көтөрүлгөн. Келип тынчтандырып учурашкандан кийин класста жыйырма төрт бала бар экенин билдим. Класстык журналдан фамилияларын окуп, бирден тургузуп таанышып, өзүмдүн атымды, фамилиямды айтып тааныштырып, декретке чыккан эжейлеринин ордуна класс жетекчиси болуп, тарыхтан да сабак береримди айттым. Менин сөзүмдү тыңшап, коңүл болуп да койбой, арткы партада олтурган үч бала, кагазды чайнап, туш-тушунда олтурган кыздарды, балдарды ургулап атышты. Бирөө эңкейип келип алды жакта олтурган кызды жоолугунан тартып кетти. Үчөөнү тең алдыга, өзүмүн каршымдагы партага олтургузуп, тынч олтуруусун эскертип, теманы өтүп, анан бышыктоого өттүк. Берки эки тентек бир аз тынчыганы менен, кетирекей мурун, алаң көз баланын бейбашы тыйылбай жатканын байкап отурдум. Бир убакта ал артына кылчайып, арткы партада олтурган кыздын китебин жулуп алып аны ыйлатты. Мен анын жанына барып ордунан тургузуп, андан атын тактап сурасам, ал мени тике карап, «Омүрбек»-деди. Ошо кезде артында олтурган бала, «Агай ал райкомдун биринчи катчысынын баласы»-деп, биздин «тарбиялык» диалогубузга аралашып калды. Ошол менен сабак дагы аяктады.



Абдылдаев Бакытбек үй-бүлөсү менен, аялы Акылай, уулдары Кубанычбек, Эльдияр.



Абдылдаев Аскараалы Арзыматов Өмүрбек Садык уулу менен. 2012 жыл, Бишкек шаары.



Мамытбек үй-бүлөсү менен, Замира аялы, кызы Айза, уулу Алиаскар менен.



Абдылдаев Маратбек уулдары,
Сатыбалды, Эмир, Султан менен.



Сабыркан апа агасы Шакирдин байбичеси, Алима жеңеси менен, 8-июнь, 2012 ж..



Сабыркан апанын бир тууган агасы Садыкбеков Шакир. 8-июнь 2012 жыл.



Абдылдаев Тимурбектин аялы Сталбек кызы Айдай, кызы Дарика менен, 8-июнь, 2012 ж..



Абдылдаев Тимурбек агасы Маратбек менен, 8-июнь, 2012 ж..



Аскараалы атанын юбилейдик тойуна келген жээндери Савилет, Айнура кызы менен, 8-июнь, 2012 ж..



Аскараалы атанын юбилейдик тойуна келген жээндери Чынара менен Нуриля , 8-июнь, 2012 ж..



Абдылдаев Мейманбек атасы Аскараалынын 90 жылдык тойуна келген класташтары жана студенттик достору менен, 8-июнь, 2012 ж..



Солдон оңго: Бектенов Биймырза, Жолболдуев Памир, Шатманов Орозбек, Үкүев Бейшенбек жубайы Айзат менен, 8-июль, 2012 ж.



Сыдыкбекова Сабыркан бир тууган сиңдиси Күмүшкан менен.



Москва шаары ВДНХ, 1955 жыл.



Тогуз-Торо райкомунун биринчи секретарлары, 70-жылдыгында, солдон оңго, Курманалиев А., Мамбеталиев Ө., Эдилбаева Т., Жыргалбеков К., Бишкек шаары, 2007 жыл.



Солдон оңго, Уметалиев А., Курманалиев А, Мамбеталиев Ө., Эдилбаева Т., Жыргалбеков К., Турдалиева А., Кыдыров К., Бишкек шаары, 2007 жыл.

Ошол күнкү сабактардан кийин, Өмүрбекти атайын алып калып, класс жетекчи катары жекече сүйлөштүм. Мен ага, «Сен райкомдун биринчи катчысынын баласы болсоң, класска үлгү көрсөтүп, тартиптүү болуп, артыкчылык баага окуп, өзүңдү көрсөтүп, класска тартип киргизип, мага жардамчы болушуң керек. -Атаң районго жетекчи жана элге үлгү болсо, сен хулиган болсоң, анда кандай болот? -Ойлоп көрчү! -Экинчи бейбаштык жасап, сабак өткөнгө мага тоскоолдук жасасаң, анда досум, экөөбүз чырдашып калабыз. -Мен сени класстан чыгарып жиберем да, сен балдарга уят болосуң»-дедим. Өмүрбек үнүн чыгарбай олтуруп угуп, макул же жок дебей чыгып кетти.

Бир күнү, акыркы сабактан кийин класстык чогулуш өткөрүп, Өмүрбекти тазалыктын башчысы, андан кырдуурак дагы бир тентекти класскомдукка дайындап, тартипти «кризистик башкарууга» ала баштадым.

Дагы бир күнкү сабакта, теманы бышыктоо боюнча өткөн темалардан сурап, «Ким жооп айтат»-деп сурасам, арткы партадан бир кыз кол көтөрдү. Доскага чыгып жооп айтмак болуп келе жатканда Өмүрбек ага бутун тосо коюп, чалып жыгып, кыздын мурду канап, кыз ыйлап калды. Кызды сооротуп, мурдунун канын токтотуп, кайра ордуна олтургузуп, Өмүрбекти колунан кармап, жетелеп барып, класстан чыгарып койдум. Зээним кейип, кокусунан колумду көтөрбөөгө аракет жасап, өзүмдү токтоттум. Эртеси да Өмүрбекти тургузуп, «Баягыда сүйлөшпөдүк бэле. -Тартип бузсаң класстан чыгарып жиберем»-деп. «Тур эми ордуңдан. -Кластан чыгып кет»-деп, класстан дагы чыгарып койдум. Ошондон кийин класс тынчып, ызы-чуу болбой, сабак өтүп калдык. Ал эми Өмүрбек сабакка келбей калды.

Мектептин директору Базаров Эсенкан экөөбүз жакын бажа элек. Бир күнү ал мени өзүнө чакырып алып ыйламсырап, «Казы Куванали-евич мени каарып, сенин мугалимиң менин баламды окутпай класстан чыгарып ийип атыптыр. -Мунуңар кандай? -Силер кимдин баласын окутасыңар»-деп, мени тилдеди. -Жезде! -Биринчи катчынын баласы тартипсиз экенин билебиз. -Мурдагы класс жетекчиси да зыркырачу.- Аны эмне кылса деле тим коюп, класска кырк беш минута кирип чыкканга чыдабайсызбы?»-деп, кейиди. -Мен мектептин директоруна, «Бул иш боюнча мынча болгон соң Казы Куваналиевичке өзүм эле барып жооп берип келейин» -десем, ал «Бара көрбөңүз жезде. —Анда эле мени ого бетер кууратат»-деп, ал дагы зыркырады. Мен, «Анда мугалимдиктен мени бошотууну суранышың керек»-дедим да, чыгып кеттим.

Эртеси, «Биринчи катчыга барып сүйлөшүп, баласын тартипке салып, мугалим болом, же мугалимдигин да берем»-деген ойдо, райондук комитетке бардым. Биринчи катчынын кабинетине кирип учурашып, мен Өмүрбек менен жекече сүйлөшкөнүмдү, ал ошол сүйлөшкөндөгү убаданы аткарбай, тынбай бейбаштык жасап атканын айтып, "Жаман киши убадага бек болот"-деген, макалдагыдай, «Экинчи бейбаштык жасасаң класстан чыгарып жиберем»-деген убадамы аткарып, класстан чыгарып ийип атам. -Ал бейбаштык жасаганын сизге

айткан беле?»-десем, Казы Куваналиевич, «Жок, айткан эмес»-деди. Мен анын бир кызды чалып жыгып, кыздын мурдун канатканын айттым, «Сиз туура түшүнүңүз. -Сабак өтүп жатканда класста тартип болбой, балдар бирин-бири ыйлатып, бейбаштык жасап атса, кандай сабак болот?»-десем, Казы Куваналиевич, «Аскараалы Абдылдаевич. -Өпек мага мындай айткан жок эле. -Эгер мындан ары тартипти буза турган болсо катуу эле жазалаңыз. -Мен капа болбойм. -Өпекке сүйлөшүп тартиптүү болуусун айтайын»-деди. Мен, «Казы Куваналиевич, мен сиздин уулуңузду жазалай албайм. -Өзүңүз эле тартипке салганыңыз туура го»-деп, коштошуп чыгып кеттим.

Мектепке келгиче мектептин директору Базаровдун, "Кырк беш минута чыдап, анан кулагыңызды жапырып эле чыгып кетсеңиз болмок»-деген сөзүн эстедим. Ошондо менин, бетке чындыкты өзүмө айта алган ички добушумдун, «Класста тартип болуусун көздөп атып, дагы баягы чындыгыңды талашып, чуулганга дагы чулгана баштадыңбы? -Бул жерден да куулганы калдың го»-дегени, жүрөгүмдү өйүтүп, мектепке келдим. Менден кийин Өмүрбек да мектепке келди. Ал, баягы Өмүрбек эмес. Ал тартиптүү, сабакка даярданып келип, жакшы окуган Өмүрбек болуп калды. Биздин 5-"В" класс тартиптүү, сабакка жетишкен класска айлана баштады.

Апрель айында мени Казы Куваналиевич райкомго чакырып, «Коммуналдык чарбага мекемесине башчы болуп иштеп бер»-деп дайындап, мен ошентип мугалимдиктен кеттим. Ошол Өмүрбек кийин "Мафия менен күрөшкөн баатар"-деген атка конуп, ички иштер министири, губернатор болгонун угуп, өз ичимден кубанып, «Тартип тазалык боюнча аз да болсо менин жасаган аракетимдин үлүшү тийгендир»-деп, 40 жыл илгери окуткан окуучума сыймыктанып, өз ичимден ага жакшылык тилейм. "Ылайым эле чындыкты туу тутуп, тартипти талап кылган, элинин алсыз, начарына көз салган жетекчи болуп, өркөнү өсө берсин Өмүрбектин"- дейм.

Ошол каргашалуу иштин залакасы тийип, райондон төкшерүү кетпей, 3 колхоздун **20** га жакын активи, 2 бөшкарма, 4 чабан жоопко тартылып, акыры райкомдун биринчи катчысы да Кыргызстан КП БК нын бюросунан партиялык жаза алып, кызматынан бошоп кетти. "Кыңыр иш кырк жыл жийин да чыгат"-деген, элдин макалындай болуп, ошондой кыңыр иштер совет мамлекетин түзгөн коммунисттик партиянын да түбүнө жетип, түгөтүп тынды. **1991**-жылы коммунисттик партияны жетектеген М.С. Горбачев мамлекетти реформалайм деп, партиялык режимди кыйратып, 15 союздук республиканы чилдей таратты. Анын кесепетинен совет мамлекетинин **70** жыл жыйган байлыгы таланып кетип, эл ишсиз калып, Орусияга, Казахстанга жана башка чет өлкөлөргө иш издеп, көр оокаттын айынан чачылып-чачырап тентип калды. Ошондон айрым шылуундар пайда таап, байлыкты эзелеп, туйтунуп, бийликти колдоруна алса, ал эми элдин басымдуу көпчүлүгү жардыланып каатчылыкка кабылды.

Атты арыганда-эрди карыганда көр

Менин мектепке мугалим болуп иштегениме бир топ күн болуп калган. Дем алыш күнүнө болжоп, жайына коюларын кабарлаган тизменин баш жагына жазылган атымды окуп, айлымдагы каза болгон адамга топурак салууга мотоцикл менен Бирдик айылына келген элем. Мен мотоциклди четирээк жерге коюп, өлүк жаткан үйгө салт боюнча өкүрүп барып, басылган соң, четирээкте чогулуп турган өзүмдүн урукташ туугандарым Атай, Арал, Бирдиктеги көп үйлүү Кабалардын жанына бардым. Алар менен аралаш жашаган башка уруктардын аксакалдарын көрүп, «Салт боюнча саламдашуу үчүн барып салам айтып, бирден кол сунуп учураша баштаганымда, мурда мени «Иним»-деп, өткөн кеткенде үйүнө чакырып чай берип жүргөн Шамалчы аттуу аксакал колумду кармап туруп, «Ой бала! -Сенин арбагың учуп, кейпиң кетип калыптыр. -Элди бузуп, биздин башкарманын үстүнөн арыз жазбай жөн жүрбойсүңбү»-десе болобу? Уккан кулагыма ишенбей, өтө катуу капа болгондонбу, айтор көзүм караңгылай түшүп, бул сөздү, мен аксакал катары сыйлап, жан тартып жүргөн кишиден укканыма ызам келип, колумду силкип тартып алып, эс-акылымды жыйып, «Сен башкармаңа кошомат кылсаң обуң менен жасабайсыңбы. -Сен сыйынып, бутун жалап аткан мына бул дардайган эмеңди»-деп, катарында турган башкарманы көрсөтүп, куда кааласа барчуу жерине жеткирем. -Ошондо сен кошо кетесиңби?»-дедим да, ичимден, атамдай кишиге «Сен!»-деп, колумду кезегеним туура эмес болуп калды го»-деп, өкүнүп, кайра, «Бул кошоматчы сакалдуу «итке» ушул сөз керек болчу»-деп, кайра ичимден ойлоп койдум. Шамалчы мага дагы бирдеме айтайын деди эле, анын катарында турган Эпей аксакал, «Жап эми оозуңду. -Сага чала болду. -Бир иттик кылдың. -Ошого ыраазы бол эми»-деп, аны тыйып койду. Башкарма Дадахан Чоңчеңгелов ээрдин жаланып, тургандарды кыдырата тиктеп тим болду. Мен ага колумду кезеп, элдин көзүнчө катуу кеткениме ичимден өкүнүп, «Акылмандан бирөө, сиздин душманыңыз сизден акылдуу болуусун каалайсызбы?»-деп сураганда акылман, «Албетте акылдуу болуусун каалайм. -Кудайым акылсыз душманга туш кылбасын»-дегенин эсиме алып, Дадахандын мага сөз айтпай, эстүүлүк жасаганына ичимден ыраазы болдум. Бул, биз бир райондун бирге өскөн, бирге иштешип, бирге ойноп чоңойгон балдары болгондуктан, бири-бирибизди жакшы билгендигибизден болду го. Бир кезде теңтуш болсок, эми экөөбүздүн көз карашыбыз, карманган моралдык принциптерибиз эки башка чыгып, каршылашып бири-бирибизди душман көрүп турабыз. Оюмда, «Эртедир-кечтир, калыс мыйзам өз таразасына салып чечээр»-деп, сыр билгизбей ичимден ойлонуп турдум.

Каза болгон адамды жайына коюп, топурак салып келип, үй-бүлөсүнө, балдары, ага, инилерине көңүл айтып, азын оолак тапкан-ыбыздан берип, көңүл айтуу салтыбызды жасадык. Эми кетмек болуп, мотоциклими от алдырып атсам, бетинде кызыл калы бар, он бештерге келип калган тестиер бала келип, -Байке сизди атам үйгө келип кетсин деп чакырып атат-деди.

-«Атаң ким эле?»-дедим, мен баладан. Ал, «Раманкул»-деди, мага карап. Мен мотоциклге газ берип, рулун кармаганда жанагы бала, -«Байке, атам келбей койбосун»-деген, жүрүңүз деди. Баланы тиктеп, тили каректыгына көңүлүм жылып, «Сенин атың ким?»-деп сурасам ал, «Байке, менин атым Турар»-деди. Мен ичимден, «Баласы токтобой, кудайдан үмүтүн үзбөй, ушу баласынын аман-эсен болсуусун тилеп, жакшы үмүтү менен коюлган ат экен деп ойлоп, үйү канчалык алыстыгын сурасам ал, «Байке, жакын эле, астынкы көчөдө»-деди.

Мен Раманкул деген атты эстеп, «Өткөн жылы борбордон менин үстүмөн жазылган арызды текшерип келген Борбордук комиттин инспекторун мен ушул кишиникине ээрчитип келгенимди эстеп, «Өзүнө жолугуп, ошол окуя чынында кандай болду эле»-деп, «Өзүнөн сурасамбы?»-деген ой көптөн бери көкүрөгүмө өйүп жүрчү эле. Өзү чакырып аткан соң, «Эмнеге чакырып атканын билгенче, ык келсе ошол иштин дарегин да сурармын»-деген ой башыма келип, мотоциклдин люлкасысына Турарды олтургузуп алып алардыкына бардым. Аса таягын таянып, ары-бери басып, жол жакты тиктеп ал киши бизди күтүп турган экен. Салам айтып, кол суна учурашкандан кийин, -Жүр уулум, үйгө кирели-деп, алдыга баштап басты. Бою 15-16 жаштагы балдардыкындай, тууралжын, эткээл, топ-томолок болгон, чокчо сакал, сербейген суйдаң муруту бар, көзү нурлуу, маңдайы жарык абышканы, өткөн жылы келгенде жакшы назар салып байкабаптырмын. Найманов Раманкул, «Бирдик» колхозуна көп жыл айылдык кеңештин төрагасы, колхоздун башкармасы болгон, бою кичине, баладай болгон киши экен. Тагайдын колотундагы жолдун жээгиндеги таш бекеринен Найман таш аталбаптыр. Ал киши ушул жол менен районго аттуу келе жатканда аттан түшүп, кайра атка минээрде ушул таштын үстүнө чыгып, кайра минип келгени айтылып жүрчү. «Бою кыска болгондуктан үзөнгүгө буту жетпейт»-деп, көп кылышкан элдин сөзүн, ошол жол менен кошо бастырган кишилерден көп эле уккам. Бирок тагдыр бул сүйкүмдүү карыя менен минтип жүздөштүргөн эмес эле. Раманкул ата сөзгө чебер, адамды өзүнө тарта билген, сүйлөөрдүн алдында, өзүнө адат болуп калган, "Атамдын оозун урайын"-деген сөздү айткан, көнүмүш адаты бар экен. Үйдүн төр жагында төшөк төшөлгөн көлдөлөңдүн үстүн жаңсап, «Олтур уулум»-деп орун көрсөтүп жатып, "Атамдын оозун урайын"-сенин кимдин баласы экениңди, ким экениңди да билчүү эмесмин. Өткөндө, «Борбордон келдим»-деген кишини ээрчитип келип, саламдашып эле чыгып кеткен элең. Анда сага назар да салган эмесмин. Бир топтон бери эле сенин атыңды атап, кирген чыккандар сөз кылып, бирөө, «Бузуку, элдин тынчын алып чуу салып атат»-десе, бирөө, «Чындыкты чыгара албай күрөшүп атат. Биздин эл жалганды кошуп жазуудан күйүп бүттү. -Туура кылып атат»-дейт. "Кулак укса курсак кайнайт"-дейт эмеспи. Уккан кулагым тигинисине да, мунусуна да ишенбей, «Өзү менен жүздөшсөмбү? -Өзүнөн сурап көрсөм кантет»-деп, ойлоп жүрчү элем.

Бүгүн, тиги каза болгон кишиге келип жүргөнүңдү, тиги жаман иниң айтканынан, сени чакырып келүүгө жибердим эле. Оюмда, бир чети ошол, экинчи чети үйдө ачкыл бар экен. «Кечке ачка болгондур. -Ошондон ичип суусунун кандырып, үйдөн даам татып кетсин»-дедим.

«Атамдын оозун урайын. Мамбетай, чай келгиче, апкелип ачкылыңан куй. Жутуп олтурсун»-деди. Сырттан кастрюляга мелт-калт куюлган бозону көтөрүп келип, жанагы мени чакырып келген балага бозо куюп берип аткан кишини, жомоктогу "Меке чалга"-окшоштуруп, бозону колума кармаган боюнча ичип ийбей, таңдана тиктеп калганымды өзүм да сезбей калыптырмын.

Раманкул ата конүмүш сөзүн айтып, «Бозо кара-куурдак бекен?»-деп татып көрүп, «Бозону так ушундай жасап ичкенде сиңимдүү болот, кана уулум ич»-деди, мени карап. Мамбетай бою жети-сегиз жашар баланыкындай кыска, белине чоң кара табакты көмкөрүп таңып алгандай, өңү тотугуп 25 ке барып калган, мурут коюп, сакалын кырып койгон жигит экен. Алаң көз, кырдач мурун, карасур өңүнө, муруту атайын чаптап койгондой жарашып турат. Мамбетай-деп, Раманкул атын атаганда эле, эл ичинде аңыз болуп айтылып жүргөн бир сөз эсиме түшүп, «Кантип эле ошол Мамбетай ушул болсун»-деп, ойлоп калдым. Уурулук жасап кесилип, «Молдовановка» түрмөсүндө жаза өтөөдө болгон бир жигиттин айылдагы досторуна жазган катындагы төмөндөгү төрт сап ырды эстеп, ичимден ырдап койдум.

«Согумун эрте камдаган,
Солдоюп уктап калбаган.
Балтадай эле жүрөгү,
Баягы Мамбетай аман жүрөбү»-деп.

Оюма аркыл ойлор келип, «Ушул тырмактай адам кантип тиги ырдагыдай болуп, согумун камдап, уй уурдап сойо алсын»-десе, экинчи оюм, «Андан ажырабаган, жүрөгү балтадай Мамбетай ушул турбайбй?»-деп жатты. Жолбун оюм жомоктогу, Меке чалга барып, «Бою бир карыш эркеч минген чал, көк дөөнү амал иш менен коркутуп, өлтүрүп, элин сактап калса, бул дагы амал менен ууру жасап жан багып жүрөбү?»-деп жатты.

Турар эшиктен, буусун буркуратып самоварды көтөрүп келип, дасторкон жайылып чай ичилип, Раманкул ата, боргулданып тердеп, улам жүзааарчы менен терин сүртүнүп олтурду. Мен, көкүрөгүмдү өйүгөн, суроону бергим келип, «Жана сиз, өткөн жылы, борбордон келген кишини эрчитип келип чыгып кеттиң эле»-деп келип сөзүңүздү улантпай койдуңуз. «Ошол боюнча мага эминени айтайын дедиңиз эле»-дедим. Раманкул ата конүмүшү боюнча, «Атамдын оозун урайын, ал сенин үстүңөн жазылган арызды текшерип келген киши экен. Ал менден, «1930- жылы сиз кедей уюмунун төрагасы болуп турганда Жалал-Абад кантондук комитетинин катчысы Кармышбеков Ырыскулду, анын жооптуу кызматчысы Галимовду басмачылар атып өлтүрүшүптүр. Сиз алар менен чогуу болгон экенсиз. Ошол боюнча эмине билесиз»-деп сураган. Мен, «Ооба, алар менен ошол жерде бирге болчумун. Жалал-Абад канткомунун жооптуу кызматчысы Галимов келип, жайлоодогу элдер менен сүйлөшүп, «Колхоз түзөбүз, малдарды ортолоштурабыз»-деп мени ээрчитип, Уйрүмбаш дабанынын " Кийик атчуу"-деген жерине түш оой барып, ал жердеги элдер менен сүйлөшүп, ошол жерге элди чогултуп, Чогулуш өткөрөлү»-деп, туш-туштардагы жайлоодогу элге

кишилерди кабарга жөнөтүп, эртеси чогулуш өткөрүү максаты менен туруп калдык.

Күн батаарда, Төрожанов деген милициянын начальниги Кармышбеков экөө келишип, бизге кошулушту. Галимов мага, Кармышбеков Ырыскул келээрин айткан эмес. Ал экөө мурда бирге иштешкен тааныш кишилер экен. Кармышбеков отпускада жүргөндүктөн, «Учурашканы келген го»-деп ойлогом. Күн тегиз батаарда, бир чоочун, атчан киши келип, милициянын начальнигин сурап, аны сыртка чакыртып кетти. Галимов, «Келген кишинин ким, кайдан келиптир?»-деп сурады. Милициянын башчысы, «Үйрүмбаш дабанынын аркы түбүнөн ат жоготуп, аны издеп келиптир. Мага дайындап, кайра кетти»-деди. Бизди конгон үй ээси кой союп коноктоп, жатып калдык. Галимов менен Ырыскул бир төшөктө, мен үй ээсинин балдарына кошулуп жатып, эми эле уйкуга киргем. Кыжы-кужу үн чыгып үйгө тапырап кишинин киргенин сезип, төшөктөн башымды көтөрсөм, ширенке чагып бир киши коломтодо жаткан куурайды жагып атыптыр. Үч киши катар анын артында турушуптур. Коломтодогу куурай күйүп жарык болгондо тиги тургандын экөө, Галимов менен Ырыскул жаткан төшөктү ачып, экөөнү тургузканда, ооз жакта турган, «Семиз, кызыл бет, сакалчан киши Ырыскул»-деди. От жагып атканы да барып, Галимов менен Ырыскулду эшикке жетелеп кетишти. Бир аз сөз талашкандары угулуп туруп, эки удаа атылган мылтыктын үнү чыгып, эшик тынчып калды. Мен да, үй ээси да былк этпей, балдарынын башын төшөккө чүмкөп коркуп жата бердик.

Жайкы таң бат эле атып, жерге жарык киргенде, эшикке чыксак, айланадагы үч-төрт үйдөгү эл бүт жабылып, суунун ичинде өлүп жаткан Галимов менен Ырыскулду карап турушуптур. Түндө, эт жеп атканда чогуу болгон милициянын начальниги төрт милиционери менен кайда жатканын билбейм. Ал да ошол жерде эл менен туруптур.

Кийин уксам, ошол келгендер басмачылар экен. Башчысы Жоон-Күнгөйлүк, «Чоң ооз Ажымамбет»-деген экен. Аны ошол жылы кулакка тартып, Ырыскул Жоон-Күнгөйдөн Октябрьскийге чейин жөө айдап барып, ызалап түрмөгө отургызган экен. Ал түрмөдөн качып, банда курап, басмачы болуп кетиптир. «Ырыскул отпуск алып элине кетет экен»-дегенди угуп, Үйрүмбаш дабанына барса, Ырыскул Көк-Арт дабаны менен мурдараак кетип калыптыр.

Ошол мезгилде Тогуз-Торого келе жаткан милициянын башчысы анын колуна түшөт. Ажымамбет аны, «Сен эки шартты аткарсаң өлтүрбөй коё берем. Биринчиси-Ырыскул минип жүргөн тору жорго меники. Ошону Ырыскул менен, менин колума тийгизесиң. Экинчиси - Ырыскул колума тийгиче, эки милиционерлерди мен кармап турам»-дептир. Ошо шартка милициянын начальниги макул болуп, Атайдан, «Галимов чакырып атат»-деп, Ырыскулду алдап алып келген имиш. Тиги кечинде келген киши, начальникти чакырып Ырыскулдун келгенин билип кеткен тынчы экен. Галимов сураганда, «Ат уурдатып издеп келиптир»-деп, начальник айткан киши. «Басмачы, Ырыскул минип келген тору жоргону ээр токуму менен алып кетип, биздин элге тийбептир»-деди. Мен ошону айттым. Анан ал киши «Аскараалынын атасын тааныйсыңбы?»-деп сурады. Мен, «Тааныйм, ал **1926-1930** -

жылдары боз үйгө бала окутуп жүргөн мугалим болчу»-дедим. «Тиги Ырыскулду аткан жерде бар беле»-деп сураганда, мен, «Жок болчу, алардын айлы болок эле» -дедим. «Сен Аскарааалыны тааныйсыңбы?»-деп сурады. Мен, «Атын угуп жүрөм, сыртынан билем. Бирок таанышпыгым жок»-дегем. «Атамдын оозун урайын. Ал ошентип бир топко эзип сурап, анан кетти. Өңү орустай болгону менен тили таптак эле кыргызча экен. «Чай ичиңиз»-десем, ырахматын айтып чыгып кетти. Сен да көрүнгөнүң жок»-дегенде, Турар, «Ата кол жуун тамак ичкиле»-деп, колуна суу куйган кумган таштегин кармап эшиктен кирди. Мамбетай чара толо, эзиле бышкан семиз үндүктүн этин көтөрүп кирип, алдыбызга коюп, биз устуканды алган соң, төш этин нарын тартып туурап кирди.

Беш бармак даяр болгуча Раманкул атадан, «Бул жигит сиздин иниңизби»-деп сурасам. Ал, «Ооба инимдин баласы. Иним аскерге кетип, кайтпай калып, аялы эки баласы менен жесир калган. Менин жалгыз уулум да аскерге кетип, кайтпай калып, байбичем каза болуп, бир үйдө жалгыз калдым. Ошондо эл-журт эп көрүп, « Ансыз да эки бала сеники. Эки бакыр бир тукур болуп оокат кылгыла»-деп, келинди мага башбайлады кылышты. «Кудайдын кулагы сүйүнсүн, «Дүйнөдөн туяксыз өтөмбү»-деп, түнүлүп жүргөнүмдө ушул байбичеден сени чакырып келген бала туулуп, экинчи дагы бир уул көрдүк. Инимдин 2-3 жашта калган балдары дагы колумда чоңоюп, алар азыр үй-бүлөлү болуп калышты»-деди, Раманкул ата.

Беш бармак даяр болуп жеп, чай ичип сүйлөшүп олтурганда менден болгон окуяны угуп, "Атамдын оозун урайын, элдин ушагын угуп, «Элди куруткан бир куу туякпы»-десем, эми озуң менен жүздөшүп, ким экениңди билдим. Ушул тейиңден кайтпа, "Ак ийилет, бирок сынбайт"-деген эл макалы бар. «Ак ишти коргоого болгон аракетиңди аяба уулум»-деди дагы, Турарды көрсөтүп, «Мобу жаман иниңди тааный жүр. -Ыгы келген жерде бироонүн жаман тилинен, кагуу сөзүнөн, колуңдан келсе, калкалай жүр»-дегеним. Убактылуу кыйынчылыкка башыңды салып мүнкүрөбө. -Элибиздин, "Бирде жигит төө минет- бирде жигит жоо жүрөт"-деген макалындай, жакшылык-жамандык кезектешип келип-кетип турчу нерсе. -Жакшылыктан үмүтүңдү үзбө уулум»-деди, Раманкул ата.

Мен ал кишиникинен ыраазычылыгымы айтып жоногонүмдө, Канчуу тоосунан кылтыйып, айланага кып-кызыл нурун чачып, күн да оз уясына кирип баратыптыр.

Жол бою, «Оо касиеттүү кагылайын эл. Бироонү, «Туура ишти туура»-деп, калыс карасаң, бироонү амалдууга кошомат кылып калыстыктан качасың. Ушундай жалтанчаак, жаман адатың качанкыга чейин доорап сүрөөр экен? Кыргыздын ата-бабасынан бери колдоп келген кара кылды как жарган калыстыгы кайда? Жыл сайын азаа берип, кара өзгөйлөрдүн камоосуна кабылган, эки урукташ Кабак туугандарымды салыштырып карап, оюм мотоциклдин ылдамдыгы менен тең-тайлашып, андан бирде өтсө, бирде артта калып, чак чилекейге түшүп тынчыбай келе жатты. Ошентип келе жатып, «Атты кайран киши, "Атты арыганда, эрди карыганда көр"-дедим, оюмда.

Коммуналдык чарбада

Коммуналдык чарба хозрасчётто турган мекеме экен. Мен айыл чарбасында иштегендиктен бул мекеменин эмне кызмат аткараары менен үстүртөн эле тааныш элем. Бул жерде да бир кыйла түйшүктүү иштер, чечилбеген көп маселелер жыйналып калыптыр. Негизи райондо эл жашаган турак жай, көчөлөрдүн тазалыгын, алардын жарык, суу, газ менен камсыз болуусун карап, районго бак-шак тигип, көчөлөрдү көрктөндүрүү, мончо, мейманканалардын тейлөөсү да, мамлекетке тийиштүү үйлөрдүн ремонтуна чейин кызматтар ушул коммуналдык чарбага жүктөлүптүр. Баш аягы мекемеде элүүдөй киши эмгектенет экен. Мен келгенде бул чарбада кызмат кылган жумушчулар, "Эсеби-бизге акча түшпөй, үч айдан бери айлык ала элеклиз"-дешип арыз-данышты. Бул чарбанын башчысы катары кызматка киришиш үчүн, мен райкомдон жолдомо алып, областык коммуналдык чарбага барып буйрук алып келишим керек экен. Апрель жаңырып, жаз боло баштагандыктан көчөлөргө бак тигиш үчүн, Фрунзеге барып, коммуналдык чарба министрлигинен бак-даректардын көчөттөрүн алып келиш керек экени да мага дайын болду. Биринчи катчы жолдомону мага берип жатып, "Мен коммуналдык чарба министри Акматбек Суттубайевич Сүюнбаев менен сүйлөштүм. -Сиз областык коммуналдык чарбанын башчысына жолугуп, сизди кызматка дайындоо боюнча буйрукту алып, ошондон нары эле Фрунзеге да бара келсеңиз кантет"-деди.

Областык коммуналдык чабага келип буйрукту алып, ошол эле күнкү самолёт менен Фрунзеге учуп келип, эртеси саат 9 да Коммуналдык чарба министрлигине келип, министр Сүюнбаевге жолуктум. Ал кишиге мен жаңы ишке киришип жатканымды айтып, комхоздо эксковатор, таштанды, суу ташыгычтар жок экенин, мейманканада керебет, матрац, шейшеп жетишпегенин, көчөлөргө койгонго электр жарыктандыргычтардын керегин айтсам, ал, "Дагы эмне керек?"-деди. -Мен, "Бизге эми жаз келди. Көрктөндүрүүгө бак-даректын көчөттөрүн бере аласыздарбы?"-десем, ал, "Бизде экскаватор жок калды. -Акыркысын бир жума мурун Жумгал районуна бердик. -Таштанды ташыгыч менен суу ташыгыч бар. -Аларды беребиз. -Мейманканага 30 керебет, 200 шейшеп, 60 матрац, 60 одеяло, 150 жаздык кап, көчөгө койгонго 60 электр жарыктандыргычтарды ал. -Декоративдик бак-даректардан 100 түп кайың, 200 түп аркыл түстүү роза гүлүн, 50 түп сирень гүлүн, 200 түп алма, 100 өрүк, 3000 түп кара жыгачтын көчөтүн ал"-деп, иш башкаруучусуна мени кошуп берип чыгарды. Мен Тогуз-Торого телефон чалып сүйлөшүп, инженер менен бухгалтерди, машина айдаганга эки шофёр менен ишеним кат алып эртең мененки самолёт менен келүүсүн дайындап тапшырма бердим. Эртеси инженер ишеним кат, эки шоферду ээрчитип келип калды. Эки машинаны алып, заправкасын Коммуналдык чарба министрлиги өзү жасап берип, таштанды ташыгыч жана жогорудагы айтылгандын баарын жүктөп алып ошол эле күнү Фрунзеден чыгып кеттик. Районго келгенден кийин иш башталып, бак даракты

тигүүгө райондун бардык мекемелери, мектептин окуучулары катышып үч миң түп кара жыгач көчөлөргө тигилип, алма, көк терек райондук эс алуу паркына тигилди. Кайың, сирень, роза гүлдөрдү жана азыраак теректер райкомдун конторасына, аткаруу комитеттин контора-сына тигилип, ашып калгандары коммуналдык үйлөрдө жашагандардын үлүш жерлерине тигүүгө таратып бердик. Азыркыга чейин Тогуз-Торонун акимчилигинин алдында турган кайың, терек, роза, сирень гүлдөрдү ошондо биринчи жолу тигилген эле.

Ленин көчөсүнө электр жарыктандыргычтарды койдуруп, көчөгө жарык бердик. Нарын шаарында жайгашкан элди газ менен камсыз-дандыруу чарбасы менен келишим түзүп 50 газплита, 500 газ баллон алып, коммуналдык үйдө жашагандарга газплита коюп бердик. Оорукана, Керек жарак коому, Живсырьё сыяктуу айрым мекемелер менен келишим түзүп, таштандыларды чыгарып, жайында көчөлөргө эртең менен кечинде суу чачып, мекеменин эсебине акча түшүрүп, коммуналдык үйдө жашагандар менен ай сайын эсептешип, иштеген жумушчуларга айлык акы берүүгө жетиштик.

Аарычылык чарбада

Ошентип, мекеменин финансылык абалы бир топ оңолуп, жакшы иштеп жатканыбызда, мени, 1977-жылдын мартында биринчи катчы өзүнө чакырып, "Районго аары чарбасын уюштуруу идеясы бар. -Райондун колхоздорунда **30-40** тан болуп баардыгы **200** аары уюгу бар экен. -Ал аары уюктары колхоздорго киреше бербей эле айрымдардын жеке керегине жарап кетип жатат. -Ага, жаңы уюшулган чарбага сени директорлукка дайындоону чечтик. -Сен бул чарбаны жакшы билесиң. -Эгер өнүгүп кетсе келечекте өзүнчө совхоз болот"-деди. Мен, "Казы Куваналиевич, оболу баардык аары уюгунун канчасы кыштан аман чыкканын билип анан көрбөйлүбү? -Аары уюгунун азыгы түгөнүп азыр кант керек болуп турган маалы. -Чарбалык эсептеги мекеме болсо кайсы каражатына кант сатып алып ишке киргизет? -Аны көчүрүп турганга автоунаа керек. -Бал өндүрүп аны саткыча, иштегендерге айлык берип туруу да кажет. -Ал жагын кандай чечесиздер"-деп айттым. Казы Куваналиевич, "Айылчарба башкарма-сынын төрагасын, колхоздордун башкармаларын чакырттым. -Алар келгенде чогуу сүйлөшөлү"-деди. Ага чейин мени көндүройун дедиби, айтор, "Айылчарба башкармасында жүк ташыган ГАЗ-52 маркасындагы автомашина бар. -Кызыл-Жылдыз колхозу жаңы УАЗ жеңил авто унаа машинасын алды. -Алардын сегиз орундуу УАЗын силердин баланс-ыңарга бекер өткөрүп беребиз. -Эки жылдык мөөнөт менен колхоздор-дон карыз акча алып берсек кийин бал сатканда төлөп беришиңер кажет?"-деди. Мен, "Казы Куваналиевич, **200** аары уюгу менен карызды эмес, анда иштегендердин айлыгын, аары уюгунун кышта тамактанганга кетүүчү кантынын чыгымдарын да жапса болот"-дедим. Биринчи катчы, "Анда башкармалар келсин, ревизорлордун, алар аары уюгунан кирген кирешени көрсөтпөгөнү үчүн

жазган актыларынан улам тил угуп, кутула жадап турушат. Алар менен, ар бир аары уюгуна кетчү эки жылдык чыгымы менен берүүлөрү тууралуу сүйлөшөлү"-деди. Башкармалар келип, чогуу сүйлөшкөндө, биринчи катчы айткандай эле кутула албай жатышканбы, айтор эки жылдык аарыга кетүүчү чыгымды кошо берүүгө макул болушуп, аары уюктарын өткөргөндө, акчасын, ага иштеген аарычыларын кошо өткөрүп берүүгө макул болушту. Ошентип жаңы уюшулган аары чарбасына директор болуп жаңы иш баштадым.

Апрель айында аары уюктарды өткөрүп алып, республикалык аарычылык бирикмесинен вошина, медогонка, дагы башка майда барат инвентарь алууга Фрунзеге келдим. Республикалык арычылык бирикмесинин директору Иван Тимофеевич Мартынов деген адам экен. Сүйлөшүп ал-акыбалды айтканымдан кийин, "Ишти баштай бер, -Эгер алып кете алсаң МЖС мекемесиндеги аары уюктарын дагы сага өткөрүп берип, аарычылык совхозун түзөбүз. -Ал келечектин иши. -Азырынча менин жардамым катары, бир тонна кант, он медогонка, жүз килограмм вошина, беш сотообрезной стол, он тараза, 30 сетка, рамкага тартканга 5 кг. түрмөк зым, дымарь, стамеска сыяктуу майда инвентарларды, бир самосвал Газ-52 маркасындагы автомашинаны беребиз. -Акчасын кийин акчалуу болгондо которуп берерсин"-деп, ишеним кат менен берди. Мен келгениме сүйүнүп, бергендерин алып кетип, жаңы ишиме кириштим. Райондук аткаруу комитетинен аары уюгун коючу жер тилкелерин белгилеткен чечим чыгартып алып, ошол жер болүктөргө аары уюктарын коюп, иштей баштадык. Менин багыма ошо жылы жакшы жыл болуп, аары уюгун үч жүзгө жеткирип, бир тонна бал алып, 3 сом 20 тыйындан заготконторага өткөрүп "бутубузга тура" баштадык. Ошол **1977**-жылы 300 ары уюгун кышка даярдап кыштаттык.

1978-жылдын жазында аары уюгу кыштап жакшы чыгып, эки жолу жер которуп, нектарлуу, бал берүүчү жаңы жерге алып барганыбыздан үч жолу тартууга жетишип, эки тонна бал алып, аары уюгунун санын 450 гө жеткирип кышка жакшы даярдап кыштаттык. Аарычылык бирикмеси эки жыл мурун МЖС мекемесине 1000 аары уюгун берген экен, алар өздөштүрө албай 600 ары уюгун өлтүрүп алышып, 400 эле аары уюгу калыптыр. Республикалык аарычылык мекемесинен адистер, айыл чарба министрлигинен буйрук алып, аары уюгун бизге өткөрүүгө келишти. Август айы аяктап талаадан аары уюгу эч бир нектар алып келбей калган учур эле, "Уюкта бал жок экен. Бул аары уюктары кыштан чыга албайт"-деп, мен өткөрүп алуудан баш тарттым. Ошондо Иван Тимофеевич мени менен өзү сүйлөшүп, "Ар бир уюкка 15 килограммдан, баардыгы болуп 6 тонна кант берем. Ал эки-үч күндө жеткирилет. Сентябрь ичи кант менен баксаң кыштан жакшы кыштап чыгат. Ала бер" -деп айткандан кийин мен бүт аары уюктарын өзүм карап чыгып анан кабыл алдым. Иван Тимофеевич кантты убагында жеткирип мен аарыны кышка даярдап чыгууну колго алып, ошо жылы **900** ары уюгун кыштатып алдык. **1978-1979** - жылдын кышынан жакшы чыкканга жараша ошо жылы жыл да жакшы түшүмдүү болуп, ар бир уюктан эпүү килограммдан

товардык бал алып, мамлекетке 4,5 тонна бал сатып, аары уюгун дагы **300** гө көбөйтүп **1979-1980**-жылга **1200** аары уюгун кыштатууга койдук.

1977-жылы биринчи катчы Казы Кубаналиев катчылыктан бошотулуп, Курманбек Абдыразаков биринчи катчылыкка шайланган. Областык партия комитетинен Талабай Жнушкулов бошотулуп, Катен Кыдыков обкомго биринчи катчы болуп шайланган. Катен Кыдыков келгенден баштап, "Беш жылдыкты үч жылда аткарабыз"-деген ураанды көтөрүп, козуга кошуп жазуу, менчиктен эт алуу, кулунду, музоону, козуну, тууй электе эле келишим түзүп алуу башталды. Бир жолку обкомдун активине катышып, Катен Кыдыковдун өз оозунан, "Кочкор совхозу менен Чолпон совхозу ар 100 тубардан 130, ал эми алдыңкы чабандары **180- 200** ден төл алды"-деп айтканын угуп, көп жылы чарбада зоотехник, башкарма болуп иштеп, 30 жылдан ашык алектенген мен, "Оо кудай! Мунун арты кандай болоор экен"-деп, ичимден ойлоп, бул сөздү укса өмүр бою меринос метис кой менен иштеп, төлүн жүз элүгө жеткире албаган, **120-130** дан төл берет"-деп, бизге лекция окуган, илимдин доктору, профессор Лушихин не дэмегин ойлоп, обкомдун биринчи катчысынын айтканы чындык болсо, бул азыркы койлор чочко болуп кеткенби?"-деп, уккан кулагыма ишенбей олтурдум.

1978-жылдын төлүнүн жыйынтыгы чыга электе эле Областтык комитеттин бюросундагы трибунада турганда тил угуп калган Курманбек Абдыразаков төлдү жыйынтыктоо үчүн май айында райондун активин бюрого чакырды. Бюро болгонго чейин эле анын кабинетинде областык финансы бөлүмдүн башчысы менен областтык пландоо бүлүмүнүн башчысы Алышпаев олтурганын айтышып, жыйын залында эки-экиден күбүрөшүп, "Обком төлдү район боюнча жүз ондон жыйынтыктап кел"-деп, жогоруда айтылган экөөнү жибериптир. Биринчи катчы өзү чалып, "Район **93** төн зорго төл алды. Аны өзгөртө албайбыз"-десе, областтык комитеттин биринчи катчысы катуу тилдеп койгон экен. Аны ошондон кийин көргөндөр, "Райкомдун биринчи катчысы маанайы пас, капалуу ары бери басып турат"-деп айтышкан.

Бюро саат тогузга чакырылган, бирок саат он бирден өтсө да негедир баштала элек болуучу. Бюрого келгендер бири бири менен өз алдыбызча ар кайсыны сүйлөшүп күтүп жатканбыз. Экинчи кабаттан областтык мамлекеттик пландоо бөлүмүнүн башчысы Алышпаев демиге чуркап келип, четте турган мени колумдан тартып, сыртты көздөй умтулду. Мен эч нерсени түшүнбөй аны ээрчип чуркап келе жаттым. Райкомдун имаратынын күн батыш жактагы терезесинин астына чуркап келсек, кулап түшкөн райкомдун биринчи катчысы Курманбек Абдыразаков жерде сулк жатыптыр.

Менден мурда жеткен Алышбаев мени тиктеп, "Залда врач болсо тез чакырыңыз"-деди. Мен кайра чуркап залда олтурган райондук оорукананын башкы врачы Жакишев Аманканды чакырып келдим. Врач башын жөлөп көрүп, деми чыкпай атканын байкап тез жардамды чакыртып оруканага алып кетти. Ошо менен райкомдун бюросу болбой тарап кеттик. Кечке маал мага, райкомдун экинчи катчысы менен

райондук аткаруу комитетинин төрагасы, райкомго келүүмдү суранып телефон чалышканынан келдим. Райондун мекеме жетекчилери баары келишип, күтүп турушуптур. Катчынын сөөгүн элине жеткирүү жөнүндө сөз болду. Райкомдун экинчи катчысы менен, аткаруу комитетинин төрагасы Азиз Абдыкеримович мени, "Абдыразаковдун аялы менен райкомдун аппаратына кошулуп сиз барыңыз. Тогуз-Торолуктардын азыркы аксакалы эле сиз экенсиз"-деп, мени кыстоого алышты. Айла жок бара турган болдум. Обком аркылуу Ат-Башынын райкомуна айтылыптыр. Биз барганда туугандарына угузулуп, боз-үй тигилип бизди күтүп турушуптур. Ат-Башыга келип, сөөктү машинадан түшүргүчө эле, аялдар чуру-чуу түшүп ыйлап, жакын туугандарынан беш-алты киши өкүрүп бакырып сөгүнүшүп, "Канкор Тогуз-Торолуктар союптурсуңар"-деп, бизге жулуна башташтьı. Райондун аткаруу комитетинин төрагасы Азиз Абдыкеримов, "Мен Тогуз-Торолук эмесмин дегенсип кетенчиктеп, астына мени түртүп, аксакал бирдеме дебейсизби тигилерге" -деп, мени түрткүлөгөндө, райкомдо иштеген балдар эмне кылса да чогуу көрөлү дегенсип мени айланчыктап жылбай карап турушту. Мен жардаган элди беттеп, тиги сөгүнгөндөрдү жылдырбай кармап тургандарга угуза, "Туугандар, Курманбек Абдыразаковичти Тогуз-Торолуктар өлтүргөн жок. -Өлтүрсө минтип сөөгүн жүктөп келмек бэлек? -Эмне болуп өлгөнүн аялынан сурап, анан бизге жулунбайсыңарбы? -Биз дагы ал киши, "Аялына кат жазып коюп, анан экинчи кабаттан боюн таштап ушул ишке барыптыр"-деп уктук. -Биз ал катты окуган да жокпуз. Тогуз-Торолуктардын силерге өлүктү алып келгенден башка күнөөсү жок туугандар"-дедим.

Эл болгондон кийин, жөнтөгү да тентеги да болот эмеспи. Эстүү-баштуулары, "Жүйөөлү сөз. -Аялы келди го. -Сурап чыккыла"-деп, эки-үч аялды, бир эркекти киргизип сурагандан кийин, бизден кечирим сурашып,"Үйгө киргиле. -Ачуу үстүндө айтылган сөздү кечирип койгула. "Билбеген киши уу ичет"-дегендей, укканыбыздан кийин, "Киши колдуу болду го"-деп, балдардын оозунан аркыл сөз чыгып кетти"-дешип, кечирим сурашты. Биз үйгө чакырышканына ыраазылыгыбызды билдирип, "Кайсы күнү коюларын тактасаңар ошол күнү келип топурак салып кетели"-деп, дайынын билип алып кайра кеттик. Мен жол бою кыжаалат болуп, "Ушул калпычылык, кээбир жетекчилердин жеке өзүнүн абройун көтөрүш үчүн болгон жорук, дагы канча кишини жоготуп, канча кадрды жоопко тарттырып аксатар экен"-деп ойлоп келе жаттым.

Айтылган күнүнө бир бээни машинага жүктөп, беш миң сом акча чогултуп келип кошуп, топурак салып, Курманбек Абдыразаковичти акыркы сапарына узатып, "Чынчыл, ак-ниет мээнеткеч киши элең. -Жаткан жериң жайлуу топурагың торко болсун"-деп, айылыбызга кайттык.

Обкомдун биринчи катчысы Катен Кыдыков өзүн-өзү билип, өтүгүн төргө илип Нарын областынын алты районуна билген талканын чайып, "5 жылдыкты 3 жылда аткарабыз"-деп чамынып атты. Башка райондорду билбейм,Тогуз-Торо районунда жашаган эл тегиз жардыланып калды.

1980-жылдын июль айында Тогуз-Торо районуна райкомдун биринчи катчылыгына Кыдыкбек Байгазиев шайланып келди. Менчик малдан өткөн жылдары жарым-жартылай ажырап калган эл мал багып, жана дыйканчылык кылып, жаштардын басымдуу көпчүлүгү жаңы ачылып жаткан «Макмалалтын" комбинатынын курулушуна, шахтасына жумушчу болуп иштеп, туруктуу төлөнгөн айлыкка таянып, жашоо тиричилигин өткөрө башташты. Мен иштеген мамлекеттик аарычылык бирикмеси уюшулганына үч жылга аяк басып, кирешелүү тармак болуп, финансылык абалы биртоп жакшы болуп калган эле. Ошол 1980-жыл да жакшы болуп, аары уюгунун саны 1500 ге өсүп, 3 жолу Кан-Ачуунун төрүнө чейин көчүп, жаңы орун которгонубуздан 3 жолу бал тартууга жетишип 6,5 тонна товардык бал өндүрүп, мамлекетке өткөрүп, Кыргызстандагы аарычылык 5 совхозу жаратпаган ийгиликти жаратып, аарычылык тармагында иштегендер арасынан рекорд койдук. Аарыны кыштатканга 15 жерге үй курдук. Жылдын жыйынтыгы менен 3 аарычы жеңил машина менен сыйланып, райондун, областтын ардак тактасына жазылып, мен СССР Жогорку Советинин Президиумунун жарлыгы менен «Ардак белгиси»-деген орден менен сыйландым.

1981-жылдын май айында Кыргыз ССР инин Министрлер Кеңешинин токтому чыгып, «Атай» аарычылык совхозу уюшулуп, республикалык аарычылык бирикмесинин башчысы Иван Тимофеевич Мартынов өзү айылчарба министринин буйругун ала келип, мени жаңы уюшулган совхозго директорлукка көрсөтүп, райкомдун бюросуна өзү катышып, сөз сүйлөдү. Анан 15 күн мени менен чогу жүрүп, совхозду уюштуруп, Бирдик колхозунан жердин чегин, мал-мүлктү бөлүп алганча биз менен чогуу болуп, техника жана башкалардан жардам жасаарын айтып, иштин башталышынын жүрүшүнө ыраазы болуп кетти.

Мен ишти жаңы уюшулган совхозго, контора, клуб, склад, мончо, бала-бакча салуудан баштап, өзүбүздүн жумушчулардан сырткары 2 бригада, сырттан келген чечен, орус жолдошторду келишим менен ишке алып, совхоздун жүгөрүсүн сугаруу, культивациялоо, көп жылдык чөптү сугаруу сыяктуу иштерин колго алып баштадым. Звено, бригадаларды түзүп иш жүргүзүп, анан көп жылдык чөптү оруу кирип келип, аны чаап, престеп жыйып алдык. Анан эгин оруу келип, анын артынан жүгөрү чабылып, силос ачытылып, ошентип иштер биринин артынан бири келип, сентябрьда кыркымдан кийин жайлоого семиртүүгө коюлган койлорду Жалал-Абад эт комбинатына өткөрдүк. Ондүргөн 7 тонна балды мамлекетке өткөрүп, совхоз айрым иштерин жыйынтыктап, мал кыштай турган сарайларын ремонттоп, контора, клуб, склад, мончо, бала-бакчанын курулушун бүтүп, ишке киргиздик. Октябрь айы жаңырып козуну бөлүп, койлорду куутка даярдап, куут пункттарын ремонттоп, коңтормо айдап жатканбыз. Мен аары уюктарын кышка кандай даярдык менен коюлуп жатканын текшерип, Туура-Кайың, Алакан, Кара-Булактарды кыдырып, эки күн конторага келген эмес элем. Келсем бухгалтер, «Сизди көчөөдөн бери, Кыдык Байгазиевич издеп, эки-үч жолу

сурап, келээрим менен райкомго келүүмдү айтты»-дегенинен, мен эртеси райондук комитетке бардым.

Саламдашып учурашкан соң, столунун тартмасынан эки баракка жазылган катты алып чыгып, «Бул арызды обком текшерүүгө мага жибериптир. «Ит күлүгүн түлкү сүйбөйт»-дегендей, жаңы уюшулган совхозго 5-6 айга жеткирбей ошончо чоң курулуштарды куруп, тоют даярдоонун планын ашык аткарып, көп бал өндүрүп мамлекеттик сыйлык алып, макталып жатканың тууганларыңа жаклай жатат окшойт. Кыргызда, «Тууганың болсо душманым жок дебе»-деген макал бар. Анан арыздагы колу коюлбай, аты тизмеленген кишилердин атын окуп, «Булар кимдер? Совхоздо иштешеби?»-деп сурады. Мен, «Булардын баары, мурда колхоздо актив болуп жүрүшүп, пенсияга чыгып, бекер жүргөндөр»-дедим. Кээси, колхоздун убагында иш узакка созулуп, эл илең-салаң иштегендиктен, талаада калган чөп, саманды ташып үйүнө жыйып алганга, комбайындан дан уурдап түшүрүп алганга көнгөн шылуундар. Совхоз ишти жакшы уюштуруп, ишти тез бүткөндүктөн, «өнөрлөрүн өркүндөтө албай» калып, ичи күйүп жаткандар экен. Арызда жаңы эчтеке дэле жок экен. Баягы мени Жыргалбеков колхоздун башкармасынан алгандагы эле материалдар жазылыптыр. Кыдык Байгазиев, «Мен мына бул арыздагы адамдардын айрымдары менен мындан 5-6 күн мурун таап сүйлөшкөнмүн. Алардын бул арызга тиешеси жоктору да бар экен. Бири да, «Мен жазганмын»-дебеди. Обкомдун биринчи катчысы менен кечээ сүйлөшсөм, «Обкомдо бюро болот. Атай совхозунун директорун ала кел»-деди. -Балким сени бюродо бекители дештиби?- Же сени менен бетме-бет сүйлөшүп, сени жакындан билгиси келип жатабы? -Айтор, эртең менен саат тогуздагы самолёт менен учуп кеткидей бололу. -Сен камынып саат сегизге келип кал»-деп, чыгарды өзүнөн.

Биз эртең мененки саат **9** дагы самолёт менен учуп Нарынга, ал эми обкомго саат **10** боло электе келдик. Мени Кыдык Байгазиев обкомдун айыл чарбасын тэйлеген катчысы Казыбай Алымбековичке киргизип, өзү обкомдун биринчи катчысына кирип кетти. Мен ал кишинин кабинетине кирип саламдашып, ал көрсөткөн орунга жай алганымда, анын астында менин өздүк делом жатканына көзүм түшүп, «Бул киши менин делом менен таанышып жаткан экен» - деген ойдо олтурганымда, ал мени сөзгө салып, «Ишиң кандай? Кышка жеткидей тоют камдай алдыңарбы?»- деп сурап, «Канаттандыраарлык. Быйыл да аары уюгунан 7 тонна бал алып, жакшы көрсөткүч жаратыпсыңар. Бул кубанарлык көрсөткүч экен»-деди да, «Сен мындан биртоп жыл илгери Киров атындагы колхозго башкарма болуп иштеген экенсиң. Андан эмне болуп бошогонсуң?»-деп сурады. Мен, «Тоютту кышка жеткидей эле камдадык окшойт. Кесек тоют да, чыктуу тоют да өткөн жылы ошо бөлүмдөн камдалган тоюттан 20% көп даярдалды. Иш жакшы эле жүрүп жатат окшойт. Байкоомдо, совхоз бардык пландарды ашыгы менен аткарды. Ал эми, мындан беш жыл илгери башкармадан дең соолугума байланыштуу арызым менен бошогом»- дедим. Казыбай Алымович мени

көзүнүн кыйыгы менен тиктеп туруп, мага ишенбегендей көз караштa, столунун тартмасынан кечээ Кыдык Байгазиевич мага көрсөткөн арыздын копиясын алып чыгып, «Бул арызды, ошо азыр сен иштеп жаткан «Атай» совхозунан жазышыптыр. Киров атындагы колхозду жеп ичип, атасына тыныке менен жаап үй салып бергени үчүн бошогон. Ошо кездеги биринчи катчы Жыргалбеков менен дос болгондуктан ал колдоп, сот жообуна тартылбай кызматтан кана бошоп кутулган»-деп, келип, «Эми ошол адам кайра биздин совхозго директор болуп келип жатат. «Бул адам бул ишке ылайыксыз»-деп, отуз адам кол коюптур»-деди. Мен аны угуп олтуруп, сөз келгенде, «Казыбай Алымович, бул арыз ушуну менен төртүнчү жолу жазылып жатат. Муну мурда обкомдон, Кыргызстан КП БК нан, ССКП БК дан текшерүүчүлөр келип, үч жолу текшеришкен. -Силер да текшерип көрүңүздөр»-дедим.

Ошентип, мен Казыбай Алымовичтен чыксам, түшкү танапис башталып, обкомдун кызматчылары чыгып кетип жатышыптыр. Катен Кыдыков Байгазиевди ээрчитип, кабинетинен чыгып келе жатканын көрүп, басып барып салам айтып, Катен Кыдыков менен учураштым. Ал мени менен учурашып жатканында сын көзү менен карап туруп, эч сөз айтпай басып кетти. Кыдыкбек Байгазиев экөөбүз тамактанууга ашкананы көздөй бастык. Тамактанып олтурганда Кыдыкбек Байгазиевич, «Мен биринчи катчыда болгондо, сенин үстүңөн жазылган арыз жөнүндө менин пикиримди сурады. Мен, «Бул арыз көрө албастыктан бир эле арызчынын жазганы. Элдин пикири мындай эмес. -Ишти билген жакшы кадр. -Ишти жакшы баштап, жакшы алып бара жатат»-деп түшүндүрүүгө аракет кылдым. -Бирок бул түштүктүк туугандардын ата-бабасынан бери канына сиңип калганбы, айтор колхоздун башкармасы, совхоздун директору болчу орунду **5-10** миңге чейин баалап коюшкан түрү бар. -Нарындыктар, түштүктөн келип, биринчи катчы болгон Өнөровду, «Ферма башчысы болчу адамды, өз дооласын алып келбесе ал кызматка койдурбайт»-деп айтышканы бекер эмес экен. -Сен түштөн кийинки самолёт менен кетип, эртең эртемененки самолёт менен 5 миң сом алып келип кал. -Үйдө акчаң жок болсо, совхоздун кассасында акчаң бар го. -Карыздап болсо да алып кел. -Кийин айлыгың менен жаап аласың. -Менин баамымда Катен сени ансыз кабыл ала турган эмес»-деди. Мен, «Кыдык Байгазиевич, параны пара алган кана киши бербесе, менин ага жондомум жок экен. -Бироонун бир нерсесин бекер алганды табиятымдан жакшы көрбөйм. -Бироого кошомат кылып параны бере да албайм. -Тапкан маянам менен бала-чакамды багып жашаган кишимин. -Өзүңүз көрдүңүз го, көп бала-чакалуумун. -Жыйнап кармаган акчам да, ашык мал-мүлкүм да жок. -Совхоздун кассасынан акчаны алып, аны парага бере албайм. -Ансыз да арыз жазып жаткандар жөн турмак бэле? -Биринен бири угуп, «Кассадан мынча акча алып жеп койду»-деп, чуулдатып прокурорго келишет. -Ошондо Катен, «Мен алдым эле. -Абдылдаевди жөн эле койгула»-деп айтпайт ко. -Сиз да мени коргой албай, мен жоопко тартылып калам. -Ансыз дэле мага жалаа жаап, 30 кишини тизмелеген арызчылардын арызын кармап турасыз го»-деп,

айтып, «Директорлук кызматына ыраазымын. -Мен кете берейин»-деп, Кыдыкбек Байгазиевич менен коштошуп, түштөн кийинки учкан самолёт менен үйгө келе бердим.

Кыштын алгачкы айы башталып мал кыштоого кирип, декабрь айында Айыл чарба Министрлиинен мени бошотуп, Акматов Кармышты «Атай» совхозуна директорлукка дайындоо тууралуу буйрук келди. Ал райкомдун бюросунан өтүп, обкомдун бюросунан бекип, Акматов совхозду менден өткөрүп алды. 1982-жылдын январьынан Кыдыкбек Байгазиевичтин дайындоосу менен мен бир кезде иштеген коммуналдык чарбага башчы болуп кайра иштей баштадым. Коммуналдык чарба дагы хозрасчёттогу чарба болгондуктан, менден кийин 5-6 айда, кыйын болсо бир жылга жетип-жетпей башчылары алмаша берип, мен иштеген кездеги жумушчулар алмашып, техникалары эскирип иш начарлап, дагы 3-4 айлап айлык албай калышыптыр. Ал эми коммуналдык үйдө жашагандар квартплөмдөрүн, газдын, электр жарыктын, суу түтүктөн суу алгандар акчасын өз убагында төлөбөй, көчөлөргө коюлган электр чырактардын акчасы райондун бюджеттинде каралса да райондук финансы бөлүмү убагында бербей, болгон тапкан акчасын, энергетиканы башкарган контора сотко арыз берип кесип алып, счётунда акчасы жок олтуруптур. Мен коммуналдык үйлөрдө жашагандар менен сүйлөшүп, газ, электр жарыгы, квартплөмдөрүн төлөтүп, финансы бөлүмү менен тил табышып, бюджеттен төлөнчү акчаны которуп алып, таштанды ташыгыч менен суу ташыгычты оңдотуп иштетип, мекемелер менен жаңы келишим түзүп, мусорлорун чыгарып, ишти жанданта баштап жумушчуларга айлыкты ай сайын төлөй баштадым.

Ошентип жаз да келди. Март жаңырып кыштын илеби сынып, күн жылымдап жолдун таманы эзрип жантая баштаган эле. Бир күнү конторада олтурсам саат 10 ченде, «Сизди райкомго обкомдун биринчи катчысы келип чакырып жатат»-деп, райкомдун жалпы бөлүмүнүн башчысы Ысаков Макен машина менен келип, мени алып барып, Кыдык Байгазиевдин кабинетине киргизди. Мен Катен Кыдыковду обкомдун биринчи катчысы катары сыйлап, ага саламымды айтып, бирок кол берип учурашпай эле каршы алдына барып, отуруумду сунуштоосун күтүп туруп калдым. Кыдык Байгазиевич жаңсап орунтукту көрсөткөн соң анын каршысындагы олтургучка отуруп калдым. Катен Кыдыков менин саламымды алик да албай, мени каардуу тиктеп, «Сен эмне «Атай» совхозуна зоотехник болуп иштөөдөн баш тартып, баса бердиң? -Элиң жаңы директорго жакшы көнүгө албай, малдын өлүмү көбөйүп, совхоздун иши начарлай баштаптыр. -Ал совхоз атайын аарычылык совхозу болгону менен, аарычылык боюнча адис сен эле экенсиң. -Жаз болуп аарычылыктын иши башталганы калды. -Барып ошол ишти колго алышың керек»-деди, буйрук бергендей, одоно түрдө. Ансыз да анын мага карата жасаган одоно мамилесине ичимден кыжырым келип, жек көрүүм күчөп турган элем. Баягыдагы директорлукка 5 миң сом сураганын эстеп, «Мен бара албайм»-деп жооп бердим. Ал менин түз айтканыма кыжыры келе түштүбү, айтор, үнүн көтөрө чыгарып, «Сен

барасың!»-деди. Мен да оюшо каяша айтып, «Барбайм. -Ал кызматка барып иштегидей акчам жок»-дедим. Ошондо баягыдагы акча сураганы эсиме келе калдыбы. Кыдыкбек Байгазиевичке карап, «Барбаса бүгүндөн баштап иштен бошот -Башка жумуш бербе. -Комхозго башка адамды дайында»-деп, ооз эки буйрукту менин көзүмчө берди. Мен да ага тике карап, «Силердин ишиңердин мага кереги жок. -Мен жаңы ачылып жаткан «Макмал алтын» кен комбинатына кароолчу болуп иштесем да оокатым өтөт»-деп, ордумдан тура баштаганда, ал Кыдык Байгазиевичке олурая карап наалып, «Коммунисттерди ушундай тарбиялап? -Мунун коммунисттигин да бюродо карагыла»-дегенде, мен, «Эй Катен, мен турмуштук тажрыйбам, жашым боюнча да Кыдыкбектен улуу кишимин -Ал сен экөөбүздү тарбиялаганга жаштык кылат. -Мага айтаар башка сөзүң жок көрүнөт»-деп, чыгып кеттим. Мен сырткы дарбазага жеткенде Макен Исаков артымдан жетип, «Сизди обкомдун биринчи катчысы кайра чакырып атат»-деди. Мен ачууланган абалымда, «Болду мен ага экинчи барбайм. -Болбой койгонумду айтып бар»- дедим да, үйгө кетип калдым. Ошол бойдон, комхозго да барбай, бир жума жумушка көңүлүм жок, маанайым келбегенден үйдө болдум.

Бир күнү үйдөгү телефон шыңгырганын алсам, трубкада Кыдыкбек Байгазиев экен. Ал кишинин адамкерчилигин, өз демилгеси менен бироодон «Бирдеме алайын»-деп талап кылбаган нысалтуулугун, Жогорку Кеңеште Төробай Кулатов менен көп жыл иштешип, жакшы тарбияда өскөн кадр экенин ичимден жактырып, ал тууралуу жакшы пикирде элем. Кээде командировкада чогуу болуп калганда чай ичишип, мейманканада жатканда шахмат ойнол. өзүн өйдөсүнбөй мени теңтушундай кабыл алганын жактырчуумун. Барсам, Кыдык Байгазиевич, «Борбордук Комитеттен анын секретары Наумов телефон чалып, ал обкомдун биринчи катчысы менен сүйлөшкөнүн айтып, «Атай» аарычылык совхозу атайын аарычылык тармакты өнүктүрүш үчүн түзүлгөнүн айтып, «Аары чарбасын билген сиздей жалгыз адисти бошотуп салыптырсыңар»-деп, нааразы болуптур. «Эмне кылсаң да кайра «Атай» совхозуна башкы зоотехникке сени дайында»-деп, мени обкомдун биринчи катчысы кыйнап атат»-деди. Ошону айтып, «Асек! - Сен экөөбүздүн түз саламдан башка алгы-бергибиз жок ко, -Сенден суранам. «Атай» совхозуна кайра башкы зоотехник кызматына барып, мени бул бир балээден куткарчы»-деп, жалооругансып суранды. Мен райкомдун мурдагы катчысы маркуум Курманбек Абдыразаковдун эки жыл илгери кабылган кайгылуу тагдырын эстеп, Кыдыкбекти сыйлаганымдан жок дей албай, 1982-жылдын апрель айында «Атай» аарычылык совхозуна башкы зоотехник болуп кайра бардым. Мени кайра аарычылык совхозуна алып барууга Борбордук Комитеттин айыл чарбасын тейлеген катчысына чейин маселе коюп жатып, аарычылык боюнча адистигимди баса корсөткөн республикалык аарычылык бирикмесинин башчысы Иван Тимофеевич Мартынов да Наумов аркылуу басым жасаса керек»-деп, ичимден ойлоп калдым. Иван Тимофеевич Мартынов болбосо аарычылык совхозу уюшулмак да эмес. Болбосо, Кыргызстан

Борбордук комитетинин катчысы Наумов мени кайдан билмек эле жана анын жеке менин адис катары тагдырым жөнүндө ойлоно турганга жөнү да жок болуучу.

Ошентип, совхоздун директору Акматов Кармыш менин балам куракту болгондуктан, ал мени ата катары кабыл алып, менин пикиримди угуп, мени менен тил табышууга аракет жасап, чогуу иштешип калдык. Менин туруктуу бир принцип кармаганымды, таза иштегенимди угуп билгенинен, айтор, анын да жердигинен нысаптуулугу, иманы таза, алдым-жуттумга барбай таза иштегени мага жакты. Бир гана жери жогорку билими жок, экономиканы жакшы билбейт экен. Бирок ал мүлкко жакшы корукчу болду. Кийинчирээк, анын совхоздун каражатын, совхоздун киреше табуусуна жумшабай, азын да, көбүн да анализ кыла албай, курулай коруна бергени бар экени да маалым болду.

1983-жылы Кыдыкбек Байгазиев райондук комитеттин биринчи катчылыгынан бошотулуп кетип, Кайып Калназаров деген адам биринчи катчылык кызматка келди. Окурман менин баяндамамдын башынан бери, бир кичинекей райондун дэңгээлинде эле кандай кадрдык башаламандык болуп, жана ал кандай экономикалык кесепетке алып келип жатканын байкады болуш керек.Ошентип, совхозго директор болуп дайындалган Акматов Кармыш «Атай» совхозунун бардык ички-сырткы иштерин мени менен бирдикте чечкенге аракет жасаганынанбы, же мен ошол айылдык болгондугум-данбы, айтоор совхоздун эли бардык ишин мага айтып, мени менен чечкенге аракет жасаар эле. Акматов да, «Аксакал менен кеңешели»-деп, же кээде, «Тиги кишиге баргыла»-деп, жоопкерчиликти жөн эле мага түрте салчуу болду. Мен мындай жагдайдан кооптонуп, өзүм чече турган иш болсо да чечпей, Акматовка ээрчитип барып, анын ою боюнча чечүүгө аракет жасап, директордук кызматта турган Акматовдун аброюн көтөрүү аракетинде болуп жүрдүм. Анткени, ушундай жагдайдан жалкып калган жайым бар эле.

Ошол, 1983-жылдын күзүндө райондук партия комитетинин конференциясында Калназаров Кайып биринчи катчы, Исаев Болот экинчи катчы болуп шайланышты. «Атай» совхозу аары уюгун эки миңге ге жеткирип, жылына алты-жети тоннадан товардык бал өндүрүп, бардык план-милдеттемелерди аткарып, райондун ардак тактасынан түшпөй, алдыңкы чарбалардын катарында турду. Ноябрь айында совхоздун директору Акматов Кармыш райкомдун бюросуна барып келип, «Тогуз-Торо району Ак-Талаа районунун «Пионер»-деген, бордоп семиртүү совхозуна 600 ноопас бермей болду. Анын ичинде Ленин колхозу 150, Кызыл-Жылдыз 200, Киров 100, Атай совхозу 150, Бирдик 150 »-деп, келди. «Биз ноябрьдын он бешинен калтырбай «Пионер» откорм совхозуна жүктөп жеткиришибиз керек. Ар бирине 18-19 ноопас жүктосек 7-8 машина болот экен»-деп, гараждын башчысын чакырып, «Автоунаа даярда»-деп, буйрук берип, мага болсо, «Сиз ноопастарды даярдаңыз, 1984- жылдын биринчи кварталындагы эттин планын ошол ноопастарды откөрүп кутулат экенбиз»-деди. Мен, «Кармыш, Сен совхоздун ала турган пайдасын же тарта турган зыянын эсептеп кордүңбү?»-дедим.

Ал, «Кандай пайда, кайдагы зыянды айтап жатасыз?»-деди, менин суроомду жактырбагандай. Мен, «Совхоз , баккан малынан пайда алып, иштеген элине киреше алып келип берип, рентабелдүү болгондо гана жашай алат, -Совхоз чарбалык эсептеги ишкана. -Бул сага колхоз эмес, зыян тарткан учурда элдик жалпы чогулуштун чечими менен, жумушчулардын эмгек акыларын өйдө же ылдый кылып, мамлекеттен карыз алып жашай бергидей»-деп, мен каршы пикиримди айттым. -Биз элге айлык бере албасак, анда мамлекет бизге бекер акча берип, жумушчуларыбызды багып бербейт. -Жумушчулар туруктуу айлык берген жерге кете берет. Мен өткөн жылы «Кызыл-Жылдыз» колхозунун Ак-Талаа районунун «Пионер» малды бордоо совхозуна берген ноопастарынын чыгымы менен таанышкам. -Бир ноопасты 100 күн бордоп багыш үчүн ар бирине **386** сом төлөшүптүр. -Андан сыртқары ташып жеткиргенине кеткен чыгымы ар бир ноопаска **186** сомдон экен. -Ошентип **572** сом чыгымдап, бирок ар бир ноопасты эткe 320 сомдон эле өткөрүп, алар ар бир ноопастан 252 сом зыян тартышыптыр. -Биздин өзүбүздө ноопастарды бордогонго силос да, жем да, жетиштүү. -Бир сом да ашык чыгымдабай бордоп семиртип, озубуз эле Нарындагы эт комбинатына, комбикорм алып келген автоунаага жүктөп барып, биринчи кварталдагы эттин планын төксөк болот. -Ошондо тоютка 200 сомго жетпеген чыгым жасап, бирок ар бир ноопастан 150 сомго чейин таза пайда алабыз»-дедим. Акматов мага ынанып, «Мен бул жагын көңүлгө албаптырмын. -Бардык колхоздун башкармалары макул болушканынан мен да макул болгон элем. -Анда мен бул тууралуу биринчи катчыга кайра сүйлөшөйүн»-деди.

Бир саат отпой ал мени чакырып, «Биринчи катчы телефон менен сүйлөшүп, эртең экөөбүздү бирге келгиле»-деп, мага ачууланып телефонун коюп койду. -Сиз жанагы эсептериңизди даярдай бериңиз. -Эртең бирге баралы»-деди, кабагы салыңкы. Чамасы, биринчи катчы аны капа болгон маанайы менен катуу тилдеп койгондой.

Эртеси Кармыш экөөбүз райондук комитетке келип, ал биринчи катчыга кирип кетип, мен кабылдамада күтүп калдым. Коп өтпөй анын кабинетинен экинчи катчы Болот Исаев чыгып, мени өзүнө ээрчитип кирип, «менин саясый сабатсыздыгымды жою» максатында «ыйман» сабагын окуй баштады. «Аскараалы Абдылдаевич, сиз түшүнүктүү эле кишисиз, туура түшүнүңүз. -«Пионер» откорм совхозу областтын райондорунун мамлекетке биринчи-экинчи кварталдагы эттин планын аткаруу үчүн түзүлгөн. -Малды жогорку семиздикте бордоп, мамлекетке төгөт. -Бул партиянын саясаты. -Сиз ноопастарды беришиңиз керек»-деди. Мен, «Болот Исаевич, тоюту жетпей, өзүндө бордой албаган биринчи-экинчи кварталдын эт планын төгө албаган чарбалар берсе болот. -Партиянын экономикалык саясаты, «Өзүңөр чыгымын тартып, пайданы башка совхозго бергиле деген саясат эмес ко»-деп, аны биздин чарба үчүн өзү өндүргөн азык түлүгүнөн пайда алуусу тууралуу түзүп келген эсебим менен тааныштыра баштадым да, «Сиз «Кызыл-Жылдыз» колхозунун өткөн жылы «Пионерге» берген малынан алган пайда, зыян менен таанышып корсөңүз түшүнөсүз»-дедим. Болот Исаев

мага кош коңүл карап, «Кыскасы бербейбиз дейсизби?»-деди. Мен, «Ооба биз ошондой чечимге келдик»-дедим. Ал, «Анда жүрүңүз, биринчи катчыга кирели. -Акматов, «Берели десем Абдылдаев болбой атат»-деп, сизге шылтоодо»-деди. Мен, «Ал андай пикирде эмес болучу. -Биз бул маселени чогуу эсептеп чогуу чечкенбиз»-дедим. Ошондон кийин мага, Акматовдун Какен Кыдыковдун кадры катары экономикалык билими эле эмес, жеке жоопкерчилиги, принциби да жок экени даана билинди. Акыркы жылдары, республикалык, областык, райондук партия комитеттеринин волюнтаристтик, регионалисттик, трайбалисттик кадрдык саясатынан, жана аны башкарган инсандардын коррупцияга чөмүлүп кеткендиктеринен айыл чарба мекемелеринин дээрлик көпчүлүгүнө, ал эмес райком партиянын жетекчилигине, райондук аткаруу комитетине да компетенциясы начар, билимдери тайкы, кругозорлору төмөн инсандар дайындалып келип атышты. Ошол эле себептен бардык чарбалар карызга батышып, эмгектенген элге дурус айлык акы да бере алышпай, элет билимдүү, ишке жөндөмдүү адистерден өксүй баштаган эле.

Биринчи катчыга киргенде Болот Исаевич мага сөз бербей, менин сөзүмдү, эсептеген расчётумду айтып, биринчи катчыга баяндап берди. Мен ичимде, «Сураса сюмду айтам, сурабаса көп болсо кызматын алаар. Кызматтан бошобой жүрдүм бэле» - деп, «көктүгүмдү» карматып угуп олтура бердим. Мага, Кайып Калназаровдун Акматов менен кандай сүйлөшкөнү бегисиз болчу. Ал мени жактырбаган көзү менен олурая эки-үч имере тиктеп, «Эгерде биринчи-экинчи кварталдын этинин планын аткарбасаңар экөөң тең парт билетиңер менен жооп бересиңер»-деп, башка сөз айтпай, өзүнөн чыгарды. Акматов жол бою, ойлуу бир ооз да сөз айтпай, конторага келгенде мени өзүнүн кабинет-ине ээрчите кирип, «Аске, биринчи-экинчи кварталдагы планга жеткидей кылып өзүбүз бордойлу. -Аны өзүңүз колго алыңыз»-деди. Биз 40 ноопасты жана желини бузулган, сүтү аз, карыган 20 уйларды силостук бордоого коюп, ар бирине 5 килограммга чейин комбикорм берип атып, февральдын этегинен баштап улам жакшы семиргенин ылгап партия-партия менен, комбикорм алып келген машиналарга бекер жүктөп жонөтүп жатып, марттын ортосунда эки кварталдын этинин планын 118% ке аткарып койдук. Нарын эт комбинатына мен да, Акматов да барбай эле экспедиторду эт комбинаты менен сүйлөштүрүп койдук. Башка колхоздор «Пионер» малды бордоочу совхозундагы уйларын ызычуу болуп жатып мартта төгүп, чырдашып жатышты. Кийин алар үч жылы катары менен «Пионерге» бордогонго жеткирген уйларынын дайынын таба албай, 1000 ноопас, уй берип, бирок анын 400 ноопасы дайыны жок болуп кетип, Кызыл-Жылдыз колхозунун ферма башчысы кылмыш жазага тартылып, түрмөгө камалып, башкармасы кызматынан бошоп чуулдап жатышканда, Акматов мага карап, «Аске, биздин бербегенибиз ырас болгон турбайбы. -Биз берип койгондо, сиз периштедей таза болуп, мен да ошолордой камалып кетмек экенмин» - деди.

Ошол жылы мартта тол баштанып, кой кызуу туюй баштаган убак эле. Тогуз-Торонун суугу, март жаңырганына биртоп күн болгону менен, үчүнөн кайта элек болуучу. «Роддом»-деп, шартуу түрдө атап койгон

койлордун туут үйүнө печка коюп кечинде от жаксак бир аз эле жылып, от өчкөндө ичи аппак кыроо болуп муз тоңуп калып жаткан эле. Ал жерге койду туудурсак, козу бир саатка жетпей эле тоңо турган. Сакмалчыларга сүйлөшүп бооз койго боёк сүйкөп тууй электерин бөлүп берип, сарайдын ичине өзүнчө решетка менен койлор баткандай бөлмө жасап, анын ичине он чакты козу баткындай эски саман престен, рейкадан бөлмө жасап, койду жалпы бөлмого туудуруп, энесине эмизген соң алып, ошо саман «купкага» салып, бир-эки күн торолтуп, жалпы бөлмөнүн ичине кошмо кылып багып жатсак, биринчи катчы айыл чарба башкармасын, анын башкы зоотехнигин, ветлечебницанын башкы ветврачын ээрчитип, конторага келип, Акматов экөөбүздү өзүнүн машинасына отургузуп алып, «Тууттун абалын көрөбүз. -Айткыла, каяктан баштайлы?»-деди Акматовго. Директор, «Башы Уй-Булактагы Мусаевдин короосу, ошондон баштайлы»-деди. Мусаев тууй элек койлорун сыртка чөп чачып, сакманчылар торолгон козуларды энеси менен коюп, тороло элегин саман купкада кармап, биз айткандай багып жатканын көрүп, биринчи катчы, Кармышты жекире, «Мунун эмне?»- деп саман купканы көрсөттү. Директор Акматов кетенчиктеп, жооп бере албай мени караганда мен, «Ал жаңы туулган козуну киргизип коюп жаткан купка»-деп жооп бердим. Биринчи катчы нааразы болгонун жашырбай, мага кыжыры келип, «Это-дедовский метод. Канча козу өлдү?»- деп, орусча кыргызча чалып сүйлөп, анан чабанга караганда, ал, «Өлүү туул, бала салганы бар. Бирок өлгөн козу жок»-деди. Биринчи катчы жанындагыларына, «Сакмалчылар менен сүйлөшүп сарайдын үстүн, чердакты карап чыккыла да өлгөн козуну тактагыла»- дегенде, тигилер клетка-ларды, саман «купканы», сарайдын үстүн текшергени кетишти. Биринчи катчы, «Төрөт үй»-деген жазуусу бар бөлмөнүн эшигин ачып жатып, мени дагы бир иреет жекирип, «Төрөт үйү турса самандан «күпка» жасап, «байыркы» методду колдонуп»-деп киргенде, мен, «Кайып Калназарович! Бир тонна көмүр туут бүткүчө жетеби? -Келгенде бир жагышса, от өчкөн соң тигинтип ак бубак музга айланып калат. -Бул жерде туулган козу эмес, энеси дагы тоңуп калгыдай. - Мына ушундай болуп жатат сиз колдогон «Заманбап»-методуңуздан. Тиги, сиз айткандай, «Байыркы методдун» ичи жылуу, муздабайт. Козулар өлбөй, эсен багылып атат»-дедим.

Биринчи катчы мени менен кайым айтышкысы келбедиби окшойт, айтор жактырбагандай мени карап, сен дегенге отүп, «Сени «Эмгек сиңирген зоотехник»- деген наам ыйгарууга жибергени аттык эле. -Эми жибербей калдык.-Өз оюңду бербеген демагог адам экенсиң»-деди. - Мен ал созүн да тим калтырбай, «Кайып Калназарович, мен ал наамга муктаж эмесмин.-Татыктуу деген башка кишиңиз болсо рекомендация бере бериңиз»-дедим. Ошол бойдон ал директор экөөбүз менен сүйлөшпөй, үч-төрт саат жалпы тубар кой баккан короолорду кыдырып текшерип жүрүп, эки-үч чабандын сакманчысынан бир-экиден, тоңуп козунун олүгүн таап, аларды көрүшүп, акыркы короонун тушуна келгенде ага барып көрбөй, Акматов экөөбүздү талаага машинасынан түшүрүп, таштап, кетип калды.

Акматов экөөбүз 600 метрче жоо басып чабандын үйүнө жетип, абалын билип, ал жерден Акматов ат менен бир баланы конторага жиберип машинасын чакыртып, кечинде үйлөрүбүзгө келдик. Ошондон баштап Калназаров мени менен сүйлөшпөй, мал чарбасына тийиштүү маселени Акматовго айтып, «Жанагы тырышкан зоотехнигиңе айтып, минткиле, минткиле»-деп, мени «тергеп» калды. Мен, «Эгерде ошол текшерүүдө козу көп олсо, биринчи катчынын менин маселемди бюродо карап, мага каршы чара көрүү аракети бар экен»- деп түшүндүм.

Ошол жылы кыш бир аз оор болуп, жаз апрельдин этегине чейин кармалып, **19**-апрельден 24-апрельге чейин сары кар жаап, 30-35 см. кар түшүп, тоюту тартыш чарбаларга кыйын болду. Бирдик колхозу бизден силос, чөп сурап ташып багышып, козулары 25-30% ке чейин олгонүн уктум. Биринчи катчы Кайып Калназаров апрельдин этегинде актив өткөзүп, «Атай совхозунда козу багуунун жакшы методу бар экен, Тогуз-Торонун шартында ошону колдонуу керек, Жолдош Омуралиев райондун кой ферма, зоотехниктерин алып барып Атай совхозундагы чабандардын кандайча козуну олтурбой сактап калганын көрсөтүп, семинар өткөрүш керек»-дегенден кийин, алар бизге келип семинар өткөрүштү. Ошол жылы райондун чарбалары, «Ар 100 тубар койдон **105** тен төл алып жыйынтыкташып, 72 ден сактап калдык»-деп, бөлүштү. Ал эми биздин совхоз 100 тубар койдон **101** ден нак козу алып, **98** ден болдук. Мен оюмда, биринчи катчы Калназаров дагы, баягы Какен Кыдыковдун адатындай жасап, «Жаңы методуна» салып, Атай совхозун припискага түртүп, 110 дон жыйынтыктатуу ойдо болуп, бирок мага даай албай 101 боюнча калтырган экен да»-деп ойлоп калдым.

Ошентип, Калназаров да 1985-жылдын күзүндө биринчи катчылык кызматтан бошотулуп, анын ордуна Курманалиев деген биринчи катчылыкка дайындалып келди. Мен, **1986**-жылдын январь айынан баштап пенсияга чыгып, эс алууга кеттим. Акматов да, райондун айрым жетекчилери да араң эле турушканбы, айтор пенсияга чыгаарым менен, «Пенсияга чыкканына байланыштуу»-деп, буйрук чыгарып февральда кызматтан бошотушту. Атай аарычылык совхозунун бардык көрсөткүчтөрү жакшы, эсебинде эркин акчасы бар, райондогу алдыңкы чарба эле. Ошол **1985**-жылдан баштап эле айрым колхоздор 1-2 миллион сомго мамлекетке карыз болушуп, кредит алуу менен иштеп калышкан болчу. Атай совхозунда, мен кеткенден кийин, совхоздун зоотехниги аары чарбасын билбегендиктен **1986**-жылы товардык бал өндүрүү ото төмонкү көрсөткүчкө түшүп, 7-8 тонна бал өндөргөндүн ордуна 3,5 тонна бал өндүрүштү. Анын бир нече себептери да болсо керек, бирок биринчиден бал «таттуу» эмеспи. Колдоруна эркиндик тийгенде, алар көбүрөк «даамын татып ийишсе» керек. Экинчиден, митаам аары багуучулар дагы мезгилинде оздөрүнө бир тобун «сиңиришип» да коюшу ыктымал. Мындай жетишпегендикти жылдын оор болгонуна шылташып, тим калышты.

Акматов Кармышты **1987**-жылы Кызыл-Жылдыз колхозун башкармалыгынын торагалыгына которушуп, Атай совхозуна Киров атындагы колхоздо партиялык уюмдун катчысы болуп жүргөн, орто билимдүү

адистиги бар зоотехник Жусубакунов Казыбекти директорлукка алып келип, партиялык уюмдун чогулушуна анын кандидатурасы сунушталды. Менин партиялык катоом ушул уюмда болгондуктан чогулушка катышып, жарыш сөздө каршы пикиримди айтып, «Жусубакунов Киров атындагы колхоздо партиялык уюмду жетектеп туруп, колхоз 3 миллион сом карыз болгуча иштесе, бул совхозго жетекчи боло албайт. -Бул совхозго жогорку билими, тажрыйбасы бар кадр керек. -Совхоз көп тармактуу татаал чарба»-дедим. -Коммунисттердин ичинде кошоматчы, колуна кызмат тийбей жүргөн куулар жаңы директорго жагынып, кызмат алууну көздөшүп, улам бири жактап, Жусубакуновдун кандидатурасын откорүп, аны директорлукка шайлашты. Ошол күндөн баштап мен Жусубакуновдун душманы болуп чыга келдим. **1986-1987**-жылдын кышынан аары уюгунун 30% ти өлүп, жаман кыштап чыгыптыр. Жыл ичинде ар бир уюктан 10 килодон товардык бал өндүрүшүп, мамлекетке болгону 1600 кг. эле бал сатышты. Жусубакуновду чукул коштогондор көбөйүп, жумушчу элдин көбү ишке кош көңүл карап, тоют даярдоо, сугат сыяктуу иштер солгундай баштады. Сводка боюнча бардыгы ашыгы менен аткаралганы менен, факты бөлөк эле.

1987-жылдын октябрь айында Курманалиев биринчи катчыдан бошотулуп, Өзгөрүш Мамбеталиев биринчи катчы болуп келди. **1988**-жылдын март айында республикалык аарычылык бирикмесинин башчысы Иван Тимофеевич Мартынов айыл чарба министринен, «Атай аарычылык совхозунан «Асел» аарычылык совхозу болүнүп, өзүнчө совхоз болсун»-деген буйрук алып келип, совхозду болүп, мени жаңы болүнгөн «Асел» аарычылык совхозуна директорлук кызматына көрсөтүп, райкомго ээрчитип келди. Райкомдун бюросу макулдугун бюродо чечип, совхозду болүп, мени директорлукка бекитти. Ал кезде Катен Кыдыков обкомдун биринчи катчылыгынан бошоп кеткен эле. Атай совхозунан 1300 аары уюгун откорүп алып, ишти кайра башынан баштадым. Өзүм апрельдин орто ченине чейин жүрүп, аары уюктарын бирден көрүп чыгып, азыгы жок өлүп жаткандарына көзүм жеткен соң, Иван Тимофеевич Мартынов мени өзү менен ала кетип, жаңы уюшулган аарычылык совхозуна жардам катары бир самосвал **ГАЗ**-53 маркасында автомашина, 3 тонна кантты аарыга азыкка баланстан которуп бекер берди. Ошол **1988**-жылы аары уюгун кайра **2000** ге жеткирип **3900** кг. товардык бал өндүрдүк. Аары уюгун кышка жакшы даярдап кыштаттык. Кышта 10 жаңы аарычылык боюнча жумушчуну аары чарбасынын эсебинен окутуп кадр даярдадык. **1988-1989**-жылдын кышынан аары уюгу жакшы чыгып ошо жылы сегиз тонна товардык бал өндүрүп, республикалык аарычылык бирикмесинен бир ГАЗ-66 автомашинасын сатып алып, аары уюгунун 30% тин жаңы ящиктерге алмаштырдык. Бул чоң иш эле.

1990-жылы ар бир уюктан **50** кг товардык бал өндүрүп **10** тонна балды мамлекетке сатып, социалисттик мелдештин жеңүүчүсү болуп, райондун ардак тактасына жазылдык. **1989-1990**-жылдын кышында январь айынан баштап эле Атай совхозунун тоюту азайып, түтүндү түрө кыдырып арбир үйгө 10 дон, ал эми тоютту арбын даярдагандарга 20 дан койун багып бүрүүнү таңуулап, тарата баштады. Малдын өлүмү

көбөйүп. Жусубакунов келгенден бери эле совхоздун экономикасы начарлап, тартип жок болгондуктан иш үзгүлтүккө учурай баштаган. Баягы аны директорлукка сунуш кылгандагы партиялык чогулушта мен айткандай болуп, үч жылга жетпей совхоз «итке минип», оз убагында жумушчуларга айлык маяна бере албай, жумушчулар ар-кайсы жакка кетишип, иштегенге жумушчу күчү жетпей, тоют аз даярдалып калган. Мындай жетекчинин багына совет өкмөтү жоюлуп, совхоз тарап, олгондон калган мал-мүлктү, техниканы шылуундар талап кетип, артканын элге таратып берип, чыга беришти. Жерлер үлүшкө бөлүнүп берилди.

Аттиң! Баягы, азыркыга караганда акыйкаттыгы бар, мыйзамдар иштеген советтик заман болгондо бул адам, жан жөкөрлөрү менен уурдап, жеп-ичкендери үчүн жооп берип, жатчу жерине жата турган эле. -Бирок ал, ошондо ушул жерден топтоп алган малды, мүлкүн жүктөп алып, келген жагына кете берди. «Асел» аарычылык совхозун акционердик коом катары 1995-жылга чейин кармап, аны менен катар «Байдамтал» айыл чарба кооперативин түзүп, картошка айдап, 10 үй-бүлө тоютту бирге даярдап, дан айдап, мал бактык. 1995-жылы райондун чондору кийлигишип, аарычылар арызданып, менчиктештирүүнү талап кылып атышып, аары уюктарын менчиктештирип, «Асел» аарычылык совхозун да жоюшуп, аары уюктарын аарычылар бөлүп алышты.

Биздин, 1991 түзүлгөн үй-бүлөөлүк «Байдамтал» айыл-чарба кооперативибиз кайрадан каттоодон өтүп, өз ишин баштап, өнүгө баштады. Кооперативдин мүчөлөрү 1995-1997-жылдары жылына 50 тоннадан картошка өндүрүшүп, арзан баада «Макмал алтын» кен комбинатына, райондук ооруканага өткөрүп атышты. Кооперативдеги ортолук малдын башы өсүп, койу 500 гө жеткен. Ошол жылы мени мамлекет «Ардак белгиси» медалы менен сыйлады. Ошентип, мен эгемендүү мамлекет-тин биринчи чыккан медалы менен сыйландым. Кыргызстан өзүнчө эгемендүү эркин мамлекетке эч бир кыйынчылык көрбөй жетишкенине жалпы эл сүйүнүп, жаңы болгон президентке, мурда обкомго, райкомго, министрлик кызматта иштебеген карапайым эле илимдин кишилери келишти. «Олкону алдыга алып чыгат, эл үчүн иштеп, элдин мүдөөсүн аткарат»-деп, Аскар Акаев президент болгондо, дээрлик көпчүлүк эл кубанычтары коюндарына батпай сүйүнүштү эле. Алгач эл ишенип кеткендей болуп келип эле, 2000-жылдарга жетпей элдин үмүтү үзүлө баштады. Мурда колхоз, совхоздо мал, дан багып тирикчилик жасаган эл жумуш таппай, тентип шаарларга, андан ары чет жактарга да кете баштады. Күйүүчү май кымбаттап, техника жетпей, «Байдамтал» айыл чарба кооперативинин иштөөсү кыйындап, анын мүчөлөрү үлүштөрүн болуп алып тарап кетишти. Мен оз бала чакам менен аарычылык менен алектенип, аары уюктарын көбөйтүп, жүз аары уюгун багып, тирикчилигимди өткөрүп аттым.

Биздин райондо, 2002-жылы Атай айыл өкмөтү, Көк-Ирим айыл өкмөтү болуп, экиге бөлүнүп, эки айыл өкмөт түзүлүп, Атай айыл өкмөтүнүн башчылыгына Аттокуров Мукай шайланды. Март айында ал мени чакырып, «Акимчилик биздин айыл өкмөткө үроончулук чарбасын

ачып, районго үрөөн бере турган чарба түз»-деп жатат. Сиздин көп кыңдык тажрыйбаңыз бар эмеспи. Ошол чарбаны жетектеп, бир-эки жыл иштеп, бутунан тургузуп бересизби?»-деп суранды. Мен ары ойлоп, бери ойлоп туруп, «Күч-кубат кеткиче иштеп, жаштарга көрсөтүп, үрөөн чарбасын уюштуруп бир-эки жыл иштеп берейин»-деп макул болдум. Райондун акимине бардык. Кенжебаев Дыйканбай деген жаш жигит аким болуп жаңы келиптир. Ал айылчарба министринен бөлүнгөн 50 тонна буудайдын үрөөнүнүн болуштүрген кагазын айыл өкмөтүнө берип жатып, «Аксакал, үрөөндү Тоң районундагы үрөөн чарбасынан аласыз. Үрөөн чарбасына өкмөт кийин кредит берет. Азырынча үрөөндү өз каражатыңыз менен алып келип, кийин аны кредит алганда кайрып алыңыз. Үрөөндү алганга Атай айыл өкмөтү ишеним кат берет, ошо менен алып келесиз»-деди.

Мен, «Барсамбы же барбасамбы»-деген эки анжы ойдо калып, «Эгер кредит бере албай калса күйүп кетсек не болот?»-деген ой да келип, анан « Кредит бербесе үрөөндөн кармап калсак болот»-деген ой менен макул болдум. Өз каражатым менен жеңил машина жалдап Тоң районунун үрөөн чарбасынын директоруна келип, ишеним кат, бөлүштүрген кагазын көрсөтсөм, «Акчасын айыл чарба министри которуп бере элек. Акча түшпөсө бере албайм»-деди. Мен ушул мезгилде, ушунча алыс жолдон убара болуп машина жалдап келгенимди айтып, айыл чарба министрине чыгып сүйлөшүп чечип берүүсүн сурандым. Директору эстүү жигит экен, мени туура түшүнүп, «Аксакал аныңыз чын. -Алыстан кыйналып келгениңизди түшүнүп турам. Бир-эки саат күтүңүз. Мен министрге чыгып көрөйүн»-деди. Үч саат күттүм. Анан директор мени чакырып, «Бермек болдум»-деп, ишеним катыма виза салып, «Эртең келип жүктөп кетиңиз. -Биз документин даярдап коёбуз»-деп, башкы агрономун чакыртып мага беттештирип, «Мага келбей эле ушул башкы агроном менен бүтүшөсүз»-деди. Мен ага ыраазычылыгымды айтып, Балыкчыдагы автобазага жөнөп кеттим. Балыкчыда «Макмал алтын кен» комбинатына караштуу «Ак-Тилек» автобазасы бар экен. Келип сүйлөшсөм анын директору, «Мен «Макмал алтын кен» комбинатынын директору менен сүйлөшөйүн. -Ал макул тапса эки машина бере алам»-деди. «Макмал алтын кен» комбинатына ошол кезде Бектенов Биймырза директор болуп калган. Аны 10-класста өзүм окуткан элем жана менин уулум менен теңтуш да болуп жүргөндүктөн балам катары билчүүмүн. Менин көзүмчө сүйлөшүп, мына аксакал, «Үрөөн чарбанын акчасы жок. Кызмат акысын төлөй албайт»-деп жатат, «Өзүңүз сүйлөшүңүз»-деп, телефонун мага сунду. Саламдашканда эле ал, «Аяш ата сиз белеңиз. -Мен машинанын кызмат акысын төлөгөнгө жаңы уюшулган үрөөн чарбанын акчасы жогун айтып жаттым эле. -Кандай төлөп бере аласыз?»-деди. Мен ага, «Эгер түшүм алганга чейин күтпөсөң, барганда сүйлөшөм. -Же болбосо өзүм төлөп берейин»-дедим. Ал, «Анда телефонду базанын башчысына бериңиз. -Саламат болуңуз. -Машинаны берет»-деди. Начальник Биймырза менен сүйлөшүп болгон соң бермек болуп, башкы инженерин мага беттештирип озунөн чыгарды. Башкы инженер 50 тонна жүк тарта турган машинанын айдоочусун, сүйлөшүп, «Жол жаман. 30 тоннадан ашык жүктөбойм»-дейт. «Эки машина алыңыз.

Кайра директорго сүйлөшүп»-деп ыргылжың болду. Мен, «Ой уулум. Макмалдын директору макул болуп сенин башчыңа айтты эле. -Мейли эки машина берсең да төлөп берем кызмат акыңды»-деп, аны макулдатсам, ал бара турган эки машинанын айдоочуларын чакырып, «Аксакал менен 50 тонна үрөөндү Тоң районунан Тогуз-Торого тартып бара аласыңарбы?»-деп сурап, мени тиктеди. Мен анын чай-пул үмүт кылганын дароо эле түшүнүп, «Эки айдоочуга, төрт центнер буудай, сага бир центнер буудай берип кетем. -Андан сырткары эки машинанын айдоочуларына жолдо иче турган тамак-аштарынын чыгымын төлөп берем»-дедим. Алар ошол шартка дароо макул болушуп, ошентип биз жолго чыктык.

Саат 9.00 дө Тоңго келип ал жерден үрөөндү алып, саат үчтө чыгып Балыкчыга келип түнөдүк. Мен алып барган бажам Айтбек менен иним Автандил эки машинанын кабинасына түнөп жатып, үрөөндү кайтарып чыгышты. Айдоочулардын кызмат акысын берип Балыкчыдан саат 10 до чыгып, тынбай жүрүп Ак-Талаадагы Жерге-Талдын талаасына түнөп, анан Атайга саат 4 төкелдик. Үрөөндү чарбага тийген кампага киргизип төгүп алып, айдоочуларды козу союп коноктоп, анан «Макмал алтын» кен комбинатына кошо келип, директоруна сүйлөшүп, аларга заправка жасатып берип кетирдим. «Макмал алтын кен» комбинаты-нын директору Бектенов эки автоунаасынын кызматына 20 миң сом төлөшүбүз керегин айтты. Мен ага, «Мамлекет берген баада тиги жол кирээңди кошуп, үрөөндүк буудайдан ал»- десем, ал макул болуп, «Жумушчуларга талкан тарттырып жарма жасатып беребиз»-деп, эсептешип, жети тонна буудай алмак болду. Ал завхозун чакырып, ошол эле күнү барып, жети тонна буудайды алып кетишти.

Үрөөндү тартып келгенимдин үчүнчү күнү, айыл өкмөтүнүн башчысы Аттокуров Мукай чакырганын барсам, ал, «Аксакал, райондун акимининорун басары келип, кампаны печаттап, «Үрөөндү жаңы директорго өткөрсүн.- Жашы 70- ке жакындап калган пенсиядагы адамды директорлукка дайындоого болбойт экен»-деп атат. -Директорлук кызматка агрономдук жогорку билими бар, жаш адисти даярдашыптыр. -Ал эртең келет экен»-деди. Мен, «Аа балам. -Акимиңер экөөңөр үрөөндү мурда эле мени убара жасатпай, ошол жогорку билимдүү агрономуңарды жиберип тарттырып алсаңар болмок экен»-деп, тим болдум. Эки күндөн кийин акимчиликтен, жер бөлүмүнөн, айыл өкмөттөн комиссия түзүп кеңешип, 37 тонна буудайдын үрөөнүн өткөрүп алышып жатканда, 13 тонна буудайдын үрөөнү жетпей калды. Мукай акимге барып сүйлөшсө, Мукайга ал, «Мени кредитке алып күзүндө төлөп бересин»-дептир. Мукай дагы эки тонна үрөөн алып, «Каалаган жериңизди айдаңыз. Мен жер, техника берейин. Майы да менин эсебимден болсун. Мен сизге уят болуп калдым. Кечириңиз ава»-деп, менден кечирим сурады. Мукай да мен окуткан окуучум эле, баламдын тенгтушу да эле. Мен, «Кайда калбаган бир мээнет»-деп макул болуп, 15 тонна үрөөндү озумо кредитке жаздырып алдым. Биздин үй-бүлөгө тийген Ала-Жыгачтагы мурдагы өзүм эспарцет айдап жүрчү 5 гектар жерди бузуп буудай септим. Жыл жакшы болуп, 23 тонна буудай алдык.

«Адам иштин көзүн билип иштесе Жараткан да берет тура». Гектарынан 45 центнерден буудай алдык. Тазалабай эле процентин кошуп 19-тоннасын үрөөн чарбасына төгүп берип карыздан кутулуп, «Күйүүчү май, техниканын кызматына»-деп, эки тоннасын айыл өкмөткө берип, эки тоннасын үйгө төгүп алдым. Мен тартып келген үрөөндү райондун акимининн орун басары баштап талап алышып, жаңы дайындалган үрөөн чарбанын директорунун чечими менен кайрак жерге себишип, жыл жакшы болгонунан кана араң 11 центнерден түшүм алышты. Ошентип үрөөн чарбасы үч жылга жетпей карызын да төлөй албай, жерлерин да айдай албай токтоп калды. Райондун акими Кенжебаев кетип, анын ордуна Бектенов Биймырза аким болуп дайындалып, ал, «Аяш ата, үрөөн чарбага кайра иштеп бериңиз»- деп, суранганда, ага ыраазычылыгымды айтып макул болбой койдум. Кийинки келген акимдер тарабынан «Атай» үрөөн чарбасына төрт жолу жаңы директор дайындалып жатып дагы, баары бир өнүктүрө алышпады. Чарбаны эффективдүү жетектеп өнүктүрүп кетүү үчүн мыкты билим, күчтүү эрк жана жеке иштермандык талап кылынат. Өкүнүчтүү жери, «Атай» үрөөнчүлүк чарбасы, жаратылыштын берген баардык мыкты мүмкүнчүлүктөрдүн бардыгына карабай, жетекчиден эле аксаганы үчүн мамлекетке миллион сом карыз болуп, иши жүрбөй, акыр аягы ишин токтотту. Бул мен үчүн абдан өкүнүчтүү болду.

Ошентип, жылдар жылып, кандай өткөнү билинбей, жашоо үчүн болгон күрөштүн көчү уланып, өз нугунда өтүп жатат. Мага берилген өмүр ушундай татаал жана карама-каршылыктуу замандын күрөшү менен өтүп, кылым таяп, эки кылымдын суусун ичип, жерин кезип өтүп келе жатат. Ооба окурманым. Бул өмүр сеники да меники да. Ал, биздин муундай болуп, өмүрүн таза эмгек күрөшү менен өткөрүп жашаган миңдеген ак-ниет карапайым адамдардыкы болчу, дагы да боло берет, күрөш токтобойт. Окүнүчтүү жери, тоскоолдуктар да токтоп калбайт. Башка облустарды билбейм, Нарын областында, анын ичинде Ак-Талаа, Тогуз-Торо райондорунда партиянын берген бийлигине жамынып алышып Борчубек Назаровдун, Казы Куваналиевдин, дагы калса, областык деңгээлдеги Талабай Жунушкулов, Катен Кыдыковдордун жасаган чуулгандуу жаман иштери элдин жалпы турмуш деңгээлине бир кыйла зыян таасирин тийгизип, Катен Кыдыков сыяктуу жогорку кызматтагы кээ бир партиялык жетекчилердин авантюралык иштеринин кесепетинен Тогуз-Торо райкомунун биринчи катчысы маркум Курманбек Абдыразаковдун трагедиялуу өлүмүнүн изи калып, акыр аягы ушундай «ишмерлер» совет мамлекетин да жоюп тынышты.

Андан кийин да биздин өлкө эгемендикке жетишип өнүгүп кете албай Акаевдин, Бакиевдин үй-бүлөлүк бийликтеринин туткунунда калып, экономикалык каатчылыкка, 7-апрельдеги, 10-июньдагы кан төгүүгө кабылып жатканыбызга күбө болуп келе жатам. Мындан ары арты кайырлуу болсо болду. «Жаратканым кыргызыма, анын башчыларына ыйман-ынсап берсе экен»- деп тилейм.

Менин замандашыма

(Документалдуу аңгеме)

"Эгемендүүлүккө эз болдук"-деп, өзүбүзчө мамлекет болгонубуздан бери, "Өзүбүздү өзүбүз билип, өтүгүбүздү төрго илип"-дегендей, айылдарга, көчөлөрге, мектептерге, көзү өткөн инсандардын атын коюу башталды. Атка минерлердин энчисине тийгенсип, жең ичинен чечилип, эл үчүн иштеген эмгеги бар - жогуна карабай ошолордун ата-энелеринин же жакын тууган туушкандарынан болбосо, аларга мурут майлоо бергендердин жакындарынын ысмы берилип келүүдө.

2005-жылдын 24-мартында болгон бийлик алмашуу төңкөрүшпү же ыңкылапбы, ага убакыт даана баа берет, аны тарыхка коёлу. Айтор, ошол окуядан кийин чыккан өкмөттүн чечими менен инсандардын ысымдарын ыйгаруу республикалык маанидегиси болсо Жогорку Кеңеш, областык мааниде болсо областтык кеңеш, райондук мааниде болсо райкеңештин чечүүсүнө берилиптир. Мына бүгүн Тогуз-Торо райондук кеңешинин кезектеги сессиясын анын төрагасы ачып, райондун айылдарынын көчөлөрүнө, мектепке, айрым эмгеги сиңген адамдардын атын берүү жөнүндө маселе караларын айтып, ал боюнча айрым адамдардын балдарынан, жакындарынан түшкөн арызды окуп, депутаттардын талкуусуна койду.

Депутаттар чыгып сүйлөшүп, райкеңештин төрагасы окуган арыздагы айрым адамдарга, "Көп жыл жетекчи болуп райондо, колхоздо иштеп, тракторист, чабан, малчы болуп иштеп, орден, медаль менен сыйланган, эмгеги элге сиңген адамдардын атын ар бир айылдын көчөлөрүнө берилсин"-деп чечим кабыл алышты. Андан кийин Бирдик айылына жаңы салынган орто мектепке атын берүүнү сураган Найманов Раманкулдун, Осмонов Токтобайдын, Ырсалиев Насирдиндин, Төлөмүшов Калдарбектин балдарынын арызын окуп, депутаттардын кароосуна сунушталды. Депутаттар, Найманов, Осмонов, Ырсалиевдер көп жыл колхоздо башкарма, селолук советке төрага болуп иштешкен эмгеги сиңген инсандар экенин айтышты. Ошондуктан алардын ысымдарын айылга, көчөлөрго коюга татыктуу адамдар экенин айтышып, "Мектепке мугалим болуп иштеген адамдын ысмы берилсин"-деген, РайОНО нун сунушун колдошту. Мен дагы депутат катары чыгып сүйлөп, Төлөмүшов Калдарбектин балдарынын арызы жүйөөлү экенин, ал **1946**-жылдан **1954**-жылга чейин мектепте мугалим, директор, өмүрүнүн акырына чейин райондук аткаруу комитетинде жалпы бөлүмдүн башчысы, жооптуу катчы болуп, советтик иште иштеп, Улуу Ата-Мекендик согушка катышып эрдик көрсөтүп, Кызыл-Жылдыз ордени менен сыйланганын айтып келип, "Бирдик айылына курулган жаңы мектепке Төлөмүшов Калдарбектин ысмын берүү татыктуу"-деп, сөзүмдү жыйынтыктадым. Депутаттар менин сунушумду талкуулашып, трибунага чыгып сүйлөшүп бир добуштан кабыл алып, жаңы курулган Бирдик айылындагы орто мектепке, "Төлөмүшов Калдарбектин ысмы берилсин"-деп чечим кабыл алышты.

Жаңылбасам, **1956**-жылдын январь айы болсо керек эле. СССР жогорку советине шайлоо болуп, бюллетень салууга бир күн калган. Анда мен Атай ветпунктунун башчысы болуп Атай айылында жашап,

Атай шайлоо бөлүмүнө комиссияга мүчө болуп шайланган элем. Колхоздун башкармасы Маметов Тилекбай мени өзүнө чакыртып, "Кабакка кыштаган чабандарга бюллетень алып барып, добуш бердирип келүүгө сенден бөлөк комиссиянын эркек мүчөсү жок экен. Шайлоо комиссиясынын төрагасы сени барып добуш бердирип келсин деп сурап жатат"-деди да, "Сени менен райондун шайлоону өткөрүү боюнча кепген окулу кошо барат. Ал киши бул жерде олтурат"-деп, катарындагы адамды жаңсай көрсөткөндө, ал адам ордунан туруп, "Мен Төлөмүшов Калдарбек"-деп, колун сунду. Мен Абдылдаев Аскаралы деп, кол алышып тааныштым.

Эртеси шайлоо бөлүмүнөн, мөөр басылган кичинекей жашик менен бюллетендерди алып жөнөп кеттик. Жол алыс болчу. Барып келишибиз 100 километрден ашык жол эле. Жолдо аттардын шайбырлуу жүрүшү менен тизгин кага, үзөнгүлөш келе жаттык. Ичимен, таптакыр дүлдүйүп сүйлөбөгөн үзөнгүлөшүмдү кепке тарткым келип, "Каке"-дедим, эркелете. "Узун жолду кыскартып сүйлөшө бастырбайлыбы? Айып этпесеңиз, атыбызды билиштик, ата-бабабыз кыргыз тегин сурашат. Анан, "Каяктан болосуң"-деп, жерин сурашат эмеспи. "Сиз өзүңүз жөнүндө айта бастырбайсызбы"-дедим. Ал мени жылмая карап, "Сен бир такымчыл, куу чеке неме көрүнөсүң"-дегендей, бир тиктеп алып, атынын тизгинин жыя кармап, "Сурап калдың. Эми узун жолду кыскартса кыскарталы"-деп, сөз баштады. Мен өзүм ушул эле райондун Бирдик айылынанмын. Уругум сол уруу басыздардан. Анын сарыкалпак уругунан азыр да ушу Бирдик айылында туугандарым турушат. Уругумду санжырачылардай саймедиреп айта албайм. Он бештен ашык сарыкалпак уруусунун түтүнү бар. Атам Касымкул уулу Төлөмүш үч бир тууган экен. Көп жыл эркек бала көрбөй, беш кыздан кийин мени мазарларга барып, кайыптан тилеп сурап жүрүп көргөн экен. "Карыганда көргөн балам"-деп, Карыганбек коём десе, апам болбой, "Калдарбек"-деп, койдуруптур. "Эң акыркы калдыгым десе керек"-деп, күлүп койду. Мен, **1924**-жылы төрөлүптүрмүн, атам кырк жыл кой багып, ушу Кабакка кыштап, Бозбармактын "Төлөмүш" өтөгүндө өмүр өткөрүптүр. Совет өкмөтүнө чейин атам Бекмурат байга койчу болуп, совет өкмөтү чыккан соң колхоздун коюн бакты. Мен **1943**-жылга чейин мектепте окуп, колхоздо иштеп ачарчылыкты, жокчулукту көрүп, **1943**-жылы Советтик Аскерге чакырылып, согушка кеттим. Бирдик айылынан Тасымбеков Мүсүраалы экөөбүз бирге кеткенбиз. Алматы шаарына эки ай машыгууда болуп, **1944**-жылдын февраль айында бизди Белорус фронтуна алып барышты. Немистер чегинип, биздикилер менен мезгил-мезгили менен катуу салгылашуу болуп жатыптыр. Бир жолку салгылашууда Белорусиянын токоюнда мина жарылып, командир менен үч солдат каза болуп, бир топ солдат жарат алды. Ошондо Тасымбеков Мүсүраалынын бутун мина жулуп кетип, аны санитардык бөлүмгө алып кетип, экөөбүз эки жакка бөлүндүк.

"Өлүм эсиме келбей, Тасымбеков Мүсүраалы жарадар болгонуча оксүп ыйлап, аны көтөрүп алып жарадарларды ташыган санчасттын машинасына чейин барганым азыр да көз алдымда"-деди, оор күрсүнүп. "Аны менен ошо бойдон жолугушпай, алты айдан кийин ал айыгып айылга келдим"-деп, ата-энемин эсендигин билгизген катын алып, аябай

сүйүнгөм. Ошол Тасымбеков жарадар болгондон бир канча күн өткөндө, Брянскиде катуу салгылашуу болуп, осколка тийип, көкүрөгүмөн жараат алып, эки ай госпиталда жатып, айыгып кайра согушка кеттим. Брянскидеги салгылашууда көрсөткөн эрдигим үчүн Кызыл-Жылдыз ордени менен сыйландым. Андан кийин көп эле салгылашуулар болду. Кудай колдоп, эсен соо Берлинге чейин барып, Берлинди алып, немецтик фашисттерди биротоло талкалаган соң Берлиндеги Жеңиш күнүнө катышып, **1946**-жылы Берлинден бошоп келдим.

Айылга келсем ачарчылык болуп аткан экен. Согушта каржалаган эл калыбына келе албай, кайра курууга белсинип киришип жаткан кез эле. Карыган ата-энем биротоло алы-күчтөн тайып калышыптыр. Колхоздо иштеп, эки айга жетпей ата-энемин айтуусу боюнча алар айткан кызга үйлөнүп, аларды багуунун аракетине киришгим. Колхоз эмгекке эчтеке бере албайт. Август айында бригадирдин тапшыруусу менен айылдагы башталгыч мектептин ремонтуна иштөөгө келинчегим экөөбүз келип иштеп калдык. Мектепти кумшыбактап, актап, сынган парталарды оңдоп, окуу жылынын башталышына даяр кылдык. Окуу башталаарда мектептин директору районго барып конференцияга катышып, мени кошо ээрчите барып, райондук элге билим берүү бөлүмүнүн (РайОНО) башчысына көрсөтүп, "Военрук"-деп, буйрук алып берип, мугалимдикке дайындап, аялымды мектептин "Техникалык кызматчысы"-деп, буйрук алып келип, мектепке иштеп калдык. Директорубуз жашы элүүдөн ашып, алтымыштарды таяп калган аял эле. Күйөөсү экөө ушул айылга мугалим болуп туруп, согушка чейин **40**-жылдары келишип, анан **1942**-жылы күйөөсү согушка кетип, **1944**-жылы кара кагаз келиптир. Мени менен тең уулу бар эле. Ал дагы **1943**-жылы согушка кетип, кат кабар жок экен. Мени баласындай, аялымды келининдей көрүп, мектепте бир үй-бүлөдөй болуп иштеп калдык.

Директор эже 1-3-классты түштөн мурун да түштөн кийин да окутуп, мен 2-4-класстарды ошондой эле окутам. Мен "Аскердик иш" сабагын баардык класстарга окутам. Колхоз мектепке отун даярдап бере албай, **1946-1947**-жылдын кышында дем алыш сайын 4-класстын балдарынын чоңураактарын кошуп алып, токойдон тал-чычырканак кесип келип, эки классты жылытып, балдарды кыштан чыгардык. Окуу жылы бүткөн соң июн-июл айларында мектепти ремонттоп, тоодон отун алып, 4-класска келчүү балдар менен эшекке жүктөп ташып, мектепке отун жыйдым. Августта, сентябрдагы мугалимдердин конференциясына даярдап, директор эже райондук элге билим берүү бөлүмүнүн (РайОНО) башчысына мени ээрчитип кирип, мектепке директорлукка буйрук чыгартып берип, өзү, "Мен жөн эле мугалим болойун"-деп, РайОНО нун башчысы менен макулдашып койду. Ошондо, мен, өзүбүздүн мектептен үч жыл мурун окуп, кийин Арал айылынан жетинчи классты бүткөн эки кызды да мугалимдикке алдым. Эми мектепке төрт мугалим иштеп калдык. Эже 1-3- классты окутуп, тиги эки кыз 2-4 - классты окутат. Мен "Аскердик иш"-деген сабак берип, мектептин чарбалык ишин жүргүзөм. Аялым экөбүз айлык алып иштеп ата-энемин жашоосу бир топ оңолуп, кийим кече, тамак ашка кенен жетише баштадык. Жаңы мектеп **1949-1950**-жылдары салынып мектебибиз жети жылдык мектепке айланды. Арал айылына барып окуучу биздин айылдын балдары өзүбүздүн

айылыбызда окуп класс көбойүп мугалимдер башка жактардан орто мектепти, атайын орто окуу жайын бүтүп келишип мектепте он беш мугалим иштеп, жаңы директор, жаңы завуч келип, мен **1954**-жылга чейин "Аскердик иш" боюнча мугалим болуп иштеп калдым.

Андан кийин, 1954-жылы райондун прокуратурасында катчы болуп **1955**-жылга чейин иштеп, анан райондук аткаруу комитетине жалпы бөлүмдүн башчысы болуп иштеп, ал эми **1956**-жылдын февраль айынан ушу күнгө чейин аткаруу комитетинде жооптуу катчы болуп иштеп келе жатам. Менин 3 балам бар. Менин тегим, таржы макал, өмүр баяным ушундай замандаш"-деди.

Ошентип күн кечтеп калганда, биз Акыйды ашып Чаар-Музоодогу чабандарга келип, аларга бюллетень берип добуш бердирип, аттарыбызга чөп-жем берип, сугарып алып, андан ары түн жамына Жоон-Терекке жөнөп кеттик. "Эртең мененкиге чейин Жоон-Теректин айланасындагы чабандарды чогултуп кел"-деп, Жоон-Тектеги колхоздун окулун жөнөтүп, өзүбүз ал жерде түнөп калдык. Таңкы саат сегизден түш-туштан келген чабандар добуш беришип, эртең мененки саат ондо аттанып, Көндүү-Колотту ашып Боз-Бармакка түштө келип, ал жердеги чабандарга добуш бердирип, аттарга чөп-жем жедирип алып, жолго чыктык. Боз-бармакты эңкейгенде бет маңдайдагы тумшуктун боорундагы жайыкты көрсөтүп, "Тээтиги көрүнгөн бет "Төлөмүш-Өтөк"-деп аталат. Ал менин атамдын отогу, мен төрөлгөн жер"-деди, Калдарбек. Биз ошентип узун жолду кыскартып кечки саат жетиде Атай шайлоо бөлүмүнүн башчысына мөөр басылган бюллетень салынган жашикти тапшырып, өзүбүз дагы добуш берип үйгө кайттык. Мектепке атын берүү жөнүндөгү сунушумду киргизээрде менин эсиме ушул узун жолду кыскартуудагы окуя түштү.

Ошол оор жылдары мектепке мугалим, директор болуп, өзү бир сом акы албай, мектепке келип окуганда балдардын үшүбөсү үчүн токойдон отун көтөрүп келип жагып, мектепти ремонттогон, мээнеткеч карапайым Төлөмүшев Калдарбектин татыктуу экени көз алдыма келген эле. Ооба ал согушта эрдик көрсөтүп Кызыл-Жылдыз ордени алып келсе, тылда мугалим болуп туруп оор жүктү кабак-кашым дебей эрдик кылып жогорку милдеттерди отөгөн. Кийин мен чарбаларда ветврач, башкы зоотехник колхозго башкарма болуп турганымда айылдык кеңешке, райкеңешке депутат болуп, советтик иш боюнча Калдарбек менен пикир алышып, көп жыл бирге иштештим. Ал өмүрүнүн акырына чейин райкеңеште жоопту катчы, жалпы бөлүмдүн башчысы болуп иштеп өттү.

Жаңы салынып, аты Төлөмүшев Калдарбек атындагы-деп коюлган Бирдик айылындагы мектептен, ошо Калдарбектей ак ниет, мээнеткеч, оз ишин, элин, жерин сүйгөн жаштар тарбияланып чыгып элине кызмат кылуусун жараткандан тилеп сессиядан чыктым. Жолдо автобуста келе жатып жаңы мектептин алдында гүлгө оронгон замандашымдын жаңы бюсту, мектептин киреберишинде алтынданган тамга менен жазылган Төлөмүшев Калдарбек атындагы мектеп-деген жазуу элестеп, көңүл кушум көтөрүлүп, ошол күндү көргүм келип, толкуп келе жаттым.

Бакыттын сересине барган өмүр

Мен, "Чоң атам Камбарааалынын колунда чоңойдум"-деп бул эскерүүмдү башында айттып кеттим эле. Ал киши эмгекчил, дыйкан адам эле. Өз заманында, эл арасында бийлигине аралашып жүрсө да өзү айткандай, "Өйдосуңгөндөргө тизе бүкпөй, өзүнөн ылдыйкыларга кыр көрсөтпөй"-дегендей, карапайым элге аралашып жашап келген. Биздин жерге бышпайт деген жашылчаны, коон, дарбызды, кокот, картошканы айдап, түшүмүн алып элге жедирип, кандай тигип кандай багуусун үйрөткөнү, элдин эсинде калып, эмгиче улгайган муундар кеп кылууда. Чоң атам эскиче көп окуган, билимдүү, курандын сүрөөлөрүн жатка билген адам болгон. Ага далил, Кетмен-Тободогу жыйында Молдо-мажитти казынын сурагынан. Аристотельдин эмгектерин билген, аны которгон түрк элдеринин улуу философу Аль-Фарабинин эмгектери менен таанышкылы бардай, темирдей логикасынын негизинде суроо берип атып, кутарып чыккан. Ал туралу ушул эскертүүмдө, жогоруда айтылды. Ал ар дайым, "Адам алдына умтулуп, умут менен жашаса гана, эмгекти сүйүп, бекерпостука берилбей мээнеткеч болуп, ак эмгегинен абийир, баар таап, бала чакасына, ага инисине үлгү болот"-деп, айтаар эле. Ушундай чоң атам.

Мен эки жолу үйлөндүм. Биринчи жолу 1947-жылы Масилет аттуу кызга үйлөнүп, үч жыл турмуш курдук. Мен 1950-жылы 18-декабрьда Жалал-Абаддагы зооветтехникумунда студент кезимде экөөбүз кыздуу болдук. Студенттик турмушта аялым менен кызымды шаарда багуу кыйын болуп, атам менен биге тууган эжем келип Масилетти төрөгөн кызы менен алып кетишти. Жаңа төрөгөн аял суукта жолдо баратып коно жатып жүрүп, төрөдө жашаган атамдыкына барганда, суук тийип, өпкөсүнөн катып, **1951-жылы** 6-январьда каза болуп калыптыр. Ал бар болгону он тогуз жашта эле. Кызды болсо эжем багып алыптыр. Ал кезде Жалал-Абад менен Кок-Арт тоосу тараптагы айыл ортосундагы өзара каттоо жолу кыйын эле. Мсилеттин каза болуп калганы тууралуу, мага кабар айта алышпаптыр. Мен ал окуяны жазында, ал жакка келип анан угуп билдим. Ошол кызымды эжем багып чонойтту. Ошондуктан, эжемди таарынтып албаш үчүн, мен азыр дагы, "кызым"-деп, айта албай келем. Ал кызым, медициналык орто окуу жайды бүтүрүп, турмушка чыгып, жолдошу Сүйөрбек экөө үч үүп, эки кыз, он эки небереге чоң апа, чоң ата болушуп, бактылуу үй-бүлө курушуп жашашууда.

Мен, **1951**-жылы күзүндө азыркы байбичем Сабырканга үйлөнгөм. Ага үйлөнүүмө себепкер, анын атасы Шакир болду. Ал Жалал-Абаддагы мугалимдердин окуу жайында окуп, Тогуз-Торолук болгондуктан бир райондук болуп, таанышып ынтымагыбыз бирге эле. Сентябрьдын аягында окуу жай бизди, "Пахта теримге барасыңар, үйүңөр жакынынаар үч күнгө барып, камданып келгиле"- деп, бардык студенттерди тараткан. Шакирдин үйү Сузак районун Кара-Булак айылында эле. Илгери анын да атасы Тогуз-Тородогу Далбай кууругунтукка кабылып, ошонун кесепетинен каза болуп, анын баласы Садыкбек дагы каза болуп, үй-



Таалайбек менен Чолпондун уулдары Айдемир, Искендер, Азамат уулу Алиакбар, Маратбек уулу Сатыбалды, 8-июнь, 2012 ж.



Абдылдаева Чолпон күйөсү Талайбек менен, 8-июнь, 2012 ж.



Сабыркан апа сиңдилери Зайыркан, Күмүшкан, күйөө баласы Абакиров Кудайберген менен, Фрунзе, 1966 ж.



Солдон оңго: Аскараалы ата, Сабыркан апа сиңдиси Күмүшкан, агасы Шакир жана жеңеси Үмүт менен, Жалал-Абад, 1952 ж.



Оңдон солго: Таалай, Жамиля, Кенжегул, Акылай, Айгул, Венера , Айза
9-май, 2013 ж.



Оңдон солго: Келдибек, Венера, Айгул, Марат, Мейманбек, Жамиля,
Таалай, Чолпон, Акылай, Бакытбек, 9-май, 2011 ж.



Абдылдаев Аскараалы, кичүү уулу Бердибектин үй-бүлөсү менен, июль, 2012 ж.



Солдон оңго, Жакыпбек кызы Зубаириат, Аскараалы ата бир тууган иниси Жалилдин уулуАбдылдаев Жакыпбек менен, июль 2012 ж.



Солдон оңго, Аскараалы ата инилери Асанаалы, Жусупаалы, карындашы Айнура менен, июль, 2012 ж..



Абдылдаев Маратбек аялы Айгуль жана кызы Алия менен, 9-май, 2013 ж..



Аскараалы ата
небереси Атыкулов Бекбоо
менен,
8-июнь, 2012 ж..



Аскараалы ата
күйө баласы Атыкулов Сүйөрбек
менен,
август, 2012 ж..



Аскараалы атанын 90-жылдык тойуна келген досу Бектенов Сулайман жана милициянын генералы Жээналиев Токтожума менен, 8-июнь, 2012 ж.



Сабыркан апа 80-жылдык тойуна келген меймандары, кудагый, кудачалары, келиндери, небereлери Алиаскар, Элдияр менен, 8-июнь , 2012 ж.



Абдылдаев Мейманбек аялы Сыдыгалиева Жамиля менен, 31-май, 2013ж..

бүтөсүү түштүктөгү туугандарына барып баш калкалап жашап калып, балдары кийин кайра өз жерине кайтпай ошол жакты жердеп калышыптыр. Садыкбеков Шакир балдары менен өмүрүнүн аягына чейин ошол Көк-Арт айылынын Жерге-Талында жашап туруп, 2012 жылы ноябрь айында каза болду. Элүү жылдан ашык ошол айылдын мектебинде мугалим болуп иштеп, пенсияга чыккан. Ошондо Тогуз-Торолук үч студентти үйүнө үч күндүк мейманга чакырып барып, бизди коноктогон эле. Мен анын үйүндөгү карындашын көрүп таанышып, ыюбуз келишип, үчүнчү күнү биз эзрчишип Жалал-Абадка кеткен элек. Ошондон бери алтымыш жылдан ашык бирге жашап келебиз. Он бир балалуу-жети уул, төрт кыздуу болдук. Мамлекеттин, чарбанын иштери менен алек болуп жүрүп, балдарымдын окууларына, келечектеги кесип тандоолоруна да олутту көңүл бура алганым жок. Эки кенже уулум менен Кеже кызымдан башкасы жогорку билимдүү инженердик кесипке ээ болушту. Бирок, мен балдарымдын кандай кесип тандашпасын, алардын эмгекчил болушуп, окуп билим алышып, ар кандай ишке чынчылдык менен иштешип, кыйынчылыкка чыдаган, сабырдуу инсандардан болууларын эле каалаган элем. Чоң атам Камбараалы калпанын жогоруда айтылган насаат сөздөрүн угуп чоңойгондуктан, ошондой жашоого аракеттенип, ыплас иштерден алыс болуп, ыплас байлык жыйнабай, таза эмгегим менен балдарыма камкордук кылып, "Билим алып, таалим тарбиялуу болуп, мекенине ак ниети менен эмгектенсин"-деп аракеттенип келдим. Алардын жогорку билим алуусуна каражат жагынан жардамымды бердим. Алардын озүнчө эмгектенип жашоосуна сары эсеп салып дагы да байкам келем.

Көптү көрүп көптү билген адам кана көптү түшүнүп, көсөм болот алат. Көптү көрбөгөн, тар чөйрөдө өскөн бала айланасынан көргонүнөн ашып кете албасын, чөйрө адамга төрөлгөндөн баштап озүнүн таасирин тийгизээрин айтып, жакшы чөйрөдө өскөн адам менен жаман чөйрөдө өскөн адамдардын көрүү, сезүү жөндөмү асман менен жердей айырмаланып тураарын озүмдүн турмуштук тажрыйбамда көрүп билдим. Көптү көргөн, көптү билген адам менен баарлашсаң, козүн ачылып, кумарың тарап, жаңы жаркыраган жарык үйгө келгендей ысыкта муздак суусун ичип кумарың кангандай болсо, ал эми чөйрөсү тар жерде тарбия алып, аң-сезими тар болуп калган адам менен баарлашсаң өзүңдү караңгы үңкүрдө калганыңдай сезилээрин, иш боюнча элди аралап жүрүп билдим.

Биз Сабыркан экообуз баш кошкондон кийин **1952**-жылы Бермет аттуу кыздуу болгонбуз. Ал кызым 1955-жылы ноябрь айында, үч жашында кызамык оорусунан чарчап калды. Ошондон үч күндөн кийин, 24-ноябрда аялым Сабыркан дагы кыз төрөп, атын Чет-Булак айылындагы кошунабыз Орунбай аксакал Азимбубу деп койгон. Улуу кызыбыз Бермет каза болуп, андан үч күндөн кийин жаңы эле төрөп, өзүн жакшы сезип, дурус абалга келгиче, Азимбубүнү Атамдын бир тууган карындашы Сабитбубу эжем багып берди. Ал кызым Казармандагы орто мектепти аяктап, Фрунзедеги политехникалык институтунун

технологиялык факультетин бүтүрүп, заводдо технолог болуп иштеп, кийин комсомолдук, партиялык кызматтарда он жылга жакын иштеп, "Зоб" менен ооруп калып, операциядан кийин нервинен ооруп, экинчи группадагы инвалиддике чыгып калды. Жылда ооруканага жатып жүрүп, эки үч жылдан бери бир аз жакшы болуп, колубузда жашоодо. Оорудан улам, күйөөсү менен ажырашып кеткен. Бала бакыралуу боло албады.

Андан кийинки уулум Мейманбек 1957 жылы 10-декабрь күнү Казарман айылында, тоок жылында төрөлдү. Ошол күнү Ысмайылов Шеримбек-деген досум келип, биздин үйгө мейман болуп түнөп калган эле. Мейманбек төрөлгөн күнү, кошунабыз Мааметкул молдо азан чакырып, атын Бекзаада койгон. Эртеси мен кыштоодогу малчыларды кыдырып командировкага кетип, бир айдан кийин келип, РайСобеске барып туулгандыгы тууралуу күбүлүк алып атканда азан чакырып коюлган атын эстей албай калып, күбүлүккө Мейманбек деп жаздырып койгонмун. Азыр деле кээде "Бекзаада"-деп, өзүм да чакырып калам. Айылдаштар, туугандардын бардыгы Бекзаада деп аташат.

Ал онунчу классты Казармандагы орто мектептен аяктап, Фрунзедеги политехникалык институттан даярдоо курсунан өкуп, Свердловск шаарындагы Уралдык политехникалык институтуна багытталып, институттун экинчи курсунда өз ыктыяры менен аскерге кетип, аскерден келген соң Фрунзедеги политехникалык институтунун энергетикалык факультетинен жаңы ачылган компьютердик адистикти окуп билим алып, айыл чарба машина куруу заводунда ошол адистиги боюнча 5 жыл иштеди. Советтер Союзу мамлекет катары жоюлган соң ишкерлик менен алектенип жүрүп, 2002 жылдан бери Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин (КМКТАУ) "Компьютердик борборунун" директору кызматын аркалап, учурда "Маркетинг жана карьера борборунун" деректири, экономика боюнча окутуучу болуп эмгектенүүдө. Ошону менен бирге университеттин "УСТА медиа"-деген газетасынын башкы редакторлук милдетин да аткарат. Компьютер боюнча инженер жана "Экономиканын магистри"-деген эки жогорку билими бар. Экономика жана философия боюнча илимий даражаларынын үстүндө иштеп жүрөт. Англис тилинде эркин сүйлөй билет, 50 дой публистикалык жана экономика боюнча бир нече илимий макалалардын автору. Үч баласы бар. Аялы Жамиля Москвада төрөлүп, Бишкек шаарында өскөн, бирок кудам Чүй областынын Ысык-Ата районунан болот. Жамиля жогорку билимдүү экономист, илимдер академиясынан аспирантураны бүтүргөн. Мейманбектин чоң уулу Эркин, КМКТАУ ну бүтүрүп, атасы менен бирге эмгектенип жүрүп, учурда Америка Кошмо Штатрынын Нью-Йорк шаарында иштеп, окуп жүрөт. Экинчи уулу Кадырбек атасын жолдоп, атасы окуган адистик боюнча И.Раззаков атыдагы Кыргыз техникалык университеттин бешинчи курсунда окуйт. Кызы Аида №61 физика-математикалык мектебинин 10-классында окуйт.

Мейманбектин бала кезиндеги жоруктарынан эсимде калгандарын баяндай кетейин.

Мен кызматыма байланыштуу үйдөн таң эрте кетип, кеч келээр элем. Ошого карабай балдарыма окуулары боюнча жардам берип алар менен бирге болууга, бош болгон убакытымды колдонууга аракет жасадым. Бир күрдай кеч кирип, караңгы түшүп калганда үйгө келсем, үйдө эки кызым, эки кичине бөбөкторун алып ойноп олтурушуптур. Апасы жок экен. Кыздарым, "Апам Мейманбекти издеп кетти"-дешти. Мен да чыгып, кошуналардын, тааныштардын үйүнө барып, "Мейманбекти көрдүңөрбү?"-деп сурап, издеп жүрүп, апасы менен үй кыдырып жүргөн жеринен жолугуп калдым. Мейманбекти көрдүк деген балдарды жолуктура албай издеп келе жатсак, түнкү саат он бир болуп кеткен эле, райондук клубка келсек, эл кино көрүп бүтүп, тарап кетишиптир. Клубдун жарыгы өчө элек экенин көрүп, ичине кирип отургучтарга көз чаптырсак, үчүнчү катардагы олтургучтун орто ченинде бир бала уктап жаткан экен. Жанына барсак биздин Мейманбек экен. Ойготуп алып үйгө кеттик. Анча келбесек киномеханик кинозалдын жарыгын өчүрүп, клубду жаап кетип калса, "Уктап жаткан Мейманбек эмне болмок"-деп, бир топко толкундандык. Башка жактан таба албай, биз аны издеп кандай абалда калат элек?-Ошондо биринчи класска жаңы барган кези эле. Ошол окуяны азыр эстесек да, күлүп калабыз.

Мейманбектин дагы бир, ал экинчи класста окуп жүргөндөгү жоругу эсте калыптыр. Бир күнү түштө үйгө келсем апасы, "Мейманбек дагы жок, окуудан ары, "Төө-Бойлобос"-деген көлмөгө кетип калыптыр. Аны менен бир класта окуган кошуналардын кыздары айтты. Төө-Бойлобоско былтыр эки бала чөгүп кеткенин уккам. "Артынан барайын"-десем кыздар окууда. Бакыт менен Мамытты таштап кете албай олтурам"-деди. Ошондо алар 1 жана 3 жашта эле. Мен Мейманбекти издегени чыгып, Төө-Бойлобос көлмөсүн ар кимден сурап, издеп жөнөдүм. Өмүр бою ушул райондо жүрүп, "Төө-Бойлобос"-деген көлмөнү корбоптүрмүн. Ал көлмө айылдан үч километрдей алыс. Нарын дарыясынын жээгиндеги "Коён-Токой"-деген чытырман токойдун ичинде экен. Келсем, ал көлмөдө отуздай бала сууга сүзүп, ойноп жүрүшүптүр. Чоңдору терең жагында, майдасы этегинде, тайыз жеринде. Мейманбек да ошол тайыз жагында экен. Чакырып алып, кийинтип, үйгө жетелеп келе жатып, "Сен эмнеге апаңдан уруксат сурабай келесиң? -Төө-Бойлобоско былтыр эки бала чөгүп, каза болушканын уктуң беле? Сүзгөндү билбесең чөгүп кетпейсиңби?"-десем. "Мен чокпойм. Мен ит-балдак ыкмасы менен сүзгөндү билем"-деди. Мен мыйыгыман жылмайып, "Ит-балдак менен кантип сүзүп чыга аласың? —Терең жеринен чөгүп кетишиң да ыктымал. -Ошондуктан сууда сүзгөдү жакшы үйрөнүш керек"-дедим. Эртеси, дем алыш күнү, конфет, печенье алып, Мейманбекти жетелеп алып, Төө-Бойлобоско барып, балдарга таратып берип, "Мейманбекке сууда сүзгөндү үйротүп, көз болгула"-деп балдарга тапшырып койдум. Арасындагы чоң, 8-9-класста окуган биздин туугандардын балдары, "Камсанабаңыз, биз көз болобуз"-дешип, мени ишендиришип узатыш-кандан кийин, Төө-Бойлобоско Мейманбекти издеп барбай калгам. Ошол кездерде 90 го чыккан чоң атам

Камбараалы калпа да биздин үйгө бир аз күн мейманга келип жүрүп калган эле. Дагы бир курдай ал киши да Мейманбекти издеп Төө-Бойлобоско барып эзэрчитип келитир. Анан, үйдүн алдында, короодо Мейманбек менен эрмектешип аткан учурда, Мейманбек узун зым менен "вертолет"-деп айлантып атып ал кишиге кокусунан зымдын учун тийгизип алыптыр. Мен жумуштан келсем чоң атам эч кимге үн чыгарбат. Көрсө ал киши чөбүросүнө таарынып, экөө сүйлөшпөй калган экен. Ошону айтып мага арызданганы алигиче эсимде.

Мейманбектин дагы бир, ал сегизинчи класста окуп жүргөндөгү окуясы эсте калыптыр. Үйдө "Урал"-деген люлькасы бар мотоцикль бар эле. Бир күнү аны Мейманбек менден уруксатсыз, укук күбөлүгү жок эле айдап көчөгө чыгып жүргөнүн МАИ нин инспектору көрүп калып, "Токто"-десе, ал качып, жолдун жээгиндеги бакты сүзүп, мотоциклин таштап качып кетиптир. Кудай колдоп өзү аман-соо калыптыр. Мотоцикльди инспектор алып барып, ички иштер бөлүмүнө токтотуп коюптур. Мен эки күндөн кийин билип, райондук ички иштер бөлүмүнө келип, мотоцикльди чыгарып кеттим. Милициянын инспектору эртеси Мейманбекти мектептен таап, түшүнүк алып катуу эскертиптир. Ошондон кийин ал мотоцикльди менден уруксатсыз айдап кеткенин койгон. Андай тентектиги көп эле болгон. Мейманбектен кийинки алты эркек балдарыбыз мынчалык тентек болушкан жок.

Мейманбектен кийинки кызым 1959-жылы Казарман айылында, 17-январьда төрөлүп, атын Атырбүбү койгонбуз. Казармандан сегизинчи классты аяктаган соң, "Финансы кредит техникумунда окуйт элем"-дегенинен макул болуп, бирок, "Мына алып барам, анан алпарам"-деп, жумушуман колум бошобой атып, август айы аяктап калганда Фрунзедеги финансы кредит техникумуна алып келдим. Самалеттун эртең мененки рейси менен Казармандан учуп, саат ондо Фрунзеге келдик. Кабыл алуу комиссиясына кирсек, "Кабыл алуу бүтүп калды, эки-үч күндө экзамен башталат"-деп койду, ал жерде иштеген бир кызматчысы. Техникумдун директоруна кирип, "Жардам бериңиздер"-дедим. Директор кызымдын күбөлүгүн карап туруп, "Баары беш экен, мен экзамен алган мугалимди чакырайын. -Бир эле математикадан экзамен берсин. -Эгер өтсө документин кабыл алып откоролу. -Өтпөсө бизге капа болбоңуз. -Кызыңыз өтө кичине экен"-деди. Экзамен алуучу мугалим келип, столго белеттерди жайганда №31 белетти алды да, доскага чыгып биринчи суроосу бөлчөктү бөлүү көбөйтүү, экинчи суроосу геометриядан үч бурчтуктун аянтын чыгаруу, үчүнчү суроосу % чыгаруу боюнча. "Класста отуз бала бар, жыйырма үчү айыл чарба ишине, жетоо ремонтко иштоого калды; канча % ремонтто калды"-деген суроо экен.

Атырбүбү биринчи жана экинчи суроолорунун эсептерин тез эле доскада чыгарып, үчүнчү суроого такалганда, "Кызым үйдө сандан % табуу боюнча чыгарбадык беле"-десем, эстей калып, "23/30*100=77,6%, 7/30*100=23,4"-деп доскага чыгара койгондо, директор ыраазы болуп, "Болду кызым, өттүң. Беш койдук"-деп, кабыл алуу комиссиясынын

жоопту секретарын чакыртып, документин кабыл алдырып, "Болду биринчи октябрдан кечикпей окууга келе бер кызым"-деди. Мен директордун адамды баалай билген адамкерчилигине ыраазы болуп, ошол эле күнү түштөн кийинки каттаган самалеттун рейси менен Казарманга учуп кеттим. Ал кезде Казарманга жайдын күнү, жуманын кээ бир күндөрү эл көп каттагандыктан самалет экиден рейс жасайт эле.

Ошентип, биринчи октябрьда Атырбубүнү апасы ээрчитип келип, жанында беш күн жүрүп, жатаканага жайлаштырып кеткен эле. Атырбубү финансы техникумун аяктаган соң Тогуз-Торо районунун РТС инде бухгалтер болуп, кийин комсомолдук кызматка өтүп иштеп жүрүп, Сыдыков Турдубек деген Ат-Башы районунан болгон, Нарын областык комсомолдо иштеген жигитке турмушка чыгып, эки уул, бир кыздуу болушту. Уулу Азамат орус улутундагы Виктория деген кызга үйлөнүп, андан үч уулу бар. Экинчи уулу Октябрь Кыргыз техникалык университетин компьютер адистиги боюнча бүтүрүп, атасы менен бир ишкерлик жасайт. Кызы Надира Бишкектеги гуманитардык университетинин чет-тилдер боюнча факултетинен кытай тилин окуп, бир жыл Пекинде да окуп, практика алып келип, университеттин акыры курсун окуп бүтүп, студенттерге кытай тилинен сабак берүүдө. Кызым Атырбубү озу да кийин 1998 жылы кесиби боюнча жогорку билимди сырттан окуп алып, Бишкектеги мектеп интернатта башкы бухгалтер болуп эмгектенүүдө.

Андан кийинки уулум Бакытбек 1961-жылы 5-декабрьда, үй жылында, Казарман айылында, төрөлдү. Ошол күнү да Ак-Талаа районунун Кош-Дөбө айылынан Күроңкеев Жумагазы деген досум үч жолдошу менен конокко келип, биздин үйгө конуп калышкан эле. Жарым түндө аялым толготуп калып, эркек төрөдү. Түн ичинде төрөт үйүнө барганды да ойлоботурбуз. Ал кезде тез жардам деле жок болчу. Эртең мененки чайда Жумагазы, "Биз сенікине конокко келип, бакыт алып келдик. Эркек балалуу болдуң. Баландын аты Бакытбек болсун"-деп, атын койгон эле. Бактыбек дагы Казарман орто мектебин аяктаган соң Фрунзедеги политехникалык институттун энергетика факультетин Мейманбек агасы менен бирге келип окуп, инженер электирик адистигин алып, "Макмал алтын" комбинатында, электриктен баштап энергетикалык цехинин начальнигине чейин иштеп жүрүп, советтик комсомолдук кызматтарда иштеп, эгемендүүлүк келген кезде Чүй областынын губернаторлугунда жоопгуу кызматтарда үч жыл иштеп, кийин кайра кесиби боюнча жеке менчик фирма түзүп алып, азыр ошол мекемеде иштөөдө. Аялы Солтоева Акылжан Жумгалдын кызы. Кесиби боюнча бухгалтер. Алар эки уулдуу болушту. Улуу уулу Кубанычбек Манас-Түрк университин аяктап, кесиби боюнча кинорежиссерлук иште эмгектенүүдө. Кичүү уулу Элдияр бешинчи класста окуйт.

Андан кийинки уулум Мамытбек 1963-жылы 24-ноябрда, коен жылында Казарман айылында төрөлгөн. Онунчу классты Казарман орто мектебинде аяктап Ленинграддагы Бонч-Бруевич атындагы электротехникалык байланыш институтун аяктап, кесиби боюнча эмгектенип,

азыр жеке ишкер. Мамытбек үч баланын атасы. Биринчи аялынан болгон улуу кызы Айсулуу финансы кредит техникумун окуп бүтүрдү. Экинчи алган аялы Жолдошева Замира, Таластын кызы. Кесиби боюнча жогорку билимдүү врач. Экинчи кызы Айза 9-класста, уулу Алиаскар 8-класста окуйт.

Андан кийинки кызым Чолпон 1965-жылы 30-декабрь күнү Казарман айылында жылаан жылында төрөлгөн. Казарман орто мектебин аяктап, Фрунзедеги политехникалык окуу жайынын инженердик курулуш факультетин аяктап, долбоорлоо институтунда иштеп жүрүп, совет мамлекети жоюлуп ишкерликке өтүп, азыр Россияда бизнес жасоодо. Күйөсү Таалайбек адистиги боюнча биология мугалими. Эки уулдуу болушту. Улуу уулу Искендер Кыргыз техникалык университетинде бешинчи курсунда, кичүү уулу Айдемир Улуттук университеттин үчүнчү курсунда окуйт. Бишкек шаарында турушат.

Андан кийинки уулум Маратбек **1968**-жылы 8-апрельде, Тогуз-Торо районунун Киров колхозуна караштуу Кара-Суу айылында төрөлгөн. Жылы маймыл. Орто мектети Атайдагы Барктабас Ташматов атындагы мектептен аяктаган. Бишкектеги политех институтуна тапшырып, биринчи курсун аяктап, окуусун таштап аскерге кетип, аны аяктап келип окуусун 2-курстан улантып, үчүнчү курсунда үйлөнүп алып, окуусун кайра таштоого аргасыз болуп,бир топ жыл "Макмалаптын"- комбинатында катардагы жумушчу болуп иштеди. Аялы Жапар кызы Айгүл адистиги боюнча ашпозчу. Төрт уулу бар. Улуу уулу Сатыбалды Раззаков атындагы КМТУ нун экинчи курсунун студенти . Андан кийинки уулу Улукбек коледжде бухгалтердик кесипке окууда. Эмир, Султан деген эгиз уулдары 9-класста окушат. Бишкек шаарына, "Балдарым жакшы билим алышсын. -Өзүм окубай калдым. Балдарым кокушсун."- деп, көчүп келип, өзү ар кайсыл фирмаларда электирик, сантехник болуп эмгектенүүдө.

Андан кийинки уулум Келдибек 1970-жылы, тоок жылында, 24-февральда Тогуз-Торо районунун Киров колхозуна караштуу Кара-Суу айылында төрөлгөн. Атай айылындагы Барктабас Ташматов атындагы орто мектепти аяктап, 1989 жылы аскерге кетип, андан келген соң милицияда участкалык милиционер болуп иштеп жүрүп, Кыргыз Улуттук университетинин юридикалык факультетин сырттан аяктап, адвокат болуп эмгектенүүдө. Үч баласы бар. Уулу Кубат КМКТАУ нун жаңы маалыматтык технологиялык институтунун үчүнчү курсунда окуйт. Кызы Айганыш Кыргыз-Славян университетинин алдындагы колледждин, тикмечи, бычмачы факультетинде үчүнчү курсунда окуйт. Кенже кызы Адиа эки жарым жашта. Аялы Ажымат кызы Венера адистиги боюнча экономист, бирок маянасына карап чач- тарач болуп эмгектенет.

Андан кийинки уулум Бердибек 1973-жылы 7-июльда, уй жылында, Казарман айылында төрөлгөн. Атай айылындагы Барыктабас Ташматов атындагы орто мектепти аяктап, Казармандагы кесипчилик окуу жайында окуп, тракторис, шоферлук адистигин алып, тракторис, айдоочулук кесиби менен эмгектенүүдө. Үй-бүлолүү. Бир уул эки кызы бар. Аялы

Замира үй кызматында, улуу уулу Абай 10 класста, кызы Асел алтынчы класста, кичүү кызы Айдана эки жашта. Жогорку билимди алууга аракеттенип университеттин юридикалык факультетин сырттан окуп, үчүнчү курсунан шартына байланыштуу уланта албай таштап салып, айдоочу болуп, мал багып дыйканчылык кылып-эмгектенүүдө.

Андан кийинки кызым Кенжегүль 1975-жылы 5-октябрьда, коен жылында Казарман айылында төрөлдү. Атай айылынан Барктабас Ташматов атындагы орто мектепти аяктап, Бишкектеги гуманитардык университетинин чет тилдер факультетин аяктап, мектепте эки жыл мугалим болуп иштеп, чет мамлекетке кетип, Турцияда эмгектенип жүрүп АКШ ынын жаранына турмушка чыгып Руми аттуу бир уулдуу болушту.

Андан кийинки уулум Тимур **1981**-жылы 20-декабрьда, Казарман айылында тоок жылында төрөлдү. Атай айылында Барктабас Ташматов атындагы орто мектепти аяктап, КМКТАУ нун жаңы маалыматтык технологиялар институтунун бүтүрүп, кесиби боюнча эмгектенип жүрүп, акыркы убакта ишкерликке өтүп, эмгектенүүдө. Аялы Сталбек кызы Айдай, кесиби экономист, банкта иштеп, декреттик өргүүгө эки жаштагы Дарика атуу кызы жана бир жашка чыга элек уулу Данияр менен үйдө. Бишкек шаарында турушат.

Урматуу окурман! Мен үй-бүлөмдү, балдарымды бала чакасына чейин толук жазып баяндаганымдын себеби мындай.

Мындан алтымыш жыл илгери жалгыз башым болсо, бала кездеги тилеген тилек, үмүтүм ишке ашып, ийилген мөмөлүү даректай болуп, тамырым жайылып, бала-бакырам өсүп-өнүп, оңдогон үйгө бөлүнүп, учкан уясынан узап, алардын саны 92 ден ашып, дагы-дагы тамырлап, балдары чоңоюп үйлөнүп, турмушка чыга элеги күүлөп учууга талпынып жатышат. Уулдарымдын алды үйлөнүп, бала чакалуу болушуп, өзүнчө түтүн булата баштаса, калгандары артынан өсүп камдануууда. Байбичем баатыр эне болуп, ал экообүз ошол уул-кыздардын, алардын балдарынын (неберелердин) убай-урматын көрүп, төрүндө олтуруп, ысык чайын ичип, "Жашында берсин мээнетти, карыганда берсин дөөлөттү"-деген эл макалындай, карылыгыбызда дөөлөт көрүп, бакыттын сересине барган өмүрүбүзгө канаат кылып, "Кудай ушул тагдырыбызды кут кылсын"-деп турабыз. Балдарыбыздын алды алтымышты ашып, арты отузду таяп калгыча, өлкөсү үчүн эмгектенип, жарандык милдетин аткарып, жаман ишке барбай, элибиздин мамлекетибиздин алдында мени жер каратпагандарына ыраазы болуп, мындан ары да ырыскылары кемибей, узак жашап, өлкөсү үчүн пайдасы тийип, элдин уулу, элдин кызы болууларын тилейбиз.

Унутулбаган күндөр
(Новелла)

Жогорку оку жайын бүтүрүп, диплом алгандан кийин, суудан аккан агындыдай болуп, турмуштун агымы менен адистигим боюнча түштүктүн бир районунда иштеп жүрүп, "Туулуп өскөн айылыма барбаганыма көп жыл болуп кетиптир. -Иштеген ордум, алган жарым, түштүктөн болгондонбу? Кайын журтумду өз элимдей көрүп, "Элин сагынбас эр, үйүрүн сагынбас ат болбойт" -деген макал, эр ортону болгондо эсиме түшүп, элим, жеримди сагынып, ушунча жылдан бери барбаганыма өзүмдү өзүм күнөөлөп, "Не деген мерээз жансың? Айылыңа барып, ата-тууган, эже, карындаштарыңа учурашып, аларга балдарыңды тааныштырып, ата-мурас жериңди көргөзүп, ата-энеңдин мазарына тобо кылып, аларга арнап мал союп куран окутуп, ата-энеңди көргөн билгендердин козу барында сый көрсөтүп, келсең боло"- деген ой, улам улгайган сайын оюман кетпей, акыры отпуска алып, аялымды, балдарымды машинага олтургузуп алып айылыма карай жол тарттым.

Жол алыс. Айылыма барыш үчүн Бишкек менен тегеренип 1500 километр жол басыш керек. Эки күн жол жүргөн соң, Бишкек, Нарын, Ак-Талаа райондорун басып өтүп, Ой-кайың ашуусунун белине келип, машинадан түшүп балдарды эс алдырып, тамактантып олтуруп, бала кезимде өзүм чапкан алгачкы машина жолдун ийри-буйру болуп, бир канча серпантинге бөлүнүп жаткан эски тоомун тиктеп олтуруп, ошондогу курбалдаштарым Нургазы, Абилмажин, Калимандарды эстеп, ломго, чукулукка кабаарып жооруган колдорду, согуш мезгилиндеги кезерген ачкачылыкты, чөп алачыкта жашап жол казган оюрмага күнүгө бир маал басып келген издеримди көз алдыман өткөрүп жатканымда, Макмал алтын кени ачылгандан кийин салынган, бир ойруп эле Ой-кайың ашуусунун белине чыккан жол менен кыйма-чийме, алтындын рудасын ташып өтүп жаткан заманбап техникаларды көрүп, мен улгайып, заманам жаңырып, жашарып жатканы көз алдыма тартылып турду.Ой-кайың ашуусунан түшкөндөн тартып, алтынды иштеткен фабрикага чейин асфальтталган жол күзгүдөй мелтиреп, алтындын касиети жеримдин көркүн чыгарып, элимди эмгек менен камсыз кылып, бактысын ачып, жатканы оюма келип, "Оо! Карааныңан айланайын тоолорум! Койнуңду кенен ачып канча жылдан бери жокчулуктун зарын тарткан элимдин бактысын ачтың. Мындан ары да ырыскысын кемитпей койнуңду кенен-кесир ача бер"-деп, асфальт жолдо машинада термелип, типек кылып келе жаттым.

Ошентип, күн бата айылыма келдик. Бизди, эжем менен 2 карындашым мен жиберген телеграмманы алып, "Келет"-деп жол карап олтурушуптур. Кучактап тосуп алышып, ырым-жырымдарын жасашып, кудайына сойгон эчкисинин өпкосүн чаап, башыма суу айлантып чачып, колу -коңшу, ага-инилерди чакырып, тамак берип жатышты. Көп жыл көрүшпөгөндүктөнбү, айтор туугандар биринен сала-бири чакырып коноктоп, отпускам бир узун майрамга айланып кетти. Ага туугандардын сакалдууларын, эжеми, карындаштарымды кошуп алып, тээ илгери атамдар жердеген өрөөндөгү чоң атам, атам, апамдар жаткан мазарга барып, аларга арнап кой союп куран окуттум. Бул өрөөн азыркы жаңы отурукташкан кыштактан 15 километр алыс болгондуктан, андан кийинки

күндөрү баламды ээрчитип машина менен күн алыс келип, алардын мазарына куран окуп таазим кылып турдум.

Кетээр күнүмдүн алдында, кайра ата-энемдин, туугандардын мазарына коштошуп кетмекке келип, көрүстөндүн батыш жагында, 500 метрдей жердеги кашатка салынган илгерки мен төрөлгөн тамыбыздын ордуна барып, андан ары, апам суу көтөрүп чыкчуу кыя менен ылдый Капдаманын суусунун боюна түшүп, анын көбүктөнүп аккан көк-кашка суусунан ичип, жүзүмдү жууп, кайра апам баскан из менен, илгери апамды ээрчип басып бараткандай болуп, илкий басып олтуруп мүрзөгө келип, бир кездеги апамды жаңыдан мүрзөгө көмгөндөгү анан үчүлүк, жетилик, кыркылыгы өткүчө, 3 бир тууганымды ээрчитип, күндө үч маал, "Апа биз келдик"-деп, өксүп ыйлагандарыбызды эстеп, муунум бошоп, каңырыгым түтөп, ошондогумдай болуп өксүп ыйлагым келип, көзүмдөн жаш куюлуп, баламды карап өзүмдү араң токтотуп жаттым. Апамдын мүрзесүн чөп басып, топурагы басылып жер менен жер болуп калгандыктан, ошо бала кезимде ыйлап жүрүп, мүрзесүнүн баш жагына койгон чоң ташты таап, тааныдым. Ал ташты да чөп басып, жарымына чейин топурак кошулуп, жерге житип баратыптыр. Көпшөп чыгарып, чөбүн тазалап, тикелеп койдум. Чоң атам, атам, апам жаткан эски көрүстөн таанылгыс болуп эскирип баратканы, бул өрөөндөгү эл орун которуп, башка өрөөнгө кыштакташып, маркум болгондор бул көрүстөнгө коюлбай калыптыр. Бул өрөөндөгү мурда жашаган элдердин тамдары бузулуп, айдоо жерге, мал жайытына айланып, "Элүү жылда эл жаңы, жүз жылда жер жаңы"-дегендей болуп, баары өзгөрүп, баары жаңырыптыр. Мен кичинемде көргөн ата-апалар да калбай, алардын ордун жаңы урпактар ээлеп, жарым кылым өтүп, ошондогу молоташ минген чыт курсак мендейлер минтип эр ортонуна жетип, очор бачар болуп улгайып баратыптыр. Мен, өмүр ушунчалык тез өткөнүнөн убай тартып улутунуп ойлуу олтурдум. Кечээ эле, мен бала кезимде ар кай жерде топ-топ болуп туугандашып салынган токол тамдар турган өрөөн, эзели эчким жашабагандай болуп ээнсиреп тунжурап жатты. Күн чыгыш жагындагы чоң атам мекендеген Байдам-Тал кыштоосу, анын каршысында эзелтен элибиз эгин айдап тирикчилигин кылып келген Чайыр-Талаанын жери айдалбай, эски ата-бабабыз чапкан арык бүтүп суу келбей, куурай, төө уйгак басып, бозоруп куну кетип жаткандай сезилип турду.

Бала кезимде мен эгин бастырган эски кырмандын тушуна келип, машинадан түшүп, басып келип, кырманды кыдыра басып жүрүп, кырмандын чет жагындагы кашатка бир жак башы сынып, бир жак башында кагылган темири менен жаткан молоташты көрүп, жарымына чейин топурак баскан түлкусун тиктеп туруп, "Бир кезде элге иштеп берип, эми сенден өндүрүмдүү шаймандарга жеткенде минтип менин бала кездеги унутулган күндөрүмдүү шаймандарга жеткенде минтип менин бала кездеги унутулган күндөрүмдөй болуп элдин эсинен чыгып, жаткан экенсиң го. Сендей болуп далай эски курал, элдин эски эмеректери эстелбей калганы азбы? Сен эмес сени иштеткен биз, биздин ата-энелердин да дайыны чыкпай калып баратат ко. -Кийинки муундардын жекемендиги, алаңказарлыгынан"- дедим, оюмда окүнүч менен. Андай болбогондо мектептин алдына бир кичине музей ачып, бир болмого орок, чапгы чийне, араба, молоташ, каамыт, жанжип сыяктууларды коюп,

чүрпөлөргө, "Бул буюмдар менен силердин ата-энелериңер эмгектенген жашоо үчүн күрөшто колдонгон шаймандар экенин көрсөтсө жаман болот бөлө"-деген ойго келдим да, баламды чакырып, молоташты көрсөтүп болгон окумду талкууга салдым.

Ошентип, отпускам да аяктап калды. "Үйдү карай кетейин"-деп, камынып жатканымда, "Атам өлсө өлсүн, атамды көргөн өлбөсүн"-дегендей, ата -энемди көргөндөр, "Бала-чакаңды бизге тааныштыр. Чай ичип кет"-дешип, күндө бири чакырууда. Бүгүн колхоздо ферма башчы болуп иштеген Кадыркул деген жигит чакырып келиптир. Эшикте, "Сиз менен сүйлөшөм деп турат"-деди, эжем, "Кеткенге камынып атат"-дебединизби?-десем, ал, "Бүгүн кетпей биздикине барсын. Антпесе апам кулак мээмди тынч койбой тилдегидей деп атат"-деди. Мен, "Мейли кирсин сүйлөшөйлү"-дедим. Жашы жыйырмалардан ашып калган орто бойлуу, бакырайып көздөрүнөн оту жанган кара тору жигит кирип саламдашып, "Агай бүгүн биздикине барып чай ичип конок болуп кетиңиз. Сиздин кеткени жатканыңызды угуп, апам, "Эчак чакырып келип чай берели десем, сен колуң тийбей жатып, кетирип иймек болдуң"-деп мени тилдеп үйдөн куулуп чыкты. Барбасаңыз, апам мага капа болуп калгыдай. Чынында сизди мейманга чакырууну мага эчак эле айткан. Мен дагы иштен чолоом тийбей жатып кечигип калдым"- деген соң, аргасыздан макул болдум.

Ата-бабаларыбыз айткан, "Өзүң басып барба, чакырган жерден калба"-деген макалды эстеп, бир күндү кийинки күнгө калтырып, Кадыркулдукуна келдик. Анын төрт бөлмөлүү, үстүн шифер менен жапкан, акталган тамынын чоң залында, кенен жайылган дасторкондо дүйүм тамактар жайнап, төрдө кара көрпө колдолоңдун үстүнө салынган курак, дукаба жер төшөктө, буусу букураган самовардан бал татытып, сүттолгон кызыл чайды ичип олтурган байбиче ордунан тура калып, "Оо садага болоюн Асек, эсен-соо, дениң сак жүрөсүңбү?"-деп колумдан өөп, "Келгениңди укканыма бир топ күн болду. Бул жаман ининди чакырып кел десем, мына-мына иштен бошоюн деп жатып кечигиптир. Анан, сени кеткени жатканыңды угуп шашып калдык. "Келегой капылайын төрө"-деп, өзүнөн жогору жака колун жаңсап, менин," Бул кайсы байбиче болуп кетти"-деп, күмөнсүп тааный албай жатканымды сездиби, "Тааныбай жатасыңбы? -Мен баягы Бегимбү жеңең эмесминби"-деди.

Мен көп жыл көрүшпөй тааныбай калганыма уялып, "Кудайга шүгүр. Күүлү кучтүү жүрөсүңбү? Эми тааныдым"-дедим, төр жакка отүп бара жатып. "Адамдын коркү чүпүрөк"-дегендей, түшүнө кирбегени оңүнө келип, американ маасы кепич, норка жака пальтону желбегей жамынып, алтындалган жиби бар барча көйнөк кийип, тыбыт жоолукту жая салынган байбичени, бир кездеги таар шым, куураган чокой кийип, уурдап ушалап буудай алган, милициянын алдына олтура калып чокойду чечип, аласынан чыгарып ыргытып, "Уурдап ушалап алгам, уурумун. -Камат, соттот. -Тиги алачыкта эки кызым ачкасынан алсырап жатат"-деп, бетин эки колу менен басып, чаңырып ыйлаган Бегимбү жеңеме окшоштура албай, "Оо кудурет! "Өлбөгон адам алтын аяктан суу ичет"-деген ушул экен го. Элибиз, "Куур тондун ичинде куурасын адам олбөсүн"-деген макалды бекеринен айткан эмес экенин ойлоп отурдум.

Мен, Бегимбү жеңенин ошол согуштун оор жылында ушалап алган кичине баштыктагы буудайын милиция опуздап алып, анан Бегимбү жеңем , "Кыздарым ачкадан алсырап жатат"-деп, ыйлаган түнү, чолок уполномоченный сурап берген бир чыны талканды алып келип бергенимде, " Оо кудай! -Ушул күн да унутулар бэкен айланайын Асек. Сага эки дүйнөдө ыраазымын"-деп, көзүнөн жаш агызып ыйлап, ачка, соолуп төшөктө жаткан эки кызды тургузуп, мен алпарган талканды жарма жасап бергени көз алдыма тартылып, "Бегимбү жеңе ошол күн унутулдубу? -Азыркы дөөлөтүңүздү Кудай кут кылсын. Макалдагыдай, "Жашында берсин мээнетти, карыганда берсин дөөлөттү"-дедим ичимден. Бегимбү жеңе дасторкон үстүндө, ошол эки кыз тең ушул озубүздүн айылга турмушка чыгып, үй-бүлөлүү болуп жашап жатканы, мени коноккo чакырып келген бала улуу кызынын баласы экенин, аны озү кичинесинен багып, озүнө бала кылып абышкасынын атына каттатып алганын, бул үй ушу уулунун үйү экенин айтып олтурду. Кыз-күйөөсү башка балдары менен башка үйдө тураарын да айтып келип, "Садага болоюн Асек. Баягыда сен талкан алып келип берип, өлүмдөн алып калган карындаштарың, "Кудайдын кулагы сүйүнсүн", өсүп- өнүп, мен минтип убайын көрүп, ысык чайын ичип олтурам. Ал күн менин көкүрөгүмө ташка тамга басылгандай унутулбай калган. Ал күн мен олгондо соогум менен кошо кете турган күн. Тирүүмдө унутулбайт" - деди.

Сырттан кыз күйөөлөрү келип мени менен учурашып чогу бабырашып чайлашып олтурганда, Кадырбектен кичүүсү чөөгүн көтөрүп келип суу куюп, кол жуулган соң, козунун эти тартылып тамак желди. Мен кетүүгө камынганда Бегимбү жеңем, "Сен келгенден бери камынып оз колум менен жасадым. Башың агарып кетсин Асек"-деп, колу менен жасаган калпагын башыма кийгизди. "Жакшылык жерде калбайт"-деген макалды эстеп, качанкы бир кезде арзыбаган жакшылык кылганымдын ушул кезге чейин унутулбай, акыбети кайтканын ойлоп, жараткан кудайымдын боорукер, кайрымдуу-лугуна ыразы болуп, "Ар бир эле адамга ушу Бегимбү жеңеге бергендей бакыт, дөөлөт бере берсин"-деп, тилек кылып өргүүмдү жыйынтыктап, айылымдан кубанычым койнума батпай кайткан элем.

Андан бери дагы далай жыл оттү. Эгемендүү заманда айылымдын алдында мышык ыйлап, жаштар жабыла тентип кетти. Карылар журт кайтарып жарыбаган пенсия менен небереле рди багып олтурганын көрүп, оор улутунуп кайгырып келе жатам"-деди. Асек карыя. Мен карыянын сөзүн угуп олтуруп, оюмда акылман элибиз, "Суу кетет да сай калат. Заман оошот, жаман жакшы болот"-деген, жакшылыктан үмүтүн үзбөгөн накыл сөзүн эстеп, элибиздин үмүтү үзүлбөсө экен. "Ылайым ушул замандан кийин жакшы заман келсе экен" - деген тилек.

"Өлкөбүздүн экономикасы өсүп, мамлекетибиз өнүгүп, тентип тербигендер кайтып, элдин ырк - ынтымагы бузулбай, Кыргызстаныбыз онүккөн мамлекеттердин катарына кошулуп, демократияны туу тутуп гүлдөгөн мамлекетке айланса экен" -деген тилек менен карыялардын каалоо тилегине кулак төшөп ойго батып олтурдум.

Каргыш кайтпайт

(элдик улама)

Кадыраалынын өлгөнүн укkандан кийин, каргыш кайтпайт экен го, «Хандын каарынан, каранын жалган жаласынан, атанын каргышынан сакта»- деп калкыбыз бекеринен айтпаган го. Эки кылым өтсө да каргыш кайтпай, ушул урук үшундай кырсыктан чыкпай келе жатат. Өткөндө, «Баласы авариядан каза болсо, эми минтип озу муунуп өлүп калса, бул каргыштын кайтпаганы го»-деди кобурап капаланган Кубат карыя. Жананда турган Асылбек, «Чоң ата, Ал кандай каргыш?-Ким кимди каргаган?»-деп, сурап калды. Кубат карыя, «Ээ уулум бул окуя эки кылым мурда болуптур. -Ушундай кырсыктуу өлүм болгон сайын айтылып, элдин эсинен чыкпай келе жатат. -Ушул Кадыраалылардын бешинчи атасы Барак бий ар жылы күзүндө короосу менен ирик койлорун, шаа мүйүз өгүздөрүн, туубай калган бээлерин Анжандын базарына алпарып сатчуу экен. Базарга ага-ини, малчыларын коюп, «Сата бергиле»-деп, өзү эткээл зор адам экен, Анжандын ысыгына чыдабай булоолоп тердеп, базарга жакын чайкананын серисинде көк чай ичип олтурса, бир кары адам базардын чет жагында арык, кула кулуну бар боз бээни жетелеп, ары-бери басып, «Оо жарандар! Сатып алгыла. Энеси бир аттын пулу, кулуну он аттын пулу»-деп жар салып турганын угуп, көргону басып барат. Барак бий өзү чоң саяпкер адам болгон экен. Бээ менен кулунду көрүп, «Багуучусу жарашса кулуну бир айыл элди баккыдай жылкы экен»-деп, он аттын пулун берип, бээни кулуну менен сатып алыптыр.

Базарга сатчуу малдарын сатып бүтүшүп, базардан алчууларын алып бүткөн ага-инилери бийге ачык айта алышпай күңкүлдөшүп, өз ара, «Тиякгы малын батыра албай сатып атып, күзгө чейин таажысы түшпогон арык кулуну бар бээни он аттын пулуна сатып алат»-дешип, бийге нааразы болушат.

Барак бий бээни кулуну менен жайытка коёбербей, көк беде, арпадан жем берип кыштан чыгарып, жазында энесин үйүргө кошуп, тайды агытпай, жазгы көккө жетелеп өткозуп, арпаны жуул берип, күзгө жуук жүгөрүнүн когун көртип берип, тайдын даакысын түшүрүп түлөтөт.

Кышта көк бедеге багып, арпа жемди жуул берип, аз-аздан балдарга мингизип үйрөтүп чыгып, жайында айылдагы бир ашта кунанга кошуп чапканда биринчи келиптир. Ошол жылы аш-той болгон сайын атка кошуп чапса да, биринчи байгени бербейт экен. Ошентип Тайкула аталып, бир өрөөндүн аттарына байге бербей калат.

Тайкуланын саяпкери, Барак бийдин жакын тууганы Жайыл саяпкер, «Тайкуланы таптоонун кереги жок. -Ал өзүн-өзү таптайт. -Качан оттоп, качан, кандай чуркаганды озу билип, озу чуркайт»-дечү экен. Тайкула беш асый кезинде, «Кетмен-Тободо чоң аш болот экен»-деп, Барак бий, саяпкери менен, «Тайкуланы чабалы»-деп Кетмен-Тобого келет. Аш ээси туу сайып, туунун түбүнө, шуру буйласы бар ак төөнү эки жашар балага карматып, «Миң кой кошумча байгеси бар, аттар коштоого айдалат. -Чыккан аттын баш байгеси ушул. -Он беш атка байге бар»- деп жар чакыртат.

Аттар тизмеге алынып, жүздөй атты он үч ат айдоочу айдап, ага саяпкерлер кошулуп, эртеден кечке жол басып, саяпкерлери менен кечкисин короого киргизип камашат. Саяпкерлер аттарын суутуп, бир маалдан чоп, жем, суусун берип даярланышат.

Таңата саяпкерлерди сыртка чыгарып, ат айдоочулар тизме менен аттарды чыгара баштайт. Күн тие аттар чыгып бүтүп, коргондо Тайкула эле калат. Аны ат айдоочулар тосуп чыгарбайт. Саяпкер Жайыл алардын «айыл үстүлүк» кылып, атты чыгарбасына көзү жетип, коргонду айланса, коргондун бир жагы төш жерден казылганын көрөт. Анан, «Өмүраалы, өзүң аттын жалын бекем кармап, атты төш тарапка бур»-дейт. Тайкула ошол жакты беттеп чуркап, коргондон секирип, төш жакка түшүп, кеткен аттардын артынан жөнөйт.

Шашкеде көп аттарга аралашып, улам биринен өтүп олтуруп, улуу шашкеде биринде калган аттарга аралашат да, улам бирин басып өтүп отурат. Түшкө жакын бир мойнокчого чыгып тура калып алдын тиктеп, тайтая түшүп астын суулап, аркы белести аша берген эки атты көрүп, анан жөнөйт. Экинчи белеске жетпей бир атты жандап өтөөрдө Өмүраалы анын чабандесинен, «Астыда канча ат бар?»-деп, сурайт. Ал бала, «Мааникер бар»-дегенин угуп, Тайкула катуулап чуркап, үчүнчү мойноктон Мааникирди жетип жандайт. Андан ары, бир мойнунча Мааникер өтсө бирде Тайкула өтүп, көпкө тең келишет. Качан паттадагы элдин карааны көрүнгөндө Тайкула астыга өтүп баратып Мааникерди омуроосунан тиштеп, тээп өтүп кетиптир. Ошол жерге Мааникер жыгылып, кар жилиги сынып, байгеге ээси жүгөнүн апкелип, экинчи байгени алган экен.

Тайкула биринчи келип, Барак бий тууну жыгып, шуру буйлалуу ак төөнү жетелеген бала менен миң койду алат. Анан төөнүн буйласын саяпкерине карматып, миң койду «Кетмен-Тободогу түнтөйлөр бөлүп алгыла»-деп, баланы оңорүп алып, Тогуз-Торого кайтат. Баладан, «Атың ким?»-деп сураганда, «Козубек»-деп жооп бериптир. Башка сөз билбейт экен. Кулагында шуру сөйкесү бар, таза кийинген, тарбиясы бар бала экен. Чамасы бир алыс жактан уурдап келип, байгеге сайып ийишкендей. Барак бий айылындагы элди чогултуп бээ союп, ондогон кой союп, чоң той берип, «Бул менин кенже көкүрөк күчүгүм. -Кимде ким, «Аттын байгесине келген»-деп, оозунан чыгарса, өз болсо да оозуна күм куям»-деген экен.

Бир жолу Жумгалда чоң аш болуп, Барак бий Тайкуланы чапканга Жумгалга барыптыр. Жумгалдын бир тарабынын бийи Курманга куда түшкөн экен. Аныкына түшүп конок болуп, анан Тайкуланы коно чапчуу атка кошуп чабат. Аш ээси үч тогуз кара, үч жүз кой байге сайганын жарыялап, туу сайып, туунун түбүнө үч тогуз, үч жүз кой, «Биринчи аттын байгеси»-деп байлатып, жар салып, аттарды корооого айдайт.

Ошол ашта да Тайкула биринчи келип, тууну жыгыптыр. Барак бий чабандеске бир ат алып, үч тогуз, үч жүз койду Курманга, «Калың малымдын асты болсун»- деп берет. Курман бий, «Калыңдын башатын бериңиз. -Мен сизге баш берем»-деп, Тайкуланы сураган экен. Барак бий, «Мейли, башаты Тайкула болуусун кааласаң ал»-дептир. Ошол сөздү укандан кийин, Өмүраалы сыртка чыгып, байгеден келип суу турган Тайкуланы минип качып жонойт.

Артынан эки-үчөө куун жетпей калат. Өмүраалы жаштык кылып, жол таба албай Кабакта бир койчуга жолугуп, жол сурайт. Ал койчу куугунчулардан баланын качканын укпан экен. Алдап кармап алып, Курманга алпарат. Курман «Куда баланды кармап келишти»-дегенде, «Кармап келсе ал»-деп, Тайкуланы берип келе бериптир. Ошондон көп отпой Курман Тайкуланы Ысык-Көл тарапка алпарып, бир ашта

чаптырганда, көрөалбаган бирөөлөр тосуп, Тайкуланы өлтүрүп коюшуптур. Ошол жылы Барак бийдин да алчуу келини ооруп өлүп калып, келин да алынбай калыптыр.

Козубек Барак бийдин баласы болуп бой жетип, «Бий очок эзси, көнже балам»-деп малга ээ кылып, элге салып, айылга старшина шайлантыптыр. Козубек акылдуу, эл журтка алымдуу жакшы жигит болуп чоңойгон экен. Бул ишке бийдин балдары ичи тарлык кылып көрө алышпай, «Аттын байгесине келген кул биздин очокту ээлейби»-дешип, күңкүлдөшө баштайт. Старшина ал кезде, «Чоп ооз, түтүн пул»-деп, болушка бир жылга бир кой, бир серке кылып, элдин берчүү салыгын жыйып берчүү экен. Ошол чыгымды доолоп, улуу агасы Бердикеге барып айтса, аны көрө албай, ичи тарлык кылып жүргөн эмеге шылтоо табылып, «Сен аттын байгесине келген кул, менин жугундума семирип эми менден чыгым алгың келдиби?»-деп, сөгүп тилдептир. Аны угуп туруп бийдин Койчубек, Кармыш деген балдары, «Кой, ай»-деп койбогонуна назары сынып, Козубек бийге келип, «Ата, мени аттын байгесине каяктан алып келдиң эле?-Атам ким? Жерим, элим кайда?»-деп сураганда, «Ким айтты?»-дегенде, «Бердике авам»-деп, ыйлап ийген экен. Бий эмне дээрин билбей турганда Козубек, «Ата мен кеттим, эли жеримди, атамды издеп табайын»-деп, чыгып кетиптир.

Барак бий, «Келээр»-деп үч күн күтсө, Козубек келбейт. Келбесине көзү жетип Барак бий айылдын үстү жагындагы дөбөгө чыгып, «Оо Козубек ботом, чын эле кеттиңби?»-деп, сакалынан жашын куйултуп, эки күн дөбөдөн түшпөй ыйлап, анан, айылын балдарын чогултуп алып, «Алдуу күчтүү болсом Бердикенин оозуна кум куят элем, угуп туруп унчукпаган Койчуке, Кармыш силердин жүзүңөр курусун»-деп, бир колун оң, бир колун тескери кармап, «Бердике силердин тукумуңар өспөсүн, кырсык кетпесин, тукумуңардын үйү бузулуп, үйүңдөн ый кетпесин, казаны толо кайнап ашка жетпесин»-деп, бата кылып, «Баргыла эми, Көзүмө көрүнбөгүлө»-деп, үйүнө келип чүмкөнүп жатып, үчүнчү күнү пендечилик кылат. Эл бийди жайына коюп, «Атта булар атасынын каргышына калды. -Кантээр экен»-деп калат. Козубек ошол бойдон кайда кеткени билинбей жүрүп, кийин, «Жумгалга Курмандын айлына барган имиш. Тайкула ушул жерде чабылды эле»-деген созду угуп, кеп кылып жүрүп эл тим болушат

Кийин совет бийлиги орногондо Нарын уйездине Козубеков Ысмайыл деген милициянын начальниги болуп, «Менин туугандарым Тогуз-Тородо экен деп иликтептир»-деген имиштер жүрүп, эл тим болушту.

«Барак бийдин каргышы кайтпай, балдарынын тукуму мезгил-мезгили менен ушундай кырсык болот. Ооруп ажалынан өлгөнү аз»-деди, Кубат ата.

«Мен оо бечара адам! -Көрө албас, ичи тарлыгың түбүнө жетип, өзгө да, жатка да жакшылык алып келбейт ко. -Эгер ушул жагың болбосо сендей бүтүн дүйнөгө ээлик кылган макулук кандай кана бактылуу жашаар эле»- деп олтурдум ичимде. Ойлоп олтурганымда, «Койчукенин небиреси аялын өлтүрүп, өзү асынып өлүп калыптыр»-деген дагы бир суук кабар уктум. Анын өлүмүн да эл каргышка таяп, «Каргыш кайтпай атат»-деп, күбүр-шыбыр болуп жатышты.

Мүрзө үстүндөгү ой
(Новелла)

Жаз келип, күн жадырап тийип, бүт айлана жашыл баркыт жамынып, ажайып көрүнүп көркү чыгып турган кез. Кендирбайга топурак салганга келген эл катар тизилип, корүстөндү тегеректеп, топурак таштоонун кезегинде. Биринин артынан бири жылып олтуруп, корүстөндүн ичиндеги киши сунган күрөккө уучундагы топуракты таштап, корүстөндөн алыстап, тыш жакка кыркаар тарта олтуруп, молдонун куран окуусун күтүүдө. Мен олтурган жерден бери айланамдагылардын күбүр-шыбыр болуп сүйлөшкондөрүнө дале көңүл бөлбөй, өз оюм менен алекмин.

Оо бечара адам. «Өмүр кыска»-деп кайгырасың. Ошол аз өмүрдү дагы аздектеп, адам катары жашап күтө албай, пендечилик кылып, кордоп, басынтып, жок кыласың. Аныңа мына күбөө. Кендирбайдын өлүмү. Ушул эле биздин кичинекей айылдан ооруп сыркоолобой эле, арякка мас болуп пахмелден уу ичип, мас болуп техниканы айдап авария кылып, эки адам коштошуп кетишти. «Бирөөгө зар, бирөөгө кор дүйнө»-дегендей, бирөөлөр өмүр тилеп, айлап жылдап ооруканаларда дарыланып шыпаа издеп жатса, бирөөлөр минтип, «Мен жашоого тойдум, менин өлүмүмө эч ким күнөөлүү эмес»-деп, кат жазып таштап асынып өлүп жатышат. Оо адам! «Бул сенин жаңылыштыгыңбы, же тиги сени мас кылган арактан өч алганыңбы? -Балким бул, сенин адам болуп туруп акылсыздыгыңдыр. -Жоок. -Адам, сени Кудай Таала бардык жан-жаныбардан акылдуу кылып жараткан. -Адамдын атына, «Акылсыз»-деп айтуу кантип болсун. -Адам эмнелерди жаратпай атат? -Космосту аралап, айды тепсеп, жылдыздарды изилдеп, адам өмүрүн узартуу үчүн айла издеп, укмуштуу татаал операцияларды жасап, бөйрөк, жүрөк, боорлорду алмаштырып, сокурду көргөзүп, бутсузду бастырып, колсузду карматып, жашоо үчүн күрөшүп аткан мезгилде, өзүнөрдү-өзүңөр өлтүрүп, аткаңдар адам болуп туруп жасаган манкурттугуңарбы? -Балким көр дүйнөнүн кызыгынан чыга албай өз напсиңерди тыя албаган алсыздыгыңардандыр?

Кендирбай кезегинде бригадир, ферма башчы, эсепчи, кампачы болуп, айыл активине аралашып, далайлардан акылдуусынып жүргөн адам болмок эле. Ушундай өлүмгө барганына эмине себеп болду экен? Биз эркектер, эркексинип өзүбүздү аялдардан өйдө коробуз. Албетте эркекке кудайдын берген артыкчылык сапаты дагы бар дечи. Ошого дөөгүрсүн аялга өйдөсүнөбүз. Чынында аялсыз жашап күн көрө албасыбызды сезбейбиз. «Балким раматылык Салый, өлбөй тирүү болгондо Кендирбай бул ишке барбайт беле?»-деп, ойлонуп олтурганымда, молдонун элге кайрылып, Жамаат бул адам жакшы адам беле?»-деп кыйкырып сураганынан, оюман алыстап, «Ооба жакшы адам эле»-деп, обдулуп коюп, башка ойго түшүп кеттим. Өлгөн адамды мүрзөгө жашыргандан кийин молдо жогорку суроосун сураганда, ууру,

каракчы, ичкич, ушакчы, жегич болсо да андан коргон бут жамандыгын унутуп, ушунча адам, «Ооба жакшы адам эле»-деп, айкелдук кылган салт кыргыздан башка элде болбосо керек.

«Адам олгондон кийин анын жаман жагын кочирүү кыргыздын ата-бабасынан бери келе жаткан айкелдүгү экен го»- деп ойлоп койдум. Молдо кыраатына келтирип, уч кайрыл куран окуп бата гарткандан кийин, олук коюу аземи бутуп, үйдү кездей жонодук. Үйдү тегеректеп казганактаган элден болүнүп, Кендирбайдын балдары, күйоо балдары, окурүп жатышканда, алардын арасында бир тууган агасы Кененбай көзүмө чалдыгып, «Бир тууган инисине окурүп турбаганы кандай»-деп ойлоп, «А балким Кененбай мен үчүн балдарым окурүп атпайбы деп атса керек»-деп, окургондордун арасынан Кененбайдын балдарын издеп, көзүмө чалдыктыра албадым. Кендирбайдын беш эркек, төрт кызы бар экен. Балдарынын бааран үйлоп, кыздарын турмушка чыгарыптыр. Балдарынын кээсине шаардан там алперип, жеңил машина мингизгени да бар экен. Алардын баары туш-тушка кетип, айылда Салый экоо эле калыптыр. Жайкысын жайлоого чыгып, бээ байлап кымыз сатып, уйларын саап, май, курут кылып, кышкысын шаарга алпарып, сатып туруучу. Өткен жылы кышында май, курутун сатып жүрүп, Салый Бишкектен каза болуп калып, айылга апкелип коюшкан.

Анда санда малдын жайытындабы, же айылда той-тороподо жолугушуп калганыбызда раматылык, «Салыйдын жылдыгын берип карызынан кутулсам экен»-деп калчу эле. Эми минтип өзү раматылык болуп, Салыйдын карызынан кутулбай кете берди. Мидетинен кутула албаганына эмине себеп болду экен? Балдары ар кайжакта болуп бир ыкка келише албаганынан болду бекен? Болбосо кудайга шүгүр эле. Элден кем эмес оокаты болмок эле. Эртели кеч жайытка Кендирбай өзү, торпок таңасы менен, отуздай уй, элүүдой кой, эчки айдап чыкканын байкоочу элем. Андан бөлөк короосуна келбеген жайытта канча жылкысы барын билбейбиз. Чын ниети менен жылдыкты өткөзом десе, бала чакасынын жардамысыз эле откорүүгө шарты бар эле.

Кендирбайдын өлүшүнө балким ушул иш себеп болду бекен?- Кендирбай аялы өлгондон кийин бир жылдан ашык бир үйдө жалгыз жашады. Ошончо балдардан бирөө келип, келинчегине чай-пай кайнаттырып берип, чогуу жашап каралашпаганына нааразы болуп, «Мен ушундай жашоого тойдум»-деп, жазып калтырды бекен? Биз адамдар кудайдан, «Балалуу болсок экен» -деп, тилейбиз. «Бала берсең кайрымдуу, боорукер кылып бер»-деп тилебейт окшойбуз. «Ошондой тилегибиз жоктугунан кудай таала бизге кайрымы жок, таш боор уул, кыздарды берип, алар улгайганда карабай короосуз жалгыз таштап, же карылардын үйүнө алпарып таштап атышыбы?»-дейм, оюмда.

«Раматылык Кендирбай экөөбүз бала кезибизден бирге өсүп, бирге чоңоюп, анын ушунчалык ач көз, дүйнөкор экенин билген эмес экемин»-деди, жанымда отурган Садык абышка. Өткен жылы Салый өлгөндө, «Үйүн жыйнашып койоюн»-деп келип, ашканасындагы акыр-чикирлерин бери жактагы кичине тамына ташыганда корүп таң калгам. Бул «ит

дүнүйөгө» баарыбыз эле байпанабыз го деги, бирок бул бечара Кеңдирбайдын ачкоздугу өзгөчө башкача экен. Тээ илгери колхоз болуп турган кезде бригадир боло калганын билесизби?- Андан бери жыйырма жылдан ашып кетти го. Ошондо алып келип аштымканасына каткан таңгагы менен бешилик, шиш күрөк, жазы күрөк, лом, кетмен, таңгагы менен кеңдир аркан жана жиптер бар экен. Кече жакында эле эгемендүүлүк келип, совхоз жоюлаарда зав.склад боло калбады беле. - Ошондо алган го? Жашиги менен аркыл мыктар, аттын такасы, така мыгы, рулон темир зымдар бар экен. Баласын кошуп алып кечке ташып, ашканасына эт коебуз-дегенинен, аны арак бошотподукпу. Сиз деле билесиз. Бул адамдын күйөө баласы ошол кезде айыл өкмөтүнө башчы боло калганынан пайдаланып, совхоз, «Үрөөнгө»-деп сактап койгон буудай, арпанын баарын жайлата Жалал-Абадка ташып сатып жиберген. Алар түгөнгөн соң, совхоздо убагында төрт кампа бар экенин сиз деле билесиз, ошонун ичиндеги болмодогу тактайларын бүт короосуна ташып жыйнап алып, эки кампаны бузуп, тиги жогорку айылдагы Шуулдак менен Белөкбайга төрт уйга экөө сатып ийишти. Булар бул мүлктүн ээси эл экенин тааныгылары көлбөй аткандыктан, айтор, «Элдин жерин айдап, эгинин сээп, чаап беребиз»-деп убада беришип, элге үлүшкө бербей ортого алып калган техникаларды жең ичинен, Кеңдирбай ортомчу болуп, «Иштегендер менчиктештирип алды»- деген шылтоо менен, баасына үстөк кошуп бээ, же ат алып, жыл айлантпай жоготушпадыбы. Айрым тиги Деркембайга окшогон трактористтер анын чулгандуу иштерин мас болгон сайын азыркыга чейин кеп кылып калышат.

Бир күнү тиги дүкөндүн эшигинде бир топ эл чогулуп турушуптур. Кээси ала күү, кээси мас болуп калышыптыр. Ары жактан Кендирбай бастырып келип учурашканда эле Деркембай дарылдап, «Кэке сыйың менен эки шише алып чыгып, алдыңдагы Ак-Бакайдын жалын жууп бересиң. -Болбосо трактордун акчасын күйөө балаң алды. -А сен менин Ак-Бакайымы, мени аргасыз кылып, «үстөккө» тартып алгансың?»-деп, акшыя карап, тизгиндеп турду. Кеңдирбай кутулаарга, айласы жогуна көзү жеттиби, атор чөнтөгүнөн жүз сомду сууруп чыгып, «Ме Даке, озүңөр алып ичкиле. -Менин зарыл ишим бар эле»-деп Деркембайдын колуна карматып, кетүүгө шашып калды. Ошондо кое берип, кетенчиктей түшүп, «Жогол акмак, куу түлкү. -Сен трактору саткан жоксуң. -Сен элди, мени саткансың»-деп сөгүнүп, айланасындагы досторуна акчаны сунуп, «Мегиле, арак алып ичкиле. -Бул акча силердики»-деди. «Андай окуялар көп эле жолу тракторист балдар мас болуп Кеңдирбайга учураган сайын болгонун билем»-деди, Садык.

Мен ойлуу угуп олтуруп, раматылык Кеңдирбайдын олүмүнө ушу да себеп болдубу? Бир эл, ага тууган, бир жерлик болуп туруп, тиги тилеги куураган тракторлорду сатып, үстөгүн алганга эми уялып, мас болгон сайын балдардын жемесин укканга ызаланып, «Көр напсимди тыя албай ушуну көрдүм»-деп өкүнүп жүрүп, тигилерге жолукканга бети чыдабай ушул ишке бардыбы?»-деген ойго да келдим.

Салый өлө элегинде беш комнат тыныке менен жаңы үй салган. Кийин тиги «Сатып алдым»-деген складдын жанына сегиз комнат үйдүн фундаментин цемент менен бир жарым метр кылып куйдуруп, «Эми бышкан кыш тарттырып келип көтөрөм»-деп жатканда, Салый өлүп калып, жыл өтүп өзү дагы кете бербедиби. Эл айткандай, «Эмгексиз табылган, элдин ашы эч кимге буюрбайт» -дегени чынбы? -Минтип баары артында калды.-Эми балдары талашып жатсын»-деди. Садык абышка. Мен ичимден, «Ээ Саке бу дүнүйө кимге опа кылыптыр? Балдарына да канчалык буюрарын бир Кудай билет го»-деп, ойлоп олтурдум. Айылдыктардын баарлашып көңүл көтөрчүү жери да, малын өткөзүп баккан жайы да ошол мал жайган жайыты. Жазда, күздө эки мезгилде мал жайып келип төш таяна кынтайып олтурмай адаты бар.

Бир жолку койдун кезүүсүндө, кой жайып келип атымдын ооздугун чыгарып, түшап коюп, дөңдө жатсам, ага да койдун кезүүсү келгенби, айтор Кененбай да кой жайып келип, коюнун астын төш таянта кайрып салып, мени көздөй келип, атын менин атымын жанына түшап коюп келип, мага саламдашып оң тарабыма көчүк басты. Аркы берки, айылдагы мал жоготуу, мал жайыты, бодо малдын кезүүсү сыяктуу, айыл кеби жөнүндө баарлашып олтуруп, көптөн бери айылдагы узун тилдүүлөр айтып жүргөн, Кеңдирбай экөө көп жылдан бери, кирип чыгышчуу эмес, ал түгүл Кеңдирбайдын аялы өлгөндө Кенебайдын аялы казан-аягын бербей, өзү келбей койгон дешкени, анан Кеңдирбай өлгөндө, анын балдары өкүрүп келгенде, Кененбай балдары менен өкүрүп келбегени эсиме түшүп, «Иэ Көкө?- Кендирбай экөөң бир эне бир атадан белеңер?»-дедим. Кененбай мени чолуп жалт карап алып, анан ордунан үн катпай туруп, кезүүсү менин кезүүмө жакындап келе жатканын көрүп, аны кайрыш үчүн басып кетти. Мен бул ак сакал өмүрү бою бир айылда биз менен бирге жашап бизди билбейби? Билсе да билмексен болуп баягыда менин өкүрүп келип ыйлабаганымы байкап, «Силердей тууганды -деп табалап атат ко»-деп түшүнүп, «Ошондуктан унчукпай туруп кеттиго»-деп ойлоп, сурарын сурап, өзүм жаман абалда калдым. Бир топтон кийин коюн кайрып коюп келип, менин жаныма көчүк басып, анан мени тиктеп-, «Ооба, ал экөөбүз бир эне, бир атадан эле болчубуз. Сиз баягы Кендирбайды коюп келгенде мүрзөдөн менин өкүрүп келбегеними байкап, мени көпкө тиктеп турганыңызда эле ушундай ойдо калганыңызды сезгем. Эртедир кечтир, ушул суроону бериңизди да ойлочумун. Менин ыйлабаганымын өзүнчө себеби бар. Элибизде, «Суунун музун эзеритүүгө болот. -Асты жүрөктүн музун эзеритүүгө болбойт»-деген макал сөзү бар го. Ошентип биз да жүрөктү муздатып алып, көп жылдан бери кириши калганбыз.

Аялы өлгөндөн кийин өзү жалгыз бир үйдө калды. Балдары жолобой өзү жалгыз бир жылдан ашык жашап биздикине басып келбеди. Өзү келбеген соң бизда барбай да, кел деп аны чакырган да жокпуз. Биздин минтишкенибизге ыраматылык апам менен анын аялы себеп болду. Өзүңүз билесиз, атам согуштан кайтпай каганда эжем. Кеңдербай үчөөбүз, алдыбыз алты, артыбыз эки жаштагы кызыл чийдей балдар

элек. Апам байкуш эмне деген алаамат азап тозокторду тартып жүрүп бизди чоңойтуп, эжемди күйөөгө узатып, мени үйлөп бөлүп, өзү Кендирбай менен калды. Ал дагы үйлөнүп бала-чакалуу болгон кезде апам карып, анын үстүнө кичине нервден ооруп, же карылыктанбы, айтор апам айнып сүйлөп калган. Ошол кезде мунун аялы апамды батырбай көчөгө жетелеп чыгарып койду. Апамды мен үйүмө алып келдим. Бирок көп жыл анын колунда болуп, бизден сырт болуп калганынанбы, айтор аныкына качып, же анын аялы киргизбей, апам көчөдө тентип калды. Ушул иш боюнча экөөбүз сен-мендешип, акыры анын тили, колу мага да, жеңесине да тийип, жүздөшпөй калдык. Апам болсо кызыныкына барып, меникине келип жүрүп акыры каза болду»-деди Кененбай.

Ошол убакта кезүүсү алыстап, күн кечтеп бараткандын көрүп Кененбай мени менен коштошуп аттанып кетти. Ылдыйкы кезүүнүн коюн жайып ошол мезгилде Садык кайра келип калды. Бир аз олтуруп сөз козгоп, «Бул Кененбай тез эле байып кетти. -Кайтарган кезүүсүнүн жармы эле өзүнүкү»-деди Садык. -Балдары эстүү чыгып, бирөө техниканы кармап дыйканчылык кылса, бирөө жайы-кышы мал артында. -Эки баласы тең арак ичпейт. -Ичкенди жаман көрүшөбү, айтор тиги көчөдөгү ичкич балдарга кошулуп баскандарын көрбөйм. -Кененбай, Бурма экөө тең жаш кезинен эле ичишкен жок. -Балдары да ошолордон тарбия алып жакшы өсүштү. -Тиги иниси Кендирбайдын балдары андай эмес. -Азыр туш-тушка тарап кетип, табылбай калышты го. -Тээ бир жылдары тиги чоң уулу аялы менен чыбышып калган. -Раматылык Кендирбай уулу менен келинин тыя албай ызаланып, «Оо кудай ушу ишке кор кылбай ал аманатыңы» -деп, сакалын кармап ыйлаганын мен көрүп, өзү да кызуу экенин байкап, ичимен, «Өзүң ичип көрсөтсоң уяда көргөнүн учканда жасайт да деп, калат элем»-деди, Садык.

Садыкты угуп олтуруп, «Арак кыргыздын түбүнө залал келтирип, акыры маңкурт кылып бүтөт го»-деп ойлоп, Түгөлбай Сыдыкбековдун төмөнкү ыр саптарын ичимден кайрып:

Кыргызды кудай жалгайт-куурай сайбайт,
Тоосунда аюу чайнап, Арстан албайт,
Байыртан баатыр өскен көк жал тукум,
Ажалды жалдан кармап ай-айгайлайт,

Ошентсе да морттугу эргулдардын,
Айгайда авария, арак жайлайт,
Намыскөй, эң атаанчыл уул, кызынын,
Арактан өлгөн сайын өчү канбайт-деген,

саптарын эстеп, арактан аркыл кырсыкка учурасак да ичпей койбой, күчөтүп ичип өлүп атсак да, өчүбүз канбай жатабы?- Жаш-карыбыз, аялдарыбыз менен анын алдында чогөлөп калабызбы?-деп анын ичинен ажалсыз өлгөндөрдү, чолок, мунжу, акыл эсинен ажырагандарды ойлоп-, ошентсе да ичип атабыз чын эле Түкем айткандай өчүбүз канбай атабы?»-деп-Садыктын созуно көйип, ичимен азаптанып олтурдум.

Кайырчы
(Новелла)

Адамга жакшылык кылуу
баардык эле адамдын колунан келе бербейт.
Айкол адамдар кана жакшылык кылып, бирок
жасаганы менен эч качан эсептешпейт.
(Сократ).

Жаагы шимирилип, эки бетинин ортосу дөмпойүп чүкөсү чыккан. Жылтыраган кой көздөрү чүңүрөйүп чарасына кирип, кырдач мурду коңкоюп, эти качкан арык мойну узарып, коомай кийилген ак калпагындагы башы калдайып, серпилбеген жээрде сакал муруту серпейип, бет пардасы жарашпагандай көрүнөт. Узак жол жүрүп чаалыкканы сезилип турган, жашы эр ортонуна ооп калган адам, беш-алты жаштагы арык баланы жетелеп, анда-санда жолдун жээгине токтоп, куржунунан бөтөлкого куюлган сууну алып чыгып, балага ичирип, "Чыда уулум шаарга жеткени калдык"-деп, алдыдагы бак-шактуу калдайган шаардын караанын колун созо балага көргөздү. Быт-мырдай жайнаган эли бар, толгон токой ашкана чайканасы бар шаар көзүно элестеп, ашкана-чайканасына киргенде эле аш- тамак берип чыгарчу кайрымдуу адамдар коз алдынан өтүп, шаар көзүнөн учуп, үзүлбогон үмүт буларды жетелеп келе жаткан.

Мына шаарга да келишти. Биринчи эле учураган ашканага кирип, кайыр сурай баштаганда, семиз ашпозчу тилденип, акаарат сөздөрдү айтып, эшикке түртүп чыгарып, кайырчынын үмүтүн таш каптырды. Кандим болуп мурда кайыр сурап, ар бир адамдын жапыкка барганда жобуратып, алкоо сөздөрдү айтып, алакан жайып, бата кылганды билбеген үн сөзү жок баласын жетелеп, ашкананы кыдырып, - кантип эле ушунча элден кайрымдуу боорукер адамдар болбосун, бирөө болсо бирөө чыгаар- деп, адамдардан үмүтү үзүлбөй, колун созуп кыдырып келе берди.

Чайкананын сыйлуу төрүндө , килем төшөлүп, баркыт, шайы тошоктор салынып, кош-кош түгөй жаздыктар коюлган сөрөдө сөөлөттүү чыканактап жаткан топ адамга, кайырчы эмес кайдыгер адамдарды жакын жолотпой, жаңы демделген ысык кок чайды чайнектеп ташыган чайкананын кызматчылары чабалекейдей каттап, кым куут түшүүдө.

Төрдө сөөлөттүү олтурган кыркма сакал семиз адам катарындагы адамга колун суна, каршысындагы сөрүдөн колун тосуп, кайыр сурап отүп бара жаткан кайырчыны көрсөтүп, "Анау кыргызыңы караң, эбин таап кайыр сураганды да эптей албайт. -Поктун ысыгын дагы билбеген кыргыз" -деди. Аския айткан болуп, жер көрсөтүп, биртике жылмайып, өзүн ойдо көрсөтүп. Анын сөзүн кубаттап, катарында олтурган үчөө аны туурап, колдорун сунуп, кайырчыны көрсөтүшүп, "Анау-бу-бу?"-дешти, каткыра күлүшүп. "Кыркма сакалдын катарындагы ак сакалчандарды "аскиядан" келип, кактап олтурат экен"- дешкенсип, көздөрүнүн кыйыгы мене карап,

Кыркма сакал семиз адам ушул шаардын өзүбектери кудайындай көрүп, кулундай кызматын кылган, өзүбектердин казысы Кыргызбай казы эле. Анын катарында ак калпакчан шыңга бойлуу, нурлуу адам, Кыргызбай казы чакыртып келип, чайканада мейманчылап олтурган коңшу кыргыз айылынын казысы Жолборс казы болчу.

Жолборс казы, аскияга салып, кайырчыны көрсөтүп, "Анау кыргызыңды карап, заңдын ысыгын да билбейт" -деп, кыр көрсөтүп, кыргызды мазактап атканын сезип, катарындагылары аны кубаттап күлүп, кылыя карап турганын байкамаксанга салып отурду. Анан өзү мене кошо келген катарындагы жолдошторунун бирин түртүп, "Тиги кайырчыны баласы менен мага ээрчитип келгиниң" - деп жөнөтөт. Чакырып келгени барган адам кайырчыга, "Сени Жолборс казы чакырып атат, -Баланды ээрчитип баскының"- деп, колунан тартканда, ал эмне кылаарын биле албай, "казы"-деген соз кулагына октой тийип, "Колго түштүмбү?-Качкын экенимди билип, Кудаяр хандын желдеттерине тапшырган жатабы?"-деген ойго келет. Сары-санаага түшүп, чакырыкчынын колунан чыгып кете албай, "Эмне болсо да көрдүм"- деп, чакырыкчынын жетегинде казынын алдына келип салам айтып, колун бооруна алып туруп калат. Жолборс казы аны жылуу жүз менен кабыл алып, жанынан оорун көрсөтөт, "Кел бул жакка кайырчым"- деп. Өзүнө жакын олтургузуп, чайды өзү сунуп, астындагы дүйүм даам жайылган дасторконду алаканы менен жая көргөзүп, "Алгыла нандан, балаң тиги таттуулардан алсын, жегиле, чайлашкыла"-деп, бир ооз да "Сен кайдан келген кайырчысың?-Атың ким?"-деп сурабай чай сунуп олтуруп. Анан катарындагы семиз кыркма сакалды карап, "Кыргызбай казы сиз туура айттыңыз. -Кыргыз тоонун башына чыгып алып, үстүндегү тонун чечип, таштын үстүнө таштап, шалбарын шыпырып, артын айдарга салып заңдап, артын көк чөптү жулуп алып аарчып, шалбарын ойдо тартып, таштагы тонун кийип басып кетет. -Ошондуктан поктун ысыгын да, сасыгында билбегени чын. -Там салып, тагине аң казып алып, тамдын эшигин ичинен илип алып, чапанын башына чүмкөп алып заңдаган өзүбек, анын ысыгын да, сасыгында жыттап олтуруп, билээри анык эмеспи"- деген экен.

Анан, кайырчыга, "Сен бул ишти эптей албаган соң эптеген өзүбектерге берип, тоого кетип оокатыңы кыл. -Бул акчага базарда музоолуу уй келет. -Сатып алып саап ичип, бышыкчылыкка жеткендей бол"-деп, жанынан жыйырма сом акча алып чыгып сунганда, кайырчы эмне кылаарын билбей кол-шал болуп тер кетип, колдору калчылдап акчаны алып, Жолборс казыга башын ийип таазим кылып, чайканадан чыгат. Аския айтып, кыргызды мазактагысы келген кыркма сакал Кыргызбай, Жолборс казыны тиктей албай баласын жетелеп чайканадан узап бара жаткан кайырчыны көз кыйыгы менен узатып, аския айтканына окүнүп, чакырып алып, капкан иттей болгонуна өкүнүп, башын жерге салып, отуруп калган экен.

Бул окуя мындан үч кылым мурда Кудаяр хандын заманында, кыпчактарды кыргынга алып, Кокон, Анжан шаарынын айланасындагы

кыпчактардын айылын тып тыйпыл кылып орттоп, эркек аттуусун өлтүрүп, боюнда бар аялдардын ичин жарып баласын ыргытып аткан мезгилде, "Төөчү"-деген айылдан беш алты жаштардагы баласын жетелеп качып чыгып, жер кезип кайырчылык кылып, ашканаларды кыдырып жүрүп, Жолборс казынын шарапаты бийикпи, ачкадан өлбөй калып, анын айтуусу менен тоо таяна үшул жерге келип, байыр алып туруп калыптыр. Төочүдөгү болгон апааматтарда озубектердин колунан ажал тапкан, сүйүктүү жары, сүймончүктүү эки уулунун күйүтүн тартып, ал күйүтүн жан адамга айтпай, ичинен сызып, өмүрү откончо үйлонбой, баласы бой тартканда үйлоп, алгачкы небересине "Айтпай"-деп табышмактуу ат коюптур. Ал киши эрте отурукташып, шаардын айланасында там салып, жерди иштеткенди билип калаган "Ичкилик" аталган элден болгондуктан, бул жерге келгенден баштап жергиликтүү элдердин тамын сапып, буудай, жүгөрү, сабиз, пияз айдап, тал терек тигип, эл оозуна илинип, баласын чоңойтуп, жергиликтүү элден куда күтүп, келин алып, аларга аралашып кетет.

Бул бечара адамдардын тагдыры кеч күздөгү шамалга туруштук бере албай, тамырынан ажырап, шамал айдаган жакка учуп жүрүп, аңчейчөккө токтогон камгактай болуп, турмуштун татаал тагдырына кабылганда, азып-тозуп жүрүп, жай алган жерге байыр алып калат тура. "Ырамаатылык чоң атам, кыргыздар ата-бабасынан бери, элгач таанышкан кишисинен, "Атың ким? -Кимдин баласысың? -Кайсы уруктан болосуң? -Жети атаңды билесиңби?"-деп сурашат. -Сенден да бирөөлөр сурашы мүмкүн. "Төочү"-деген жерден келиптирбиз. "Кыргыздын кыпчак деген уруусунан болот экенбиз"- деп айткандай бол -деген экен. Ошол кайырчы менин жетем Калбай. Жетелеген баласы жотом Балтабай. Табышмактуу ат коюлган небереси чоң атам Айтпай экенин атап, атам Сапарбай айтып берген эле"-деди, баарлашып олтуруп, Бердалы карыя.

Калбай карыя айткандай болгон
(Новелла)

«Эрдин даңкын алыстан
ук жанына келсең бир киши».
Эл макалы.

Мен бул айылга келгенге чейин эле, Калбай айтты эле, Калбай айткандай болгон, Калбай айтыптыр-деген создорду көп уксамда, ал карыя менен жүздөшүп көрген эмес элем.

Жаңы уюшулган колхоздун башкармасынын торагалыгына шайлангандан кийин ал карыя ушул чарбада чабан болуп иштээрин билип, аны менен жүздөшүп, баарлашкым келип, башкы зоотехникти эзрчитип, ал жайлаган жайлоодогу үйүнө күн кечтеп калганда келдик. Бизди тосо үрүп чыгып, аттарды бура бастырбай алды артына чыгып, куйругунан тиштеп, тизгинге асылган ала мойнок кара доботту чык-деп, алдыбыздан чыккан байбичеңи,- сиз итти эле караңыз, биз өзүбүз эле-деп, аттан түшүп, чатырдан обочороок орнотулган мамыга аттарды байлап, үй жакка беттедик.

Байбиче чатырга бизге удаа кирип, төргө жер төшөктү жайып, жайлана бергиле кагылайындар-деди, энелик мээримин төгүп. Күндүн кечтегенин сезген койлор корону беттеп келе жатканда астын кайрып коюп, алтымыштардан ашып калган карыя келип, биз менен саламдашып, катарыбыздан орун алды.

Байбичеси дасторкон жайып, боорсок төгүп, чатырдын ооз жагындагы темир мештин үстүндө буусу буркурап кайнап жаткан чайнекти алып чай куюп, аны абышкасы алып бизге суна баштады. Чай ичилип жатканда карыя эшикке чыгып, короосунан куйруктуу кара козуну жетелеп келип, чатырдын оозуна туруп, колун жая,- бата тартып койгула балдарым-деп калды. Биздин, -козуну сойюп убара болбоңуз-дегенибизге карабай, озу сунган колун жүзүнө тартып -аллаху акбар-деп, козуну мууздап, тээрисин сыйрый баштады. Бир аздан кийин байбичеси аскан казанга жиликтеп салып, мештин оозун ачып козунун башын куйкалап, жыгач табакка салып суу куюп, коюп биздин катарга кошулду.-Калганын мага кой-дегенсип, байбичеси туруп отту ичкерилетип, башты жууп казанга салып, кайнай баштаган казандагы эттин чий көбүгүн алып, өзү тэйлей баштады. Калбай карыянын катарыбызга отураарын күтүп отурганын мен, - аксакал сизди жылдын оор, жеңил болоорун билет- дешет. Быйыл кандай жыл болот?-Айта олтурбайсызбы?-дедим.

Калбай карыя мени чолуй бир тиктеп алып, оңдоно олтуруп, колундагы чайын жай ууртап, тамагын кыра жетолуп, «ыйманда болгур»-деп, чыныны дасторконго койду. Бул сөздү соз сүйлөөрдө айтмай адаты бар экен. Койду коздогон киши жок болуп, тиги байбичем да ошо күнү кызына кетип калып, сени шайлаган чогулушка барбай калгам. Баргандар колхоз бөлүнүп, өзүбүзчө колгоз болдук, бир жаш баланы

башкарма шайлашты. Анысы колхоздун экономикасын көтөрүп, элге эмгеке акча берип, нандын маселесин чечип, элге нан жедирип, потребсоюздун дүкөнүн сагалатып, ундун кезегине тургандан куткарабы?- Же мурдагылардай болуп, ызы-чуусу чыгып, колхозду дагы коңшу колгозго кошуп ийип кетеби,-ким билет? Коро жатаарбыз өлбөсөк-деп келишкен эле. Кудайдын буйругу менен өзүң келип калыпсың, минтип жүздөшүп олтурабыз. Жаңы бөлүнгөн, «он экинин бири жок, үй байлаарга жиби жок»-дегендей, колгозго башкарма болуп калдың. Эми жыл кандай болоор экен - деп, сарсаң болуп атсаң керек. Анан конумуш болуп калган, «ыйманда болгур»-деген сөзүн айтып, чочубай эле болгон аракетинди жасап, кышка камылга кыла бер. Менин байкоомдо быйыл кыш жеңил болот. Ички-сырткы кыштоону кар баспай, малга жайыт берет-деди. Анан сөзүн улап,- мен өмүр бою кой багып келем. Атаман эртелеп жетим калып, эс тарткандан өзүбүздүн бирин-экин малыбыздын башын, атамдын агасынын малына кошуп багып, ошо авам менен бирге, анын айтканындай болуп, жаратылышка байкоо салып келе жатым. Ал киши ай-жылдыздын кубулушуна айбанаттардын жашоо турмушуна байкоо салган адам эле. Жанагы элдер айтып жүргөн Калбай айтты, Калбай айткандай болду-деген сөздөр ошол кишиден үйрөнүп, баам салгандан чыккан сөздөр эле. Узак жылдар айтканым элдин сынынан өтүп, баамдалып бүткондуктон, элдин оозунан түшпөй келе жатпайбы.
Алар жылдарга ат көкүп, алты арам, алты адал айбандардын атынан аташып(чычкан, үй, жолборс, коен, балык, жылаан, жылкы, кой, маймыл, тоок, итдоңуз)- деп, он эки айбандын аты менен атап белгилеп, кайра ар бир жылды да он эки айга бөлүп, «айдын жаңырышына айбанаттардын жашоо турмушуна карай»:
-Бирдин айы (15-январь- 16- февраль).
-Жалган куран (16- февраль -15-март).
-Чын куран (15-март- 16-апрел).
-Бугу (16-апрел- 15-май).
-Кулжа (15-май- 16- июнь).
-Теке (16-июнь -15-июль).
-Баш оона (15-июль- 16-август).
-Аяк оона (16-август- 15-сентябрь).
-Тогуздун айы (15-сентябрь -16-октябр).
-Жетинин айы (16-октябр- 15-ноябрь).
-Бештин айы (15-ноябрь -16-декабр).
-Үчтүн айы (16-декабр - 15-январ) —деп аташып.

Айды жумага анан күнгө бөлүп:
-Ишемби (суббота).
-Жекшемби (Воскресение).
-Дүйшөмбү (понедельник).
-Шейшемби (Вторник).
-Шаршемби (Среда).
-Бейшемби (Четверг).

-Жума (Пятница) —дешип, болгон окуяны далилдешкен. Маселен (Адыл уй жылынын бугу айында дүйшомбү күнү төрөлгөн дешип).

1. Ошол жылдарды да өткөн мезгилге карай байкоо салышып, тортко бөлүшкөн (Бирдин айын , Жалган куран, Чын куранды) жаз -деп. Күн-түн теңелип, жаз түн кыскарып, күн узара баштаган мезгилде келгенин билгизген. (Жыйырманчы марттан баштап) ошол күнү айдын беши болуп, Үркөр менен ай тогошкон күн болгон. Муну, беш тогоол -деп аташкан. Үркөр кырк күн чыгып, батып кетип, кайра чыккан да айга жакын чыкса,- коюндап тогоду жаанчыл болот. Айдан алыс чыкса,- ыраак тогоду, кургакчыл болот -дешкен. Анткени Үркөр айга жакын чыкса күн беш алты күн ачылбай, жаз болсо жамгыр, кыш болсо кар жаарын байкашкан. Алыс тогосо, күн бүрколуп, жааса жаап жаабаса кайра ачылып кетип, жамгыр жаабай жыл кургак жыл болоорун байкашкан. Айрыкча, беш тогоолдо узакка жааса, жазды кармап, тоюту түгөнгөн элди жутаткан. Бир жылы ошондой жутта. Оорунбай аке минтип ырдады эле-дешип, эмдигиче эл көп кылышат:

Пейилиң кеткен жарыктык,
Беш тогоолдо жут кылды.
Белеңден кубан көтөртүп,
Белдеги кубат күчтү алды.
Бел байлап карап олтурган,
Бечара Турсун молдонун.
Беш эчкисин көчкү алды.
Белендеп тоют камдабай ,
Бекерге көнгөн Турганбай.
Жалгыз атын өлтүрүп,
Таягын сүйрөп жөө калды-деп.

беш тогоолдун катаал өткөнүн белгилептир. Ошондой катаал тогоолдун бири Тогуз тогоол, (16-18-сентябрьда) күн түн теңелип түн узара баштаганда болуп, көпкө жааса аягындаа сууктап, кардап, кеч бышкан эгинди үшүк алаарын байкашкан. Калган жайкы кышкы тогоолдорду анча деле баам кылышпаган.

2. Бугу, Кулжа, Теке айларын чөп бышкан жай айы- дешип, күн ысык мал чыдабайт- дешип, салкын жайлоолорго, бийик того көчүшкөн.

3. Баш оона, аяк оона, тогуздун айын бышыкчылык ,ак тоонун карды жарылып, калк токонган маал күз- деп аташкан.

4. Жетинин айын, үчтүн айын, бештин айын -кылычын алып кыш келди, кар жаап, токсон түшүп чыкылдаган чилде келди- дешип, бул айларды кыш —деп аташкан.Токсон 16-декабрьдан 20-мартка чейин жата. Ага чейин токсон чыгып, жаз келмек- деп эсептешкен. Чилде 22-декабрьдан 2-февральга чейин кырк күн болот -деп айтышкан. Андан сырткары кыштын оор жеңил болоору колдо багылган койдун, кийик эчкилердин билээрин да байкашкан. Кыш оор болоор жылы кой жайлоодо кечке оттосо да түнкүсүн короого жатпай оттоп жайыларын, союп көргөндө семиз койдун кардынын барты жоголуп, такырайып калаарын байкашкан. Кийик теке жыл жакшы болгон жылы ноябрьдын

башында эле эчкиге кошулаарын. Ал эми жыл оор болоор жылы, ноябрьды аяктап эчкиге кошулаарын байкашкан. Кыргыздар кочмөн эл болгондуктан, тиричилик мал менен болуп, малдын жайкы, кышкы жайытына карап, кышында кар аз жааган жерге көчүп конушуп, жамандыктан, жутан коркуп, «Ала булут барында, балың менен мактанба» -дешип кыштан коркушкан. Аага эч кандай дабаа жоктой сезишкен.

Отурукташып кыштан көп жылдык чөп сээп, дан эгинден көп түшүм алып, малга сарай салып, көп тоют камдап, кышты сезбей жашоого чыгынышпаган. Чыгынышса деле шарт башка эле. Жерди иштетүү кыйын эле.Азыр заман башка. Колхоздордо трактор бар. Жерин иштеткенге комбайн бар. Эгинин оруп жыйганга, кышты жеңил өткөрүүгө-элди ойлогон жетекчилерге толук эле мүмкүн болуп калды. Мурда силостук жүгөрү айдалып силос ачытыла электе уй багуу кыйын эле. Ошондон кыргыздар уйду аз күтүп, көчкөндө айдап кеткенге ыңгайлуу болгондуктан жылкы, койду кана көбүрөөк кармашкан.

Азыр уйдун маселеси чечилип, сүт саан алуу, уй этин өндүрүү жолго коюлуп калды. Азыр оор абалга кой туш болуп турат. Жылуу сарайлары жок көп жылдык чөп айдалбай, тоютунун маселеси чечилбей табигый жайытка таянып-жыл оор болгон жылы койду кырып алып- деди да, ошондой эле абал биздин элибизде да болуп атпайбы. Көп жылдан бери, колхоз буудай айдабай калгандан, эл нанга эл толук тоюнбай калышты. Байкагандырсың, тиги керек жарак коомунун биримдигинин дүкөнүн сагалап,- ун алат элек- деген эл көп. Кээде керек жарак коому унду тартып келбей калганда эл нан жебей калышат. Ансыз деле акчасы жоктор жүгөрү жармага таянып, жашап калышты. Элдин 80% жарды. - Сен элди ошол абалдан алып чыгууну, койду жуттан куткарууну ойло уулум- деди.

Биз жайлоодо эки күн жүрүп чабандардын турмушу менен таанышып, малдын багылышын көрүп, Калбай карыянын сөзүнө кулактын кумарын кандырып кайттык. Ансыз деле мени ойго салган, малды короо сарай менен камсыз кылып, тоют маселесин чечип, колхоздун экономикасын көтөрүп, элдин социалдык маселелерин чечип, окаттуу турмушка жеткирүү маселелери эле. Мен бул маселелер боюнча беш жылда эмнелерди жасаганым боюнча мурда жазган эмгектеримде кээ бирин айткан элем. Аны кайталабай эле коюуну чечтим.

1969-жылдын октябрь айында Калбай карыяга жолугуп баарлашып,- Сиздин байкоолоруңуз боюнча быйыл кыш кандай болот карыя»-деп сураган элем. Калбай карыя оор күрсүнүп, «Ыйманда болгур»-деген сөзүн айтып алып,- Балам колуңан келишинче саман, топон, камыш куурай-дебей, көзүңө урунган тоютту сарайыңдын жанына болушунча көп топтогонго аракет кыл. Быйыл төөнүн куйругунан кар жаап, ички, тышкы кыштоодогу жайытты бүт басып, малга жайыт бербейт. Чоң жут болот. Сарайдан алыс жыйган саман, чопко жетпей калган мезгил болот.

Сырткы кыштоодогу эмгекчил жакшы чабан койун камдатып, күрөк ачып шак кыркып берип, 50-60 % койун айдап келет. Айдай келе жаткан чабандар, атын кошо өлтүрүп, таягын сүйрөп келет-деп койду . Октябрь айында баккан ириктерин Жалал -Абаддагы эт комбинатына откорүп, ар бир наркты 67 килограммдан жогорку семизде откорүп келген соң, конторага мени менен жогорудагыча баарлашкандан кийин, -улум эми кой бакканга алым келбей калды. Пенсияга чыгып, кемпир экөөбүз эс алалы. Өлбөсок жазда саманыңа алыбыз келсе жардам беребиз -деп, кошумча акысына тийчү акчадан 3000 сом аванс алып кетти.

Ноябрь айынын башынан күн бүркөлүп, кар жаап, февраль айынын ортосуна чейин басылбай, ички, сырткы жайытты бүт басып, кардын калыңдыгы 2 метрге жетип, алыскы кыштоо эмес, айыл ичинде катташа албай калдык. Мамлекет кыштоолорго жем-чөп ташыганга берген вертолёттор учуп чыга албай, чарбалар алыскы кыштоого жем жеткире албай калышты. Тогуз-Торо районундагы төрт колхоз катуу жутка учурап, 40-50 % койун, 20-30 % жылкысын жутка алдырышты. Биздин чарба токойго кыштаган уч короо койго жем жеткире албай, 15% койду жутка бердик. Ошентип 1969-70-жылдын кышы Калбай карыя айткандай болду. Мындай кыш тоолуу райондордо илгеритен эле болуп келген. Эгер тоюту, короо сарайы чечилбесе, мындай жут боло берээрине элибиздин көзү жетсе деле, каныбызга бүткөн ыкшоолук, жутка нааразычылыгыбыз калбай, колхоз, совхоздор убагында айрым шалаакы жетекчинин айынан жутка кабылсак, эгемендүүлүк келгенден бери далее ошол адаттан арылбай, бирин-экин малыбызга жетиштүү тоют камдабай, жутка кабылып жаткан жылдарыбыз болууда.

Ар бир акыл эстүү жетекчи, жеке жаран, табигаттын тажаал тартибине каршы туруусу зарыл. Азыр делее ошол Калбай атадай карыларыбыз -деп аткандай. Эгер коңүлгө алсак.

Эстутум рапсодиясы

Жаш кезимде, кызматыма байланыштуу коңшу айылда жашаган досумдукуна барып калып, анын сексенден ашкан ата-энеси менен баарлашканым эсимде. "Аяш ата, сиз ушул жашка келгиче кайсы жерди кайсыл элди көрүп, эмне кесип кылдыңыз"- деп суроо берсем, ал киши, "Оо балам, мен көрбөгөн жер, мен билбеген эл калган жок. -Бул жагы Кара-Коонүн, Чамындынын бели, тигил жагы-тээ Кааба деген элдин Кара-Булак, Казык"- деген жерине чейин көргөм. -Кабаалар таякелерим болот"- деп күлдүргөнү эсиме түштү. Аяш энеме, "Сиз картошкадан тамак жасаганды билесизби?"-десем, "Ал жанагы орус жечү картошканы айтасыңбы?-Андан тамак жасамак түгүл өңүн көрө элекмин"-деп аяш апам да күлдүргөн эле. Мындан 60-70 жыл мурун биздин элдин улгайган улуу мундагы кишилери, "Биздин жерге момо жемиш берген бак даректар оспойт. Жашылча, коон, дарбыз бышпайт"-дегенин угуп, мен да ошондой көз карашта чоңойгондуктан ага ишенчүмүн. Тоонун арасында кодурайган токол тамдардын эшигинде бир да бак-дарак жок, эшигинин алдына чейин эрмен шыбак чыгып тураар эле. Көрсө "Көрбөгөн жердин ой-чуңкуру көп, көрбөгөн элдин койгөйү арбын"-деген эл макалындай болуп, айлана чөйрөсүнөн башканы көрбөгөн эл, "Бул ишти бизден башкача элдер жасап, бул өсүмдүктөр биздикинен башкача жерге өнөт"- деп түшүнүшсө керек. Кийин биз шаарга келип окуп билим алып, көп жерди, көп элди көргөн соң, айылга барып бак тигип, момо жемиштин жашылчанын бышаарын элге көрсөткөн соң 1950-55- жылдардан баштап эл жаппы момо багын тигип, жашылча айдаганга киришкен эле. Деги эле согуштан кийин жаппы элибиз согушта бүлүнгөн чарбаны калыбына келтирүүгө белсенип, акы албай эмгектенип, колхоз совхоздордун чарбасын өркүндөтүп 65-70-жылдарда бейпил, барчылык,токчулук жашоого баш коюп калган болчу. Кийин бийлик алмашып, Хрушев, Брежнев, Андроповдордун заманы анан Горбочовдун заманы келип, Союз тарап, жетимиш жыл орустар менен бирге жыйган тергенибиз таланып кетсе дагы, "Мейли, озубуздун мамлекеттүүлүгүбүз болду, эгемендүүлүккө эз болдук"-деп көөнүбүздү көтөргөнүбүздөн он жылга жетпей ойронубуз чыгып, ишсиз калып, милиондогон койдон, миңдеген гектар эгин эккен жерлер айдалбай калып, Казахстанга, Россияга, ата баладан, аял эринен ажырап, иш издеп, акча табуу максатында "тентүүгө" аргасыз болуп, шаарларга баанектеп жер басып алып, үйсүз ар кимге киргендери кирип, ач жылаңач калып, көр оокаттын койгойун азыр да тартууда.

2005-жылы оппозициячыбыз деген бир топ саясатчылар ыңкылап жасашып, Акаевди куун чыгып, ант берип, эл үчүн иштейм- деген Бакиевди бийлике олтургузушту. Беш жылга жетпей ал антын бузуп, айтканын аткарбаган соң, 2010-жылы 7-апрельде ошол эле саясатчылар кайра көтөрүш жасашып, токсондогон элдин азаматтарынын канын токсо, Ош, Жалал-Абадда эки эл кагылышып, озбек-кыргыз болуп, чабышып кетишти. Төрт жүздөгөн адамджын каны төгүлүп, кызматтан четтетилген Курманбек Бакиев Белорусияга качып кетти. Улуттар аралык кагылыштын кесепетинен Ош, Жалал-Абадда жүздөгөн үйлөр мектептер, ооруканалар, мекемелер өрттөнүп, миңдеген адам үйсүз

калып, өлкөнү экономикалык оор абалга алып келди. "Ат башына күн түшсө, ооздугу менен суу ичет, эр башына күн түшсө өтүгү менен суу кечет"-деген, эл макалында. Карапайым элдин башына оордук түшүп, кымбатчылык, жокчулуктан чабылып, чачылып жатса, "Оңолбогон элдин оюн шоогу көбөйөт"-дегендей, бийликтегилер эки кылым мурда өткөн ата-бабаларына аш берип, ар кыл той топурларды өткөрүп, кафе ресторандарда сайрандап, чет мамлекетке учуп барып эс алып, карапайым калктын маңдай теринен чогулган казынаны чачып аташат.

"Азаптуу элге акылсыз башчы жолугат"-дегендей, акылга сыйбаган иштерди жасап, ырчы чоорчусу көбөйүп, жылдын үчтөн бирин майрамга айлантып, "Жебеген жердин астында жеген элдин башында"-дегендей, шайлоолордо бийликке жетиш үчүн бапыратып убада берип шайланып алган соң, сени көргөн эмесмин дешүүдө. Элибизде айтылып жүргөн, "Ынтымакка той бириктирбейт, ой бириктирет"-деген макалды эстерине алып, жаңы бийлике келгендер элди түштүк-түндүккө, оң-солго, Саяк, Сарбагышка, Кушчу, Саруугa, Адигине, Солтого бөлбөй кыргыз болуп, ойлорун ортого салып, ачык кеңешип иш алып барышса, алакандай Кыргыз мамлекетинин беш жарым милион элин, ата-бабыздын мурастап калтырган Ала-Тоосундагы ар кыл кени бар, эмне эксе, тиксе өсө түрган асыл жери бар, агып түшкөн сууларында алда канча кендери бар, ар улуттан курулган, кыргыздарга канат куйрук болгон эмгекчил эли бар, Кыргызстанды бакубат турмушка жеткире турган акыл эси толук, элин сүйүп, өзүмчүлдүк ачкөздүгүн тыйган жетекчинин жыйырма жыл ичинде бийликке келбей жаткандыгын карапайым адамдар айтышып зар какшашууда. Карапайым эл, ошонун айынан эки жолу төңкөрүш, эки жолу улуттар аралык кагылышууну башынан өткөргөнүн, анда канчалаган азаматтар каның төгүп, жаңы менен коштошсо, миңдегени жарадар болуп жарым жанга айланып, жыйган тергенинен, үйлөрүнөн ажырап кечодө калгандарын айтышып, ал өлкөнүн экономикасына залалын тийгизип каатчылыкка кабылтса, кээ бирөөлөр андан пайда таап байып, депутат министирликке чейин жеткенин кан какшап айтышууда.

Алакандай элге жети облус, кырк жети район, төрт жүз жетимиш беш айыл өкмөтү, кырктан ашык министрликирди, мекемелерди, мамлекеттик комитеттерди иштетип, элдин 30% тин атка минээр кылып, 30% тышта тентитип, элдин 40% жаш бала кары-картаңдар болсо, карапайым элдин терисин сыйрып алгандан башка эмне пайда келтиришүүдө?"-дешет, элдин эстүү, баштуулары. "Арык өгүзгө жоон мүйүздүн кереги барбы?"-деген макалды айтышып, элдин мындан аркы акыбалына күйүшөт.

Эми биликке, 2012-жылы, жаңы президент, жаңы спикер, жаңы өкмөттүн курамы менен келди. Жамандын артынан жакшылык, жокчулуктун артынан токчулук, келген эмеспи атам замандан бери. "Жаңы бийликке келгендерибиз жакшылап, эл үчүн иштешсе Кыргызстаныбыздын өркүнү өсүп, орүшү кеңейип, оңолуп кетебиз"-деп үмүттөнүп, элиме тынчылык бакубатчылыкты тилөөдөмүн. Ылайым ошондой болсо экен. Жараткан элдин тилегенин берип, үмүтүн үзбөйт-дейм, мен өзүмдүн ойумда.

Соңку сөз ордуна

2002-жылдын 9-май майрам күнү, райондун борбордук көчөсүнөн Жеңиш күнүнүн 57-жылдыгын куттуктаган ураандар жазылган кызылтазыл чүлүректөрдү кармап, кызыл байрактарды желбирете бийик көтөрүп, катар тизилген эл акимчиликтин имаратынын алдынан чубап өтүп жатышты. Элди райондун акими баш болгон президиум кабыл алып кубаттап өткөрүп, ободо радиодон берилген Кыргызстандын гимни аткарылып атты. Майрамдык музыканын шаңы алдында ураандар жаңырып, майрамдык салтанатка келген эл Ата-Мекендик согушка катышкан, кайрылып келбей калган баатырлардын урматына коюлган эстелигине гүл чамбарларды коюуга карай агылууда. Эстеликке гүл чамбарлар коюлгандан кийин парктагы атайы жасалган орундуктарга отуруп жайланышты. Райондун акими салтанаттуу чогулушту Улуу Жеңиштин 57-жылдыгына арнап доклад окуп, согуштун, эмгектин ардагерлерин, жалпы элди Жеңиш күнү менен куттуктап эл шатырата кол чаап кубаттап турду.

Акырында райондун акими ардагерлерди бирден атын атап трибунага чакырып, азык-түлүк салынган баштыкча менен конвертке салынган акчалай сыйлыкты берип, колдорун кысып, «Жеңиш күнүңөр менен»-деп, куттуктап узатып жатты. Кичинекей райондо жылдан жылга карааны азайып бараткан согуштун жана эмгектин ардагерлери акимдин колунан сыйлык алышып, орундукка келип олтурушту.

Сыйлоо аяктап, аким корутунду сөзүндө, кызыл лентага, "Райондун ардактуу жараны"-деген жазуусу бар лентаны колуна алып, «Биз, районубузга кол жыл иштеп эмгек сиңирген жарандарыбызга ушундай наам берүүнү чечтик. Ага төмөндөгү жолдоштор татыктуу болду» - деп баштаганда эле, залдан бир байбиче кол көтөрүп, «Сөзүм бар»-деп сураганда, аким сөзүн токтотуп, байбичеге сөз берди. Байбиче залдагыларды беттеп, «Бул акимибиз бизге жаңы келди. Сырттан келгендиктен биздин ким экенибизди жакшы билбейт» - деп, акимди карап сөзүн баштады.

-Мен, «Мурзалиева Шамши»-дегенмин. Мени сиз билбегениңиз менен райондун эли, мына бу алдынкы катарда олтурган ардагерлер жакшы билишет. Мен сексенди таяп жашап, ушу олтургандардын ата - энелери менен чогуу иштеп, жер айдап, чөп чаап, эгин оруп, согушка эгин, жылуу кийим даярдашып, согуштун азап тозогун бирге тартканмын. Мени менен иштегендердин көбү козу отүп кетти. Ал кезде бул жердеги олтурган ардагерлердин баары **7-10**-жаштардагы машак терип, молоташтын атын, коштун атынын башын жетелеген балдар эле. Согуштан кийин кайра куруу мезгилинде колхоздун талаачылыгында, малчы, саанчы болуп иштегениңерде да мен эсепчи, ферма башчысы, башкарма болуп сипер менен чогуу иштедим. Ошого карабай мен ардагерлердин тизмесине кирбей калыптырмын. Акимчиликте иштеген билермандарга барсам, «Аскер комиссариатка барыңыз»-дегенинен, барып, «Ардагер кандай адам болот»-десем, алар, «Сиз, «**1941-1945**-

жыл»-деген жазуусу менен Сталиндин сүротү бар медалдын китепчесин көрсөтсоңүз болот»-дешти. «Ал жок болсо, архивден справка алып келиңиз»-дегенинен архивке барсам, алар, «Областык архивке өтүп кеткен, ошол жакка кайрылыңыз» -дешти. Биз мурда Нарын областында болуп, кийин Ош областтына анан Жалал-Абад областтына которула бериптирбиз, үч областка тең арыз жазып жоол ала албадым. Ал медальды согуштан кийин бардык эле элге, бала чака дебей эле берген. Ошол кезде башкарма болуп иштеп турган мага биринчи тагышкан болчу, «Билбеген киши уу ичет"-дегендей, мындай болоорун кайдан билейин. Сталин өлгөндөн кийин, Н. Хрушев Сталинди кескин сындап, «жеке адамга сыйынуучулукка» каршы күрөш жүргүзүп, сталинчилерди куугунтуктап, Сталиндин сүротүн өрттөгөндө эле медалды жоготуп, китепчесин отко салып ийгенбиз. Ошол кезде мени менен иштешкендер олтурасыңар. Асек сен дагы ошондо мени менен эсепчи болуп чогуу иштедиң эле, менин ардагер болууга акылуу экениме күбө болосуңбу?»-деди, мага карап. Аким, байбиченин сөзүн үгүп, «Байбиче сизди мындан нары эске алганга аракет кылабыз»-деп, жубатып ордуна олтургузду. Мен байбиченин сөзүн үгүп олтуруп, «Райондун акими өз районунун жарандарын сурап билип, «Ардагер», «Эмгек сиңирген ишмер»-деген наамдарды алууга көпилдик бергенге милдеттүү болуп туруп, неге Мырзалиева Шамшиге окшогон анык ардагерлерге мындай кайдыгерлик жасашты?»-деген ойдо олтуруп, мен дагы тиги байбичедей болуп, ардагерлердин тизмесине кирбей калганымды ойлоп, согуш мезгилинде, бала чагымдан колхоздун тааласында суу сугарып, эгин оруп, бригадир, эсепчи, кийин вет.фелдшер, башкы зоотехник, башкарма, совхозго директор, райондук айыл-чарба башкармасынын башчысы болуп 60-жыл айыл чарбасында иштеп, орден, медаль алып жүрүп, эгемендүү заман келгенде да алгачкылардан болуп айыл-чарба кооперативин уюштуруп иштегеним үчүн 1997-жылы «Ардак белгиси» медалын алсам да, ардагерлердин тизмесине кирбей, «Айыл-чарбасына эмгек сиңирген ишмер»- деген наамга жетпей, ал наамды кечээ эле менин алдымда иштеген балдар алып атканын ойлоп олтуруп, залдагы ызы-чууну, аким эмне жөнүндө сүйлөп, эл эмнеге кол чаап атканын да сезбей калыптырмын.

Ошентип, бир кезде, ойдон алаксып залга коңүл болсом, аким баягы байбиче токтоткон сөзүн улап, айрым кишилерди чакырып трибунадан, "Райондун ардактуу жараны"-деген лентаны ийиндерине тагып берип, күбөлүгүн колуна карматып трибунадан узатып атыптыр. Кезек мага да келип, атымы атаганда трибунага барып, аким таккан лентаны тагынып, күбөлүгүн колума алып ордума келдим. Ордума олтургандан кийин деле откондогум оюман кетпей, ага кошулуп тиги байбиченин мени күбөлүккө тартканы эсиме келип, «Ооба сени, сен айткандай эле тээ согуш мезгилинен бери тааныйм. Сен колхоздун башкармасы болгондо мен колхоздо эсепчи болуп, биз чогуу иштегенбиз. Ал түгүл мен окууну бүтүп келип, сенин айылыңа вет.фелдшер болуп иштеп жүргөнүмдө, 1954-жылы колхозго алгачкы

комбайн, автомашина келип, колхоз сыйлыкка "Полуторка"-деген, «Борттуу» автомашина алып, ошого той беришип аткanda бүт эл ошо машинанын бортуна үйүлүп-жыйылып олтуруп, «Биздин ысык суугубузга чогуу күйгон башкармабыз болчусуз»-дешип, ушул Мурзалиева Шаде байбичени автомашинанын кабинасына көтөрүп барып олтургузушуп, коченун чаңын уюлгутуп айылды бир айланып келишкен. Келгенде кабинадан көтөрүп түшүрүшүп, атайы көтөргөн үйдүн төрүнө олтургузганы да эсиме келип, «Сени билгенимди, мени бул заманда кудуңбулукко алат? Тиги акимдин айланасын тегеректеп, өкмөт жактан кичине жакшылыктын жышааны болсо, өз жакындарын, пара берген хошоматчыларды ала чаап ардагер, эмгек сиңирген ишмер жасап аткандарбы?»-деп, ойлонуп олтурганымда, байбичем, «Абышка, мамрамдык оюн зоок болуп аткан жакка кара»-деп калды. Оюн зоок узакка созулуп, ардагер үчүн тигилген үйлөрдөн аларга сый тамак берилип, жеңиш күнүнө арналган үлпөт бүтүп, күн бата үйгө кайттык.

Жол бою, автобуста келе жатканда, үйгө келгенде деле узун санаа, үчсуз ой көкүрөгүмдү өйүп жатты. «Бул Акаевдин заманында эгемендүүлүгүнө жеттик. Эми өз укугубуз өзүбүздө, эркин мамлекет, эркин элбиз»-деп, көкүрөгүбүздү койгулап, көөдөнүбүздү көтөрүп, ооз көптүрө сүйлөгөнүбүз менен, эгемендүүлүктүн 11-12 жылы өтсө да, кирер кийимге, ичээр ашка жетпей бала - чакабызды бага албай, жарды болуп, «бай-жарды»-деген, эки топко бөлүнүп, айылдын ажары кетти. Колхоз - совхоздун короо-короо коюн, сандаган бодо малын багып, нан жыт таңган, миңдеген гектар талаасында дан өндүрүп, машина, трактору айдап маяна алып, бала-чакасын багып жан сактаган эл, эмгектен ажырап, эгемендүүлүктөн алган **5-10** «сотых» жерин иштете албай, алган азын-оолак малды сатып жеп алып, иш издеп шаарга карай агыла баштады. Шаарлыктар деле жыргап кетпеди. Совет мамлекетинин убагындагы завод, фабрикалар жабылып, шахтылар иштебей, шаарда жашаган элдин басымдуу көпчүлүгү жумушчу болгондуктан, миңдеген адам ишсиз калды. Мурда маяна алып турганда батирге кирип жашаган жумушчулар, батир акысын төлөй албай, үйсүз көчөдө калып, үй куруугa жер сурап аны ала алышпай, эбин таап алгандар жакшылыктуу үй сала алышпай кепелерде жашап калышты. Ошол учурда эле айрым бийлик өкүлдөрү шаардын ичине оздорунө 2-3 кабаттап үй кургандарын көрүшүп, калыстыктын жоктугуна нааразы болушкан эл уруксатсыз эле шаардын айланасынан жер тартып алышып, үй кепелерин кайра кура башташты. Аларга айылдардан агылып келгендер кошулуп, үй куруучулардын саны жылдан-жылга көбөйүп, ондогон жаңы түзүлгөн айылдарда дагы иш таппагандардын саны арбыды. Ошондой болсо дагы айылга караганда, азын оолак иш табылып, шаарга агылган жаштардын саны өсүп, айылда карыган кемпир-чал, жаш балдар эле калып, картошка, жүгөрү эгишип, эптеп жан багып калышты. Сандаган жаңы жогорку окуу жайлары ачылып, студенттерди контракт менен кабыл алып окутууга оттүп, айылдан 11-классты бүтүп келген акчасы жок кедейдин балдары

окууга өтпөй, шаарда жумушсуздарга кошулуп иш издешип Казакстанга, Россияга кете башташты.

«Бирөөгө кең-бирөөгө тар дүйнө»-дегендей, ошол эле мезгилде дагы шылуундар завод, фабрика, базар, дүкөндөрдү менчиктеп алып байып атса, айылда айыл өкмөтү, акимдер колхоз, совхоздон калган клуб, кампа, склад, сарай, техникаларды энчилеп алышып, жеке ыймаратташтырууга шылтоолоп, баасына үстөк кошуп, жең ичинен сатып жеп жатышты. Врачтардын, мугалимдердин жакшылары маянасынын аздыгынан чет жакка кетип же пайда чыкчуу иштерге өтүп кетишти. Айрымдары ымандан кетип, врач оорулуудан, мугалим окуучудан пара ала баштады. Тескеп көзөмөлдөгөн эчким болбогондуктан, сот, прокурор, милициялар дагы пара алууга өтүп, ууру, каракчы, бюджетти талагандар көбөйүп, кылмыштын түрлөрү өстү. Окубай эле дипломду сатып алып, «Жогорку билимдүү» болгондор көбөйүп, алардын алган билиминен майнап чыкпай, врач болгонунан оорулуулар жабыр тартса, мугалим болгонунан окуучу жакшы билим ала-албай, окуп билим алуу деңгээлге түштү. «Оңолбогон элдин оюн зоогу көбөйөт»-болуп, ырчы, чоорчулар арбып, оюн зоок көбөйдү. Иштеп өндүрүштү эркүндөткөнгө бийлик көңүл бөлбөй, чиновниктер кафелерге сайрандаса, байлар качанкы өткөн ата-энесине аш берип, балдарын үйлөп, күбөлүгүн алчу жерге шаан шөкөт менен 8-9 жеңил машина менен барып, 100 дөгөн кишилерди чакырып, кафелерде той берүүнү салтка айлантып ийишти. Бул салт, колунда жок үй бүлөөнүн айласын кетирип, жеңил ой жаштарды желпинтип, «Биз дагы ушундай салтты жасайбыз» - деп атаандашууга алып келип, кайра, үйлөнгөндөрүнөн 2-3 ай өтпөй, ажырашууга алып барып атканы эч кимди ойлонтпогондой. «Ушундай «жаңы» заманндын салтынын залакасы, жумуш издетип, элди Казакстанга, Россияга жана башка жакка тентитип аткан жокпу?»-деген ой, менин кыжалат кылат.

Ошентип, мен, «Биздин жаштар, согуш мезгилиндеги, андан кийинки кайра куруунун оор жылдарында кыйынчылыкка чыдап иштеп, урмат-сыйга, бакубаттуулукка жеткен, чоң-ата, чоң энелериңердин иши үлгү болуп, күнүмдүк кыйынчылыкты өз жеринен чыкпай иштеп жеңээр бекен»-деп, чоң-ата, чоң-энелер жасаган иштерди баяндап берүүгө кириштим. «Менин бул эмгегимен жаштар кичинекей болсо дагы таалим-тарбия алып, эмгектин улуулугун, андан баар табаарын билишээр»-деген үмүттө, жаманчылыктын артында жакшылык болоорун унутушпай, сабырдуу болушун, жалпы элге жарыялап койгум келет. Кыргыз кылым карыткан улуу эл. Кыйынчылыктан чыгып келишкен, дагы чыгаарына ишенем. Жакшылыктан үмүтүбүздү үзбөйлү. Кризис-бул каатчылык. Кыргыз каатчылыкка көнгөн, аны жеңгенди билген эл. Кыргыздар тарыхта, ар заманда ар-кандай каатчылыкка кабылып, алардан ар-намысы менен чыгып келген эл. Карайлабай кайрат кылып, эмгектенсеңер жакшылыкка жетип, жаманчылыкты жеңесиңер дегим келет жаштарга.

Бул жазган эмгегим, мени менен согуштун оор жылдарында кошо иштеген замандаштарымдын башынан кечирген иштери. Алардын өз аталарынын, улуу муундардын өткөн мезгилде жасаганын, укkан, билгендерим экенин эсиңерге салгым келет. Мен, «Өз өмүрүмдөгү жасаган иштерим, иштешкендер менен мамилелерим сүрөткө тарткандай сонун болгон»-деп, же, «Менин жасаган иштерим бүт баары туура болчу»-дегенден алыс болуп, жашоом кандай болсо ошондой кылып көрсөтүүгө аракет кылдым. «Чындыкты айтуу бардык адамдарга жага бербейт»-деп айтылган лакап болуп калган сөздөгүдөй, «Чындыкты талашам»-деп **50-60** жыл турмуштагы адилетсиздик менен күрөшүп, куугунтукка учурап, ишсиз калган күндөрүмдү да, көздөй баалаган баалуулуктарымды, чындыкка жетип, элим, туулган жерим үчүн адал-ак иштеген күндөрүмдү дагы элестеттим. Бул эскерүүлөрүмдү бирөөлөрдүн кадырына көлөкө жаратайын же жамандайын деген ойдо жазган жокмун. Бирок кээ бир адамдардын коомго жат, мага жаклаган иштери аргасыздан айтылып, аларды жамандагандай болуп калганымды сезем. Ошол үчүн айрым кишилердин атын которуп атап койгон жерлерим бар. Ал документалдуу адабий чыгармага көлөкө түшүрбөс деп ойлойм.

МАЗМУНУ

Камбар-Атанын батасы ----------3
Калпа болгону жонундогу баян ----------15
Карыянын экерүүсү ----------22
Нандан чыккан чатак ----------26
Аламдын эскерүүсү ----------33
Заман өгөйлөгөндө ----------42
Бабадыйкандын талаасында ----------45
Эски жол менен жаңы турмушка ----------51
Сугатта ----------56
Айран ташып, чөптө иштегенде ----------59
Эгин орокто ----------65
Бухгалтерлик кесипте ----------81
Зооветтехникумга студент болушум ----------94
Кайрадан кичи мекенимде ----------96
Ротация толкуну менен ----------106
Тынымсыз өзгөрүүлөр ----------118
Баары кайра башынан ----------126
Түгөнбөгөн түйшүктөр ----------135
Өксүгөн өмүр баяны ----------155
Күтүлбөгөн кайрылуу ----------163
Каргашалуу тирешүүнүн кесепеттери ----------171
Мектепте ----------176
Атты арыганда-эрди карыганда көр ----------180
Коммуналдык чарбада ----------187
Аррычылыкты уюштуруу ----------189
Менин замандашыма ----------207
Бакыттын сересине барган өмүр ----------211
Унутулбаган күндөр ----------220
Каргыш кайтпайт ----------225
Мүрзө үстүндөгү ой ----------229
Кайырчы ----------234
Калбай карыя айткандай болгон ----------237
Эстутум рапсодиясы ----------242
Соңку сөз ордуна ----------245

А.Абдылдаев
Повести золотой долины
на кыргызском языке

А.Абдылдаев
Алтын өрөөн аңгемелери

Редактору М.Абдылдаев
Техн.редактору М.Абдылдаев
Корректору М.Абдылдаев
Компьютердик калыпка салган Мейманбек уулу Кадыр
Дизайнери Абдылдаев Эркин.

Басмага 09.05.12 кол коюлду.
Форматы 60x84/6 Офсет кагазы.
Басма табак 15,5 б.т вл.
Нускасы 500. Буюртма №96

«Авангард» басмаканасыда басылды
720020, Бишкек, А. Малдыбаев көчөсү, 34Б